ЖЫРГАЛ СУЛАЙМАНОВ

# ӨЗҮҢДҮ ИЗДЕ

*Роман*

«Улуу Тоолор»
Бишкек, 2019

УДК Б 2019
ББК 0803
С

**Китепти басып чыгарууга
каржылык колдоо көргөзгөндөр:**

Тороев Суйуналы Абдыраевич,
Жээнбекова Уркуя Жээнбековна,
Сулайманова Гулсайра Токторбаевна,
Байтемиров Адилбек Абдразакович,
Коңурбаев Таалайбек Жумаевич,
Маматова Батма Амановна,
Маматова Гүлай Амановна,
Маматова Канайым Амановна,
Мамытов Акжол Байышович,
Маматов Мирбек Аманович.

Жыргал Сулайманов

С 100 ӨЗҮңДҮ ИЗДЕ: “Улуу Тоолор”, 2019, 382 б.

*Море — временно, суш постоянна. Или, если страшно приставать к берегу, надо найти остров, высадиться на нем и знать, что здесь твое место и здесь ты должен быть всегда.*

Чынгыз Айтматов
(«И дольше века длиться день»)

*Анын үстүнө адам баласы эмнеге өчөшпөйт?*
*Кыбырап эле жашай бер, сени муздак дубалга такай турган нерсе четтен табылат.*

Кубатбек Жусубалиев
(«Муздак дубалдар»)

*Мен өзүмдү үй сыртынан тыңшасам*
*Курс, курс эткен оор жөтөл үн чыгат...*
*Бүткөн экен кайран өмүр, кайран жан...*
*Деп жалооруп көңүлүм шондо бир сынат.*
*Мен өзүмдү өлгөн кезде карасам,*
*Күлүмсүрөп, керилген бир шер жатат.*
*Бул акыйкат жазмышына жарашкан,*
*Тагдырына рахмат айткан адамзат.*

Алыкул Осмонов
(«Өзүмдү өзүм»)

*Өзүңдү көп ичинен издеп жүрөм,*
*Өзүңө көңүлүмдү түздөп жүрөм.*
*Түшүмдө апкарыбаай сен деп сүйлөп,*
*Өңүмдө жоолукканда сиз деп жүрөм.*

Ашым Жакыпбеков
(«Издеп жүрөм»)

# ӨЗҮҢДҮ ИЗДЕ

Жусуптун аялы тогуз ай омурткасын сыздатып көтөргөн карындагы баласынын ай-күнү жакындап, ай толгоосу кармаганга, ал «белим», – деп сыздап кетти. Ага кошулуп жайлоону каптаган бозоргон мунарыктан күндүн көзү көрүнбөй аба-ырайы бүркөө. Жети күн, жети түн тынбай жааган жаан жердин бооруна чейин өтүп кеткенсиди. Качан гана жатындагы бала төрөткөн энесин каката тээп төрөлгөн түнү асмандагы кара булут менен бозоргон мунарык тарап, жаш кыздын кашындай ийилген жаңырган жарым ай көрүндү. Жусуп болсо жаанды шамалдай айдап, жарык дүйнөгө келген баласына Дауд пайгамбардын ысмын берди.

Ушул эле убакта жайлоодогу коңшулаш боз үй ичинде, темир мештин кыбыла тарабындагы салынган төшөктө Султандын жашы улгайып калган атасы менен апасы коңурукту кер тартып терең уйкуда. Султан өзү жанараак кечке, кыштоого чай-чамек алып чыгамын деп түшкөн бойдон кайткан жок. Тынымсыз жааган жамгыр токтоп, боз үйдүн түндүгүнөн түшкөн ай жарыгы керегенин бурч тарабына тийди. Эки адамга салынган жашыл баркут төшөктө Султандын төрөткө жакындаган аялы чедирейген курсагын бир колу менен кармаса, экинчи колу менен белин кармап онтоп жатты. Мунун да ай-күнү жетип, толгоосу кармаганга бүткөн бою тердеп кыйналып жатты. Наракта уктап жаткан кайын атасы менен кайын энеси толгоосун туюп калуусунан тартынып, көзүнө көрүнгөн жан алчудай ооруксунуусун бир буту менен керегени тээп, басымыш болуп, болушунча күүлөнүп атат. Жаны көзүнө көрүнүп, өлүп баратса да кеберсип кургай түшкөн илебин тиштеп, тердеген таноолорунан

күшүлдөгөн деми гана угулат. Боз үй ортосун бөлө тартылган кызыл чийбаркут туштуктун ар жагындагыларды чочутуп ойготуп албайын деген Султандын аялы эч үнүн чыгарбастан, курсактагы баладан бошонгонсуду. Жарык дүйнөгө келген ымыркайдын ааламга жаңырган «туулдуң калдың балееге, турмуш-уң эшек араба» сыңары ыңаалаганы, үшар жаттым деген кайын энесин ойготту. Жаздык астындагы курч бычагы менен бети-башы канга боёлгон наристенин киндигин кести.

Кыштоодон эртеси кайткан Султан эч кимди туйдурбай оор төрөткө чыдаган аялын тамашалай, уулунун атын Туйбас деп атады.

Арадан зуулдаган жылдар өтүп, Дауд Жусупов Фрунзе шаарындагы жогорку окуу жайды бүтүрүп, мугалим кесибине ээ болду. Айылындагы мектепке жумушка туруп, Мариям аттуу кызга үйлөндү. Уулду болуп, атын Исак коюшту. Исак Жусупов мектепти бүтөөр жылы айылдагы үйүнүн эшигин жаап, бүлөсүн Фрунзе шаарына көчүрдү.

Туйбас Султанов жогорку билимге ээ болуп дарыгер кесиптигин алды. Фрунзе шаарындагы ооруканага орношкон соң, айылындагы бардар бүлөнүн көкүрөк күчүгү болгон Айнага баш кошту. Абдулла жана Баймурза аттуу удаа уул күтүшүп, шаарга отурукташып калышты.

Шаарга көчкөн Жусуповдор үй-бүлөсү менен христиан динине өтүп кетишиптир деген кабар бат эле сел каптагандай айылды каптап кетти. Муну уккан Дауддун айылдаштары: «Дауд карыбай тургансып, өлбөй тургансып жат динди кабыл алганын кара. Бир күнү ичер суусу, көрөөр күнү түгөнсө сөөгүн ушерге апкелет да, каяка апармак эле, ошондо сүйлөшөбүз, – деп кекенип калган айылдаштары узун сөздөрүн той-то-

пурда, тажыяларда чубалтып, – Оозуңду урайындын баласы, бу айнып калган эмеспи?» – деген аксакалдар, чырт түкүрүнгөн буурул сакалдар да уккан сөзгө опурула сөөмөйлөрүн шилтегилеп сөгүнүп жүрүштү.

Убакыт деген учкан куштай зымырап учуп, өмүр деген көз ачып-жумгуча жылдарды артта калтырды.

«Дауддун көзү өтүптүр. Сөөгүн айылдын бейитине коюшат экен.  Исак Жусупов айылдагы үйүнүн эшигин ачып, сөөктү апкелиптир», – деген кеп, күндүн көзү көрүнбөй, айлана көз байлап, иңир баскан маалда айыл тургундарына алеки мүнөттө тарады.

Дауд Жусупов төрөлгөн кездеги жети күн, жети түн токтобой жааган жаан, мына анын көзү өткөн күнү да кайталанды. Жанараакта эле ачык турган күн бүркөлүп, каат-каат болгон кара-булутту шуулдаган шамал айдап, чатырап тийип турган күндүн бетин жаап, түнөргөн асмандан шыртылдатып биринчи тамчылар тама баштады. Үйдүн түркүктөй болгон атасы кетип, тоосу кулаганга Исак Жусупов сенделектеп калды.

Нөшөрлөп кирген ак жаан Исак Жусуповдун кийим кечесин чылгый суу кылып, ысык денесине өтүп, чыйрыктырып кирди. Жамгыр менен аралаш көзүнөн чууртуп аккан жашы жүрөгүн эзгилеп жатты.

Мүрзөгө алып келген атасынын сөөгүн жерге берүүгө уруксат берилбей, айылдаштары менен ортодо чоң жаңжал башталды.

Сербейген суйдаң мурутчан, ээгинде бириндеген сакалы менен, илмийген арык далысына пахтадан шырылып өзүнө чоң келген кара чапан жамынып, башына мисченин уясындай ак селдесин кондурган мурунку мектеп мугалими Мамбет пенсияга чыгып, мечиттин имамы болуп алыптыр. Мүрзөгө өзү менен кошо аш–тойлордо төрдү ээлеген аксакал–көксакалдарды ээрчитип алган.

– Эй, мараз! Каапыр атаңдын сөөгүн алып кет. Тирүүлүктө тирешкенибиз аз келгенсип, эми көрдө дагы биздикилер менен чабыштыргың барбы? Көр талашкансып биздин жайга алып келгенин кара. Наадан турбайсыңарбы!

– Агай, атамдын акыркы осуяты: «Туулган жерге, бабалардын жанында жатайын» деп керээз кылды эле.

– Мен азыр агай эмесмин. Молдомун.

– Молдоке, уруксат бериңиз? Жай казылып даяр, болгону атамдын сөөгүн жерге берсек болду.

– Каапырларга эч уруксат жок. Бар ошол Бишкегиңе барып, Христосуң уруксат берген жерге коюп ал.

– Молдоке?!

– Болбойт дебедимби! Көтөр атаңды. Биздин жайдан алып чыгып кет, – деп короңдогон молдокенин артынан чубалжыган абийирдүү ары калыс атыгып, көздөрү чүңүрөйгөн аксакалдар менен курсактары чампайган имамдын жардамчылары коштоп колдоп жатышты. Алардын айкырык–бакырыктары менен кошо ачуусу келген боз асман да, күн да күркүрөп, жарк–журк эткен чагылган жаркылдады.

Токтоосуз жааган жамгыр бир жагына кыңтайып калган табыттан кепинге тамчылап, жансыз жаткан Дауддун бозомук баш бетин даана көргөзө баштады. Табытты түздөйм деген Исак, тайгалак жерге сыйгаланып, мүдүрүлүп жыгылды. Кийими суу болгону аз келгенсип, эми баткак ылайга буланды. Бети менен чылага малынган Исак: «Өлгөнгө көмгөн, мен көргөн күндү ит көрсүн», – деп кабылдагандай кыжалаатчылык кашын баскан Исактын жүрөгү ооруп, тамагы буула түшүп ордунан турду. Кийиминин алды жагына жабышкан ылайды күбүнбүстөн, табыттагы атасынын сөөгүн унаага жүктөп үйүнө апкелишти.

– Неңди урайын, чала молдо дин бузар. Кечээ эле мектепте, «Кудай жок» деп атеисттик көз карашка бизди тарбиялап алып, эми болсо: «Каапыр! Жай бербейм дегенин кара жүзү каранын!» – деп опурулган Исакка жакындаган Ассоль:

– Исак кыжаалат болбой тур. Дин башкармалыкка, муфтиятка чалабыз. Алар бул маселеге тиши өтпөсө, Баймурза Султановго чалалы. Ишти бүтүрсө, бир ошол бүтүрөт, – деп Исак Жусуповду сооротуп жатты.

Ал болсо денесине өтө түшкөн жамгыр суусу менен көрүстөн ылайына чыйырыга түшкөнгө, терезе астына отурду. Айнектен сырыгып аккан жамгыр суулары менен асманды тунартып жер бетин караңгылаткан боз булуттарга улутуна тиктегенде, көз алдына кечээки күндөрү тартыла түштү.

* * *

Исак мектепти бүтүп атестат колго тийгенде Кыргыз Улуттук университетине тапшырып, студент болгон күнү маңдайы жарыла сүйүндү. Атасы математика мугалими болгондуктан татаал теорема–аксиомалар, көнүгүүлөр текши баары эсинде коргошундай уюп турганга ал эч кыйналбады. Кыйналганы акчадан болдубу же буулуккан жан дүйнөсү болдубу, өзүнө кошумча жумуш издеди. Шаардык кафе–ресторандарда официант болуп иштеген жумушу жигине түшүп калса да, ал жумуш негедир дилине эч туура келбеди. Темир вокзалга барып жүк түшүрөт, бели зааркантып ооруткaнга чыдабады, анын түйшүгү оор көрүндү. Кафеде администратор болуп иштеп бир аз ийгиликке жетишип баратып, кафе ээсинин ойсоке жүрүм–турумун көрүп, анысына көөдөнү кирдеп иренжиди. Көңүлү сууп жумушун таштап кете берди.

Ошентип, оюндагыдай иш таппай, иш тапса көңүлүнө жакпай канча убайрамга түштү. Эче күндөн бери убараланып жүрүп капыстан колуна жарнама гезит туш келип калды. Окуп олтуруп, бир жарыяга көңүлү кылт этип, жаккандай сезилди. Жарыя: «Жумуш беребиз. Иш графиги жарым күн. Өзүңүздүн тандооңузга жараша. Эрте мененки саат 08:00дөн 12:00гө чейин, же саат 13:00дөн 17:00гө чейин. Иш жумалыгы алты күн. Дем алуу: Жекшемби. Айлык акысы жогору. Компьютердик иш билгиликке көбүрөөк мүмкүнчүлүк берилет» деп ташка тамга баскандай бадырайып жазылып турат. Ушул график, ушул жумуш Исак Жусуповдун рабдайына туура келет эле. Түшкө чейин университетке барат, түштөн кийин колу бопбош Кудайдын бекери. Компьютер дегенди ичип–жеп, семичке чаккандай тырсылдатат. Дароо телефон чалып, маектешүүгө уруксат алды.

Маектешүүдөн ийгиликтүү өтүп, жумушка киришти. Кызматы көңүлүнө туура келди. Чакан, жылуу жана жапжарык каана. Каана ичинде кочкул–күрөң түстөгү төрт үстөл отургучу менен. Үстөл үстүндө бардык шаймандары менен компьютерлер жайгаштырылган. Аткарган жумушу компьютердик сабатка үйрөтүү. Маянасы жакшы. Түшкө чейинки иштеген шериги Талгат дагы көңүлүнө бап келди. Тарбиялуу, адамгерчиликтүү, сылык–сыпайы, калжың–кулжуңу жок иш билги жигит. Кийимдери таза, жүрүм–туруму сүйлөгөн сөзү ордунда, ошону менен бирге адамдарга кылган мамилеси абдан жөнөкөй. Экөө бат эле тил табышып, кесиптеш, дос болуп чыга келишти. Жумуш берүүчү Андрей Борисович улуту орус, абдан илбериңки, кичипейил жетекчи. Анча–мынча көзөмөл кылымыш болуп көз салып коюп, жаштарга жол берип иштөөгө жолтоо кылбайт. Маянасын бир күн кечең-

детпей өз убагында төлөп турат. Баардыгы ойдогудай болгон соң окууларын жакшы окуп, жумушун так аткарып жүрдү. Дем алуу күндөрү өзүнүн айылдаш, ары группалаш досу Баймурза Султанов экөө топ ойноп, чогуу тамактанып, убакытты көңүлдүү өткөзүшөт. Демейдеги кайталанма ишемби күнү сабак бүткөн маал.

– Баймурза, эртеңкиге чейин жакшы тур. Футболго кечикпестен кел.

– Кой эми, досум, каадаланбачы. Качан эле кечикчү элем? Өз убагында футбол талаасында көрүшөбүз, көрүшкөнчө.

Баймурза менен коштошуп, жумушуна келди. Жумушу бүткөн Талгат түштөнүүгө чыкпай, эки студент менен компьютерде үйрөнүүнү улантып олтурушуптур.

– Салам, Исак!

– Салам, Талгат! Бир саатка бекер иштеп берейин деген турбайсыңбы ээ? Мактоого татыктуу жигитсиң да.

– Кой эми, сен мактап коюп, мардайып кетпейин, – деп тамашалашып калышты, кесиптеш достор.

– Сени эртеңкиге футболго чакырайын дедим эле.

– Мен эртеңкиге бош эмесмин! Капа этпе, баралбайм.

– Эмнеге бош эмессиң? Эртең күнгө жекшемби болуп жатпайбы, жумуш жок да.

– Туура жумуш жок, бирок мен жекшембилик жыйынга баруум абзел.

– Кандай жыйын? Андрей Борисович мага айтпады го? Же эми угузат болду бекен?

– Ал жыйын биздин жумушка эч тиешеси жок, бирок ал жыйынга Андрей Борисович дагы катышат, – дегенде Исак Жусупов эч нерсени түшүнбөй аң-таң калды. «Кандай жыйын болду экен?» – деген жашы-

руун кызыгуусу артып, негедир ошол жыйынга барууну эңсеп, жашырылган купуя сыр бүйүрүн кызытканга, умтулуусу күчөп:

– Талгат, ал эмне жыйын, мен дагы барсам болобу?

– Ал жыйын боюнча эки сөз менен айта албайм, бар деп кыстабайм, барба деп бут тосуп жолтоо кылбайм. Ал сенин тандооң, сенин эркиң.

Талгатка каршылык көргөзүп: «Барба десе барам деп жулунам. Жүр деп мажбурласа, шылтоо таап, барбастын айласын табам», – деп турганда, мындай жооп угушу, Исактын кызыгуусун андан бешбетер күчөттү.

Исактын ичиндеги кызыгуусу, сыйлаган адамдары: «Талгат менен Андрей Борисович кандай жыйынга барышат болду экен?» болуп Талгатка жооп берди:

– Жекшемби күндөрү Баймурза болуп футбол ойночубуз. Бул жолку дем алуу күнүн сени менен ошол жыйынга барайын, ээрчитип ал.

– Макул, чагыңа кара, эрте менен жумуштун жанындагы аялдамадан жолугушайлы.

Исак менен Талгат убадалашкан убакытта аялдамадан учурашып, маршруттук таксиге олтуруп, көздөгөн жерине жетишти.

Жыйын болуучу жер шаардын борборунда, тогуз тоонун томунда жайгашыптыр. Көптөгөн бийик имараттар: төрөт үйү, анын артында сауна, шаардык муниципалдык жана башка жеке ишканалар. Исак ичинен: «Жыйын боло турган жер беш кошкон, эл кайнаган, ижара акысы кымбат жерде экен, демек олуттуу жыйын болчудай», – деп таштаган кадамына кабатырланбай, Талгатты ээрчип үчүнчү кабатка көтөрүлдү. Оң жакка бурулуп, чоң каалганы ачып, шыбы алты метрдей кеңдиги беш жүздөй адам батчу конференциялык залга кирип келишти. Зал ичинде: карысы, жашы, кыргызы, орусу, өзбеги, оорукчаны,

соосу аралаш ар кошкон, ар түрдүү инсандар. Улуту бөлөк, жашында айырма бар, кесиби башка болгону менен баардыгы бири-бири менен кучак жайып, сүйүнүп: «Бир тууганым! Кандайсың?» – деп кучакташа саламдашып жатышты. Тегеренип алик алып, саламдашып бүткөндөр катар тизилген орундуктарга эч орун талашпастан, урушпастан сыйы менен олтуруп жатышты. Беш жүздөй бош орундуктар, сырттан кирген адамдардын агымы менен бат эле толду.

Исак Жусуповдун дагы бир таң калган жагдайы, демейдеги жыйындарда, президиумда үстөл отургуч жана баяндама кылчу тик үстөл жайгашчу эле го. Мунун баары жок, алардын ордун вокалдык инструменталдык ансамбли ойноочу өтө заманбап жаңы музыкалык аспаптар: бас, соло гитара, ямаха, добулбас, ошондой эле темир түркүктөргө бекитилген зымсыз микрофондор.

Исак ичинен ойлоно: «Бул жерде кечээ концерт болуп, артисттер шашып аспаптарын жыйбай кетип калышкан го», – деп божомолдоп да жиберди. Бизде төрт адамдын башы бириккен жер базарга айланып, чуулдап ызы–чуу болуп сөздү эч кимге бербей, сөзмөр адамдар сөзгө чечен болуп, ала чыйырчыктай чырылдап жыргап калабыз. Чыры жок эле беш жүздөй адам, учурашып бүтүп, бош орунга барып отуруп калышты. Бир маалда президиумга бир эркек киши көтөрүлдү. Исак жанагы кишинин жүзүн көргөндө эки көзү төрт болуп, чакчайган каректери чанагына батпай, ордунда бир аз делдее катты. Себеби, жанараак президиумга жалгыз чыккан киши өзүнүн жумушундагы жетекчиси Андрей Борисович болуп чыкты. Исак Жусупов Андрей Борисовичти жумушунда жетекчиси катары кабылдап көнүп калганга, бу жердеги Андрей Борисович жумушту талап кылган сүрдүү жетекчи эмес,

такыр эле башка сыпаттагы адамды көрдү. Бир туруп чындап эле ошобу деп күмөндөп да жиберди. Бу жердеги Андрей Борисович мээрбан, акпейил жөнөкөй болгон инсан, жайбаракат элди жапырт бир тиктеп, темир түркүктөгү микрофонго жакындап:

– Кутмандуу таңыңар менен бир туугандарым! Салтанаттуу жекшембиңер менен! – деп элге кайрылганда, залдагылар чоң сүйүнүчтөр менен кол чаап, алик алышып сураштЫ.

Андрей Борисович кадимки сыпайылыгы менен жагымдуу учурашкан соң, муруңку жума, андан муруңку апталарда бул жыйынга кошулгандарды президиумга чакырды. Залдагы жамаат аларды сүрөөн менен, шапалак чабуулар менен коштоп, президиумга узатышты. Аял эркеги аралаш он чакты адам катары менен тизилип туруп калышты. Катарды акыркы болуп айжамалы жылдыздуу, толгон айдай чырайлуу, жашы он сегиз жыйырманын ары-берисиндеги ырайы бөтөнчө сулуу кыз толуктады. Анын көйнөгүнө из болуп чытырайып турган жоон сандары, кош бөксө тоодой бөлүнүп турган жумуру жамбашы, бөлтөйүп көкүрөгүн тээп турган  тикчийген кош эмчеги, чоюлган ак–куунукундай ипичке аппак моюну, бышкан кайнолудай бадырайган көздөрү, артына эки өрүм болуп өрүлүп, көшүлгөн деңиздей толкуган коюу чачы менен желим идиштей тысырайган балтырына каректери менен качан эле чапташып калган Исактын нукура эркектик сугалак сезими ойгонуп, ычкырындагы ышкы козголуп, кыялы ээ-жаа бербей ээлигип, өзүнө арбап алган перидей ажарлуу кыздын жанынан эч жакка чыкпай, тиктеп эле отура бергиси келип, ашыктыктан оозун көбүртүп, таңдайына жармашкан шилекейин жутунуп, кыстыккан демине буулугуп, оор үшкүрүнө улутунуп да жиберди.

Исактын тула боюн ток тепкендей титирек каптап, шоктонгон жүрөгү кабынан чыгып кызыл өңгөчкө такашып, токтоо көздөрү ойноктоп, көзүн сүзгөн кунаажынга букадай булкунуп турду. Чочулаганы бул кезге чейин кыздарды сыртынан жактырганы менен азыркыдай жалын от болбой, кош көңүл гана көз карашта жүргөн. Ал эми азыркы өзү билелек сезимдер ичин өрттөп кеткенин, көзүн көрөгөч кылып ийгенин, жүрөгү унаа кыймылдаткычындай такылдап согуп бергенин, көңүлү каакым үлбүрөгүндөй жеңил болуп калганын өзүнө-өзү тана албады. «Ушул кыз менен буюрса сөссүз таанышамын. Балким менин жүрөгүмдүн ээси, дүйнөдө издеген жалгыз адамым, өмүр жолдошум ушул кыз болуп жүрбөсүн?» деп, алай-дүлөй, көңүл жүрөк ойлорунун түрмөгүн чечмелей албай турганда анын оюн, Андрей Борисович бузду. Ал темир түркүктөн зымы жок микрофонду чыгарып, катар башында турган, Исактын жүрөгүнө жаанын огундай сайылган кызга берди. Исак бу кыз эмне деп сүйлөйт экен деп кулактарын жапырып, бүт көңүлүн бейтааныш сулуу кыздын сөзүнө бурду,

– Урматтуу менин бир туугандарым! Менин атым Ассоль. Жыйынга биздин бир тууганыбыз Наташа аркылуу келдим. Асманымды кара булут каптап, күнүм дагы, түнүм дагы түгөнгүс кара түнгө айлангандыктан, бу жерге аргасыздыктан салпылдаган абалда келгемин. Ата-энем аракка тойгон күнү иттей сабап, көчөгө кубалап чыгат. Курбу курдаштардын үйүндө бир түнөйт экенсиң, анан көчө безип жүрүп көчө кызына айландым. Унаалар токтоп ар эркектердин койнунда кумарын жазам, акчасын «сутенерша» алып, мага жарыбаган тыйын-тыпыр берет. Эң башкысы түнөгөнгө түнөк таап, курсак ток жүрдүм. Ичкич ата-энемдин келтегинен кутулганыма сүйүнгөндөй бол-

дум. Кийинчерээк мас эркектерди тейлеп бети-башым көгөрүп, ур-тепкиге калып, атаңдай кишилерди тейлегениң бир азап, келтек жегеним эки азап болду. Жол боюн бойлоп азап чегип жүргөн жеримден, ата-энемден көрбөгөн мээримди бир тууганым Наташадан көрдүм. Ал мени ушул жыйынга эки апта мурун ээрчитип келди. Менин жаман жүрүм-турумумду сындаган жок, кагып-силккен жок, урушуп отко салып, оттон алып сууга салган жок, болгону жылуу жуурканга жаткызып, ысык тамак берип, китеп саткан жерине жардамчы кылып алды. Дене сатып жан бакканды ошол күндөн токтоттум.

Мен көчөгө чыгып бузулуп кеткенде, турмуш куруп күйөөңдү жандап басып, колуңа наристени кучактап чоңойтуу бакытын түк өмүрү көрбөймүн деп, үмүт чылбырын тикенектүү чычырканак токоюна ыргытып жиберген элем.

Жыйынга, экинчи жекшембиликке катышканымда мени сойку катары карабастан, бир туугандык мээрим төгүп, адамча саламдашып сый-урматка бөлөгөн атмосфера ак жолго жетеледи. Асынып өлүп алайын деген кууш жолдон, жашыл дарактуу өмүр багына карыштап кирип жатамын.

Наташа: «Сен ушул жыйындан же башка жакшы үй-бүлөдөн өзүңдүн жарыңа жолугушуң толук мүмкүн», – деди. Менин жан дүйнөмдө эбак эле өлүп калган ишенич, үмүт деген баалуулуктар башын көтөрдү. Аларга жан кирип, жан дүйнөмө кайтып келгенде, жанчылып жаткан кубанычым булут жылчыксыз чылк каптаган асман жерге түшкөндөй болду! – деп көз жашын аарчыды. Көзүнөн чууруп аккан жаш, тузак жашоодон, тозок жашоодон, кумар жашоодон кутулган нукура адамдык көз жашы эле.

Исактын бейтааныш кызга дүрбөлөңгө түшкөн аялуу сезимдери, көзүнө көзүн кадасам деген бороондой аркыраган каалоосу, дүкүлдөп тополоң кылган шок жүрөгү менен капилеттен эле кашы кыйшайып ансыз жашоом болбойт деп ашык болгон дил көңүлү, Ассольдун жогорудагы сөздөрүнөн кийин жылы бою аскадагы ээрибеген муздай иренжиген мээси: «Ашыкпа баатыр, чыдай күтсөң атаман болосуң» дегендей акылы менен сезимдердин тирешинде, азырынча алдастабай улуу учурга убакытты узатайын. Учуру келгенде таанышайын деген чечимге ынанып калган кезде. Микрофонду эркек киши колуна алды.

– Саламатсыңарбы, бир туугандарым, менин атым Мейман. Мени бул жыйын сактап калып, өлбөгөн мага да жаз келди десем болчудай. Жумуштан бошоп калдым. Үй–бүлөбүз каржы жагынан какшып калдык. Ортодо үч балабыз бар, ичип-жеп, кийим жырткан куракта. Он ойлонуп, тогуз толгонуп, мен быякта балдарга көз-каш болуп, Майрам Москва шаарына барып иштемек болду. Барганына үч ай болгондон баштап акча келе баштап, тешик жыртыгыбыз бүтөлүп, тамак-аш тарткылыгы унутта калды. Төртүнчү айдан баштап акча агымы суу буугандай буулду. Аны менен бирге балдарды телефон аркылуу сурап коюу түк токтоду.

Бекерчилик деген эмине? Ал деген көчөгө чыгып кошуналар менен, тааныш-тунуштар менен арак ичип жыргап калчубуз. Москвадан келген Арыкбай бизге арак куюп, мурдун көтөрүп сүйлөп мыңкылдаганынан кер-мур айтышып кеттим. Ачуусу келген Арыкбай: «Мага эмне кыйынсыйсың? Күйөөгө тийип алган аялыңа кыйынсы», – деп оозумду жап кылды. Же анын анык-төгүнүн билбеген соң арданып кетип, Арыкбайды ээктен ары муштап тоголотуп жиберип, үйгө келдим. Үйгө батпайм, үйгө батсам териме бат-

пай, санаам таруудай чачылып, сан-санга бөлүнөт. Арыкбайдын суутма сөзү жан дүйнөмө күмөн туудуруп балалап кеткенге, аялыма болгон мурунку күндөй паркырап турган ишеничим эми шамдын билигиндей үлпүлдөп өчүп түгөнүп баратты. Өзүм бир сом түгүл бир тыйын таппасам, балдарды бакпасам да, аялыма койгон талабым күч болуп, үй Кожоюну болгон сезимим ойгонуп, аны сестентип булганган суусун тунутуп, арыгын тазалайм деп белсенип, эр экендигимди эми эстей баштадым. Бир туруп балдарды маңдайыма коюп алып заманам куурулат. Апамды айылдан алдырып, бир шылтоону айтып, Москваны көздөй жөнөдүм. Поезд менен Москва шаарына келдим. Майрашты таптым. Учурашсам колунун учу менен араң салам алды. Үшүп калган го десем экөөбүздүн мамилебизди эчак эле үшүк алып, тоң болуп муздай катып калыптыр. Өзү айткандай теңин таап алып, бир келген жашоону өзүнө жаккандай улантып жаткан кербези экен. Жан шериги, жеке ишкер, улуту түрк экен. Апсыйган сакалчан шериги экөөнү бир көргөндө, кирип кеткенге көр таппай, корголорго жер таппай, айлам куруп кеткенде, желкеме отурган Шайтан тукуруп кирди: «Бычакты алып экөөнү бирдей тирүүлөй мууздап сал», – деп. Кайра көзүмө, маңдайыма үч уулум көрүнүп, жигиттик намысымды бөтөлкөнүн түбүнө салып туруп, ууртап ийдим.

Москва миң кооз, миң бай, миң бардар, миң чырайлуу болсо да бизге таптакыр буюрбаптыр, Москва менин жубайымды эки тиштеп бир жутуп алды. Аттиң кылып, поезд менен Бишкегиме жетип келип, шалпыйып олтуруп калдым. Бирөөлөр колу менен көргөзүп шылдыңдагандай сезилет. Арыктап, салмактан кетип, мурункудай болбой, дос-жар менен чогуу чай ичкенден жалтанам. Мага, менин дарегиме сөз айтылып

калбасын деп чүнчүп, чачылып кеттим. Чачылган жанымды Андрей Борисович аялдамадан топтоп, ушул жыйынга алып келди. Бул жердин жакшы жери эч ким менин бетиме, менин жарым мени чанып кеткенин кеп кылбайт. Сөөмөйү менен шилтегилеп шылдыңдабайт, корс сүйлөп кодулабайт, желкеден алып жерге чаппайт.

Адам деген сыпатымды жердин жети түбүнө киргизип, өзүмдү тебелеп тепсеп салышкан эле. Эми мындан кийин элдин жүзүн кантип караймын деген оюм жорго салып токтобойт. Бул жер менде адамдык касиет бардыгына, адам болуп жаралгандыгыма шек келтиришпеди. Бир тууганым деп кайрылып, кылкылдаган кайгымды элек менен сапырып, жылуу сөз менен учуктап, назик мамиле менен эмдеп койдуңуздар, – деп Мейман аттуу мырза сөзүн жыйынтыктады.

Ушундай жогорку Ассоль менен Мейман агадай кийинки он чакты жаран жамгырдай төгүлүп, көлдөй калкып, шыпыргыдай шыпырык менен нары калчап шыпырып, бери калчап сапырып, өмүр кемесиндеги татаал тагдырларын, баяндарды баяндашты. Ушул жыйын аркылуу ооруткан жерлери басылып, сыздаган жарасы айыгып, көкүрөгүндөгү боштук толуп, кош көңүлсүздүктөрү ушул жыйындан кийин жоюлганын белгилеп сүйлөп беришти.

Исак Жусуповтун башы маң болуп, же ак же көк дей албай катып калды. Баягы вокалдык инструменталдык аспаптарды залда олтурган бир туугандары колуна алышып, кадимки батыш эстрада артисттериндей шаңдуу музыканын коштоосунда ырдап киришти. Конференц залдагы бир туугандар отурган ордуларынан тура калып, коштоп ырдап, залды тегерене бийлеп киришти. Зал ичи болуп көрбөгөндөй шаңга толуп, бири-бирин бешикке бөлөгөндөй тербетип жатышты.

Исак Жусупов ушул жекшембиден баштап, ушул жамаатка баш–оту менен кошулуп кетти. Булар «Протестанттар» эле. Талгат экөө алты күн чогуу иштейт, жекшемби күнү жалпы жыйынга чогуу катышып жүрүштү.

* * *

Бейитке атасынын сөөгү коюлбастан, кайра келишкенде, үйдөгү апасы, туугандары арсар илең абалда калышты. Достору, туугандары колунан келишинче аракет кылышып, бирок андан эч майнап чыкпады. Атасынан айрылып кайгыга батканы бир азап, эл катары атасын жерге бере албай үйүндө сактап отурушу эки азап болду бечара Исак Жусуповго. Ойлонуп олтуруп сөгүлүп бараткан кабыргасынан кыргын-бүлгүн түшкөн өз жүрөгүнө үңүлө карап, баягы эле эски досу, Бишкек шаарындагы ак үйдөгү үлкөн чиновник Баймурза Султановго чалды.

– Баймурза, кандайсың досум?

– Жакшы, кечке маал чалыпсың? Демейде мынча кеч чалбайт элең, деги тынччылыкпы?

– Атам каза болуп калды.

– Эмне? Качан өттү? Тажиясы качан?

– Атам кечээ жарык дүйнө менен кош айтышты. Бишкектен унаа менен кечээ түнү келгенбиз. Бүгүн жерге беришибиз керек эле. Жергиликтүү мечиттин молдолору уруксат бербей, атамдын сөөгүн үйгө алып келдик.

– Жаман болгон турбайбы. Досум капа болбо, бирок мен сага айтканмын, тиги жыйыныңды, диниңди ташта деп. Ата-бабаларыбыз тутунган мусулман динине кайтып кел деп канча кан какшадым. Мына эми көргүлүктү көрүп, өлүп калган аяш атамды жерге бере

албай убара тартып жатасың. Мен сени мусулманчылыкка үндөсөм, сен мени өзүңдүн жыйыныңа тартканга аракет кылдың. Айтчы досум, эми кимибиздики туура болуп жатат?

– Досум, экөөбүздүн талашыбыз бүтпөөчүдөй, мен сенден жардам сурайын десем, сен өзүңдүн баягы эскилиги жеткен эски пластиңкаңды тегеретип баштадың.

– Кечир досум, канча жолу тилими таш тиштегендей катып келдим. Сөз өз убагында айтылбаса, сөздүн атасы өлүп калат дейт. Макул, менден кандай жардам?

– Баймурза, сенин төбөң Кыргызстанга көрүнгөн, кадырлуу инсансың, сөзүң да өтүмдүү. Муфтиятка чалып дайындап кое аласыңбы! Биздин мечиттеги молдолорго айтса, атамды акыркы сапарга узатып алайын.

– Макул, кыжаалат болбо. Тиешелүү адамдар аркылуу силердин молдокеңерге чалдырып коем.

Чоңдун аркасы тегирмен тегеретет болуп, Баймурзанын дарамети менен Исактын атасын мусулмандардын жайына жерге берүүгө уруксат берилди. Айыл имамынын, протестант динин карманган айылдашынын сөөгүн «айыл көрүстөнүнө койдурбаймын» деген аракети оңунан чыкпай, муфтияттын телефон чалуусу менен, сөөк ушул жайга коюулууга уруксаты берилди. Ою ойрон болуп, жаны ачышып, ичин туз каптаган имам, аксакалдарды топтоп тукурган тейде:

– Урматтуу айыл тургундары! Дауд Жусупов тирүү кезинде бөлөк динге үй-бүлөсү менен өтүп кеткендигин бүт айыл, бүт эл билет. Дауд каза болуп, сөөгүн биздин бейитке алып келишкенин бүт журтчулукка маалым. Биздин ата-бабаларыбыз жаткан жерге Дауддун сөөгү коюлуусуна тике каршылыгыбызды көргөздүк. Жогорку жактын кысымы менен сөөк ушул жайга

коюлсун деген буйрук келди, – дегенин уккан эл бу пикирге каршы болуп, ызы-чуу түшүп, тарпка конгон кузгундардай чурулдап калышты.

Ич ара айылдаштардын пысмык сүйлөшүүлөрү боюнча: «Дауд Жусуповдун денеси бейитке коюлгандан кийин, сөөктү казып, жер бетине чыгарып коебуз» деген чечимге келип, тарап кетишти.

Исак Баймурза Султанов менен сүйлөшкөндөн кийин: «Ушуну менен тажыя маселеси бүттү» деп көңүлү тынчып, сөөк коруп, жаны жок атасынын жанына жамбаштап жатты.

Чындыгында, Исакты алдыда дагы чоң калба, чоң сыноолор күтүп турган эле.

Эртеси. Тели-теңтуштары, жек-жааты болуп атасынын сөөгүн жерге беришти. Жайдан узаган кезде балаң түшкүр акылга сыйбаган ызы-чуу коштогон вандализмге күбө болушту. Куюн-чапкындай болгон эл кайдан-жайдан топтолуп, Дауд Жусуповдун жайын казып, сөөктү жер үстүнө чыгарып, кетип калышты. Булардын башында турган Имам Мамбет агайы, Исак Жусуповтун дарегине: «Эми эч нерсе кыла албайсың. Керек болсо сен менин богума да куурай сая албайсың», – таризиндеги жогорку окуялар болуп кетти. Дүйнө түшкүрдүн карама-каршылыгы да, оодук–кыйдыгы да ушунда болсо керек.

Исак Жусупов жер бетинде жаткан атасынын кепинделген кыймылсыз турпатына чөк түшүп, көкүрөгүндөгү жарыгы өчүп, шаабайы сууп ыйлап кирди. Заманасы куурулду. Айыл жашоочуларынын бейитке коюлган атасынын сөөгүн казып алып таштоосу, Исактын жүрөгүн жулуп, жолбун иттерге жугунду иретинде таштагандан өткөн өкүнүчтүү көрүнүш эле. Казылган бейитке карай ыйлап, сүйлөнүп кирди:

– Ата, мени кечириңиз! Сиздин денеңизди жай алдырбай, түбөлүк уйкуңузду бузушту. Ага мен күнөөлүүмүн. Кечир, Ата!

Бейит кашаасы тараптан адамдын кадамынын үнү угулуп, шыбырт чыгып калды.

– Айтпадым беле, Исак. Айттым беле, айтканмын, – деп мурунку Мамбет агайы, азыркы айыл имамынын үнү ары өктөмдүү, ары аянычтуу угулду. Сыягы элди тукуруп коюп, кайрадан окуучусун аядыбы же айыл бейитине батпаган Исактын атасынын сөөгүн аядыбы, же Жараткандан корктубу, айтор, кеткен элдин аягы суюлган кезде артка кайрылып, Исактын жанына келип, туруп калды.

* * *

Исак менен Талгат жекшембилик жыйынга барганына эки айдан ашкан мезгил. Кадимки күнүмдүк кайталанма жашоо.

Ассольдун мурунку сойку абалы Исакты иренжиткени менен кыпкызыл муштумдай жүрөгүн башкара албай, убайрам тартып, анын караанына зар болуп, жекшембилик жыйынга Ассольду көрүү үчүн келип жүрдү. Бирок ичиндеги күмөнү, таза оюн булгап жатты: «Мейличи, диндеш, бир тууган болуп жекшембилик чогулушта чогубуз. Экөөбүздүн тең жан–дүйнөбүз ушул жердин аурасына азыктанып, жаныбыз жай тапты. Ойго–тоого чапкылаган жүрөгүбүздөгү санаабыз кетип, тынчтык орун алды. Бирок, Ассоль кайрадан сойкулук кесибине түшүп кетпейби», – деген арсар ой, мээсин кажып жеген курттай мазесин алып жатты.

Ассольду жүрөгүнөн сууруп ыргытып салыш үчүн, эки ай ичинде төрт кыз менен кыз-жигит болуп сүйлөшүп көрдү. Анысынан эч майнап чыкпады. Эс алуу багындабы, кино-театрга барабы, эки көзү жаңы таа-

нышкан кызда болгону менен, көөнү Ассольдо болуп, өзүн-өзү алдап жатканын сезди.

Талгатка бир шылтоону айтып кийинки жекшембиликке барбай да койду. Ассольду көрбөй калсам, балким батыраак унутуп каламын деген тилеги таш капты. Анысы аз келгенсип экинчи жекшемби күнү уйкусу качты. Таң эрте туруп Талгатты күтпөстөн, жыйынга элден эрте келип эң алдыңкы катарда кирген–чыккан элди карап, элеңдеп Ассольдун караанын көргөнгө зар болду. Ошол күнү мына сага дегенсип, жыйынга Ассоль келбей калды. Исак, бир туугандары менен сыйынып, ырдап, сүйлөшүп кет-кетке келгенде, тартынчаак мүнөзүн артка калтырып, Ассольдун жакын курбусу Наташага кайрылды:

– Здравствуйте Наташа!

– Привет, Исак.

– Я хотел уточнить относительно Ассоль. Что с ней? Почему её сегодня не было на собрании?

– У неё поднялась температура. Она в больнице, – дегенде Исак какап–чакап кетип:

– В какой больнице?

– В городской.

Наташа дагы маалымат иретинде кошумча бирдемелерди айтып жатты. Кулагы тунжураган Исак ордунан ыргып туруп, шаардык ооруканага шашылып жөнөдү. Жолду катар Ассольдун амандыгын Жараткандан жалбарып тиледи. Алтындай болгон убактысын беймаани ойлорго жетеленгенине сабыры суз болуп баратты. Ооруканага жетип, бейтаптар тизмесинен Ассольдун аты-жөнүн таап, палатага шаша-буша кирип келди. Керебетте уктап жаткан Ассольду көргөн Исактын ичиндеги ириңдеп өлүп калган ити тирилип, сыртка чыгып кетти. Ага болгон бүт күмөнү абага сиңип жок болду. Көкүрөгүндө бир гана аруулук,

тазалык орун алды. Аны тиктей, күмөн санап, эки ай текке убакыт өткөзгөнгө өзүн-өзү жемелеп уяткарды. Себеби, уктап жаткан Ассольдун тазарган аурасы уктоочу бөлмөнү периштелерге толтуруп койгондой мемиреген абалда, көзү-кашын серппей, уйкусун улантып жатты. Абада учкан топ периштенин чордонунда Ассольдун жараланган жарым жүрөгү жарымын издегенсип туйлап тыбырчылагансыйт. Исактын көзү аркылуу, төшүндөгү жарым жүрөгү суурулуп, жанагы калкыган жарым жүрөккө бирикти. Шалпыйган Исактын маанайы шаңкайып, азыр эле ыйлагысы келген абалы кетип, созолонтуп ырдап жиберейин деп өзүн кармап калды. Моюнундагы ат көтөргүс жүгү түшүп, өзүн каакым үлбүрөгүндөй жеңил сезип, эмнегедир ар дайым куса болуп, толбогон чөйчөкчөсү сүйүнүччкө толуп-ташып кетти. «Демек мен Ассольго чындап эле ашык болуп калдымбы?» – деп жаны жай алганга, суроосуна, күмөнүнө, жүйөөлүү жооп табылып, кайра кайыбынан канат куйрук бүткөндөй өзүн бактылуу сезимдер каптап кирди. Ассольдун уйкусун бузбайын дедиби, бутунун учу менен жай басып анын жанына келип, бешенесинен билдирбей кумарлана жыттап, оозунун учу менен өөп койду.

Ойгонуп кеткен Ассоль эки колу менен көздөрүн ушалап, керилип эсеңгиреп, Исакка суроолуу тиктеди. Анын көзүндөгү мээримге тоё карап калды эле:

– Наташадан уктум. Акыбалың кандай? Мына мөмө-жемиш, суусундуктар, – деп тапкан-ташканын үстөл үстүнө тизип кирди. Шашкалактап жатып алма, мандариндерди бөлмөгө жайнатып колунан түшүрүп жиберди. Анысы аз келгенсип, чыныга куйган суусундукка чыканагы тийип, анысы дубалга жабыша агып жатып калды. Ассоль уйкусураган абалынан чыгып, бөлмөнү жарып, каткырык салды. Ага кошулуп бырс

жарылган Исактын көзүндөгү жашы түгөнгүчө кыткылыктап күлдү. Экөөнүн күлкүсү оорукананын палатасын гүлбакчага ороп салгансыды.

Шашкалактаган Исак сары мандарин менен кызыл алманы Ассольдун бозоргон кансыз колдоруна карматып:

– Мага өмүрлүк жар болууга макулдугуңду бер, – деди. Жан таспили ден-соолугу менен гана алек болгон Ассоль, мындай олуттуу суроого даяр эместиги беш колдой белгилүү болчу. Ошондуктан, оңтойсуз абалда, карайган каректери, тизилген кирпиктери менен ирмегилеп: «О чырагым», дегендей тейде суроолуу тиктеп туруп калды.

* * *

Мамбет имам дин жолунда Исак Жусуповго каршы болуп жийиркеничтүү оксуп-окшуп турганы менен, көөдөнүндөгү руханий жандүйнөсү, өзүнүн тестиер окуучусуна жан тартып жаткансыды. Сай-сөөгүнө сиңип каткан эл агартуучулук алгачкы кесиби мээсин мүлжүп кирди окшойт. Өлүп калып мусулмандардын көрүнө батпай, карып болуп турган Дауд Жусуповдун сөөгүн орустардын күмбөзүнө коюу ою кылт этип, кылтак болуп башындагы балык мээсине илинди. Артка, Исактын жанына келип «бул ишти эми өзүм жайлайм» деп менменсинип турган кербези эле.

Исак башын буруп, жай башына келген адамды тиктесе, бутунда маасы-көлөч, үстүндө кара пахта чапан, башына ак селдесин жанагы мисченин уясындай кондурган, айыл имамы Мамбет агайы турат. Исак баягы атасынын сөөгүн жер алдынан каздырып алгандардын башчысы экендигин айтпаса да билип тургаңга, эми минтип табалагандай үстүңдөн мыскылда-

ган түрдө кайра кайтып келүүсүнө: «Мынча адамдын жанын кашайтасың» деп кыжыры кайнап, кекиртегин жулуп алайын дейт, бирок негедир үңкүйгөн абалында ийнин дирт кагып, түнөрүп жер чапчып турду. Кара кой көздөрү калемпирдей кызарып, кара доңуз ачуусу, агай–имамды ушерде эле муунтуп өлтүрүп, тиги атасына делип казылып казанасы даяр турган көргө түртө салып, көөмп салуу ою башына бышып жетилди. Арыз-муңун, ич-күйүтүн, атасынын сөөгүн жерге beралбай убайрамга түшкөнүн ушу агай-имамдан чыгаргысы келди. Дегени менен, миң ызырынганы менен адамдык сыпаты өйдөрөөк кылдыбы, айтор ылай аралаш сары топуракты мыжыга кармап, ичиндеги кара доңузду ылайга аралаштыра эки колунун манжаларына кысып, жанагы арам оюн жерге матырып тыгып салды. Колунан адам өлтүрүү келбестигин моюнуна алып, күйүп-күйүп күл болуп кете тургандай болуп, шолоктоп көзүнө жаш алды. Жанында «ушул күндү көрмөксүң» деп манчыркап тургандай Мамбет:

– Исак, тур өйдө! Жашыңды аарчы. Сөөктү табытка салып, артымдан жүргүлө, – деди. Мындай буруluштуу сунуш кылбайт, табалап турат деп ойлогон Исак Жусупов сестене, имамды күмөндүү тиктеп калды. Анысын байкаган имамдын тили, дөбөт иттин үргөнүндөй булдурап:

– Мен күмбөз таап койдум, жүргүлө, – деп ишенichtүү үн менен кол жаңсап ишаарат кылып калды.

Исак Жусупов жанындагылардын жардамы менен сөөктү табытка салышты. Имамдын көлөкөсүнө айланып из басып, анын артынан желкесине табытты жөлөп көтөрүп жөнөштү. Мамбет поезддин көч башындагы Локомотиви болуп, артындагы табыт көтөргөн жигиттер ага уланган вагон болуп, православ динин тутунган орустардын көрүстөнүн көздөп, буту күйгөн тооктордой кадам шилтеп жөнөштү.

* * *

Ассольдун демейде бажырандап турчу кайнолудай көзүнүн кареги чытырман токой суроолорго толуп, аңырайып тиктеп калды. Жанагындагы Наташанын: «Эми сен, бул жыйындан жан-дүйнөңдү гана тынчытпастан, балким жан шеригиңди да таап аласың», – деген сөзүн эстеп:

– Иий ошол сенсиңби? – деген жарганаттай жообу оозунан чыгып кетти.

Ал эми олуттуу сунуш кылган Исак Жусупов мындай мыскылзаар жооп укканга: «Бул эмне деп дөөрүп жатат? Оорусу катуу окшойт» деп жана эле абада калкып жүргөн жүрөгүнүн жарымын издеген түрдө,

– Эмне мени татыктуу эмес деп ойлойсуңбу? – деп кабатырланган жаш баладай суроого суроо салды.

Мээсиндеги ою сыртка чыгып кетип, оңтойсуз абалда турган жыйындаш бир тууганын аяп кеттиби же оозунан чыгып кеткен сөзүнө өкүнүп калдыбы:

– Исак, сен, капа этпе. Сен деген билесиңби, татыктуулардын эң татыктуусусуң. Кеп башаты менде. Сен менин мурунку көчө бойлоп, түнкү көпөлөк турмушумдууксаң, мастан шайтан качып кутулуп сыңары, безилдеп качып кетишиң мүмкүн, – деп жанараак эле күлкү-шаңга жайнаган өңү мостоё түштү.

Экөө бири-бирине адаптациядан өтүп, бири ат десе, бири төө деп божураңдап, сөз элеби дегенсип сөз төркүнүн өйдөдөн, ылдыйдан агытышып жаткан кезде, баш мээрбан эшик ачып кирип келди. Ачуусу мурдунун учуна көгөн болуп жабышып калганы көз–көрүнөө эле билинип турду.

– Эй, бала! Сен кимсиң өзү? Ооруканаңы түк көтөрүп, ызы-чуу, күлкү салып. Бейтаптар арызданып

жатышат. Күлкү хи-хиге айландыргыдай бул жер чоң атаңдын төрү же кең жайлоосу эмес. Бул жерди оорукана дейт. Болду! Жетишет, сыйыңыз менен болуңуз, сыртка чыгыңыз, – деп палатадан Исак Жусуповду айдап чыкты.

Өзүнүн суроосуна жооп ала албай, же ошончо болгондон кийин «ошол сунушту айтпай эле койбопмун» деп өзүн жемелеп жатты.

Университет. Аудиторияда ойлуу олтурган Исак Жусуповду, досу Баймурза Султанов сөзгө тартты:

– Исак! Кабагыңа кар жаап, маанайың суз, сүйлөбөйсүңбү? Эмне тилиңди жутуп алгансыңбы, ыя? Эмне же дүйнөгө таарынып атасыңбы?

– Эч кимге эч качан оопа кылбаган бул дүйнө жерге кирсин. Сиркем суу көтөрбөй итиркейим келип турат. Эмнегедир жүрөгүм кысылып, өзүмчө жан дүйнөм жанчылып, ичкеним ирим, жегеним желим болуп, жарык дүйнөгө наразы болуп турамын, Баймурза!

– Досум сен өзүңдү издеп таппай жүрөсүң. Кой десе болбой тиги протестанттарга баш–отуң менен кирип кеттиң. Жан дүйнөм тынчыды деп айтканыңдан сүйүнүп калдым эле. Андан көрө жүр бүгүн жума намазга мени менен бирге бар. Даарат алуунун эрежесин үйрөтөйүн. Имамдын жанына олтуруп маселе–таалим угабыз. Чарчаган жан–дүйнөңдү дем алдырасың. Чыныгы тынчтык ошол жерде. Жараланган жан–дүйнөңдүн жараттарына сеп алдырчу ачкычын ушул жактан табасың, досум.

– Баймурза, колдооңо, чакырыгыңа албетте, рахмат. Тиги жан–дүйнө мүдөөм эбак эле ордун таап тынчыган дечи. Мен өз тандоомдон кайтпайм го. Бул жолкусу маселе башкада. Тиги эркек–кыз маселесинде. Жүрөк шеригин тапкандай болуп шаңыраңдап, өпкөм казандай көөп, дегделеңдеп калдым эле. Эми негедир

көңүлүм, чөккөн кемеден бешбетер чик болуп, бир орунга такалып, казык кылып жерге кагып койгондой, алдыга жыла албай бушайман тартып турам. Өпкөмө суу, көңүлүмө муң толгонсуп буулуктум. Себеби, мен тапкан периште жүрөк сезимимди муз сезимдер менен тосуп алгандай болду, – деп агынан жарылды Исак Жусупов. Бул кепти уккан Баймурза ары–бери баскылап:

– Ай-ай-ай! Чатак иш болгон турбайбы. Досум, сен сүйүү деңизине белчеңден батып кеткен турбайсыңбы. Сенин арзууңа татыган, жүрөгүңдү жулуп алып, жүрөкзаада кылган бактылуу көпөлөк ким болду экен?

– Даана таптың, ал мурда түнкү көпөлөк болуп жүрүптүр. Кийин жаман адатын таштаптыр. Сүйүктүүм азыркы мен барып жүргөн жыйындын катышуучусу. Эче жолу эсимден жулуп ыргытып, эзгилеп жуусам да карегиме кадалган жанардай жанган Ассольду унута албай койдум. Акыры кечээ жолугуп жар бол, өмүр шерик бол деп айттым. Ал өзүн кемсинткендей, али олуттуу мамилелерге даяр эместей түр көрсөттү, – деп Баймурзага ымандай сырын алакан жая айтып салды.

– Анча шаштың, Исак, шашмасың да. Жаны көзүнө көрүнүп илдет менен алпурушуп турган адамдын айласын кетирип, чочутуп алган турбайсыңбы.

– Ошону айтсаң! Алдыраарда жаздырар болуп. Ишенсең, сезимдерге жетеленип, жер менен жексен болуп турамын.

– Исак, кой эми, кайт. Кулак сал, ооруканадан чыккан соң чогуу барып кабар алайлы.

– Баймурза, сен, протестант кыз менен сүйлөшкөнүңдү молдокелериң көрүп калып сага иренжип калбайбы?

– Жок ээ...

– Макул анда, мен Наташаны кулактап турайын, Ассоль үйгө чыгары менен чогуу барайлы.

Арадан эки апта өттү. Эки азаматтын алдын-ала сүйлөшүлгөн планы мындай болду. Протестанттардын жекшембилик жыйыны соңуна чыккан соң Исак Жусупов Ассольду сейил бакка чакырат. Баймурзанын вазийпасы бириге албай кыйналып жүргөн эки жүрөктү, өзүнүн сөзмөр чечендиги менен жыртык китепти жамагандай болуп, экөөнүн мамилесин жабыштыруу, жанаштыруу, эч болбоду дегенде жанаша бастырып, жабыркап, жалгызсырап турган ич дүйнөлөрүн бириктирүү эле.

Бишкек. Жетинчи кичи району. Шаардык сейилдөөчү бак. Отургучта отура берип жамбашы талып кеткен Баймурза тура калат, отура калат. Элеңдеген эликти пайлаган көр мергенчиден бешбетер жол карайт. Экөөнүн ортосуна арзуунун учкундарын тутандыргыч сүйүү ырларын ичинен кайталап жатты. Антип жиберем, минтип декламация айтам, деп тим эле өзүнө жүктөлгөн вазийпага баш оту менен кирип кетти. Аңгыча экөөнүн камаарабай басып келаткан карааны көрүнүп, кезүүдөн адашып, энесин издеп, туяктары тешилген козулардай сейил бакка кирип келишти. Баймурза ордунан жай кыймылдап, көпөс туруш кылды. Кийим кечесин оңдоп-түздөп, парад тосчу бийлик төбөлдөрүндөй какайып, эстелик болуп туруп калды. Алар он, жыйырма кадамдай аралыкка жакындаганда, ал досун тиктеп «баары ойдогудай, бажарабыз буюрса» дегендей көз караш кылып ымдап да жиберди. Исак ага жооп катары оңтойсуз ийнин куушуруп, колун кара кушуна апарып кычышпаган жерин калп эле тырмамыш болгонсуду. Анысы ичиндеги ой–санаасы, жүрөк заадасы тынчыбай атканы беле, айтор Баймурза мунусуна ичи бир саам тыз этти да

Исактан көзүн алып, Ассольду тиктеген Баймурзаны эки жүз жыйырма киловатт ток уруп, тоголото койду. Түз жолдон чыккан унаадай эмелеки ыйман жолунда жүргөн Баймурзанын оюю алеки секундада бузулду. Көбүнесе максатын жүзөгө ашырып жүрчү ичиндеги көктүгү «бул периште менин жаншеригим болчудай» деп, мурунку жигиттик келишимден тайып, жүктөлгөн вазийпасын жүгөн-пүгөнү менен шаардык сейил бактын таштанды челегине ыргытты.

Исак Жусупов Баймурзаны тиктеп, убадасынан тайбай белгиленген убакыттан кечикпестен кароолчу солдаттардай какайып турганына ичи жылып ыраазы болду. Ичинде муздап бараткан жан дүйнөсү эрип, досунун колдоосуна шерденип, Ассольду жандап бараткынына мурду шеңирейип, өпкөсү казандай көөп баратты.

* * *

Православдардын мүрзөсү. Үстүлөрү көбүнесе жыгачтан, темирден жасалган айкашкан белги коюлуп, темир тоскуч менен төрт бурч кылып тосулуптур. Жанына чакан үстөл менен жанаша отургучтар орнотулган күмбөздөр жайнайт. Күмбөз астындагы таштарда негизинен славян улутунун өкүлдөрүнүн аты-жөнү чегерилип, бош ыстакандардан арак жыты мурундун каңылжаарына жарып жыт урганы бир болсо жанараакта эле ичилгендей.

Мамбет имам чапаны ушуларга тийип калса арам болот деп, чапанынын этегин кайрып көтөрүп алып, буту күйгөн тооктой этияттанып басып баратты. Исак Жусупов баштаган жамаат, топурагы жаңы көөлөнгөн эң акыркы күмбөздүн жанындагы бош жерди, казып киришти. Күрөк, киркеге урунган топурак-таштардын

үнүнөн бөлөк эч жат добуш чыкпайт. Бир гана тердеп күшүлдөгөн азаматтардын деми абада жаңырып, азаматтардан чыккан колоңсо тер жыты мүрзө абасын булгап тургансыды.

Ушундай абалды кайдандыр кайыптан пайда болгон жергиликтүү чиркөөнүн кызматкери поп, отец Сергий менен анын жан-жөкөрлөрү бузушту:

– Мамбет, что это такое? Чего вы себе позволяете? Почему копаете это место? Или вы забыли что ваше кладбище расположено по ту сторону?

– Сергей, иним! Бул сөөк силердин бир тууганыңардыкы. Айылдын тургундары ыраматылык Дауд Жусуповго, мусулмандардын жайын ыраа көрүшпөдү. Исакты билесиң, өзү жүрүм-туруму түзүк, түз жигит. Болгону силердин, христиан динин карманып, тутунуп алгандыгында. Анысын биз кечире да, кабылдай да албадык. Ошол себептен бул сөөктү силердин жайыңарга алып келдик, сөөк силердики.

– Его религию мы также отвергаем. Да, мы христиане. Но в наших конфессиях имеются значительные различия. Поэтому, мы не можем позволить захоронение покойного Дауда Жусупова в нашем Православном кладбище. В связи с чем прошу вас покинуть территорию нашего кладбища. И, пожалуйста заберите тело вашего покойника, – деп, «Кеткиле» дегендей ишаарат кылып, башынан аягына чейин кара түскө кийинип, төшүнө чоң чынжыр крест мончокту тагынган Сергей поп.

Мамбет имам баштаган топтун жаагын жап кылып, «бул бейиттен орун эч кандай болушу мүмкүн эместигин» чучугуна жеткизе жеткиликтүү түшүндүрдү.

*  *  *

Исак Жусупов менен Баймурза баштарын, далыларын тийгизе алик алышты. Ассоль болгону имериле башын ийкеп саламдашты.

Исак Баймурзанын кыйтыңдап жүзүн үйрүп өзгөрүлгөнүн дароо баамдады, анткен менен бул жоругуна маани берип көңүлүнө алып, башын оорутпады.

Ынтыккан Баймурза Ассольго ыктай басып, жагынууну самагандай түр көрсөтүп, оңко-чоңкосунан түшүп, Ассольдун кайнолу көзүнүн кареги менен бирдей айланып атты. Сейил багындагы оюн-зооктор менен тааныштырат, оозундагы кеби төгүлгөн гүл болуп кооздукту даңктайт. Чертилген комуздун күүсү болуп, көңүл ыргактарынын майда тамырчаларын сергиткендей аңгемелеп жатты.

Исак Жусупов ичине кымындай күмөн алган жок. «Ассольду ушинетип мага имерет окшойбуз» деп беймарал баратты. Аныгында, Баймурза Ассольго ашык болуп калып өз жээгине имерип, өз короосуна табыштап жатты. Ассольдун көңүл жебесин өзүнө буруу үчүн, бардык чеберчилигин болуп көрбөгөндөй кубулжутуп, жасалма мамилелер менен жасаган аракети сылан короздун кейпин кийип бараткансыды.

Исак Жусупов кепке аралашайын деген аракетинен жыйынтык чыкпады, анысына Баймурза кулжуңдап да ийди.

Ассоль болсо ооруканадан эми эле чыккан соң, жаңы адамдарга жаңы жагдайларга даяр эмес эле. Анын кулагына сөз илинип-илинбей, куурчак театрында отургандай эле оозун ачып таңыркайт. Найза–кылычын колуна алып, калканын артына асынып, жоону чаап алчу баатыр кейпин кийген Баймурзаны

бир тиктеп, өз олжосун таап аны аңдыган илбериңки илбирстей Исакка бир карап, сейил бакты айланып жүрүштү.

Сүйүүнүн ысык илеби, арзуунун адеми эрини, каалоонун каат-каат күчү, искеп-жыттоонун жалындай деми ушундай укмуш экен. Эчендеген кылым карыткан ислам дини, протестант диндери бири–бири айкалышмак турсун карама–каршылыктары анчалык көп экендиги маалым. Баймурзанын жүрөгүндөгү калп эле уяты менен ырсайган араңжан ыйманы, маңдайындагы анын динине каршы келген Ассольду көргөндө, заматта бар баалуулуктарды чийип салды. Ал жүрөк жебесинин гана багытына толук баш ийди. Сезимдердин кулуна айланып, чокусу менен сайылып калды. Анысы менен бирге бир тууган агасы Абдулланын «Эч качан башка диндеги кызга баш кошпогун» деген насаатын эсине салып жүргөн эси ооду.

Ыйманы да, напсиси да, каалоосу да Ассольдун жамалына жармашып, баарын алеки мүнөттө унут кылды.

* * *

Мамбет мугалим болуп эмгектенип жүргөн кезде шылкыйбаган алтын башы, минтип бакыйып айыл имамы атыгып, айылдын абийирдүү билерман молдосу болуп турган кезинде, ушул айылда азчылыкты түзгөн христиандардын чиркөөсүнүн башчысы поп отец Сергийдин алдында сөзгө жыгылып, жер карап күнөөкөр болуп, бүткөн бою дүркүрөп турду. Ал ич туюмуна ишенип, көзү өткөн Дауд Жусуповдун дини христиан болсо, булардын дини бир деп ойлогон. Ошондуктан, эч уруксатсыз эле православ динин кармангандардын бейитине маркумдун сөөгүн алып

кирип «ушул бейитке койдурам» деген идеясын, поп колдободу. Ал турсун тутулган уурудай уят болуп, буудайы куурулуп, кубаландыга калганына өтө оңтойсуз акыбалга кептелди. Бир жагы Исак Жусуповдун алдында да ыңгайсыз абалга тушукту. Ушул ишке аралашып калганына бармагын тиштеп өкүнүп калганы эми кеч болуп калды. «Же бир жолу жанагы мусулмандардын бейитинен кубалап салган позициясында катуу эле тура берсем. Минтип улуу имам башым жер карабайт беле?» деп ичинен иттей улуп, арсар ойлорунун күрөшүндө азапка батып, түйүлгөн жаак эттери дирилдеп турду.

Ак менен каранын, адал менен арамдын, сөлпүк менен сөзмөрдүн, агай менен имамдын ич-ара күрөшү ичин өрттөп, анын түтүнү оозу-мурдунан кейиштүү оор үшкүрүгү менен сыртка чыгып кетти.

Ушунча болгон соң имам-агай алтын баштагы адамдык абийирин сактап калайын деди окшойт. Же айылга бул ишааратыугулуп калып уятка жыгылбайын дедиби, айтор Исак Жусуповдун жанына басып келип:

– Ээ, Исак. Каяктагы динге кирип алып, тирүүлөй өзүңдү азапка салдың. Денеси көргө батпаган атаңдын сөөгүн карып кылдың. Карыган кездеги тапкан менин абийиримди да жууп-шилеп жугундуга салганы калдың.

– Агай, бул менин тандоом, менин азабымдыр, дөөлөтүмдүр?

– Келжирек сөзүңдү токтотчу. Поп Сергийдин алдында мени уятка жыктың, христиан элең го. Поп Сергий, Исактын динин кабыл албайм дейт го?! Биз мусулмандар шейит, сүннөт болуп бөлүнгөндөй, христиандар да жаат-жаатка бөлүнөсүңөрбү?

– Ооба бөлүнөбүз. Поп Сергийдин тутунган дини православ. Биз протестанттарга киребиз. Католиктер өзүнчө бөлөк. Айырмабыз булар сүрөттөргө чокунушат жана көбүнесе адамдарды ыйыкка чыгарып алышкан. Биз буларга окшоп сүрөттөргө чокунбайбыз.

– Оо сүрөт-пүрөтүң менен сени! Шумдуктуу десе!

Андан көрө тиги, Бишкек шаарындагы ак үйдө иштеген таасирлүү досуңа чал. Айт, узарып кетип, сөөк жыттанып калгыча маркумду жерге берип калайлы де! Шерменде болуп бүттүң.

– Макул агай, чалса чалып жардам сурайын.

* * *

Баймурза Ассольдун карегі болуп айланып, көлөкөсү болуп артынан калбай түшүп алды. Булбулдай сайрап кулак-мээсинин кужурун алды.

Исак ооруканадагы орунсуз сунушунан кийин жөн гана угуучу, көрүүчү кейпин кийип, чогуу басып сейил багын аралап жүргөнүнө ыраазы.

Далысында канат, жүрөгүндө арзуу жаралган Баймурзанын оюна бирдеме жармашты. Атасы Алматы шаарынын эстен тайдырган «Медео» эс алуу жайын шилекейин агызып тамшандыра көп айтчу. Ассольду ошол керемет кооз жерге алып барып, көңүлүн алуу чечимин кабыл алды. «Ассоль өзү жалгыз барбайт, шерик кылып Исакты ээрчитип алса макул болот» деп ойлонуп, сунуш киргизди. Исак ичинде: «Ии ушинтип Ассольдун көңүлүн мага бурат турбайбызбы» деп тыный түшүп:

– Анда эмнени күтүп турабыз. Кеттик, Алма-Аты шаарына, таксилер «Батыш» автовокзалынан кетет. Жүргүлө! – деди да, Ассольго кылчая мээримдүү тик-

теди. Ассоль, Баймурза менен эми эле жаңы тааныш, ага азыр анча ишене албайт. Ал эми Исакты көптөн бери ичи-сыртынан билет, жада калса диндеш бир тууганы. Тынымга айланган мүнөттө ушуларды ойлонду. Оорукананын сүрдүү муздак шыбын тиктеп жата берип, укол дарынын жытына жытыгып калган дене-мүчөсүн, жаратылыштын таза абасы менен жууп-тазалап салайын деди окшойт. Же жөн эле өзүнүн көңүлүн көтөргүсү келген чыгар, кыскасы чыгарган чечими:

– Макул, кеттик анда, – деген жыйынтык болду.

– Ураа! – деп кол чапкан сүйүнүчүн Баймурза жашырбады. Анын бул кылыгын Исак Жусупов эрөөн–терөөн кылбай, план ушундай экен сыяктуу кабыл алды. Бир жагы өзү да «Медеону» угуп жүргөн, барып көрүп келсем деп жүргөн, эми минтип эки иштен бир иш ыңгайы да келип калганына өзү да ичинен кубанганын жашырбады, жүзүндө кубаныч жаркырап турду. Үчилтик автоунаага отуруп, Алматыга, «Медеого» сапар тартышты.

Ушул кезде Ассольдун башына капкараңгы түн түштү. Өлүм деген – каш менен кабактын ичинде, кирпик кагымдын ортосунда болуп, Ассольдун ата-энеси автокырсыкка кабылып экөө бирдей ажалга кабылышты. Ассольдон башка бир перзент көрбөй, кургур арак менен алпурушуп, эр-аял уруш-талаш менен жүрүп, бул дүйнө менен да коштошуп кете беришти. Ассольдун атасынын тааныштары аны издеп, Наташага келип таппай убара болушту. Наташа болсо: «Ассоль Исакты ээрчип кетти, бирок кайда экенин билбеймин», – деп кабарлады. Анын иштеген жерине келип, диндеш бир тууганы, кесиптеш досу Талгатка жолугуп Исак менен Ассольдун кабарын сурашты. Уюлдук телефондоруна чалышса оператор кыз: «Вне

зоны доступа» деп жооп берди, себеби үчөө эбак эле Казакстандын чек-арасынан өтүп кетишкен учур эле.

Талгат Ассольдун атасынын тааныштары болуп автоунаага олтуруп, шаарды кыдырып аларды таппай суй жыгылышты. Акыры айлалары кеткенде алар Талгатка кайрылышты.

– Талгат! Биз эки маркумдун сөөгүн моргдон алып чыктык. Бишкегиңди жакшы билбейбиз, бейити менен сүйлөшүп бер. Тажыясына бир жылкы, эки-үч майда жандык таптыр. Дасторконго нан, жер-жемиш, кант-печенини карызга алып тур. Ассоль келгенде, өзүң өндүрүп аласың. Бизге окшогон айылдаштары, алыс–жакындан келгени болот, мечиттеги молдолор келет, – деди Ассольдун атасынын айылдаш жердеши Солтобай.

Ассольдун ата-энеси балдар үйүндө, кийинчерээк мектеп интернатта тарбияланган топтой тоголок жетимдер болчу. Ошол себептен, сурап келген бир тууганы, кабар алчу аталаш, энелеш бир тууган болбогон соң, эми минтип тажия чыгымын да эч кимиси моюнуна албоосу көз көрүнөө эле билинип турду. Анысы аз келгенсип тажия чыгашаларын карызга, Талгатка таптырып, ошол карызды килтийтип Ассольдун моюнуна илип жатышты. Талгат мукактана түшүп:

– Байке, жылкы, кой-эчкисиз эле тажия кылсак болбойбу. Ассоль өзү жок болсо кандай болот? – деп бутуна таканчыктап, Солтобайга заарканып кадалып калды эле, ал эмшейген ээгин сылап, Талгатка тикирее тиктеп:

– Омей! Ай сен кызык жигитсиң го, деги кыргызсыңбы?

– Ооба кыргыз эмей, нукура тоолук кыргызмын.

– Анда угуп кой, иним. Ассольдун атасы Акмат аке, апасы Бурул жеңе булар менин атамдын тажиясында жылкы жеп кайтышкан. Ошондой эле, мына топтолуп

келген элдин көбүнүн ата-энесинин тажияларында болгон. Бул каада-салт! Билип ал! Уктуңбу! Бол, таптырып кел. Ишенген кожосу сен экенсиң. Кийин Ассоль менен аласа-бересени өз ара бүтүрүп аласыңар, – деп оңой–олтоң эле айтып салды.

*    *    *

– Баймурза, салам алейкум!

– Алейкум ассалом, Исак.

– Кандай, бала-чака тынчпы?

– Шүгүрчүлүк. Аяш атам жакшы киши болчу. Тооң кулап кабыргаң кайышып, ичиң көңдөй болуп турасың. Сезип билип турам. Кайрат кыл, досум.

– Ээ досум, кайратым кайышып, канатымдан айрылганым аз келгенсип, атамдын сөөгүн жерге бере албай дагы деле убаракерчилик, – деп соңку окуяларды төкпөй-чачпай Баймурзага баяндап берди.

– Арийне, аяш атам анда мусулман да, христиан да эмес турбайбы!

– Сен аны териштирип эмне кыласың? Андан көрө колуңдан келсе жардам бер.

– Кызык, кандай жардам бере аламын?

– Билбейм, сөөк жыттанып, көөп кеткичекти жерге берип калайлы?

– Ыы-ыы! Досум жанагында кой десем болбодуң! Мына эми көргүлүктү көрүп, азабыңды өзүң эле тартсаң мейли эле. Баарын дүрбөлөң салып, атаңдын сөөгүн көтөрүп алып, базар аралап товар сата албаган соодагерден бешбетер убаралاندың!

– Койчу эми досум, табалап кал. Сен эле калдың эле табасы жанбаган.

– Муну карасаң, осурган кыз осурбаган кыздын бетин аймайт болуп, кайра келекелеп мага оңураңдайсың.

– Баймурза тыржыңдабай ачыгын айт, жардам бересиңби же бербейсиңби?

– Сениби, шашпа! Аяш атамдын маселесин чечип алайлы. Сени менен кийин сүйлөшөм. Күтүп тур бир жообун айтам, чечилбеген түйүн болчу беле.

* * *

Алматы. «Медео». Баймурза, Исак, Ассоль «жашоо деп жашап жүрүппүз» деген ойлор менен алпурушуп, жаратылышы жүрөктү жибитип, таза абасы көңүл сергиткен аурага бой ташташып, кубалашып ойноп, селкинчек тээп куп чер жазышты.

Ашканага түштөнүүгө киришти. Таза абада сейил курганга курсактары какшап, ашказандары бошоп, ооздорунан кара суу келип, алдына келген тамактарды патыр-путур уруп киришти. Тоок этин сөөгүн кошуп бырчылдатып, салаттарды өп-чөбүн кошуп, ооздогу комбайнга вилка-кашык менен тыгып, артынан сок, минерал суусун ичип жатышты. Үчөө бирдей дасторкон бетин тазалап, чөп орумдагы чалгычылардай шилеп салышты. Аппетиттүү түштөнүүнү казак улутундагы сулууча келген кыз бузду:

– Приятного аппетита, баурларым!

– Айбарша! Айбарша, сенсиңби!? – деп Баймурза отурган жеринен ыргып турду.

– Баймурза! – деген Айбарша менен Баймурза эски тааныштар апак-чапак өбүшүп, арка–алдын карап олтурбай сөзгө сүңгүп кирип кетишти.

Ассоль Исакка кайрылып: «Жөн олтурбай жүр айланып келейли, буларга жолтоо болбойлу», – дегендей ишаарат кылды. Алардын көңүлүн бузбай, секинден кадам таштап, ашканадан сыртка чыгышты.

Медеонун коздугуна суктанышып, токой боюндагы атарабын чөп баскан жалгыз аяк жолго түшүп,

ашканадан кыйла узай түшүштү. Түштөн кийинки аба-ырайы кескин өзгөрүлүп, ала булут күн бетин тосуп, себелеп кирген жаан булардын мурунку оңтойсуз мамилелерин жуурулуштуруп, экөөнүн мамилеси кадыресе бир калыпка түшкөндөй ымаласы келишип калды. Жүз жылдарды карыткан, тили болсо жадырап сүйлөп жиберчүдөй көркөмдүү кызыл карагайдын түбүнө жаандан жашынып, күйпөлөктөй бужүрөй түшүштү. Исак курткасын чечип, титиреп калган Ассольдун назик мүрүсүнө жаап, муздап калган бытыгый, пахтадай жумшак ак колдорун укалап-ышкап, ысытып кирди. Отура калып Ассольдун бут кийимин чечип, чөнтөгүндөгү бет аарчысы менен таңкы шүүдүрүм менен өткүнгө суу болгон буттарын аарчып, кургатып жатты. Үшүй түшкөн Ассоль: «Кой, же, жөн», – дебестен, чыйырыга түшкөн денеси жылый түшкөнгө маанайы ачылып, көгөрүп киберсий түшкөн илебине кызгылтым түс кирди. Мурда жанына жакындамак турсун эбин таап жакшы сөз айталбаган Исактын ич дүйнөсүндө саратандагыдай ысык от жанып, атүгүл бүйүрү да кызый түшүп: «Алма быш, оозума түш» болду окшойт деп эрэркеп, кайра өзүн жоошутуп, ушул бир кулач кызыл карагайдын түбүндө Ассоль экөө чогуу олтурганына шүгүр кылды. Кыял чабыттарынын кылдарын гитара күүсүнө чалып, кымыңдап турганда, Ассоль үн катты:

– Исак, билесиңби? Бул дүйнөдө мага эч ким ушинтип камкордук көргөн эмес. Эч ким ушундай жылуулук мээримин төккөн эмес. Атам менен апам арак менен шараптан, уруш менен талаштан башы көтөрүлбөдү. Менин бар-жогумду деле эсепке алышчу эмес. Ал турсун аракка тоюп алган күндөрү чачымдан сүдүрөп, уртепкиге алган жагдайларга далай жолу туш болдум. Ач калсам да, үйсүз калсам да, жаным жай алсын, жан

дүйнөм жабыркабасын гана болуп калгандыктан, аргасыздан үйдөн чыгып кеткен чечимди кабыл алдым. Андан аркысын жекшембилик жыйында айтып бергеним эсиңдедир.

– Эх, Ассоль! Тагдыр, турмуш деген нерсе ушундай татаал нерсе турбайбы. Бирөөгө кор дүйнө, бирөөнө зар дүйнө экен. Ата-энең сенин бар экендигиңди аздектеп, алпештеп кам көрбөй, өздөрүн оолак кармап, ачуу сууну эрмек кылышса, канчасы сендей кыздуу болсом, – деп тилеп, баласыз өтүп ак эткенде, так эткендер ошончо.

– Мен көчө бойлоп эркек аттуулардын жан кумарын кандырып, оокат өткөзгөн күндөрүмдү эстесем, көзүмдөн кан агат. Жан дүйнөм аңтар-теңтер оодарылып, түнкүсүн уйкум бузулуп көз ирмебей далай таңды атырдым.

– Ассоль, жанагында сен ооруп жатканыңды билбей эле дөөдүрөп, маңыроо адамдай туура эмес сүйлөгөн турбаймынбы. Көрсө сенин жан дүйнөң да жанчылып ооруксунткан турбайбы. Мени ошол кылыгым үчүн, кечир.

– Койчу, Исак. Сен жөндүү, анан орундуу эле сөз айттың. Болгону ошол кезде, өзүң баамдагандай мен олуттуу нерселерди сүйлөшүүгө али даяр эмес болчумун. Шыр эле түз жооп бербей, кайра сени ыңгайсыз абалда калтырдым окшойт. Сен дагы мени кечир. «Жүрүм-туруму түз, абийирдүү жигит» деп, Наташа экөөбүз сага сый тутабыз, – деп экөө божураңдашып мурунку түшүнбөстүктөр, алашемдиктерди унут кылышты. Келечек жөнүндө таттуу кыялдар дүйнөсүнүн ичинде көпөлөк болуп кубулуп, гүлзарлардын аңкыган гүл жытына мас болгондой чоктой эриндерин тийиштире өбүшүп, гүлдүн нектарларынан таткандай ырахатка балкый жытташып, бири–биринин

моюнуна тумар болуп тагылып, жамгыр тамчылары менен ичиндеги бугун, сагынычын чыгаргандай аруулук ырахаты экөөнүн жан дүйнөсүн мухит тереңине балкытып, кумарлары канып, бири-бирине өзгөчө бир сулуулукту, ысыктыкты, махабатты ыроолоп тартуулашты.

* * *

Талгат Маевкадагы мал базарга барып Самат бөлөсү менен сүйлөштү. Байланып турган орто семиз байталды тандады. Короодогу койлорунан эки соолукту алып, касапканадагы жигиттерге тапшырды. Каруусу күчтүү бойдок жигиттер чоң, майда жандык союштарды аш-пуш эткиче мууздап, ары-бери жиликтеп салышты. Кам этти жүк ташуучу унаага жүктөп, Рыскулов көчөсүндөгү «Урмат» чайканасына түшүрдү. Ал жердегилер чучук каптап, аны өзүнчө казанга салышты. Жылкынын этин бөлөк казанга, эки соолуктун этин бириктирип чоң казанга салып, от коюп, кайнатып киришти.

Ассольдун атасы менен апасынын сөөгүн мүрзөгө жанаша көөмп, куран окулуп жайга чыккан эл «Урмат» чайканасына кайтышты. Бир жылкы менен эки койдун бышкан этинен жегени жеп, ашканын устукан кылып, пакеттерге тыгып, заматта дасторкон үстүн бошотушту. Казандарда майлуу шорподон башка бир тилим эт калбай, баары гүм-жам болду. Талгат келген калың элди узатып, тырышып калган желкесин жазаарга айла таппай: «Энеңди урайын! Биз кыргыздар карышкырдан өткөн жырткыч турбайбызбы. Бир саатка жетпеген убакытта килейген жылкы менен сулкуйган эки койду сугунуп койдук. Эми бул чыгашаны Ассоль бечара жылдап төлөсө керек, же атасынан

калган батирин сатып кутулат болду бекен? Эмнеси болсо да атасынын мурунку жеген карыздарынан кутултуп, айылдаштарынын оозун майлап, жап кылдым», – деп желкесин кызарта тырмап, кыялы сабалап учкан шумкардай сызып, ушуларды чок баскандай ойлоп туруп калды.

*   *   *

Алматы. «Медео». Исак Жусупов менен Ассоль мурункудай айланкөчөк кылып сөздү ырбата бербестен жакшылык жана жамандык өңдүү түпкүлүктүү кеп курушту. Көктөн түшкөн сүйүү кереметине моюн сунушуп, жүрөктөрү бир кагып, бир багытты тиктей алган гармонияга жете алышты. Алар эң оболу өмүр дайрасында бир агымда агып баратканын, мүнөздөрү дал келгендигин, бири бирине тартылуусу чын экендигин, сүйүүнүн ой-чуңкурунун кайрыктарын көңүлгө уютушту. Өмүр бою бир коломтодо от жагып, түтүн булатууну тилек кылышты. Ойлорун салмактап, алдыга аруу максаттарды коюп, бири бирине бир болобуз деп убада беришти.

*   *   *

Баймурзанын кулк–мүнөзүнүн түптөлүүсүнө, инсандык адеп-ахлагына орто мектеп, университет жана коомдон сырткары, беш маал намазын үзбөй окуган такыба бир тууган агасы Абдулла менен атеисттик көз караштагы дарыгер атасы Туйбас Султанов таасир этишти.

Абдулла намазын окуп, ислам динин үйрөнгөнчө бир тууган инисине дават кылат. Масалалардан айтып намазга жыкканга аракет кылып жүрдү. Баймурза намаз окубаганы менен жума намазынан калбай, мечит-

ке барып жүрдү. Ал университеттин үчүнчү курсун аяктаган жылы Абдулла экөө бирдей даваатка кетип, бир ай жок болушканда, ачуусу келген Туйбас Султанов Абдулланы урушуп, Баймурзаны катуу тилдеди. Ичинде өзүнчө ойлонду: «Албетте уулдарым ыйман жолунда жүргөнү жакшы, бирок үйдө бир эле молдо жетишет. Баймурза өзү илим-билимге жакын. Саясат дегенде эт-бети менен түшүп, коомдук-саясий иштерге кызыгып, шайлоо өнөкөтүнүн процессин өлгүдөй жакшы көрөт. Депутаттыкка кандидат болгондорду, партия сөрөйлөрдүн сөздөрүн гана тыңдабастан, аларга аралашып чуркап жүрөт. Мен Союз доорунда өсүп чоңойгонум үчүн, Компартия бизди атеисттик көз караште тарбиялады. Андыктан Баймурзаны мамлекеттик кызматка жайгаштыруу керек. Абдулланын диндар таасиринен чыгарып, дүйнөбий жана материалисттик жашоого буруугa аракет кылайын», – деген чечимге келди.

Атасынын Баймурзага жасаган таасири түшүмүн бере баштады. Абдулла агасынын диндар таасиринен чыгып, атеисттик–материалисттик көз карашы калыптана баштады. Абдулла менен сөз талашып дебатка түшүп, өз агасынын таңуулаган пикирин четке какпастан өзүнүн жүйөөлүү пикирин айтып, ошол пикирин, көз карашын коргоого алып жатканын көргөн атасы, ичинен ыраазы болгондой мулуюп койчу болду.

Туйбас Султанов бул кезге чейин күчтүү аткаминер бейтаптарын өзүнүн керт башынын кызыкчылыгына пайдаланган эмес. Уулунун кызматка умтулган дараметин байкады. Жогорудагы түйүн чеччү өктөмү өдө, сөзү өтүмдүү, өздөрү уяттуу киши атыккандардын жардамын пайдалануу ою келди. Баймурзаны мамлекеттик жакшы кызматка отургузуп, элдин му-

дөөсүн чечкен чиновник болсо деген аруу үмүт шооласына жетеленди.

Ал эми Абдулла Баймурзаны Сириядагы Ислам университетине окутууну көздөйт. «Аны чоң аалым кылсам» деген ак тилеги кызыган тандырдай жүрөгүн кызытып жүрдү. Баймурзаны адам кылабыз деген атасы менен агасынын талашы кечки тамакта талкууланып, ал темага акыркы чекит коюлду:

– Баймурза! Балам, буюрса жакында дипломуң колго тиет. Мен күчтүү аткаминер менен кезигип, сага жакшы кызмат ордун сүйлөшүп койдум. Кандай дейсиң?

– Ата эч убараланбаңыз. Мен муфтият менен сүйлөшүп жатам. Биз Сирияга, Ислам университетине чогуу кетебиз. Баймурзадан буюрса чоң аалым чыгат. Мен дагы илимимди жогорулатууга муктажмын. Туурабы, Баймурза?

– Кечиресиз, мен даваттан тажадым, жетишет. Өзүңүз бара бериңиз. Ак жол! Мен атам көрсөткөн жолду тандадым. Капа этпейсиз.

– Кандайча? Бир жыл мурун эле Сирия, Мекке, Медина деп суусап жатпадың беле?

– Туура айтасыз. Бир жыл башта ошондой ойдо элем. Анымды танбайм. Андан бери канча суу акты, канча адам өттү. Мен атамдай атеисттик жолду тандадым.

– Өзүңдү издеп таптым деп турасыңбы?

– Билбейм. Бул менин тандоом. Мен баш айланткан бийлик өктөмүн, адамдарды башкаруу, мамлекет саясатын тескөөгө салым кошууну, мамлекет казанындагы оокатты бөлүштүрүү иштерине катышууну тандадым. Жан дүйнөм ушул жакка ыктап турат.

– Атам сени буруп салган чыгар. Менин эмгегим текке кеткен окшойт.

– Абдулла болду эми, жетишет! Токтот уулум. Бириң дамылла, бириң үлкөн чиновник болсоңор эмне болуптур! Эң оболу адам болгула. Элдин жүгүн моюнуңарга алып, ак кызмат кылсаңар болду. Бир какбашты ит деле багып алат, – деп Туйбас талкуුга чекит койду.

Арадан эки ай өттү. Абдулла Сирия Ислам университетине кетти. Баймурза жакшы кызматка кирип, жумуштун эбин таап илгерилетип иштеп кетти.

Баймурзага атасынын таасири менен чогуу эмгектенген жамааттын таасири болгонбу, кыскасы материалисттик, атеисттик көз карашы андан бетер күчөдү. Кээ бир майлуу кызмат орду үчүн жана тепкичин жогорулатуу үчүн бир гана кесипкөй болуу аздык кылаарын түшүндү. Ал чөйрөдөгү көз караш боюнча таанышың күчтүү, байланыштарың таасирдүү адамдар болсо, капчыгың калың болсо, ошол кээ бир май жалачу кызмат абалын түз же кыйыр мааниде пулга бааланарын аңдап билди. Түз дегени «кайсы бир вазирге баланча акча берип кызматка турдум» деп тар чөйрөдө айтылган кептерди угуп жүрдү. Кыйыр дегени «кайсы бир вазирге: унаа, батир, зергер буюм, кымбат ат же жогорудагыдай материалдык буюмду креслосун куттуктап, туулган күнүн же жаңы-жыл майрамдын шылтоосу менен белек бергенин» тар чөйрөдө «шалп» эттирип айтып салгандарын, ак үй, көк үйдөн каңырыш болуп, жаңырык чыккандарын кулагынын сырты менен эшитип жүрдү.

Ошону менен бирге укканы «тендер» деген немеге таң калды. Мамлекеттин казанындагы же сырттан келген карыз акчаны арденкеге иштетүүгө бөлүштүрүү экен. Мамлекеттин жана анын жарандарынын моюнуна илинген карыз пулду мыйзам бузуудан, Кудайдан, калың элдин каргышынан коркпостон,

базардагы соодагерлер ортосундагы далдалчылар ширинкене алгандай эле, чоң акчаларды оң-сол чөнтөккө уурдап, кумга сиңген суудай жок болгонун угуп иренжиди.

Мисалы: бир ири мамлекеттик проектти ишке ашырууда бир даана «кычкач шайманы» базарда эки жарым миң сом турса, алкымы чоң ууру–чиновниктер проекттик сметага оозу-мурду кыйшайбай, «ыштан кийгизбей туруп, жалайыкка жылаңач орогон кишидей» кылып кырк миң сомдон жазып, айырма акчаны суу кылып, сугалак немелер сугунуп коюшуптур. Булар казандагы элдин ырыскысын оозуна беш колун эмес, тизесинин томугун кошуп сугунуп жибергендерине, алардын оңолушуна көзү жетпеди.

Алар напсисин тыйган күнү, Күн чыгыштан эмес батыштан чыгат го», – деген бүтүмгө келди. Байкаганы баягы кээ бир майлуу кызматты аткаминер пулга же баалуу буюмга баалап алгандар, элдин добушун акча сарптап креслого жеткендер, «ошол чачкан пулун ордуна койсом» деп эле шыкшыңдап, кызарган жериңди үзүп алчу жем издеп кемиринген келемиштердей туюлду.

Ушундан оолак болсом экен, эч аралашапасам экен деп ниет кылгандай акыбалда, кара койлордун арасында адашкан колхоздун ак коюндай кызык абалда жүрдү.

Жүрөгүн жылытып, көңүлүндө үмүт уялаганы, жаңагылардын арасында: мекенчил, мамлекетчил, мамлекет казанына чөмүчүн салгандардан коруп, жазасын берип, колунан келсе казанга өз салымын кошкон эр–азаматтарды көрдү. Тилекке каршы андайлар саналуу болсо да, эң башкысы бар эле, ошонусуна кубанды. Кызматынан өйдөлөшүнө ушул мүнөзү да жардам берди. Себеби, бирөөгө жумушу түшсө гана кайрылат.

Бирөө иш менен кайрылса мыйзамга туура келсе гана жардам берет. Кыргызчылык, тууганчылык, жердешчилик, мусулманчылык, айтор «чылыкка» эч качан жакындабаган атүгүл ал нерсени эч кабыл албаган түз инсан болуп калыптанды.

Ушу кезде, Баймурзанын атасы Туйбас Султановдун көз жумганы Бишкек шаарына сел каптагандай тарады. Анткени Туйбас өмүр бою республикалык оорукананын «неврология» бөлүмүндө бөлүм башчы болуп иштеп өттү. Жадесе улуу иштермандын өлүмү, бейтаптарды эрте мененки ал-акыбалын текшерүү процедурасын өткөзүп жатып, 13-палатага келгенде бейтаптарынын кучагында, көңүл толгус мээриминде, токтобой куюлуп аккан көз жашында, айтылып бүткүс арманында, медайымдардын күйпөлөктөй бушайман болуусунда, дарыгерлердин жанын сактап каламын деген аракетине карабастан, капилеттен келген улуу ажал, «жүрөгү кармап калды» деген шылтоо менен Туйбас Султановдун жүрөгү сокпой, түбөлүккө токтоп калды.

Жанараак эле 1-палатага киргенде жадырандап уурту толо жылмайып, бейтаптарды кыдырып жатса, ошол нур заматта өчүп, 13-палатага жеткенде жарыктык өчкөндөй өмүрү токтоп, денеси кансыз бозоруп, кыймылдабай, дем албай жатып калды.

Канча ирет колунан чыккан бейтаптары: министр, депутат чоң аткаминерлер Туйбас Султановду ушул ооруканага башкы дарыгер кызмат ордун сунуш кылышты. Ошондой эле министр орун басарлыгына жана ондогон таасирдүү, майлуу кызмат орундарын сунуш кылышса баш тартты. Өмүр бою ушул өзү сүйгөн кесибин аркалады. Колунан он миңдеген бейтаптарга шыпаа тартуулап, миңдеген дарты оор бейтаптарга күн-түн, дем алуу дебестен, операцияларын жасап,

өмүр тартуулады. Жараткандан өзү ары жагынан элдик дарыгер аталып, атагы бүт кыргыз журтчулугуна тарады. Ошол себептен «Туйбас Султанов өтүптүрдү» уккандын баары ал жашаган үйгө, анын тажыясына жөнөштү.

Дагы бир кызык нерсе «өмүр бою дарыгер, бөлүм башчы болуп иштеген адамдын тапкан оокатын көрөмүн» деп сындап келгендер да калың элдин арасында арбын эле. «Эшик-төрү, үй-жайы кандай болду экен?» – деп келгендердин оозу Ошту карап, «өтүкчүнүн өтүгү майрык» сыңары таң калгандарын эч жашырышпады. Анткени алардын оюнда Туйбас Султановдун үйүн хан–сарай элестетип алышкан болчу. Өз көздөрү менен көргөндөрү бозомук бир кабат, чатыры ар-ар жерден жаракалары оркоюп турган боз түстүү Союз шыйпыры, короосу куйкаңды тырыштырган тар үй. Көргөн көзүнө ишенбегендер, качан гана бакча ичине тигилген боз үй ичинде маркумдун жансыз жаткан денесин көргөндөн кийин гана тооба кылышты. Туйбас Султанов булардын оюнда «миллионер» деп ойлоп келишкен. Чыныгы жашоосунда күндө бейтаптарынын өлүмдөрүн көрүп жүргөн догдур материалдык байлыкка эмес, руханий байлыкка умтулуп жашаганын көргөн сынчылардын ындыны өчө түштү. Туйбас Султанов колунан келишинче оорукана босогосун аттап келген бейтаптарга өмүрүн арнап, жаш дарыгерлерге өрнөк болчу инсан экендигине баары макул болушту.

Баймурза менен Абдулла тажыяга келе турган калың элди айттырбай туюп, атасынын бир туугандарын кечки масилетке чакырышты. Тажыя зыйнатынын уюштуруу иштерин, бейитке коюу процедурасын, келген элге берилүүчү чай-чамек оокаттардын майда-үйдөсүнө чейин талкуулап жатышты. Бардык маселени чечишип, орчундуу болгон Жаназа намаз

маселесинде ага-ини кызыл чеке болуп сөз талашка түшүштү:

– Жаназа намазын үйдүн короосунда эмес, атамдын сөөгүн мечитке алып барып ошол жерде окуйбуз.

– Кой ай! Бүт өмүрү ушул үйдө өттү, атамды ушул үйдөн эле узатабыз.

– Атамды чын дүйнөгө таза узатайлы, иним. Сенин чиновник сөрөйлөрүң көчүгүн жуумак турмак, көздөрүнөн чылпактары алынбай, бетин чала жууйт. Эл жаназа намазга турганда, тигилер сөөккө чуркаган иттей умтулуп, сапка тизилип туруп алышса макирөө болот.

– Ммм.. дааа?! Анда эң-кур дегенде атамдын өмүр баянын, жашаган жашоосун кыска кеп кылып, дос-жарына, чогуу иштешкен кесиптештерине сөз берип, митинг өткөзүп коюуга уруксат бериңиз. Же муну да: «Көчүгүн таза жуубайт, жамбашын краска кылып шыбайт, дааараты жок» деп четке кагасызбы?!

– Мейли, митингге уруксат, – деп ага-ини ымалага келишти.

Эртеси. Тажыя күнү. Жогоруда масилет кылгандай, боз үй короого тигилип, анын алдына топтолгон эл-журт, кесиптештери, достору, чиновниктер эскерүү сөздөрүн айтышты. Акыркы сөздү Баймурза алып маркум атасына ыраазычылык билдирип, тажыяга келгендерге алкыш айтты. Саат 12:40тар чамасында Туйбас Султановдун сөөгүн унаага жүктөп, Бишкек борбордук мечитине алып келишти. Тажыяга келген эркек аттуулар унааларга олтурушуп, мечитке жетип келишти.

Жанагы бир күн мурун Абдулла айткан дааараты жоктор, башка диндегилер, мечиттен корккондор, кечээ ичип алып «перегар» болгондор жана башкалар мечит дарбазасынын босогосун аттай албай калыш-

ты. Мечит сыртында калгандар тамеки булоосу менен көкүрөктөрүн ыштап, чекпегендери телефон чукулап, сөз кууп сыртта турушту.

Мечит имамы кереметтүү «Куран» китебин ачып, жүрөктөн түнөк тапкан аяттардан арабча окуп, кыргыз тилинде чечмелеп, баян куруп жатты. Саат 13:15тер чамасында сөз Абдуллага, анан Арабиядан келген аяш уулуна берилди. Алар Жараткан Аллага мактоолорду, алкоолорду билдирип, Туйбас Султановдун ысмына жылуу сөздөрдү айтышты. 13:30дар чамасында «азан» айтылып, кол байланып «пешин» намазы окулду. Андан соң сөөктү кыбыла тарапка ап-келишип, мечит ичиндеги эл жаназа намазына сапка турушту. Намаз окулуп бүткөндө табытты көтөргөн жигиттер аны унаага жүктөп, шаардык бейитти көздөштү. Алардын артынан мечит сыртында күтүп тургандар унааларын айдап, ээрчип жөнөдү.

Жайга жеткен элге Имам маселе айткып бүткүчө, кемпир шабдолу жегиче сөөк коюлду. Топурактан үйүлгөн дөмпөк үстүнө оорукана, ак үй, көк үй атынан гүл чамбыттар коюлду. Арбак атына «Куран» окулуп, жалпы эл алакан жайып бата кылып узашты.

Тажияга келген элге жылкы, кой союлуп эт, шорпо тартылды.

Исак Жусупов тажыяга келген айрым атка минерлер, ошондой эле мечит сыртында калып кеткендер, жаназа намазы эмне үчүн мечитте окулганын аңдабай да, сезбей да калышты.

«Суроону олчойтуп коюп короңдошподу, жумурткадан кыр издеп кычыктанышпады, жөн гана ушинтип чечишкен турбайбы» деп кабылдашып, оздору чучук аралаш беш бармак чайнап, кара, көк чайдан баса ууртап, дуба кылып, узап кете беришти.

Ата даңкы менен кыз өтөт, мата даңкы менен бөз өтөт болуп, Баймурзанын жашоосу атасы тирүү кезде-

ги жана атасынын көзү өткөндөн кийинки болуп, кыздардын эки өрүм чачындай экиге бөлүнүп калды.

Атасы барда анын амалына, дарттарга шыпаа бергенге көмөк кылчу чебер колуна, «мына эми өлүп алам» дегенге жетип калган бейтаптарды аңгектен сууруп чыкчу көңүл жубаткан балдай таттуу сөзүнө, өксүк оорукчандын көзү тунарып турганда үмүттүн шынасы болуп кагылып, шыпаа тартуулаган мээримдүү көзүнө, жанында турса толуп-токшуган позитивдүү аурасына күйпөлөктөй чуркаган адамдардын аягы суу буугандай токтоду.

Башта анын башын сылап эркелетчү сөздөрдү айткандар, «атаң үйдөбү?» деп шыйпалаңдаган шылуундар, көз–жашы токтобой чындап эле жардамга муктаж болуп ооруп калгандар, жөн эле жай сурашканча чай иччү аяш аталардын баары кечээги түштөй унут болду. Бир гана өздөрү үйгө келүүсү токтобостон, капыстан кездешип калганда, кечээги эле жылуу сөздү үстүңдөн челектеп суу куюп жиберчүлөр, бүгүн кебин көкүрөгүндө катып, оозун курук убадага толтуруп: «Мен эми тигинтем, минтем», – деп көзүңө карап акылдуусунуп, аары бакка конгуча айткан убадалары көлөкө бойдон калып, жок болушту.

Анча–мынчасына иши түшүп кайрылса, телефондон жооп бергенди да өөн көрүштү. «Ушуну көрмөксүң го», «Не эле мага илинесиң, жүгүңдү мага илбей, өз арабаңды өзүң кылдырат» дегенге өтүштү. Чынығы ак мамиледегилери гана ара-санда сурап койбосо, атасы өлгөндөн кийинки бөлөк жашоонун саргайган жалган барактарын жулуп ыргыта албай, көңүлү каш, көөдөнү ачыбаган камырдай акыбалга тушугуп, айласын таппай, жер тиктей чөк түшүп отуруп калды.

Бир гана баягы элге батпаган, өзгөгө жакпаган дини бөлөк болсо да дили тазабы, же университетте

чогуу окуп бирге басчу жолду арбыткангабы жанагы протестант досу Исак Жусупов өңүн да, түсүн да, мамилесин да, сыпатын да эч өзгөртпөгөн жан болду. Ичинен ойлоно: «Каап, жанагында, элдин көзүнчө, – Эй капыр, крест тагынгандарга сыйынбай, мусулман болбойсуңбу?» – деп андан өөдөөлөнүп, мыскылдап табалаганына өкүнүп, кичирейди. Кеч болсо да эми адамдарды динине, улутуна, жынысына, түсүнө, капчыгына карабай, адамгерчиликти туу кармап жашайынга өтмөк болду.

Баймурзанын депрессияга түшкөн абалын көргөн Абдулла кыйла чочулады. Ал күйүттү ичине алып, көтөрөң аттай жүдөгөн абалын, тырчый түшкөн кебетесин баамдады. Атасы Туйбас Султановдун кыркылыгы өтүп, элдин аягы сууп калган чак, төркү үйгө аталаш, энелеш бир туугандарын топтоп, чай ичилип бүткөн соң аларга кайрылды:

– Нурдин ава, Суусар жеңе, Чынар абже, Калык жезде, Сталбек тайке, Нурия тажеңе, жалпы туугандар! Атам өттү-кетти. Эми эмне кылайлы? Арга барбы? – деп көзүнөн чууртуп аккан жашты, бет аарчысы менен аарчып, – Сиздерден менин бир эле суранычым бар. Туйбас өлдү, көзү жок, өзү жок кылып биздин үйдүн эшигин унутуп калбаңыздар. Атамдын тирүү кезиндегидей кылып эле, үйдөн, бизден кабар алып келип туруңуздар, – деп отурган туугандардын баарын жашытты.

Туугандары дендароо түшүп, соороторго кеп таба албай бушайман болгон кезде, босогодо отурган Баймурза күдүрөңдөнүп бети-башы ыйлаган абалда сүйлөп кирди:

– «Уулум, балам», – дечү атамдын геркилдек үнү чыгып сүйкүмдүү эркелетчү сөзүн укпаганыма мына кырк күн толуптур. Мен атамдын ошол сөзүн сагын-

дым. Үйдө ары-бери басып жүргөн караанын сагындым. Уяттуу иш кылып, же атама жакпаган жумуш кылганымды билип калып, анын колуна түшүп калган кезде, уруп, урушуп зээнимди кейите бекен деген абалда турганда, атам мени сүйкүмдүү жана аянычтуу тиктеген көз карашын сагындым.

Эсимдеси биринчи класска барган жылы, мектептен келе жатып чоң балдардан келтек жеп, бети-башым көкала болуп, өпкөм көөп ыйлап үйгө келгендеги атам коюнуна алчу сооротуч кучагын сагындым. Көңүлдү ооруткан жүзү каралардын терс жоруктарын, келтирген зыянын, каралап жамандап жар салышканда атам менен сыр чечишсем: «Аларды Кудайга кой! Өч алам деп кек сактаба, уулум!» – деген кең дүйнөсүн сагындым! – деп көзүнүн жашын аарчып, баарынын көзүнө жаш алдырып кебин улады, – Мен атама маанилүү жумуштар боюнча гана телефондон чалып калчумун. Атам болсо иш жок эле бир күндө беш жолу чалчу. Телефонду алып: «Эмне болду тынччылыкпы?» – десем, атам: «Уулум баары жайында. Жөн-жай эле. Ал-акыбалыңды сурап коёюн дедим эле. Эмне кылып жатасың?» – деп жооп берер эле. Мен болсо атама ызырынгандай, ишке кызгангандай абалда коркоңдоп, – Жөн-жайда адамдын тынчын алабы? Обу жоктук кылбаңызчы, тоскоол кылып жатасыз, – деп ишке алаксып кетчүмүн. Эми атамдын ошонусуна зар болуп, телефон тиктеп отурамын. Өлүп калбадыбы, көрдөн чалмак беле?!

Окууда, жумушта өөдө-ылдый окуялар болуп, үйгө кеч келген учурлар болот экен. Үйгө келгенде атам уктабай отурган болот эле: «Ээй бала, бас мына жакка! Эмне болду? Бир жериң ооруп турабы? Кел отур сүйлөшөлү», – десе, – «Коюңузчу ата! Жаш баладай кылып, отчет сурагандай сурак ала бербеңчи. Чарчадым.

Эртең сүйлөшөбүз», – деп уктоочу бөлмөнү көздөй кулак салбай жөнөчүмүн. Артымдан атам: «А оозуңду урайындын баласы ай, шашпа! Мен бул дүйнөгө түркүк болуп тура бербейм. Мен да өтөм. Ошондо мага зар болот бекенсиң?» – деп түн уйкусун кечип мени күтүп, мен менен сүйлөшкүсү келген атама кол шилтеп, уйкуну атамдан да кымбат көрүп жаздык кучактап уйкуга кетчүмүн.

Ата, ата! Мен сизди аябай сагындым, атааа-ааа!!! – деп отургандардын баарынын жүрөгүн эзди. Үй ичин кайрадан ый-кайгыга батырып, катардан калган Туйбасты эстешип, көкүрөккө толгон өксүктү сөз менен көз жашы менен чыгарып жатышты.

* * *

«Медеого» болгон сапар карып, Баймурза Султанов, Исак Жусупов Ассоль болуп Алматыдан Бишкекке маңдайлары жарылгандай кубанычтуу кайтып келишти. Эки мырза мулуңдаган абалда Ассольду Наташанын батирине узатып келген мезгилде, астанадан өңү көрдөй купкуу болуп, бир шойкумдуу кабар айта турганы бетине чапташып калган Наташа, Ассольдун моюнунан кучактап эчкирип ыйлап кирди. Ый аралаш Ассольдун атасы менен апасы автокырсыктан каза болгонун угузду. Биринчи беш секундада Ассоль уккан кулагына ишенбеди, ыйлайын десе жүрөк кургур катуу таштай катып калган, көз дегенден соолуп калган булактай жаш чыкпайт. Качан гана топтой тоголок жетим болуп калганын түшүнгөндө гана, чың тартылган жүрөк кылы чырт үзүлүп, ата-энесинин тирүү экендигине болгон жан-серек үмүтү жалп этип өчтү, оозунан ачуу айкырык, көзүнө эми ый толуп, ылдый төгүлүп жаш акты. Жакшы ата-энесин эч

ким ага белек кылып бербөөсүн түшүндү. Жаман болсо да, ичкич болсо да, ата-энесинин тирүү жүргөнү ага эш болуп жүргөнүн туйду. Заманасы кара казандагы оокаттай куурулду. Өзү болсо аккан дарыяга төшүн тосуп жуурулду. Эки колу менен башын мыкчып, асказоосу кулаганын аңдап, аларга келтек жегенине кине тагып, таарынычын пеш кармап, кабар албай безип жүргөнүнө арман кылып, айласы кетти.

Төртөө төрт бурчта ойлуу абалга кептелип калган чакта, сырттан Талгат кирип келди. Набыт болгон Акмат аке менен Бурул эжени эскерип, Ассольго көңүл айтты. Баймурза болсо жөн отурбай, ушерде да кычыктыгы кармап кеттиби жөн сүйлөбөй: «Протестанттар капа этпегиле, силерче мен кантип көңүл айтайын. Эми алардын арбайына тилеваты «Куранды» түшүрүп коёюн», – деп арбактарга дуба кылышты.

Талгат бөлмөдөгүлөрдү жапырт тиктеп, көкүрөктөгү көкшүнү бир аз сууп калганын байкаштырды. Үчөөнү бирдей издеп таппай убараланганын, Акмат акенин айылдаштары Бишкек шаарынан бейит таап бер деп суранганын, тажыяга чоң союшка кыл куйрук, жандама кылып майда союш тапканын, тажыяга келген элди узатуу ариетин өткөзүү үчүн бөлөсүнөн жогорудагыларды карызга алып бүтүргөнүн айтып бүтүп, Ассольго кайрылды:

– Берекеси, сиздин жүзүңүз деп, бүт чыгаша менин моюнума илинди. Карызды эми ордуна койбосок болбос. Качанкыга бере алабыз? – деп кендирди кескен тажыя чыгашалары жазылган тизме кагазды Ассольго тапшырды. Ал ак кагазда көк сыя менен бадырая жазылган: «Бир баш жылкы, эки баш майда жандык, дасторкон үстү, чайкана ижарасын кошуп эсептегенде бир жүз элүү миң тогуз жүз сом», – деп туруптур. Эми эле ата-энесинин кабарын угуп, жүрөгү кансырап

турса, тоголок жетим кыздын башына тоодой үйүлгөн арманга бул чыгашалар эки көзү толо мүшкүлдүн куржуну болуп моюнуна илинди.

Баймурза менен Исак обочороок туруп, бирдемени макулдашкандай болуп, майда жандык чыгашаларын көтөрүп бермек болушту. Наташа болсо чайкананын ижара акысын төлөп берүүгө кепилдик берди. Калган карыздан кутулуунун жолу, бул атасынан мураска калган батирди пулга баалап сатып болду.

Ассоль батирин сатуу максатында жарнама бергенине арадан бир ай өттү. Кардар батирин көрүп, жактырып жактырбай, баа кылып кеткен маалда акча доолап келген Талгаттын доошу угулуп, ички бөлмөгө кирип келди.

– Ассоль, амансыңбы, батириңе алармаан чыктыбы? Бөлөм карыз доолап жанымды койбой жатат.

– Бир аз күтө турсун, буюрса батир сатылган күнү дароо акчасын беремин, – деп Талгатты узатты.

Ал Маевкадагы бөлөсү Саматка жолугуп карыз ээси келгендигин, батирин сатыкка койгондугун, азырынча кардарлар дурус баа кылбай сатылбай жаткандыгын айтты. Самат болсо оңураңдап: «Эмдигиче акчаны он жолу тегерентип, оңор эмес пайда тапмакмын. Бөлөш, мени куп жайладың. Теги бул өнө турган акчабы? Тиги карыз алган албарстыңы көргөзчү, өзүм дагы беттешейин», – деп опурулду. Бөлөлөр өз-ара кыжың-кужуң сөз менен кажышып, Ассольдун батирин көздөй басып жөнөштү.

Ассоль, турмуштун муштумдарына туруштук бере албай, тизеге жеткен карыз коогасынын күйүтү ичин өрттөп, жадесе батирин алармандар жакшы баа кылбай, кээ бири ачык эле кесирлик кылып, артынан кеп кылып убара тартпай эле тик бетине:

– Карындаш, туура түшүн, сенин ата–энеңдин батиринин баасы кымбат. Бирок, ата-энең автокыр-

сыктан өлдү деп, каражолтой батирге айланды. Биз риэлторлор атайылап бардык алып-сатуу ортомчулук кылган ишканаларга бул маалыматты таркатып жибердик. Али-бери батириңди эч ким албайт. Мага эле мен айткан акчага сат, – деп арзыбаган акчаны айтып, ушул кырдаалдан пайда табуу айласын ойлоп тапкандарына ичи тызылдады. Ичинен ойлоно ата-энесине кайрылып жатты: «Өлбөй турсаңар болмок, тирүүңөрдө келтегиңерди жесем, өлүп берип карызыңарды доолагандарга, батир алып-сатчу шылуундарга кор кылдыңар», – деп туз ургандай туталанып турганда, эшик тыкылдап калды. Көз жашын аарчып, эшикти ачса, бет маңдайында Талгат менен бирге келген бейтааныш киши турат. Анын ачуусу теше тиктеген көзүнөн гана билинбестен, таңырайган мурдунун титиреп турушу, сербейген мурутунун кыймылдары көзгө сайгылап жаткандай туюлду. Эки колун укалап, урушка кирчү мушкерден бешбетер шымаланганы карыз ээси ушул бейтааныш экендигин Ассольго айтпаса да бештен белгилүү болду.

– Талгат, аке саламатсызбы. Тынччылыкпы?

– Эй карындаш, тарбия көргөнсүңбү? Ал-жайды үйгө киргизип сурабайсыңбы? Кокоюп босогодо салаңдап тура беребизби? – деп Самат Ассольго катуу тийди.

– Бөлөш, кой эми. Ассоль, бул менин бир тууган бөлөм. Аты Самат. Жанагы тажияга деп карызга алган малдын ээси.

– Кечиресиздер, үйгө кириңиздер.

– Кирмек турсун төрүңдү, төркүнүңдү кошо тебелеймин, уктуңбу. Кана акча? Кайтар!

– Аке, там сатыла элек. Жакшы баа болбой жатыр. Сатылган күнү дароо акчаңызды кайтарып беремин.

– Тамың менен тамыраң кал! Эй какшаал, мени ал маселең түк кызыктырбайт. Бер, кайтар акчаны, болбосо батириңди менин атыма өткөзүп бер.

– Эмне жулкунасыз? Карызды кайтарып берем дебедимби, күтүңүз.

– Муну кара, «жулкунба», деп кайра мага асылганын. Сенин каныңды ичемин уктуңбу. Үч күндөн кийин келемин, акча даяр болбосо өзүңдөн көр. Мени айтпады дебе, – деп опузалап коркуткан абалда сыртка чыгып кетти. Самат сыртка чыккан кезде, Талгат Ассольго акыл болуп: «Батириңди банкка барымтага кой, насыя алып кутул» деп кеңеш берди.

Ызаланган Ассоль бараарга жер, урунаарга тоо таппай, жоону муздап дүрүлдөйт. Карыз ээси менен Талгат кетип, беймаал түшкөн кезде, үйгө батпаган Ассоль эшикке чыкты. Темселеп басып олтуруп, атасы менен апасы коюлган көрүстөнгө келди. Кор болуп жанчылган жан дүйнөсүн ый менен чыгарып, дөмпөйгөн ата апасынын көрүнүн жанына жатып, уйкуга кетти. Демейде күндүзү басып келчүдөн корккон жер, караңгы түн болсо да ушер бейкам сезилди. Тирүүлөр Ассольдун зээнин кейитип, сөөмөй кезеп «Каныңды ичеминен» качып, тилсиз, жансыз өлүктөрдүн жанында бейпил уйкуга кетти. Ассольдун уйкусун көрүстөн сыртына тигилген катар теректердин жалбырактарынын арасынан тийген күндүн нурлары ойготту. Карызды кайтарам деп жүрүп акыры кезде уйкусу качып, тыңгылыктуу уйку да болбой жатканга, ушул түн эң бейпил болуп, уйкусу бышып, ыраң-башы сергип калыптыр. Ата-энесине болгон өкүттү, таарынычты өчүргүч менен калем сыясын өчүргөндөй, көөдөнүндөгү капачылыгын кошуп, түнкү тынч уйку жууп кетиптир.

Амал ыйлаак, соор кургак, булут катып жер кургаган кез келди. Ассольду эче күндөн бери эсин оодарган

тажия зыйнатынын чыгымдары канча убайрамга түшүрдү. Ассоль миң толгонуп, уйкусу качып, карыз коогасы жанын кашайтып, анын эч качан мынча тынчы кеткен эместир. Кекиртегинен бир бүдүр нан өтпөй, же батири жакшы баа болбой, аярлуу жанын аябай түйшөлттү. Саматтын өткөндөгү колун шилеп, көзү чанагынан чыгып кетчүдөй карыз доолап аңырандаганы көкүрөгүнө дарт болуп чапташып, кыраакы кызды кыйла тайсалдатты. Айласы кеткенде Талгаттын «банктан насыя алып кутул, андан ары аны ай сайын төлөп кутуласың» деген сунушу ушул кырдаалга актуалдуудай сезилип, ушул кадамга барды.

Азели банк менен иши жок Ассоль иш кагаздарын топтоп, бир топ убараланды. Соңунда ири суммадагы насыя алып, акча колго тийгенде, жакшы санаалаштары деп Исак Жусупов менен Баймурза Султановду чакыртты. Буюрса карыздан кутулдум деп, култуңдап казан асып, түтүн булатып, түлөө өткөзүп коёюн деп жаткан мезгил. Сый тамак желип бүткөн соң, үчөө чогуу акчаны Саматка жеткизебиз деп масилеттешкен эле.

Чакырылбаган болсо да кабарды кимден укканы белгисиз, айтор, Талгат менен карыз ээси Самат астана бастырып келгендиги баарын таң калтырды. Самат жөн гана кирбестен, «Ассольго карызга мал, акчалай жардам берген мен болсом, сый тамакты бул суйкайган жигиттер ичеби» деп, жөн жерден бир кесе тамакка кызгангандай түрдө кычык кууп, оозунан куйкум сөз чыгып сүйлөп кирди:

– Түтүнүңдү булут көрүп, жугундуңду ит көрүп, итке деле сөөк ыргытпай, эшигиңе ат байланды, казан кайнады, чакырык барбады, кандай инсансың, Ассоль? Карызды төлөп алып сайран курбайсыңарбы? Же ата-энеңдин тажиясын кимдин малы менен

өткөзгөнүңдү унутуп калган окшойсуң, секетбайым? – деп буйдаланып сүйлөп кирди. Ассоль өзүн күнөөлүү сезип, оозун кыбырата обдулуп, бир нерсени сүйлөмөкчү болду эле, Исак Жусуповдун бир жерин тиги ачуу сөз тилип туруп, туздап кеттиби, же ашыктык кызганычы болгон жапайы каманы болуп ойгондубу, чычаңдаган түрдө:

– Арканды узак таштап, оозуңа карап сүйлө! Көмөчү күйгөн күйкөдөй болуп түйтөңдөп тегеренип калба. Бул жерде талаша турган эч нерсе жок. Ассоль карызын жабам деп банктан насыя алыптыр. Баймурза экөөбүз болгону күбө болуп келдик. Сизге барайлы деп тургангбыз. Чатагы жок жүргөн кызга асылып жаңжал чыгарбаңыз! – деп опурулду. Самат жашы улуу болгон үчүн, Исак Жусуповдон мындай жооп күткөн эмес. Ошондуктан эмнегедир ичин өрт каптап, өзөгүн күйгүзүп туруп, оозунан кара мышык кара ниет сөз болуп Исактын дарегине атырылып айтылып кетти:

– Эй бала, сенин атаңа сендей уул бергиче, кара эшек бербептир. Ошондо чоң сооп болот беле? Рахматы да тиет эле. Кара эшек болсоң, «куржунду жеткизип алайын, агат чыгарып алайын» деп элге да пайдаң тиет эле, – деп катуу сөз сүйлөп Исакты жигжиңдетип жиреп кирди. Ушул кезге чейин унчукпай сый-урматта жүргөн Исак, Ассольдун алдында кара эшек аталып, маскара сөзгө чыдабай, Саматты көкүрөктөн алып, түртүп жиберди. Ал дубалдын кырына башы менен тийип, эси оop жыгылды. Аны эсине келтирем деген Исак Саматтын башынан көтөрдү эле, каракушунан кеткен кан Исактын алаканынан өтүп, таамп кирди.

Исак Жусупов полго жайылган кызыл-кочкул кан–жаянды көргөндө көзү тунарып, каңылжаарын жарган кан жытына көңүлү айланып, жылан басып алгансып жүрөгү шуу эте түштү. Жан дүйнөсү бир балээни

сезгенсип, талуу жүрөгүнө шиш ийне менен сайгылаган коркунуч менен көкүрөгүнө туз сепкенсип ачыштырып, башын кеңгиретип салды. Баймурза дароо тез жардам чакырды. Көп убакыт өтпөй, кулактын парсанагын жарган сирена добушу жакындай берди.

Тез жардам келери менен эси оогон Саматты замбарга жүктөп, унаа ичине жаткызышты. Эс алдырчу укол сайып, кан басымын, жүрөк согумун тыңшады. Карегин панар менен текшерип, жарат кеткен каракушту спирт менен жуушту. Йод сымал суюктук сыйпап, бинт менен бети башын таңып, унаанын сиренасын жаңыртып, оорукананын жандандыруу бөлүмүнө айдап жөнөштү.

Дарыгер бейтаптын баш сөөгүн көргөн соң дароо милицияга кабар берди. Самат өзүнө келген маалда, Милиция аны менен баарлашып, анын айткандарын тактады. Исак Жусуповдун үстүнөн арыз жаздырып, аны милиция бөлүмүнүн убактылуу кармоочу зынданына тыгып салды. Ассоль менен Баймурза ооруканада жаткан Саматтан кабар алып, жанагы тажыя карызын колуна беришти. Акчаны көрүп манчыркаган түрдө күбүрөнүп сүйлөнүп кирди: «Алакан колум берекан, майлуу колум жалаган. Бир сенден, бир менден», – деген маалда анысына ачуусу келип, бир жагынан тор зынданда жаткан Исак Жусупов досунун таламын талашкан түрдө:

– Кереңге кеп угузба, көргө жол көрсөтпө, келесоо менен талашпа болду Самат мырза. Болбогон жерден сиз менен сөз талашып оюндан от чыгып, Исакты тор зынданга тыктырдыңыз. Бул акча Ассольдун ата-энесинин тажыясынын карызы. Ушуну алыңыз да, Исакты куткарып калайлы байке. Тосмо арызыңызды жазып бериңиз.

– Эмне? Ал акмак менин каракуш мээмди жарды. Жуваримбектин канын ичем, шашпасын. Аны камат-

пасам, мына мурдумду түбүнөн кесип берем. Кургурдун түбүнө жетем, – деп жаздыктан башын көтөрүп алынып кетти.

– Аке, жыгачты кармаган жерден сындырбаңыз. Келме кезек, терме тезек болуп жүрбөйлү.

– Мага демектен, асманыңды таштап жибер. Ал шүмшүктүн өпкөсүн жулуп албасам, Самат атым өчсүн, – деп кекенгенинен кайтпады.

Арадан алты ай өттү. Сот болду, анын өкүмү менен Исак Жусупов жети жылга кесилип кетти.

Бир кем дүйнө дегениң ушул тура. Эгер чыр чыкпаса, «Медеодогу» убадалардын өтөөсүнөн чыгышса, Исак менен Ассоль баш кошмок. Түбөлүк бир кемеде өмүр сүрмөк, сүйүү балын бир тартмак, өмүр дайрасында бир акмак, жашоо куунак өтүп, бактылуу жашоонун башатын баштамак. Исактын жаны кейигенинен: «Бул тагдыр жазмышы балким мен протестант динине өтүп кеткенден болбосун? Жоок, динге шек келтирбейин, бул түбүң түшкүр тарткылык, кырсык болду», – деп эмшейип эзилип, сыгылып санаага батып, топ суроого жооп таба албай бушайман жеди.

Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет болуп, ал тор артында ала кийим кийип эркинен ажыраса, бул жакта жүрөгү сыздап, көңүлү сынып, жүрөгү бөлүнгөн Ассоль ата-энесин жоготкону аз келгенсип, эмелеки тапкан ак сүйүүсү болгон Исак Жусуповдон да кол жууп ажыраганына, кабагына бырыштар катталыша түштү.

Тор артына алып кетип жаткан конвойдун тосумунан умтулган Исак Жусупов Ассольго кайрылды:

– Тагдыр бизди кайсы жээкке бөлбөсүн, мен жолун таап, эркиндикке чыгамын. Экөөбүздүн жаркын келечегибиз үчүн болгон аракетимди жасаймын. Ассоль, карегим, мени күт! – деди, колу артына кишенделген

абалда. Сот залынан чыгып келе жаткан Самат Исак Жусуповдун сөзүн угуп калып, кепке аралашып кетти:

– Сен эр жүрөксүң, бирок кеңкелес да экенсиң. Сени тор зындан күтүп жатыр. Ассольду унутуп кой баатырым, аны эми башка эркек жар кылып алат, андан аркысын айтпай эле коёюн, – деп былжырак сөз менен, тор артына кетип жаткан Исак Жусуповду чалажан кылбай, биржолу жанчып салайын деп сөз менен аны ур-тепкиге алды.

Арадан бир жыл өттү.

Кадимки жолугушуу үчүн тор зынданда отурган Исактан кабар алган кез. Баймурзага эмне болду белгисиз, айтор анын мурунку ашыктык сезими ойгонуп кетти окшойт. Исактын бозоргон өңүн көрүп, анын сынып бараткан пайдубалын баамдап, Ассольду өзүнө имергиси келди. Жүрөксүнүп, дилиндеги кубаты куурап бараткан досунун төгүлүп сүйлөгөнүн уккандан кийин, эки жигит эркекче бирдемени узак сүйлөшүп, абактан сыртка чыккан кезде, Ассольго кайрылып:

– Ал эми узак олтурат. Жети жылдын бир жылы ташбакадай жөрмөлөп араң өттү. Өмүр деген токтоп турбайт, сен деген азыр жашсың, сулуусуң, сага ашык болуп кызыккандар көп. Жети жылда ким бар да, ким жок? Ал сени мага табыштады, «Ассольду бактылуу болуусун каалаймын. Мага олтуруп чыкты ат жабышты. Качан эркиндикке чыгам белгисиз. Ассольум мени ойлоп жүрүп куурап, соолуп калбасын. Андайды ага эч ыраа көрбөймүн. Жатка кетпесин, өзүң жар кылып, багын ачып, жарашыктуу жар кылып ал деди Исак», – деген Баймурзага Ассольго тике карап:

– Масилетиңерге маасы кийгизип, менсиз менин тагдырымды чечкидей, мен эмне колдонуучу буюм бекем силерге? Өзүң ойлоп көрсөң, ал тор артында олтурса. Сен деген жакын досу эмес белең? Мени ошен-

тип соодалаганга кантип дитиң барды? Исак менен ушундай теманы козгоп аны таарынтып алам деп ойлободуңбу?

– Ал эмне сенин кубарың беле сага таарынгыдай, болгону таанышың да, Ассоль.

– Ооз дарбаза, көңүл андаза! Оозго келгенди оттоп, назик көңүлдү калтыруунун кажети барбы, Баймурза!

– Ассоль, ишенсең, сен дегенде ак эткенде так этчүмүн. Эгерим Исак минтип суранбаса, түк сага жакындамак түгүл, оозанып көңүлүңдү оорутмак эмесмин. Бирок жагдай ушундай, шарт ушундай болуп турат. Мейли ушул чакта сага мен үйлөнбөсөм, сени башка бирөө алып качып кетти кылып, мажбурлап баш кошуп алса эмне кыласың?

Исак экөөбүз ал жагын, бул жагын да карап, кабыргабыз менен кеңештик. Оюмду толук айтып бүткүчө сенин көңүлүң айный түштү. Менден шексинип «досу тор артында олтурса ошондон пайдаландың» деген кине жабышчудай акыбалга кептелдим. Эгерим оюмду жеткиликтүү түшүндүрө албаган болсом, алтыным, мени кечир. Сунушту четке какпа, сунулган колду суутпа.

– Адегенде менин ким экендигимди сураштырып көрдүңбү, Баймурза? Тандап жүрүп тазга жолуктум болуп, кийин өкүнүп чыканагыңды тиштеп калба?

– Сураштырганда эмне? Мага турмушка чыккан күндөн христиан диниңди таштайсың. Бабалар тутунган ислам динине өтөсүң, ал талкууга алынбайт. Ал эми ата-энеңден запкы жеп, убактылуу сойкулук жолунда жүргөнүңдүн чекесин Исак кылттыйткан. Эми аппак кардай адамды издегениң, бир чөмөлө чөптөн ийне издегенге барабар. Анда баарыбыз Периштеге айланып кетмекпиз, күнөөсү жок инсан жокко эсе, кубатым.

– Деген менен сен ашыкпа баатыр. Кеп баш кошуу же анда мында эмес. Сен билбесең угуп тур, мен кыскача айтып берейин. Кийин соң «укпадым эле, эмне айтпадың» деп, арман кылып азап чегип жүрбө? – деп, Баймурзаны караса, ал алдаганга көнбөй, көгөргөнүн байкаган Ассоль, өзүнүн терс жактарын жалаяктай жая салса көңүлү калып, чээнге кирип чыкпай калат, жабышканы токтойт таризде, Туркияда болгон терс жоруктарын улай, башка кыргызстандык сойку кыздарынын терс окуяларын кошумчалап айтып кирди:

– Келечеги жок кесипти ата-энеме өчөшкөнүмдөн тандап алганыма өкүнгөнүм кеч болуп калды. Сойкулукту убактылуу кесип кылып, андан аркысын адал жумуш табам дегем. Жарга такаган байыркы кесип оңой көрүнгөнү менен анын оор шарттары, илдеттери менен милдеттери бар экен. Сойкулук бизнеске көзөмөл кылган уюшкан кылмыштуулук топ, үлкөн ишкерлер, кээ бир чоң кызматтагы аткаминерлер мунун баарына чырмалышып калыптыр. Соңу кулчулук, адам сатуу менен жыйынтыкталаарына көзүм жетти.

Сойкулук кезди үч бөлүккө бөлүп карайт элем.

**1-бөлүк.** Жакшы десе болчудай... «Чет өлкөлүк эркектерге турмушка чыгуу». Көркөмүм кыпкызыл кызгалдак болуп көздүн жоосун алат. Өзүм жылга ичиндеги тоо гүлүндөй аңкыган жытым эркек аттуунун таноосун жарган кез. Улуту чет эл, дини башка эркектер улам-улам «жар бол» деп сунуш киргизишет. Ойлоп көрсөм, башка элге бала төрөп, ошол элдин санын көбөйтөт экенмин. Акыры карылык келген чакта өлүп жок болуп, унутта каламын дегенде чый-пыйым мурдумдан түтөткү болуп кансырап атып кетти. Бирок тийип алгандар деле толтура экен. Аларга жолукканда:

– Эмне чет өлкөлүк жаранга тийдиң? – деп сурасам.

– Кыргызга тийдим эле мени бага албай койду. Балам ач калды. Кийим-кечеден кемтик кылды. Ата-энемдин жакшылык-жамандыгына каттоо кан буугандай токтоду, – деп жооп бергендердин инкубатор тооктордой окшош жоопторун уктум.

**2-бөлүк.** Жаман жагы десе туура келчүдөй... Бул – «Сойкулук». Сойкулуктун казанында куп кайнадым. Келтекти жедим, кемирчегимди кемирип асынып өлөйүн дедим. Акчага денемди соодалап жүрүп уруксуз болуп калуудан, Кудай сактады. Жыныстык ооруну алгач эркектерден жугузган болсом. Өчөшүүм күч алып, эркек аттууну эркек танасына ооруу жугузуунун булагына айландым.

Алдын алар мени манчыркап, жылаңачтап, жан жеримди оорутуп мазакташса, кийин алардын шорун шорподой кайнаттым. Ата-энеси айлыгын алып, студент балдарына берген күн. Алар ал каражатка бир жумага жетчү тамак-ашына жумшабастан, мага келишип, менден оору жугузган боз улан балдардан баштап, кер мурут кырк жаштагы бүркүттөр, пачкелеп акча тутамдап, жолтандабаста мурду какайып, асманга тийип турган эркектерди кошуп, пенсиясын алган абышкалар анысын кемпиринен кызганып, нават алып барбастан, мага чуркаган бели бекчейген чалдар, сойкунун казыгына тушалып, ат чабым аралыкка узатпай, жан жерине айыккыс илдетти жуктурдум.

Чурайынан дартка кабылышкан жогорудагы эркек сөрөйлөр, чочосу кесилген чунактардай талтайышат. Көчүктөрүнө ийне сайыла берип тешилип, шымы шыпырылып, тоңкоюп дубалга бети менен кадалышат. Урологдун мээлей кийген сөөмөйүн чычаңын чукулатып, жан чыдагыс азап чегүүгө аргасыз кылдым. Мени кандай мазакташкан болсо, чурай илдети аларды андан бетер машакатка батырып, көздөрүн чакчайтты.

**3-бөлүк.** Эң жаман деп атаса туура келет... Ал – «Сексуалдык кулчулук». Түркияга жакшы жумуш деп кыздарды алдап алып барышат. Кожоюндары паспортторун тартып алып, өмүр бою алардын денесин сатып, кардарлардын акчасын алып турат. Кокустан өлүп калган сойкунун денесин, мал мууздагандай союп, жиликтеп: боор, бөйрөк, жүрөгүн кесип алып, ирет күтүп отурган оорукчандарга унаа тетигиндеги кошумча бөлүк сыңары орган кылып, кымбат баада сатып, акчасын сол чөнтөккө урушат. Эртеси ошол акчага Нью-Йорктун байбатчалары жашаган кичи району атыккан Манхеттенде ырчы Бейонсиге пул кыстарып, кечиндеси Лас-Вегастын казиносунда миллиондогон фишканы сатып алып, кумар ойноп машар тээп олтурган болот.

– Жанагы кыжың-кужуңдан кийин ындынымды суу сепкендей өчүргүң бар го. Танбайм, сен айткан жогорку үч маселе кара булут болгон чоң мүшкүл экендигин моюнга алуубуз абзел. Ал каныбызды бузуп, генефондубузду жок кылуучу негизги фактор экендиги айныгыс чындык. Кулунду бээ тууйт, баатырды эне тууйт, сийдиги жиндинин бири жинди, жатыны жиндинин баары жинди дегенге толук кошулам. Бул маселе – мектеп окуучусунан баштап, баш бакан министрибизге чейин ойлондуруусу зарыл.

Биздин кыздардын чет элдик мырзаларга турмушка чыгуу маселеси бул – де юре жана де факто. Бирок ал нерсе сойкулук кылганга караганда жакшы вариант.

Сойкулук – албетте өтө оор өнөкөт. Бул генефондду бузчу өтө чоң маселе. Бирок байыркы кесип болгон үчүн тамыры менен тыюу кыйын. Анын зыянын, тукумсуздукка алып баруусун, моралдык бузулууну мамлекеттик деңгээлде, интеллигенция, дин аалым-

дары, граждандык активисттер жалпыбыз жапа тырмак киришип ооздуктоонун механизмдерин ойлонуп чыгуу керек.

Сексуалдык кулчулук – бул эң жаманы жана эң эле коркунучтуусу да, жийиркеничтүүсү. Бул балакетке аралашкан чынжырды үзүү талыбас эмгекти, өтө кылдаттыкты талап кылчу түпкүлүктүү маселе. Ага аралашкандарды өмүр бою тор артына камап, эркек танасын бычып, күн нуруна мукуратып салуу да аларга аздык кылат, – деген Баймурза, Ассольдун анын көңүлүн калтырам деген аракетине анча маани бербеди. Ал Ассольдун айткандарынын ар жагында оркоюп турган генефонд, улуттун келечеги, тукум улантуу маселесине туталанып сүйлөп жатты.

* * *

Исак Жусупов тор артында олтурганына бир жылдан ашты. Ал көз менен каштын ортосундагы кырсыктын курмандыгына айландыбы, же пешенеге жазылган жазмышы болдубу, айтор турмушун, жашоосуна саресеп салганга убакыт кеңири болгонго көп ойлонуп, көп толгонду. Пейилиненби, жигитчилигиненби, же динге берилгениненби, айтор кээ бир зектерге окшоп бузулуп кетпеди. Эркиндикке чыгам деген үмүттүн эшилген арканы ийриминен үзүлүп баратса, ошол аркандын учуна жармашып, абийир, адеп-ахлактыктан тайбады да, эч кебелбеди. Тор арты Исакты ийилтти, бирок сындыра албады, касына калтаарып каны кайнады, бирок бычак шилтебеди, бошураагына боору ооруду, бирок боорго теппеди, куйсупурлар куйкасын куруштурду, бирок провакацияга алынып кетпеди, бузулган кыздарды апкелип салып беришти, бирок белине батпай кеткен бел суусун төкпөдү,

кээ күнү курсагы ачты, бирок сабыр кылды, каралар атыктырды, бирок жүрөгү, кылган иштери ак жана калыс боюнча кала берди.

Эркиндикте жүргөн кезде протестант динине бат кирип кетүүсүнө ата-энесинин ортосундагы чыр таасир кылды окшойт. Алардан жетиштүү мээрим, тарбия ала албай, көөдөнүндөгү бош калган боштукту протестант динин кабылдаган соң, ошол жерден тапкан бир туугандарынан алды. Бул дин Исактын көөдөнүндөгү саргайып бараткан көңдөйдү жашыл түскө боёду, бош жерин толтурду. Тор артына кабылганын себебин алдын атасын, апасын ичинен күнөөлөп жүрдү. Кийинчээрек, протестант динин тандагандыгымдандыр деп божомолдоп өзүн кемирип кажыды. Эки колу менен башын мыкчып, чачын жулду, битке өчөшүп көйнөгүн өрттөдү.

Ал эми Ассольду эстеген күнү колунан иш келбей, оозунан сөз чыкпай, келесоодой keңгиреп, жиниккен абалда жинди-соонун ортосунда салпактап жүрдү. Ассольду эч бир жанга ыраа көрбөйт. Аны ойлобой коюуга эч ылаажы жок, ал жүрөгүнөн гана орун албастан, кан тамырына чейин сиңип кеткен чоктой Арзуунун агымдары эле го. Баймурзага аргасыздыктан аны таңуулап багыштаса андан көңүлү калып, унут болот деген беле. А балким чындап эле анын багын тилегендир. Эмне кылат эле, тор артында болгон соң баарына чыдабаска эч аргасы жок.

Тор терезени тиктеп, эркиндик демин сагына улутунуп, өзүнө суроо коюп, жооп таппайт: «Эмнеге ушинтип тор артына бөөдө кырсыктын шылтоосу менен олтуруп калышым керек эле?» – деген суроосуна, колуна кармаган сары катты кайра-кайра окуп жатып, жооп тапты. Акыры аны-муну ойлоп акыл калчады. Протестанттыктан баш тартып, Ислам динин кабыл алды.

Бир камерада алтоо жатат, анын экөө беш маал намазын үзбөй окугандар, бири Исак, экинчиси Сымбат. Таң сөгүлүп, сүттөй жарык акырын көз жарып бараткан кез. Исак менен Сымбат таң саардан туруп, даарат алып, багымдат намазын окуп бүтүшкөн убак. Ушунча жүрүп, Исактын түнт жүргөнүн баамдаган камералаш сырдашы Сымбат, эч эле анын түйүнүн чече албай бушайман. Анткени ал ар дайым Исакка кайрылып: «Өзүң жөнүндө толук билбесем да, өзүңдү көрүп түшүнгөндөймүн. Ата-энең, өзүң жөнүндө кеңири ачылып айткың жок. Айтып берчи?» – деп көп жалдырап жалбарганы абага сиңип жок болуп жүрдү. Бирок ушул таң өзгөчө болду. Исак Сымбатты жанына чакырып: «Менин ата-энем, жөнүндө уккуң, билгиң келчү, анда кулак сал», – деп узак кепти баштап кирди:

– Атам Дауд Жусупов менен апам Мариямдын сүйүүсүнүн дүбүртү шаар боюнча дүң болуптур. Бири Ромео экинчиси Джульетта сыяктуу эч ажырагыс болуп, чоктой кызарган сүйүүсүнө бүт шаар тургундары күбө болушуптур. Апам ал кезде Бишкек шаарынын эң биринчи сулуусу болгон соң, артынан кубалагандар, кудалашып соода кылгандардын аягы көрүнбөй чубалжыйт. Ошол күндөрү апама ашык болгон бир жигит апамдын ой-боюна койбой алып качат. Аны угуп калган атам сүйүктүүсүнүн артынан жоо куугандай кубалап жетет. Олтурган жеринен алып чыгып, чоң атамдардын үйүнө алып келип: «Жоолук салгыла, келин алып келдим», – дейт.

Ал кезде чоң энем өзүнүн тегерегиндеги тели-теңтуштарынын кыздарын уулуна аялдыкка көз салып жүргөн болот. Ал турсун анын тааныштары бардар жашаган үй-бүлө болгон үчүн: «Дауд биздин кызга үйлөнсө эле болду. Күйөө балабызды келечектеги бала–чакасы менен багып алабыз, кудагый», – дешип, бүт

маселени убадалашып, эки жашты жолугуштурат. Ал кыз балким атама жакпаган чыгар, анан жүрөгү апам деп согуп турса, чоң энеме моюн сунбай коет. Апамды ала качты кылып келген кезде, негедир чоң энем апама боор бербей суз кабыл алат. Ал турсун жоолук салбай койгон деген да кептер бар. Балким бул ушактыр, бирок чоң энем мага мээримин төгүп чоңойтту. Болгону апам менен энемдин ит аяк талашкан иттердей эч эле ыркы келишпей койду. Апам чоң энемди кечире албады сыңар, аны сөзүн кулагына эч илбейт. Анысына чоң энем ачуусу келип, ал дагы апамды жат көрүп, тоготпогонго өтүп алды. Атам менен мен кимге ыкташыбызды билбей, эки кыйын аялдын тирешүүсүн кино көргөндөй көздөрүбүз алайып, жүрөгүбүз экиге бөлүнүп жүрдүк.

Тун баласы болуп мен төрөлдүм. Атам болсо эки анжы жүрдү. Чоң энемдин бир тууганадары: «Ажырашып башкага үйлөн. Мариям менен сенин жашооң эч эки болбоду. Өйдөлөбөдүң, жумушуңдан кур калдың. Аялың жакшы чыкпай калып, мыктай жигит күкүрт данына айландың», – деп атамдын кулак-мээсин жеп жүрсө да, атам эч үй-бүлөсүн таштабады. Албетте убактылуу ажырашуу, араздашуу, жарашууларына күбө болуп, түйүнчөк көтөрүп өйдө көч, ылдый көч болуп чоңойдум.

Атам менен апам өз ара чырдашканы менен, алар бири-бирисиз жашай албай турган, киндиги менен тушташкандай сүйүүсү күч эле. Мен тестиер мезгилден өтүп калган кезде ачык эле апама ыктап калдым. Экөө уруша кеткенде атама кол көтөргөн учурлар башталды. Аны же атам же мен аңдабай калдык. Кээ күндөрү атам бутуна тура албай, чылгый мас болуп келет. Батирдин темир эшигин ичинен култтап алабыз. Эшик сыртынан атамдын жалдыраганына ку-

лак салбай, эшикти ачпай коебуз. Атам ылдый түшүп, арактан өчү бардай өкүртө ичет. Эки-үч күн жок болуп, эсине келсе чоң атамдардыкына барып кулайт.

Ошол күндөрү апамдын бөлмөсүн жыйыштырып жатканда халатынан бир кагаз түшүп кетти. Аны жайып ачсам, атамдын апама жазган каты экен. Бир саамга катты ачсамбы ачпасамбыга санааркап, асан-кайгы болуп, ону-буну ойлонуп, бушайман жедим. Каттын ичиндеги купуя маалымат, анүстүнө атамдын кол тамгасын тааныганга ондон бетер кызыкканга чыдамым кетип, катты ачып окуп кирдим. Катты окуп бүтөөрдө чекемди тер басып, жан-дилим дүркүрөп кетти, бу жерде атам өз чындыгын кагаз бетине түшүргөн экен. Үшкүрүнө шып тиктеп, ойлонуп калдым. Анын мазмуну төмөндөгүчө экен:

«Сени сүйүп-күйүп, сени менен баш кошуп, уулдуу болгондо, төбөм көккө жеткен эле! Уулум мага өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болот деп, магдырап бакытка батканымды ай ааламга жарыя салганым дале эсимде.

Уулум көз алдымда бой жетип чоңойгонуна күндөн-күнгө сүйүнүп жүрдүм. Кудайга шүгүр уулум эстүү чыкты, акылдуу чыкты деп көрүнгөнгө көргөзөм. Туугандарга мактанып Исагым деп, сүйүнүчүм кучакка батпай жашап жатканмын.

Бирок тилекке каршы ал чоңое баштагандан кубанычым азайып, анын мага кылган мамилеси жүрөгүмдү канжар менен тилип, бырчылдатып кескилеп жатты.

Билем! Сени биринчи орунга коёрун, апасын жакшы көрөрүн, ал эми атасын эркекче ичине салып жакшы көрөт деген ишенич дайыма көңүлүмдү жумшарткан үмүткө жетеленип жашадым. Исактын мени жакшы көрбөсүн биринчи жолу экөөңөр биригип, мени милицияга батирден карматып бергенде түшүн-

дүм. Сен менин жарымсың, түшүнсө болот, Исакчы? Ага не жок десең?! «Кой» деп бөлүштүрө албады. Коюңуз деп сени тыя албады. Мас абалда мени милициянын торуна салып бердиңер. Сыягы алкаш чирип өлүп кетпейби!» – деп кол шилтедиңер.

Экинчи жолу сага болушумуш болуп мага кол көтөргөндө күйбөгөн төрт шыйрагым күл болду, болгон арымды тепселеп, аталык бийик наамымды ыждаһымдан чийип салгансыды. Арданганымдан дарыяга боюмду таштап, чөгүп өлгүм келди. Кайра баламды жетимсиретпейин деп токтоп калдым.

Үчүнчү жолу, мас абалда элем. Батирдин темир эшигин ичинен жаап алыпсыңар. Сага телефон чалсам албадың, эшикти каккыласам, Исак: «Бул ким?» – деп эшиктин жанына келди эле, мен: «Исак, балам эшикти ач», – деп жалдыраганыма карабай: «Жок, ачпайм», – деп ары басып кеткенде уулума ушунчалык наарazы болдум. Аны алыстатып, жоготуп алганыма ызаландым.

Төртүнчү жолу Исак менин көзүмө тике карап: «Мен сизди сыйлабайм», – дегенде кара жер жарылып, ошол аңга кирип кеттим. Көчөгө чыксам баары эле мага сөөмөйүн такап: «Бул селсаякты уулу сыйлабайт, анан ит сыйламак беле?» – деп шылдыңдагансып, чүнчүп, дагы ичип кеттим.

Бешинчи жолкусун бүгүн өзүң уктуң, бүгүн сездим, мени кандай жакшы көрөөрүн!?

Бала-көргөнүн, укканын кылат деген сөз бар, ошонун сынарындай сен мага кандай мамиле кылсаң, Исак да ошондой терс мамиле жасай баштады. «Атама ушинтсек боло берет турбайбыга» өттү.

Жаш үй-бүлө күткөн кезде канча көп ичип, жинди болгон мезгилде дагы, жакшына аялдык сапатың менен эч жакка кубалабай, кайра жаткызып койчу элең.

Азыркы мезгилде баштагыга караганда кыйла токтолуп: «Кой антейли-минтейли», – деп колдон келишинче аракет кылып келе жатканда, кичине болор–болбос нерселерди шылтоо кылып, ачык эле кодулап: «Үйдөн чык! Жогол!» – дегенге өттүң.

Эшикти ачпай, канча жолу жалдыраттың! Оозуңа албаган балит сөзүң калбады. Бүт кошуна биздин ырыбызды жаттап бүттү.

Бул жактан сенден сөз угуп Исактан токмок жесем, туугандар жактан барган сайын ачык эле: «Катын көлөч, аялынын юбкасын кийип алган» атка кондурушту.

Сөзсүз эле акча тапканда киргизип, акча таппаганда: «Жогол!» – деш керекпи?!

«Жар, күйөө, жолдош, балдарымдын атасы», – деген ыйык сөздөрүң каякта калды?

Демейде күйөөсү аялын үйүнөн кууп чыгыптыр деген сөздөрдү өөн учурабай эле угуп жүрөбүз. Бизде болсо толук тескерисинче болуп жатат. Муну уккан дос-душмандар көтү менен күлөт го.

Мен болсо ушул жашка жетип, бир да жолу сени андайга алып барбадым. Мейли, жашырганда эмне, чынын айтканда, менде да күнөө бар, моюнга аламын. Бирок мен кээ бир эркектерге окшоп силерди таштап кетпестен, колдон келишинче аракет кылып жашап жатам. Кээ бир адамдар, бирөө эрге, экинчиси-атага, үчүнчүсү бир тууганга зар болуп жүргөндөр канча?

Чындыкты бетке айсам, мен сенден же баладан коркуп, же жашай турган жерим жок болуп, жалдыраганым жок.

Минткеним сени сүйөм! Баламды андан бетер сүйөм! Мен үй-бүлөмдүн бүтүндүгүн сактап калайын деген максатта жашап келем. Шалпыйып жалдырап келсем, кааласаң киргизип, каалабасаң киргизбей

коёсуң. Сен мага таарынып сүйлөбөй, телефонуңду албасаң, балам да ошондой кылып эч жооп бербей тултуят. Кээде өзүмө-өзүм суроо берем: «Сени ушунча тебелеп-тепсеп жатса да, кайра шалпыйып жөнөйсүң. Сенде эркек деген намыс барбы? – деп, кайра эле, – Кой, бул менин жарым, бул менин балам, бул менин үй-бүлөм», – деп болбогон нерсени унут кылып жашап келем. Муну менен эмне дегим келет? Экөөбүз түтүн булатып балалуу болдук, Исакты үйлөй турган жашка жетип келдик. Ата-энебизди сыйламак турсун, өзүбүз-дү-өзүбүз эптей албай калдык. Эң-кур дегенде бири–бирибизди сыйлап, ыркы-тыркы болбой, кыйкырбай, урушуп-талашпай, турмуштун оош-кыйышын ийри олтуруп, түз чечип жашасак болмок. Чырлуу үй-бүлө деп, Кудай ырыскысынан кысып жатабы? – деп да ойлонот экенсиң. Бир сөз менен айтканда, ар кандай кырдаалды түз көз караш менен карап, туура чечип үйрөнсөк!

Бүгүн да ызаландым. Айрыкча Исакка өтө капа болдум. Ушул саатка чейин ойго батып, уйкум жок олтурам. Барган сайын үлбүрөгөн үмүтүм өчүп баратат. Эмне кылаарымды деле билбей калдым?!

– Ошол кат мына, – деп, Исак жанындагы Сымбатка көк сыя менен жазылган саргайган кагазды карматты да, – Буюрса түрмөдөн чыксам, эң биринчи атамдын алдына тизелеп, бутун өөп кечирим сурайм. Эр-аял маселесинде бир тарап болуп, апама болушумуш болуп, атамдын назарынан калганыма минтип кырсык болуп түрмөдө олтурамын.

Мен өз жаңылуум үчүн абдан кымбат төлөдүм. Эркиндигим, жаштыгым менен төлөдүм, – деп агарган таң, жан дүйнөсүн агартып, темир тор ичинде Сымбатка ымандай сырын айтты.

Сымбат үңүлө катты бир сыйра окуп, өңү кубарыңкы болуп.

– Ээ досум, атаң ажырашып эле кетпептир, силерге кор болбой?

– Атам үй-бүлөнү тандап жашаганын эми түшүнүп олтурамын. Бечара атам арак ичип алган күнү апам экөөбүз эшикти ачпай койгон түндөрү, кандай азапка батканын эми керт башым менен кеч болсо да туйдум.

Мен атама эшикти бир канча түн ачпаган болсом, тагдыр менин эркиндикке болгон эшигимди бир канча жылга бекитип салды.

Исак абакта отурганына үчүнчү жыл толгон маал. Тыюсуздан, аны эркиндикке чыгаруу боюнча комиссия бетме–бет сүйлөшүү чакыруусун, абактын администрациясы Исак Жусуповго маалымдады. Тиешелүү кагазга: «тааныштым» деп кол коюп берди. Анын оюнда: «а» тамгадан «я» тамгага чейин жети жыл отурам деген таалуу чындыкка аргасыздан сынып баш ийген эле. Эми болсо мындай чукул бурумга бир топ эле башы катыды. «Жүрүм-турумум жакшы болсо, анда Сымбат деле дисциплинардык мыйзам бузуусу жок жакшы отурбайбы. Балким Баймурза ары-бери чуркап, ушул жыйынтыкка жеттиби? Ал бир айда бир келет, айтат болчу да. Анын өзүнүн түйшүгү чачынан көп болуп турат. Ассоль экөөнүн мамилеси жакшы», – деп айтууга ооз барбайт.

Баймурзанын агасы Абдулла болуп жүрбөсүн. Үч ай мурун Наташа экөө абакка келип, Исактан кабар алып келгендерине таң калган. Себеби эркиндикте жүргөн кездеги Исак Баймурзаны сурап, алардын үйүнө барган күндөрү Абдулла Исакты көргөндө итиркейи келип, түк жактырчу эмес. Ага үмүт артып, андан жардам күтпөдү.

Наташа өзү орус кызы протестант динин карманчу. Ассольду жаман жолдон сактап калып, чоң жыйынга алып келгенинен маалыматы бар эле. Өткөндө Аб-

дулла экөө абакка андан кабар алып келгенде, анын аксаргыл жүзү алтын айдай жаркып, татынакай болуп калганы байкалган. Аял бактысы ачылгандай кулпуруп, өтө бактылуулугу жүзүнө тээп турат. Демейдеги ойлуу көздөрү бул сапар панардай жанып калыптыр. Деңиз түстүү карегиндеги ишеними чолпон жылдызындай жанып турганы, анын жашоосунда бир чоң бурулуш, балким чоң жетишкендиктен маани берип тургандай. Негедир дилинин көрсөткүчү да: «Наташа жардам берди го?!» – деп, ошол жака бурулгандай болду. Бирок, ал Исактын ислам динине өтүп кеткенинен маалымдар эмес эле. Ал жардам берген болсо, өзүнүн мурунку протестант бир тууганына жардам берип жатам деп жаткандыр. Эгерде Исактын азыркы абалын билип калса, кылган жардамынан кайра чегинип кетүүсүнө эч ким кепилдик бере албастыгы турган иш эле. Анткени, адам деген заматта өзүнүн пикирин өзгөртүп коюусу, мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Комиссия бейшемби күнү саат эрте мененки 10:00дө башталат. Бүгүнкү күнгө дүйшөмбү. Исак пайда болгон жаңы үмүттүн сунулган бейтааныш колун кармагылап, таанибай бушайман абалда болду. Таш дубалга жөлөнүп, өсүп кеткен сакал-мойлоосун сылагылап, бетин эки колу менен сыдырды. Үч жылда жан дүйнөсү гана аңтар-теңтер болбостон, жүзү, келбети да өзгөрдү.

Жүзүндө жаңы бырыштар, жаңы тырыштар пайда болду. Бул өзгөрүүлөр анын көз карашында да байкалды. Мурунку курч, бүркүт көз карашы, мээримдүү, бирок сыпайы көз карашка алмашты. Исак өзү дагы бул өзгөрүүлөргө ишенбеди. Себеп дегенде бу кезге чейин абакта олтуруп чыккан канча зекти көрдү. Көпчүлүгү баңги зат чегип, кээ бири абак тили менен сүйлөп, каралар дүйнөсүн жар салат. Ишкерлерге салык

салышса, кээ бири мыйзам бузуп, же уурулук кылып, кайра эле абак артына кайрылып жүргөнүнөн кабардар эле. Өзүнө таң калганы, абак көбүн сындырып, адамдык касиетин жок кылса, Исак тескерисинче, ушул жерде жатып, «Куран», «Библияны», ийне-жибине чейин талдап, окуп чыкты. Дүйнө классиктеринин чыгармаларын өзгөчө казып окуду. Бир сөз менен айтканда, абак китепканасындагы бардык китепти үч жылда окуп бүттү. Абак администрациясына кайрылып, башка китептерди суратып,  алардын да соо башын оорутту.

Дүйшөмбү. Кечки саат 23:30дар чамасы. Абак жарыгы эчак эле өчүрүлүп, абактагылар ары-бери сөз сүйлөп, алды уйкуга кеткен маал, Исакка убакыт өтпөйт. Үмүтү эле бейшемби күнкү комиссия менен бетме-бет маектешүү. Анын соңунда, аны эркиндикке чыгаруу же мурунку жаза мөөнөтүн өтөө чечими кабыл алынат. Жашырганда эмне, көкүрөгүндө өлүп калган эркиндик эпкини баш көтөрүп, үмүт нурун көздөй басып баратты.

*  *  *

Баймурза менен Абдулланын атасы ыраматылык Туйбас Султановдун жылдыгы чыгаары менен Абдулла Баймурзаны Сирия Ислам университетине үндөп, аны эч көндүрө албаганына көзү жеткен соң, учакка билет алып учуп кетти.

Окуган жери Сириянын борбор калаасы байыркы Алеппо шаары. Архитектурасы менен жер кени менен нефтиге гана бай болбосо, адамдардын маанайы, меймандостугу, тамак-ашы, шаар тургундарынын адамгерчилигин Ош шаарына окшоштурду.

Ал алгач тил үйрөндү, курсташтары менен таанышты. Таңзаардан көзгө сайса көрүнбөгөн караң-

гыга чейин илим, билим чукуп талдашат. Кереметтүү «Куран» китебинин сүрөөлөрүн пара кылып ирети менен кыраатын келтирип окушат. Алгачкы күндөрү салмак таштап, арыктап, чап жаак болуп, бет түзүлүшү өзгөрүлдү. Кыйналганы араб алфавитин жаттай албай, кыйла убайрам түштү. Тил өздөштүрүү дагы бир азап болду. Кийим-кечедеги айырмачылыкты бат эле кабылдап, бара-бара группалаштарын кубалап жетип, артта калган сабактарын өздөштүрүп алды. Тилди, жат жазууну өздөштүрүп калган соң, керең адамдын кулагы угуп калгандай оозу кулагына жете сүйүндү. Кубанганы мударис эмне сөз кылып жатканын аңдап, маани берет. Ал айткан таалим-тарбияны өздөштүрө баштаган кезде, кайдан чыккан атың өчкүр согуш балакети башталды. Шаарды аткылаган ок-дары мөндүрдөй жаады. Эл болсо селдей агып, Алеппону гана таштап качпастан, өмүр бою тапкан үй-оокаттарын калтырып, колуна бир түйүнчөгүн кучактап, балдарын жетелеген энелерди көргөндө зыбаны күйүп-күйүп кетти. Көп кабаттуу имараттар ай өтпөй урандыларга айланды. Кечээги байыркы шаар талкаланып, Алеппонун «а» тамгасынан бөлөк эч нерсеси калбай, таш-талканы чыкты. Ошол кезде окумак турмак, керт башын сактайбыз деген кечээги группалаштары бильярд ташындай тыркырап, чачылып жок болушту.

Хузур аттуу группалашы экөө аэропортко баратышып, Ислам мамлекетин курабыз деген ыктыярдуу топтун колуна туткунга түшүштү. Бир-эки ай алардын ок-дарысын камдоо цехтин кара жумушун жасап жатышты. Кечиндеси жумушчу топту топтоп, сакалы көкүрөккө жеткен дамбалчан Азиз аттуу дамыла чогулуш өткөрдү. Сабак өтүп жатып булардын мээсин ар балээни айтып ачытат. Алеппону коргоп жаткан жергиликтүү аскерлерге каршы согушууга ачык үндөй:

«Ислам мамлекетин куруу үчүн, адам өлтүрүү мыйзам бузууга кирбейт. Шариятта да күнөөгө жатпайт», – деп ишендирип салды. Алгач мындай чакырууларга мууну титиреп, коркунуч менен кабылдаган болсо, бир айлык окуу бүткөндө, колуна курал алып, каршылаш душмандарынын жүрөгүн сууруп алууга даяр, делбе болуп калышты. Чынжырга байлаган урушчаак иттен бешбетер жүткүнүп, согушка кирсем деген күсөөсү артып, керек болсо жанынан айрылууга да даяр турушту. Хузур менен Абдулланы өздөрүндөй даяр ыкчам топко кошуп, таң эрте чалгынга жөнөтүштү.

Шаар ичиндеги урап калган көп кабаттуу үйлөр арасы, ар-ар жерде окко учкандардын кыймылсыз денелери ит-атардын огунан жан берген иттердей канбайрам болуп оонап жатат. Автомат менен замбиректердин үнү ар тараптан угулуп, кулактар бүтүп, бети–башы чаңга буланган адамдарды кимиси кайсы тараптын аскери экенин ажыратып билүү эч мүмкүн эмес. Аткылашып жатып, каршылаштарынын ок-дарысы түгөнгөн соң, кемер куруна кыстарылып турган канжарларды алып алдыга жулкунушту. Урандыга айланган үйдүн ичинде коргонуп отурган Хузур менен Абдуллага аскер кийимчен 17–18 жашар бозулан төрт жигит кол салышты. Хузур экөөнү ит аткандай тоголото атып салды. Бирөөсү акелеп: «Туткунга алыңыз! Жан соога», – деп чөгөлөп, Хузурдун алдына келген маалда, ал жырткыч жаныбардан айырмасы жоктой, тиги куралсыз аскер солдатты туткунга албастан, отурган жеринен жалпайта атты.

Өмүрүндө мындай мыкаачылыкты көрбөгөн, Абдулла эки колу менен бетин жаап, Жаратканга жалбарып жиберди. Ошол кезде бир ныптасы «чызз», – этип ачыштырып, көзүнөн от чыгып кетти. Көзүн ачса тиги жалгыз калган аскер солдаты жан сактоо амалында,

бычак менен Абдулланын капталына сайып өтүптүр. Экинчисин көкүрөккө шилтейин деп бет алдына келип калганда, жан ушунчалык ширин экен, аффектик абалга кептелип калган Абдулла, канжарды асманга көтөрүп туруп сириялык солдаттын жүрөгү тарапка матырып ийди. Аскер солдаты Абдулланы кучактап ылдый сылтып, аянычтуу аны тиктеген абалда: «Ап–паа», – деп бакырып, көз алдында мерт кетти.

Мусулман мусулмандын жанын сууруп алып жаткандарга өз көзү менен күбө болду. Өзү баш болуп, жаш өмүрдү кууратты.

Кечээги сакалчан Азиздин сабагынан кийинки делбе абалы бетине муздак суу менен учуктагандай жок болду.

Иренжиди, көңүлү кирдеди. Атасы Туйбас Султановдун: «Балдарым эч качан бирөөгө кыянаттык кылбагыла. Керек болсо кумурсканын да өмүрүнө зыян келтирбегиле», – деген насаатын эстеп, эчкирип ыйлады. Жаш өмүрдү кыйганына арман кылды. Көөдөнүндөгү абийири, уяты жүрөгүн эзгиледи.

Өмүр бою Жаратканга ишеним менен жашаган болсо, ушу кезде эч нерсе көзүнө көрүнбөй, көр болгондой акыбалга тушукту. Көзүн жумса эле жанагы жаш жигит, Абдулланын көкүрөгүнө кулап баратып, «Ап-паа!» деп жан бергени көрүнө берип, жинди болоюн деп калды.

Хузурду көрөйүн деген көзү калбады. «Кантип ушул жан алгыч менен эки жыл чогуу окудум» деп андан көңүлү көк таштай сууду.

Кечки маал тамактанган мезгилде «качуу» оюу мээсинде кылт этип, ошол нерсе менен гана алек болуп калды. Капталынан жарадар болгону үчүн ок–дары цехине которулуп, медайымдардын көзөмөлүнө өттү. Өзү цехке жардам берип, жарат алган жерин

дарылоо менен бирге оокат топтоду. Тамак-ашты көп жеп, өзүнө күч топтой баштады. Мекенине качуунун планын, жол картасын түзүп жатты. Кувейк дайрасына ок-дарылардан чыккан акыр-чикирин ыргытымыш болуп, анын агымын изилдеп чыкты. Дарыя жээгине топтолгон устундарды бири-бирине кынаптап кайык жасап, бадалдарга бекитип койду. Капталындагы жараты айыккан соң, кечке жуук топтогон нан азыктары салынган куржунун далысына артып, Кувейк дайрасынын агымы менен агып жөнөдү.

Көз ирмебеди, устундарга колу-буту менен жарганаттай жармашып, бирде шаркырап, бирде мелүүн аккан дарыя агымы менен түнү бою агып, денеси чылгый суу болду. Буту-колу таш-бадалга урунуп шишип көгөрүп, кансырап кетти. Дарыя суусуна ашказаны толуп ичи дардайды. Таңга жуук дарыя жээгинде жайгашкан алачыкка көзү урунуп, чабак уруп араң жээкке жетип, эси ооп кулады.

Көзүн ачса алачык ичинде, түтүн ыштаган бөлмөдө жатат. Ысытмасы 39–40 градуска жетип, денеси бүт тердеп, жөтөлгөнү басылбайт. Суук өпкөсүнө чейин өтүшүп кетиптир. Жашы алтымыштарды чапчыган ак баш, ак сакал көк муруттуу, өңү күнгө капкара болуп күйүп калган, кийими жарды, бирок көзү мээримдүү киши Абдулланын маңдайына ным чүпүрөктү утуру суулап, басып жатыптыр. Башын имерип оозуна белгисиз чөптөрдүн кошулмасынан турган суюктукту ичирип жатты. Оюнда: «Жанагы жан алгыч ыктыярдуу топтун биринин колуна туткунга түшкөн турбаймынбы. Ушундай кордуктан көрө өлүп калсам жаным тынч алат эле» деп санааркады.

Ысытма Абдулланы галлюцинацияга түшүрдү. Көз алдына ыраматылык атасы Туйбас Султанов келип: «Балам, өлүмгө шашпа. Биз жакка келүүгө сага

али эрте. Бул аксакал сени айыктырып бүткөн соң, Күрд ыктырдуу тобуна тапшырып берет. Алар сени качкындарга кошуп Түркиянын чек–арасынан өткөрүп коёт. Сенин дагы ичер сууң, көрөөр күнүң алдыда. Кыйылбастан артыңа өмүргө кайт», – дегенде, чочуп ойгонуп өзүнө келди. Бейтааныш аксакал Абдулланы мээримдүү көзү менен карап:

– Акмактар Алеппону талкалашты. Сендей жаш жигиттердин, жаш ымыркайлардын, энелердин убалына калышты, желмогуздар, – деп көзүнө жаш алды.

– Аксакал, азыр мен кайсы жердемин?

– Күрддөр отурукташкан жерге жакындап калдыңыз. Ысытмаңыз түштү. Буюрса сизди Күрд ыктыярдуу тобуна тапшырып беремин. Алар сиздей качкындарды Истамбулдун чек–арасынан өткөзүп коюшат. Андан ары өз мамлекетиңиздин элчилигине кайрылып, өздүгүңүздү күбөлөндүрүүчү документиңизди тактасаңыз мекениңизге кайтууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Кайсы жердин, кайсы элдин баласы болосуң, уулум?

– Орто Азиядан. Кыргыз Республикасынан. Бишкек шаарынан болом, улутум кыргыз.

– Ай оңбогон согуш, ар кимибизди ар жакка чачыратып салды. Алеппо кандай?

– Алеппо ок–дарынын жардырууларынын кесепетинен урандыларга толуп кетти. Шаар тургундары үлгүрүп качып кеткендери качты, курчоодо калгандары туткунда калышты. Алеппонун абалы тизе бүккөн туткун кейпин кийгендей бозала кордукта.

– Оо, оңбогурлар! – деп аксакалдын ындыны өчүп, шолоктоп ыйлаган көз жашын бет-аарчысы менен сүрткүлөп аарчыды.

Туйбас Султанов аян бергендей, аксакал убадасын аткарып, Абдулланын дени сакайып калганда, күрд-

дөрдүн ыктыярдуу тобуна тапшырды. Анын жөн–жайын, өткөн-кеткенди сураштырып, качкындар тобуна кошуп, чек-арадан Истамбулга өткөзүп коюшту. Элчиликке келип, өздүгүн тактаган документтерди бүтүрүүгө эки апта убакыт кетти.

Куш сыңары ааламга учуп, дүйнөнү чарк айланган Абдулла акыры Бишкекке ата-конушуна келди. Апасы Айна ыйлап-сыктап тосуп алып: «Туйбастын көзү тирүүсүндө баарыбыз ынтымакта бактылуу өмүр сүргөн экенбиз. Өмүрүмдүн эң таттуу бөлүгү ошол маал экендигин эми сезип олтурамын, уулум. Амансыңбы! Кайдагы Сирияга барам деп, карыган апаңды унутуп койдуң окшойт, же кат кабарың жок, ыраңың да серт.

Баймурза баягы сен каршы болгонуңа карабай сүйдүм-күйдүм болуп дини бөлөк Ассольго чыпташып, аны үйгө алып келген эле. Анысынын же бары же жогу билинбейт. Экөөнүн мамилеси ылымылык.

Өзү болсо саартан кечке мамлекет иши менен алек», – деп Абдулланы өөп жыттады. Колундагы суу толо чыныны анын башынан тегеретип түкүртүп, идишти босогого оодарып койду.

Бош кол болбогон соң, үй айланасын чөп басып, каралбай калган үйдүн ар жери урап калган. Бир жума Абдулла сыртка чыкпай, терезенин пардасын тартып, караңгы үйдө күн-түн өлүк адамдай уктады. Дароо эле адамдарга аралашып кетүүдөн шексинет. Сириядагы туткунга алган ыктыярчылар колун бурап алып кетип калат деген коркунучу үйүндө жатса да тынчын алып чочулайт.

Арадан бир апта өткөн соң, билекти түрө шымаланып, үйүнүн атарабындагы чөптү оруп кирди. Түш ооп калган кезде чарчап чаалыгып калганга башын чөмөлөгө жөлөп, уйкуга кетти. Бир маалда дарбазасын каккылаган эркектин доошу угулду. Ордунан туруп:

– Ким? – десе

– Ач эшикти, – деген бейтааныш үн чыкты. Үн жат болгону менен ал добуш кулагына тааныштай, жакында эле бир жерден уккан. Жайбаракат барып, каалганы ачып, чочуп кетти. Эшиктин алдында көкүрөгүндө бычак сайылып, шоргологон каны ылдый агып, сириялык солдат турат. Коркконунан жүрөгү тамагына кептелип, оозуна келме келбей калды. Солдат биринчи үн катты:

– Абдулла, өзүң беш маал намазды үзбөй окуйсуң туурабы?

– Туура, – дегенге араң жаради, качайын десе буту жерге магниттей кадалып, жылбайт.

– Алеппоdo уранды үйлөрдүн ичинде мени көкүрөк туштап бычак сайып жанымды алдыңбы?

– Ммммм..., – деп күбүрөнүп, жок дегенге даай албайт.

– Эми экөөбүз тең мусулман болгондон кийин сөөктү суугa алып, кепиндеп, жерге берип койбойт белең, адамды кыйнабай!?

– Солдат кечир, мени Хузур шаштырып, жолдон адаштырды, – деп энтигип, ынтыкканга деми кысылып, күнөөнү Хузурга оодарып, актанып кирди.

– Эми ушинтип босогодо соксоюп тура беремби? Деги кандай адамсың, кел, деш жокпу силерде? – дегенде, Абдулла чочуп кетти. Чочуганы үйдө апасы бул кылгылыкты көрүп калса түк кечирбейт: «Адам өлтүргөнүмдү билип калат», – деп башы айланып, аргасыз акыбалда калды. Айласы кеткенде, сириялык солдатты үйгө жүр дебей, малканасына алып кирди, анысын аңдап калган солдат:

– Эй Абдулла, кызык экенсиң, үйүң турса мазар бастырып келген сый коногуңду малканага коноктойсуңбу? – деп шылдың кылып каткырык салды.

Кылчайып арт жагын караса, солдаттын көкүрөгүнөн аккан кан короосунан малканага чейин агып, из болуп калыптыр.

Изди көрүп башы тегеренип, окшуп, кусуп жиберди.

Көзүн ачса чөмөлө үстүндө кара тер басып жатат. Оң жагын караса кусунду: «Эмне болуп кетти?» – деп үйүнүн алды жагына барып, короосундагы малканага кетчү жалгыз аяк жолдо тамчылаган кандын изин көргөндө, сур жыланды тебелеп алгансып жүрөгү шуу дей түштү.

*　　*　　*

Абак. Шейшемби. Чак түш. Исакты сурап адам келгенин кабарлашты. Ал таңкы тамакты ичпеди, түшкү тамакты тиктеп да койбоду. Сымбат күйпөлөктөй Исактын кареги менен он айланат. Досун ой басып калганын баамдабады: «Ооруп калдыбы, же кусалык жүрөгүн эзип жатабы», – деп сырттан адам келгенин сүйүнчүлөдү.

Анысына маани бербей эч кебелбейт. Исактын эки көзү сыры түшкөн шыпка жармашып калган, кыймылсыз нес абалда, транска түшүп калган инсандай ою космосто учуп жүрөт. «Ким?» – деп да сурап кызыкпады. Кээ күндөрү эшик тиктеп: «Бирөө-жарым сурап кабар алат болду бекен? Мен да бирөөгө керектирмин?» деген үнсүз үмүттөр канча күн, канча ай эшик сагалагандар ошончо эле. Исак болсо, бейшемби күнү болчу маектешүүнүн мазмунун ойлонуп жатты.

Мындай маектешүүлөрдүн жыйынтыгын башкалар бөлүшүп жүргөн. Эркиндикке чыкканы болгон, чыдамы кетип, ыңгайсыз суроо кычыгына тийип, канаттанбай маек курган комиссия мүчөлөрүн ашата сөгүп, эркиндик эшигин өз пейли, наадандыгы менен

жапкандар болгон. «Эркиндикке чыккандан кийин эмне жумуш кылам?» деп ойлончу. Отуруп чыкты атыгып калган соң, жүрөгү, жүрүм-туруму миң ак болсо да, карышкырдын оозу баары бир кан дегендей, зек деген жабышкак ат бешенесине күйгүзүлүп мөөр басылгандай эле. Өзү жашырса да өзгөлөр ушактап коёру жаркырап тийген күндөй белгилүү эле.

Күзөтчү Исакты чакыртып: «Жолугууга келген жаш келин экен. Мындай периштеге жолугууга чыкпаган, эркек эмей бачабазбы?» – деп шылдыңдаганга аракет кылып, бырс жарылды эле. Аны коштоп эч ким күлбөй койду. Исактын кулагы: «Келбеттүү келин», – деген сөздү чалып калганга эркек эмеспи, шып тиктеген көзү ойноктой түшүп, чанагына кайрылып келди. Керебеттен секирип түшүп, кийим-кечесин түздөп, жолугушуу бөлмөгө кирип, таңыркаганын жашырбады.

Ассоль чөлдө жалгыз өскөн дарактай соксоюп отуруптур. Баймурзага тийгенден кийин ак жоолук салынып жүрчү башы жылаңбаш. Маанайы суз, бирок ичи күптү адамдай ичи бышып, агынан жарылчудай турган турпаты даана көрүнүп турат. Күзөтчү экөөнү бет маңдай үстөлгө калтырып, өзү бурчка тургандын ордуна эшикти сыртынан жаап, чыгып кетти. Анысына Исак деле, Ассоль деле эч этибар салышпады. Күзөтчүнүн оюнда Исакка боору ооруп: «Жаш келин экөөнө жолтоо болбоюн, кенен чер жазышып сагынычтарын таркатып, опоң-чычаң ойноп, өпөңдөп алышсын», – деп колдогон адам болуп сыртка чыгып турду. Эшик сыртына чыкканы гана болбосо, эки кулагы бөлмө ичине калтырып койгондой бөлмө ичиндеги күбүршыбырга кулак түрдү. Бул сыртка чыгып кетсе эле жолугушуу бөлмөдө калган экөө камырдай жуурулушуп, көшүл-ташыл эзилишип, жан кумарын жазып, дүпа-

дүп кошулуп баштаса, жыргап тыңшайм дегени оюндагыдай чыкпай, бөлмө ичинен супсак сөздөр араң угулат. Анысына күзөтчү чычаңдайт: «Эркек эмей эле чирип калган дөңгөч экен», – деп өзүнүн напсисин агытып ашыктык кыялдары аркылуу Ассольго суктануусун жашырбай: «Мен Исактын ордунда болсом, мындай периште үчүн зынданга гана эмес, жердин жети түбүнө кирип, азап тартууга макул болмокмун», – деп жумушу калып эле, эркектик делебеси козголуп, корукчу кызматында эмес тыңшоодо олтурду.

Ассоль менен Баймурза экөөнүн ортосундагы келишпестик кыянын кырына жетип, экөө ара жолго түштү. Эки жыл мурун баш кошуп, ортодо пайда болгон бир уул бир кызын кайын журтка калтырып, ажырашып кеткенин жар салды.

Арийне, Исак Жусуповго муну биринчи угузганы, балким аны менен кайрадан экөөнүн мамилесин улантууну көздөгөндүр. Исак эч унчукпай угуп олтурду. Ооз ачып сүйлөбөдү: «Эркиндик менен сүйүктүүмдү жуп кылып колго саламго деген канаттуу кыялдары жүрөгүн жарып дүкүлдөтөт. Салкын кандуу акылы али эркиндик маселеси толугу менен чечиле элек. Ассоль башы бошогону менен, ал дагы өзгөрдү, сен дагы өзгөрдүң», – дегендей салкын желди күйүп жанган жүрөк туштай сыдырып желпиди.

Ассоль Исакты бошотуу боюнча комиссия анын ишин карап жатканы боюнча маалыматы жок эле. Ошол эле учурда Исак дагы эркиндикке чыгабы же абакта дагы төрт жыл отурабы? Ал дагы али билбейт. Түйүн чечилчү күнгө эң эле эрте дегенде дагы эки күн бар.

Ассоль Баймурзадан ажырап өз тагдырын Исак менен чогуу болууга буюруп келген чагы:

– Исак үч жыл абак артында олтурдуң. Өз колуң менен мени сүйбөгөн инсанга буюрдуң. Нике ысык деп аракет кылып жашадым. Турмушум оңунан чыкпады. Ашырганым бир уул бир кыз болду. Эми башым бош, жубайлыкка аласыңбы?

– Ассоль, мен абакта дагы төрт жыл олтурамын.

– Мен аны билем. Сени мен өмүр бою күтүүгө даярмын. Сенин оюң кандай?

* * *

Абдулла коркуп кетип, биринчи ойлогону апасы Айна болду. Аны издеп үй ичине чуркап кирди. Бул шумдуктуу солдат апасына кол салып, шойкумдуу ишке барбасын деп чочулады. Үй ичи жымжырт, эч ким жок, бардык бөлмөлөрдү тинтип текшерип чыкты: «Ой тооба азыр эле үйдө жүрбөдү беле», – деп дарбаза сыртына чыкты. Көчөдө кошуна эркектер карта ойноп, арактан шимирип жатышыптыр. Алардын жанына барып: «Апамды көрбөдүңөрбү?» – деп кайрылды. Арасынан кошуна классташы Урмат телпегин силкип, башына кийип: «Ээ, досум, аяш энемди көрбөдүм, бирок жана бир эркек киши эшигиңерди каккылап жатты эле», – дегенде торго түшкөн балыктай тыбырчылап кетти да, Урматка кайрылып: «Көкүрөгүндө бычак сайылган сириялык солдат бекен?» – деп күмөнүн бышыктагысы келип, калтырак баскан эки тизесин мыкчыды.

– Ээ досум, каяктагы сириялык солдатты айтасың? Билбейм. Бычак-сычагы, кан-панын даана көрбөдүм, башыңды оорутуп эмне кыласың? Кел, андан көрө мынабу арактан бир чыны ууртап жибер.

– Окуган намазым эмне болот?

– Эч нерсе болбойт. Ана биздин мечитке имам болгон Мамбет агай деле уяттуу кишилер менен анча-

мынча агынан алып коёт деп эле айтып жүрүшпөйбү. Калк айтса калп айтпайт да, кел эми алып жиберчи, кысылбачы, – деди эле. Делбе болуп, кара жин моюнуна миндиби, же конокко келген сириялык коногуна тике караганга күч топтоюн дедиби, шарт көтөрүп бир чыны аракты уууртап жиберди. Уу ичкендей көздөрү чакчайып, ичи ысып, бети башы кызарып чыкты. Бир саамга унчукпай туруп калганда, Урмат: «Кел эми жуп болсун», – деп экинчисин да кыстап, ичирип жиберди да, – «Досум эми экинчи бөтөлкөнү сен алып келесиң, дүкөнгө барып кел, бизде бөтөлкөлөш достордо салт ушундай», – деп Абдулланы ой-боюна койбой, арак таап келүүгө жолго салды. Дүкөнгө жакындап калганда жүрөгүнүн сыгылганы жазылып, чөккөн көңүлү көтөрүлүп, корккон жүрөгү чыккан кабына кирип, айбаты шер арстандай болуп калганга: «Энеңди урайын! Эмичи, кимиси болсо да пачагын чыгарам. Сириялык солдатпы, мага демектен генералы келсин», – деп көчөнү башына кийип, дүкөнгө кирди. Дүкөнчү Марапат эже мас абалдагы Абдулланы көрүп аң-таң калды, бирок сыр бербей бир шише арак, килка консерва, жана кола суусундугун берип, карыз дептерине жаздыртып чыгып баратканын көрүп: «Менин дүкөнүмө дагы бир кардар көбөйдү», – деп жалжактап койгонун, Абдулла кулагына илбеди. Керели кечке көчө безерлери менен аракка тоюп, үйүнө бутуна тургус чылгый мас абалында кирди. Айна апасы баласынын арак ичип алганына эч кыжалат болбоду, аны урушпады. Туура түшүндү. Астанага таянган Абдулла бир бут кийимин чечип тээп:

– Апа, сириялык солдатты көрбөдүңүзбү? – деп апасына кайрылган биринчи эле суроосу ушу болду.

– Жок ботом. Кайдагы солдат?

– Ой чындап эле. Биз Алепподо алышып кеттик. Ал биринчи мага кол салып оң ныптама бычак шилтеп

жибериптир. Мен өз өмүрүмө коркунуч туудурган сириялык солдатты көкүрөк туштай бычак сайдым. Бүгүн ошол солдат биздин үйгө келиптир, көкүрөгүндө дагы эле мен сайган бычак жүрөт. Мен аны үйгө алып киргенден сизден уялдым. Үйгө алып кирбей малканага алып кирдим. Төшүнөн аккан кан короодогу жалгыз аяк жол менен малкана ичине чейин так болуп калыптыр. Эртеге жууп тазалап коём. Балаңыз бир адамдын жанын алып койду апа, кечириңиз. Атам берген тарбиядай болбой калдым. Силердин үмүтүңөрдү актай албадым, апа!» – деп апасына айтып жатты.

– Кой, балам антпе, андай эмес. Сен согушту көрүп калбадыңбы. Коркконго кош көрүнөт болуп жаткан турбайбы. Эт түгөнүп калгандан, чыбыр тоокту мууздап жатсам, канатын чала тебелеп алган экенмин, бошоп кетип малканада жем бар эле, ошол жакка качып кирбедиби шумдуктуу. Малканага кетчү жалгыз аяк жолдогу кан ошол чыбыр тооктун каны, балам. Сен кантип адам өлтүрмөк элең, адам эмес тоок муздаштан коркуп жүргөн, балам ай! Жат, эс ал. Эртең сүйлөшөбүз», – деп Абдулланы, ыраматалык атасы Туйбастын керебетине араң алдап-соолап жаткызды.

Эне жүрөгү уулунун адам өлтүрүү боюнча айткан кебин масчылыкка шылтап, андайды ага ыраа көрбөдү. Абдулла болсо соо кезинде ыйбаа кылып, айта албай жүргөн катылган сырды төгүлүп айтып бергендегисине мээримдүү энеси түк ишенген жок, былжырак мас адамдын кебиндей кабылдады. Эненин сүйүүсү Абдулланы курчап, көңүлүн сергитти. Арак да ичине кирип канын суюлтуп, чарчаган денесин жазып, бат эле коңурукту кер тартып таттуу уйкуга кетти. Айна апа Абдулланын кийим кечесин чечип, үстүнө жууркан жаап, маңдайынан өөп, улутуна тиктеп, керебет чекесине отуруп калды.

* * *

Абак. Шейшемби. Түн. Исактын уйкусу качып, кечээги Ассоль экөөнүн жолугушуусун көз алдынан чубалтып өткөзүп жатты. Ал Баймурза экөөнүн турмушун айтып бергенин эстеп, кирпик какпай ойго батты. Албетте, маалымат бир беткей болуп калуусу мүмкүн, ал үчүн Баймурза досунун да пикирин угуп коюуну туура көрдү. Ал эми Ассольдун айтуусу боюнча окуялар төмөндөгүдөй болуптур.

Ассоль сойкулук тууралуу аз убакыт болсо да денесин саткан жеңил кыздардын катарында жүргөнүн кошуп–ташып айтып, үйлөнүүдөн айнытайын десе мындай кепти ал кулагынын сыртынан өткөзүптүр. Аргасы кеткен Ассоль бир гана өтүнүч менен кайрылат. Анысы жашай турган жери Баймурзанын атасы Туйбастын жер үйү эмес, алардын шаар борборундагы батиринде түтүн булатуу каалоосун Баймурза орундатат. Ал эми Баймурзанын Ассольго койгон талабы, ал христиан динин таштап, ислам динин кабыл алуусу эле. Ассоль Баймурзага турмушка чыгып, динин өзгөртүүгө дагы макулдугун берет. Болгону, дин маселесинде шаштырбоосун чын дилден суранат. Дин – бул жан дүйнөнүн өзгөрүлүүсүн талап кылчу дыккат маселе, андыктан, чукул бурулуш кылбай бир аз убакыт берүүсүн өтүнөт. Экөө баш кошкон күндөн бир ай убакыт өтпөй  Ассоль Баймурзанын мажбуру менен намазга жыгылууга дуушар болот. Баймурза өзү намаз окубайт экен, бирок Абдулланын дин боюнча кулагына куйган насааттарын Ассольго колдонуп, анын айткандарын кайталап, тигини кыйла шаштысын алат. Ошол.

Адегенде эле таң эрте аны кыйнап тургузуп: «Намазыңды окубайсыңбы?» – деп түрткүлөйт. Жаңы ке-

лин болгон, бир жагы протестанттык канына сиңип калган Ассоль башына жоолук салынып, үй-бүлөсүн сактоо максатында намазды жатка билбегендиктен китепти жанына коюп окуп кирет. Дилинде: «Балким мусулманчылыкка ыктап кетермин», – деп чын ыкластан аракет кылып көрөт, бирок байкаштырса жан дүйнөсү тыякта чырмалып калганын билет.

– Баймурза, мен азырынча даяр эмес экенмин. Китептерди окуп чыгайын, акыл пештеп, жан дүйнөмдү дагы ушул жакка бурганга аракет кылайын, – деп агынан жарылганда, ал:

– Сен деген билесиңби, сен ал китептерди окуп бүткүчө өлүп калышың мүмкүн, – деп коркутуп, – Сен беш мүнөттөн кийин эмне болушуңду билбейсиң. Ошондуктан моюн сунуп, кеч боло элегинде эртерээк башта, – деп зыбанын күйгүздү.

– Баймурза антип коркутуп, менин көңүлүмдү оорутпачы. Алгач адабий көркөм китептерин, андан соң өзүм тутунган протестант диндеги ушул ыйык китепти окуганмын, – деп өзүнүн окуясын ак дилинен айтып ой бөлүшүп, – Эми буюрса намазга да дилимди туштап, маани-маңызын жүрөгүмө кастарлап, андан соң баштайын.

– Кызык экенсиң. Өлгөндө, суракта, классик жазуучуларыңдын жазган китептеринин мазмунун сурабайт. Суракта кылган амалдарыңды, анан окуган намазыңды, туткан орозоңду сурайт.

– Баймурза, мен ал нерсеге шашпай келейин деп жатпаймынбы. Жашообуз тутанбай жатып, мени өлүм менен коркутуп жатасың. Адегенде бири-бирибизге көңүл буруп, жаш жубайлардай жакшынакай болуп жашабайлыбы? Концертке баралы, китепканага барайлы, кино көрөйлү. Муз аянтчага барып, коньки тээп эс албайлыбы?!

– А сен бир күнү өлүп каламын деп коркпойсуңбу? Баары бир жан дүйнөң дагы эле протестант боюнча экен аа?!

– Койчу Баймурза, при чем тут протестанттык?! Жөн эле адамча жашай албайбызбы? Жазында жаратылышка чыгып, дарыя агымына суктанып, жайкысын Ысык–Көлгө түшүп, жаштардай эле болуп жаштыктын доорун сүрбөйлүбү?

Ошентип экөөнүн дебаты жадегенде кечки төшөктө да эч токтобой ырбайт. Узак теманы баштап алышып, бири төө десе экинчиси бээ деп, экөө эки башканы сүйлөп, турмушу эшек арабадай калдырап өтүп жатты. Ушундай өңүттөгүдөй сөздөр Ассольдун көөнүн көк таштай муздатып, жан дүйнөсүндөгү сары санаасы таруудай чачылып сан-санга бөлүнүп жатты. Ал чыны ыкласы менен намаз окууга белсенип жаткан болсо, акыркы кездерде эрте мененки багымдат намазга турбай, уктап калган күндөрү уланып жатты. Ал ортодо боюна бүтүп калганы, ортодогу ылымылык ары өлүмсаңги мамилелерине оттун учкуну тутанды.

Кызы төрөлгөн күнү Ассольдун башын каптаган кара–булут жылмышып, төбөсүнө жаркыраган күн тийди. Баймурзанын көңүлү жайдары тартып, кучак жая гүлдесте көтөрүп, төрөткананы гүлзарга айлантып, дарыгер, медайымдардын чөнтөктөрүн акчага толтуруп, үстөлдөрүнө шириндиктерди, шампан ичимдигин жыйып салды.

Наристе жарык дүйнөгө өзү менен бирге үй-бүлөгө ысыктык менен тынчтыкты алганча келиптир. Баймурза, Ассольду алаканына салып бапестеп, төбөсүнө көтөрүп, эркелетип бакты, кызына деп оюнчак сатчу дүкөндүн жарымын көчүрүп келди. Ассоль «бактылуу турмуш ушул экен» деп бул дүйнөгө жаралганына биринчи жолу жаны жай алып, ыраазы болду. Керек бол-

со Баймурзага турмушка чыккан күнү дагы мынчалык бакытка баткан эмес эле. Эми болсо кызы менен күйөөсүнүн ортосунда эркелеп, аябай эреркеди. Жолдошу колуна салып, Ассольдун оозунан чыккан, чыкпаган нерселерди алып кийгизди. Колуна, моюнуна, кулагына алтын, бриллиант тагынчактарын тагып, жайдары жанын андан бетер жаркылдатып салды. Кызы күндөн-күнгө чоңоюп, эрте менен айга окшоп, түштөн кийин күнгө окшоп, упчусун түкүрүп жылмайып, там-туң басып, ооз ачып агуласа деле чурулдап сүйүнүп жатышты.

Кудай ал кулум деди окшойт, көп узабай дагы боюна болуп, экинчисин уул төрөдү. Мунусун Баймурза негедир муздак дубалга жөлөнгөн инсандай салкын кабыл алды. Атурмак төрөтканага да келбей, шоопурун чапкылатып жөнөттү. Өзү «командировкада жүрөмүн» деген шылтоосу менен ааламды кыдырган дербиштей он күндөн кийин келип, кечки муздак шамалдай салкын учурашты. Уулун кадыресе колуна албай, мурдунан учунан чымчып өбүмүш болуп, чарчаганын шылтоо кылып, уйкуга кетти.

Кудай берем десе пешимде кымыз сыңары ушул күндөрү уулуна удаа жагымдуу жаңылык болуп, Баймурза кызматынан көтөрүлдү. Кызматынан гана көтөрүлбөстөн, өпкөсүндөгү текеберчилиги да беш тепкичке жогорулады. Аны куттуктап пахта коюп, мактагандар көбөйдү. Өзү ичимдикти башта ооз тийип кана койчу болсо, эми аны менен достошуп, кадимкидей мас абалда келип жатты. Аялдык бакытты, төшөккө экөө бир жатпагандарына эки айдан узап кетти. Баймурза мас келген күндөрү уктап калып, телефону телевизор көрчү үстөл үстүндө калып кеткен түндөрү уюлдук телефонуна бейтааныш кыз-келиндерден: «Дагы качан келесиң? Качан жолугушабыз?

Мен сизди аябай сагындым. Мага бүгүнкү түн өлгүдөй жакты», – сыяктуу СМСтер келе баштады. WhatsAppка жылаңач эркек-аялдардын орунсуз, кылыктанган интимдик кошулуулары тартылган видеотасмалар, сүрөттөрдү жүктөп жатышты. Ассоль карабайын дейт, бирок колу телефонго жетип, чукулап жогоркуларды көргөн сайын анын жан-дүйнөсү кирдеп, ичи иренжиден ириңдеп, муун-жүүнү бошогон адамдай калтаарып баратты.

Баймурза башында агасы Аблулладан уккан дин жөнүндө учкай сөздөрүн айтып жүргөн болсо, эми кызмат амалы көтөрүлүп, акчасы, дүр-дүйнөсү болуп көрбөгөндөй көбөйгөн кезде, кереметтүү китепте айтылган сөздөрдү эч оозанбай калды. Адамгерчилиги азайып, көңүлү карайып, дилкөөнү чик болуп, кичине келген кийимдей тарайып баратты: «Ассоль, экини төрөдү, эми асыресе мендик болду. Кайда бармак эле?» – дегендей түрдө мамилеге өтүп алды. Алгач турмуш курган кезде: «Намаз оку, христиандыгыңды унут!» деген талаш менен үйдө чыр-талаш болуп жаткан эле. Эми болсо Баймурзанын телефонуна келген кыз-келиндердин СМСтери менен WhatsApptагы уяттуу видеотасмалар, үрөйдү учурган уят сүрөттөр чыр-талаштын чордонуна айланды. Баймурза ыржактап кол шилтей: «Көңүл бурбай эле кой, булар деген күнүмдүк чер жазчу кыздар. Сен билесиңби менин жалгызымсың, түбөлүктүүмсүң. Алар мындай эле, бир түндүк көпөлөктөр!» – деп бетиндеги бет кабын чечип, анык аңги жүзүн көрсөтүп, ачыкка да чыгып алганы, араң турган Ассольду ажырашуу чечимине түрткөн негизги себептиринин бири эле. Ал ортодо Баймурзага бул пикирди айтса, мас немени дилиндегиси тилине чыгып: «Ассоль төрт тарабың кыбыла, бирок балдарды алып кетем деп эч убара болбо. Кокус аларды алып

кетем дей турган болсоң, жердин жети түбүнөн болсо да таап аламын, уктуңбу? Мени билесиң!» – деп кекетип, ал турмак ажырашууга ал деле макул экендигин айгинеледи.

Ассоль Баймурзага турмушка чыгып жаткандагы Баймурзанын сөөгү эле калбаса, аны кызмат, акча, кошоматчылык кылган айланасы буздубу, же өзү дээринде бузукубу беле? Айтор, Баймурзага дат-балээ дебей, чуу көтөрбөй унчукпастан үйдү таштап чыгып кетти. Баймурза жумушу менен болуп сезбей калды, балким сезгиси да келбедиби, ал учурда анын койнун кызыган тандырдай ысыткан жаш кыздардан бошобой жүргөнсүдү.

Ассоль түйүнчөгүн көтөрүп, бала төрөгөндөгү кымбат баалуу тагынчактарын алды да, түз эле абакта жаткан Исак Жусуповго жөнөдү. Абакка кире берчү жердеги дүкөнчү аялга түйүнчөктөрүн таштап, Исакка жолугуп, темирди кызуусунда бас сыңары маселе кызуусунда ага баарын ачыктап, жалайыктай жая салды. Өзүнүн кийинки кадамдары менен бөлүштү.

Исак Ассольдун жүйөлүү сунушун четке какпады, бирок ынанымдуу үмүт дагы бербеди. Болгону абакта дагы төрт жыл олтуруусун айтып, экөөнүн олуттуу мамилесин кийинкиге жылдыргандай абалга калтырышты. Ошентсе да экөөнүн жан-дүйнөсүндөгү бирибирине болгон ак дили – ийненин көзөөсүндөй болгон үмүткө дил байлап, чырак билигиндей үлпүлдөп өчпөй турду.

*  *  *

Абдулла ойгонду, башын көтөрөйүн десе кара казанды башына оодарып койгондой оорлошуп, кулагын столбадагы ток зымына улап койгонсуп зыңылдап тунжурайт. Эки чыкыйы зубиланы балта менен

каккылагандай бырчыланып оорутат. Оозуна акырчикир толуп калгандай даамданып, көңүлү боюнда бар аялдай айланып жатты. Оозу кургап, ичегилерине өрт койгондой суусады. Короого чыгып арыкка жата калып башын шапшып, арык суусуна башын сергитти. Өрт баскан ичегисине мухит суусун ашказанына көмкөрүп ууртамак болуп жатты эле, арзыбаган эки чыны муздак суугa суусуну каnып, үйүн көздөй келе жатып окшуп жиберип, ичкен суу менен бирге аш болбой калган кечээги дүкөнчүнүн килка консервасын кошуп кусту. Ачуу кусунду ого бетер көңүлүн айлантып, керебетке кулады. Айна апасы кордо салып, баласынын баш оорусу менен алек.

Эртеси. Абдулла күрүч суусун ууртаап жатып, аракка ууланып калган ашказанын тазалады. Бирок негедир көңүлү эч ачылбады.

Сыртка чыгып, классташы Урмат менен кездешип, жакынкы дүкөндүн жабык эшигине сагалап туруп калышты. Дүкөнчү келери менен ичине кирип, терезе астындагы жыгач үстөлгө отуруп, экөө эки бөтөлкөнү ары–бери бошотуп, дейди сөздү сүйлөп отурганда, Наташа дүкөнгө кирип, соода кылып калды. Мас немелер ырсаңдап тийишип калышты:

– Эй орус, иди сюда. Водку хочешь?

– Орустун аты бар, Наташа. Ал эми арагыңар өзүңөргө буюрсун.

– Наташа, сенсиңби! Ассольдун курбусу, диндеш бир тууганы!

– Дал өзү.

– Түй атаңды, ит болдук, Урмат.

– Бул байке мейли мурда ичип жүрчү эле. Сизге эмне болду, Абдулла? Менин билгенимден сиз эки-үч жыл мурун чоң такыба, «Кары аке» эмес белеңиз? Баймурзаны Сирияга алып кетем деп жүрбөдүңүз беле?

Эмне болду допуңуз кыйшайып, чокуңуз менен сайылып калыпсыз го?

– Шерменде, уят эле болдум.

– Сиз кыжаалат болбоңуз, Абдулла, – деп сый сүйлөгөн Наташа аны уяткарып, акыл үйрөтүп, оорутуп турган башына балээни үйөт бекен десе, антпеди. Абдулланын жарака кеткен жан дүйнөсүн жайына келтирчү уюткулуу сөздөрдү айтып, муютуп салды. Урматты арак-парагы, түрп-сүрпү менен дүкөндө калтырып, Наташаны ээрчип сейил бакка келип, узак кеп курушту.

Эртеси, жекшемби күн. Протестанттар чогулган жыйынга Наташаны ээрчип кантип келип калганын өзү да аңдабай калды. Бирөө жарым көрүп калса таанып калбасын деп баш кийимин баса кийип, көзүнө күнгө каршы такчу көз айнегин тагынып, таанылгыс чет элдик жаранга окшошуп калды. Наташа экөө бул жыйынга бир ай каттап жүрүп, бир күнү абакта олтурган Исактан кабар алып келишти. Бул чечим Абдуллага оңою менен келбеди. Анткени, ал бул кезге чейин Исакты дин бузар катары кабылдап, адам катары эсепке алчу эмес. Эми Наташанын көңүлү деп, өзү жек көргөн адамды сурап келүүгө туура келди. Кантсе де өзү айткандай кызыталакты көргөндө кыжыры кайнап, желкеси тырчый түшкөнүн жашырбаганы бетине даана чыгып турду.

Наташа протестанттардын жааматынын атынан абак администрациясына кайрылуу жолдоду. Исактын мурда окуган жогорку окуу жайындагы профессорлордон, иштеген жеринен сунуш кат алып тиркеди. Баарын абактын жетекчилигине аны мөөнөтүнөн эрте эркиндикке чыгаруу боюнча өтүнүчүн жеткизип берди.

Өтүнүч катты, сунуштарды окуп бүткөн абактын жетекчиси Наташага үңүлө тиктеп: «Исак эки жыл мурун ислам динин кабыл алган», – деп Исактын абийирин ачкандай, жарыяны жая салып, жылмайып туруп берди. Оюнда ушуну уккан соң, протестант жааматынын өтүнүч катын кайра артка алып алса керек деген божомолу таш капты.

– Протестант эмес, мусулман болсо эмне? Исак Жусупов эң оболу жакшы адам, туруктуу дос. Динин өзгөрттү деп биз ага сунулган колубузду тартып албайбыз. Ал дагы өзүн издеп жүрөт. Өзүн издөө ар бир адамдын эрки. Абак аны ушул чечимге алып келген чыгар. Ушундан билиңиз, ал бузулуп кетпөө үчүн, өзүнүн адамдык сапатын сактоонун амалын тааптыр. Биз Исак менен сыймыктанабыз. Диндеш бир туугандыгыбыз жоюлганы менен, инсандык достугубуз уланат деп ойлойбуз. Ылаажы болсо бизди жардам берди деп айтпай эле коюңуз. Жараткан ага жар болсун, өзү билсе болду, – деп абак жетекчисинин эсин эки оодарды.

* * *

Наташанын Абдуллага жасаган адамгерчилик аракети мөмө түйгөн дарак түшүмүн берген сымал, натыйжасын бере баштады. Абдулланын жарык дүйнөгө жаралгандан ушул даражага жеткенге чейин жинди сууну оозуна алчу эмес. Негедир, ал жан сактоо амалындабы же адам өлтүрүүгө жасаган кадамын унут кылуу үчүндүрбү, күнүңкү тамагы атың өчкүр арак болуп калган эле. Соолуга түшсө эле өлүп калган сириялык солдат анын артынан жоо куугандай сары изине сая кууп, басса-турса көзүнө көрүнүп, док кылып догурунуп: «Эмнеге суугa албадың? Неге кепиндебедиң? Жер алдына эмне үчүн бербедиң?» – деп колкосуна сөөк болуп сайылганда, аны унутуунун

оңой жолу арак болду. Өчүп калганга чейин ичип, шер болуп калганда, сириялык солдат кодулаганын токтотуп, андан коркуп качып кетет. Соолукканда кайрадан эшик, терезе, жүрөк, мээсин каккылап кайыптан пайда болот. Ал арбак, Абдулланын көлөкөсүнө айланды. Артынан изине түшө сая басып, кара тер бастырып, кулак-мээсин жаңгак чаккандай тарсылдатып, кайталанма эки-үч талабын талап кылып, эзгилейт. Абдулланы жиндиканага колу-бутун байлап, апкетип жатканда, Наташага кездешүүсү, аны ошол тирүүлүктүн тозок отунан сууруп чыкпадыбы.

Абдулла бир ай протесттанттардын жыйынына Наташа менен чогуу барып, эки апталык каттосунда аны тиктеп таңыркаганы болду. Ал жаңы жүздөрдү көрдү, жаңы адамдардын тагдырын укту, жаңы тааныш ашырды.

Үчүнчү жумага оогондо, мээси жайына келе баштадыбы же өзүнүн ыйманы калыбына түштүбү, балким спирттен башы, каны, жан-дили тазаландыбы, айтор бул сапар жыйынга Наташанын жүзү үчүн гана барды. Моюнунан жетелеген ит ууга жарабайт, ууга жараса сууга жарабайт сыңарындай болду. Анысын Наташа байкаса да тырышчаак кыз бир адамдан, жакшы кадамдан, бир сөздөн, мээримду көздөн таасирленип өзгөрүү жолуна түшөөрүнө үмүт артты.

Наташа экөө жакындашып, тели-теңтуш, диндеш бир тууган болгонуна төртүнчү жума соңуна чыгып, арадан бир айдан узак убакыт өткөн маал.

Түн. Абдулланын уйкусу умачтай ачылып кетти. Саатты караса 4:20лар чамасы. Негедир көзүн ирмебей уйкусуз ойлуу, кыялданып жатты. Айна апасы дагы Абдулладагы оң өзгөрүүлөрдү көрүп, сүйүнүп, ичи жылып, жүрөгү кубанды. Сириялык солдат да эшик такылдатып келгенин токтотту, Абдулланын

корккуп-үрккөнү кетип, эки-жагына башын буруп алаңдаганы да калды. Кулагына безилдеп сайраган солдаттын жаагы жап болду. Кулагына жакын жерде жайгашкан мечиттен айтылган азан үнү угулду, жүрөгүнө ыйман нурундай нур чачырап, дили ыйманга бурулду. Күткөн Кудайы, ишеними кайра дилине келди. Ордунан туруп даарат алды, жай намазын жайып, жүзүн кыбылага буруп, колун байлап намазга турду. Эки ай мурун таштаган намазы эсине келип, оозун күбүрөтүп кирди, кыялына кылдай чаташкан ойлору келип, намазынан адашып кетип, китепти карап, кайталап окуп жатты. Багымдат намазын окуп бүтүп, тамак кылуучу бөлмөгө кирип: эт, пиязды туурады, картөшкө аарчып казан асып, кайнатма салды. Сырт-ка чыгып такси кармап, шаардагы күн-түн иштеген дүкөндөрдөн апасы жакшы көрчү ширин айран, халва сатып алды. Көзүнө жаннат алма менен жүзүм урунду, андан да дүкөн арабасына салды. Үйүнө келип тамак ичүүчү бөлмөгө эмес, конок тосуучу залдагы үстөл үстүнө дасторконун жайнатып, алып келген даамдарды койду. Кайнатманы апасынын табитине ылайыктап тузун кем салып узак кайнатып, этти, шалгамды, сабизди картөшкөсүн эзилтип бышырды.

Айна апа да жакшы неме ыроологонун сезгендей эрте туруп бети-колун жууп, чачын тарап бүтүп, тоокторуна жем чачты. Шыпырылбаган короосу шыпырылып, суу себилип калганына таң калды. Демейде бул жумушту өзү кылчу. Негедир, дүйнөсү дүркүрөп, жүрөгү кубанып, «жакшы жаңылык угамын» деп түпөйүл сүйүндү. Себеби, дудуктун тилин апасы билет сыңары, Абдулла мектеп окуучусу кезинде, экзаменден жакшы баа алган күнү, же спорт боюнча мелдештерден утушка жетишкен күндөрдөгү ийгилигин ошол күнү айтпастан эртеси таң эрте туруп эшик-эликке

суу сээп, короону шыпырып, дасторконго чай-чамек коюп, Туйбас менен Айна жумушка кетип калгыча чакырып, таңкы чай үстүндө окуудагы, спорттогу бийиктиктерди багынтканын сүйүнчүлөөр эле.

Абдулланын ошол тааныш кол тамгасын, ошол жагымдуу жүрүм-турумун тааныды. Абдулланын уктоочу бөлмөсүнүнө кирсе жок, тамак иччү бөлмөгө кирсе даамдуу тамактын жыты таноосуна кептелип, табитин козгоду. Мейман тосчу бөлмөгө киргенде Абдулла апасына бала кездегидей моюна асылып, кучактап жыттады. Айна апасы көзүнө жаш алып:

– Балам, болду жетишет! Сени эми эч жакка кетирбеймин. Сирия-пирияңды жыйыштыр. Мен өзүмдүн баламды эми тааныдым. Эки айдан бери жат адамдан бешбетер, кылбаган кылгылыкты көрсөттүң. Эне экенмин баарына чыдадым, баарын көтөрдүм. Бооруума кысып, баягы бала кездегиңдей эркелете да албай калдым. Каяктагы көкүрөгүнө бычак сайылган сириялык солдатты сүйлөп, жүрөгүмдү эздиң, – деп агынан жарылып, эки ай көтөргөн жүгүн, түйшүгүн айтып эне-бала бабырап сырдашып отуруп, даамдуу кайнатма шорподон ичип, жер жемиштен жешти. Айна апа жакшы көрчү ширин айранды ууртап, ичинен: «Кудай үнүмдү укканыңа миң мертебе ыракмат! Намаз окубасам да, орозо тутпасам да, жүрөгүмдөн, дилимден сени сүйөм. Менин баламды кайрадан колума бергениңе ыраазымын», – деп тобо келтирип, Жаратканга жалбарып, ыраазычылыгын билдирди да, Абдуллага тике карап: «Кана айтчы кандай ийгилик болду? Же дагы экзамен тапшырдыңбы? Же жумушка турдуңбу?» – деп Абдулланы сүйүп тиктеди. Ал апасынын пахтадай жумшак колуна өзүнүн кабарып катып калган колдорун коюп:

– Апа, мен сизди келиндүү кыламын. Даярданыңыз!

– Апеей, каралдым! Болсун, качан алып келесиң, ким ал? Мен тааныймынбы?

– Наташа!

Апасы сүйүнүп: «Наташабы, Айнурабы өзүң сүйүп жактырсаң болду, балам. Бир башың эки болуп, небере жытын жыттатып, аларды ээрчитип жүрүү насип кылсын», – деди.

«Болочок колуктусунун улуту орус экен, карманган дини бөлөк протестант экен», – деп сындап, баласынын тандоосуна каршы чыкпады. Ал турмак Абдулла бир ай чукул протестант болуп, бүгүңкү таңдан баштап ислам динине кайтканына кабардар эмес эле. Айна апа үчүн Абдулла жин илдетинен айыгып, жан дүйнөсү тазарып, мурунку пакиза акыбалына кайтып келгенине оозу кулагына жетип, сүйүнүп жатты. Кубанычына кубаныч кошулганы, уулу: «Үйлөнөм», деген жагымдуу кабары болду.

Кызыгы бул чечимди Абдулла өзү жеке кабыл алган эле. Наташа болсо анын мусулманчылыкка кайтканын билбейт. Анысына мейли десе, жубайлыкка колун суранган Абдулланын купуя сыры ал үчүн күтүүсүз кадам болчу.

Экөө сейил бактан кездешти, Абдулланын колундагы гүлдестени көргөндө таңыркап карады. Себеби, акыркы эки ай ичинде мындай жолугуулар эчен ирет болсо да, бир жолу да белекке гүл тартуулаган эмес. Ошондуктан, бул гүлдесте апасына, же башка аялзатына болсо керек деп божомолдоп койду. Абдулла Наташага гүлдестени карматып: «Мага колукту бол», – деп дароо эле шапа-шуп айта салды. Наташа желим идиштеги таттуу суусундук ичкен абалдагыдай, сүйүнө какап-чакап кетти,

– Эмне дейт?

– Укканыңдай эле. Мага жар бол!

– Мен жообун азыр айтуум керекпи? – деп Наташанын бетине кан тээп, секелек кыздай кызарып-татарып кетти.

– Шаштырбайм, куткаруучум, – деп Наташанын көзүнө карап, баёо тиктеди эле.

– Эмне тамашалап жатасыңбы? – деп ишенбегендей, кайра жүзү бозоро түштү.

– Чыпчындап эле. Апам дагы батасын берди, – дегенде, Наташанын өңүндө ишенүү жаралып.

– Анда, эртеңки жыйында диндеш бир туугандарыбызга айтсак болобу? – деп бакчадагы балакайлар тарбиячы эжекесинен сурагандай аялуу сурады.

– Наташа билесиңби менин сага дагы бир олуттуу кабарым бар, ошону айтпай коюпмун. Бир ай силердин жыйыныңарда жүрдүм. Адам болуп оңолдум, бозоруп-тозоргондон кутулдум, ачууну унуттум. Танбайм. Ал жер аркылуу сени өмүрлүк шерик кылып таптым. Өзүм жөнүндө айтчу болсом, мен ислам диниме кайттым.

* * *

Баймурза командировкалап жүргөн чагы. Чолпон–Ата шаары. Мейманкана. Күнгө-жекшемби болгонго бүгүнкүгө анын жумушу жок, колу бош. Үстүнө Түштүк Кореядан алдырган жакшы көргөн тор көйнөгүн кийди, астына жышылып кийилген көгүш боз жынсы шымын жармаштырды. Дубайдан алган күнгө каршы күрөң көз айнегин мурдуна кондуруп, жакын жердеги «VERSAL» деген кафеге баш бакты. Ушул кафени өзгөчө жакшы көрөт. Интернационалдуу коллектив дайыма шаңдуу тейлегени менен бирге укмуштай даамдуу даамдары шилекейди агызып, жерге тамызат. Тамак сүйүүчүлөр, кофе-чай пуруштар сааттап пияласын чайкап чай ичип, кеп салып олтургандар ошончо.

Кафе коллективи гана көп улуттарды түзбөстөн, келген кардарларды тиктеп, Американын күчтүү ресторанында отургандай туюлат. Себеби, отурган элди карасаң ар улутту гана көрбөстөн, төрт расанын өкүлдөрүн кездештирүүгө болот. Ак, кара, саргыч, ак-боз түстүү жүздөр, кара, күрөң, көк, деңиз сымал, кууш, чоң, алайган, жымшык же бүтүк көздөр.

Кадимки өзү жакшы көргөн «Индеецтердин» картинасы илинген дубалдын түбүндөгү үстөлгө олтуруп, сүттүү тамак менен сметана кошулган кофе буюрду.

Тамактанып жаткан кезде, башка үстөлдөр толуп калганына байланыштуу, жаш жуп Баймурзадан уруксат сурап ушул үстөлдөн орун алышты. Ал арада алар телефон чукуп жатып, социалдык түйүндө дүрбөлөңдүү талкуу жараткан кыздын кылыгын талкуулга алып киришти. Жаштардын өз-ара сүйлөшкөн маалыматы боюнча, ал каарман: «Мен орозо кармабаймын, беш маал намазын дагы окубайм. Кудай менин жүрөгүмдө, жүрүм-турумумда, сүйлөгөн сөзүмдө, баскан-турганымда. Кээ бирлери орозо тутканы менен, ооз ачкандан ооз бекиткенге чейинки жасаган кылыктарын эсептесең чачың тике турат» десе, талкуулга алгандар, эки жээкке бөлүнүп, бир тарабы ур-тепкиге алып жекирип жатышса, экинчи тарабы аны колдогондор болуп, хоккей талаасындагы кара шайбаны таламга алган хоккеисттердей жулкулдашып жатканын, кафеге келген кыз–жигит сөз кылып киришти. Жөн отурбай туталанган бойдок кыз Баймурзаны кепке тартты: «Аке, ушул кызга сиздин пикириңиз кандай? Анын айткандары туура эмес да туурабы?» – деди.

Баймурза агасы Абдулланын таасири менен алгач ислам динин тааныган. Агасынын дават кылгандары кулагына куюлуп, көкүрөгүнө түйүлүп, өзү алдын алгылыктуу диндар болуп жүрбөдү беле. Амал, бийлик-

ке болгон кызыгууну Туйбас атасы анын мээ майданына урук үрөнүндөй сээп койгон соң, бул жакка шарт бурулуп, ыктап кетпеди белем. Исак, Талгат достору менен чогуу жүрүп, Ассоль менен түтүн булатып жашоону баштан кечирген үчүн, протестант динин ийне-жибине чейин иликтебесе да, үстүртөн маалыматы бар эле. Баарын көз алдынан чууртуп өткөзүп туруп, жооп кайтарды:

– Эми ал кыздын ушул ачык пикирин сыйлоо керек. Себеби дин маселеси бул ар бир инсандын жеке тандоосу.

– Кызык, сиз такыр эле атеист окшойсуз? – деген бойдок кыз Баймурзага кине тагып, алынып кетти эле, жигити: «Кой эми токтот, атаңдай киши менен сөз талашпай», – дегенине кулак салбады. Баймурза анын пикирин колдобогонуна ачуусу келген жаш кыз, албууттана: «Куранды окубапсыз, дин боюнча түк маалыматыңыз жок экен», – деп Баймурзанын арына тийип, полемикага чакыргандай болду. Демейде алашемдикке алдырбаган акылы, Ассоль аны таштап кеткенге мокой түшкөнбү, эр алышка түшкөнсүп, жаш чырпык секелек кыз менен сөз талашка түштү.

– Эми ыйык «Куран» китебин айтып дебатты баштап калдыңыз. Аны талкуу кылуунун алдында өзүбүздүн эле кыргыз адабиятындагы китептерден баштайлы. Алыкул Осмоновдун ыр сабынан төрт эле сап айтып бериңизчи.

– Билбейм.

– Чыңгыз Айтматовдун кайсы чыгармаларын окуп чыккансыз?

– Чыгармаларын окуган эмесмин, бирок мектепте эжекелер адабий талкуу кылгандарынан, жана киносмалар аркылуу элес-булас билем.

– Төлөгөн Касымбековдун кайсы чыгармасы менен таанышсыз?

– Чыгармасы түгүл өзү менен дагы тааныш эмесмин.

– Лев Толстой деген ким болот?

– Лев дегени – арыстан, Толстой дегени – Толстый болсо керек, демек семиз го. Ошондо Семиз Арстан.

– Джек Лондончу...

– Лондон бул – Англиянын борбор кааласы, ал эми Джек деген ат ошол англиялык жарандарга таандык ысым, демек Бишкектик Касым, Оштук Марапат же Айдар Баткенчи дегендей эле Джек Лондончу го, кыязы.

– «Куранды» жакшы билем деп калдыңыз, кайсы сүрөөсүн жакшы билесиз?

– Эркек төрт аял алууга уруксат, – деген бойдок кыздын биринчи эле жообу ушул болду. Сыягы молдокелердин социалдык түйүндөрдө айткан видеотасмаларынан көрүп, жаттап алган чыгар.

– Туура. Шариятта мындай уруксат бар, аны талдоо өзүнчө эле чоң тема. Мейли сиз менен талашып тартышпайын. Мына бала жигитиңиз болот да туурабы?

– Ооба.

– Суроо. Ушул иниме турмушка чыгып калсаңыз, үстүңүзгө дагы үч аял алдырат белеңиз?

– Ооба! Бардыгыбызды бирдей камсыздап, бирдей көңүл бурса, макул болот элем, – деп дагы эле айтылып жүргөн жалпы постулатты кайталап айтты.

– Төрт аялды колунда бар эркек бирдей камсыз кылуусу мүмкүн. Бирок төртөөнө бирдей көңүл бөлүү мүмкүн эмес. Ал аттын кашкасындай белгилүү. Мындай эркек төрт аялынын эң жаш токолунун үйүндө көп түнөйт. Ошонусу менен чайга салган наваттай эзилип, шипширин ыракатка батат. Калган жубайларынан кабар алат, бирок аялдарына көңүл бөлүп ыра-

хат тартуу үчүн эмес, канынан чыккан балдарынан сагынычын жазуу үчүн кабар алат. Жубайларына эркекче көңүл бөлүүсү мүмкүн, айына бир же эки жолу, анысы арзуу лаззатындагы кумар жарпын жазуу эмес, эптеп-септеп «эл көрсүнгө» милдетин аткарды кылуу таризиндеги аргасыздыктын айласы.

Сиз ушундайга макул болот белеңиз?

– Ммммм..., – деп азыр эле Баймурзаны жутуп жиберчү калыбынан кайтты. Жигити төрт аял алып, токолунун токоюнда экөө энеден туума жылаңач абалда топ таш ойноп жаткандай элестер көз алдына келе түштү. Жигитин жерге киргизе тикирее тиктеп да алды, үн дебей мурдун мурчуйтту.

– Жооп жок. Макул. Кайсы жердин кызы болосуз?

– Ноокаттын.

– Мурза Гапаров ким болгон?

– Сүрөтчү-иллюстратор.

– Мммм... Карындашым, мен сизди күнөөлөй албайм. Жаш муунга таалим-тарбия, окуу программасын жеткиликтүү окутпаган биздин «Акча» деп суусаган коомубуз күнөөлүү. Эртеден караңгы түнгө чейин кара жанын карс уруп, жумушта, кызматта, базарда иштеп акча топтоп, бала-чакамдын курсагын тойгозсом, кийимин бүтүн кылсам эле болду деген биз – ата-энелер күнөөлүүбүз. Себеби, жан дүйнө азыгы болгон – илим–билимди, адабият-маданиятты, дүйнө таанымды кеңейтчү гуманитардык сабактарды такай унутта калтырдык. Ата-энеден көңүл бурулбай, өздөрү менен өздөрү жалгыз калган балдардын көкүрөгүндөгү боштукту, дүйнө талаасын – интернеттеги тез байып кетүүнү сунуш кылган шылуундар, түрк, корей кино индустриясынын жеңил-желпи сериалдары, чала молдо дин бузарлардын бир беткей даваты жаштардын көөдөнүндөгү көңдөйдү акыр-чикирге толтуруп салышты.

Дүйнө интеллигенциянын, мамлекетибиздин жүзү болгон инсандардын чыгармачылыгы турсун, өмүр таржымалы, өздөрү менен кабардар эмеспиз.

Карындашым, иним! Сиздер тоонун тескей бетин кана көрүп алып, тиги кызды сындап жатасыздар. Тоонун күңгөй дагы бети болот, ошону эсиңиздерден чыгарбасаңыздар. Бирөөнү ур-тепкиге алып сын тагуунун алдын, көп окуңуздар. Ийгилик жараткан элдердин маданияты, адабияты менен таанышыңыздар, өзүбүздүкүн казып окуңуздар. Ошондо көсөм болбосоңуздар да кенен ойлонуп каласыздар, – деп өзүнө келген эсепти төлөдү да кафеден чыгып Ысык-Көл жээгине бет алды.

Көл жээгин бойлой басып ойго батты. Ассольду аны чанып, жан досу Исакка кеткенин эстегенде жүрөгү тызылдаса, кафедеги жаш муун менен болгон дебатта полемикага алынып кеткенин эстеп, көңүлү кирдеп өзүн: «Келесоо», – деп жемелеп да алды.

* * *

Абак. Бейшемби. Исак Жусупов менен Сымбат жана жалпы камалгандардын алтоосу камерада мемиреп уктап жатышат. Алтын жалатылган каш сыңары ийилген жаңырган жарым ай темир тор терезе аркылуу билинер–билинбес тийип турат.

Таңкы багымдат намазына дагы кеминде бир саат убакыт бар. Исак Жусупов терең уйкуда, анткени бейшемби күңкү боло турган абактагы комиссиянын маектешүүсүн ойго салып, үч түн уйкудан калганга ушул түн камараабай, уйкуну бышырып жатты.

Ушул кезде жаңырган айдын бетин жарым жартылай жаап, утур–утуру менен айга көлөкө берген чоңдугу адам боюндай, керилген канаттары кол чатырдай, көзү кыпкызыл анардай болгон үкү, абакты көздөй

учуп келатты. Үстүнө бир кишини мингизип алган. Абак терезесине жакындаган кезде, үкүнүн үстүнөн чоң атасы Жусуп түшүп, абак ичине кирип Исакты ойготту да кыска-нуска кебин айтты:

– Балам, бүгүн буюрса эркиндикке чыгасың. Эркиндикке чыккан соң эми жаңылыштыкка жол бербе. Алгач атаңдын алдына барып кечирим сура. Эки айырма жолдо илең-салаң жашаган ата-энеңди жараштырууга сен көпүрө бол.

Экинчи чечим, бул сен үчүн өтө оор тандоо. Муну аткара аласыңбы, албайсыңбы, бирок кулак салганга аракет кыл. Ассоль. Ал абдан жакшы келин. Сени сүйөт. Керек болсо Ассоль турмушунан ажыраган аял киши болсо да, Кадыйча эне өзүнөн алда канча жаш кичүү болгон Мухаммед пайгамбарга турмуш курууну сунуш кылгандай эле, Ассоль алдыңа келип бирге түтүн булатууну сунуш эткени эрдик эмей эмине. Албетте баягында баарың бойдок кездеги «Медеодогу» убадаларды ошол кезде ишке ашырып, баш кошсоңор башка кеп, азыр кырдаал башка, шарт башка. Баймурза экөө турмуш куруп эки балалуу болушту, жамандыр жакшыдыр бирге бүлө күтүштү. Эгерде дароо эле Ассольго үйлөнсөң, Баймурзадан кол жууйсуң, жана ал сага өмүр бою чыкыйыңа жармашкан душман болуп сазайыңды алат. Себеби ал дагы Ассольду сендей сүйөт. Канынан жаралган уул-кызы телмирип турат. Азыр ал ажыраган эркек болуп жүрөгү канталап турат. Оңой–олтоң эмес балам. Жаштык кылып, атаңды үйгө кийирбей анын назарынан калгандай, досуңа азар берсең соңу жакшылык менен бүтпөйт. Анын сыйын көрүп жүрөсүң, сыйың менен жүр. Калганын убакыт көргөзөт. Тагдырыңар бир болсо, нике кайып болуп калуусу ажеп эмес. Бирок досуңдун күйүтү сууп, үйлөнсүн, – деп мүрүсүнө алаканы менен жеңил чапкылады.

Мүрүсүнө дагы жеңил чапкылап, Сымбат Исак Жусуповду ойготуп жатты. Көзүн ачса беймаал таң сөгүлүп жатыптыр. Терезени караса ай жаңырып турат. Жаңырган айга шайкеш учкан жалгыз үкүнүн сөлөкөтүн көрүп: «Өңүмбү же түшүмбү?» деп Сымбатка кайрылды:

– Досум, терезе сыртынан эмнени көрүп турасың?

– Жаңырган жарым айды, ийилип калыптыр, ай чөйчөкчөдөгү суусун төгүп салыптыр, демек жаңырган айыбыз жаансыз болот экен.

– Дагы эмнени көрдүң ай тараптан?

– Жалгыз учкан үкүнүн сөлөкөтүн.

– Сымбат, буюрса бүгүн мен эркиндикке чыгамын.

– Комиссия менен маектешүү боло элек го?

– Туура айтасың маектешүү боло элек. Бирок тиги ай тарапка учуп кетип жаткан үкү, менин Жусуп чоң атамдыкы. Ал мүнүшкөр эле, куш таптап бакчу, кушка кошуп башка мүнүшкөрлөрдөн ашып түшүп, үкүнү да кармап алып, үйрөтүп бакканына күбө болгом. Түнкүсүн ал үкүнүн көлөмү чоңоюп, жүнүн үксүйтүп, көзүн алайтып чоң атамды жоонуна мингизип ааламды кыдырышчу экен. Ыраматылык чоң атам түшүмө кирип: «Эркиндикке чыгасың», – деп аян берди. Сымбат алаканын жая салып кыбыла тарапка бурулуп: «Эй Роббим! Өзүңө чексиз мактоолор болсун! Түштүн пири Жусуп пайгамбар менен Жусуп чоң атаңдын арбайы колдосун! Оомиин! Досум, түшү оңолгондун иши оңолот дейт», Кудай сага боору ачып, ишиңди жөнгө салыптыр, – деп чын ыкластан сүйүнгөнүн жашырбады, – Кел, эми досум, даарат алып, багымдат намазын баштайлы.

Экөө даарат алып, катар туруп колдорун байлап, намаз окуп киришти. Абак комиссиясы топтолуусуна дагы төрт-беш сааттай убакыт бар. Убакыт чыкылдап өтүп жатты...

*   *   *

Самат бойго жеткен нооча бойлуу Ширин кызын ээрчитип, караңгыда карыз доолагансып Талгаттын эшигин тарактатып калды. Түңкү конокту сүйө бербесе да бир тууган бөлөсү болгон соң, ачуусун жутуп эшик ачты. Саматтын өңү башка, түсү башка болуп, кекиртек туштай канжар такалгансып, коркунучтан көзүн ойнотуп, жалдырап тиктейт. Мурунку танырайган асман тиреген мурду шалпыйып, текебер ээги эмшейип калыптыр.

Жанында ак куудай созулуп, көздүн жоосун алып, бышкан кызыл алмадай кызарып, коондун тилиминдей шилекейди агыза таттуу болуп Ширин турат. Аны көргөндө тырышкан желкеси жазылып, курушкан куйкасы басылып, негедир бетине кан тээп, Самат менен Шириндин көзүнө тиктей албай сүрдөп сүрдүгүп да кетти.

Шириндин өз апасы ал эки айлык кезинде чүргөккө ороп, кечки пайит Саматтын дарбазасынын алдына таштайт да, эшигин каккылап, качып жок болот. Саматтын аялы Ажар эшигин ачса эч бир жан көрүнбөйт, ыңаалаган наристе жерде жатат. Аны көтөрүп үйүнө кирет. Чүргөктү чечип карашса кыз бала болот. Эр–аял Жараткандын белеги катары кабылдашат, анткени алардын Асан–Үсөн аттуу эгиз уулдан кийинкилери боюнан түштү, кан кетти, боюна болбой калды болуп ар түрдүү себептер менен балдары турбай калып, эгиздери менен гана токтоп калышкан. «Кыздуу болсок, Ажарга эрмек, апасына эже–сиңди», – болот эле деп максат кылып асмандан издегендерин, минтип тогуз ай боюна көтөрбөй, гүлдесте сыңары белекке келип калгандай сүйүнүштү. Ширинди бакма кыздай эмес, өз кызынан артык бөпөлөп чоңойтушту.

Самат менен Ажар эгиз уулдары бой жетип, букадай булкунуп калышкан кезде бала жытын искеп ыраХаттанышса, Асан-Үсөн эшек болуп жоонунан түшүрбөй ойнотушат. Ширинди акыркы жолу ал тогузунчу классты бүткөн жылы Алматы финансы-экономика колледжине тапшырган жылы көргөн. Агезде Ширин күрп баскан тооктой чачтары уйпаланган, бети-башы чаң, Асан-Үсөндүн эскилиги жеткен спорт шымын колтугуна жеткизе шымданып, уул балдар сыңары өрүк талдын башына чыгып, өрүктүн данеги менен Талгатты баш туштай атып, эрмек кылып шылдыңдаган. Аны кубалайм деп артынан талга тырмышып чыкканда, ал кулап түшүп илеби айрылып, «Тезжардамга» барышкан. Андан бери үч-төрт жыл өттү. Бир гана ошол илебинин үстүндөгү эки эли тыртыктан гана Ширинди тааныды. Баягы жүдөңкү шок кыз жок, маңдайында жомоктогу өлбөс Кощей ашык болуп, жети кабат асман сарайына уурдап качып, жумуртка ичине ийне кылып салып, мухит түбүнө алып түшкөн ак балык ичине жутуп, акыры Ак Канышага айланган Ширин турат. Ата-энеси жашында оозуна буламык тыкса, чоңойгон кезде бүт үй-бүлө майлуусун да таттуусун да Ширин жесин болуп, ал болчоң кыз болуп чоңойду. Азыр болсо студент болгон соң, жеген–ичкени үнөмдүү, анан окуунун түйшүгү, бөтөн элде мусапыр болгонудур, айтор жанагы болчоң кыздын ашыкча салмагы кеткен, уйпаланган чач узарып үтүктөлгөн, эгиздердин эски шымынын ордунда, көркөмүнө жарашыктуу гүлдүү жашыл көйнөк кийген.

Самат малпуруш. Арык-терик малды алып сатчу тиричилиги бар эле. Таң эрте келген шашылган дыйкан малчынын мал-коюн, бээ-кулунун алып, үстүнө акча кошуп сатып, ортомчулук да кылып койчу да жайы бар эле. Бул оокатына он жылдан ашып, иштин

жолун таап, кыныгын алып алган. Жөн турбай далдалчылык кылса деле бир жумага жетерлик ырыскысы колунда, аялынын койнунда, балдарынын маңдайында отурган тынч турмушун көтөрө албады.

Алдыраарда жаздырар болдубу, же тез байып кетүү напсисин тыя албадыбы, кайдагы мал уурулар менен чогуу иш алып бара баштады. Алар жайлоодон, колот–жылгада адашкан малды уурулук кылып айдап түшүп, жүк ташуучу унаага жүктөп, түнкү жарганаттардай чыйылдашып, эл уйкуга кеткенде, уурдалган малды Саматтын малканасына түшүрүү жумушу башталат. Ал уурдалган малды тең пулуна сатып алат. Мал союучу цехте ары-бери мууздап, этин касаптарга он, он беш пайыз эт баасынан арзан өткөзүп, пайдасын сол чөнтөккө урат. Мурункудай кыйналып эки–үч айлап мал бакмай, убаракерчилик жокко эсе. Далдалчы болуп, аларман менен сатарманга ортого түшүп булбулдай сайрап, тили буудай куурубайт. Опоңой оокатка өтүп алды. Алты ай өтпөй эскилиги жетип, ичине отурсаң кой кыгы жыттанган «Тико» унаасын сатып, салону заводдун тетик жыты кете элек, аппак кар түстүү «Тойота» жолтандабаска отурду. Быйтык көзүн май басып, порсойтуп курсак байлап, чуңкур баскан желкеси чучук майына жык толуп, кечээги малпуруштардын үстүнөн тиктеп, аш-тойлордо жоролорунун үстүнөн сүйлөй шылдыңдап, эрмек кылганга өтүп алды. Тез байып кеткенин аңдыган милициялар анын артынан отурду. Уурунун көчүгү кууш болуп, уурдалган малды Саматтын короосуна алып кирип, акчаны эсептеп жатканда, милициянын тобу аларды кылмыш үстүнөн басып калышты. «Аялымды чакырып коёюн» деген шылтоо менен Самат үй ичине киримиш болуп, терезе аркылуу Ширин кызын ээрчите качып кетет. Жогорку жасаган арам иштеринин үстүнөн кармап ал-

дык деген милисалар, алакандарын укалап турганда, колдорунан тайгаланып качып кутулган Саматка мал уурулук кылыгын, ушул амал менен качып кутулган айлакер амалына күбө болушкан соң, ага «түгөнгөн Самат түгөт» деп ылакап тагып издөө салышат. Алардан безип, бөлөсү Талгаттын үйүнө түндөсү кирип келген кербези эле. Талгат бардык маалыматты уккан соң кабатырлана:

– Кой бөлөш, качпа. Качып кайда барасың? Аял, бала–чакаңды чыркыратып ыйлатпа. Ушул жерден токто! Ууру тойгончо жеп, өлгөнчө карганат болбо. Тез колго түшүп бер. Зыбанымды кайнатпа. Зыян тарткандардын акчасын жанагы жолтандабасыңды сатсаң эле кутуласың. Эч нерсе эмес, тергөө бүткүчө бир айдай убактылуу кармоочу тергөө изоляторунда акыл пештеп олтуруп турасың.

– Эй бөлөш, жолтандабасты эми эле албадымбы, майынын жыты кете элек.

– Эмне? Анда пок жегени келдиңби меникине?! Жок жерден мени да арам ишиңе аралаштырып, эсиң барда этегиңди жап. Кеч болуп калат.

– Жолтандабасты сатпай эле бүтүрсөк болбойбу?

– Болот. Анда Исак Жусуповдой болуп беш жылча эркиңден ажырайсың. Макулсуңбу?

– Ал каапырга мени теңебе. Милицияга качан бар дейсиң?

– Азыр, улагамды аттабастан артыңа кайт!

– А, койчу! Кирпигимден тартса жыгылчудай болуп турамын.

– Муну кара чарчаган имиш. Караңгы түндөрдө арам тамакты сиңирип жатканда чарчооң жок эле жүрбөдүң беле?! Анда ушинетип жүрө бер, качкын атыгып.

– Мейли, бөлөш. Мен өзүм колго түшүп берейин. Бала-чакама каралаша тур. Жолтандабас минем деп,

туура жолду тандай албапмын. Өзүмдү таппай убараланып жатам. Үй-бүлөмө жетчү калбасыз малпуруштук ырыскым көзүмө аз көрүнүп, бат байып кетүүнүн ойлонуп жүрчүмүн. Көрсө, адалдан эмес арамдыктан түшчү уурдалган малды союп сатып, оңой оокатты бир-эки жолу жасап, анан чыгып кетем дегеним оңунан чыкпады. Шайтандай болуп, мени жолдон чыгарган мал уурулар келгенде дилазаардан Кудай безер кылбапмын. Эми минтип абакка түшүп калсам бир азап, малпуруш атым караланып, мал ууру ат жабышканы турат. Артымдан аңдып милиция сары изиме түшсө, алкымымдан бир бүдүр нан өтпөй, элдин каргышына калып, ит көрбөгөн күндү көрүп жатам.

– Бардыкы барман, жоктуку арман. Бар жашооңду көтөрө албадың. Уурулар сени милисага өздөрү сатты. Асти көзүңө күлүмүш болуп, көтүңө урумуш болуп, эки жүздүүлүк кылып, сени садага чабышты!

* * *

Абак. Бейшемби. Комиссия камалгандарды тизме алфавитинин ирети боюнча кабыл ала баштады. Жанагы ромашка гүлүндөгүдөй «сүйөт же сүйбөйт» сыяктуу, комиссия каанасынан камалгандар сүйүнүч же күйүт менен чыгып жатышты. Исак Жусупов башын өйдө көтөрөйүн десе, моюнуна темир гирди асып койгонсуп башы ылдыйга шылкыят, үнүн чыгарып ишенимдүү сүйлөйүн десе тилин күрмөп койгонсуп чулдурайт, кулундай ары-бери так секирейин десе бутунан тушап койгонсуп чалыштайт. Келтек жеген түз менен, келтектеген кыр менен сыңары, Саматты ачуулукка алдырып башын жарып, тор артындагы зек атыгып калганы, арийне. Көзүнө комиссия мүчөлөрү эмес, сөөмөй кезеп табалап ур–тепкиге алынган Самат

көрүндү. Башын жер салып оозунан бир сөз чыкпайт. Комиссия башчысы сөз баштады:

– Аты-жөнүңүз?

– Исак Жусупов,

– Эмне кылмыш менен олтурасыз?

– Хулиганчылык.

– Үй бүлө статусуңуз?

– Бойдок.

– Улутуңуз?

– Кыргыз.

– Тутунган диниңиз,

– Протестант.

– Эмне? – деп, комиссия мүчөсү болуп олтурган түрмө башчысы уккан кулагына ишенбей, бутунан аары чаккансып үстөлдөн так секирип тура калды, – Сен мусулман динин кабыл алганыңа бир жылдан ашпады беле? Эрте менен жанагы Сымбат экөөңөрдү намаз окуп жатканыңарды көрүшкөн экенго күзөтчүлөр, – деп оозундагы шилекейи чачырап, колундагы ууч кагазды шилтеп, тандырдагы тутанган оттой күйүп–бышып сүйлөп кирди.

– Начальник туура айтасыз. Эрте мененки намазга чейин, мен түш көрдүм. Аян келди. Бул таңкы намазды окуганым чын, аны Сымбаттын шагы сынбасын, иренжибесин деп окудум. Ушул чечимди эркиндик маселеси чечилгенге чейин кабыл алдым. Балким түрмөдө олтурган кезде айласыздан ислам динин кабыл алыптыр, эркиндикке чыккан кезде протестант динине кайтыптыр, мурунку жүрөгүн тынчыткан динди чаныптыр атка конбоюн деп, азыр чыркыраган чындыкты моюнга алууга туура келип турат. Эгерде ушундай чечим кабыл алгандыгым үчүн кайрадан тор артына жөнөтсөңүздөр, мен кайылмын, – деп мурдунун үстүн майда тер басып, кесе жооп берди.

– Мусулман, протестант же башка динин тутунбай, мээңди ачытпай, мендей эле атеист болсоң болбойбу? – деген түрмө башчысы күңгүрөнө сүйлөй, күйбөгөн адырашмандай түтөп кетти.

– Сиз го өзүңүздү айныксыз таап алыпсыз. Зектерди караган кызматкерлердин башчысы атыгып бакытка балкыпсыз. Мен өзүмдү издеп таппай жүрөм.

– Мына мээсинен айнып калганбы, эмне деп дөөрүп жатат, ыя? – деп оозундагы тамекисинин түтүнүнө бөлмөнү ыштап, Исак Жусуповго кыжырданганын жашырбады.

Анысын тиги комиссия мүчөлөрү кандай кабыл алганы белгисиз, айтор чыгарган чечими, шарттуу түрдө Исак Жусуповду эркиндикке чыгаруу чечимин угузушту.

Ал мындай кабарга алгач ишене албады, сүйүнө да албады. Эмнегедир кусалык менен кайдыгерлик жүрөгүн ийрим жиптей чулгады. Абакта жатып, ар-сар ойлорго батып күткөнү эле ЭРКИНДИК болчу. Эми ошол кол жеткис, ой жеткис ат чабым аралык калган эркиндикке жеткени менен эркиндикте эмне жумуш кылам? Зек атымды кантип өчүрөм? Көпчүлүк менен кандай мамиле курамын? Ымыркай болуп төрөлдүм, кийин протестант динине кабыл алдым, өзүм гана тиги динге өтпөстөн ата-энемди да бул жакка бурдум. Абакка түшүп башымдан кыйын күндөрдү өткөзгөн кезде намазга жыгылып ислам динин кабыл алдым. Эми таң саардан кайра протестант болдум, – деп өзү менен өзү күрөшкө түшүп, боз мунарык арасынан өзүн жоготуп, өзүн издеп таба албай убараланды. Жан дүйнөсүн боштук ээледи. Жанчылган ички дүйнөсү кашайып, ушундай чытырман токойдон өзүн жоготуп алып, из кубалап таппай, жүрөгү сыздап, көңүлү эч нерсеге чаппай ар түркүн суроолор башына батпай кетти.

Граждандык кийимин кийип, абак дарбазасынан сыртка чыккан кезде ой-чуңкуруна батпаган, кулак мээңдин чөйчөкчөсүнө сыйбаган кызык окуяга дуушар болду. Түрмөгө жакын жердеги сот отуруму, мал уурулукка шектелген түгөнгөн Самат түгөттү эки айга камакка алуу чечимин чыгарып, анын колу кишенделген абалда, түрмө унаасына эки милисанын коштоосунда кетип жатканына күтүүсүздөн күбө болду.

Караң калгыр азил-чыны аралаш жалган жашоонун бумеранг мыйзамына тан бербеске эч ылаажы жок эле. Түгөнгөн Самат түгөт Исак Жусуповду түрмөгө тыгууга бүт аракетин жумшаган болсо, Исак эркиндикке чыккан күнү түгөнгөн Самат түгөт тор артына кетип жаткан кербези болчу. Түгөнгөн Самат түгөт менен Исак Жусуповдун көздөрү бири–бирине сүзүшкөн эки кочкордун башындай такашып калды. Түгөнгөн Самат түгөт Исакты мыскылзаар тиктеди, кыязы анын дагы деле ич күптүсү кете элек, сыягы өткөндөгү таарынычы катуу сыңар. Ал эми Исак Жусупов таңыркап, жалооруй, аянычтуу көз карашы менен үңүлө карады. Суроолу көз карашын байкаган түгөнгөн Самат түгөт ырсаңдап:

– Ии, эркиндик куттук болсун, иничек! Катуу каргап–шилеген окшойсуң. Минтип сен эркиндикке чыксаң, мен тор артына кетип жатам.

– Самат, мени кечир!

– Йе! Баары мени «түгөнгөн Самат түгөт» деп атап алышкан. Алдыңда мурунку Самат малпуруш турат дейсиңби?

– Аны көп эле эрөөн-терөөн кылбайм, Самат. Сага эмне болгонун деле билбейм. Каалоорум тез акталып, бала–чакаңдын алдына кел.

– Иий кокуй! Табалабайсыңбы?

– Жок, табалай албайм. Сени табалагыдай мен киммин? Түрмөдө отуруп чыккан бир зекмин да.

– Жок, антпе, Исак. Сен эң oболу – «Адам» экенсиң. Мен «түгөнгөн Самат түгөт» экенмин. Сен да мени кечир, – дегиче, түгөнгөн Самат түгөттүн артына кайрылып кишенделген колунан жетелеген милисалар конвойдун унаасына түртө салып, темир эшигин кулптап, көздөн кайым болушту.

Исак дендароо нес абалда туруп калды. Түгөнгөн Самат түгөт айткандай таба кылбады, тооба кылды. Маашырланбады, сыздады. Сыздаганы адамдар ушинетип өчөшүп, кычашып, бири–бирин зынданга тыгып, жанын оорутуп оорукчан кылып, күүлөнүп өмүрдүн кырчын кезин өч алуу, кек алуу, адамзатта жок сапаттарга убайрамга түшүп, кийинкиси аттиң кылып убайым тартканы, кеч болуп калганы эле. Өмүрдүн гүлгүн кезин ушундайларга сарпталып жатат деп ойлуу турган чакта.

– Исак! – деп сүйүнүчтүн күүсү менен сагынычтын сары санаасы менен Ассоль Исактын кучагына бөлөндү. Исак Жусупов болсо Ассольдун жүрөгүнөн жалындай күйгөн от болуп чыккан демге телчигип, тикчийген кулагы зыңылдап кеңгирей түштү. Ышкы жүрөгүндөгү коюлган канды чай кайнам кылып кайнатып, жүлүнүнө түшүрүп, киндик ылдыйына кан жүгүрүп, ыштанына такалды. Мээ жаагына көчкү жүргөнсүп, кара көздөрү кызылдай каалоо түскө боелуп, көзүнө Ассольдон бөлөк адам көрүнбөй, Жусуп чоң атасынын насааты менен эмес, жүрөгүн каалоо башкарып калганга Ассольдун бети-башын жыттап, моюну-мамагын өпкүлөп, үрпүнөн соруп, колу менен сыйпалап, жумуру жамбашын мыкчый кармап, былтыйган санын ченгелдеп балтырына чейин сыдырып, кийим кечесин койдун терисин сыйрыгандай сыйрып кирди. Ассоль балыкчынын кайырмагына илинген балыктай тыбырчылап, бир сыйра каршылык көргөзүп

барып, анын оттой илебине чагылгандай эркек эрди сулп эттей жабышып, чопулдатып соруп киргенде, тилин бош коюп, ышкы жыты экөөнүн мурдуларынын каңылжаарын жара ыракатка бөлөгөнгө жүүн-мууну бошой түшүп, жүздөрүнө кан тепти. Үч жылдан бери аял жытын искебегенге, сүйүү балына кадимкидей мас болуп, кумар талаасындагы окуруна кутурган айгыр менен кылыктана кишинеген бээсин кайыш камчы менен өйдө-ылдый чапкылап чаап, кыз-куумай ойношту. Арзуунун ысык лаззатынан чыккан чок, бут тырмагын дирилдеткен жалын, жүлүнүнө ысык сууну куйгандай өйдө каракуш баш мээге жетип балкытып, көздөрү караңгылашып, кулактары бир саамга тунуй түштү. Денеси жыйрылып дүйнөсүн улуу сүйүү башкарып, бири-бирине жалынып-жалбарып жиберишти:

– Ассоль, асман-жерден издеген ардагым! Ай–ааламдан тапкан жан шеригим! Жан дүйнөмдү ээлеген жан кубатым! Көз-кирпикке кадалган карегим! Кылым тете күткөн данегим! Кыйла жыл көрүшпөй сагынган тилегим! – деп Исак жалынып-жалбарып ый-кубанычы аралаш, Ассольду өзүнө имере жыттап, кучагына кысып жашыды. Ассоль дагы жүрөгү эреркеп, Исакка жалооруп карап, өпкөсү казандай көөп, Исактын көкүрөгүнө башын жөлөп, ый-күлкүсү аралашкан үн менен өзүнүн жолборсуна багынып берди.

Абак комиссиясы тутунган динин сурап, бүтүп калган жарасын айрыса. Эркиндик эпкинине сүйүнбөстөн, кайдандыр жүүнүн бошоткон өзүн издеткен кусалыгын, минтип ысык, лаззат сүйүүсү унуткарган улуу күч экендигине тан берди. Бул ашыктык сезим баарынан улуу да, күчтүү да экендигине башында баш-аламан ойлорду четке түртө салып, ышкы менен өзөгүн сууруп алчу ашыктык ажыдаардай алдуу, балдай таттуу, оттон ысык, анжирден ширин экендигин

эми сезди. Бирок тиги өзүн издөө галбасы сүйүүнү ызаттап, чегинип, акылынын булчуңдарына убактылуу жашырынып калганын али аңдабады. Санаам ушуну менен бүттү окшойт сыңары деп бүт денеси, баш мээси эс ала түшкөнгө, муундары бошошуп, көк асманга сүңгүп, көзү илинип уйкуга кирди.

Сагынычтары таркабай бири биринен ажырагысы келбеген сүйүшкөндөр жол боюндагы кафеге кирип өткөн-кеткенди эстеп, узакка кеп курушту. Сүйүү кумарынан соолуга түшүп, Ассоль менен коштошуп атасын көздөй жөнөдү. Чоң атасы Жусуптун насааты боюнча атасынан кечирим сурап, «чатакташып кеткен ата-энесин жараштырып алсам» деген максат менен баратты.

* * *

Баймурза Исак Жусуповдун абактан бошогон кабарды угуп сүйүндү. Кайра көңүлү чөгүп, муздай түштү. Сүйүнгөнү өзүнүн жан досу эркиндикке чыкканын кубанып кабыл алды. Күйүнгөнү Исак өзү кабар бербей, же кабар албай, бул кабарды жат адамдардан укканы болду. Ошентсе да таарынычын шилекейине кошуп жутту.

Баймурза Султанов менен Исак Жусупов кучакташып узак турушту. Экөө унчукпай кучак алып сүйлөбөстөн туруусу, көп нерсени деми менен көөнү менен эркектик достугу менен бири-бирине билдирип жаткансыды.

– Досум, амансыңбы, эсенсиңби? Сени келет деп жол карап олтурдум. Азыр деле көргөн көзүмө чынакам ишене албай турамын! – деп кучакташа кетишти.

– Калпакам эмеспи? Аман болбой не! Башка түшсө байтал болот дегендей, адам бардык кыйынчылыкты көтөрөт турбайбы. Арга барбы, айласыздан баарын

көтөргөнгө мажбур экенсиң. Абак артына түшүп зек атыгып калган күндөрү заманам куурулуп, өлүп калгым келип жүрдү. Атам менен апамды аяйм. Бара-бара баарына көндүм. Түрмө тартибине түшүп, моюн сундум. Керилген канаттарым кайрылды, калың булут кайратым сынды. Жапакеч жан дүйнөм жанчылып жердин жети түбүнө кирип кетти. Зектер алгач кордошту, ийрип кайрып калпка салып сындап көрүп, кайра колдошту. Жан дүйнөмдөгү ишеничим гана майтарылбады. Баарына моюн сундум, сындым, тизеледим, чөктүм, өлдүм. Бир күнү кайдан-жайдан дем келди, ишеним келди, тизелеген абалдам турдум, көтөрүлдүм. Бирок мени ушинетип кордошту, эми жаңы келген зектерден кегимди куду өздөрү кыйнагандай көргүлүктү көргөзүп, өчүмдү алайын деген арам ой, түк оюма келген жок. Мени кордоп зыркыраткандарды, темир менен чапкылагандарды, отуз эки тишин түшүрүп салайын дейт кара ой. Андай ачуумду, кара ойду жакшы оюм менен бастым, руханий жактан көтөрүлдүм, өстүм. Эң оболу түрмөнүн пайдасы «өзүмдү издөөм» күчөдү, өзүмдү табууга болгон аракетим менен бирге, түз дисциплина абактан мөөнөттөн эрте бошонууга шарт түздү. Эң аянычтуусу өзүмдү табуу үчүн сөссүз түрмөгө түшүү зарыл беле деген ой келет.

– Эх, досум, аны айтасың. Мен кургур, сен абакка түшкөн соң Ассольдун эркине, ой–боюна койбой үйлөндүм, бала-чакалуу болдук. Мен аны сүйгөнүм менен, мени сүйбөгөндүктөн баары бир бактылуу боло албадык. Жасалма турмуш болду, жакшы сүйлөп жакшы мамиле кылганыбыз менен, ортодогу очок кызыбай, коломтодогу от кадыресе тутанбай койду. Салкын шамал араң тутанган отубузду өчүрүп, күлгө айлантты. Чогу сапырылып шамал менен абага учуп жок болду. Түшүнбөстүктөр, араздашуу күндөн-күнгө көбөйүп, акыры ажырашууга кептелдик.

Ассольдон кол жууп, бойдокчулукка болгону бир ай зорго чыдадым. Министрликте эрден чыккан, туйлаган Турна аттуу келин экөөбүз көңүлдөш болуп, кумардануууга кирип кеттик. Ал үйлөнөт деп үмүт артты, ал үмүттү мен актабадым.

Ассоль менен уул-кызымды эстеген күнү таң аткыча арак ичип алаксымыш болом. Айлам кеткенде, амал дартым күч алып, баш министрдин бир тууган депутат инисинин кызына үйлөндүм. Мунусунда ал мени сүйсө, мен алардын ээлеген кызматын, амалын, бийлигин, байлыгын сүйдүм. Бат эле кызматтан көтөрүлдүм. Азыр ээлеген кызматым министр орун басары. Бийлик менен удаа байлык кошо келди. Акчаны самандай эле чачкан тиричиликке өттүм. Жумуштагы сейфте, үйдөгү сейфтеги акчаларым, короодо үйүлгөн саман сымал үйүлүп турганы менен балкытып бакыт тартуулай албады. Күнкарандысыздык келгени менен күнкарамадай күндү карап өсө албадым. Чөнтөгүм акчага домпойгону менен жан дүйнөмдү боштук ээледи. Карточкамдагы эсебим кеңири болгону менен, дос-туугандар менен болгон аласа-береседе питина (сараң) болуп кеттим. Курсак тойгузчу калбаа токтогону менен, жан дүйнөмдөгү дүрбөлөң эч тынчыбады. Илгери бир кагаз акчага мажбур болсом, ушул чакта бир тунук, таза мамилеге булак суусундай суусап турдум.

Нурсулуу менен төшөктө өзүмдү бактылуу сезбедим. Мен жалындаган от болсом, ал түндүк полюстагы тоңгон муз болду. Ал оозу кулагына жетип жыртая күлүмсүрөйт, менин өңүм казылган көрдөй суз. Мен тоо капчыгайын беттеп, жаш улактай секирип чуркайм, ал үңкүр көздөй үлпүлдөгөн шам чырагын колуна көтөрүп качат. Мен торгой болуп созолонтуп ыр созсом, ал башын көрпөгө чүмкөнүп уйкуну машакаттуу кандырат. Ток этери ал төө десе мен бээ дейм, ортодогу

жашыбыздын он беш жаш айырмасы, чачыбыздын ак–кара түсү, социалдык турмуш абалыбыз, көз карашыбыз, ал турсун темпераментибиз да дал келбеди.

Кайын журттун колдоосу менен чоң кызматка турганда «өзүмдү тапкандай» элем, ачышкан жерим басылып, калкыган жетишпеген ашыктык лаззаты басылгандай болду эле.

Анан кайра бийлик кумары жан дүйнө дүрбөлөңүн тынчыта албады. Үйлөнгөнүмдүн кыркы чыкпай туйлаган Турнанын коюнуна кайра түштүм.

Ассольду жоготкондой, азыркы жубайым Нурсулууну жоготкум келбейт. Аны сүйбөгөнүм менен азыр боюнда бар. Билбейм досум мындан аркы турмуш кандай болот? – деп эки дос сыр түйүндөрүн ортого коюп, чечип башташты. Ортого коюлган бир бөтөлкө бошоп, экинчиси ортолоп калган чак. Баймурза бир саам ойго чөмүлүп, эми эле түрмөдөн чыккан досун аздектегени калып, бакылдыгы кармап кеттиби, же бөдөнө сууга ыктыта тоюп алдыбы, айтор курдай досуна асылгандай түрдө, билек шымалана шойкумдуу бир ишти мурдунун жыты сезгендей, Исак Жусуповго атырылды,

– Исак, сен Ассольго жолуктуңбу? Эркекче айтчы досум. Мындан аркы жеке жашоодогу оюң кандай? Ачык айтып ак сүйлө?

Исак Жусупов абакта олтуруп калуусунун негизги кесепети, ачуусун тыя албай алашемдикке жол бергени, айтылбаган кырсыкка алып келди, соңу түрмө менен бүттү. Бул ачуу сабакты керт башынан түрмө ичинде далай өткөздү. Өзүнүкү туура болсо да кырдаалга жараша тилин тишинин астына бекитет. Үндөбөсөң үйдөй балээден кутуласың сыңары, макилдек оозду тыйганы, курч жана провакациядан оолак кылды. Эркиндиктеги сөз талашуулар ашатып сөгү-

нүүлөргө жетип, ашып кетсе мушташ менен жыйынтыктаса, абактагы сөз талаштардын соңу өлүм менен бүткөн жагдайларга күбө болду.

Баймурзаны тиктесе жүрөгүндөгү бүтө элек жараланган жаратынын ооруксунткан мурунку үй-бүлөсүн эстеп, сөз козгоду. Ажырашкан аялы Ассольду жөн гана сөз кылбастан, достук шааниси кайтып, көзү көмүр чогундай кызарып, жем издеген камандай жүткүнүп, кызганыч кылычын кынынан сууруп кайракка деген дөшү ташына кайрап кирди. Керек болсо алдынан чыккан алты баштуу Ажыдаардын келлесин кесип салууга айбаты жана кыжыры кайнап баратканын байкады. Ич күптүсүнө жинди суу аралашып, эч нерсени көзүнө илбегендей барына кол шилтеп калганы, өз кыймыл-аракетине бүгүнкү түнү толук жооп бербестигин Исак дароо сезип, астейдил этияттык менен сөз башын жакынкы алыштагы арыкка бурганга аракет кылды:

– Ассоль өзүнчө чоң тема, досум. Мен бул теманы талкуулуга каршы эмесмин. Уруксат берсең, алгач башка суроолорго жооп тапкым келет. Арийне, сенин тажрыйбаң мол. Жашоо турмуш боюнча суроом бар, – дегенде, Баймурза өзүн маанилүү сезип, көзүндөгү от басаңдап, көйнөк жакасын түздөп,

– Сура, досум, сурай түш. Сени түшүнүп турам. Жумуш маселеси, башкасы дегендей, колдон келишинче дараметиме жараша даридей сендей досумдан жардамымды аясам, Баймурза атымды достуктан чийип сал.

– Баймурза, буюрса жумуш, тиги-муну, ону-буну өзүң жайлайсың. Ага анча машакат тартпайм. Собол бөлөк.

– Эми сүзмөдөй эзилбей айтпайсыңбы? – дегенде, Баймурзаны тиктесе ал эбак жерге түшүп, жайдары кербезине кайтып, маңдайы жазыла түшүптүр. Дүйнө,

оокат суроолорун семичкедей чакканга даяр турганы, көр-оокат темасына уста экендигин, элдин жүйөөлү проблемаларын ийри олтуруп түз чечкен чиновникти көрдү. Мүшкүлдөрдү талдоо Баймурзанын бөркүндөгү стихиясы эле. Мындайда ал алдына эч бир күлүктү алдына салдырбаган Ашым акенин «Айгашкасындай» күлүк ат эле, коюндаш адам баласы жалпайта атса да, бөрүдөй жырткыч болбой, адамдан гумандуу болгон Султан акенин «Кашаба» бөрүсүндөй эле, башыңа ажал келип кете берсең, керээзиңди так аткарам деп далалат кылган Чынгыз атанын «Эдигейи» эле, ошол эле кезде ирасы камакылдар башын оорутса, бир колун бир колуна тийгизбей кошкөңүл болгон Кубат акенин «Муздак дубалдары» эле, Лев Толстой «Анна Каренинаны» жаратса, Баймурза «Ассоль» экөөнүн биринчи түнүндөгү анын дырдай жылаңач денесинин сүрөтүн эркек мээсине жармаштырып алып, шондогу элести өчүрө албай кыйналып жашаар эле, Мурза акенин «Бир жылда эки ирет гүлдөөчү алмаларына» көчөдө жат адам болуп калган «ашка жүк, башка жүк» бала сымал умсуна тиктесе, Баймурза да Ассоль менен Турнанын гүлдөп кулпурган турпаттарына үңүлө карап, ушукезге чейин эркек напсиси тое электей тиктей берет эле, Габриэль Маркестин «Макондодогу Буендиалардын бүт журту Жалгыздыкты мыкчый жүз жыл жашаса», Баймурза деле ушу турушунда «Жалгыздыкты жалгыз сүрүп жашаган Жалгыз бөрүдөй» жашап жаткандай эле. Бул ушунусунан «өзүн тапкандыгы» чыркыраган ачуу чындык болчу. Болгону жеке жашоосундагы жаракалар, жүрөгүнө жүк болуп түйшүккө түшүрүп, ачуу сууну көбүрөөк ичкен кезде капыстан көңүлүн иренжиткен туңгуюкка кептелсе, курбуларынын кыйласынын шым-көйнөгүн айрып, бети-башын көгала кылып муштаган учурларга далай

дуушар болгон. Мунусунда досундагы өзгөрүүлөрдү баамдады. Байкаганы ал депутаттын кызына үйлөнгөнү, ал кызды сүйбөстөн, анын атасынын амалына кызыккандыгы, мындайча айтканда: «Кайнатам депутат», – деп айтканга жана анын пайдасын көрүү үчүн үйлөнгөндүгүн байкап таң калды. Жумушунан көтөрүлүшү деле ушул агымга улай, дос-жар, классташ, курбу-курдаштар жана өзү теңдүүлөр арасында: «Таасирдүү кызмат абалында олтурамын, силерден бийикмин. Уяттуу кишинин күйөө баласымын», – деп өзүн менменсинген жаңы кыялына такалып жатты. Бардык пейилинин жеткен жери-текебердик экендигин айтпаса да бештен белгилүү болду. Исак ошону сезгендей, суроосун узатты,

– Баймурза, сен дүйнө, оокат машакатын чечип коюпсуң. Ал нерсеге башың оорубайт.

– Иий, туура!

– Сендеги проблема – таза жана кошоматсыз мамиле.

– Туппатуура.

– Койсоң?

– Ушул нерсе, мен аралашкан коомдо жокко эсе. Бардыгы жасалма. Жасалма жылмаюу, жасалма ыйлоо, жасалма сыйлоо. Тойго барсаң да тажыяга барсаң да, кызмат көргөзүп, көз көргөзүп, конверт берип, таасирдүү «Чиновник», же бай «Олигархтан» пайда алганга аракет кылышат. Ошондой. Жандүйнө, көңүл, адамгерчилик деген нерсе жашабаган дүйнө. Алардын оюу боюнча жалпы журт ушинтип дүйнөсү ашыпташып, Түркия, Дубайда эс алып, кымбат жаңы унаада чалкалап, балдарынын телегейи тегиз жашоо сүрүп жаткандай ала-булут үстүндө эле калкып жүрүшөт. Азыр эле маектешип жаткан адамы ары караганда артынан шыбап башташат.

– Түшүнүктүү. Дагы бир нерсени баамдадым. Дөөлөтүң да, мүшкүлүң да аялың – Нурсулуу?!

– Дөөлөтүм, мүшкүлүм, үмүтүм, муздаткычым, башкесерим да!

– Аны өзүң сүйүп тандагансың да туурабы?

– Чынын айтсам, мен Нурсулууну тандаган эмесмин, депутат кайнатам Акрам Шакиевдин коомдогу таасирин тандаганмын. Тандоомдун үзүрүн көрүп жатам.

– Кызык экен. Бирок ошол эле учурда өзүңдү бактысыз сезип турасың?

– Бул чындык. Досум ишенсең Нурсулууну кыпындай да жакшы көрбөйм. Мас болуп келген күндөрү гана эркектик милдетимди аткарам. Соо кезде жумуш бөлмөмдө ноутбугумду кучактап, интернет чукуп, уйкуга кетем.

– Турначы?

– Турна бул – Муза!

– Демек Турнаны аял киши катары сүйөсүң.

– Сүйүүбү же жөн эле алаксуубу билбейм, бирок аны менен өзүмдү бактылуудай сеземин.

– Өлбөдүбү, кайнатаң билип калсачы?!

– Кызматтан кетирүүсү мүмкүн.

– Атты да жаман токуса жоор болот, Нурсулууга күнөө такпа. Балким мүшкүл өзүңдөдүр?

– Ай ким билсин? – деп, көзү чүңүрөйүп, чарчаңкы турган Баймурзаны батирине жеткизип, кеч жуук үйгө келди. Исактын ала-гүү абалын көргөн атасы,

– Э балам, жол болсун. Эркиндикке чыкканыңды катуу майлапсың. Мейли. Ал-акыбалың кандай?

– Ден–соолукту жедим окшойт ата, – деп арызданып алгансып, – Өзүңүз кандайсыз?

– Көрүп тургандай. Кыйратарлык жаңылык жок. Сен абакка түшүп, апаң экөөбүз ошону эле күтүп тургансып ара жолго түшкөнбүз.

– Ата! – деп атасына кайрылып. – Мен көп жаңылыштык кетирдим. Суранам! Мени кечириңиз. Сиз мас болуп келгенде эшикти ачпай, терс бурулуп кеткен түндөрдө, сиздин акыбалыңыз кандай болгонун, түрмөдө жатып сездим. Кесир мамиле кылганымды моюнума аламын, ата! Мени кечириңиз, – деп шолоктоп ыйлап жиберди. Атасы да көзүнө жаш алып, өткөн күндөрдү көз алдынан өткөздү.

– Уулум, өткөн өттү, кеткен кетти. Кудайдан бейамир куурайдын башы кыймылдабайт. Бешенеге ошентип жазып койгон сыягы. Ал буйруктан качып болобу. Ошентсе да өз күнөөңдү моюнуңа алып, «кечирип кой» деп айтууң, бул адамгерчилигиң, уулум. Мен го баарын кечирем. Өзгөлөрдөн этият бол, баары эле бир кыл эмес, кууш жерде шагыңды сындырып коюусу кеп эмес.

– Кечиргениңизге, ыракмат, ата. Эми менин кийинки тилегим, апам экөөңүздөрдү жараштырып коюу.

– Эс ал. Буюрса сен айткандай болсун. Таң эрте, апаңдын алдына барайлы, – деп ата-бала уктоочу бөлмөдөгү даяр орундуктардан жай алышты. Сүйүнүчү, кубанычына батпаган Исак, түн оокумга карабастан апасынын телефонуна чалды.

– Алло, Исак. Кеч чалыпсың, тыңчылыкпы ботом?

– Тынччылык эле. Эркиндикке чыктым, апа!

– О, садага! Кудайым тилегимди орундатыптыр. Күн–түн сенин эркиндигиңди тилеп олтурдум, козум. Алдыңда кетейин, апаңдан качан кабар аласың?

– Буюрса эрте менен. Анан, атам экөөңүздөр жарашчу күн келди. Атамды ынаттырдым. Сиз да мен үчүн макул болуңуз.

– Сен эмне десең ошол да балам, ансыз да алтын өмүрдү сен түрмөдө, биз жаңжал менен өткөздүк.

Эртеси атасын ээрчитип, апасына жолугушту. Дауд менен Мариям көп жылдар бирге өмүр сүрүп, турмуштун ысык-суугун баштан чогуу өткөзгөн эски жубайлар. Бул жолугушууда бири-бирине койгон бийик талабы менен уруш-талаштын саркындыларынын таарынычы менен, канааттандырарлык эмес салкын жүз менен, курутка деп илинип суусу сарыккан сүзмөдөй алик алышты. «Керек болсо Исактын гана жүзү үчүн, уулунун өтүнүчүн аткарып жатабыз, болбосо бул жерге мурдумду кессе да, чачымды жулса да бутум басып келбес» дегендей түр менен бири асманды тиктесе, экинчиси жер тиктейт. Дауд жер чукуса, Мариям асманда калкыйт.

Мындай абал бүгүн эле жаралып калган эмес эле. Бул муздактык, кайдыгерлик, айлап, жылдап топтолгон турмуштук эр-катындын ич-ара келишпестиги, түшүнбөөчүлүктөрү эле. Жан шеригине болгон мээримсиздик менен бири-биринен жок нерседен үмүткөр болуп, кол жеткис көк мөңгү сымал ишке ашкыс максаттарды күтүүсү болчу. Ошону менен бирге «Эмнеге баланчага окшоп чоң үстөл кучактап тиги кызматка жетпедиң? Түкүнчөгө окшоп ири ишкер болуп ичи жашылбайларга толгон портфель көтөрбөдүң?» сыяктуу орунсуз кине тагышкан жубайлардан эле.

«Өмүрлүк жарым эле. Болушу, турушу турпаты ушул», – дегидей дээринде жок эле. Булар бири-биринин турган турпатын сүйө да, ардактай да алышпагандыктан, ичиндеги ит билбеген ойлорун, ачыктөгүн сыр чечишпей, бүгүнкүдөй кыл чайнашкан кырды-бычак жашоону бирөө кылгандай түрдө ызалана турушту. Сөөк талашкан иттердей жалы түксүйүп, мурдулары мурчуюп, ичтери ириңдеп, тиштерин соксойто ырылдап турушту. Эгерде кичине эле бирөөсү атыраңдаса, экинчиси пушка менен аткылап

ийгенден тайманбай турган кезде, ортолукка көпүрө болгон Исак булардын муз жүрөгүн ээритип, кыңыр тиктеген көздөрүн түздөгөнгө аракет кылды. Экөө уулунун аракети текке кетпесин дешип, мамилелери мамыр-жумур болуп кетпесе да, көңүл жылытар сөздөрдөн айтышып, көптөн бери бир дасторконго чогуу олтурбаган үй-бүлөнүн казаны кайнады. Ай жарыгы аппак сүттөй толуп төбөгө чыккан кезге чейин, Исак жазылып сүйлөп берди. Кыйладан бери бөлөк жашаган ата-эне уктоочу бөлмөгө эс алууга бирге кириштi.

Алигиндей жаш жубай кездегидей болуп, буттарын бири-бирине ашырып, эркеги аялынын жоонуна көкүрөгү менен чырмашып, колун жубайынын колтугунан астынан өткөзүп, эмчегин мыкчып уктаса, аялы эркегинин моюнунан кучактап, кааласа, башын, күйөөсүнүн көкүрөгүнө төшөп жатчу кез кайда?! Бул жолу жөн гана этияттанышып, буттары бири-бирине тийип кетсе селт эте чочуй түшүп, керебеттин эки четине жылмышып, бири-бирине артын салып унчугушпайт. Кимиси биринчи сөз баштаса кемсинип калчудай тултуюшат. Уктоочу керебетте эмес, «Өлүм жазасын» аткаруучу электр үстөлүндө, жумшак жаздыкты кучактабай, «Дарга асчу аркан жипке» асынып жаткандай, итиреңдеп, калтаарыган абалда жатышты.

Каяктагы уйку, баш толо ой, учу араң көрүнгөн өлүмтүк үмүт, туягына тура баштаган тырмактай тилек, өткөн өмүргө кылчая караган эмшейген өксүк, өмүрдү чырга айланткан кара чаар жыландай калбаа, асмандагы айга окшогон кол жеткис улуу максаттар, ичиңе куртка окшоп кирип алып кажыган арманга санааларын агызып, кыйлага чейин уйкусуз жатып, бир кезде көздөрү илинип уйкуга кириштi.

Уктоочу бөлмөнүн эшигин тыңшаган Исак ал бөлмөдөн эч доош укпады. Тымтырс жымжырттык. Ичи-

нен кымыңдап сүйүнүп, эң башкысы кыйла жылдар бою таарынычтан ажырашкан ата-энесинин бир бөлмөдө, бир керебетте чогуу болгонуна кубанды, а калганы Кудай буюрса баары жакшы болот деп болжоп койду.

Араңжан үмүтү «Эми, Ассольдун башына ак жоолук салып, колукту кылып үйүнө алып кирсем» деп таттуу ойлордон түзүлгөн максаттарын көз алдына шурудай кылып тизмектеп, кыялданып жатканда: «Исак, Исак!» деген апасынын, ачуу кыйкырыгын угуп, бир балээни туйгандай бутуна жылан оролуп алгандай муздай түштү. Саатты тиктесе, түңкү 3:33төр чамасы. «Эмне шумдук, дагы уруша кетиштиби?» – деген күлүк ой менен, алардын уктоочу бөлмөсүнө кирди. Атасынын көкүрөгүнөн адам үзүлөөрдө чыкчу коңурук чалыш бырылдаган үн чыгып жатыптыр. Исак менен Мариямды көргөн атасы, көзүн чүңүрөйтүп:

– Мариям, сага ыраазымын! Исак, уулум! Сага да ыраазымын! Бир гана керээзим бар, өлсөм сөөгүмдү туулган жерге жеткизип, ошерге кой! – деп көкүрөгүнүн, тамагынын кырылдаган үнү күчөй баштаганы, оозуна суу тамчылатышты: «Кхүүуырррpp», – деген Дауддан оор доош чыгып, Исактын кучагында, Мариямдын көзүн карап, көзүнүн карегинин тегеренгени кагылган казыктай катып, азыр эле чыгып жаткан деми ток ургандай токтоп калды. Исак колун атасынын оозуна салып, жутуп алган тилин бери тартканга аракет жасап, атасынын өмүрүн сактоо амалын кылып жатты. Мариям «Тез жардам» чакырды. Дарыгер Даудду карап көрүп: «Биологиялык өлүм болуптур. Кайрат кылыңыздар», – деди.

Дауд Жусупов жарык дүйнө менен кош айтышкан күн. Караңгы түн түшкөн Жусуповдордун үй-бүлөсүнүн кабыргасы кандай кайышкан абалда болсо,

аба-ырайы да аларды колдогон тейде кабатырланган-дай, нөшөрлөгөн ак жаан менен эсте калды. Заматта асмандагы ала-булутту калдайган калың кара-булут бастырып кирди. Адамдар менен бирге табийгат көз жашын көл кылып төгүп жаткансыды.

«Жусуповдордун үй–бүлөсү башка динге кирип кеткен» деген айылдаштарын тукурган, мурдагы мугалим азыркы мечит имамы Мамбет: «Дауд Жусуповдун сөөгүн айылдагы бейитке койдурбайбыз» делген чечим кабыл алдыртып, караманча каршы турушту. Топтолгон эл зуулдап ач кыйкырык менен жамаат мүрзөсүнөн Исакты, атасынын сөөгүн кошуп сүрүп чыгышкан эле. Исактын оозуна талкан салгансып нес болуп калды. Анын мындай кебетесин көргөн жакшы санаалаштары ойлорунда: «Айып Исактын үй-бүлөсүнүн тутунган дининде турбайбы», – дешкенсиди. Бечара Исак дагы турган жеринде бозоруп нес болуп калды. Андан аркысын атасынын сөөгүн көтөрүп баратып ылайга тайгаланып баткакка бети менен түштү. Чылага батканына чычалабады, абийиринин астында, атасын эл катары жерге бере албаганына ызаланды.

Айласы кеткенде жан досу, ак үйдөгү орто чиновник Баймурза Султановдун таасири менен Муфтиятка телефон чалдырды. Ал жактан мечитке коңгуроо болуп уруксат алынып, атасын айыл бейитине коюп бүткөн сөң, көкшүнү суугандай болду эле. Көп узабай, айыл тургундарынын кыжыры кайнап ак үй, көк үйдүн буюругуна моюн толгоп, жаңы жайды кайра казып: «Каапырга бизден жай буюрбасын. Биз өлсөк ушул капыр менен коңшулаш болуп жатабызбы?» – деп ак сурпка кепинделген Дауд Жусуповду сөөгүн жер бетине алып чыгышкан эле.

Мамбет имам окуучусу Исак Жусуповду аяп орустардын жайына коебуз деген сунушу да суу кечпеди.

Ага бөгөт коюп каршылык кылган православ чиркөөдөгү поп, отец Сергий ызылдай каршы чыкты. Жүйөөсү, сөөк ээсинин дини буларга туура келбейт кыязы. Мамбет агайы Исакка карап: «Эми болбой калды, Баймурза Султановго кайрадан кайрыл, бул маселени чечсе бир ошол чечет», – деп басып кеткен.

Исак Баймурзага кайрылган кезде, ал адатынча табалагандай түрдө досун кажып, андан соң жардам кылуусун билдирген кезге такалганы өзүнчө бир азап.

Атасы менен апасын эми эле башын бириктирдим деп бир түнөбөй, атасын жоготуп олтуруусу эки азап болду. Өлгөнгө көмгөнү, атасын жерге бере албай бушайман жеп, сөөктү табытка салып алып, жайдан жайга көтөргөнү ашыл-ташыл болду.

Исактын эки көзү атасынын сөөгүндө, лакатырдай делдең кулактары уюлдук телефондо болду. Келемиш, мышык аттуулар атасынын кулак-мурдун жеп койбосун деп сөөк коруганы ушу. Кулак түргөнү, Баймурзадан бир жакшы кабар күткөнү болду. Ушинтип дүйнөсү арманга толуп, кийими жамгырга чылгый суу болуп турган чакта, уюлдук телефону шыңгырап калды. Тиктесе күткөн адамынын ысмы телефон мониторунан көрүндү. Баймурзанын атын атап сүйлөшө калганын байкаган Мариям, Исактын жүзүндөгү жылуу маанайды көрүп, андан жакшы кабар болгонун билдиргендей болду.

Айлакер Баймурза акылга сыйбаган мындай илээни кайдан тапканы белгисиз, мындай айла оңкосу менен сайылса да Исактын оюна турсун колунан да келмек эмес, айтор жети күнгө созулуп кеткен, чаташып кеткен бул маселени ал минтип чечиптир. Айылдагы мусулмандар имам баш болуп тиги сөөктү көрүстөнгө коюлушуна караманча каршы болуп жатышпайбы, ал эми православ динин тутунгандар деле ошол тейде:

«Сөөк христиандыкы болгону менен анын конфессиясы бөлөк, демек биз дагы сөөктү бул мүрзөгө койдурууга уруксат бербейбиз», – деп чыгышпады беле.

Сөөк ээси ыраматылык Дауд Жусупов уулуна: «Сөөгүмдү ата–журтума апарып, киндик кан тамган жерге бер», – деп керээз кылганын, кан какшап кайталап жүргөн Исак Жусупов: «Атамдын акыркы керээзин аткаруум абзел», – деп ал дагы көгөрүп жатпайбы. Анан эмне кылуу керек? Эл көчөгө чыгып дүрбөлөңгө түшпөгүдөй кылып, кийин-соңу бирдеңкенин шойкуму билинип калып чыр чыкпагыдай кылып, наңшып-наалыган кеп ээрчибегидей кылып, ошол эле кезде ыраматылык Дауд Жусуповдун «сөөгүм туулган жерге коюлсун» деген мүдөөсү орундалса, Исак Жусуповдун көңүлү тынып, жаны жай алат эле. Кыскасы маселени баардыгынын оюндагыдай кылып бүтүрүү керек. Ошондо гана чырга айланган түйүн чечилет да, бардык тараптар ыраазы болот.

Мусулмандар менен православтардын мүрзөлөрүнүн ортолугунда бош турган жайыт бар эле. Ошол эки бөлөк бейиттин ортосунан узуну эки метр, туурасы бир метр жалпысынан эки чарчы квадрат метр жерди айыл өкмөттүн токтому менен ыраматылык Дауд Жусуповдун сөөгү коюлуучу жай деп атайын бөлдүрүптүр. Ошентип жети күн, жети түнгө созулган мүрзө тополоңу ушундай ырайымдуу жана элди дүрбөлөңгө салбай жөндүү чечилгени болду.

Айыл өкмөттүн токтомунун көчүрмөсүн колуна алган Исак Жусупов атасын акыркы сапарга узатты. Аны колдоп жайга, Мамбет имам, поп отец Сергий, Баймурза Султанов менен Нурсулуу, Ассоль, апасы Мариям, Абдулла менен Наташа, Ширинди ээрчиткен Талгат болуп эки чоң мүрзөнүн ортосунда жалгыз дөмпөк мүрзөнүн ичинде жаткан Дауд Жусуповду

акыркы сапарга узатып турушту. Башка адамдар келген жок, угушса да укмаксан болушту, көрүп сөз кылгандар көрмөксөн болушту.

Ошентип, мүрзө калбаасы ак үйгө жетип чечилди. Арбактын сөөгү тынчып, түбөлүк жер алдына берилди. Жайдан чыгып үйдү көздөй бараткан кез. Баймурза Султанов Исак Жусуповдун жанына басып келип:

– Досум, кайрат кыл. Атаңдын жаткан жери жайлуу, бейиши болсун.

– Бейиши болушу, болбошуна чейинкиси жайлады го досум.

– Эми кантесиң, Ассоль экөөңөрдү да ушинтип көмөбүзбү, самсаалап жай издеп?! – деп милдет кылган Баймурза, негедир досунун бүтүп бараткан жаратын аймап алгансыды.

– Койчу досум, турмуш кеңешиңди сөөк муздагычакты коё турчу.

– Эмне чычаңдайсың. Туура жолго түшпөйсүңбү, ушундан сабак албайсыңбы?

– Баймурза, билсең! Мен сендей жашагым келбейт. Чекит.

– Өскүң келеби, жатты айтпайын өзүмдүн Абдулла агамды карачы? Артта калып кетти. Сен да Абдулладай болгуң келип турабы?

– Эмнеге сен ар дайым ийгиликке жетишпегендерди мисал кыласың. Жетишет, мени ар кимге салыштырганыңды токтот. Керек болсо, сен Баймурза, өзүмчүлсүң, бир гана өзүң жөнүндө ойлойсуң. Эч кимди, эч нерсени сүйбөйсүң. Кудайыңды да ишиң түшкөндө эстеп, башың кайгыга батканда жалынып тизе бүгөсүң. Мүдөөң орундалып, же бир балакеттен аман-эсен кутулганда, эшегиң ылайдан өткөн соң заматта Жаратканды унутасың да «атеистмин», – деп чыга келесиң.

– Менин эмес, сенин эшегиң ылайдан өттү сыңары, өктөмдүү сүйлөп калдың досум, – деген Баймырза үстүңкү тиштери менен алдыңкы илебин тиштеген түрдө Исакты мыскылзаар тиктеди.

– Антпечи досум, жакшылыгыңды унутпаймын. Болгону жанды ачыштырган мурч сөздөрүңө жооп берип жатамын. Ооба, мен периште эмесмин. Менин деле күнөөлөрүм толтура. Болуптур мен башка динди тандап алдым, түрмөдө олтуруп чыктым, жумуш маселеси жакында чечилип калаар, турмуш жолум да жолго түшөөр.

Өзүңчү, өзүң сүйбөгөн адам менен жашап, кайын атаңдын көлөкөсүндө куйругуңду шыйпаңдатып, кешигин ичип жүрөсүң. Аның аз келгенсип Нурсулуу менен жашап туруп, сүйүүктүң Турна менен да «ойноштук» кылып жүрөсүң. Эл эмне дейт? Ойлонбодуңбу?

– Түкүрдүм элдин оюна! Уктуңбу, түкүрдүм! Башка өмүр болбойт. Эмнеге бирөөлөрдүн пикири менен жашашым керек. Эң оболу өзүңдү таанысаң, өзүңдү тапсаң болду. Себеби, бирөөнүн пикири чыныгы пикир болуусу мүмкүн, бирок жалган пикир болуусу да толук мүмкүн. Кырдаалга жараша айтылган сын же көралбастык ич күйдүлүк болушу ыктымал. Ошондуктан, өзүңдү өзүң чындап таанысаң, башкалардын ою, кошумча пикир же сунуш болуусу мүмкүн.

– Жазмыштан качып кутула албайсың. Тагдырды алдайсың, өзгөнү алдайсың, бирок өзүңдү алдай албайсың.

– Тагдыр, жазмышка жармашпа. Мени, Турнаны сөз кылып турусуң. Мына, эркекче чыныңды айтчы, Ассольду кандай көрөсүң?

– Ассоль мага дем алган абадай керек. Ал мени үчүн мүрөктүн суусундай кымбат, – деп Исак агынан жарылды. Муну уккан Баймурзанын бетине кан тээп, олжону пайлаган бөрүдөй акшыйып тиктеген абалда,

– Анда баш кошосуңарбы? Жөнүңөр менен эле жүрбөйсүңөрбү? – деп досуна тиш салды.

– Эмне болуп кетти? Айылчынын баласы «оппа» дейт, уйкучунун баласы «тата» дейт сыңары, айтпайын десем оозумду тырмайсың. Мен тор артына түшүп-түшпөй, «Ассольго үйлөнөм» дедиң. Ассольдун бактысы үчүн көзүмдү жумдум. «Ажырашабыз» дедиңер, аныңарга мейли дедик. Эркиндикке чыккан кезде Ассоль экөөбүздү бир көрсөң чачын жулуп, жаңжал кылбасын деп, Нурсулууга үйлөнөөрүңдү күттүк. Кудай ажырашканыңа карабай, ооматын дагы берип жатат. Жакшы үй–бүлөнүн кызына үйлөндүң, жакшы кызматка көтөрүлдүң. Мактап койсо мардайбай, таптап койсо дардайбай эркекче бол.

Сурадың? Ачык чынын айтсам, «Мен эле болоюн, тонду мага жапкыла, учаны мага тарткыла» деп аңырандайсың, – деген Исактын көзү каканактап, досуна күйүп–бышып сүйлөп кирди.

Ачуу чындыкты уккан Баймурза, тилин жутуп алгансып «кың» эте албай, кулжуйуп отуруп калды. Эки достун сөз талашына жайга бирге чыккан Талгат аралашып, сөз башка нукка бурулуп кетти.

Дауддун тажиясы жана Исак менен Баймурзанын ошол тажиядагы кер-мур айтышуусунан эки ай өтпөй, «Бир жерим ооруду дебей», бир күн төшөккө жаткылык кылбай, Мариям да жарык дүйнө менен кош айтышып кете берди. Өлгөндүн өзүнүн шору дешип, өлдүң-өчтүң болду.

Өткөңкү Дауд Жусуповдун айыл мүрзөсүнүн калбалуу тажысынан кийин, ошону менен бирге чучукка жеткизе текебер сүйлөгөн Мамбет Имамдын, Баймурза Султановдордун сөздөрүнөн кийин, эсине келип калган Исак Жусупов, бу сапар Мариям апасынын сөөгүн Бишкек шаарындагы протестанттар коюлуучу жайга эч калбаасыз жерге берди.

Айылдаштары, дос-жары, колу-коңшусуна деп, айылдагы кулпу салынган үйүнүн эшигин кайра ачып, боз үй тикти. Бир кой союп, ислам дининдегидей кылып эле тажыя өткөзүп, жаман-жакшы көрсө да муруңку агайы, азыркы мечит имамы менен сопуларын кошуп чакырып койду. Алар эч нерсе болбогондой протестант Мариямдын арбайына деп куран окуп, тартылган устуканды көтөрүп кете беришти.

Апасынын көзү өткөнүнө, ошону менен бирге, Дауд Жусуповду жайга коюп кайткан кезде, Баймурза Султанов менен ортодо Ассольду кеп кылып кер-мур айтышканы, дале болсо дилин бычак менен тилгендей оорутуп, ошол жаратка туз сепкенсип ачыштырып айласын кетирип жатты. Ызасына чыдай албаган Исак Ассольду куйрук кылып ээрчитип, өзүн жоошутуш үчүндүр тоо койнунда мээсин сергитейин дедиби, айтор тоодогу чөп чабык жакты көздөй зыйт койду.

Куурап бараткан чөп чабындысы, кечээги чөп чабыктан үйүлгөн чөмөлөлөр, чийилген карта сымал тескей беттеги тонначылардын колоннасы чач кырды сымал, тоо бетин устара менен алгансып, өзүнчө жер бетинде жаңы глобус түзүлүп жаткансыйт. Тоо гүлдөрүнүн, бышкан чөптүн жыты, тер баскан чалгычылардын чарчоосун жазгандай туюлат.

Мээни кайнаткан ысыктан, кулактын парсылдагын пырылдаткан кычык сөздөн качкан Исак менен Ассоль чалгычылардын катарына кошулган учур. Исак аларга кошулуп чөп чабыкка чыгат, Ассоль тамак бышыруу менен алек.

Исак таң эртеден күн шашкеге келгенче тонначылар менен тоо бетиндеги көп жылдык чөптөрдү катары менен туруп, чабышат. Ичкендери кадимки катыкталган атала, жегендери картөшкө куурум менен жер тандырга бышкан буудай наны. Атала түгөнгөн кезде,

капчыгайдан алынган, тиш тоңдурган муздак булак суусунан чалап чалып ичишет. Анысы түгөнгөн кезде, ошол булакка бети менен жата калышып, аш казаны толгуча суусундугу кангыча ууртašат. Баймурза менен сөз талаштан көрө ушинетип кара жумуш менен алектенгенине ыраазы. Ашказандары тызылдап ачышып калса, шырбаз козуну тарта союп, куурдак кылып кууруп жеп, жайлоодон келген көк бээнин кымызынан ууртašып, алачыктын ар жеринде чалкасынан кулаган чалгычылар көк асманга үңүлүп уйкуга кетишет. Идиш–аяк жууган Ассольду тиктеп ойго баткан Исак, «Ушул жашоо эч бүтпөсө экен, ичи таза дили таза чалгычылар менен ушундай тиричиликти уланта берсек» деген ой-чүмбөттөрүнө чулганат. Качан гана жакын жердеги ат кишинеп, же ичи чаначтай болгон Бегалы чалгычы коңурукту кор тартып киргенде көзүнүн плёнкасы алынып, жерге түшүп, үшкүрүнүп олтуруп калат.

* * *

«Ала карганын учканын карабай, келгенин кара», – деп, сүйлөнүп, таарынычы менен басып кеткен Исак Жусуповдун сөзүнө териккен Баймурза, өзү менен сүйлөшүп кирди: «Кайра мен анын маселесин чечип бербедимби, эмне эле тыйраңдайт? Неңди урайындыкы. Алкыш айткандын оордуна, мени сөзгө жыгып итиреңдейт», – деп ындыны өчө түштү.

Нурсулууну ээрчитип апасынын үйүн көздөй жөнөдү. Абдулла Наташаны келинчек кылып алып кирет деген жагымдуу жаңылык угуп, даяргердиктеринен кабар алып кеткени келишти. Айна уул-келинин кучак жая тосуп алды. Үй ичи шан-шөөкөт, тамак-ашка толуп шаңдуу. Баймурзанын баякы көөдөнүн сыздаткан, көңүлүн иренжиткен ачуусу заматта абага сиңип,

апасынын, бир тууганы Абдулланын аурасына бөлөнүп, бат эле чөккөн маанайы көтөрүлүп калды. Айнанын кубанычы коюнуна батпай: «Эми буюрса үйүбүз башка, казаныбыз ашка толчу күндөр да жакындап калды. Туйбас өткөндөн бери үйүбүз мазарга окшоп калды эле, Кудайга шүгүр», – деп сүйүнүч менен уулдарын, келинин тиктеп жайылып олтуруп калды. Баймурза апасы бышырган каттама менен чай ичип, кол бала кылып бышырылган ысык мантыдан беш-алтыны сугунуп жиберди, көңүлү гана эмес, табити да ачылды.

Бишкек. Протестанттардын жалпы жыйыны. Беш жүздөн ашуун жыйындын катышуучулары диндеш бир туугандары менен кучак жайып жайдары алик алып орундуктардан орун алышты. Наташа микрофонго биринчи жармашып, жалындуу саламдашкан соң, эң кубанычтуу ары сүйүнүчтүү кабарды, Абдулла экөө баш кошуп жаткандыгын жар салды. Протестант менен мусулман баш кошооруна анча-мынчасы ишене албай күмөн санап турушту, качан гана Наташаны кубаттап Абдулла жыйынга келген жамаатка ыраазычылык билдиргенде күбүр-шыбыр кылгандардын оозу жап болду.

Эки жаш күндүзү нике күбөлүгүн алышты. Наташа протестант болгонуна карабастан, үйүнө молдо чакыртып мусулманча никесин кыйдырышты.

Арадан бир айдай убакыт өттү. Султановдордун үйүндөгүлөрдүн баарынын маанайы беш, бир гана Наташанын көңүлү акыркы кезде негедир чөгүңкү. Анысын баамдаган Айна, аны өзүнө имерип сөзгө тартты.

– Кызым эмне болду, маанайың пас, Абдулла экөөңөр уруша кеттиңерби?

– Жок, апа! Урушсак жакшы болмок, андан да жаман. Өтө кызыл бат оңот, өпкө кызыл кеч оңот болдук окшойт.

– Тобоо табышмак кылбай түз сүйлөчү, ботом!

– Апа эже-сиңдидей сырдашалы. Ооруну жашырсаң өлүм ашкере дегендей, Абдулла мага үйлөнгөнү менен өзүн бактылуу сезбей, «өзүн издеп» таппай жаткансыйт. Мага үйлөнгөн соң, табитине туура келбей калдымбы, жакпай калдым окшойт. Төшөктө муз-буз. Экөөбүз бири-бирибизге жакындамак турмак, эки жакты тиктеп, эки жаздыкты кучактап уктайбыз.

– Ой, тооба. Тооба кылдым.

– Үйлөнгөн түнү таң аткыча конок достору менен сүйлөшүп чыгып кеткенсиди. Бир жума достору менен жүргөнүнөн, үйлөнгөнүн жууп, сүйүнүп жүрөт деп ойлоп жүрдүм. Кийинки жумалары кеч келип, уйкуга кирет. Жаш жалаң жубайлардай эркелешүү жок, ылым санап: «Чарчадым» – деп уйкуга кетет, ошонусу ар түнү кайталанат. Жүрөгүм өрттөнүп, жүлүнүм тирүүлөй тилинип атат. Уулуңузду бактылуу кыла албаганыма, уругуңуздарды улай албаганыма абдан кейиничтүү акыбалга кептелип каламбы деп турам, – дегенде, Айна көзүнө жаш алып өпкөлөп ыйлап кирди эле, – Апа коюңузчу ыйлабаңыз. Мен чыдайм, сиз үчүн, Абдулла үчүн, өз келечегим үчүн бактымды күтөм, – деди. Айна көйнөгүнүн этеги менен көз жашын артып, Наташанын колуна колун коюп:

– Кызым, мен күнөөлүмүн. Кечиргиле мени, – дебеспи.

– Коюңузчу апа, кайдагыны айтасыз.

– Кызым, кулак сал. Сен Абдуллага жардам бер. Мен булардын бала-чагын айтып берейин. Ыраматылык Туйбас экөөбүз баш кошуп удаа эки уулдуу болуп үйүбүз бала жытына толду. Аш-буш эткиче балдар тестиер кезге жеткен кез, Союз ыдырап мечит медресеге балдарды окутуу «модага» айланган. Мен чын ниетим менен балдар ыймандуу чоңоюшсун деп, медресеге

берем деп Туйбаска айтсам. «Чоң уулуң Абдулла сени жакшы көрөт, өзүң билгендей тарбияла. Мударис кылсаң мейли. Баймурзаны жөн кой, аны мен чиновник кылам», – деп көшөрүп туруп алды. Абдулланы жетелеп медресеге алып бардым. Ушунча Мударистердин ичинен Кудайдан жөө качкан бачабаз молдо Шайпаңга жоолугупмун. Анын ошондой илдетин кийин билдим. Чай-чамегин бердим. Ал айбан тузумду ичип, туз баштыгыма чычып салбадыбы.

– Кантип?

– Медресе жатак мектеп экен. Дем алуу күндөрү гана үйгө келсе келет, болбосо күнү-түнү ошерде. Коңшуларым да балдарын ал жерге окутушчу, кээ күнү үйлөрүнө алып келип турушат. Абдулланы алып кетейин десем жанагы Шайпаң шумдуктуудай болуп, «Абдулла дем алуу күндөрү деле Медреседе туруп турсун, окуусу жакшы», – десе ал акмакка ишенип, уулум кадыресе Адам болуп баратат депмин. Көрсө адам кылбай бачабаз кылып, түз жолдон чыгарып жаткан турбайбы.

– Апа түшүнбөдүм?

– Үх, өлүгүңө отурайын Шайпаң баламды апаптап жүргөн экен. Абдулла да: «Апа болду медресеге барбай эле коёюнчу. Мектепке классташтарыма кошулуп окуюн», – дегенине ынабай, колунан жетелеп мажбурлап алып жөнөйм. Оюмда балам жалкоолонуп жаткансыйт. Эч жаман нерседен этибар албайм. Акыры убакта Абдулла мурдагыдай шайыр болбой түнт болуп, кыялы өзгөрүлүп кетти. Туйбас болсо саар кетип, түн оокумда келип, иши менен алек. Ошол күндөрү, Абдулла медреседен үйгө келип түнөгөн. Эртеси жаткан төшөгүн жыйып коёюн десем, ак шейшеп кызыл кан болуп калыптыр. Чочуп кетип, Абдулланы жетелеп догдурга текшертсем, көтөн чучугу айрылып, кан

кетип жатыптыр. Догдурдан себебин сурасам: «Уулуңузду эркек адам зордуктап коюптур», – дегенин угуп-укпай эсим ооп жерге куладым. Көзүмдү ачсам кушеткада жатам. Күйпөлөктөгөн адамдар, арасынан Абдулланын көзүн көргөндө жерге кирип эле кеттим. Өз колум менен Шайпаң айбанга карматканыма кейигеним кеч болду. Катуу кыжаалатчылык менен «Кан басымы көтөрүлмө» илдетин кошумча кылып жабыштырдым. Ооруканадан чыгып, Абдулла менен сүйлөштүм. Шайпаңдын жаман жоругун мага айтпасаң атаңа, Баймурзага айтпайт белең десем: «Баймурзага чекесин угузсам, сен эмес өзүмдүн башымды кашыганга убакыт жок», – деп топ ойноп кетип калды дейт.

Абдулланын оорусу тууралу медициналык корутумдуну тиркеп милицияга арыз менен кайрылган соң, Шайпаңды убактылуу камакка алып, анын иши сотко жетти. «Шайпаңдын айыбы далилденбеди, күбөлөр жок», – деген шылтоо менен сот залынан эркиндикке чыгып кетти. Ал азыр эчтеме болбогондой, дагы эле ошо медреседе эмгектенип жатыр, дагы канча баланын убалына калды, бир өзү анан билсе бир Кудай билет.

Айна ападан мындай кейиничтүү окуяны уккан Наташа Абдуллага боору ооруп, анын адамдык касиетине залака тийбегидей кылып, этияттык менен сүйлөшүүгө камданып жатты. Узактырганга да болбойт эле, өлүктүкү ары, тириктики бери дегендей, Абдулланын көзү тирүү, аны аракечтиктен, жинден алып чыгып кетти. Бул маселе деле адамдын колунан келчүдөй сезилип жатты. Ошентип, бу күн өттү өмүр да өттү болуп иңир кирип көз байланды. Бир жагдай даана билинип, көр көзүнө, кереӊ өзүнө алат болбой, өзүн–өзү баалоосу байпактан өйдө көтөрүлүп калгансыды. Менменсинбеди, аялдык сыпатына күмөн

кылып өзүн кемирген уйкусуз түндөр артта калды. Оюнда Абдулла түнү менен тымызын үйлөнүп алган экинчи жубайынын ысык коюнунда чабак атып, белиндеги эркек суусун бир вагон көмүрдү түшүргөнсүп кактап, таң атаарда көрдөй кебетеси менен үйүнө муздак төшөккө үшкүрүнүп, караңгы үңкүргө киргендей арам ою жанар тоодой жанды.

Күзгүгө каранды алтын саргыч узун чачын көкүрөк тарапка жая салып, жыгач тарак менен маашырлана тарап кирди. Тарактын тиштеринин арасына чубалган чачтарын түйүп, халатынын чөнтөгүнө салды. Кулак артына, моюндарына атыр упадан сээп, каш кирпигин тегиздеп, бетине жагымдуу крем сыйпады. Билинер-билинбес тырыштарын жазып, жалтыратып күзгү кылып салды. Ушул түнү өзүн өтө ишенимдүү сезди. Күзгүгө бурулуп, башын кылчайтып кылыктанып басып көрдү, дене бою өзүнө да жагымдуу көрүндү.

Абдулла баягысындай эле кеч келди. Ашканада тамактанып, уктоочу бөлмөгө кирүүдөн экзаменге кирчү студенттей заарканат. Ал мандемди өзү гана көтөрүп жүрөм деп ойлогону менен, бул баш оорутма Наташага өтүп, эми ал да ойлонуп баш катырып жатты. Уктоочу керебетке нымтырап жеткен Абдулла ары карап, далысын салды. Жанына келген Наташа Абдулланын жанына олтуруп анын чачтарын ат жалын сылагандай сылап кирди. Ал кичинекей баладай таңыркаганын жашырбай көздөрүн аңырайтты. Мурдуна жийде гүлдөгөндөй жагымдуу жыт уруп каңылжаарын жарды, делебеси козголуп, Наташанын белинен кучактап көтөрүп алдына отургузду. Наташа болсо эки алаканы менен Абдулланын бетинен сылап: «Ай алгырым! Бешенеңе канча жазмыш жазылган болсо, баарын чогуу тарталы. Моюнуңда канча жүк болсо чогуу көтөрөлү.

Азапка баткан балалыгыңды чогуу унут кылайлы», – дегенде, негедир Абдулла колун тартып, өңү кубарып кетти. Шымына сийип алган баладай, анысы билинип калып, уятка баткандай акыбалга кептелди. Ушундай татынакай аялзатына махабат лаззатын тартуу кыла албастыгына өзүнө жийиркенип: «Шайпаң зордуктаган күнү эле өлүп калбапмын» деп ызаланып кетти. Аял затына жакындай албасын, аял затына каалоосу, ышкы жоктугун билсе да, Наташа аракечтиктен, Сирия солдаты көзүнө көрүнгөн жинден алып чыгып кеткен соң ага мээрими түшүп, берилип калган эле. Оюнда, «Наташа менен баш кошсо жомоктогудай керемет болуп, эркектик напсиси ойгонуп кетээр бекен» деген үмүттүн шооласы жанган эле. Ошол жалынды, күсөөнү Наташа козгогон эле, ошон үчүн, ошол үмүттү көздөй умтулуп, өзүнүн бачабаздык кеселин андан жашырып, айтпай койгон. Үмүттүн жаңган жаңы шооласына жетеленип баш кошуу чечимин кабыл алып, үйлөнүшкөн. Бирок, биринчи нике түнү ал күткөндөй керемет болбоду, ышкы козголбоду, үмүттүн жалыны шам чырактай жалп этип өчүп, айласы куруду. Аны менен бирге жашоого болгон кызыгуусу түгөнүп баратты. Көрсө ал Наташаны аял катары эмес, инсан иретинде жактырып, адамдык касиетине суктанган экен. Ошонусун эми туйду. Ал эми бүгүн түнү Наташа чачын тарап, сүйкүмдүү кызгылтым түстөгү ич көйнөк кийип, эт денеси көрүнүп, жыпар жыттанып, уктабай күтүп алуусу, ошону менен бирге анын илдетин Айна апасынан укканын кабарлаганы, эчак бүткөн жарасы ачылып калып, ачыштырып жатты. Наташанын сооротор сөздөрүнө ишенгиси келсе да өзүнүн ички дараметин билген соң: «Соолуган булактан кантип суу аксын, чириген дарак кантип мөмө берсин, көр болгон көз кантип көрсүн, дүлөй кулак кантип уксун, те-

шилген мурун кантип жыт билсин, өткөн өмүр кантип кайтсын, атылган ок кантип токтойт, калган көңүл кантип ачылмак, өлүк адамга кантип жан кирсин?» – деп Наташадан таңкы шүүдүрүмдөй соккон ишеним демине такыр ишенгиси келбей, күмөн саноосу ишенимин суутуп турду.

Ошол кезде Наташанын энеден туума жылаңач сөлөкөтү, кош эмчегининин бармактай тумшугу менен койдун куйругундай жумуру жамбашы сүттөй толгон ай жарыгы менен бирге бөлмө дубалына чагылыша, кирген суудай бурганактап чайпалактайт, эч ноюбас эркек ышкысы капыстан дүрт этип күкүрт данындай жанып, бүткөн бою дүркүрөп, эс-дарты эркек танасы Наташанын жылуу жерине барып такалды, аркысы таттуу түш көргөндөй даана эсинде жок. Көрсө ардеңкенин өз убактысы болот экен деп жарпы жазыла сергий түшкөн көңүлү ушуну ойлоду. Көзүн жумса экөө, алмак-салмак бири-биринин үстүнө чыгып өпөңдөп жатышкан, аймалаша шамал менен тең жарышып мараага кубалашып келатышкан Наташа айгырынын жалынан тиштегилесе, Абдулла бээсинин желкесин, соорусун кашылаган абалда маарага кимиси биринчи келгени эсинде жок, айтор, эс-учтан танып, челектеп суу куйгансып көл-шал тер басып, үстүлөрүнөн ат көтөргүс жүктү ыргытып, экөө эки жерде жоону чаап келген баатырлардай сулайып: «өх-үх», – деп энтиге өхүлдөп жатып калышты.

Беймаал сөгүлгөн таң. Гусул кылып, ным денесин аарчып, багымдат намазын окуду. Уктоочу бөлмөгө келип таттуу уйкуда уктап жаткан Наташаны тиктеп, түнкү кыз-куумай оюнун элес-булас элестетти. Алигиндей тамшанайын десе эч каалоосу жок, түңкүдөй делебеси от албады, моторуна «стук» берген унаадай эркек ышкы менен ындыны бирге өчкөн бойдон ой-

гонбой жалпайып жатты. Өзүнө ишене албай, бачабаз экендигин моюнуна алып, арданып кетти. Ушул окуядан кийин, андан бетер Наташадан алыстай түштү. Дил-кайрыгындагы оорусун алагды кылуу үчүндүр даватчыларга кошулуп Бангладеш өлкөсүнө жөнөп кетти. Мончого түшкөн күндөрү жанындагы эркек балдардын жонун жышымыш болуп, өзүнчө тартылуунун күүсү менен алардын жылаңач денелерин сыйпагылап, аялуу эркек мүчөлөрүн кармагылап жиберген окуялар кайталанып жатты. Жаш даватчылар дават башчысына арызданган учурларга тушугуп, алар ар нерсени түкшүмөлдөп, андан катуу тил уккан соң, дапи кайтып, теспесин тартып «зикир» айтып күн өткөрүп жатты.

Жанагы жалгыз махабат түнүнөн бир-эки ай өтпөй Наташа окшуп кусуп, дарыгерге көрүнсө боюна болгонун тастыктап, анысын Айна апага сүйүнчүлөп, кубанычтары коюнуна батпай калышты. Абдулла чет өлкөгө даватты шылтоо кылып үйдөн безип кеткенде, Наташа жанчылган жан дүйнөсүнө урунаарга тоо таппай, сооротоорго дем таппай, бул жашоодон «өзүн таппай» кыйналып турганда, боюна бүткөн наристеси караңгы дүйнөсүнө шам чырак болуп жанып, көчкү баскан жолу ачылып, тарып бараткан жан-дүйнөсүнө даңгыр жол ачылгандай оозу кулагына жете сүйүндү.

* * *

Түгөнгөн Самат түгөт мал уурулукка шектелип, убактылуу камакка алынган соң, андан кабар алабыз деген бөлөсү Талгат менен бакма кыз Ширин экөө билинбей олтуруп, ынак болуп кетишти. Алдын мамилелери тууганча болгон болсо, бара-бара кыз-жигиттей мамиле куралып жатканын өздөрү да аңдабай калышты. Ширин түгөнгөн Самат түгөттүн өгөй атасы экен-

дигин билчү эмес, муну Талгат деле билбейт. Бир гана түгөнгөн Самат түгөт жана аялы экөө гана бул сырды көтөрүп жүрчү. Шириндин кыялы түгөнгөн Самат түгөттүкүнө түк окшобогондугу дагы балким ушундандыр. Ал атасына окшоп байлыкка бети менен жата калчулардан эмес эле. Шириндин өзүн алып жүрүүсү, жүрүм–туруму ак сөөктөрдөй сыпатталат эле. Тазалыгы, кийим кийүүдөгү табити, сүйлөө кеби, тамактануусу, маек куруусу, интеллектуалдык деңгээли да мындайга дал келер эле. Ким билсин мүмкүн ушунусу менен Талгатка жакты дейин десең, алар Ширин бой жеткендеги кезинде биринчи жолугушуусу, бир көрүп жактырып калууга тете болчу. Анысын ошол кезде Талгат моюнуна албаса да ички сезимдери алоолонуп жанганын, жүрөгүнүн жебеси Ширинди гана деп сокконун эч бир жанга билдирбегенге аракет кылып жаап жашырчу. Актанганы, өзүн тыйганы, бөлөлөр үйлөнүүгө жаамат терс кабыл алышы мүмкүн, жана ортодон жаралган балдар майып болуп төрөлүүсү жөнүндө уккан жагдайы бар эле. Ушул жүйөөлөр жүрөгүн өрттөп, жүлүнүн тилип «бу жалгандан сүйгөнүмө жетпей өтөмбү» деп кээ күндөрү башын оорутуп, сыгылып сыздап эзилчү. «Ширинди бат-бат көрсөм» деген көксөөсү ишке ашып, минтип түгөнгөн Самат түгөттөн кабар алымыш болуп, күн алыс кездешүүгө шарт түзүлүп калуусун, тагдырдын буйругу катары кабылдады. Демек, «Эгер түгөнгөн Самат түгөт каршы болбосо, бөлөлөр куда болуп калат окшойбуз» деген баладай ноо умтулуусуна, балдай таттуу кыялына канат байлап, жерден көтөрүлүп ишке ашчудай сезилип, «өзүн гана издеп таппастан», дүйнөдөн издеген жүрөк шеригин да таап жатам деген үмүткө жетеленди. Ал эми түгөнгөн Самат түгөт болсо экөөнүн чогуу келгенин эч өөн кабылдабайт. Анткени алар кезиккен

кезде жалаң гана тууганча сөз, жана түгөнгөн Самат түгөттү түрмөдөн куткаруу жолун издөө темасы козголот. Ширин болсо Талгатты агасындай эле кабыл алып жүргөн болсо, бара–бара анын жалындаган сүйүүсүнүн эпкини тийдиби акыркы кезде, аны эркек кишидей, а балким болочокто болчу жан шеригим ушундай эле болсо деген шар ойлор оюн шарактап аккан дарыядай каптай баштады. Таң калганы: «Талгат эмнеге эле мени аңырайып тигилип тиктейт?» – деп суроо коет. Суроолуу табышмактын жандырмагын анын сылык сыпат мамилесинен, сүйлөгөн сөзүнөн издейт. Жообуна жакындаган сайын, коркунучу дилкөөнүн удургутат. «Кантип эле бөлөлөр баш кошушсун. Болмок беле, атам ынабастыр?» – деп кайра өзүн–өзү жоошутуп калат. Эгерде экөө бир тууган бөлө эместигин билчү болушса, экөө тең заматта ортодогу «бөлө» дубалды жара чаап, бири-бирине бой таштап ийбейт, камырдай жуурулушуп кетпейт деп эч кимиси кепилдик бере албас эле.

* * *

Бангладештен даваттан кайткан Абдулла жааматы менен учакка чыгышты. Учак жер бетинен он миң метр бийиктикке көтөрүлүп, канатын кең жайып, сызып учкан куштай ала–булуттардын арасында зымырап баратты. Салон ичиндеги пассажирлер ар кимиси өздөрү менен өздөрү алек. Алеки саатта тыюусуздан даваатчылардын ысытмасы чыгып, учак ичинде көпөлөктөй күйпөлөктөй чуркаган стюардессалардын аларга ысытманы түшүрүүчү дарыдан ичиргени чымын чаккандай да таасир этпеди. Ал турмак ал дарт өөрчүп, денелери көз ачып жумгуча парсанактап, үйлөмө кызыл-ак чыкма сымал шишикчелер денелерин каптап кирип, көргөн көздөрүнө ишенбей үрөйдү

учурду. Учак командири учак салонундагы окуяны Манас аэропортунун диспетчерине кабарлады. Ал аэропорт жетекчилигине саманкананы эмес, Самаркандды өрт алыптыр сыңары кошул-ташыл маалыматын жеткизди. Сиренасын жандырып, шойкумдуу үнүн жаңырткан «мерседес» маркасындагы эки «Тез жардам» дарыгерлер тобу менен аэропортко конгон учакка катар токтошту. Учак ичиндегилер даваатчылардан илдетинен жийиркенип, бир жагынан чочулап, коркуп жатышты. Корккондору: ««Бул жугуштуу катаал чочко тумоосу болуусу мүмкүн, анын вакцинасы али-бери табыла элек. Бу илдет аба аркылуу, чүчкүрүк аркылуу, шилекей аркылуу жугат имиш. Эгер бизге да жугуп калчу болсо, анда «Кош бол эми, кош өмүр!» деп өлдүк дей бер»», – сыяктуу божомол, учак салонуна сел каптагандай тарады. Аялдар ооз-мурдун жоолук, көйнөктөрү менен жаап дем алышса, эркектер жүз аарчысын бетине беткап кылып жармаштырышып, карышкырдан үрккөн койлордой үркүп, бейтаптардан ыраак олтуруп калышты.

Бир маалда бети–башына аппак беткап, колдоруна да ак кол кап кийген ак кийимчен медайымдардын жана дарыгерлердин тобунун жетеги менен жети адамдан турган даваатчылардын тобун «Тез жардам» унаасына жайгаштырышты. «Тез жардамдын» озоңдогон үнүн айланага жаңыртып, укпагандарга жар салган таризинде Бишкек шаарындагы республикалык ооруканасын көздөй жөнөштү. Жугуштуу оору болгон үчүн, бул бейтаптарды бөлөк жайгаштырып: кан, саара жана башка анализдерин карап жатышты. Кудай жалгап, жанагы аты жаман оору эмес болуп чыкты: «Деген менен бул жөн ысытма эмес, жөн парсанак эмес, буну дыккат изилдеп чыгайлы, булар чет жерден келди», – деген дарыгерлердин жүйөөсүн баары туура кабылдашты.

Абдуллага Наташа менен Айнага жолугууга такыр уруксат берилбеди. Баймурза Султанов гана тийиштүү бет кап жана атайын кийим кийип Абдулла менен жолугуп, ден-соолугун, иштин чоо-жайын, агасынын акыбалын сурамжылады,

– Сураганыңа ыракмат, бир боорум. Бешенем ушундай экен эмне кылайын, баарына кайылмын. Сириядагы кордукту айт, Наташа экөөбүз баш кошкон кезде мечиттегилер каршы болуп, ал кыйынчылыкты чыдап көтөрдүм. Жаш кезде Шайпаң айбандын зордугунан психологиялык жапа тартканым, жеке жашоомо терс таасирин тийгизди. Наташа экөөбүздүн эр-аялдык жеке жашообуз элең-салаң болуп туру. Канчалаган сопу кары акелер тынч эле эл, жер кыдырып даваат кылып жүрүшөт. Минтип мен бейдаба буларга кошулганыма тиги балекет оору баарына жабышты окшойт, – деди депрессияга түшүп калган Абдулла көр көзүнө керең өзүнө алат болуп. Баймурза болсо бир бооруна болушуп: «Күчтүү дарыгерлер менен сүйлөшүп койдум, буюрса баарыңыздар айыгып кетесиздер, эч кам санабаңыздар, мени айтты дейсиз», – деп жоошутканы менен, арсар абалда турган Абдуллага анчалык таасир этпеди. Агасынын басынып калган маанайын байкаган Баймурза дарыгерден суранып, «Агай көз салып туруңуз, сураныч. Агамдай тарткылыкты эч ким тартпаса керек. Эмне маселе болсо эч ойлонбостон дароо телефон чалыңыз», – деп ак халатынын чөнтөгүнө бир ууч акчаны салып, сыртка чыгып кетти.

Абдулланын жүрүм–туруму түнт болуп кеткени менен, бардык медайымдарга, дарыгерлерге жасаган мамилеси менен жакшы пикир жарата алды. Телевизор көрөт, процедура каанасына кирип, укол дарысын өз убактында алат. Кеч кирген кезде жарыгын өчүрүп,

өз убагында жатат. Ашканага да өз убагында келип, тамактанып бүткөн соң, идиш-аягын жыйыштырып, идиш жуучу каананын терезесинин текчесине жеткизип коет. Бир сөз менен дисциплина сактаган бейтапка, оорукана кызматкерлери аларга кошумча жүгүн артпаган Абдулланын адамгерчилигинин бийиктигин баамдап жүрүштү.

Телевизор көрүүчү каанада жалаң жугуштуу оорулар менен ооруган бейтаптар кино көрүп олтурушкан. Абдулланын жанында олтурган куйтуңдаган бейтааныш бейтап, анын колун сылап жатканын кечеңдеп байкаганы, кинонун ичине сүңгүп кирип кеткени болду, сылык гана: «Жөнүңүз, минткениңиз уят эмеспи, чоң эле киши экенсиз», – десе тиги эркек көзүн ойноктотуп, «душ каанасына жүрүңүз» деп, сол көзүн кысып, башын мүрүнө кыңкайтып ымдады. Абдулла боппоз түнөргөн асмандай болуп, жүзүнө кан жүгүрбөй тырчыя түштү. Маңдайында турган бачабаз экендигин көз карашынан, жасаган кылыгынан даана тааныды. Шулдуңдаганы кудум эле Шайпаң айбанга окшошуп кетти. Ичинде: «Бул бачабаз эркек, менин ажык экендигимди аңдап калыптыр. Мындан кийинки жашоом деле моминтип уланабы? Көчөдө Наташа экөөбүз колтукташып баратканда да ушинтип эркектер мага тийишсе кандай абалда калам?» – деп ичи өрттөнүп, каңырыгы түтөп кетти. Көзүнө жаркын келечек боз мунарыктай көрүндү, арткы жашоосун караса кубантарлык эч нерсе жок, текчеде турган калемди кагазы менен алып, үстөлгө отуруп бирдемелерди олуттуу, ишенимдүү түрдө чиймелеп жазып жатты. Буга чейин Абдулланын жүзү мынчалык олуттуу боло элек беле.., жазууну бүттү, бир ирет жана окуп чыгып, чечимин бышыктагандай кашын ирмеп, кагазды төрт бүктөп шымынын чөнтөгүнө салып ордунан турду.

Наташанын боюна бүткөнүн Баймурза Султанов иниси али билбейт болчу, андыктан бул кабар балким Абдуллага жетсе кийинки өкүнүчтүү окуя болбойт беле. Көзүн ымдаган эркекке тике карап, душ каанасына жакындады.

Каалганы ичине кирсе, көкүрөгүнөн бычак сайылып төшүнөн шорголоп кан аккан сириялык солдат турат. Колуна жип кармап алган: «Ии дават кылымыш болуп, өзүңдү издеп Сирияга, Бангладешке бардың. Өзүңдү тааныйм деп протестанттардын жыйынында да жүрдүң. Алепподон менден качтың. Бишкектеги Айна апаң менен аялың Наташадан качтың. Анан, өзүңдү таптыңбы?» – деп шылдыңдагансып аржактап күлүп, жанына жакын басып келип, колуна кийим илчү жиптин бир башын өзү кармап, экинчи учун Абдуллага карматканда куйкасы курушту. Сириялык солдатты өлтүргөн күнү эле экөө ушу жипке бир байланганын түшүндү. Абада кулак–мурунду кескендей ың–жыңсыз тынчтык өкүм сүрдү. Кайдандыр куюнчаңды чыгарып, тополоң-тоз кылып, ала-булут менен жерди жара чаап, чагылганын чартылдатып, баш-кесер жан-жөкөрлөрүн жандатып, колуна Кудайдын буйругун эмес, Шайтандын тилегин орундатып, Шайтандын мөөрү басылган кагазды көтөрүп, анын тукуругу ишке ашып жатканын аңдаган, ажыдаардай оозу менен көзүнөн от жалынын чачып, «Ажал» келатты...

Куйтуңдаган бейтап киши кино көрүп олтурган залдагыларга көзүн тегерете тиктеди, оюнда: «Бирөө жарым экөөнүн ымдашканын байкап калбадыбы?» – деп шексинип, бир катар карап, баары кызыктуу кино көрүү менен алек болгонуна толук ишенген соң гана, душ каанасына эки аттап жетип, делделеңдеп шымынын түймөсүн, көйнөгүнүнүн топчуларын чече каалганы ачкан соң: «Жардам-гаа!» – деп ач кыйкырык

салды. Залдагы бейтаптар душ каанасына жетип, жабалактап туруп калышты. Душ каанасынын ичинде кийим илчү жипке асынып алган Абдулланы тикирее тиктей колдорун түшүрүп, үшкүрүнүп туруп беришти.

Дарыгер чөнтөгүн чукулап кол телефонун алып, Баймурза Султановго суук кабарды угузду. Жанагында Баймурза дарыгерге кайрылып: «Бирдеңке болуп кетсе дароо мага чал», – деп бир ууч акчаны чөнтөгүнө тыкпады беле. Баймурза ардеңкени күткөн, атың өчкүр жаман илдеттин диагнозун угам деп ойлогон, бирок мындай шумдуктуу кабар тек оюна келген эмес эле, ошого бир туруп бир тууган агасы киши–колдуу болду окшойт деп күмөндөгөндөй, бир жагы бул кабарга ишенбегендей түрдө: «Эч нерсеге тийишпегиле. Эгерде сиз айткандай кийим илчү жипке асынып өлгөн болсо, жерге түшүрбөңүз. Милисага жана башка баратка чуу чыгарып, кабар бербей туруңуз. Мен азыр жетип барам», – деди. Айтканындай бат эле ооруканага жетип келип, дарыгер экөө душ каанасына кирип, жипке моюнан асылып турган Абдулланы көргөндө, эки тизесинен ылдый балта менен чапкансып калтырап, дене–боюн титирек басты. Агасынын бейтап кийиминен кучактап аны жерге түшүрөм дегенде, кийиминен каңырсык жыттанган бир тууган жытына жүрөгү жарылып, жер көчкөндөй ичи аңгырап эчкирип ыйлап кирди. Жардамга келген дарыгер, Абдулланы шыпка илинген жиптен жерге чогуу түшүрүштү. Абдулланын кыймылсыз денесин кушеткага жаткызып, моюнтуруктан моюнун бошотуп, кийим-кечесин оңдоп жаткан кезде шымынын чөнтөгүнөн бүктөлгөн кагаз жерге түшүп кетти. Кагазды ачса, Абдуллага таандык шурудай тизилген кол тамгасынан жазылган, сыясы куруй элек кат экен, ал катта ал минтип жазыптыр: «Апа мени кечириңиз. Мен атам экөөңүз-

дөрдүн ишеничиңиздерди толук актай албай калдым. Сиздерге ыраазымын. Наташа берекеси, сен да мени кечир. Сенин мага арткан жубайлык милдетти эркекче аткара албай калдым. Сага да ыраазымын. Баймурза, садага болоюн, мен чекилик кылып өз өмүрүмө кол салып жатам, бир жагынан сени да соксоютуп жалгыз калтырып кетип жатам, кечир. Сага эки дүйнө ыраазымын. Апама, Наташага көз сала жүр, мени эстей жүр. Сөөгүмү атамын жанына кой, ошерде жаным тынчып жатайын. Силерден жашырган бир жаман жүгүм бар, ошону көтөрө албай кыйналып кетип, жер үстүндө баш көтөрүп баса албай да калдым. Эч кимди күнөөлөбөгүлө. Наташага асылып, аны урушпагыла. Мен ушундай чечим кабыл алдым. Кошкула», – деген катты окуп бүткөн Баймурзанын башына багызган менен ургандай сенделектеп дубал жөлөнүп, жүрөгүнүн жүз жерине ийне сайгандай ачышып, ичегисин кесип алгандай эңшерилип, кабыргасы сынып калгандай какшап, он жылга карый түштү.

Абдулла өзү керээз кылгандай анын сөөгүн түбөлүк уйкуда жаткан Туйбас Султановдун жанына беришти. Жер жүзүндө дагы бир адамдын көрөөр күнү, ичер суусу түгөндү...

* * *

Чөп чабык. Курсактары ачкан чалгычылар түштөөнүү убактысын билүү максатында атала куюлган канистрди жаткызып, саат жебесиндей тегеректчёнин ортосуна чыбыкты тикесинен койду эле 12:30дарды көргөздү. Бегалы шериктерине: «Жүргүлө», – деп ишаарат кылып, чалгыларын мүрүлөрүнө артып, алачыкты көздөй шашып жөнөштү. Ассоль нан палоону табакка салып дасторкон үстүнө койду. Оттун ышына капкара түскө ышталган кара чайнектеги кайнаган

суу капкагынан ашып, очокто күйгөн табылгы отуна таамп «чыз-чыз» деген доошу чыгып жатты. Бир ууч кургак кара чайды салып, дем жедирип, чалгычылардын чыныларына куюп берди.

Бегалы Исак Жусупов менен Ассоль экөөнүн сүйүүсүнө ушунчалык аваз кылды. Уйкусуз түндөрдө Исактын өмүр баянын толугу менен уккан. Исак болсо дагы деле көзү өткөн апасын эстеп сыгылып, ошону менен бирге атасын жерге берүүдөгү машакаттуу тажия көзүнө тартылганы, жүрөгүн мыкчый оорутуп, кээ-кээде буулугуп жүрдү. Эми эле атасынын көңүлүн таап, кечирим сурап, ак батасын алып, ажырашкан ата-энесин жараштырып, «мындан ары ыйкы-тыйкысыз жашайбыз» деп турганда экөө удаа кете бергени, артындагы опол тоосу кулаганы Исак үчүн күтүүсүз болду. Атасын жерге берип анын сөөгү муздай элек азганекей убакытта апасынын да ичер суусу түгөндү. Кан досу Баймурза сөзгө тартып атасын жерге берүүгө кылган жардамын милдет кылып, Ассоль экөөнүн мамилесине аралашып, экөөнө күн көргөзбөй турган пикирин билген соң, жан дүйнөсүн тынчтандыруу максатында ушул чөп чабыкка келгенин төкпөй-чачпай баяндап берген.

Бегалы өзү Новосибирск шаарында орто ишкер, базарда туруктуу ишкердик орду бар, аялы Бегимай чоң гипермаркетте эсепчи кызматында, бала-чакалуу үй–бүлө. Негедир Исак Жусуповго жан тартып, боору ооруп «кандайдыр бир колдоо кылсам» деген ой башында бышылып жатты. Убактысы келип калды сыңар бүгүнкү түштөөнүүдө агынан жарылды.

– Исак, сенин Баймурза досуң экөөңөрдү ар жагынан көп ойлонуп көрдүм. Түзүлгөн кырдаал жакшы деп айта албаймын. Жусуп чоң атаңдын аянындагыдай кылып насаатын аткарыпсың. Эр жигиттин ичине

ээр жүгөндүү эр батат, аял кишинин ичине кара баштуу киши батат сыңары, ортодогу сырыңарды сыртка чыгарбай эки эр эркекче сүйлөшкөнүңөрдү ээн көрбөдүм. Демек Баймурза Нурсулууну, тапкан уул-кызын, кызмат абалы болуп турса да Ассольго болгон ашыктыгы ушул күнү деле өчпөгөндөй туюлат. Болбосо, ал сага бакыт тилеп, ак-жол каалап койсо, бардык түшүнбөстүктөр заматта жоюлмак. Достордун ортосундагы мамиле муруңку нугуна түшмөк.

Менде мындай сунуш бар, туура көрсөңөр чөп чабык бүткөн соң, Новосибирск шаарына биз менен чогуу кеткиле. Жумушка турганга чейин орус кемпирге төлөнүүчү батир акысын мен төлөп берейин. Иш тапкан соң кааласаңар бөлүнүп бөлөк батирге чыккыла. Кааласаңар биз менен чогуу жашай бергиле, – деп чыны чекесине кочкул кызыл дак болуп муздап калган чайын ууртап, Исак Жусуповго үңүлө тиктеди.

Ассоль менен Исак Жусуповдун көздөрү туш келип, ушул сунушту шаардан таппай, чөп орукта жүргөн эки ата бир тууганы болгон Бегалы мырзадан түшкөнүнө, асмандан издегенин жерден таап, туннелдин ар жагынан түшкөн жарыкка умтула, сүйүшкөндөр бул сунушту сүйүнгөндөй кабыл алышты.

Бишкек шаарынын «Батыш» вокзалында кардар күткөнчө күнөстөп турган такси ээсинин күрөң түстүү «мерседес» маркасындагы унаасына Бегалы аялы Бегимай менен, Исак Жусупов менен Ассоль болуп чогуу олтурушту. Такси ээси учак башкарган пилоттон кем калбай саатына жүз жыйырма чакырым ылдамдык менен Алматыны көздөй куюн-чаңытып учуп эле бараткансыйт. Ал эми унаа ичиндегилердин ар кимисинин ою жайытка жайылган койдой чаржайыт. Бегалы демейдеги маршруту болгон Алматы аркылуу Россиянын Новосибирск шаарына кетүүчү поездге чы-

гууну ойлонуп, анын оюу ошерде билет издеп убайрам тарткандай. Такси ээси аш-буш эткиче, кемпир шабдолу жегиче Алматынын темир жол вокзалына жетип келди. Вокзалдын кассири колун сунган Бегалы менен Исак Жусуповго билет түгөнүп калгандыгын сылык-сыпайы кабарлаганда, экөөнүн чөп чабыкта шамалга күйгөн карала-торала өңдөрү андан бетер карайып кеткенсиди. Колдорунда поездге даяр билеттери болбогон соң, үчөө жыгач отургучта мектеп окуучуларындай кыймылдабай, маанайлары чөгүңкү абалда унчугушпай жер тиктей мултуюшат. Бегалы менен Бегимай мындай билетсиз окуяларга далай дуушар болушканга анчалык кабатыр болгон жок, ал эми талаага биринчи чыгып жаткан Исак менен Ассоль үйдөн жети кадам алыс чыккан соң мусапыр боло ындыны түшүп, жүзүндөгү бакыт издеген жылдыздары өчүп, момоорул отуруп калышты. Ажатканага Бегалынын уруксаты жана коштоосунда барып келип турушту, антпесе жергиликтүү милициялар булардын өңү-түсү казакка окшошуп турган кыргыз улутундагы жаран экендигин, алардын баскан-турганынан, сүйлөгөн сөзүнөн опоңой эле таанып, «момунча теңге бер» деп акчага сындырмак. Балким убактылуу камоочу жайга деле каала免 киргизип коет, кааласа акчасын алып коет. Акыры бул жолдорду далай арбыткан айлакер Бегалы поезддин «узатуучусу» менен жең ичинен сүйлөшүп, Алматы-Новосибирск каттамындагы поезддин плацкарт вагонунан төртөөнө «зайчик» (билетсиз) болуп орун алышты. Поезддин темир дөңгөлөктөрү шарака-шарак деп жүткүнүп жөнөгөнү, кадимки желени башкарган тору айгырдай «бууп-бууп» деп кошкургансып, кыйыры көрүнбөгөн Казакстандын талаасына жаңырта үнүн чыгарса, артында чубалган вагондору, айгырын ээрчиген бээ-

лердей анын артынан калбай чуркап бараткансыйт. Темир тору айгырдын чуркап баратканы, темир такасынын шарактаганы ат үстүндөгүлөрдү астейдил термелтип уйкуга тартып баратты. Мындай темир атка биринчи жолу чыккан Ассоль менен Исак жапжарык станцияларды, кыйыры көрүнбөгөн ээн талааны өмүрүндө эми көргөнгө таңыркап, курсактары ачышканда домпок токоч менен курук-серек камырды бир кайнам сууга жибитип жеп, чала кайнаган чайдан ууртап баратышты. Поезд кезектеги станцияларга токтогон кезде мордон чыккан түтүндөй болуп, майда–чүйдөсүн көтөргөн аялдардын, жаш балдардан турган сатуучулар вагон ичин каптап киришип: «Ысык пирожки, балык алыңыз, кукуруза, пиво алыңыз!» – дешип мунун баарын ала чакмак сумкеге, колуна, моюнуна илип алышып, бир вагондон экинчи вагонду аралап жүргөнү кадимки эле «Дордой» базарында ээн-эркин базарлык кылгандай көрүндү. Кирди-чыкты сатармандардын колунан ар нерсени жей берген Исактын ичин алып кеттиби же плацкарт вагон ичиндеги адамдардан чыккан колоңсо ыт-жытына көңүлү айландыбы, же темир тулпардын чайпалтып жүрүшү ыбырсыттыбы, айтор ачуусу эки кашынын ортосуна келип, ичегисинде кандайдыр бир чоң төңкөрүш болгонсуп, кускусу оозу-мурдуна такалып калды эле, анысын эки колу менен жаап, ажаткана издеп буту күйгүн тооктой тый-пыйы чыкты. Бир вагондо бир ажаткана болгон соң анысы да пивого кезекке тургансып ирет күтмөй. Ичегилери бурап ооруп, анысы ыштанына өтүп кетип шаштысын алганга үчүнчү вагонго жетип, араң бош ажаткана таап, ичинин кеңдиги бир чарчы метрге жетпеген тар ажаткананын ичинде эңкейсе төбөсү эшикке кадалып, тоңкойсо жамбашы ажаткана дубалын түртүп калганда: «Дүйнөң түшкүр темир тулпар-

дын ажатканасы ушу турбайбы», – деп көкөйү менен чөп чабыктагы көк шиберди, аарчыганга аткулакты көксөп турганда, эшик тарсылдап, сырттагы ирет күткөндөр шаштысын алып киргенге, ичи ооруганы да тыптыйпыл басылды. Шериктеринин жанына өхүлдөп келип, үстүңкү керебеттеги жаздыкты кучактап жатканы менен уйкусу качканынан, вагон ичин чээн ичинде жатып тиштери орсойгон суурдай шыкаалап карайт. Бири бутун вагондун терезесине такап жатса, бири башын плацкарттын адам өтүүчү жагына баштанып жаткан чалды-куйду адамдар. Жылы бою ушу темир тулпардын ичинде ары-бери каттаган жарандарга ичинен ыраазы болду. Темир тулпар болсо баштагысындай эле теминип, жан алакетке түшүп, темир такасы шарака-шурук деп марага умтулгансып жүткүнөт. Вагон ичиндегилер жанараак эле тымтырс тынчтыкка батты эле, эми баарынын уйкусу умачтай ачылып кетти окшойт, эки-экиден гыбыр-шыбыр сүйлөшкөн жарандар сорок этип плацкарттан вагон ичин бир тиктеп коюп, карааны көрүнбөй калат. Көңүл буруп тыңшаса, Ош базарында жүргөнсүп, вагон ичи бүт эле кыргыз тили сүйлөнүп жатыр, болгону: Ош, Чүй, Баткен, Көл, Жалал-Абад, Нарын, Талас диалектинен гана кыргызстандык гана жаран аныктабаса, негизи кыргыз тилинде сүйлөгөн жарандар жем талашкан чөжөлөрдөй чыйпылыктап жатышканы кулагынын кужурун алды. Бир жагынан уйкусу ачылса, бир жагынан мекендештери менен таанышууга кызыгуусу артып, ичи бурап ооруганын, ата-энеси маркум болуп аларды жерге бергенин, ал ортодо олжого айланган Ассоль талашка түшүп, Баймурза экөө эңишке чыккан эрөөлдөрдөй кер-мур айтышканын да дароо унут кылды.

Алдыңкы плацкартта «мен ям, сени ям» деп сүйлөгөн оштук эгиз соодагерлер жашыктарга помидор, бадырың жүктөп, анысын «Барнаул, Новосибирск шаарларынын базарларына сатып байыйбыз» деген аруу максаттары менен ат чабым алыстагы кыялдары жашылданган долларларды эсептеп, эсебин таба албай чар-жайыт.

Андан берки жакта «атыр-жатыр» деп маек курган таластык үй–бүлө үйүн барымтага коюп насыя алып, фасольду баласындай асырап өстүргөнү менен, балаң түшкүр баа төмөн түшүп кетип банкрот болуп, кредитти төлөө максатында эрди-аял туңгуюктан жумуш издеп, үмүт издеп бараткандарын баамдады.

Кийинки плацкартта, «мен деген билесиңби.., омей кантет» деген чүйлүк үч аял жууркан комплектисин өткөзүп, көр тиричилигин ушул вагондордо, темир жол боюндагы шаар-айыл тургундарына сатып, адал эмгектен пайда таап, оокат кылышкандарын баяндап жатышты.

Төртүнчү плацкартта «берметим көлүм кайдасың, кулунуң кетти Маскөөгө» деп, гитар черте обон созгон ысык-көлдүк эки жигит Маскөөдө таксист болуп эмгектенип жатышканын ыры аркылуу төгүп киришти. Бу сапар Новосибирск шаарынан бакыт издеп бараткандарын айтып. Ал эми Маскөөдөгү батирлердин акысы кымбат болуп, бир бөлмөдө жыйырма-отузга чукул адам жашаганы чындык экенин гитара кылдары аркылуу чыңгыратып, кыргылданган үндөрү вагон ичине сиңип жатты. Түнкүсүн буюртма чыгып калса түн уйкуларын кечип, дароо унаасынын кыймылдаткычын жандырып, аскерге жөнөгөн солдаттардай кыйшайбай жөнөмөйүн. Түшкөн пайданы өздөрүнө иштетпей, банк аркылуу балдарына, ата–энесинин тамак–ашына, кийим-кечесине жөнөтүп ту-

рушкандарын бозону чалган аялдардай боздоп ырдап жатышты.

Андан берки плацкарттагылар «Жалал-Абад курорту мурунку Союз деңгээлинде иштей баштаганын» Жалал-Абаддык жаш-жубайлар мактанган түрдө жар салып. Ал эми өздөрү үйлөнгөндөрүнө бир жума болбой, ресторанда өткөзүлгөн тойго банктан алынган беш жүз миң сом насыяны төлөө максатында Россияга кетип жатканын, көктөн түшкөн сүйүү кереметине дидарлары тойбой, минтип карыз коогасы менен ыбырсыган көртиргилик моюндарына олчоюп илингенине туз ургандай туталанып: «карыздан кутулсам, катын жанда калат» деп көңүлү ыйлап, көөдөнү сыздап баратышты.

Кийинки плацкартта «этти биз анан карышкырлар» эле көп жейт деген нарындык төрт жигит ичсе ашка, иштесе ишке тойбогон кездери. Жаз келип, жерге көк шибер чыгып чыкпай жем издеп учуп келген келгин куштарга окшоп, булар да ырыскы издеп, жолго аттанышкан кербездери эле. Бу сапар Новосибирск шаарын көздөй баратышат, анткени былтыркы курулушта Санкт-Петербург шаарында айылдашы көп кабаттуу үйдөн кулап жан таслим болгон, ошондуктандыр, ал шаар миң кереметтүү болсо да, ырымдап жаңы шаар тандап жол тартышты.

Кийинки плацкартта «шо да, шоетте..шондой» деген баткендик улгайып калган үч эркек ич ара кудуңдап насвайдан тил астына салып, сөздөн ортого таштап коюп бейгам баратышты. Булардын жүк ташуучу унаасы Сибирдин токоюнда мотору кармап калып кеткен, мунусунда ушул унаасын оңдоо максатында жана кошумча унаага карагай жыгачын алып келүү максатында кетип жатышканын анча мынчасы аңдабай, өздөрүнүн түйшүгү менен алек. Кыйла жолу то-

кой жолдорунда каракчылык кылышкан орус, казак туугандарга жүгүн алдыргандарын кабарлап, көздөрүнөн чууруп аккан көз жаш ордуна кан акканын айтып, сай сөөктөрү сыздаганына өздөрү гана күбө.

Ошентип, жумушсуздуктун айынан ар кимиси өздөрүн камсыздоо үчүн, үй-бүлөсүн багуу үчүн, карызын төлөө үчүн бакыт издеп, ырыскы издеп бараткандарын айтып жатышты. Аңгыча поезд кезектеги станцияга токтоп, казак орус балдардын колу моюнуларындагы тирукмуш сүрөттөрү бар, рекет сөрөйлөрү вагонго чыгып:

– Помидор бадырыңдын ээси ким? – деп сурап киришти,

– Биздики, – деп Оштук жигиттер сыпайы жооп беришти.

– Беш-алты жашыгыңды белекке ташта, же акчадан салык иретинде калтыр, – деп опузага алышты эле,

– Асманыңарды жерге таштагыла, бир рубль эмес бир даана помидор да жок, – деп жолго салышты.

Көп узабай: «Помидор–бадыраңды дүңүнөн алабыз, мобу акчанын жарымы, калганын товарды түшүргөндө беребиз», – деген жалган алармандар сексендей жашык помидорду чылк караңгы токой каптаган чакан станцияга түшүрүп жатышты. Товар толук түшүп бүткөн кезде, эгиздердин артынан жанагы рекеттердин коделеги ыржак этип күлдү да, доошун бүт вагонго угуза: «Азына көнбөдү эле, дүңүнөн товарын сатып алды кылып тоноп алдык», – деп жалжактап поездден сүйлөнүп түшүп кетти.

Поездеги жети дубандан ынтымак болуп бараткан бир туугандай мекендештердин кулагы керең, көздөрү көр, жүрөктөрү муз, өздөрү кайдыгер олтурганын көргөн Исак Жусупов Бегалыны тиктейт, ал деле ындыны өчүп унчукпайт.

Көп өтпөй жууркан саткан чүйлүк үч коммерсант аялдар кудуңдап: «Товарды эрте жана кымбат баага саттык», – деп кубанып жатышты. Кавказ улутундагы шылуун сатып алуучу бир пачке акчаны берип, товарды түшүрүп жатты. Поезд токтогон станциядан эки–үч чакырым жылган соң, жанагы аялдардын бирине ийне сайгандай ордунан опурулуп, бакырып кирди: «Миң рублдик купюралардан турган пачкенин ичине жүз рубльдук акчаларды кыстарып, көз боемочулук кылып, алдап кетишиптир», – деп ач кыйкырык чыгарганда, жанындагылары санын чапкылап, көчкөн жардай ыйлап кала беришти.

Тили жок темир тулпар бунун баарына күбө болуп, көнүп калгандай, эчтеме болбогондой, ушуну менен өмүр токтоп калбачудай такаларын тарактатып, «бууп-бууп» деп бээлерин жоктогон айгырдай буулуга кишинегенсип, алдыга умтулган абалда баратты. Вагон ичинде бир түнөп, экинчи күндүн күнү кызарган кылычтарын кынына салып, айлана көз байлап, иңир кирди. Аба-ырайы айнып, кабанаак иттей ыркыраган чөлдүн куу шамалы кара булутту айдап, жаңырган ай бетин жаап, теребелди көзгө сайса көрүнбөгөн чылк караңгы түн басты. Ушу шойкумдуу түндө ээн талаада бир шойкумдуу иш боло тургансып, Исак Жусуповдун жанын жалбырактай дилдиреткен, денесине жыландай муздак жармашып бараткан суук коркунуч каптады. Дили туйгандай поезддин жанагы катуу «бууп-бууп» деген үнү эки жолу ач кыйкырыктай чыгып, чукул тормоз берилип, поезд токтобой турган ээн талаага тык токтоду. Өңдөрү көрдөй, көздөрү кутурган чөөнүкүндөй беш-алты милиция формасындагы эркек кишилер вагон ичине кирип, жарандардын паспортун жана белетин текшерүүгө өттү. «Белетсиз болуп чыкты» деген шылтоо менен чындап эле белети

жок болгон Бегимай, Ассоль менен бирге дагы эки аял кишини, Бегалы менен Исак Жусуповду поездден түшүрүп, эки эркекти көгала кылып иттей сабап, эсин–учун жогото тепкилеп, ошол эле поезддин тамбуруна салып жиберишти. Төрт аялдын колу-бутун аркан менен күрмөп, спринтер унаасына жүктөп, өздөрү үстүндөгү милиция формасын чечип, кара түстүү шым көйнөккө кийинип, Қазақстандын чөлүн аралатып түнгө жамынып, түнгө жармашып, түн менен жарышып, шамал менен алышып кайдагы белгисиз жакты көздөп, шайтанга шашкансып, шайтандын тилегин орундаткандай унаасын жинди-куйду айдап жөнөштү.

Аялдар паникага түшүп кирип кетерге көр таппай, корголорго жер таппай айкырып-кыйкырып, андан эч майнап чыкпаган соң, эч кимге эч качан оопа кылбаган бул түбүң түшкүр дүнүйөгө наараазы боло каргап–шилеп киришти. Тиги чөбөрүдөй болгон зөөкүрлөргө миң сөгүнгөнү, бу ээн талаада бейпайда болгонун аңдап, армандары аттын башындай болуп, баштары зыңылдатып оорутту. Күйөөлөрүн ушунча сабаган эркектер, түн чүмкөнгөн ээн талаада буларды тирүү койбойт деп үңкүйгөндөн үңкүйүштү. Таңдын агы көзгө бозомук боло баштаган чакта уйкусун безип, көздөрүн умачтай ачып, көз алдыларында катып калган жаш менен бирге жүрөксүнгөнү кетип, анысы мерестикке оой баштаганга, тынбай каргап-шилей бергенден, токтобой ыйлай бергенден үндөрү өчтү. Акыры ошол бүткөн тамактарына тил чыгып: «Буларың өлтүрсө түндө эле өлтүрмөк, демек бизди бирнерсеге пайдаланышат окшойт», – деди бейтааныш эки аялдын улуурагы. Бегалынын аялы Бегимай ушунуку тууру деген тейде бирдеңкени туйгандай күбүрөнө:

– Кыздар, он жылдан ашык талаалап ырыскы издеп жүрүп ушундай көрүнүшкө биринчи кабылып

жатамын. Бирок мындайды уккан жагдайым бар, – дегенде тизелерин эки колу менен кучактап ээгин тизеге жөлөп, көздөрүндө коркунуч болгон эки аял үн катпайт, Ассоль сөзгө аралашты:

– Кандайча?

– Мындайдын мыйзамдуу түрүн «Облава», – деп атап коюшчу. Билетсиз жүргүнчүлөрдү кезектеги кийинки станциянын милиция бөлүмүндө сурап, жарандыгын аныктап бүткөн соң, кээде акча алып, кийинки поездге «узатуучу» менен сүйлөшүп салып коюшчу. Кээде мыйзам боюнча териштирип, Кыргызстандагы тууганлардан банк аркылуу акча салдырып Алматы аркылуу артка Бишкекке депортация кылып жөнөтүшчү.

– Азыр сиздин оюңузча депортация кылып Бишкекке жөнөтөбү же Исак менен Бегалы буларга акча берип, бизди куткарып кетишеби?

– Сиңдим, тилекке каршы мунусунда бизди кулчулукка алышты өңдөнөт. Анткени, чыныгы милиция болгондо Исак менен Бегалыны ээси оогончо сабамак эмес. Мейли мээрсиз милицияга тушугуп сабалдык дейин десек, булар кийген формасын алмаштырып, кийинки станциядагы милиция бөлүмүнө эмес, бутубуз басып барбаган, курбулардан угуп жүрчү эрме чөлгө, кулчулукка алып бара жаткандай, – дегенде азыр эле эчкирип, чачын жулуп ыйлап турган эки келин таш тиштегенсип «лам» эткенге даай албай калышты. Ассольдун үкүнүн көзүндөй чоң коркок көздөрү үңүрөйүп, ал дагы оозуна талкан салгансып үн дебей селее түштү. Сүйүктүүсүн түрмөдөн үч жыл күткөнү, ал эркиндикке чыгып ата-апасынын көзү өтүп, аны жерге берген кезде эски достор атыккан Баймурза экөө эркекчиликке салып кыжыңдаша түшкөнү, минтип эл катары Россияга аттанышканы көз алдына элестер

менен тартылды. Ассоль туткунга түшкөнүнө кабатырланбады, ал Исакты кайрадан жоготуп алганына бушайман жеп:

– Анда булар бизди өлтүрүп коюшабы? – деп көздөрү каканактап жашка жык толду.

– Жок өлтүрбөйт. Кул кылып эшектей иштетип, эмгек акы дегенди беришпейт. Бизди айыл, шаардан көздөн ыраак болгон эрме чөлгө жайгаштырышат да, ошол жерде кармашат. Бу түркөйлөрүң бизди эрмек кылып, эркекче эметкенден деле кайтышпаса керек, – деген Бегимайдан жооп уккан Ассоль: «Тагдыр катаал, турмушта чындык жок», – деп наалып сүйлөп киргенде, сөзгө кайра Бегимай аралашты.

– Тагдыр бул сен менен биз. Баарын тагдырга, бешенеге шылтооло туура эместир. Бизди ушинтип тилемчидей талаалаткан интеллигенция күнөөлүдүр? – деп айыпты ошолорго жүктөөгө аракеттенди. Ассольду, өзүн сооротуу үчүндүр алаксыткысы келдиби же чындап эле талаалап жүрүп бөтөн элге кор болуп, жаны кашайган кырдаалдарда жүрөгүнө топтолгон бугун, өзү үчүн чыркыраган чындыкты айткысы келгендей күңкүлдөп кирди, – Интеллигенция аталгандар кызматка турган күндөн элге-журтка, айыл–шаарына, мекенине кызмат кылбастан, чөнтөгүнө, керт башына, өз үй–бүлөсүнүн көмөчүнүн пайдасын ойлоп, кызмат абалын кыянаттык менен пайдаланып, тез байып кетүү үчүн жан үрөп аракет кылгандарын, эл көрүп билип тургандыктан, аларыңдын баркы кетти.

Жумушсуздуктан, айласы кеткен байкуш эл өз элинде жарытылуу иш таппай, тилемчидей талаалап иштеп жүрөт. Ошондуктан буларга ишеними кеткен эл аларга эмес, мечиттеги молдокелерге түздөнүп, айласы кеткенде акыйкатты ошол жерден издеп калган чагы.

– Алардын арасында деле дин бузарлары бар, алардын атын булгап жатат деп айтып жатышпайбы.

– Эми беш кол тең эмес да.

– Деген менен шарияттын жобо, сүрөөлөрүчү?

– А биз түздөнчү интеллигенцияң өкмөт мыйзамдарын бузуп жатышса, буларың деле айныган чыгар.

– Анда балким өзүбүздүн үрп-адат, каада-салтыбыз, акыйкат турмуштан тапталып алынган калетсиз макал-лакаптарыбыз, улуттук колоритибизчи? – деп күйүп-бышып кыргыз улутун, ак калпакты, боз үйдү, комузду, Ала-Тоону, Манасты, Курманжан датканы көз алдына келтире улутунуп алып, – Союз ыдырап мурунку идеология жок болуп көөдөндөр бош калды, итке минген материалдык жана руханий жардылыктан минтип баарыбыз «тентиген Телибайдын» кебетесине түшүп, эми өлгөнгө көмгөн болуп, «кулчулукка» алынганыбыз бул кордук эмей эмине? – деп кошул-ташыл сүйлөп жатканда, спринтер унаасы тормозун тээп тык токтоду.

Кара кийимчен эркек кишилер эч үн катпастан төртөөнү жигжиңдетип желкелеринен түрткүлөп, эрме чөлдөгү паксадан урулган тамда жайгашкан тигүүчү цехке алып кириштн. Имарат ичинде тигүүчү машиналар катар жайгашып, биздин цехтерден айырмасы ар тигүүчү машиненин ортосунда саман аралаш ылай менен адам бою урулган дубал менен тосуп койгон. Мунусу сөзгө алаксыбай жумушту аткарсын дегениго. Эрте менен эки кесим бөлкө нан менен бир ыстакан чай, түшкүгө этсиз капуста шорпо же камыр палоо. Кечкиге да эки кесим нан менен бир ыстакан чай берилет. Жатуучу жерлери да куду ушундай эле пакса менен урулган там. Ар кимисинин жатак бөлмөсү бөлөк болуп, кечкисин сыртынан култтап салат.

Таң эрте менен чай менен нанды берип бүткөн соң, жанындагы тигүүчү цехке апкелип, керээли-кечке тындырбай тигүүчүлүк менен шугулданышат. Күнүңкү режим ушундай. Кээ күнү кечки тамак, кээ күнү түшкү тамак бербей иштетүү бул адатка айланып, режим сактоо деген жокко эсе.

Ушинткен окшош жумуш күндөрү какыраган чөлдөгү уйкусуз түндөргө өтүп, бул азаптуу түндөр салпылдап жөө бараткан жумага айланып, эч качан жана эч кимге баш ийбеген каардуу убакыт өзүнүн нугу менен шашпаганга тез, күткөнгө ташбаканын басканындай өтүп жатты. Жолго чыккан Ассоль менен Бегимай, Исак менен Бегалылар көр оокаттын айынан, турмуш тиричилик деп жүргөн болсо, буларды туткунга алгандар, эмгек акысын бербестен кул катары иштеткендер, балким өздөрүнүн жасаган иштерин туура деп эсептегендир, а балким алар деле жумушсуздуктан, же аргасыздан ушундай кылмышка барып жатышкандыр. Канткенде да буларың деле жарык дүйнөдөн өзүн, өз ордун таппай жашап жүрүшкөндүктөн ушул кадамдарга барышкандыр. Эгерде адал жумуш менен ушул кылган кыянаттык иштерин тандоого сунуш кылган жагдай болуп калса, ак жолду, адал оокатты тандап кеткенге ички дарамети, акыл эси не жетээри, не жетпеси алардын көз карегинен, сүйлөгөн сөзүнөн эле күмөндүүдөй туюлат. Ток этери булардын боору ооруп, эркиндикке чыкканга жардам берет деп үмүт арткыча, боз эшекке жүк артса, ишке ашаарын эстүү келиндер байкаштырып жүрүштү. Уюлдук телефон жок, атүгүл бул жерде андай байланыш жок экендиги даана эле билинип турду. Эң акыркы жагдай бул «Качуу» операциясы экендигине көздөрү жетти. Кайсы күнү, же кайсы түнү качып кетүүнү ойлонушуп, бири–бирине мурдуна салып күдүңдөшүп сүйлөшүп

жүрүштү. Туңгуюктай татаал суроосу «кай тарапка качабыз?» дешип, тегереги тикенек баскан, баш-аягы көрүнбөгөн чөлдү тиктеп, буйдаланган учурларда маанайлары ылдый чөгүп, кабыргалары сөгүлүп, көөдөндөрү кыргын-бүлгүн түшүп, жер мыкчып отуруп калышат.

* * *

Бегалы эс учун жыйып, тамбурда жаткан абалда ордунан кыбырап козголду. Жанагы чөбөрүдөй түрү суук кишилер адам түгөнүп калгансып, буларга ач кендедей жабышып, ур-тепкиге алган жерлери түнү бою сабагандай, жанчылган денеси араң кыймылдай көзүн ачты. Мурдуна каңырсыган кандын жыты келип, үстүңкү илеби айрыла кансырап, өтүктөн келтек жеген алдыңкы тиштери кыймылдап, үлбүрөгөн каакымдай илең-салаң болгон жаагында араң зорго кармалып турат. Көз-башы токмоктон көк–ала болгон Исакты далысына имерип, тамбурдан вагон ичине кирген кезде жана эле көзүм көр, кулагым дүлөй, өгүз өлбөсүн араба сынбасын, деп дудук болгон бир боордошторго тил бүтүп, жан кирип, чуркап келишти. Жарат алган Исакты плацкарт вагондун керебетине жаткызып, кансыраган бети-башын аарчып, оозуна суу тамчылатып, күйпөлөктөп калышты. Бегалы туталана: «У энеңди урайындар! Кой дегенге жарабадыңар? Кой оозунан чөп ала албаган, башка иш түшсө басып барбаган кандай кайдыгер немесиңер? Түңүлдүм силерден», – деп, чыйт деп кан аралаш түкүрүндү.

Исак көзүн ачып адам таанып калганын көргөн соң, аттап-буттап «узатуучунун» каанасына жетип, эшигин үзүп алгыдай шарактата жулунуп кирди. Узатуучуну жакадан алып дубалга такады:

– Саткын, жүзүкара! Билети жок деп бизди садага чаптыңбы?! Алар кайда дарегин айт, – деп жатканда, артынан келген жердештери, Бегалынын шадылуу колдоруна муунуп, өңү көгөрүп бараткан «узатуучуну» чыгарып алышты. Узатуучу: «Мен эч нерсе көргөн жокмун, андыктан мага жалган жалаа жаппагыла. «Билетим жок, вагонго алыңыз деп кайрылганыңыздан, боор ооруса, боорго тебесиз», – деп, бет тырмачылык кылып жүйөөлүү жооп айткан «узатуучуну», мекендештери колдоп: «Кой эми, бул бечарада эмне күнөө?» – дешип, чурулдап отурушуп, Новосибирск шаарына кирип келишти.

Эсине келген Исак менен Бегалы жан жубайларын таппай, ичтери туз куйгандай ачышып, мээсинде жөргөмүштүн желесиндей мажес ойлор топтолуп, ушу абалда колдорунан эчтеме келбей жаткан өздөрүнө–өздөрү зааркана, шаабайы сууп турганда:

– Колго түшкөн коенмун болуп унчукпай калып кетиштиби? – деген Бегалы чукул ачуусуна уулугуп турган Исак Жусуповго тамашага салып сүйлөгүсү келгени менен, чачы үрпөйүп Ассольдун жоктугуна өзөгү өрттөнүп, өңгөчү куурап бараткандай тиктеп:

– Сен шайтан туула электе жаралган, качаңкы көкжал, Бегалысың. Орус, казак жерлерин аралаган азыркынын баатырысың. Шерменде боло электе Ассоль менен Бегимайды табалы, – деп узак жолго, бөтөн элге чыкканына ызаланды. Мындан көрө Баймурзанын табаа кылган кордугу артык экендигин кеч болсо да сезди. Аны сезгени менен жан күйөр адамдары, эл билбеген какыр талаада калып кеткени, эки эркектин айласын кетирип, арын козгоп жатты. Атаңдын көрү куу дүйнө, өңгөктөн качсаң дөңгөккө болуп, Баймурзанын кодулаганы оор келип, анын кулактын кужурун алган сөздөрүнөн Орусияны көздөп качкандай

болгону, андан он эсе оор азапка түшүрүп салганга, алар аерде, булар буерде ызага сына ойлору от болуп күйүп, өрт болуп жан дүйнөлөрүнө эч тынчтык бербей дене башын жыйрылтып атты. Аттын башындай армандарын кучактаган эки эргул алгач шаар милициясына арыз менен кайрылышты. Ал жердегилер: «Жарандыгыңар Орусия Федерациясы эмес экен, тиги кылмыш иши Казакстандын территориясында болуптур», – деген шылтоо менен арызын кабыл албай, сылык узатып коюшту. Сууга түшкөн мышыктай шалпыйышкан азаматтар буту тешилгиче ар каалганы сагалап, жыйынтык чыкпаган соң, Кыргыз диаспора башчысына кайрылат. Диаспора башчысы консул менен жолугушуу мүмкүнчүлүгүн түзүп берип, андан кеп-кеңеш угушту. Консулдуктун юристи аркылуу алгач, Астана милиция башкармалыгынын тергөө бөлүмүнүн башчысы Эралы Ахметов менен телефон аркылуу сүйлөшүштү. Сүйлөшүүнүн жыйынтыгында милициянын сунушу менен консулдун колу коюлган жардам көрсөтүү тууралуу сунуш катка Ассоль менен Бегимайдын сүрөтүн чаптап, электрондук почта менен жана факс аркылуу Астана милиция башкармалыгына жөнөтүштү.

Шаабайы сууп, арманы жүрөктү бууган Бегалы менен Исак, Астана милициясынын полковниги Эралы Ахметовдун жеке номурун алып аны менен жолугуу үчүн узак жолго аттанышты. Булар келгенге чейин, Эралы Ахметов консулдан келген каттын бурчуна кол коюп, пресс катчысы аркылуу: «Бардык милиция бөлүмдөрүнө: «Жоголгондор изделүүдө» деп Ассоль менен Бегимайдын сүрөтү чапталган жарыяны таркатууга жиберүүгө буйрук берди.

*   *   *

Ошол эле мезгилде «Качуу» операциясы көпкөн камырдай бышып жетилип калган кез эле. «Үңкүр болбой үмүрөн кал», дешкен Ассоль менен Бегимай үңкүр сымал жатаканасындагы пакса дубалды күндө тытмалап олтуруп урап калчу деңгээлге жеткен түн. Корукчу жигиттер чарчаган дөбөт иттердей терең уйкуга кеткен мезгилде дубалды жарып, талааны көздөй качып жөнөштү. Артын карабай жыгылып-тыгылып, качып-тозуп, буту-колу арденкеге урулуп-сыйрылып, чарчаганга тилдери салаңдап, өпкөлөрү көөп, ооздорунан кара-суу аралаш көбүк чыгып, корккондоруна кош көрүнгөнгө шырт эткен добушка дирт эте жалтаңдап, бүткөн боюн дирилдек басып, эки-жагына кылчайышып, кайра алынын болушунча, кадамы шилтенбей калгыча жолду арбытып баратышты. Корккондору жанагы чөбөрүдөй болгон жан алгычтар артынан машинесине отуруп опоңой эле таап ала тургандай туюлат. Бечаралардын буттары кабарып шишип, көгөрүп көөп да кетти. Дем алганы отура калышканда эле кыялдан учкул, кыялдан күлүк эмне бар, көздөрүн жуумп, ээн-эркиндикте, кенен-чонон басып жүргөндөрү көз алдына тартылат, качан гана талаа чычкандарынын шыбырты угулганда гана кулчулуктагы ачуу чындыкты моюнга алып, түндү оронгон эрме чөлдү арбытып басып жөнөшөт. Асмандагы сүттөй толгон ай, асманга кулачын кенен жайган чоң жетиген жылдызы, кичине жетиген жылдызы булар менен бирге качкын болгонсуп, буларга эш берип жалт-жулт эте жанып, караңгы жолго жарык чачып, жол көрсөтүп, чарчаңкы жүрөктөрүнө эш берип жаткансыйт. Канча жүргөндөрү белгисиз, айтор ашказандары ачышып, ооздору кургап суусай түшүштү. Куурап калган

куурайга көчүк басты кылып, качууга топтолгон түшкү кечки тамактары менен берилчү бөлкө нандан кепшеп, желим идишке куюлган суудан ууртаШты. Узак отурушпады, өзөк жалгап болгон соң, рюкзакты жоонго асып, кайрадан талаа аралап бирде чуркап, кээде басып жолду арбытып отуруп, каерге жеткени белгисиз, ай жылдыздар булар менен кош айтышып, таңдын бозоргон илеби менен күндүн кызарган мурду көрүнгөндө гана, айланага көз чаптырышты. Ат чабым аралыктагы поезд жүрүүчү темир жол көзгө көрүндү. Темир жолду утурлай басып, чакан айыл станциясына туш болушту. Өздүгүн күбөлөндүрүүчү документтери болбогон соң, адам ташуучу поездге чыкса, жанагы кулчулукка алган чөбөрү сөрөйлөрдүн тобунун кылтагына кайра илинип калуудан сестеништи. Киши–кара жокпу деп эки жагын кылдат карап, жүк ташуучу поездге чыгып, жакын арадагы шаарга жетүүнү ич ара пландап жатышты. Эс-дарты ошону ойлоп турушканда, жүк ташуучу поезддин дуулдаган үнү чыгып, бул станцияга токтобой өтүп кеткенде, араңжан үмүттөр ошол поезд менен кошо кеткендей шалдайып, үн катпай туруп калышты. Көп өтпөй «бууп-бууп» деген үн чыгып, кезектеги жүк ташуучу поезд келе жатканын көрүп «кулчулуктан кутулабызбы же жокпу?» дешип поездди томсоро күтүп калышты. Поезд ылдамдыгын басаңдатып станцияга жетип, тык токтоду. Ассоль менен Бегимай алма багына уурулукка киргендей, алдына туш келген вагондун үстүнө чыгышса, көмүр жүктөлгөн вагон экен. Азыркы чакта вагон тандай турган жагдай да, шарт да жок эле, ушунуса да шүгүр келтиришти. Атүгүл бети-башы кара көө болсо да, эч кимге көрүнбөйүн дештиби, айтор көмүр үстүнө көмкөрөсүнөн жалпайып түшүп, көмүр менен бир болуп жатып алышты.

Поезд жөнөгөндө, Темир жол станциясынын астында милиция формасын кийген, «кулчулукта» корукчулук кылчу чөбөрү кейиптенген эки дөңгөч, ушул жерден аларды аңдып турганын көрүп, жүрөктөрү алып-учуп лакылдап кетти. Эркиндиктин наркы ушучалык кымбат экен, наркылардын көзүнө көрүнбөө үчүн, ушу талаадагы көр чычкандарга окшоп көмүр майдасына баштарын чумкуп, беките салышты. Ушундай абалда канча жатканы белгисиз, айтор оозу-мурдулары көмүрдүн пырына толуп, эми чындап адам таанылгыс кебетеге боёлуп, кийинки станциялардан өтүп жатышты. Поезд кезектеги станцияга узагыраак убакытка токтоп калган кезде, алактаган экөө вагон жылчыгынан станция тарапта өздөрүнүн сүрөттөрү илинип, издөө жарыялаган жарыяга көздөрү урунду. Белиндеги курга оролгон нандан эки бүдүр ооз тийишип, суудан ууртaшып, поезддин шарактаган үнүнө кулактары бүтүп, кара түтүнүнө какап-чакап, поезд менен бирге сапарын карытып, жолду арбытып баратышты. Кулчулукка караганда эркиндиктеги көмүр үстүндөгү жол жүрүү асыресе көңүл жылытарлык болбосо да, эң оболу эркиндиктин өзү чексиз бакыт экендигин, мына вагон үстүндө, көмүр кучактап баратышса да болуп көрбөгөндөй кубанычка балкып, үмүт чылбырынын кыялдарына ат чабым алыстыктагы аралыкка жакындап баратышты.

Көз байлаган эрме чөлдөгү айланага караңгы түн кирди. Көмүр майдасын алдыларына төшөк салгандай ыңгайлаштырып, асман бетине толуп кеткен жылдыздарга жүзүн такап, жайпалган поезд жүрүмүнө бешикке бөлөнгөн жаш балдардай чайкалып баратышты. Экөө бирдей үн катпайт, турмушун, кулчулуктагы жашоону, баарын ушу асманга толгон жылдыздарга салыштырып, кулчулуктагы кабарган буттарын чоң

атасынын төрүндө жаткандай кенен жайып, чөлдүн салкын шамалы беттерин аймалай сыдырып жатты. Арадан ат чабым аралыкта Астана шаарынын темир жол вокзалына жетип, вагондон түшкөн кезде кийген кийимдери тытылып кирдеген абалда, өңдөрү көрдөй, көмүргө буланган жүздөрү, жагымсыз колоңсо жыттары уруп турган абалдарын көргөн милиция документтерин сураганда: «Биз издөөдөгү эки аялбыз», – деген кеби абдан эле күмөндүү туюлганга, колдорун бурап, унаага тыгып Милисаканага жеткизишти. Жарыядагы сүрөттөгү чырайлуу жүздөрдү карап, булардын ачкенедей киртейген суук кебетесине, айткан кебине ишенип-ишене албаган тейде баш оорутуп отурбай, Астана милиция башкармасына: «Сүрөттөгү аялдарга түк окшобогон чачы жок, өңдөрү көмүрдөй капкара, кийимдери эскилиги жетип тытылган, өздүгүн күбөлөндүрүүчү паспорту жок мастан кемпирдей болгон эки аял кулчулукта жүрдүк деп айтып жатышат», – деген билдирүү жазып, жөнөтүп койду. Ал жактан, ошол эки аялды Астана милициясына бат жеткирүү боюнча буйрук келди.

Бир күн өтпөй Бегалы менен Исак Жусупов Астанага келип түз эле Эралы Ахметовго жолугуп, соңку жаңылыктарды уккан соң, убактылуу кармоочу жайда жаткан аялдардан кабар алганы жолугууга киришти. Мурунку кебете кешпирди, өң-келбетти кулчулук курутуп салыптыр, дүйнө түшкүрдүн карама-каршылыгы да, оодук-кыйдыгы да ушунда болсо керек. Ассоль менен Бегимайдын кебете-кешпиринен каканактаган көз ирмеминен кубаныч да калтааруу да бери чыгып чыркырап турганынан айнытпай таанышты. Түбүң эшилгис бу жалгандын ачуу чындыгы ушубу, эки эр, эки чүрөктүн алдында эч күнөөсү болбосо да, тике турушса да, айжамалдай аялдарга туруш-турпаты тизе

бүгүп кечирим сурап, ичтери аңгырап турган аялдарынын рабдайына карап, каткан таштай мыңк этпей дирилдеп турушту.

Көзгө сайса көрүнбөс түн кирип, какыраган чөлдө баягы беймаза шамал башталды. Төртөө жылжып суу аккандай жеңил автоунаада Новосибирск шаарына беталышты. Ассоль менен Бегимай чөл талааны тиктөөдөн ушунчалык заарканып калышкан экен, унаа ичин анан эркектерин тиктеп көздөрү жумулуп баратса да коркунучтун, жан алакеттин амалы канында ойноп кетип, көздөрүн кайра умачтай ача коюп, алдындагы эркектерине көздөрү тоё тиктеп, мүрүлөрүнө башын жөлөп арденкени ойлонуп баратышты. Алар шаарга киргенде таң атып, жылдыздар суюла баштады. Сүйүшкөндөр бири-бирин тапканына сүйүнүшүп, узактырбай баш кошуп, Бегалыны өкүл ата, Бегимайды өкүл эне кылып, чакан тойчо өткөзүштү.

Исак менен Ассоль Новосибирск шаарынан жумуш таап отурукташып, бир уул бир кыздуу болуп, уулунун атын Муса Жусупов, кызынын атын Адина Жусупова коюп, эми өздөрүн издеп тапкандай жашоосун улантып жатышты.

* * *

Убакыт деген учкан куш экен, билинбей арадан зуулдап ондогон жылдар өттү.

Баймурза менен Нурсулуу бойго жеткен уулу Биймырза Султановдун туулган күнүн өткөзүү шаанисин кылып, ресторан ичинде толкуган элге толду. Телитеңтуштары, куттуктап келген ак үй, көк үйдөн келген таасири күчтүү, ары уяттуу аяш аталары. Биймырза Султановдун жанында жаркыраган карындашы Айсулуу Султанова турат. Анын жанында көрүнө көрүнбөс мойлоосу менен чачын ортодон экиге бөлүп тарап ал-

ган, Абдулла менен Наташанын уулу Эркин Султанов күчкө, илим-билимге толуп, ишеничтүү көз карашы менен конокторго көз чаптырып, куттуктоого келген белек-бечкектерди жайгаштырып жатат.

Жанында жашы бир аз улуурак болгон аталаш бир туугандары Ассоль менен Баймурзанын балдары: Алим Султанов менен Асыл Султанова какайып турушат.

Чачын саргыч түскө боетуп, жарашыктуу кызгылтым түстөгү көйнөк кийип, конокторду жайгаштырууга Наташа жардамдашып, ары-бери чуркагылайт. Кантсе да үйгө келди-кетти болгон Баймурзанын азыноолак кесиптештерин, курбуларын таанып билет. Ойногондо-күлгөндө биздикине келгиле, жегенде-ичкенде сиздикине барайлы дешкенсиген жакшы санаалаштары ресторандан орун алып жатышты. Элдин арасында Баймурзанын жардамы менен көк үйдүн белдүү кызматкерине айланган, туулган күнгө чакырылган Турна, жашы өдөлөсө да сулуулугу кетпептир. Чачтарын алтын түскө боеп, үстүндө жалтырак көйнөк, бутунда шиш такада турганы, жар борунда ургаачы Марко Поло тургандай турпаты менен көбүнүн көңүлүн өзүнө буруп, өзгөчөлөнүп турду. Баймурзанын мурунку кара чачы күмүш түскө боёлуп, ак баш болгону менен ичкен жегени жакшы. Курортторго барып ден-соолугун чыңдап, чет жактарга командировкалап жүргөнгөбү, жумушундагы эмоциялардан пайда болгон көз алдына, маңдайын гана тырыш баспаса, бет жаагы сыпсыйда боюнча. Үстүнө кийген чыкыйган костюму, бутундагы булгаары кара түстүү туфлиси, костюм ичинен кийген апакай пахтадан тигилген көйнөгү кошулуп, баары кымбат баалуу чет жердики экендиги көз көрүнө байкалып турду. Бир гана көзү муңдуу, анткени уул-кызы Биймырза менен

Айсулууну гана тиктегенде кубанат. Ак чачын артына тарап, арт жагына кылчайса жумуштан канчалык тепкичтерден көтөрүлбөсүн убактылуу манчыркаганы менен, өзүн баары бир жалгыз бөрүдөй сезчү. Ал эми турмуштан тапкан Нурсулуу менен кайын атасынын ошол кездеги дөөлөтү деп баш кошкон, же кийин соңку ажырашып кете албай олку-солку болуп жүрдү. «Нурсулуу менен ажырашып Турнага баш кошом» деп ага үмүт берип жүрүп, анын артынан чуркап күйөөлүктү сунуш кылган жуучулардан калтырды. Балким Турна деле келип кеткен эркекке көнүп, үйдө жалгыз жашоону туура көрдүбү айтор, ал деле Баймурзанын мээсин жеп, «сен убадаңа турбадың» деп аны ээбеди. Нурсулуу болсо уул-кызынын жанында болуп жана ата-энесинин үйүнө каттап жүрүп өмүрү өттү.

Баймурза бийликке жетти, байлык тапты бирок бул жашоодон өзүн таппай калганын, турмушту өзү ойлогондой болбой калганына дагы деле болсо жүрөгү тынчыбай жатты. Өзү анчалык ыракаттуу жашоо сүрбөгөндөй, өзүн бактысыздай сезди. Бактылуулук жүрөктүн тынчтыгы болгон болсо, ошол тынчтык орун албаган жүрөгүн кармап, сыгылып, көзү караңгылашып, эсин жоготуп жыгылып түштү. Туугандары, достору ары-бери чуркашып Баймурзага колдорунан келишинче жардам көргөзүп, майнап чыкпаган соң ооруканага кабар беришти. Кыска убакытта жетип келген «Тез Жардам» унаасы Баймурза Султановдун кыймылсыз денесин алгач оорукананын жандандыруу бөлүмүнө жеткизип, колуна асма укол сайып керебетке жаткызышты. Айна апасы Баймурзанын башын сылап: «Кагылып кетейиним, кулунум, Абдулладан жаш кезинде айрылдык, эми Кудай сени сактасын, асти уулум сен өлө көрбө. Мага сенден топурак буюрусун. Ээ Кудай! Сактай көр уулумду!» – деп үнүнүн жетишинче Жаратканга жалбарып жатты.

Баш дарыгер баш болуп, жардамчы дарыгерлер, медайымдардын коштоосунда Баймурзаны ооруkананын жандандыруу бөлүмүнүн операция блогуна алып кирищти. Аны өзүнө келтирүү максатында аракет кылып жатышты.

Бир кезде Баймурза көзүн ачты. Операция үстөлүнөн туруп босогодо турган ыраматылык атасы Туйбас, агасы Абдулла Султановдорду көрдү. Туйбастын өңү кубарыңкы, жүзү жүдөңкү болуп, ойлуу тиктеп, негедир эч үн катпайт. Ал эми Абдулланын моюнундагы шакек формасындай кызыл көгүш түс болгон моюнтурук жиптин изи дагы деле кете элек. Көзүнүн кыры менен карап, ал дагы унчукпай атасынын жанында дендароо турат. Баймурза атасы менен агасын ак кепини менен турганын көрүп, өлүм жакындап келген турбайбы деп коркуп кетип, жалдырай суранып кетти: «Ата! Эмне мага келдиңиздерби? Мен жашагым келет. Жараткан эң-кур десе бир жыл өмүр берсе, бойго жеткен уулумду үйлөп, кызымды тууруна кондурайын. Сиз Парбадигардын элчилери менен сүйлөшүп бериңиз. Өмүр ордуна Бишкек шаарындагы элиталык жүз элүү чарчы метр батиримди, Чолпон-Атадагы үч жүз чарчы метр жер тилкесинде жайгашкан үч кабат коттеджди белекке берейин», – деп суранса Туйбас, Абдулла Султановдор термелбей, кайгылуу көздөрү менен карап турушат, тескериси иреңинде таң калуу даана байкалып турат. Алар кыязы, бул сунушка мыскылдагандай кабыл алып, Баймурза дагы эле жашоонун маани-маңызын түшүнбөгөн окшойт деген түрдө тиктешет.

Бир кезде жер титирегендей астын-үстүн түшүп, жер жарылып жарака кетти, түнөргөн асмандан чагылган түшүп от жанып, күн күркүрөдү. Асмандан жерге кирип, жерден асманды чапчып өңү каардуу,

жүзү сүрдүү, улуу «Ажал» арышын тездетип кайымдан Баймурзанын алдында пайда болду. Аны жандаган эки кызматкери Баймурза Султановду колтуктан кармап, жанын сууруп, калкыган абага көтөрүштү. Жандандыруу бөлүмүнүн операция үстөлүндө, өзүнүн өлүк денеси менен күйпөлөктөй күрөшкөн баш догдур, дарыгерлер, медайымдар жүрөгүнө жандандыруучу аппараты менен көкүрөк туштай электр чыңалуусун берүүсүнөн эч майнап чыкпады эле, кол куушуруп, шалдайып туруп беришти. Баймурзага өзү сунуш кылган бир жылдык өмүрдүн кунуна төлөп берем деген топтогон байлык мүлкү, жада калса Умай энедей болгон Айна апасынын да Жаратканга жалынып жалбарганы жардам бербеди.

Ажал бай-кедейге, ак-карага, жаш-карыга, эркек менен ургаачыга, улуу менен кичүүгө, бийлик төбөлү менен жумушсузга, адептүү менен ыймансызга, мыйзамдуу жашаган инсан менен кылмышкерге, ибадат кылган такыба момун менен динсиз каапырга, илимдүү менен сабатсызга, акылман менен кемчонтойго, боорукер менен зөөкүргө баарына бирдей экендигине тан берди. Өлүмдү өз башынан өткөзүп, алапайын таппай жатты. Өкүрүк салган апасына боору ооруду. Атасыз жетим калган балдарына кабатырланды. Жесир калган Нурсулууну аяды. Тирүүлүктө таарыныч менен кайра элдешпей койгон жакын досу Исак Жусупов менен Ассоль көз алдына тартылды. Бир кезде алдынан ак кепинчен тааныш жүздү көрүп тааный албай:

– Сиз ким элеңиз жүзүңүз, мага аябай тааныш учурап жатат, атыңыз тилимдин учунда турат? – дегенде бейтааныш арбак үн катты:

– Менин аты-жөнүм Дауд Жусупов, Исак Жусуповдун атасы болом. Дос айрылат, тууган кайрылат дейт.

Тууган тирүүсүндө бир дөбөдө, өлсө бир чуңкурда дегени ушул. Сени тосуп алып жатабыз. Дос мактанса бергенин алат сыяктуу, аяш уулум менин денемди жерге берүүдөгү диндердин тирешүүсүндө Исакка чоң жардам кылдың, айласын таап менин сөөгүмдү киндик кан тамган жерге бердиң. Ал айныгыс чындык. Болгону кийинки Исак экөөңдүн аял талаш маселеңерде кылган ишиңди милдет кылганың, баарын жууп жиберди окшойт. Жыйынтыгы Исак экөөңөрдүн мамилеңер сууду.

– Аяш ата, сиздин диниңиз бөлөк эмес беле. Сизди: «Бу каапырды денесин балталап, жамбашынан асып, жалындаган тозоктун отунда күйөт» – деп айтышпады беле?

– Былжыракты токтот, ал болбогон кеп. Кудайга ар ким ар жол менен барат, – деп кайыбынан жоголуп кетти.

Эки колтугунан жетелеп бараткан «Ажал» кызматкерлери үн катты: «Сенин жаныңды улуу «Ажал» сууруп алды, бирок сен жаныңды кайтарып алууну суранып жатыпсың. Атанын сөзү Алланын сөзү демекчи, Туйбас Султанов менен аяш атаң Дауд Жусупов эки атанын өтүнүчү менен жаныңды кайтарып берүүнү ойлонуп жатабыз. Бирок, сен сунуш кылган байлык ордуна эмес, аның бизге тырмактын учундагы топтолгон кирдей. Сенин эң жакын адамдарыңдын жанын алабыз, макулсуңбу? Бирок эки шарт менен дегенин уккан Баймурза, жандын ширindигин, тирүүлүктүн таттуулугун, жарыктыктын ушунчалык жагымдуулугун күсөп кетти. Жандай көргөн жакын адамынын өмүрүн кыюуга, анын ордуна тирүүлүккө кайтууга белсенип, экинчи шартты укпай-нетпей эле: «Мен макулмун», – деди шашып-бушуп.

«Ажал» кызматкери кебин улады: «Иий, шашма пендем, экинчи шартты укпай дароо макул болдуң. Мейли экинчи шартты тирүүлүккө барганда өзүң туя-сың. Эми карап тур», – дегенде маңдайында турмуш экраны пайда болуп, жашоону, жакындарын кино көргөндөй көрө баштады. Алгач «Ажал» аян болуп Баймурзанын аялы Нурсулууга келип: «Өз өмүрүңдү Баймурзаны жарыкчылыкка кайтарып алуу сунушуна макулсуңбу?» – деген кайрылуусуна Нурсулуу минтип жооп айтты: «Баш мээси менен үй ээси менен деген-дей, биздин үйдүн башы – Менмин. Баймурза ашарын ашады, жашарын жашады, ойноп–күлдү, ойнош ойно-ду. Көпчүлүк күндөрү өзүнүн керт башы менен эле бо-луп жүргөнсүдү. Керек болсо ата-апасы турсун, бала–чакасы менен деле иши жок болчу»

– Баймурзанын көзү тирүүсүндө өзүнө ушинтип айттыңыз беле?

– Ачыганда айран чыгат, кычыганда кымыз чыгат дейт, ток этери анын жанын аман алып калуу үчүн жа-нымды берүүгө макул эмесмин.

«Ажал» ары барып Турнага жогорку сунуш менен кайрылды, ал «Ажал» аянына минтип жооп узатты: «Халваны аким жеди, келтекти жетим жеди болуп, бардык жакшы жашоону, сый-урматты Нурсулуу көр-дү, мен көшөгө артында көлөкөдө шахтерго көмүр көөлөткөн шахта болдум. Жаштыгымды Баймурзага арнадым, ал болсо «ана үйлөнөм, мына үйлөнөм деген убадасы суу кечпей, калып кетти».

Келин киши кер киши, кер эшекке тең киши бо-луп, жаагыбыз ачылып Нурсулуу экөөбүз албарсты-дай ажылдаштык. «Жалап» атыктык, чачтарыбыздан сүдүрөшүп, тырмактарыбыздын изи денебизде ка-лып, тытмалаштык. Жыйынтыгы, эл көзүнө шермен-де болгон күндөр өттү. Албетте ушундайга жеткизген Баймурза күнөөлүү», – деп жоop айтты.

Эки аялдан чыккан пикирин уккан Баймурза: «Аял жапаа, ит бапаа», – деген туура окшойт, деп өмүр бою таанып билген, бул аялдарды бүгүн биринчи көргөнсүдү.

«Ажал» аяны менен Айна апага келгенде Айна апа эч кебелбестен: «Уулум үчүн өз жанымды берүүгө макулмун», – деп жооп берери менен, баш дарыгер операция блогунан сыртка чыкты. Баймурза Султановдун апасы Айнага, аялы Нурсулууга, көңүлдөшү Турнага, уул-кыздарына: «Баймурзанын өмүрүн сактап калууга колубуздан келген аракетти жасадык. Тилекке каршы биздин жардамыбыз кеч болуп калды. Баймурза көз жумду», – деп угузду. Мындай кабарды уккан Айна апанын чың тартылган жүрөгүнүн тамыры «чырт» үзүлүп, чалкасынан кулады.

«Ажал» Баймурза Султановдун өмүрүнүн ордуна апасынын жанын алып асманга учуп кетти. Ошол кезде операция блогундагы медайым, чурулдап чуркап чыкты: «Медаппараттагы монитордо Баймурза Султановдун жүрөгү согуп кирди, ал тирүү экен, жардамга!» – дегенде, бардыгы Баймурза Султанов менен алаксып калышты. Айна апа, креслодо чалкалаган боюнча жарыктык менен кош айтышып, ыраматылык күйөөсү Туйбас Султанов, уулу Абдулла Султанов, аяшы Дауд Жусуповдордун көз алдында «Ажалдын» кызматкерлеринин колунда кете берди.

Баймурза жарык дүйнөгө кайтып келгени менен эки буту баспай калды. Бул улуу «Ажалдын» экинчи шартын жанагында шашып кулак салбаганын караң, караңгылыктыкы. Көрсө улуу «Ажал» Баймурза Султанов өз жанын апасынын жанынан артык көргөндөгүсү үчүн болгон экинчи шарты ушул тура.

Баймурза Султановдун апасы Айнанын тажыясы «Алтын Казына» ресторанында өттү. Келген элге де-

лип үч бээ, он беш майда жандык союлду. Дасторкон үстү таттуу даамдарга, жашылча-жемишке, суусундуктарга толуп чыны койгонго орун калбады.

Тажиянын башында, баш-аягын тескеп Нурсулуу Султанова турду. Аза күтүп ресторандын кире берчү жеринде инвалиддик коляскада Баймурза Султанов анын жанынан орун алган отургучтарда жубайы Нурсулуу, кызы Айсулуу Султанова, Ассольдун кызы Асыл Султанова, Абдулланын аялы Наташа катар отурушту. Ал эми эркектерден Биймырза Султанов, Абдулланын уулу Эркин Султанов, анын жанында Ассольдон тапкан уулу Алим Султановдор катар турушту. Келген эл ресторанга батпай, сыртта күтүп калгандар качан гана ресторан ичиндегилер курсакты тойгузуп,устукандарын пакеттерге толтуруп чыккандан кийин, экинчи агым, үчүнчү агым болуп кирип–чыгып жатышты. Бардын байлыгын чачам, кедейдин көчүгүн ачам сыңары болду.

Аш көп болсо каада көп, бай көп болсо кедей ток болуп, Баймурзаны тааныганы дале, таанибаганы деле «Баймурзанын апасынын тажиясы болуптур» кылып, бири–биринен угуп, маркум министр орун басарынын жыйнаган топтогонун ашап кирген калың эл, оозу–колу май болгуча, ашказаны тойгуча жеп, ашканын түйүнчөккө түйүп кетип жатышты.

Кээси дуба кылса, шашкандары дуба кылбай эле курсагы тойгонуна ыраазы боло, зарыктырган жагына шашып жөнөгөндөр болду, кээ бири оң колуна пакетти кармаса, сол колун бетине жеткизбей жаңсаган түрдө бата кылган адам болуп, узап жатышты. Кимисинин батасы тийди, кимисиники тийбеди, сообу тийдиби же тийбедиби, айтор өлүк зыйнаты ушу таризде уланып жатты.

Баймурза Султановдун кайра жаралуусу, сырттан караган адамдарга муруңку жашоосуна салыштырма-

луу аянычтуу болду. Ал эми өзүнүн ой-чабыты боюнча өзүн эми гана бактылуумун деп эсептей баштады. Аягандардын оюнда Баймурзанын азыркы жашоосунда муруңку жашоосундай шан-шөкөт жок. Ал эми ал өзүн бактылуу сезип кубаныч көкүрөгүнө уя салганы, «кайра жаралган» Баймурза көзү менен көрөт, кулагы менен угат, жүрөгү менен туят, акылы менен калчайт. Баспай калганын сырттагылар кемчилиги деп аяган болсо, Баймурза өзүнүн утушу деп адам болуп, өзүн издеп, таанып баратканын байкады.

Бөтөндөр Баймурзанын амалына эмес, адеп-ахлагына турган турпатына карап сүйлөп калышты. Мурунку жашоосундагы байлыгына көз артып, билярд ойноп, сауналап, казинолоп тайраңдашып ондогон достору, үйүнө жашап алгандар жок болду. Азыркы жашоосунда бир-эки чыныгы достору гана өткөн-кеткенди эстеп, кеп куруп кетишет.

Башта бийлигине деп эшик сагаалап, чөнтөгүнө конверт салып, иши бүткөн жерде артына чөгүндөп суу куйгандар, минтип азыр инвалид Баймурзаны көрсө да көрмөксөн болуп, угушса укмаксан болуп, андан тегеренип качканына, мындайлардан кутулганына ичинен сүйүнөт.

Өзү болсо ой калчап, акыл жүгүртүп ак-караны ылгап калды. Өзүн өтө эстүү эсептеп калганы менен Нурсулууга, балдарына момун болуп анткорлонот, майып болуп аңкоолонот.

Баймурзанын мындай абалга кептелгенин уккан созулган Турна заматта жүзүн жүз сексен градуска буруп, Баймурзанын атына учкашкан жеринен секирип жерге түшүп, кезектеги күчтүү, алдуу айгыр издөөсүнө түштү. Көп узабай, портфели калың, таасири күчтүү эркекти оңой эле торуна түшүрдү. Турнанын бул жоругун ошол электен өткөн эки досунан укту. Ачуу-

ланып ызырынбады, анткени бул кайра жаралган философ Баймурза Султанов эле. Жаман-жакшыны ажыраткан соңку мүдөөсү, эми Исак Жусупов менен Ассольго жолугуп элдешип алуу эле.

Биймырза Султанов атасынын амалы күч алып турган кезде эле Бишкектин алтын жаштарынын катарын толуктап күндүзү кафе-ресторандарда күпүлдөшсө, түнкүсүн сауна, түнкү клуб, жашыруун казинолордо акчаны самандай чачкан жашоону өткөзүп, бейкапар жүрдү. Атасы инвалиддик коляскага жармашып, майып болуп калган соң, атасы жоктун аласы чоң, энеси жоктун эмчеги чоң болгонсуп, тирүү атасын майып болгонуна тоотпостон, анысы андан бетер күч алып кетти. Нурсулуу байкуш уулун тизгиндейин дейт, ал моюн толгоп аны  угуп койсочу. Апасынын кебин кулагынын үстүнөн өткөзүп, өзүм билем, өтүгүмдү төргө илем болуп каалашынча тайраңдап жүрдү. Бир күнү достору болуп түштүк магистралда жаштардын унаа жарыштыруусуна күбө болуп калган мас неме, унаадан түшүп тегерене топтолгон жаш унаа жарышмандардын жанына колдорун шымынын чөнтөгүнө салып, жакындады. Талтайып басып, оозундагы тамекисин тиштегилеп, түтүнүн буркурата үйлөп: «Кимиң менин «Мерседесим» менен жарышасың? Утукка унаамды сайдым», – дегенде, ары жактан арыкчырай күлмүңдөгөн карис улутундагы жигит, «Lexus» унаасынан түшүп: «Мен макулмун. Ким утулса унаасынан айрылат», – деп Биймырзанын шартына көндү. Буга чейин, он миң, жыйырма миң, ашып кетсе жетимиш миңге жеткен байге коюлуучу болсо, эми минтип ортого унаалар байгеге коюлушу көпчүлүктүн бүйүрүн кызытты. Жаштар чурулдап жатып калышты, ар кайсы жерден сорок этип үнүн чыйылдаткан селки кыздар ушу экөөнүн жүзүн көрүүгө ашык болуп жа-

тышты. Биймырза менен карис жигит унааларынын кыймылдаткычын гүрүлдөтүшүп, газды баса тээп, марага түшкөн жорго аттардай жулкунуп турганда, чачын саргайтып аркасына жайып алган сулуу кыз эки унаанын ортосуна туруп, желегин желбиретип: «Кана, кеттик»– деп буйрук берери менен, эки унаанын дөңгөлөгүнөн чыйылдаган үнү кулакты курулдатып, унаа артынан түтүнү чыгып, жулунган күлүк аттардай магистраль жолун талашып айдап жөнөштү. Биймырза финишке экинчи келип, ачуусу менен унаанын эшигин буту менен тээп, уят болгондой нымтыроо жүзүн каптап кетти. Утулуп калган соң, «Мерседестин» ачкычын карис жигитке ыргытты, ал абада учкан ачкычты тутамдап кармап: «Жеңилгенди жер көтөрөт, капа этпеңиз байке», – деп сүйүнгөн карис жигиттин эки бети тамылжып турган абалында, сол көзүн кысып басып кетти.

Биймырза утулуп калганына ызаланып, чекеси нымшып ичи дымыктырган абалда досунун унаасынын ачкычын талашып, рулга олтурду. Түнкү Бишкекти көздөй унаа ылдамдыгын миңге коюп, газды түбүнө чейин тээп, кашаң атты камчылагандай ачуусун ушу унаадан чыгарып айдап жөнөдү. Унааны уттурганына ичи ачышпады, ал улан-кыздардын көзүнчө карис жигиттин алдында кичирейип калганына ичин өрт каптап, обдулуп кайра артына барып, досунун унаасын да мелдешке сайып ийгенден тайбай турган абалга тушукту, дуулдаган жаштардын сүрөөнүнө өлбөгөн гана төрт шыйрагы калды.

Анткени, эң мыкты кийим, таттуу тамак, кооз унаа, сулуу кыздар, адамдардын көңүл буруусу биринчи Биймырзаныкы болуп калганына көнүп калган эле. Албетте мунун баары Баймурза Султановдун мүлкү, таасири, байлыгы, ээлеген кызматынын арты

менен болуп жаткандыгы экендигин билчү эмес. Оюнда мунун баары жөн эле асмандан жаан жааган-дай түшүп калгандай сезилчү. Ал өзү кыйналып иш-теп акча тапкан жок, окуусунда деле кыйратып китеп ачып окубады. Эжей агайларын атасынын аты менен чочулатып, жана апасы Нурсулуудан акча алып, эптеп курстан курска которулуп жүрдү. Азыр болсо ушунча элдин көзүнчө абийири айрандай төгүлгөнгө, утулуп калганына, кыйраңдап досунун унаасын катуу ыл-дамдыкта айдап баратты. Жолду бойлой турган МАИ кызматкеринин жанган кызыл таягынын токтот де-ген буйругуна баш бербей, айдап өтүп кетти. «Lexus-тун» аартынан эки МАИ унаасы сиренасын жандырып анын изине түшүп кубалап жөнөштү. Совет–Донецк көчөлөрүнүн кесилишине жеткенде кызыл жанган светофорго токтобой айдап жөнөдү, ошол кезде сол тараптан чыккан кызыл түстүү «Ауди» унаасын того-лото сүзүп, катар чыккан кара түстүү «БМВ» унааны даракка жабыштыра сүзүп, өздөрү оңко–чоңкосунан аңтарылып кетти. Кудай жалгап Биймырза менен досу бир-эки жери гана тыртык болуп, өздөрү аман калышты. Ал эми «Аудинин» ичинде жаш келин төрт жашар баласы менен мерт кетти. «БМВнын» ичиндеги жашы жыйырма беш-отуз жаштагы үч боз улан ордун-да каза болуп, бирөөсү оор жараты менен ооруканага жеткирилди. Кызыгы, милиция бөлүмүндө кармалып турган Биймырзанын реакциясы тоок тебелегендей, эч кыжаалат болбой отурду. Баймурза Султановдун ак үйдөгү таасирдүү ары уяттуу досунан милицияга телефон чалуу болуп, Биймырза Султанов милиция бөлүмүнөн бошоп, ошол таасири күч аяш атасынын алдына барды. Ал колуна акча берип, учакка билет алып, Маскөөгө качырып жатып, болгон окуяга жүрө-гү ооруп, зээни кейиди. Аргасыздан аяш уулуна үмүт артып, адеп-ахлакка чакырганча тилдеп кирди:

– Качаңга чейин тайраңдайсың? Тооба келтирип адам бол! Чоң энеңдин кырккылыгы чыкпай, минтип, адамдардын өмүрүн кыйып олтурасың. Абдулла агаңдын жолун улай намазга жыгыл, балким эсиңе келеттирсиң.

– Ошондо адам боломунбу?

– Эми дин аркылуу өзүңө келесиңби деген үмүт. Себеби сенин жагдайың өтө коркунучтуу, сенде эч кандай жоопкерчилик жок, эч нерсе менен камың жок. Атаң болсо, коляскада жарымжан болуп олтурат, аны менен да ишиң жок.

– Кантип адам болсом болот! – деп мыскылзаар тиктеп, мыскылдап жатты аяш атасын. Ал болсо чын ниети менен күйүп–бышып:

– Адам болуу үчүн, өзүңдү таануу, өзүңдү түшүнүү үчүн, өзүңдүн үстүңдөн иште. Жаман сапаттарды ташта, жакшы сапаттарга ээ бол. Көшөгөмдү эл көрөт, көйнөгүмдү ачып ким көрөт болуп жүрүп, ушул туңгуюкка такалдың.

– Болуптур, аракет кылам. Дагы эмне кылайын? – деп мыскыл тиктей түштү.

– Мен кабар бергиче көчөгө чыкпай жөн жат, – деп, Баймурзанын жүзү деп, иш козголуп тергөө жүрүп күнөөлүүлөрдү тактоого чейин, аэропорттон Биймырзаны Маскөөгө учуруп жиберди.

Алдын ала сүйлөшүүлөр боюнча Маскөө аэропортунан тосуп алган классташ досу, өзү жашаган шаар четиндеги Краснофлотская көчөсүндөгү, тогуз кабат үйдүн төртүнчү кабатындагы арендада турчу батирдин бир бөлмөсүнө жайгаштырды. Досу, келинчеги таң атпай үч-төрттөр чамасында базарга кетишет, түш ооп чарчап келип, чай ичип эле уйкуга кетишет. Биймырза болсо, аяш атасынын кебин угуп, спирт ичимдиктерин ичүүнү тык токтотту, досуна кошулуп

беш маал намазын тили чулдураса да, ыкласы келбесе, көңүлү муюбаса да: «Бирдеңке болуп кетип, оңолуп кететтирмин», – деп өзүн кыстап окуп жатты. Азели таң эрте турбаганга кыйла жүдөдү.

Ошол күндөрү досу менен аяшы базарга кеткен күнү батир эшигине бирөө коңгуроо чалды. Биймырза кичинекей көз жылчыктан сыртты карап, эшик алдынан чырайлуу орус келинин көрдү. Негедир уктап жаткан эркектик напсиси ойгонуп кеткенсип, чочулай түштү. Ичинен келме келтирип, жакасын тиштеп, тооба келтирип жакын жердеги отургучка олтура калды. Бир жагы Маскөөгө келгени үйдөн чыкпай отурганга бук болдубу, көңүлүндө сырдуу ой жанып, көз жылчыктан келбеттүү орус келинди тиктегиси келет, өзүн тыйып коет. Ичинде көзү кызарган чоктой булкунган өгүз менен эшик алдындагы саргылтым орус кунаажындын күрөшү жүрүп жатканда кайрадан «тың–тың» деген эшиктин зыңылдаганы чыкканда, эшикти ачса:

– Здравствуйте! – деген алдында турган аялзаты эмей эле, алтындай жалтылдаган, көздөрү мухит сымал жалжылдаган,  жүзү жайлоо гүлдөрүндөй кулпуруп, таноосун жарган аңкыган жыты менен Периште турганын көрүп, же алик албай, же келге келбей, дудукка окшоп дулдуюп таш тиштегендей унчукпай туруп калды.

Татынакай орус келинди көргөн Биймырзанын жүрөгү акылына баш бербей, жан кумары козголуп, көзү ойноктоп, денеси кызып, бети кызарып-татарып кетти. Акылына кийин жооп берем дегендей күрөш, кырдуу бычак менен жоголуп бараткан уятын кескилесе, дил-дүйнөсү бей нике жыныстык катташууга болбосун эскерткендей акылына сөөмөйү менен черткилейт. Агерде андайга жол берсе «зынаа» болуп, «чоң

күнөгө батасың» деген ышкы напсисинин чынжырына, жүрөгүндөгү, жан дүйнөсүндөгү дүбүрт болгон каалоосу басымдык кылып баратты. Настя досунун аялын сурап келгенин кабар берди, Биймырза болсо дегделеңдеп чай ичүүнү сунуш этти. Чай ичип олтуруп Настя «массаж» жасоо боюнча адистигин билген соң, Биймырзанын моюнуна минген шайтан, Настяга кайрылып: «Грыжа деген балакет сазайымды алып жүрөт, белимди укалап бербейспи?» – дедирди. Бул ооруну досторунан уккан, өзүнүн ден-соолугу жорго аттай сопсоо болчу. Настя деле жаман нерсени оюна кетирбестен, тиги квартира ээлери намазкан такыба адамдар болсо, бу киши деле, чын ыкластан суранып жатат, деген таризде макулдугун берди. Белине чейин чечинген Биймырза көмкөрөсүнөн жерди жыттап жатты. Настя колуна май сыяктуу бир жагымдуу суюктукту колуна ышкап, Биймырзанын белин укалап кирди. Настянын назик колдору Биймырзанын белине тийгенде ал «дирт» этип жанган чок көзүнөн жалын болуп, денесин өрт каптап кирди, ал жалын киндигинин ылдыйына жетип, аласынын ортосундагы жан жери казыктай катып, отко кактагандай кызарып чыкты. Назик колдор, оң-сол ныптасын укалап, моюн, далы кычыктарын сылап өткөндө жанагы от башына, желкесине жетип анан бутуна түшүп таманын ысытып, дем алуусу оордоп баратты. Бара-бара тооба да келтире албай, оозундагы жана эле «Ээ, Кудай сактай көр» деп оозанып жатканы түшүп, эми анын бүт оюн кумар менен шайтан башкарып калды. Шайтан Настянын да моюнуна минди. Алгач Настя чын ниети менен эле Биймырзанын грыжа болду деп калп эле көргөзгөн жерин укалап-ушалап жаткан болсо, эми бунун өгүздөй болгон чымыр денесинин, трапеция фигурасына окшош канатынын, далдайган далысынын былтый-

ган булчуңдары анын да ышкын козгоп, укалоо эмей, эркелетип сылап-сыйпалоосунан өзү да ыракаттанып жатты. Бу назик каалоо деми Биймырзага өттү, ал эми Биймырзанын денесиндеги алоолонуп күйүп жаткан өрт Настяга өттү. Көмкөрөсүнөн жаткан Биймырза жанар тоодой атылып, оодарыла Настяны үстүнө басып жыгылды, ал дагы эч кандай каршылык көргөзбөстөн «мен сендикмин» дегенсип жыландай туйлап жатты. Андан аркысы экөөнүн тэң эси ооду, Биймырза өзүнө келсе, уктоочу бөлмөдө энеден туума дырдай жылаңач жатышат. Бай болбогон бай болду, бай атакем не болду? бий болбогон бий болду, бий атакем не болду? Дүйнө, дөөлат тоголок келип түбү жок болот, кармаганга сабы жок болот дегенге ынанып. Байлыкка, бийликке жеткен, бирок өмүрүнүн эң таттуу кезинде майып коляска менен калган атасын эстеп, өзүнүн кылган жоругуна, Настянын көзүн сүзүп багынып бергенине баа берип, өзүн-өзү актап жаткансыды.

Көрпөнү ачып, уктап жаткан орус периштесинин супсулуу дене мүчөсүнө сугалак напсиси дагы бир сугунуп алайын дейт. Мунусунда өзүн алаксытып душка кирип муздак сууга башын тосту. Тиги орус келин суунун шатырактаган үнүнөн ойгонуп, бети–колун жуубастан кухняга кирип мешти жандырып, төрт жумуртканы жара салып, «Глазунья» тамагын эки порсу даярдап, кофе кайнатып, Биймырзаны тамакка чакырды. Ошентип экөө ушу «Грыжа» оорусун укалоо процедурасынан кийин көңүлдөш болуп кетти. Мындай ыракатты экөө тең бирдей көрүп, укалоого кыныгып калганга, бири-бирисиз тура албай калган жашоо башталганга, досуна кайрылып: «Сени убара кылбайын» шылтоосун айтып, көңүлдөшү Настя таап берген бөлөк батирге бөлүнүп чыгып кетти. Ал арада Орозо айы келип, Биймырза Султанов да эл катары орозо кармады.

Кечки ооз ачууда: «Бисмилла» деп, Настя койгон даамдардан татып, орозо кармоосун улантып жатты. Классташ досу Настя экөөнүн мамилесин байкап калып Биймырзага: «Мусулман болуп кечке орозо тутуп, кечиндеси каапыр Ойношуңдун колунан ооз ачат дегени эмнеси?» – деп сай сөөгүнө жеткизе саймедиреп сүйлөгөнүн эстеп: «Туура жолду табууда балким адашуу да керектир, такшалуу керектир», деп өзүн сооротуп тамактанып жатты.

Биймырза Султановдун орус көңүлдөшү Настянын ата-энеси христиандыктын, православ динин карманган диндар адамдар эле. Чиркөөгө тынбай каттап, динди туу кармап жашаган адамдардын катарында жашачу. Настя болсо православ динин толук кармангандардан болбосо да, ал өзүнүн динин танчу эмес. Ошондуктан, Биймырза Султановдун «Ислам динин кабыл ал, баш кошуп жашайлы» дегенине толук макул болбоду. Ушундай эле эч кандай жоопкерчиликсиз, жөн гана мамилелеш жашоосуна канимет кылып жүрдү. Биймырза болсо өзүнүн бул жашоосуна ойлонуп: «Өзүм беш маал намазын окуйм. Бул каапыр орус келин менен бир түтүн булатып, бейнике жашаганым тууру эместир. Канткен күндө да азыр мен мекенимден безип, качкын болуп жүрбөймүнбү. Буюрса Кыргызстандагы унаа менен жарандарды сүзүп кеткен ишим жабылса, Мекениме кайтканда бардыгын адалдаштырып аламын. Кудайдан жалбарып кечирим сурасам, кечиреттир. Анан да мен аларды атайылап сүзгөн жокмун да. Бул көз менен каштын ортосунда болгон кырсык эмей эмине», – деп өзүн өзү актап жаткансыды. Досунун батиринде жашап жүргөндө деле, минтип Настя менен жашап жүргөндө деле, көчөнү, эркиндикти самап калчу. Эркиндиктин баркын ушинетип жашынып жашаганда сезди. Анүстүнө жалжак-

тап түнкү клубдарда жыргап-куунап, ачуу таттуудан өкүртө ууртап, кааласа үйүндө уктап, кааласа шаардын кымбат мейманканаларында түнөгөн жашоону көрүп калган неме, азыркы жашоосу капастагы бөдөнөдөн эч айырмасыз эле. Элинен, журтунан безгенге, бул жерде да бирөө жарым көрүп калып полицияга кабар берсе, депортация кылып Кыргызстанга айдайт. Андан аркысы тор артына кетүүдөн чочулаган Биймырза, көчөгө түнү чыгып сейилдеп алчу. Бул Орозонун улук күндөрү эч жакка чыкпай отуз күн орозо тутту. Айттын эртеси деген түнү, буулугуп калганга, Настяны уктатып коюп «сейилдеп келсем» деп басып баратып жакыңкы кафеге жетти. Эмнегедир сыгылганга окуган намазын унутуп, бир шише пиво алып, ичип жиберди. Ичи жылый түшкөнгө көчө аралап басып жүрдү.

Таң эми атып бараткан, метродон түшүп келе жатса алдынан угуп билип жүргөн, таз баш бейбаштардын тобунун карааны көрүндү. Колдорунда темир, бита көтөрүп, ач кыйкырык менен: «Чурка», – деп чуулдап Биймырзаны көздөй чуркап жөнөштү. Жердештеринен: «Буларыңдын колуна тийсең өлтүрүп, Москва дайрасына ыргытып жиберет», – деп уккандары бар эле. Өмүр керек экен, жан ширин экен, артына карабай өйдөнү көздөгөн тепкичтерди аттап-буттап качып жөнөдү. Таз бейбаштар куйругуна сая уйларды кубалаган көгөндөй кубалап жөнөштү. Метро тепкичтеринен аттагылап жарыктыкка чыкса, оң жагы мамлекеттик эшиги жабык ишканалар, сол жагы бат ылдамдыкта жүрүүчү чоң жол экен. Жөө жүрүүчү өтмөк жол, жок эле дегенде бир-эки чакырым ылдыйыраакта. Аңгыча ачкемердей болгон таз бейбаштар чуркап келе жатканын көргөн Биймырза, катуу ылдамдык менен жүрүүчү чоң жолдон кесип өтүп кетемин деген

ой менен чуркап чыгаары менен «та-даң», – деген үн чыгып, машинеге урулду. Денеси тоголонуп, бети–башынан кан кетти. Таз бейбаштар: «Все, чурке конец, кажется он сейчас сдохнет», – деген сөздөрүн укту. Эки ай мурун Бишкек шаарында досунун машинеси менен жөө адамдарды сүзүп, качып кеткендегиси көзүнө тартыла түшүп: «Атаганат кайтар дүнүйө ушунчалык тез кайтарылат турбайбы», – деп каткырык салып, кетип жаткан таз бейбаштарга карап: «Мен деле ошондо машинеме урулган байкуштарга жардам бербей кетип калбадым беле», – деп эсин жоготуп койду.

Ассоль менен Исак Жусупов Новосибирск шаарынан Москва шаарына көчүп келгенине жарым жылдан ашып калган. Москванын климатына көнүшкүчө ооруп-сыркап жүдөп кыйналышты. Таңга жуук Ассольдун ысытмасы кырк градустан ашып, дары-дармек ичсе анысы эч жардам бербеди. Тез Жардам чакырайын деген Исак, кайра өзүнүн унаасынына Ассольду салып оорукананы көздөй жөнөштү. Ассольдун жаны көзүнө көрүнгөнгө иттей кыңшылайт. Утуру арткы отургучту кылчая карап, алаксып калган Исак, бир кезде жолдун сол тарабынан чуркап чыккан жаш жигитти коюп кеткенин аңдабай калды.

Машинеден түшүп, жолдун аркы бетинде ырсаңдаган таз баштарды көрдү, ошолордон качып, жолду кесип өтөм деген жигитти көздөй басып жөнөдү. Кансырап, эсин жоготуп койгон жаш жигитти көтөрүп, Ассольдун жанына жаткызды. Тагдырдын тамашасын караң, Исак бул жигит кан досу Баймурза Султановдун уулу Биймырза экендигин али билбейт. Ошондой эле, сүзүп кеткен адам аяш атасы Исак Жусупов экендигин Биймырза да билбеген абалда, оорукананын жандандыруу бөлүмүнө дарыгерлер сүдүрөмө арабага салып кирип кетишти. Ал эми Ассольго ысытмасын түшүрүүчү укол сайып кушеткага жаткызып коюшту.

Аңгыча оорукананын эшигин тепкилеп Биймырзанын досу келип, айкырып ыйлап кирди. Дарыгерлер: «Бейтап спирттик ичимдик ичип алып, жолдон чуркап өтүптүр», – дегенин уккан такыба досу: «Ай балаң түшкүрдүкү десе, чыдамың кетип өлүп атсаң да, ичимдик ичпей турсаң болбойт беле? Орозо кармап, намазга жыгылбадың беле, онуң эмне болду эми?» – деп, ону-буну айтып кейип-кепчип, жер муштап отуруп калды.

Биймырза Султанов көзүн ачса, асма шам күйүп турган жарык палатада жалгыз жатат. Бутун асып коюп, башы ак бинт менен таңылган. Өмүрүндө мынчалык сүйүнгөн эмес эле. Жандын таттуулугун, өмүрдүн шириндигин, аманчылыктын кымбат экендигин эми сезди. Башта маани берчү эмес. Чардап, жыргап, атасынын байлыгын оңго солго самандай сапырып жашады, же жашамыш болду. Төрт жарандын жанын кыйып, бирөөсүн жарадар кылып гана тим болбостон, алардан кабар албай, качып кутулганы көз алдына тартылды. Ойлоно калып, сүзүп кеткен унаа ээси жанына келип Биймырзаны көтөрүп, унаа аркасына салып жатканын элес-булас эстеди: «Сырткы келбетим «Адамга» окшош болуп жашап жүргөнүм менен, жан дүйнөм эбак эле «Айбанга» айланыптыр», – деп, ошону эми сезип, кол телефонун алып, атасы Баймурза Султановго уюлдук телефону аркылуу кат жазып кирди: «Ата, амансызбы. Мага жакшы тарбия бергенге аракет кылып, эл кийбегенди кийгизип, эл жебеген тамакты жедирип, эл минбеген унаага отургузуп, алаканыбызга акчаны тутамдап карматканыңыз башыбызга дөөлөт эмей, муш болуптур. Сизди күнөөлөбөйм. Балким, сиз бизди өзүңүзгө караганга жакшы жашасын, кыйынчылык көрбөсүн деген аруу ой менен жасагандырсыз. Көрсө, ак менен караны, жаман менен

жакшыны ылгаганды үйрөнбөпбүз. Өзгөнү сыйламак турсун, өзүмдү да таанybай, өмүрүм кыйылганы калганда гана баарын таразалаганга дуушар болдум. Сөздү ырбатпайын.

Жанагы мен сүзүп кеткендерге мага белек кылган Бишкек шаарындагы батирди сатып, кунун төлөп берип, куран түшүрүп коюңуз. Колуңуздан келсе, милиса козгогон кылмыш ишин жаптырыңыз. Тиги жарадардан кабар алып, дарылоого кеткен чыгымдарын толук төлөп кутулуңуз. Мен тайраңдап эле жер үстүндө жүрө берем деп ойлопмун. Азыр болсо бир бутум жарыктыкта болсо, бир бутум көргө салаңдап туру. Дагы кызыгы, Сизге, Исак Жусупов деген киши салам айтты. Баса, мен таз баштардан качамын деп чоң жолго чуркап чыгып, ошол кишинин унаасына урунуп, аман калдым окшойт. Исак Жусупов мени таштап кетпей, ооруканага алып келди. Баса, анын аялы Ассоль эженин канынын группасы меникине туура келип, ал канын тапшырып, мага куюшту. Ал эми менин аман калгандыгым, бул жашоого болгон жаңы билет болуп кайра жаралдым окшойт. Өзүмдү өзгөртүү канчалык оор болсо да, өзүмдү таануу убактысы ушинтип келгенин, бул мага жогорудан келген мүмкүнчүлүк деп, кеч болсо да түшүндүм», – деген кат-кабарын Баймурзага жөнөттү.

Ассоль, атасынын биринчи аялы экендигин Биймырза билбейт эле. Ассоль болсо жабыркаган жаш жигиттин Султанов Биймырза Баймурзаевич деген паспортун көргөндө Баймурзанын уулу экендигин түшүнгөн соң, эс-учунан кетип калайын деп, канын тапшырып ыйлаксырап калган болчу.

Баймурза кол телефонуна келген кат-кабарды окуп, шыпты тиктеп кыйла ойлуу отурду. Нурсулуу менен кеңешип, Биймырзанын батирин тез арада са-

тышты. Колго тийген акчаны маркум болгондордун тууган-туушкандарына берип, Куран окуп, кеч болсо да кечирим сурады.

Жарадар болгон инсандан кабар алып, кечирим сурап, дары-дармекке кеткен чыгымдарын толук төлөп беришти.

Маркум болгондордун туугандары, жарадардын туугандары да бул коляскада жүргөн майып кишиге аң-таң калышты. Сүзүп кеткен унаа ээсинин атасы экендигин уккан соң, кечирүүнү эп көрүшүп, элдешели деген сунушуна кабыл алышты.

Биймырза Султанов палатада өзү жалгыз жатты, дарыгердин айтуусунда эртең ооруканадан чыга тургандыгы анык болду.

Түн. Негедир жүрөгү тынчтанып, уйкусу качып, кыйлага көзүн ачып жатып, түн оогон кезде, эшик: «Кыйч» деп ачылды. Кепинделген жаш аял колунда ак бөзгө оролгон баласын көтөрүп алган, жанына олтуруп: «Биймырза, сиз балам экөөбүздү унааңыз менен сүзүп, качып кеткендеги мерт кеткен адамдарбыз», – дегенде оозу тамагына кептелип, керебеттин кармагычтарын мыкчый кармап: «Мындай кордукту көргөнчө, жанагы таз баштардан качып баратып, өлүп калсам болмок экен», – деп эми коркунучтан, жогорку сурактан үрөйү учту, бир жагынан адамгерчилиги ойгонуп, жүрөгү сайгылашып кирди.

– Сиз, Бишкектеги батириңизди саттырып, кунубузду төлөтүпсүз. Кеч болсо да мунуңуз дурус. Ошондой эле пулдун күчү менен, атаңыздын таасири менен милиса, сот, прокурорго акча берип ишти жаптырыпсыз. Ушинтип эле кутуламын деп ойлобоңуз. Канча өмүр жашасаңыз, ошол өмүрүңүздүн соңуна чейин биз сиз менен бирге болобуз, – деп палатадан чыгып кеткенде.

– Үх, Үх! – деп, тооба кылгыча, терезе тыкылдап калды. Бетин эки колу менен жаап, бетин сыдыра терезени тиктесе, абада калкыган үч кепинделген мойтойгон улан жигиттер:

– Аман калыпсыз агай, балким Жаратканга керектирсиз.

– Ай ким билсин, менин оюма койсо, – деп итиреңдеп, титирек басып калганда.

– Баймурза атаңыз үйлөрүбүзгө барыптыр, аныңыз жакшы. Бирок, тиги келин айткандай биз дагы сиз менен өмүрүңүздүн соңуна чейин бирге болобуз, – деген тигилер терезеден өтүп, палата эшигинен чыгып баратышып, акыркысы эшикти катуу «Тарс» этип жапканда, Биймырза ордунан тура калса, эшик жарым жартылай ачык. «Өңүмбү? Түшүм окшойт», – деп коридорго чыкты. Үч адамдын сөлөкөтү коридордо басып баратканын көрүп, кайра палатага кирсе, өзүнүн көчүрмөсү керебетинин жанындагы терезенин текчесинде эки бутун учкаштырып, эки колун төбөсүнө алып:

– Кандай, Биймырза? – деп какшык менен салам берди. Беркилерден чочулап жатты эле, өзүнүн көчүрмөсүнөн коркподу, сыягы өзүнө-өзүнө ишенет го:

– Көрүп тургандай. Сен кимсиң?

– Мен сенин уятыңмын, ар-намысың, адебиң....

– Карайып кетипсиңго?

– Сен төрөлүп бой жеткен кезиңде ак эле болчумун. Кутура баштаганыңдан ак жаным карайып кетти.

– Жетишет, токтот! Не дегиң келип турат. Айтаарыңды айтып, көзүмө көрүнбөй жогол.

– Жоголо албайм го. Сен өзгөлөрдү сыздатып, Бишкектен Москвага качтың, өзүңдөн кача албайсың?

– Болуптур, мынча эстүү, адептүү экенсиң. Башта каякта элең, айтып, эскертип, тыйып койбойт белең.

Түштөн кийин келип алып, «көсөнүн акылы кийин болуп», мага көсөм болуп акыл, мораль окубай.

– Мен кан какшап, сага канча ирет айтып жаттым. Сен, мени укпай, шайтандын сийдигине тоюп алып, атаңдын дөөлөтүнө мас болуп, желкеңден жигжиңдетип жетелеп алган шайтандын жетегинен чыкпай койдуң!

– Болуптур, эми эмне кылабыз? Тиги арбактарды мага көрсөтпөй коё аласыңбы?

– Жок, колумдан келбейт.

– Анда пок жегени келдиңби менин палатама? – деп, балышты кучактай калып, – Медайым! Жардамга! – деп бакырып кирди.

Эртеси, Исак менен Ассоль чала жин баскан Биймырза Султановду тааныбай калышты. Ал дөөрүп, оюна келгенди оттоп, көзүнө көрүнгөндү сүйлөп жатты. Бир күн мурун Москва–Бишкек каттамына алынган бир билетке кошуп эки билет алышты. Экөө Биймырзаны жандап учакка чогуу отуруп, абага көтөрүлүп, Бишкекти көздөй учак ичинде келатышты.

Ассоль менен Исак ооруканадан эми эле чыккан Биймырза Султанов болуп Бишкек шаарынын аэропортуна жакындаган кези. Күн бүркөө болуп, айлананы көзгө сайса көрүнбөгөн мунарык каптап, учак уясын таппаган чымчыктай Бишкекти үч тегеренип араң зорго конду. Күн суук болгонго, учак конуу мөөнөтүнөн кечеңдегенге пассажирлердин да, күтүп алуучулардын да кабак–кашы бүркөлүп, качан гана учак жерге конгон кезде, учак командирине жана анын командасына сүйүнүчүн, ыраазычылыгын шатыратып шапалак чабуулары аркылуу билдиришти. Жана эле мурчуйуп келаткандар эми ууртунан жылмайып, караңгы бөлмөдө жарык жангандай суз көздөрү жарк этип жанып калды. Учакка уланган тепкичтерден жол

талаша шашып жаткан пассажирлер, эми барар жерине шашып жатканы даана эле көрүнүп турду.

Ассоль өзүнүн уул-кызын аэропорттун күтүү залынан тосуп чыгат деген ой менен келаткан, ошого алаңдап күтүп жаткан топ адамдардын арасынан тааныш жүздөрдү издеп, тилекке каршы таба албады. Нурсулуу кызы Айсулуу экөө конокторду тосуп алып, унаа токтотуучу жайдагы жолтандабастын багажына жүктөрдү жүктөп, рулга Айсулуу отурду да шаарды көздөп жөнөштү. Алгач ооз учунан ылымылык сурашуу болгон соң, баардыгы үн катпастан унаа ичи жымжырттыкка айланып, унаа терезесине тыпылдап жааган жамгыр үнү жана аны тазалаган унаа шыпыргычтын чыйылдак үнү гана угулуп жатты. Нурсулуу болсо Биймырзаны бооруна кысып, Россияга узаткандагы уулун эмес, бөлөк эле баланы тосуп алгандай сезилип жатты. Анткени Биймырзада эч кандай апасына болгон эмоция жоктой учурашканы, апасынын жүрөгүн бычак менен тилгендей, араа менен аралагандай эне жүрөгү кансырап оорутуп жатты. Биймырза болсо робот сыяктуу эч кандай эмоциясыз, эч нерсе менен иши жоктой унчукпаган түрдө апасын бир тиктеп, жолду бир тиктеп баратты.

Бул жолугушууга чейин Баймурза инсульт болуп баспай калып коляскада экендигинен Исак Жусуповдун кабары бар эле, бирок Ассоль экөө Россияга качып кеткенден бери экөө жүз көрүшө элек, андан бери канча кыш өтүп, канчалаган жаздар тегеренип, сааттын жебеси миң тегеренип, убакыт учкан куштай зымырап өткөн. Исак оюнда, Баймурза коляскада болсо дагы, муруңку өзүнө бекем ишенген, Кудайды да таанybаган текебер мүнөз, акча күчү менен мансап бийлигин туу туткан досун көрөмүн деп элестетип келатты. Анын Бишкекке кайтып келүүсү эки

достун Ассольду талашуусу эстелип, бүтүп калган жараттарын козголушуна алып келүүсү толук мүмкүн эле. Ал эми азыр жагдай башка, кырдаал башка. Кантсе да Исак аяш уулунун аман калуусуна салымы чоң, алтурмак Ассоль өз канын берип, өз баласындай аздектеп караганын телефон аркылуу, сүрөттөрдү Нурсулуугa жөнөтүп турушкан. Ушунусу буларга калкан болчудай, ичтеринен жылуу тосуп алууга үмүт артып келишкен. Биймырзанын шылтоосу менен эски досу менен элдешип, мурункудай каттоону улантпаса да эң кур десе, душман болбой, Бишкек шаарына көчүп келүүнү ойлонуп жатышкан. Бөтөн эл, бөтөн жер канчалык кооз, канчалык бардар жашоо болбосун, өзүңдүн туулган жериңде абасынан кенен дем алып, эски теңтуштар, тууган-урук менен жүз көрүшүп жашоо албетте жашоолорунун маңызы деп эсептечү. Ал эми Нурсулуунун муздак саламдашуусун, булар далысы менен сезип келишкен. Анткени, Ассоль кантсе да Баймурзанын биринчи көргөн аялы экендигин билчү, ошондуктан анын моюнуна асылып учурашып, ачылып-чачылып сүйлөшүүсү күмөн болчу. Ошону менен бирге, Биймырзанын кырсыкка кабылуусу, ар бир энени капа кылып, жүрөгүн эзүүсүнө алып келүүсү турган иш. Ошондуктан, унчукпаган Исак Нурсулууну көз кыйыгы менен гана тиктеп, анын кайгылуу көздөрүнө такалган соң, өзүнүн ойлорун туура экен деп эсептеп келатты.

Жолтандабас Баймурза Султановдун чоң короосуна кирип токтоду. Үч кабат жапжарык болгон үйдүн терезелериндеги пардалардын кымбаттыгынан үйдүн ичи канчалык кооз жана көркөмдүү экендиги билинип турду. Аңгыча коляскасынын кылдырегин тегерете айлантып, босогодон Баймурза Султанов пайда болду. Исак аттап-буттап досунун жанына жетип, ти-

зелей калып, Баймурзаны кучактап далысын досторчо жумшак чапкылап калды. Колдору муруңку шамдагай денени эмес, арыктагандыктан оркоюп калган Баймурзанын далысынын сөөктөрүнө урунганга, жүрөгү анжирдей эзиле түштү. Мурун кучагына батпай, томпогой курсагы менен түртүп салчу Баймурзанын курсагы эмес, кийген кийимдери чоң келип, көйнөгүнүн далылары ылдыйлап, Баймурзанын шүмүрөйүп калганына кыйла муун-жүүнү бошоду. Эки дос көздөрү менен кездешкен кезде, бүркүт курч көз эмес, коркок кой көзгө туш келген Исак ого бетер шаштысы кеткенге, көзүнөн аяныч, кусалык жашы чыгып, күчтүү таасирдүү эмес, кол карап, алсыз болуп калган Баймурза Султановду көрүп заманасы кууруллду. Кээ бир амалпуруш достордой чырагына май таамп, Баймурзанын азыркы акыбалын табалабады, тетирисинче досунун аябай эле бошошуп, тагдырга, турмушка сынып бергенине ишене албай турду.

Ал эми Баймурза Исак Жусуповдун мурункудай эле өзүнө тааныш кичипейил, сылык мүнөз, адамгерчилик сыпаттарына чүмкөнүп, муруңку окуялар көз алдына тартылды. Ассоль менен ажырашып, Нурсулууга үйлөнүп, бала таап, бүлө күтүп турса да эки сүйүшкөндүн бир болуусун ыраа көрбөй, колдон келишинче экөөнүн биригүүсүнө тоскоолдук кылуу максатында бут тосконуна азыр арман кылып турду. Ошону менен бирге дагы бир аянычтуу окуяны эстегенде кыжаалатчылык кабыргасын кайыштырды. Үй–бүлөлүк арзыбаган араздашуудан соң Ассольдон тапкан уул-кызын Баймурзанын майыптыгынан, алсыздыгынан пайдаланган Нурсулуу Асыл жана Алим Султановдорду үйүнөн кубалап салганын, Исак менен Ассоль али билишпейт эле. Биймырза Султанов кырсыкка кабылганда Исак менен Ассоль жардам берге-

нин, ооруканага жеткизип, каралашкандарын укканда үйдөн чыгып кеткен уул–кызын кайтаруу кеч болуп калган, атүгүл алар кайсы жерде жашаарын билчү эмес. Ушул теманы ойлогондо кичирейип баратты: «Эмне деп жооп айтып, эмне деп актанам?» – деп өзүн-өзү жемелеп жатты.

Ассоль ичкери киргенде, уул-кызы чуркап чыгып, учурашат деп күтүп жатты. Тилекке каршы алар эчак эле бул үйдөн айдалып кеткендиги тууралу маалыматы болбогонго, дагы эле мойнун созуп, адам доошу чыккан жакты, экинчи кабаттан түшүп келаткандарды тиктей берип, моюну бурала бергенге талып кетти окшойт, ошентсе да балдарына болгон сагынычы көздөрүнө чыгып, өңү муңайымкы боло түшөт. Качан гана мейман үйгө кирип, тегерек үстөлгө жапырт олтурушканда гана балдары бүгүн келбестигине моюн сунгандай шалпыйып, ичин сары санаа басты: «Эй, Жараткан, балдарым аман болсо экен. Ооруп калыштыбы? Бир жакка кетишти бекен? Биздин келерибиз мурдатан айтылган болчу, эмнеге алар биз менен кечки тамакка чогуу отурушпады?» – деген арсар ойлор Ассольду каптап киргенин баамдаган Баймурза Султанов, сылык сөз менен:

– Ассоль менин Биймырзама өз каныңды берип сактап калыпсың. Аныңды өмүр бою унутпайм. Биз Нурсулуу экөөбүз Исак экөөңөргө ыраазыбыз.

Байкашымча Асыл менен Алимди издеп жатканыңды сезип турам. Атасы өлсө да угузат дейт, жашырганда не, мени көрдүң, муруңку алдуу-күчтүү Баймурза эбак эле өлүп калган. Алдыңда эч кимге тили өтпөгөн, эптеп күн өткөргөн майып Баймурза туру. Мен майып болуп калгандан кийин, үйдө балдар арасында араздашуу болуп, анын жыйынтыгы Асыл менен Алимди мага билгизбестен үйдөн айдап жибе-

ришиптир. Нурсулуу өгөй апа болуп жатпайбы, ал Ассоль экөөбүздүн балдарыбызды көргөндө колтугундагы котур ташы кыймылдап кетиптир.

Аларды талаалап иштеп кетти деп, мени бир айча алдап-соолап жүрүштү. Акыры угузушту. Колумдан эч нерсе келбеди. Алар кайда? Эмне кылып, кантип тиричилик кылып жатышат? Анығын билбейм, – деген Баймурза коляскасына башын шылкыйтып, улутунуп отуруп калды. Ассоль Нурсулууну жаман көзү менен тикирее тиктеп, кайра Исакка бурула тиктеп, ордунан туруп үйдөн чыгып кетейин деп обдулуп калды эле. Анысын байкаган Исак, көзү менен: «Шүк тур, коё тур» дегендей ишаарат кылып, Ассольду тыйып койгонсуду.

Тамак тартылды, Ассольдун ичкени ириң жегени желим болуп, кекиртегинен бир бүдүр нан өтпөй, колу-бутун кишенделип, кыйноодо калган туткун сыңары бозоруп отурду. Исак адамгерчилик иретинде кичине жылмайымыш болуп, даамдардан татып, дуба кылган кезде, досун кыса кучактап: «Көрүшкөнчө аман тур», – деп чыгып баратканда, Айсулуу: «Аяш ата!» – деп чакырып калды. Экөө тең таксинин эшигин ачып отурууга белсенип калышкан эле, үмүтсүз жана кайдыгер тиктеп: «Нурсулуу балдарыма жакшылык кылбаган, мунун кызынын колунан кандай жакшылык келмек эле?» дегенсишти. Айсулуу келип, Асылдын жашаган жеринин дареги жазылган кагазды берип: «Кыйла болуп калды. Апам менен атама айтпай, Абдулла абамдын уулу Эркинди ээрчип Асыл Алимден кабар алып кайтканбыз», – деп, кагазга жазылган жазууну Ассольдун колуна тапшырып, дароо артына бурулуп кетип калды.

Исак менен Ассоль жазылган дарек боюнча издеп барышса, шаардын четиндеги эскилиги жеткен бир

кабат коммуналдык туташкан барак тибиндеги үйлөрдү көрүп, күйбөгөн жаны күл болуп, кабагына бырыштар каптала түштү. Үйлөрдүн алдындагы чалчык ылай көчөлөр, эскилиги жетип дубалдары жарака кетип, сасык жыты мурунду тешип, кускуңду келтирген ажатканасын көргөн Ассоль уул-кызынын ушундай шартта жашап жатканына Баймурзаны, өзүн күнөөлөдү.

Алар жашаган батир эшигин каккылаганда узакка эч ким каалганы ачпай, бир кезде чачы апсыйган, буркурап арак жыттанган оозуна тамеки тиштеген орус аял чыкканда, Исак менен Ассоль бири-бирин тиктеп таңыркап:

– Асыл менен Алимди чакырып коёсузбу? – деген кепке араң жарашты. Тиги орус аял тамеки түтүнүн үйлөп:

– К сожалению они давно переехали в свою квартиру.

– Вроде нам сказали, что они тут снимали квартиру, не так ли?

– Да так. Они долгое время снимали эту квартиру. Как они бедствовали? – деп башын чайкап, – но Асыл молодец встала на ноги и уже обеспеченная личность. Алимчик тоже очень хорошенький парень, порядочным вырос. Говорят тоже неплохо устроился, – деп алардын жаңы дарегин кагазга жазып, Ассольдун колуна карматты.

Башындагы оор жүктү алгандай, ичин тызылдаткан санаасы басылган Ассоль, Исакты коштоп, уул–кызын издөөсүн улантышты.

Асыл шаардын эң мыкты кичи районунун он эки кабаттуу үйдүн жетинчи кабатынан батир сатып алып, жашап жаткан жагдайына туш болушту.

Жолугушуу атмосферасын Ассоль оор элестетип: «Кабыл албай койсочу?» – дейт. Исак болсо: «Кабыл

алабы, албайбы, алардын ошенткенге толук акы бар. Эми, сен Баймурзанын майып болуп, булар үйдөн куулганын билбедиң. Айтып түшүндүрөбүз», – деп жолугууга өздөрүн, сөздөрүн даярдап жатышты. Асыл эч кандай ачуусу, мурчуюсу жок эле эшикти кенен ачып, кучак жая учурашышты, бирок сагынычпы, таарынычпы же кандайдыр бир өксүкпү, баарынын жүүн-мууну бошоп, чууртуп көздөрүнө жаш алышты. Асылдын батири заманбап, үй жасалгасы укмуштай болуп, калың килемдерди төшөп, шыпта жаркырак люстралар, бөлмө дубалдарына жапжаңы туш кагаздар чапталганга жапжарык. Бир гана кызынын күлгөн көздөрүнөн, баштан өткөн муңдуу балалыгы даана көрүнүп, аккан жаш менен ички кусалыгы менен өпкөлөп ыйлоосу, карап турган Исактын жүрөгүн эзип салганга, анын да көзүндө жаш тегеренди. Бир пияладан ысык чай ичкен соң: «Алимге телефон чалып чакырып койдум. Жумуштары бүтөөрү менен келип калам», – деди деген Асыл, өгөйгө батпай куунду болуп, Алим экөө көчөдө калгандарын, көргөн күндөрүн Асыл Султанова айтып кирди:

– Жашоо нугу, өмүр дайрасы, атам ооруп, майып болуп калганга чейинки жана андан кийинки болуп экиге бөлүнүп калды. Атамды ооруканадан сүдүрөмө коляска менен боор ооругус оор абалда алып келишти. Алгачкы күндөрү ал жакшы сүйлөй албай, адамдарды көргүсү келбей, өзү менен өзү жалгыз калгысы келгенсиди. Муруңку акыбалына кайтпастыгын моюнга алуу өтө оор болду. Угушумча өзүн өзү өлтүрүү максатында айнектен секирем деген аракети ишке ашпай, балкондо жыгылып жаткан жеринен тургузушкан кезде, биз короодо ойноп жаткан элек. Нурсулуу өгөй апам: «Атаңар экинчи кабаттан бой таштап, өзүн жан таслим кылайын десе да бейкапар турасыңар. Көзүмө

көрүнбөй жоголгула иттин балдары! Бул үйдөн экинчи карааныңарды көрбөйүн. Кайтып келемин деп эч оюңарга келбесин!» – деп толгон-токой оозго алгыс балит сөздөрдү айтып, кийимдерибизди уктоочу бөлмөлөрүбүздүн айнектеринен өчү бар душманынан кегин алып жаткан түрдө ыргытып жатты. Өз апабыз жаныбызда болбосо, өгөйдүн колунан көргөн күнүбүз бул болсо деп, Алимди ээрчитип көчөгө чыгып кеттим. Ошол күндөн ат көтөргүс түйшүк башыбызга түштү. Ичкен жегенибиз, кийген кийимибиз, баскан турганыбызды атам каржылап тургандыктан, алма пыш оозума түш сыяктуу даяр жашоо түгөнүп, татаал турмуш, катаал жашоо, жаштайыбыздан бардык мүшкүлдөр башыбызга тоодой үйүлдү.

Алгач эле кай жерде жашоо, эмне жеп эмне ичебиз? – деген кыйын суроо маңдайыбызга такалды. Атам туулган күндөрүмө алып берген, алтын саат, сөйкө–шакек комплектимди арзан пулга өткөздүм. Андан түшкөн акча арендага алган батирибиздин алты айына жарап берди. Базарга түшүп курсакты тойгозсок көп акча кеткидей. Тамак–аш жасоо максатында чийки азык-түлүктөрдү сатып алдык. Үйдө тамак ашты жалданма эже жасагандыктан, нонок болуп, же колумдан жумуртка кууругандан башка эч нерсе келбейт. Алим болсо курсагым ачты деп безилдейт. Курсташтардын арасынан тамак жасай алчу курбу кыздардан үйгө чакырып, бирин-экин тамак жасап берип, үйрөтүп да коюшту. Башка түшсө байтал жорго болот дегендей, керек болсо турмуш баарын үйрөтөт турбайбы. Өмүр бою жалданма тамак жасагыч аялды буюруп өтө тургансып, же өгөй апам мындайды үйрөтпөптүр.

Түнү менен сабак окуп, күндүзү институтка барам, түштөн кийин тамак даярдап, Алим экөөбүздүн

кир кийимдербизди жууйм. Биринчи жолу көйнөк шымдарыбыздын жыртылып сөгүлгөн жерлерин жамап кийгенге өттүк, жаңысын алганга акчабыз жок, тагынчактарымдан калган акчаны миң үнөмдөсөк да түгөнүп баратты. Киреше жок болгондуктан, калдык акча түгөнгөндөн кийинки жашоону элестетип, иним экөөбүз ыйлаксырап олтуруп калабыз. Бир-эки жолу атамдын үйүнө барсак, өгөй апам үйгө киргиздирбей койду. Ал турсун биз менен чогуу жүргөн Айсулуу да жүзүн үйрүп, телефон чалууларыма түк жооп бербейт. Биймырза болсо, атабыз ооруп калганга чейин деле, кийин деле кутурган иттей күнү-түнү чардап жүргөнүн угуп жүрдүк. Кийин-соңку окуяларына өзүңүздөр күбө болупсуздар.

Экинчи курстун экинчи семестрин тапшырып бүтөөрүм менен арыз жазып, сырттан окуу бөлүмүнө которулдум, башка аргам калбады. Элдерге окшоп жыргап студенттик доорду сүрсөк болмок, бирок бизде андай шарт жок болчу.

Алты ай өткөн соң, баардык шарты бар батирдин акысын төлөөгө мүмкүнчүлүк болбой калды. Жетинчи айга өткөндө батир ээси келип: «Акча төлөй албай калдыңар», – деп, квартирадан чыгарып койду. Шаар, базар кыдырып жүрүп, парктарда, жер төлөөлөрдө түндөп жүрүп, жанагы сиздер көргөн орус кемпирдин арзан жана эч шарты жок батирине араң жеттик. Алим Ош базарынын кире берчү жеринде адамдардын бут кийимин майлап акча тапса, мен анын жанына кичинекей үстөл үстүнө, тамеки, сагыз, семичке саткан тиричиликке өтүп, колубуз кайрадан акча кармап, жашоого болгон үмүтүм жана баштады. Курбу курсташтарым базарга келгенде алгач арданып жүрдүм, бирок арданганга да себеп жок эле, үйдө отуруп алсам, иним экөөбүз көчөдө ач калып өлүп калгыдайбыз. Курсташ

кыздар татынакай кылып чачтарын жасап, үстүлөрүндө кооз көйнөк, буттарына сонун туфлилерди кийип биз турган жерден өтүп калышат, аларды көрүп көзүм өрттөй күйүп, ичим туз жалагандай ачышат. Жанымда лөлү кыздар эч жумуш кылбастан садага сурап турушчу. Мен курсташтарымды көрүп, ошолордой болуп саркеч кийим кийип, жакшы тамактанып, эл барган коомдук жайларды эңсегенимди баамдаган жанымдагы лөлү кыз, мени өзүнө имерип: «Цирктин жанында топ кыздар турат, ошолордун жанына тур. Машинелер токтоп, кыздарды тандап мейманканаларга алып кетишип, эркектик ышкын кандырышат. Болгону бир саат чыдап койсоң, бул жерде туруп бир айда тапкан акчаны, тиги жерде бир саатта табасың», – деп каяктагы шумдуктуу жол көргөзүп, түз жолдон чыгарып, жанагы максаттарга жетүүнүн опоңой жолун сунуш кылды. Чынын айтсам, оңой оокат адамды бат азгырат экен, бир саамга ал ойлорго жетеленип, кышкыга жаңы пальто кийип, иниме булгаары өтүк алып кийгенибизди элестетип да жибердим. Ойлоп көрсөм, көчө бойлоп денемди сатып жүргөнүмдү өгөй энем менен Айсулуу көрүшсө, көтү менен күлүшмөк.

Жок! дедим тиги лөлү кызга, мыкты жашаш үчүн сөссүз эле андай жолго баруу бул туура чечим эмес. Келечек үчүн алдыга сонун максаттарга жетүү үчүн, адал эмгек менен, бешене тер менен иштеп, ал бийиктиктерди багынтамын дедим. Лөлү кыз орсойгон жуулбаган сары тиштерин көргөзүп ырсаңдап күлөт. Анын мыскылына алынбадым, ичимден ойлоно: «Акча таап эң алдыңкы университетте окуп, айлыгы жакшы жумушка турамын» деп өзүмө өзүм сөз бердим.

Лөлү кыз мага айткан сунушун аткарбай койгонгобу, же өзү ар жагынан колу туткак немеби, үч-төрт айдан бери топтогон пайдамды, үйгө келип «тузумду

ичип туз баштыгыма чычып» акчамды уурдап, базарга да келбей койду.

Кыйналып кысталып тапкан акчаңды жоготкондон өткөн кордук жок экен. Иним экөөбүздүн ырыскыбызды алдырып ийгенге ушунчалык өзүмдүн ишенчектигиме, баёолугума иренжиткен сезимдер дүйнөмдү каптап, кантип адамдардын жакшы жаманын ылгап жашайм? Инимди кантип бутуна тургузам? Өзүм койгон максаттарыма жетемби же жетпей ушундай алдамчы ууру–кескиндин тузагына түшө беремби?– деп ыза болуп олтурсам, Эркин келип калды. Ал бул кезге чейин колунан келген жардамын берип, апасы Наташа экөө анча– мынча акчадан жардам берип жүрүштү. Мунусунда да бизден кабар алып келген экен. Болгон окуяны айтып берсем: «Бизге кошулуп, Россияга товар ташыбайсыңбы? Мен апамды ынатайын, бираз болсо да товардан берип турайлы. Бутуңа турганда кайтарасың», – деп калды. Дароо көңүлүм тынчый түштү. Жанагы акчамды уурдаткандагы ичимдин ачышканы, жан дүйнөмдүн сыздатып оорутканы дароо басылып калды. Өзүмчө ойлонуп калдым: «Буюрса мен да күндөрдүн бир күндөрүндө, Эркиндей болуп, ыйлагандарды сооротуп, колумду сунамын!» – деп.

Наташа чоң апам, ошол кезде Красноярск шаарына товар жеткизип жүргөн жеринен, Эркин телефон чалып айткан экен, жумуштарын тез арада бүтүрүп, мени алып кетүү үчүн кайра Бишкекке келди. Товарынан мага бөлүп берип, Алматыдан Красноярск багытындагы поездге чыгып, орто ишкердик жашоом башталды. Красноярск шаарына үч күндө жетип, үч күндө кайтам, алып барган товарымды таркатып, мурунку товардын акчасын алып, кайра артка кайткан башкача турмуш башталды. Биринчи тапкан пайдама

«Дордой» базарынан Алимге баш-аяк, кышкы-жайкы сарпай жасап, жаңы кийимдерди алып бердим. Жокчулуктан айдалып кеткен сырттан окуу бөлүмүнө кайра отуруп, карыз болгон «куйруктарымды» жаап, диплом колго тийди. Тамеки, сагыз сатып жүрүп, лөлүгө кор болгондогу алдыга койгон максаттарым чекеден ишке аша баштады. Кийим-кечебиз бүтөлүп, ичкен–жегенибиз оңолуп калган кезде «Кыз ала качуу» деген терс адатыбыз менин башыма да туш болду. Артымдан кууп келген Наташа апам да: «Кыздын барар жери күйөө, таш түшкөн жеринде оор», – деп өзүнүн улуту орус болсо да дили кыргыз болуп калган го, каада-салтка баш ий дегенсип тыйып койду. Иним жаш болуп, ал деле аңгүдүк болуп мага акыл боло албады. Отуруп калдым.

Күйөөм өтө кызганчаак эле, мунун кызганганы элдикинен бөтөнчөрөөк болуп чыкты. Болбогон нерсени болтуруп, ар эркекке жабыштырып, тиричилик кылып жаткан Красноярск шаарына да жөнөтпөймүн деп көкүрөгүн каккылап чыкты, өзү болсо эч жерде иштебейт. Болуптур, сен айткандай мен үйдө эле олтурайын деп айтканын макул көрсөм, ал поездде жүк менен баратып Россиянын чек-арасындагы Петуховодон он миң долларлык товарыбызды алдырып коюп, ача манжаларын мурдуна тыгып, үйгө шылкыйып кайтып, иче баштады. Агезде жети–сегиз айлык боюмда бар эле, ошого карабастан, товарды алдырып койгон ачуусун менден чыгарып, жан чыдагыс кылып бети-башымды көгөртүп ур-тепкиге алды. Турмушка чыкканымды Наташа чоң апам, Эркин жана Алимден бөлөк эч ким билбейт. Ажырашып кетейин дейм, антсем курсташтарымдын: «Күйөөсү жок төрөп койду», – деген сөздөрдөн уялып, чыдап жашай бердим.

Кыздуу болдук, андан кийин деле эрим эч жакшы болуп кете албай, кызганчаактыгы татаал формаларга өтө баштады. Үйгө келген достору менен жатты кылып, дөөрүп калганында чыдамым кетип, эки жарым жашар кызымды ээрчитип, ажырашып кеттим.

Жамандын кесепети деген туура экен. Күйөөм менен ажырашкандан кийин эшик каккылап карыз доолап келип калышты. Көрсө жанагында Россиянын чек арасында менин товарымды алдыргандан кийин, Наташа менен менин атымды сатып, биз тааныган жакшы ишкер эже агалардан тогуз миң долларлык товар алып банкрот болуптур. Аргасы түгөнүп, Россияга чуркоюп качып кетиптир. Агезде бир аз бутка туруп калган элем, Россияга алты ай каттап, ажырашкан күйөөмдүн да карызын төлөп бердим.

Андан кийин койгон максаттарыма умтулуп, беттегенимди бербей ынтылып, көп иштеп аз уктап ушул жашоого жетиштик, – дегенде батирдин коңгуроосу чалып калды.

Таң калган Ассоль Асылды тиктеп:

– Бизден бөлөк бирөөнү күтүп жатасыңарбы?

– Азыр көрөсүздөр, – деген Асыл эшикти ачты эле, сумкесин көтөргөн Асылдын кызын жетелеп, шыңга бойлуу, кең далылуу, кер мурут, барбагай мурун, көзү курч жигит кирип келгенин көргөн Ассоль, таңыркаганын жашырбай суроолуу тиктей унчукпай калганын көргөн Асыл:

– Бул Айдана, небереңиз болот. Ал эми мырза жигиттин аты Нурдин, ал күйөө балаңыз, Жогорку Кеңеште юрист болуп иштейт, – дегенде, небересин кучагына алган Ассольдун токтогон көз жашы дагы жашып кирди. Мунусундагы көз жаш кубанычтын, сыймыктын көз жашы эле. Исак Нурдинди өзүнө тартып кучактады.

Ассоль күйөө баласынын бешенесинен өөп, Ассольду бооруна кысып:

– Кызым, турмуш сени куп эле ийлептир. Кыйналганда чөкпөй, кубанганда көппөй, тагдыр жашоо сынынан абийириң менен өтүп, инсандыгыңды жоготпой, иниңе каралашып, «өзүңдү издеп», өзүңдү таанып, өмүрлүк жолдошуңду таап, минтип үй–бүлө күтүп алыпсың, – деп кызынын башынан жыттады.

Небересинин жытына, балалык аруулугуна, арнерсени сүйлөгөнүнө төбөсү көккө жете сүйүнгөн Ассоль куду ушундай жашынан көрбөгөн уулу Алимди эстей калып:

– Алим келип калдыбы, сурачы? – деп Асылдан сурап калды. Аңгыча, коңгуроо басылып, каалга ачылып:

– Арыбаңыздар! Мен мында, – деп кулак тыңшаар Мамыт сыңары башын багып кирип келгенде, нооча бойлуу, шамдагай Алимди көргөн Ассольдун көз жашы тегерене ылдый агып жатты. Колун жайып тура калып, Алимди кучагына алып бооруна кыса кучактаган кезде, Алим Түндүк Муз океанындагы айсберг сымал кебелбей туруп бериши, боор бербөөсү Ассольду кыйла чөктүрдү. Мындайды эрөөн–тероөн кылбаган Алим өгөй атасы Исак Жусупов менен нокосыя кол учунда саламдашкан кезде эшик коңгуроосу шыңгырап, босогодо Нурсулуу пайда боло калды. Өмүрүндө өгөй балдарынын аркасынан издеп келбеген адамга баардыгы ооз учунан: «Келиңиз», – дешип, төргө Исактын жанына өткөзүштү. Апасы менен балдары тил табыша электе тыюусуздан Алимдин изин басып, Нурсулуунун пайда болушу канчалык ыңгайсыз болсо да, мейман деген мейман делип, унчукпай сыпаа мамиле менен чай куюлуп, суюк аш тартылган соң, Нурсулуу келген максатын угузуп кирди:

– Кечиресиздер. Менин келгендигимдин себеби Биймырзанын акыбалы жакшы деп болбойт, жөөлүп

ар нерсени сүйлөп жатат. Уктап калган кезде жакын адамын издегендей: «Настя! Настя!» – деп орус кыздын ысмын айтып чыгат. Уйкусу ачылып кеткенде, эч нерсеге көңүлү чаппай жатат, балким сиздер билсеңиздер керек деп сурап келдим эле, – деген Нурсулуу Исак менен Ассольго үмүткөр көзү менен жалдырап карады. Исак Жусупов башын өйдө көтөрүп, кашын имерип:

– Биймырза ооруканада жаткан кезде, келбети аябай татынакай, чачы алтын сымал, көзү деңиз түстүү, супсулуу орус келин андан кабар алып, өздөрү сүйгөн борщ тамагын ташып жатты. Сураштырсам экөө бир батирде чогуу жашайт экен. Орозо бүткөн күнү Биймырза Айт намазына чыгып, үйдө эле болгон дейт. Кеч кирген кезде, Настяны уктатып коюп, шайтан муну көчөгө жетелеп чыкккан турбайбы.

– Демек, Настя бул Биймырзанын сүйүктүүсү болуп жатабы? – деп Нурсулуу тактап сурап калды.

– Ошондой го, ал турсун Биймырза Настяны «Ислам динин кабыл ал, нике кыйдырып баш кошолу», – дегенине ал көнбөй коёт, себеби Настянын чоң атасы, өздөрү жашаган шаардын православ чиркөөсүндө поп кызматын аркаласа, ата-энеси да православ динин бекем карманган диний инсандар экен. Арийне, Настя аркы өйүздөн бул өйүзгө оңой-олтоң кадам жасай албады. Динин таштай албаса да, сүйүктүүсүн таштабай, сүйүүсүнө баш ийип, экөө өз диндерин карманып, уруш-чатагы жок эле түтүн булатып, бактылуу жашап жатышканын кыргыз диаспорасындагылар да бекемдеди, – дегенде, ырахматын айтып эми сыртка чыгайын деп белсенип калган Нурсулууну, Алим:

– Токтоңуз, ысык чайдан ууртаңыз, – деп пиялага чай куюп сунду. Бир балээни баштаган түрдө, ичинде быкшып жаткан сөзүн чубап кирди, – Арийне, сизге да

персзент кымбат экен, өмүрү биз менен ишиңиз жок эле, эми минтип үйүбүздү оңой эле таап келдиңиз. Баймурза атам ооруганынан пайдаланып бизди көчөгө кууп чыктыңыз. Жеңе, бул күндөр да унут болот, көчүгүңүздүн күйгөнү калат деген экен. Анын сыңары өткөн күндөр өттү, зыгыр нан жеген биз да, майлуу ак нан жеген бир туугандарым да бирдей чоңоюп, адам болуп баратабыз.

Таба кылбайм, тооба кылам. Бизди аябасаңыз да, Баймурза атамды аябасаңыз да, биздин инибиз Биймырзаны карап, адам кылып алыңыз, – деген сөзү оор келди окшойт, Нурсулуунун бетине кан тээп, сыртка шашылган түрдө эч ким менен кош айтышпай кетүүгө камданып калды. Муну байкаган Ассоль:

– Кой уулум аша чаппадыңбы?! Нурсулууну капа кылдың окшойт, – деп калды.

– Апа, Баймурза Султановду күнөөлөп жатасыздар. Чындыгында, атам ден соолугу чың кезинде бизге бел болуп чоңойтуп жатты. Качан гана ооруп калганда белден күч тайганда, майып болуп кол карап калганда баары өзгөрүлдү. Мурунку жоош өгөй апам, ажыдаар болуп чыга келип, бизге каарын чачып үйүнөн кууп тынгансыды. Ал күндөр да унут болгону менен, жүрөктө так кала берди.

Баштан ысык–суукту кечирдик. Ач калган, жарды болуп, тоңуп үшүгөн күндөрдү өткөздүк. Кана апа айтыңызчы? Сиз бир ооз сураганга жарабадыңыз. Эми жакшы күнгө жеткен соң. «Дадага болоюн» деп башыбыздан сылап чыга келдиңиз.

– Уулум! Албетте, сенин айтканыңда мандем бар дечи. Мына Кудайдын бар экендигине шүгүр, Нурсулууну алдыбызга алып келип койгонун кара. Ал өзү күбө, өзү айтсын. Мен эчен ирет үй телефону аркылуу чалып: «Алимди, Асылды трубкага чакырып кой», –

деп, Нурсулуудан сурандым. Ал бирде: «Алар окууга кетти, ойноп жатышат. – десе, бирде, – Алар шаарга чыгып кетишти. Колдору бош эмес», – деген шылтоолорду айтып, бизди сүйлөштүрүүгө караманча каршы экендигин, мен кийин аңдап калдым. Туурабы, Нурсулуу? – дегенде Нурсулуу, акырын башын ийкеп:

– Ооба, туура. Кечиргиле мени, – дегенге араң жарады. Алимден уккан сөзгө жыгылып бараткан Ассоль актануусун уланткан түрдө:

– Силерди ал үйдөн Нурсулуу чыгарып салганын билбедик. Билсек кантип чыдап турмакмыз. Баланын билеги ооруса, эненин жүрөгү ооруйт дейт.

Нурсулуу ак эткенден так этип, анын арына тийген Алим Султановго ачуусу келгени менен, Настя туралуу кымбат маалымат алганга, анын сай–сөөгүнө жеткизе айткан Алимдин сөзүн унуткарып бараткансыды. Мында таң каларлык эчтеме жок эле. Анткени, булар дүйнө параз, прагматикалык көз караш менен, пайдалуу маалыматты, акча каражатты, ээлеген кызматты гана туура деп эсептешип жашап көнгөн. Ошондуктан, азыр анын оюу башкада болду.

Баймурза майып болгон соң, Нурсулуу дароо Москвага учуп жетти. Настяны таап:

– Биймырзаны бир гана сен куткарып каласың! – деп, аны көндүрүп, кийим–кечесин салыштырып, экөө бирдей Бишкекке кайтышты.

Биймырзага Настяны оюнчук куурчак сатып бергендей тартуулаганда, жин баскан Биймырза соолуга түшүп, аны кучагына алып, жиндилик кылбай, кадыресе адам сыпаттары ойгонуп, экөө жуурулушуп бир адамдай алдыга умтулганы, жашоого болгон кызыгуулары күчөп, жан үрөп аракет кылып калганын байкаган Султановдордун үй-бүлөсүндө жылуу абаырайы пайда болду. Мындай жаңылыкка маңдайы жа-

рылып сүйүнгөн Нурсулуу менен Баймурза дароо Настянын ата-энесинин алдынан өтүп, кийит кийгизип, ырым-жырымды кылып экөөнө бата алып беришти.

Ара–чолодо намазын окуп, алигиндей жин басып кыйналганда напсисин бош коюп, ачуу суудан кылт этип коюп жүргөн Биймырза Настя үйүнө келген күндөн жинди–делбе оорусу тамырынан жок болуп, соппо соо, такыба болуп чыга келип, баарын таң калтырды.

Өзүн тааный баштаган күндөн үйүн аңтар-теңтер кылып, шифоньер, ажаткана, уктоочу бөлмө, бакка, сарайга бекиткен, бөдөнө сууларынын ишелерин талкалап акыр-чикир салчу жашыкка ыргытып, жок кылды. Билинер-билинбес сакал коюп, көңүлү динге уюй түшкөнгө, кайра эски пластинкасын коюп, Настяны: «Ислам динине өт», – дей баштаганын көргөн, Нурсулуу тынчсыздана: «Эми эле тынч жашообуз башталганда, Настяга мындай талап кылганыңды токтот. Кайсы мезгилде болбосун, анын көңүлү кайт болуп калуусу толук мүмкүн», – деп Баймурзаны ортого салды.

– Уулуңду жоошутуп, ооздурукта. Бир жакшынакай Настяны кетирип албасын. Ал кетсе өлдүк дей бер. Кайра: «Настялап, баарыбыздын тынчыбызды алат», – деп Баймурза Султановго айткан күнү кечки тамактан туруп бараткан, Биймырзаны токтотуп, жамандык жана жакшылык өңдүү түптүү маселелерди козгоп, Настянын жети атасы христиан болгондугун, бат эле биздин динге колу-бутунан мажбурлап сүйрөп кирүү туура эместигин: «Керек болсо, мен атеистмин. Эмне кыласың? Же майып болгон мени да мечитке жетелейсиңби? Настяны кыйнаба уулум. Эсиң менен бол, эсиң барда этегиңди жап. Чындап ошону кааласаң бир күнү диндеш болуп калаттырсыңар», – деп коляска кылдырегин айлантып ашканага кирип бараткан мурунку өкүмдар, азыркы кол караган алсыз атасы-

нын артынан тиктей, мурда тоготпогон болсо, ыйбаа кылып, майып болгондон бери оболу жеңилип бербеген атасына ушунусунда макул болду.

Баймурза Султановдун кеп-кеңеши текке кетпеди. Биймырза болуп көрбөгөндөй өзгөрүп, көптөн бери эркек аял мамилеси токтоп калган Настясынын энеден туума денесин өпкүлөп жыттап, эркелетет. Өткөн жылдарда Москвада биринчи жолу каалганы ачып, Настяны көрүп эсин жоготуп, бир көрүп ашык болуп, анын жыйынтыгы төшөктө уланып, алышкандарын эстешип, ырахатка батып, чалкалап жаткан чакта:

– Эң кыйыны өзүңдү өзүң түшүнүү экен. Өзүңдү жана чындап сүйгөн өз шеригиңди табуу, таануу экен. Ал адам сөзсүз эле сенин улутуңдан, сен тутунган динден, сен жашаган жерден болушу мүмкүн эмес. Эгер ошондой болбой калса да ошонун баарын улуу сүйүү гана кечирип, унуткарып, түшүндүрөт турбайбы.

Эми мен өзүмдүн ким экендигимди табуум керек? Мен киммин? Ошону чечүүм зарыл. Ошону менен бирге өзүм үчүн, экөөбүз үчүн жан дүйнөмдү оң жагына өзгөртүүм керек, – деп Настясын да, өзүн да бакытка балкытты.

Ушул бактылуу түндөн бир ай өтпөй Настянын боюна бүттү. Москвада жүргөн кезде ал боюна болтурбоочу дары–дармектерди тынбай ичип турчу.

Экөө баягында Биймырза качкын болуп Москвада чогуу түтүн булатып жашап жаткан кезде, тыюусуздан Настянын боюна бүтүп калат. Агезде Баймурза качкында жүрсө, Настянын диндар ата-энеси экөөнүн мамилесин билчү эмес. Ал эми Настя да канчалык Биймырзаны жакшы көргөнү менен негедир Биймырзага ишене алчу эмес. Балким ошол себептер себеп болуп, боюна үч ай болгондо экөө ооруканага барып, аборт кылдырып, боюндагы баланы алдырып салышкан.

Мунусунда чындап балалуу болууну экөө тең аябай эңсеп, суусап калышкан эле. Биймырза, Москвадагы Настянын боюндагы баланы алдырып салганын эстеп:

– Настя, жаным! Ишенесиңби, ошол аборттон кийин, кээ түндөрү түшүмө сапсары кыз бала кирет. Сары кыз менин бут кийимимди тазалап, көйнөгүмдүн чаң болгон жерлерин кагып күбүп жатканын көрүп, жүрөгүм сары майдай эзилет. Пешенесинен өөп–жыттап коёюн десем, ал бат эле көздөн кайым болуп жок болуп кетет. Уйкум ачылып, жарык дүйнөгө келе турган сары кыздын жанын кыйгандыгыбыз үчүн көп өкүнөм, – дегенде, Настя экөө баштарын тийгизип, бири–бирин сооротуп калышат.

Күндөн-күнгө Настянын курсагы чоңоюп боюнда болгонун билген Султановдордун үйүндө да сүйүнүч күлкүсү чыгып, Биймырза болсо жаш баладай кубанып жүрдү.

Кудайдын амири менен Биймырза менен Настя кыздуу болушкан күн, экөөнүн арзуусунун уландысы катары кабылдады. Төрөтканага аялын куттуктап, кызын көргөнү келген Биймырза, дарыгерлерди, медайымдарды шириндиктерге тойгузуп, келинчегине кучак толо гүлдесте белекке берди. Кызыл эт наристенин жытынан тоё жыттап, колуна алып эркелетти.

Арадан убакыт өтүп, Биймырза менен Настянын кызы төрт жашка толгон кезде, тыюусуздан анын ысытмасы көтөрүлүп ооруканага жетип, өмүрү кыскабы же дарыгерлердин калпыстыгы болдубу, айтор төрт жашар кыздын жаны асманга учуп кетти.

Жаш кыз жан берген күндөн Настя катуу депрессияга чөгүп, анын жыйынтыгы Биймырза экөөнүн ортосундагы кечээ эле алоолонуп жанып турган ысык сүйүүсүнө суутма суусун сепкендей өчүп бараткансы-

ды. Атурсун, экөө бири–бирин: «Сенин айыңдан ушундай жаман иш болду», – деп, күнөөлөгөнгө өттү. Эми эле ал талаш бүтүп-бүтпөй, кийинки чатак ыраматылык жаш кыздын сөөгүн жерге берүү процедурасынан келип чыкты. Настя сөөктү православ дининин тартиби боюнча жерге берүүнү өтүндү.

Биймырза болсо бул сураныччты четке кагып, керек болсо ал сунушка караманча каршы турду, сөөк ислам дининин тартиби боюнча гана берилерин айтып, Настянын сунушун угуп да койгон жок. Жарака ушул жерден башталып, ырбап отуруп экөөнү эки жээкке ажыратып салды. Экөө эки жерде өзүнүкүн туура деп тынчыгансып калган менен, ортодо жарака пайда болуп, соңу бүтүн турмуш бузулду. Чырдын соңу, Настя жүгүн сумкеге салып, Орусияга атасынынына кетип тынды.

Биймырза Москвада качкын болуп жүргөн кезде, Настянын боюндагы наристени аборт кылдыртып жанын кыйган болсо, мына өздөрү асырап күткөн кызын Жараткан алганга, бүткөн бою ээлеп алган кыжыл сезимде турду.

Москвада жүрүп акылынан ажыраган болсо, минтип кызынан ажырап, көкшүнү суубай, коюнундагы аялынан да кол жууп кала берди.

Көрсө, адам дин кармангany менен кулк–мүнөзү оңолбосо, жакындарынын сөзүн, өтүнүчүн тыңшабаса, жаныңдагылардын жүрөгүн, көңүлүн тыңдабаса, өзүнүн рух мүнөзүн оңдой албаса, жүрөгүн оңдой албаса, өзүнүн терс кулк-мүнөзүн өзгөртө албаса жашоосу оңолбойт тура.

* * *

Бишкек. Караңгы түн. Саат түнкү 01:30дар чамасы болгонго көп кабаттуу үйдүн көпчүлүк батирлеринин жарыгы өчкөн, бир гана жетинчи кабаттагы батирдин бардык терезелеринин жарыгы күйүп турду. Бул Асыл Султанованын батири эле. Анын ичинде жанараакта эле Ассоль менен Исак Жусуповго Асыл Султанова ушул күнгө кантип жеткенин баяндап, кызын уктоочу бөлмөгө жаткырып, анын жанында болсо. Тамактануучу бөлмөдө апасы Ассольго таарынычы күч болгон Алим Султанов күпүлдөп жатты. Ассоль мындайды Казакстандын эрме чөлүндө башынан өткөзгөн соң, уулунун наңшыган наразычылыгын гана түшүнбөстөн, ал өзүн да жемелеп жатты. Алим болсо башынан кандай гана кыйынчылыктар менен сыноолорго тушукканын отура, тура калып айтып жатты:

– Асыл Россияга кетип, менин тамак–ашыма, батир акысына деп акча жөнөтүп турду. Алма быш, оозума түш деп, эле Асылдан келген акчаларды жеп отура бербей анын мээнети менен келген акчаларды топтоюн, жалгыз башты ит деле багат, мен болсо адаммын го, ден-соолугум, күчүм, акыл-эсим болгон соң, кыймылдап өз жанымды өзүм тапкан акчага багайын деп жайкы үч айлык каникулда Ош базарына түштүм.

Базарды ары кыдырдым, бери кыдырдым. Соода кылуу үчүн эң болбоду дегенде соода жай менен айландырууга алгачкы капитал керек экен. Менде биринчиси да, экинчиси да жок болгонго, соодагерлердин жүгүн ташыган арабакечтердин жумушу мага ыңгайы туура келди. Себеби бул ишке соода жай орундун, баштапкы акча капиталдын да зарылдыгы жок экен. Арабакеч кызматы оңой көрүнгөнү менен алардын да өз ара эрежелери бар болуп чыкты. Арабакеч-

тердин тобуна кошулуу үчүн эч болбоду дегенде эки арабакечтин сунушу жана барымтага паспорт тапшырылат экен. Ушул текшерүүдөн өткөн соң гана ижарага араба алып, ишти баштадым. Алгачкы күндөрү уктап калып, жумушка кеч келип, жүк калбай калып, эч кирешесиз эле үйгө кайтып жүрдүм. Бара-бара уйкумду жолго салып, эрте жатып, эрте турууну үйрөндүм. Жерге жарык кире электе жумушка келебиз. Самса бышырган бир тандыр болоор эле, күн суук болгонго, али табы кете элек тандырга үч-төртөөбүз бутубузду ирети менен салып ысынабыз. Жашы улуурак кара мүртөз агалар бар болчу, бутун салган боюнча кезек күткөн кийинки арабакечтерге ордун бербей, көчүгүн көтөрбөй отура берчү, же ага бирдеме деп үн ката албайбыз.

Биздин топто жалпысынан он беш чакты арабакеч эмгектенчүбүз. Шаарга жакын айылдардан келчү автобустардын гүрүлдөгөн кыймылдаткчынын үнү чыгып, жакындап калганда, ордубуздан ыргып туруп, арабаларыбызды түртүп, утурлап орун талашып күтүп алчубуз. Эң оозунгандар жакшы жүк алып Ош базарына жөнөсө, жүк тийбей калгандарыбыз кийинки автобусту күтүп калчубуз. Жүк негизинен кап ичинде болгонго, анын ичинде буудай, жүгөрү, картөшкө, пияз сыяктуу жер жемиштерди алып келишчү. Кээде беш-алты кап жүк келет, анда киреше жакшы болот, кээде бир кап жүк алам, эмгек акым да азыраак, кээде керээли-кечке жүк жок болуп, бир тыйын пайда таппаганга түштөнбөстөн, ач абалда үйгө кайткан күндөр далай болду.

Кеч киргенде арабаларды токтотуучу жайга тапшырып, үйгө жөнөп калам. Ал эми арабаларды ижарага берчү киши, биз үчүн өкүмдардай көрүнчү. Анткени, ал араба түртпөйт, ижарага берчү арабанын

бир күндүк акысына деп баланча сомдон беребиз. Ал арабаны жөн бербей, тигинтип эки арабакечтин кепилдиги менен берип жатпайбы. «Өкүмдарга» күнүнө жөн эле ижара акысын кармата берүү, мен үчүн негедир акыйкатсыз көрүнгөнгө, араба сатып алуу менин эң чоң максатыма айланды. Анткени өзүнүн арабасы бар арабакечтер көзүбүзгө сыйлуу, «өкүмдардан» бир аз көз каранды эместигин аңдап билип жүрдүм. Себеби кээ күнү ижарага алчу араба тартыш болгондо эки ара биригип, чоң арабаны ижарага алып иштетип калчубуз. Асыл тамак-ашка иштет деген акчаны топтоп, арзаныраак араба сатып алган күнү, жеңил унаа сатып алгандай төбөм көккө жетип сүйүндүм.

Арзандын шорпосу татыбайт болуп, арзан арабамдын жүк көтөрүмдүүлүгү начарыраак болгондуктан, беш–алты кап жүк келген учурда, арабасы күчтүүлөргө тарттырып жиберип, ичим ачышып, башымды кашып отуруп калам. Менде күчтүү араба сатып алууну ишке ашыруу ою пайда болду. Мындай арабанын кайдан сатып алса болоорун сураштырып баштадым. Тилекке каршы, мындай күчтүү араба сатыкта жок болуп чыкты. Көрсө мындай арабага мотоциклдин дөңгөлөгүн коюп, ал эми жүк ташуу үчүн темир тетиктерин сварщиктин кызматы аркылуу топтоп бергенин сыр катары бир арабакеч: «Эч кимге айта көрбө, сенин тырбалаңдап тытмаланып, ак пейилиң менен иштеп жаткандыгыңды байкадым», – деп купуя сыр менен бөлүштү.

Ошентип, чоң арабам колго тийди. Карт бөрү арабакечтер менен тең ата сүйлөшүп, кандай гана жүк болбосун арабама жүктөөгө мүмкүнчүлүк түзүлгөнгө, берки арабакечтер менин арабама суктанып карашкандарына, манчыркаган түрдө Американы ачкан Колумбдай сүйүнгөн күндү баштан кечирдим.

Кадимки иш күнү башталчу таң. Арабакечтер уу–дуу болушуп, бир нерсеге аң-таң калып, жагымдуу эмоцияга баткандай кубанышып, бир нерсени катуу талкуу кылып жатышыптыр. Арабамды четке коюп, барып кулак түрсөм, биз менен чогуу араба түртүп жүргөн аганы, башка жумушка көтөрүлгөнүн кызуу талкуулап жатышыптыр:

– Арзымат өтө жолдуу турбайбы!

– Эмнеге?

– Анткени, ал мындан ары араба түртпөй, унаа токтотуучу жайга кирди-чыкты унаалардан акча алып турат дейт. Кызматы «Стоянщик» имиш.

– Бул жолу ачыктыкпы, же аракетчилдикпи?

– Ким билсин? Анын интеллекти бийик, колунда жогорку окуу жайын бүткөндүгү тууралу дипломуу да бар, ошон үчүндүр аны тандаган окшойт, – деп, божомолдошуп дуулдап жатышты.

Мындай жүйөөлөрдү укканда мен да арабакеч жумушумду таштап, жаңы тепкичке көтөрүлүү менин негизги мүдөөмө айланды. Ал үчүн кыялымда жөн эле диплом эмес, чындап жогорку билим алуу максаты, жүрөгүмдө уялап калды.

Ушул таң мен үчүн, менин келечегим үчүн чоң бурум болду. Күндүзү араба түртсөм, кечкисин китептерди окуп, университетке тапшыруу үчүн даярдык көрө баштадым.

Чындык бар экен, билимим бааланып, университетке өз күчүм менен өтүп кеттим. Күндүзү окууда болгон соң, арабакечтик жумушту таштоого туура келди. Акча түшчү булак табуу мен үчүн принципке айланып калганга, өз принцибимден тайбай иш графигиме туура келчү жумуш издеп, гезит сатууга токтолуп, ишти баштадым. Гезит сатам, официанттык кылам, темир вокзалда жүк түшүрөм, айтор алым жеткен бардык адал эмгек кылып, окуумду улантып жаттым.

Көз ирмегендей бирде бар болуп, бирде «кембагалдын бир тойгону байлык» болуп жашап, бирде итке минген кендирди кескен жокчулук жолоочу болуп, арадан беш жыл өттү да кетти.

Ал арада Асыл турмушка чыгып, муруңку күйөөсү менен ыйкы-тыйкы болуп жаткандарын угуп, Асылга чалсам: «Бул турмуш, сен аралашпа, өзүм чечем», – дегенинен, мамлекеттик экзамендер башталып калган учур эле, күчүмдү күнү-түнү сабактарды кайталап окууга жумшадым.

Алгачкы мамлекеттик сынак тапшырган күн менин жашоомдо жагымдуу жагдай түзүлүп, мүмкүнчүлүктүн жаңы эшигин ачты. Экзамен алчу профессор агай–эжекелердин арасында төрагалык кылган чачы аппак, кара костюм, ак көйнөк кызыл галстукчан шаарга жүзү таанымал ири корпорациянын жетекчиси отуруптур. Ал кишини тиктегенде жылуу толкундар жүрөгүмдү аралап өткөндөй, ата-бала ортосундагыдай сезимдерге курчалдым.

Билет алып, суроого жооп берип бүткөн кезде, ал киши агайлардан мен тууралуу маалымат алып жаткан түрдө:

– Мамлекеттик практикага кайсы жакка чыгасың? – деп сурап калды.

– Үчүнчү курсту аяктаган жылы мэриянын каржы бөлүмүнө чыккан элем, ошол жакка барсамбы деп турам.

– Уулум! Билимиң, зиректигиң, окууга болгон ынтызарлыгың жакшы. Практикага биздин корпорацияга чыкпайсыңбы? Биз ушул күндө компьютер тилин билген, программа жазган, маркетинг жүргүзгөн жаш кадрга муктажбыз. Практикада өзүңдү көрсөтө алсаң, ар жагын көрө жатаарбыз, – дегенин уккан кулагыма ишене албай, сүрдөп кетип:

– Агай ойлонуп көрөйүн, – деп каанадан коридорго чыгып, казандай көпкөн өпкөмө абадан толо дем алып, агайдын сунушуна акыл калчап турсам: «Эмнеге, дароо эле макул дебедиң? Чоң кишиге антип жооп айтпайт да», – деп, артымдан чыккан профессор агайым сөз менен кекиртектен бууп жемелеп кирди. Калпыстык кетиргенимди моюнга алып, өкүнүп калганга кошул–ташыл болуп жүрөгүм да «чыз» этип сайгылашып кетти. Артка бурулуп кайра каанага кирип, макулдугумду бергим келди, бирок ички туюмум, бутумду тушап койгондой ордумдан былк этип кыймылдай албай, катып калыпмын.

Менин арманым кулагымды бүтөп, башым айланып турган чакта, профессор сөөмөйүн мага, абага булгап ар нерсени сүйлөп жатканда, экзамен каанасы ачылып ири корпорация жетекчиси көрүнүп, жаныбызга келди. Жанараакта айткан сөзүн дагы кайталап:

– Уулум, кокустан макул болуп, биздин ишкананын дарегин издеп калсаң, Чүй проспектисиндеги баланчанчы номурдагы имаратта, – деп ары басып кетти.

Ошентип, ири корпорацияга практикага чыгып, бүт кагаз иштерин компьютерде автоматташтыруу менен иш убактысынын ашыкча түйшүктүү жумушту кыскартуу максатында эсепканага жардам көрсөттүм. Башка бөлүмдөгү жүйөлүү маселелердин чиелишкен түйүнүн чечүүгө бел байлап кириштим. Практикам бүтүп, диплом колго тийген кезде, жогорку эмгегимди баалап, туруктуу жумушка турган күндөн, гезит сатуудагы бир жылдык кирешени бул ишканада бир айлык маянама барабар экендигин санап киргенде аныктадым, ошону менен гезит сатчу жумуш да «тык» токтоду.

Бешене тер менен тапкан маянам ичкен жегенге, кийим-кечеге жетип, баскан-турганыма кенен жарап калды. Ушул кезге чейин бир жолу да аялзатына көңүл бурбапмын. Жөн гана болсо да достук мамиле куруп сүйлөшүп көрбөгөнгө, туруктуу айлык чегерилгени үй-бүлөө курууну ойлоно баштадым. Көчөдө колтукташып жанаша баскан жубайларга суктанып, балдарын эрчиткен үй-бүлөлөргө аваз кылып, «ушундай бүлө курсам» деп кыялданчу болдум.

Ошол күндөрү эсепканага жаңы кыз келгенин, анын адамгерчилигин, дүйнөдө жок сулуулугун, өжөр кесипкөйлүгүн кеп кылган кесиптештердин кеби, аны көрүүгө кызыгуумду арттырды. Кыздар менен сүйлөшүүдө тажрыйбам жок болгондуктан, аны менен бирге түштөнүүгө чогуу баруу менен таанышууну эп көрүп, саат он экилер чамасында каанасына кирип барсам, ишке кызыгып, бирдеме менен алек болуп жаткан экен. Чачын жайып артына жайып коюптур. Кара–күрөң коюу чачы чытырман токойду элестете ток тийгендей баданим кызып, эмнегедир бүткөн боюмду титирек каптап кетти. Каңылжаарды жарган жийде гүлүндөй жагымдуу жыты мээме чыгып, башым тегерене мас немедей темтеңдеп тейтее түшүп, анын жанына жетип калганымды деле аңдабай калганга, баскан кадамымды угуп, бурулуп тиктегенде, анын көзүнөн тегерек жер шаарынын, түбү жок кең дүйнөнүн, чалкыган деңиз-океандын бүт дарыя-сууларын ушул кыздын карегине батып турганын көрүп, анын көзүнө чөгүп кеттим. Көрсө аруу жан дүйнөсү, таптаза дилкөңүлү, таңкы шүүдүрүмдөй сезимталдыгы, байчечекейдей назиктиги көзүнө жалжылдап жанып турганына энтигип, мени ээликтирип жиберген абалга азели түшпөгөнгө, оозума келме келбей, эмелеки айтам деген сөзүмдү алеки мүнөттө унутуп,

жүзүнөн чыккан оттой нуру бүт денемди тутандырып өрттөп жибергенге, жоон-теримди чоктун табы кызытып, өң-алеттен кетип, төбөмдөгү тал чачыман бутумун учуна чейин көл-шал тер кеткенге аны бет аарчым менен аарчымак турсун, бир сөз айтууга даай албай турганда:

– Сиз ак үйдө иштеген Баймурза Султановдун уулу эмессизби? Ал кишиге куюп койгондой окшош экенсиз. Аяш атам биздикине көп келчү, көрүнбөй калды? – дегенде, атаң өлсө өлсүн, атаңды көргөн өлбөсүн деген чын экендигине ынанып, жана эле сүрдөп сүрдүгүп жатсам, «аяш атам» деген сөзү эш берип, жан дүйнөмдөгү толкундар бир азга тыный түшкөнгө:

– Жүрүңүз чогуу түштөнөйлү, атым – Алим Султанов, – дегенге араң жарап, чогуу түштөнүүгө бардык. Чынын айтсам курсагым тызылдап ачып турса да, тартыныч сезимим күч алып, жарытылуу тамак иче албай, кайра ишке кайттык.

Ушул күндөн баштап Гулнара экөөбүз аябай ынак болуп кеттик. Түштөнүүгө чогуу барабыз, жумуш бүткөндө кеч үйүнө узатып коём. Чогуу баскан кезде «ушундай кызга баш кошуп, чогуу өмүр сүрсөм» деп кыялданам, бирок жаңы тааныш болгон соң ал оюмду батынып угуза албай бушайман болуп жүрдүм. Сөз менен айта албасам да ага болгон мамилем менен, аны кастарлап күтүп алуум менен, кечкисин кудуңдап узатып коюум менен ага өзүмдүн олуттуу баш кошуу ниетимди билдирип жатамын деп, өзүмдү-өзүм соороотуп жүрдүм. Коллектив чогуу олтуруп дейди сөздөр сүйлөнүп калган учурларда, экөөбүздүн огородубузга таш ыргытып: «Анан той качан, кыз-жигит?» – дешип эрмектеп калган учурларга тушугуп, унчукпай кутулуп жүрдүк.

Бирок, ойлоп калдым, эгерде, Гүлнарага үйлөнүү оюмду ачык айтып койсом, кийинки окуялар болбойт беле?

Демейдеги дүйшөмбү жумуш күнү. Иш чачтан көп болгонго көз ачып жумгуча түшкө ооп, түштөнүү убактысы келип жетти. Адаттагыдай Гулнарага чогуу түштөнөйлү деп эсепканага кирсем карааны көрүнбөйт. Иш ордунда бүгүн адам иштебегендей түрдө баары иретте. Жумуштан жооп сурап кеткен окшойт деп божомол кылып, баш эсепчи эже экөөбүз түштөнүүгө чыктык. Буюртма кылган тамактарыбыз алдыбызга келген учурда, башкы эсепчиден:

– Гүлнара кайда, көрүнбөйт го? – деп сурасам.

– Ой, ботом! Элдин баары сөз кылып жатышса сени билет деп жатпаймынбы. Гүлнараны кечээ ишемби күнү, болочок күйөө бала ала качкан турбайбы! – деген кепти уккандан кулагым тунжурай түшүп, кардым ач болгонуна карабастан, тамакка болгон табитим дароо жоголуп, тамагымдан эч нерсе өтпөй, нес болуп калдым. Алдыма келген тамакты ары түртө салып, кызуу кандуулук менен Гүлнаранын үйүн көздөй жөнөдүм.

Өпкөм казандай көөп, көзүмө эч нерсе көрүнбөй, өзүм соо болсом да Гүлнараны башка эркекке тарттырып жиберген күйүткө ууланып, мас адамдай калдаңдап, олжосуна нааразы болгон аюудай майпаңдап, Гүлнаранын демейдегидей эшигин каккылабастан түз эле кирип бардым. Гүлнараны качырган жерден алып келбей, таш түшкөн жеринде оор деп, отургузуп койгон ата-энесине ичиме топтоп келген айыптоомду ач кыйкырык менен айтам деп, адам үнү чыгып жаткан бөлмөнүн эшигин тээп кирдим. Ата-энеси үйдө жок болуп, кичинекей сиңдиси телевизор көрүп олтуруптур: «Апамдар базарлык кылганы кетишти», – деп жооп берип, телевизорго кайра бети менен түшүп, мени дароо унутту.

Сыртка чыктым, чирий баштаган өрүк талдын астындагы сөөрүгө көчүк бастым. Кайра тура калам, Гүлнараны бөлөк эркек менен никеге турганын, башка эркекти жандап жүргөнүн элестеткенде башым кеңгиреп, кулагым зуулдап, ичим эңшерилип кетет. Арадан жарым сааттай убакыт өттү окшойт, машиненин токтогон үнү жана адамдардын күбүр–шыбыр доошу, каткырык күлкүлөрүн угуп: «Булар кызын эрге бере албай эле турган экен», – деп зээним кейиди. Темир дарбазанын каалгасы ачылып, тойго даярдыктардын белгиси болгон даамдарга үйүлгөн себет, «Бельгия» килемин, майда-чүйдө көтөргөн үч-төрт аял кирип келди. Мындай кордукту көтөрө албай алынып кетип, тушума келген аялдын жүзүнө тиктеп:

– Гүлнаранын апасы, сизби? – десем, мени Гулнара менен сүйлөшүп жүргөн жигити экендигимди дароо аңдаганга, бул уяттуу аялдардын көзүнчө кайым айтышуудан уялган түрдө, жаныма басып келип, чыканагымдан колтук алып: «Обочороок жерде сүйлөшөлү», – деп кашын олуттуу ымдап, кичүү кызы телевизор көрүп олтурган бөлмөнүн тушундагы бөлмөгө алып кирип:

– Балам! Мени туугандарымдын алдында уят кылба. Жашырганда не, Гүлнараны кууп барып келдик. Жакшы жерге түшүптүр. Непадам барам деп эч убара болбо. Жаштык-мастыкка, кызуу кандуулукка салып, алар жашаган үйгө барып алба. Анткени, эки тарап бирдей аларга ак батабызды берип койдук. Сен кечигип калдың. Канча ирет бул жерге келип-кетип жүргөнүңдөн кабарым бар. Анчалык үйлөнүү ниетиң бар болсо, башта же кызыма ачык оюңду айтпапсың? – деп, мени эч ыната да, жоошута да албады. Мен бул кепти уккан соң, ансайын алынып кеттим. Мен Гүлнараны жакшы көрөөрүмдү, аны сөссүз бактылуу кы-

лаарымды, ансыз жашоом уланбоосун айтып, кер–мур айтышуубуз сыртка угулуп калды окшойт. Жанагы аялдар үстүбүзгө жапырт кирип келишип,

– Теги кандай баласың? Эртерээк келсең, Гүлнараны сага эле бермекпиз, – деп бармак эмизип алдап–соолап, – Гүлнаранын сиңдисинин башы бош, ушуга үйлөн, – дегени мага мазактагандай угулду. Чурулдаган төрт аял эки кулагыма ар нерсени айтып кепке толтуруп: «Сенин поюзуң келди», – дегенсип, жолго салып узатып коюшту.

Колумдан эч нерсе келбегенине ызаланып, бутума илешкен бош желим идиш, дарак бариктерин, коробкаларды тепкилегенден башка нерсеге жарабай келатсам, алдымдан мен урматтаган Дима деген агам чыгып калды. Ал менин акыбалымды түшүндү окшойт, бир шише арак алып жакын жердеги күркөгө кирдик. Ичимдеги жетпей калган сүйүүмдү, орду толгус армандымды, сөзүмдү бөлбөй кулак түрүп укту. Кебимдин соңун: «Досторду топтоп, Гүлнаранын артынан барам. Аны үйгө апкелем!» – деп желимди чыгарып, анын оозун, кеңешин, колдоосун күтүп калдым. Дима ыстаканга куюлган арактты түк көтөрүп, кесилген түрптөн мурдуна жыттады, оозуна салып сагыз чайнаган түрдө оюн топтоп:

– Биз бирөөнүн сүйлөшкөн кызын алып качтык, биздин балдардын сүйлөшүп жүргөн кыздарын далай уурдаттык. Мындай окуялардын далайын баштан кечирдик. Эми мындай, кулак сал, иним! Болбой калган кайын энең айткандай, ак бата берилип калыптыр. Кечигип калыпсың, эми артынан кууп барганың болбойт. Гүлнараны чындап сүйсөң, мындай алашемдикке жол бербе, – деди.

Менин ичим өрттөнүп жатканга, дагы эле ичимден мындай сунушка, чечимге көнө албай жатканга

Дима агага ооз учунда гана: «Макул», – деп, бирок, Гүлнараны артынан кууп баруу оюмдан кайтпай, аны кантип ишке ашыруу планын түзүп жаттым. Колума телефонду алып, балдарга чалып: «Базарчик жанындагы пивнушкага топтололу» дегеним менен, аларды негедир топтой албай убараландым. Бири жумушун, экинчиси зарыл иш менен жүргөндүгүн, башкалары бош эместигине шылтап койгонсуду. Мен болсо түштөнүүгө чыккан боюнча жумушка да барбай койдум. Менин азыркы негизги жумушум жоготкон Гүлнарамды кайтарып алуу эле!

Ошентип арманыма, күйүтүмө алдырып, ичимдик ичип, көчө безип жүрүп, кеч кирди. Шам маалында кесиптешиме кездешип калсам:

– Шеф түштөн кийин сени суратып, жумуштан таппай калды. Телефон чалса жооп бербей койгонуңдан, жумушка себепсиз келбегениң билинип калып, ал аябай ачууланып жатат. «Кимиңер Алимди көрсөңөр, айтып койгула, мага жолукусун», – деди. Өзүң шефти билесиң, тез барып жолук, – деп басып кетти.

Күн күүгүм басып, түн жакындап калганга шефтин үйүнө барсамбы, барбасамбы болуп, анын үйүнө кирип барганымды аңдабай калыпмын. Шеф мени мурчуюп: «Тартипсиз!» – деген түрдө ачуулуу аталар тиктечү көз карашы менен тосуп алды. Баймурза атам майып болгон соң анын жардамы тиерине ишене албадым, апам Москвада сүйүктүүсү менен жашап жүрсө, негедир шефтин жанакы каардуу аталык көз карашына менин быша элек кой көзүм тиктеше калганда, ага арызданган өңүттө:

– Сүйлөшкөн кызымды алып качып кетишиптир! – дегенде көзүмдөн жаш ыргып чыгып, көкүрөккө топтолгон арманымды, жан кейиткен азабымды, эч ким түшүнбөй жаткан жан дүйнө күйүттүн баарын кошуп, үнүмдү чыгарып ыйлап жибердим.

Менин акыбалымды көргөн жетекчимдин ачуусу жазылып, колумдан жетелеп, үйүнө алып кирди. Аялы шашкалактап дасторкон жайып, нан-боорсокту толтуруп, ысык тамак куюп: «Ич, иче кой», – деп мээримин төксө, андан бешбетер алынып, төгүлүп өткүн жаандай ыйлап кирдим. Тамак ичейин десем же тамак өтпөйт. Шеф мени басып:

– Кыжыл болбо! Керек болсо, сага кыздарды чертип жүрүп, мыктысына үйлөйбүз. Кой эми, жашыңды тый. Эртеге жумушка чык! Ал эми тиги кыздын артынан барам деген оюңдан кайт. Кызыңды да, өзүңдү да уяткарба. Болушунча болуптур, боёсу каныптыр, – деп жоошутуп, алдыда үмүт дагы эле бар экендигин баса айтып, узатты.

Депрессияга чөгүп, чөк түшүп калганыма, тагдырыма таарындым. Жоготкон махабатымдын азабы бүт денемди, жан дүйнөмдү дале болсо өрттөп, ызасы басылбай жанымды ачыштырып, жүрөгүмдү сыздатып жатканга: «Эми мындан кийин эч кимди минтип сүйө албайм! Үйлөнбөйм!» – деп, ичимде, өзүм менен өзүм күрөшүп, сүйгөнүмдү жоготуп, өзүмдү жоготуп, кайгы-капага, муңга баттым. Эшикке чыксам эле Гүлнараны издеп барчудай болгонго, анын апасынын, шефтин, Дима аганын, баары бирдей сүйлөшүп алгансып: «Эми ал жакка барба, чуу салба», – дегендери кулагымда жаңырып, үйдө камалып жаттым. Бир апта өтүп, жумушка чыктым. Сууга түшкөн мышыктай кебете-кешпиримди көргөн «чоңум», мени алаксысын дедиби, айтор жумушумду Таласка которуп жиберди. Муңга, сүйүү уусуна буулуккан жаным менен, көтөрөң аттай термелип, жан дүйнөмдүн оорукчан акыбалында баш-отум менен ишке кирип кеттим.

Арадан үч жыл өттү.

Жанагында сүйүү азабын тартып, жүрөк кургур энесин жоготкон улактай селпең-селпең этип секи-

рип, эчки энесин жоктоп, бозоруп жол карагандай чүнчүп кеткенимди байкаган даанышман жетекчим, Таласка которуп жанчылган жанымды алаксытуунун амалын тапкандыгы туура болгонун, жол жүрүп бараткanда эле сезилди.

Офисте отурганда, батирге келип бошой түшкөндө эле көз алдыма жапжарык болуп жар болбой калган Гүлнара келе калып, жүрөкзаада болуп сыгылып жүрсөм, бу сапар Төө-Ашуу ашуусуна жармашкан Абла дарыясынын сүткө окшоп аккан ак көбүктөрүн көрүп, көңүлүм ушул табийгаттын таң калычтуу көрүнүшүнө бурулуп, жаратылыш кооздугу бүт оюмду арбап алды. Унаа ээсин өрлөп бараткандагы чукул бурулуш жанындагы көпүрөнүн жанына токтотууну өтүндүк. Шапшынып, жанагы сүттөй көбүк Абла дайрасынын суусуна бети башыбызды суулап, сонуркап, куп эле черим жазылып, жанагы таштанды атыгып калгандагыга таарынган дүпүйгөн жүрөгүм бошошуп, жазылып баратканcыйт. Гулнараны качыргандан бери көөнүм каш, боорум таш болуп катып калган эле, эми саал коё бергенсиди. Балким, Абла суусунун кереметидир, а балким Төө-Ашуу даванынын муздак шамалыдыр? Ким билсин, кантсе да, Бишкекте жанчылып жата бергеним өзүмө зыян экендигин, ал эми Таласка карай жол мага өзүнчө эле жүрөк сыздатып далымды талыткан, булак көзүндөй былкылдап турчу көөдөнүмдүн орду соолуп, бозоргон боштуктан чаңга толгон сүйүү азабына шыпаа болуп чыкпадыбы.

Жумушка жакын жерден батир алып, жумуштун жанындагы дүкөн менин эрмегим жана курсак тойгузчу кампам болуп калды. Иштен чыкканда он мүнөттөй убактымды ушул дүкөндө өткөзөм, тамак ашка деп майда-чүйдө карайм, кант-кунт, шириндик, кээде суусундуктарды жана байпак-сайпак, сакал алчу

устарадан бери баарын ушул жерден алам. Сатуучу олбурлуу келген ак жуумал, жашы элүүнүн атарабындагы балпагай аял. Көп сүйлөбөйт, өткөн сапар акчам жетпей калганын баамдап: «Айлык алганда төлөйсүң, – деп тор дептердин бош барагын ачып, карыз алармандардын тизмегине кошуп, Алим баланча сом деп бадырайтып жазып, – Шаардан келип бизде иштеп калган окшойсуң? Сендей жигит бул тарапта көрүнбөйт эле. Иним тартынбастан жаздырып буюм-терим ала бер. Апчең сенин түз жигит көрүнгөнүңдү баамдай калды», – деп биринчи ирет чымчып, тамашага алып сүйлөп калды.

Кадимки жумуш бүткөн маал, жанагы тааныш дүкөнгө кирип кир кийимдеримди жууганга деп кир самын, айна алып жатканмын: «Дагы эмне аласыз?» – деп сатуучу аял мага кайрылган кезде, дүкөндүн арт жагындагы эшик ачылып: «Апа» – деген кыз баланын мукамдуу, абдан жагымдуу, ары наздуу добушу угулуп калды. Үч жыл мурун Гүлнараны жоготкон кезде: «Эми экинчи аял затына көңүл бурбаймын. Бир гана жумуш менен шугулданам», – деп өзүмө берген убадамдан тайып, эмнегедир ушул үн ээсин көрүүгө ашык болуп, моюнумду суздум. Аңгыча бейтааныш кыз сатуучунун жанына аскадагы маралдай жай басып келди эле...

Мен тиги кызды көргөн абалда кагылган казыктай катып калдым. Океан бетиндегидей жашыл түстүү көздөрү менин көздөрүмө кадалды да карегими ээритип туруп жүрөгүмдүн тамырларына сиңип, ошерге түнөк таап гана турбастан, жүрөк кабына чулганып ороп туруп жулуп алып, өзүнүн от жүрөгүн сууруп чыгып, эки жүрөктү аралашытыра жууруп, бир жүрөккө бириктирип, ажырагыс кылып тушап салды. Бул кыз эмей эле жомоктогу сыйкырчы Периштенин кудум эле өзү эле. Жер жүзүндө мындай кыз бир эле даана

болсо, ошол жалгыз экземпляры, түп нускасы дал ушу кыз болчу. Ток этери бир көргөндө эле эс-учумду жоготуп, бир көргөндө сүйүп калат дегендерге деги эле ишенчү эмес скептиктердин катарын толуктап жүргөн болсом, эмелеки мүнөттөн, ал тизмеден чыгып, бир көрүп сүйүп калган бактылуу адамга айланып, балким бактысыз, армандуу, азаптуу жашоого, сыноого даяр болуп, тамым кыйшайып, өпкөм казандай көөп, бу чүрөктүн жүрөгүнө жүрөгүм толук багынып, ач кенедей жармашып, жанына-жаным чапташып калганына, дене-боюм, жан-дүйнөм тытылган тыбыттай жеңил болуп абада калкып турганда: «Болдубу, дагы эмне аласыз?» – деген сатуучу эжеге дудук немедей жооп бере албай, дүкөндөн учуп чыгып, батирге жетип ток ургандай куладым.

Апасынын көзүнчө аны менен тааныша албай, бирок таанышууну эңсеп калдым. Ушинетип ал кыз менен таанышуу максатында күндө дүкөнгө баш багам, ал көрүнбөйт. Апасы соода кылгандарды тейлеп жаткан болот, кээде экөө бирдей касса алдында туруп калат. Агезде сүрдөгөнүмдөн ылайыктуу сөз таба албай, эптеп бир кеп айтып сыртка шашууга белсенем, кайра анда неге кирдим деп өзүмдү өзүм жемелейм.

Дем алуу күнү болсо керек эле, таңга маал нан алганы дүкөнгө кирсем, мунусунда Кудай жалгап менин периштем капаска камаган куштай жалгыз олтуруптур. Бу кезге чейин таанышуу үчүн күзгү алдында далай ирет сөз сүйлөп өзүмдү жолугушууга даярдап жүргөм. Бирок чүрөгүмдү көргөн кезде оозумдагы кебим, куюлушкан сөздөрүм дароо унут болду. Болгону өзүмдү колго алып, өзүмдү болушунча олуттуу кармап: «Бул жерден көрүнбөйт элеңиз, студент окшойсуз, каерде окуйсуз? Атыңыз ким?» – деген супсак кепти айтканга араң жарадым. Ал алгач: «Гүлжамал»

– дегенде менин пешенеме «Гүл» аттуулар буюрган экен, эми буюруктан кайда качмак элем деп өзүмдү-өзүм жоошуттум. Гүлжамал Бишкектеги Университеттердин биринде экинчи курста окуйт экен. Таң эрте алуучулар жоктугунан пайдаланып, телефон номурун алууга үлгүрүп калдым. Ошол кезде дүкөндүн арткы эшиги ачылып, апасы кирип келгенде, сылык кош айтышып чыгып кеткениме өзүм да таң калдым. Эже сүрдүү көрүнгөнгө андан тартынчумун.

Ушул күндөн кынык алып калган алармандын кебетесин кийип, дүкөнгө бир күндө ишим түшсө да түшпөсө да бат каттачу болдум. Гүлжамал экөөбүз ынак болуп кеттик. Гүлнарадан калган жарат айыгып, аны биротоло унуткарганга Гүлжамал жардам бергенсиди. Бирок ага мурунку сүйгөнүмдү уурдаткан кейиштүү окуя боюнча ооз ачпадым, уялдым. Эгерде айтып койчу болсом, бир күнү эстетип, арыма келтирүүсү күткөн иш эле.

Ал мага, мен ага көнүшө түштүк. Оюмда жүрөк ээси, жандоочум, келечекте балдарымдын энеси, өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк, сүйөөргө муза болчу аялзатына эми чындап жолуктум деп кыялданам.

Баягында Гүлнарага өмүр шерик бол деп айта албай калып, алдырып жибергенимди эстедим. Анда эмне сүйүү кайталанма немеби? Аны деле сүйсөм, муну деле сүйсөм. Баш кошуп жашап жаткан кезде дагы бир сулууну көрүп, чик түшүп сүйдүм чок болуп, ит болуп жүрбөйүн деп кооптоном. Акыл калчап, жүрөгүмдү тыңдасам, Гүлнарага чындап ашык болуп, жактырып калыпмын. Ал экөөбүздүн мамилебиз түштөнүү, чогуу жумушта болуп жүрүп көнүшүү десе болчудай. Алгач ирет аны көргөндө Гүлжамалды көргөндөгүдөй күчтүү сезимдер болбоптур деп, өзүмдү соороттум. Гүлжамалды жар бол деп айтууну эп көрүп, ал макул болсо,

Таластан Бишкекти көздөй унаада анын башын көкүрөгүмө ыктап, кучагымдан чыгарбай бараткanымды элестетип да жиберипмин. Бул чечим башымда бышып жетилген соң, Гүлжамалды издеп дүкөнгө кирсем, дүкөндүн эшиги жабык, терезесинен шыкаалап ич жагын карасам, дүкөн ичи купкурук, товарлар жыйналып алынып салыптыр. Тооба бул эмнеси деп үйүнө барсам, жашоо мага кезектеги күтүүсүз белегин тартуу кылды. Анын атасынын жумушу Балыкчыга которулуп, үй-бүлөсү көл тарапка көчүп кетишиптир. Телефон чалып эң-кур десе дем алуу күндөрү көрүшүп турабыз деген үмүт байлап окуусун сурасам, бул ирет ата-энеси, анын Бишкек шаарында окуусун улантууну эп көрбөй, Балыкчыдагы ушул өңдүү жогорку окуу жайына которуп алышыптыр. Муну укканда андан бетер кыжаалатчылык жан дүйнөмө каптап кирди. Айла жок, тагдырдын жаңы тартибине көнбөскө эч аргабыз калбады. Апасы экөө дүкөнүнө кийим–кечек жана башка товарга Бишкекке «мобу күнү барабыз» дейт, ошол күндөрү утурлап жолго чыккан жаңы жашоом башталды.

Жолдо жүрүп Өтмөк, Ала-Бел, Төө-Ашуу ашууларынын ар бурулушун, кайсы жерде оңкул-чоңкулу бар, Токойлууда бекинип ГАИкызматкерлери бадал арасына унаасын бекитпесе, көрүнүп калчудай суурларга окшоп ийинге кирип чыкчу жерлер да бар экендигин жатка билип бүттүм. Анткени унаага түшсөм көз ирмебейм, табийгаттын сулуулугун көрүп ой чабытым, көңүл кайгым баары унут болот. Андыктан өзүмдү бул ыракаттан оолак эмей, жакын кармап, жол жыргалына батканым, жабыркаган жан дүйнөмө арийне, өзгөчө сооротуч, бакыттын торгоюю болуп чыга келди.

Ушинетип жолго каттап, аны утурлап тосуп барып, жолугушуп сагынычтар толук таркабай, кусалык

кумалак майдай жүрөгүбүзгө бир айланып, эрип жок болгуча, алар Балыкчыга мен кайра Таласка кайткан кайталанма көз ирмемдер эки жылга узап кетти. Алигинде, алар көчүп бараткан кезде Гүлжамалга мага жар бол деп айтам деген кебим, негедир таңдайыма чайдын чамесиндей жармашып калгансып кийин айтам, анан айтам деп жүрүп ушунча убакыт өттү. Бирок көз жаздымдан калтырбай Бишкекте көрүшүп, узап кеткенде кол телефондон тынбай сүйлөшөбүз.

Бир күнү Асыл Россиядан келип үйгө түнөп, таңды атыра сырдаштык. Бардык фронтто иши жакшы экендигин сүйлөгөн сөзүнөн, көз карашынан даана эле байкадым. Байкаганым эки сөзүнүн бири: «Эми үйлөн, иним», – деп кулагыма куюп койду. Ал кетти, мен калдым, калганда да үйлөнүү ою ауранын, бөлмөнү, жан дүйнөмү курчап алган. Телефонду алып Гүлжамалга айтчу кез келгенин эми туйдум. Ал деле күтүп жаткансыды.

Ал телефонун алганда ал-жайды, мал-жанды сураштырып бүтүп: «Гүлжамал сүйлөшкөнүбүзгө эки жылдай болуп калды, жетишээр. Эми сен Балыкчыда, мен Таласта кыйналганды токтотолу. Баш кошуп бир жерде түтүн булаталы! – десем, дароо макул болсо керек деп ойлоп жаткам. Ал болсо дудаланып бирдемени жаап-жашырып жаткансып, экөөбүздүн бир болуубузга аралжы болчу бир шойкум бардай, жалтаңдап өзүн ала качып чегингенин далым менен сездим. Бул жалтануу жанагы кыз баладагы назданнуу эмес эле.

Өжөрлөнө: «Эмне унчукпайсың? Макулсуңбу?» – десем. Ал биздин арабызда мен билбей жүргөн нерсе алыстаткандай күмөн саноомду күчөттү. Мен болбой эле такап сурап кирсем, аны үйлөнүү эмес, үйлөнүүдөгү каада, баш кошуудагы салт кыжалат кылып жатканын араң сууруп чыктым. Атүгүл: «Алим мен сени

абдан сүйөм, бирок баш кошпой эле коёлу. Себебин сен сураба, мен айтпай эле коёюн» – деп мени кайра бүдөмүк ойлордун талаасына калтыргандай жалгызсыратты.

Гүлжамалдан мындай жооп күтпөгөнгө, ал мени сынап жатабы, мүмкүн текшерүүдөн өткөзүп сазайымды колума карматып туруп, тегирменден бүтүн чыксам гана жар кылууга макулдук берет болду бекен? – деген ойлор менен чабышып, бирок жөн эле кол куушуруп отурчуларга кирбегендиктен, бул түйүндү чечмелеп, аныгын тактап коюп гана жамбаш салып жатууну эп көрдүм.

– Гүлжамал, бул эмнеси? Айлан-көчөк кылбай оюңду түз эле угузбайсыңбы? Мен сага олуттуу турмуш куруу маселесин айтсам, мени тантырак же дөөпараска теңегендей: «Сен сураба мен айтпайм» – дегениң эмнеси. Же эки жыл жөн эле эрмек кылып ээрчитип жүрдүңбү? – десем.

– Мен жар болууга макулмун. Бирок деген жерим, мен Ыйса Машаякка сыйынам, христиан динине, ток этери протестанттардын чиркөөсүнө барам. Ошол себептен, үйлөнүү салтындагы айырмачылыктарды кантебиз деп башым маң. – деген жообун уккан кезде уккан кулагыма ишене албай турдум. Тагдырдын тамашасын караңыз, менин угушумча Баймурза атам Ассоль апама үйлөнүп мен жана Асыл пайда болдук. Эки жыл түтүн булатып жашаса да, апамы мусулман динине буруп, намазга жыгам десе, көшөрүп көнбөй, соңунда ажырашып тынышыптыр. Азыркы өгөй атам Исак апамды сүйүп-күйүп жүрүп, ошолор барган чиркөөгө каттап, түрмөгө түшкөн кезде ислам динине чөк түшүп башын саждага коюп, түрмөдөн чыкчу түнү кайра муруңку христиан динине кайтканы тууралуу атам далай жолу айтып бергенинен уккан жайым бар эле.

Минтип жашоо бумерангы алардын тандоосун, мага буюрганы кыйла шалдырата да, сестенте да койду.

Алардын жолун улайбызбы же башка жол тандайбызбы? Бул сектант окшойт деген ой мага накта сууттма болуп, бир аз мууздай түштүм. Телефондун ары жагынан деми угулган Гүлжамалга кайрылып, тактап алайын дедим.

– Бул эмне сектабы? Качантан бери ушул жактасың? Эмне үчүн ал жакка ыктадың? – деп топ суроону бир жаадырдым. Өзүм болсо динге супсак эле караган көз караште чоңойгондуктан, бул жаңылык мен үчүн күтүүсүз болду. Жооп узак болду. Мен билбеген пайгамбарлардын ысымдары, мен укпаган Жаратканды мактоо сөздөр. Мен көрбөгөн жер-суулардын атын атап саймедиреп сүйлөп жатты. Ал сөздөр бир кулагымдан кирип, экинчи кулагымдан чыгып асманга сапырылып, унутулуп жатты. Мээме сиңбеди, жерге абага сиңип жатты. Мээме сиңмек түгүл, ал түк жолотпоочудай кабыл да албады. Тескерисинче шексинди. Бир гана байкуш жүрөк бул маалыматтарды батыраак өздөштүрөйүн деп муздак мээден келтек жеп, баягы биринчи көрүшкөндөгү бириккен жүрөктөр ортосунан жарылып кансырап атты. Сыягы бул динди кабыл албады сыңары. Болгону эс-тутумум эске салчу нерсе, өткөн сапар Гүлнараны уурдатып кала берген болсом, мунусунда Гүлжамалды башка диндештери колу-бутунан чырмап алып, менден алыстатып, ыраак жакка алып кетип жаткансыды.

Гүлжамал болсо бул дин жөнүндө мага оң пикир жаратууга үндөгөнсүдү. Мен шашылыш чечим чыгарып алып, кийин-соңку өкүнүп аттиң кылбайын, анын үстүнө мынча маалыматка түйшөлүп сиңире да албай калганыма, сүйүктүүмдү жоготуп албайын, өзүмдү да

сүйүктүүмдү да туура издеп табайын дегенге: «Акыл калчап, эртеге сүйлөшөлү» – деп ойлонууга, тыныгуу алганымды, ал да аңдагансыды.

Сизге чалып, кеп-кеңеш алайын дейм же телефон номуруңуз жок. Оюма бир нерсе кылт эте түштү. Абдулла абамдын жубайы, Эркиндин апасы Наташа чоң апам, ушул дин тууралуу азыноолак сөз кылып: «Ассоль менен Исак» деп сүйлөп калганын кулагым чалып калчу, андыктан, Наташа чоң апамдан бир ооз кеңеш сурап алууга белсенип, телефон чалдым.

Анын айтуусунда алгач православ булдинде жүрүптүр, кийинчерээк протестант динине ооп, ошол жерге каттап жүрүптүр. Качан гана Абдулла абама турмушка чыкканда анын шартына көнүп, намаз окубаса да, нике кыйдырып мусулман болуптур. Бирок тиги дин деле жаман эмес деп кылтыйтып койгонсуду. Муну укканда андан бетер башым айланып, түйүн чиелишип берди. Көз корукчудай ирмелбейт, уйку кургур болсо качып берди, түн болсо түнт адамдай капкараңгы, таң болсо шашпаган коноктой карааны көрүнбөйт. Мен болсо, ушул түндөн таңга кетчү эшикти издеп таба албаган жолоочудан бешбетер, жашоомду жөн жерден татаалдантып алганга өзүмдү алсыз сезип кеттим.

Ойлоп көрсөм, чоң атам Туйбас, атагы чыккан дарыгер болуптур. Беш маал намазын окубаса да ислам динди мындай эле ортозаар эле карманыптыр. Баймурза атам динсиз адам. Ал жеткен атеисттик көз караште калыптанган инсан. Анын дини да Кудайы да пайгамбары да Акча анан Бийлик өктөмү болчу. Ассоль апам болсо ушул Гүлжамал тутунган динди карманса, тооба эр жигит аял издегенде акыл чөйчөкчөсү көзгө көрүнбөгөн жаасы менен апаңа окшош кызды тандайсың деген тууру чыгып жатпайбы, же бул капыстан эле дал келүүчүлүкпү?

Ушул өңүттө эми жарык кире баштаган кезде уйку тартып, көзүм ирмелип кетти. Түшүмө Наташа чоң апам кириптир: «Чийки жооп менен алашемдикке жол берип, кийин-соңку өкүнүп арманда калбагыла. Баарын тараза ташына кой, пайда-зыянына маани бер. Жүрөгүңдү, өзүңдү, ички туюмуңду тыңда», – деп жана башка бир топ кеңештерин ийикке оролгон кой жүнүндөй ийрип жатты.

Алгач мен Гүлжамалга үйлөнөйлү деп анын жообун күтүп калсам, бул ирет Гүлжамал өз жашоосунун көрпө ичиндеги жашырган сырларын жайып салганга, менин жообума муктаж болуп калгансыды.

Таң атты. Күн болсо менин миң түйшөлгөнүмдү уруп ойнобой чайыттай ачылып берди, мунусу: «Түн үшүтсө, мен жылытам», – дегениби, айтор түңкү ойлорду, түштөрдү, аяндарды ары ойлонуп, бери толгонуп, ойчул кыр ашкыча, тобокелчил тоо ашат кылып, Гүлжамалга чалдым:

– Гүкү, ал динди таштай аласыңбы?

– Жок! – деген кыска жообу, бүт мүмкүнчүлүк түзчү эшиктердин баарын жаап салды да, кайра, – Мен макул болмокмун, эгерде, мен өз динимди тутунуп, жекшемби күнкү жыйынга баруума тоскоол болбосоң, – деди болгону.

Түпкүлүгүндө, мени түз ал динге үндөбөсө да, ал эми бул соболду той болгонго чейин ачып койгону, баш кошкондон кийинкиси мен бул нерсени башка булактардан билип калып, иренжибесин дедиби? Же ушуну себеп кылып, куралган турмуш бат эле урап калбасын дедиби, айтор мен анын сөзүн ушундай баааладым.

Менин түйшөлгөнүм, мейли дейли ал динин тутуна берсин. Ага каршы чыкпай деле коёюн, бирок балдар чоңойгон кезде ал жекшембилик жыйынга

кеткенде, балдарыбыз: «Апам кайда?» – деп сурашса, – жалган айтамбы же эмне деп жооп берем. А балким ал балдарды тыякка ээрчитип барсачы? Анан ортодо уруш–жаңжал, талаш-тартыш бүтпөчүдөй сезилгенде жүрөгүмө баягы суутма келип, муз каптап, дароо эле муздай түштүм.

Арийне, сүйүүдөн мерестикке бир кадам деген туура болуп жатабы ошондо. Экөөбүздүн ортобузда куду ушундай бүркөө аба-ырайы пайда болду.

Бул толгонуум эки аптага созулуп, жыйынтыгы жумушума кедергисин тийгизгендиги билинип, көрсөткүчтөр пасаңдай түшкөнгө, убактылуу эмгек өргүүсүн алууну айтсам, жетекчим арнерсени шылтоолоп, уруксат бербей койду.

Эки жерде экөөбүздү: «Биригебизби, же бөлөк болобузбу?» деген ой басты.

Ушул толгонуу, ушул жүк, ушул тандоо экөөбүздү бирдей чарчатты. Кебете-кешпирибиз суз болуп, чаржайыт ойлор, ички күрөш болуп көрбөгөндөй алсыратты. Турмуш курабыз деген асыл тилегибиз туңгуюкка кептелди. «Эмне үчүн биз мындай күнгө туш келдик?» – деп экөөбүз эки жерде кыйналып кеттик.

Күн батарда аба-ырайы кескин өзгөрүлдү. Жанараактагы көк асманды капкараңгы кара булут каптап кирди. Күн мурчуйган мурутун сылаган ачуу адамдай, уруша турган түрдө дүңкүйдү. Заматта кара булутту электр кылычы менен кескилеп кирген чагылган, булут ары жагынан жамгырга жол ачты окшойт. Алгач куюн-чаң чыгарып, адам учуруп кетчү шамал менен шатырап төккөн катуу жаан башталды, көп узабай ачуусу тарап жоошуп калган кишидей быдырап жааган ак жаанга өттү. Ушул кезде жаратылыш менен жуурулушкан менин чечимим даяр болду. Жооп даяр болгон соң, кечеңдетпей угузуум керек эле, Гүлжамалга чалып:

– Гүкүш, биз бири-бирибизди канчалык катуу сүйгөнүбүз менен турмуш курган чакта түшүнбөстүктөрдүн курмандыгынан өйдө көтөрүлбөй, арзуубуздун ашмалтайын чыгарып албайлы. Бири–бирибизге жетип, махабатыбызды тепселенди кылгыча, сүйүүбүзгө жетпей арман кылып жашасак, аброюбуз таза, арзуубуз кол жеткис Айга окшоп, жүрөгүбүздүн төрүн ээлеп жашай берет, – дегениме Гүлжамал таарынып капаланат бекен десем, ал:

– Ачык, туура чечим кабыл алганыңа ыракмат. Жүрөктөргө багынып, бүгүнкү ыракат тепкенибизге маашырланып, сүйүү кумарына магдыраганыбыз менен кийинки турмуш абалы, дин тууралуу келишпестик, акыры түбү экөөбүздү ажыратып салуусу турган иш. Аркысы буюм бөлүшүү, бала-бакыраны бөлүшүүгө түшүп, душман атыгып, иттей ырылдашпай, адамча мамиледе калганыбыз өзү туура чечим. Керек болсо, сен мени чындап сүйгөнүңө эми биротоло ишендим. Бул сый, бул урмат, бул арзуу мени менен өмүр өткүчө бирге болот. Ушунуңа ракмат! – деп трубканы басты.

Мен канча ирет кайра телефон чалгым келсе да өзүмдү бастым. Канча ирет жашаган жерине чуркап барып караанын бир тиктеп алайын дейм, анымды жуттум. Бир топ убакыт сүйлөшпөй калдык. Кийинчерээк ал чалдыбы же мен чалдымбы, айтор сылык сыпаа сүйлөштүк: «Теңиңди таптыңбы?» – деп, бири–бирибизди тамашалашып да сурашып да аттык. Сунган колубуз сууган менен, үмүтүбүздү үзө албай кыйналып жаттык. Бир учкун тутанса эле жалбырттап күйгөн оттой жабышып калуубуз турган иш эле, этияттандык. Жүз көрүшпөгөнгө аракет кылып жаттык, кокустан эле көздөрүбүз беттешсе, ошол жерде камырдай жуурулушуп калбайбыз деп, ал да, мен да кепилдик бере албайт элек.

Жаз келип, теребел тазарып, байчечекей чыккан-да үйлөнөбүз деген оюбуз таш капты. Кайрадан бойдокчулук доорун мактамыш болуп, ичибизде иттей улуп, бирикпей калган жүрөктөргө сызып, жашоо уланып жатты.

Мээ кайнаткан жай келди. Ошо кезде жетекчилигим жеке фронттогу толкундарды байкаган түрдө, жумушумду Таластан Бишкекке которуп салды да, эмгек өргүүгө жөнөттү.

Эмгек өргүүсүн алып, жайлоого чыктым. Кымыздан баса ууртап, чала мас болуп, көк шиберге чалкамдан буттарды жайып, асманга үңүлө карап: «Мен сүйбөй эле, жөн эле үйлөнөм», – деген жыйынтыкка келдим. Мен үчүн ушул чечимим туурабы же туура эмеспи, аны мен али билбейт элем.

Жайлоодон келсем, Асыл жумушка келип акыбалымды сураштырганча: «Үйлөн» деген сөздү кайра кайталап, шаштымды кетирди. Тамаша иретинде бир да кызды таанымбайм, таанышканга убакыт да жок десем, дароо эле чекеден кыздар менен тааныштырып кирди. Ал байкуш менин бир башым эки болуусун самап, бүлө күтүп, бала эркелетип жашасын дегдегенине ичимден ыраазы гана болуп жүрдүм. Наташа чоң апам чакырып, кыздар менен тааныштырып, сүйлөштүрөт. Бул жакта Асыл өзү билген кыз–кыркын менен тыюуусуздан жолуктуруп калат. Жумуштагылар да: «Биздин кыздар сынаакы, ушулардын эле бирөөсүнө үйлөн», – деп күндө кеп кылышат.

Бул күн эсимден эч кетпейт, анткени Асыл мени чакыртып бир бутикке алып кирип, жаңы кийимдерди алып берип, мени жасап кирди. Үстүмө аппак көйнөк, ылдыйыма жынсы шымын тандоодо кыйла ыңгайсыздык жаратылганына карабастан, көгүш-ак жышылган шымды тандап, көйнөк үстүнө да пиджак

тандоо өзүнчө эле машакаттуу болуп, акыры алдык окшойт. Мен Асылды оңтойсуз абалга калтырбайын деп, ал тандаган кийим-кечени сүйүнүү менен кийип жаттым. Акыры сарпайды алып бүткөн кезде, болжолу жок бир кафеге түз эле унаасын айдап барды.

Демейде «кайда баралы?» деп сурап койчу Асыл, бу сапар антпеди. Кафенин кире берчү жеринде сүйкүмдүү ары татына бир айым Асылды күтүп алды. Жардамчылары деп божомолдоп койгонго, бул айымды көргөндө Гүлнараны жактыргандай жүрөк кабынан чыкпаса да, Гүлжамалды сүйгөндөй көңүл дегдеп жүрөк дүпүлдөп сокпосо да, мууундарым калтырак баспаса да, кандайдыр бир жагымдуу жактырууга окшош сезим болгонун жашырууга болбос эле.

Буга чейин канча кыздар менен тааныштырган кезде кош көңүл же кызды капа кылып албайын деп болгону сыпайы мамиле жасаганымды баамдап: «Бул кандидат жакпай калдыбы!» – деп астейдил Whats Арртан билдирүү жазып койчу. Андан соң сый тамак ичип, кафе, ашканадан кош айтышып чыгып кетчүбүз. Мунусунда менин акыбалымды айттырбай түшүнгөнсүп үстөлгө тегерене отурган соң, Асыл телефонун чукулап, бирдемени шылтоолоп, туруп басып кетти. Кыздын аты Гүлдана экен. Тагдыр деп ушуну айт, менин көңүлүм түшкөн аялзатынын атынын уңгусу «Гүл» менен башталганына тан бербеске эч арга жок эле. Жогоруда айтпадымбы, эс-учумдан кетип, көөдөнүмдү дирилдек басып, кыялдарымда Гүлданага жетем деген эңсөөм чабак уруп умтулуп, же уйкумду безип аны көрсөм, өпсөм дечү дикилдетип жүрөкзаада да болбодум. Бирок, аны жандап басканда санаам басылып, көңүлүм уюй түшөт. Унчукпай бирге баратсак да алдыдагы боло турган турмуштун оош-кыйышына ой-чабыттарыбызды агытып, ошол багытты бир тан-

дайбыз. Мен кайык болсом, ал калак болуп сууну шилеп жолду арбытат, мен жер болуп термелбей турсам, ал суу-деңиз сыяктанып көкмөк жер бетинде чалкып көрк берип, нарк берип тургансыды.

Ашып кетсе бир-эки ай сүйлөштүк. Сүйдүм-күйдүм деп да айтышпадык. Муруңку «гүлдөрүм» менен жазышкандай жазышпадык. Телефонго кулагыбыз жабышып узак сүйлөшпөдүк. Дини же башка кандайдыр бир жашырган сырым бар деп чочутпады. Мен болсо, эгерим ошонусу болсо деле айтпай эле койсо экен дейм. Оозу сүткө күйгөн айранды үйлөп ичет болуп калбайын деп чочулайм.

Анан ойду-тоону кыдырып кыз издеп жүрүп, тандаган тазга жолугат болуп, бир тайкы кызга туш болуп, шорум шорподой катпасын, ысыктыктын илеби кете электе баш кошууну айттым. Мындай ыймандуу жана сыпаттуу кыздан кол жууп калбайын деп ойлодум. Аркысы түбөлүк бойдок болуп жашоодон өтүп кетпейин, туулганың, турганың өзү тобокелчилик. Миллиондордун арасынан бир тамчы түкүрүктөй немеден жаралганбыз, тобокелге барайын. Сындайм деп сындырып албайын, нике кайыптыкка моюн сунайын. Баары эле Ассоль апам менен Исак агадай азаптарды баштан кечип, сүйүктүүсүнө жете бербестир деп, Гүлданага баш кошуу сунушун чын дилден киргиздим.

Кызыгы ал менин бул сунушумду укканда чалкасынан кетип таң калбадыбы, же: «Оңунан чыкты, сенин ушул сунушуңду эле күтүп турдум эле. Ооба жүз пайыз сенин жарың болуу мен үчүн көөнөрбөс бакыт. Дүйнөдө жалгыз адамды күтсөм, ошол баатыр сенсиң! Асмандан жаан жаап миллиондогон тамчы түшсө, көңүл дегдеп, жаным күсөп күткөн, жүрөккө тамган жалгыз тамчым сенсиң!» – дебеди.

Тескерисинче, мени уялуу, баёо тиктеп түз айтпаса да көз карашы менен: «Баатырым ашыгып кетпедиңизби, шашып жатпайбызбы? Ушул сиз, бир аял менен ажырашып, ачышкан жаратыңызды басаңдатуу максатында менин колумду аргасыздан сурап жатпайсызбы?» – деп тиктеп, ойлуу басып, дароо жооп бербей койгону кайра жакты. Башка бирөө ушинтип реакция кылса, кол шилтеп шашып басып кетмекмин. Магниттей жабышып калган сыңары оозунан жообун күтүп, Жанараактагы ишенимдүү кадамым илең-салаң болуп шилтенбей, оорукчан адамдай кулап түшчү акыбалга кептелип калганда гана, макулдугун берди. Көп узабай шан-шөкөтсүз, ресторансыз эле жупуну тойчо өткөзүп, баш кошуп алдык, – дегенде, Ассоль:

– Анда Гүлдана кана? Эмнеге бул жакка алып келбедиң? – деп шашылып сурап калды.

– Бир уул, бир кыздуу болдук. Кичинекейимдин кыркы чыга элек, уулумду кошуп кайын энем үйүнө алып кеткен.

– Ии садага болуп кетейиндеримди көргүм келип жатат, – деп үшкүрүнө колун ээгине таянып, кайра чочуп кеткенсип мени алая тиктеп, – Гүлдана экөөңөр жакшы эле жашап жатасыңарбы? – деп сурап калды.

– Биз экөөбүз баш кошкондон бери жоро-жолдошторум: «Сүйдүм-күйдүм, сени албасам сууга чөгүп өлөм. Сага тийбесем уу ичип өлөм», – дегендер баш кошуп, турмуш арабасы шаштыларын кетиргендер болду. Күнүмдүк көр оокат түйшүгүнө малынып, ага туруштук бере албай ажырашып, душман болуп, мүлк бөлүшкөндөрүн, балдарды зыркыратып эки жакка бөлүп, кечеги ынак сүйүшкөндөр бүгүн келишпес касташкандарга айланганын көргөндө, төбө чачым тик туруп калган учурларга күбө болуп жүрөбүз.

Ал эми Гүлдана экөөбүздүн ортобузда алгач жактыруу сезими гана болуп баш кошкон болсок, эми болсо мураска деп уул күттүк, кырк жылкылуу деп кыз таптык. Гүлдана экөөбүз бойдок кезде күйүп-бышпай, бири-бирибизге шашпай, сылык сыпаа гана болсок, эми бири-бирибизди көрбөсөк сагынып жол карачу болдук.

Бирибиз кечиксек, экинчибиз бушайман тартып телефон чалып, үнүбүздү угуп санаабыз басылып, мурункy жактыруубуз меште күйгөн ысык чоктой кызарып, улуу сүйүүгө айланып баратканына экөөбүз ары чочуласак, бери жан дүйнөбүз жаш баладай кубанат. Көпөлөктөй жеңил канат серпип, балдар эртерээк укtаса, бийчи-чоорчунун музыкасында туйлап, бийлеген абалыбыз туталанып, улуу Сүйүү отуна айланып баратат! Мындан аркысы бири-бирибизсиз жашоо уланбачудай сезилет! – деп Алим Ассольго өзү жөнүндө төкпөй-чачпай айтып берди.

Түн оогондо сөз баштагандар, жерге жарык кирип таңдын илеби көрүнө баштаганын да аңдабай калышты.

Уулу өзүн таап, жар таап, бала сүйүп, алардын кадырына жетип калганына, көзүнөн кубаныч тамчылары тамчылады. Жүрөгү жакшылыкка эзилип, кайра бир нерсени эстегендей: «Наташа, Эркиндер жакын жерде турушабы? Алардан кабар алып койсок жакшы болмок?» – деди,

– Эркин шаарда бизнесин өркүндөттү, үч кабат үй салды, күзүрлөр минген жолтандабастын аппагын Дубайдан алдырып минди. Бирок, негедир тапкан тиричилигин таштап, Папан айылына үй салып, бүлөсүн көчүрүп, эмнегедир ошол жакка көчүп кетти.

– Ой, ботом! Эмнеге көчүп кетти, деги тынччылыкпы?

– Ошону үйүнө барганда өзүнөн сурап, Эркиндин оозунан угалы!

* * *

Ассоль, Баймурза Султанов жана Исак Жусупов болуп Медеого кетишкен кезде, Ассольдун ата-энеси кайтыш болду. Ассольду таба алышпай убара тарткан кезде, алардын тажыясын өткөзүп жерге бердирткен Талгат экендигин, Ассоль жүрөгүнө түйүп кана албастан, ичинен ага бак каалап, өмүрүн тилеп жүрчү. Минтип, Бишкекке келип уул-кызына жолугуп, алар бул жашоодон өздөрүн издеп тапкандарын көрүп, көңүлү тынчый түшкөнү көңүлүнө Талгат келе түштү. Исак Жусупов менен ага жолугуу оюу менен бөлүшүп, анын да Талгат менен жүз көрүшүп, кабар алып коюу боюнча макул гана болбостон, өзү да Талгатты көргүсү келип жатканын жашырбай ачыктады. Андан аркысы Баймурзанын тааныштары аркылуу бат эле Талгаттын дарегин таап «Дордой» базары тараптагы жаңы конуштарда жашап жаткандыгын аныктап, үйүн издеп таап келишти. Эң кызыгы дарбазаны Исакты түрмөгө отургузууга салым кошкон, түгөнгөн Самат түгөттүн кызы Ширин ачканын көрүшкөн Исак менен Ассоль бир азга эндирей түшүшкөнүн байкаган элпек Ширин, конокторду тааный калып:

– Үйгө кириңиздер! Сиздер Талгатты издеп келдиңиздерби? – дегенде, баштарын ийкегилеп, ийменчек кызга таң калып, ичкери киришти. Талгат эч өзгөрбөптүр. Тескерисинче, ыраңына чыгып жашарып, ачылып кеткендей. Чыртыйган кара мойлоо коюп, кебетеси семиз да арык да эмес орто салмакта. Спортчу адамдар кийинчү спорт кийимдерди кийип алыптыр. Көзү да тунук, көз карашы да ишенимдүү абалда кучак жайып Исак Жусупов менен Ассольду тосуп

алды. Сураша келсе, Талгат түгөнгөн Самат түгөттүн кызы Ширинге үйлөнүп, бир кыз эки уулду болушуптур. Түгөнгөн Самат түгөт менен Талгат бир тууган бөлө болгондуктан туугандар кандайча үйлөнүп калганына суроолуу тиктеген конокторуна Ширинди түгөнгөн Самат түгөт балдар үйүнөн багып алгандыгын айтып бергенин, ал маалыматтар такталганын угушкан соң ынанып отуруп калышты. Талгат менен Шириндин чакан дүкөнүн көрүштү, ошол дүкөнүндө турмуш тиричиликке эмне керек болсо бардык нерселерди сатып жатышканына күбө болушту. Ал турсун, товарларынын көпчүлүк бөлүгүн арак, коньяк, пиво, шампан, вино, тамекилердин бардык түрүн, ал гана эмес Баткендин насвайынан бери сатып тиричилик кылып жатышканын көрүп: «Ичимдиктер, тамеки, насвай арам оокат болуп калбайбы?» – деген сындуу, ары суроолуу тиктей калган Ассольдун көз карашын баамдаган Талгат:

– Ассоль, Исак мен Сиздерди билем. Протестант динин карманасыздар, мен өзүм Исакты протестанттардын жыйынына ээрчитип алып баргам, анымды чанбайм. Жыйынга каттап жүрүп, кийин мусулманчылыкка ооп кеттим. Андан соң эч бир динге ыктабай эле Кудайды жүрөгүм, калбым менен тааныган жашоого өттүм. Менин баамымда «Ушул спирт ичимдиктерин сатпай эле оокат өткөрбөйсүңбү?» – деген көз карашыңыздарды айтпасаңыздар да далым менен сезип турам.

Өткөндө кайнатам түгөнгөн Самат түгөт үйгө келип калды, дүкөндү кыдырып, мурчуйуп: «Таксыр! Намаз кандай болуп жатат анан?» – деп уяткарып калганда, эсиме эмне келди? Элде айтылып жүргөн: «Алкаш карыса молдо болот, шуркуя карыса табып болот» – деген кеп эске түштү. Түгөнгөн Самат түгөт

кечээ эле өзү уурулук менен оокат жүргүзүп жүрүп, жыйынтыгында түрмөгө түштү. Тор артынан чыккан соң намазга жыгылып тооба кылган адам болуп коомго аралашып кетти. Жакында шаардагы бир саунага досторум менен барсам, ал жерден акыл үйрөткөн бөлө–кайнатам дырдай жылаңач абалда бир шуркуяны акчага сатып алып, эркек кумарын кандырып жатканын көрүп эсим ооп, аны ага да Ширинге да угузбай жүргөн элем. Эми ал эч нерсе болбогонсуп, пакиза адам болуп чыга келди. Оюнда мени таалуу жеримден кармап, ыймандуу адам болуп көрүнгөнүнө негедир айткан сөздөрүнө терикпедим. Не болсо да Ширинди атасы турганын эстеп, сый кылып унчукпай туруп калсам, ал мени күнөөкөр болуп калды деп ойлоп калды окшойт, оолугуп: «Деги ниет барбы намаз окуганга, дени-кардың сообу?» – дегенде мунусунда оозум кычышып кетип, эми оозуна берип, каяша айтайын деп калганда Ширин келип калганын көрүп, өзүмдү тыйып калдым.

Мындай да, биз дүйнөбий мамлекетте жашаган соң, мамлекет мыйзамдарына баш ийип жашайбыз. Салыгын, социалдык чегерүүнү, светке, акыр-чикир жана башка бардык төлөмдөрдү төлөп, мыйзам уруксат берген товарларды сатып, оокатыбызды адал кылып жашап келе жатабыз. Тиги ичимдиктерди сатууга мыйзам уруксат берет. Ошону менен бирге бирөөнү алдап, же уурулук кылып оокат жүргүзгөнүбүз жок. Дүкөнгө бардык уруксат кылуучу документтер жайында. Кээ бир чала молдо дин бузарлардан айырмаланып «Түшкө чейин имам, түштөн кийин Иван» болуп, жасалмалуулук бизде жок, баары ачык-айкын. Турмуштан ордубузду таап, бала-бакыра күтүп, оокатыбызды жүргүзүп жатабыз. Акчалар асмандан түшүп калган жок. Ширин экөөбүз базарда иштеп, ушул үйдү

бүтүрдүк. Андан соң үйдү барымтага коюп банктан насыя алып дүкөн тургуздук. Товар жүгүртүүгө да банк кошумча насыя берди. Банк менен да мамилебиз жакшы, төлөмдөрдү өз убагында төлөп турганыбызды алар жакшы билишет, ошондуктан насыяны төгүп бүтөөрүбүз менен этегибизге жармашып: «Дагы бизден эле насыя алыңыз, башка банкага барып эч убара болбоңуз», – деп жүрүшөт.

Коңшу-колоң менен эл катары тиричилик мамилени куруп жашап келе жатабыз. Жамандык-жакшылыкка, угуп калганыбызга катышканга аракет кылабыз. Шартыбыз туура келбей барбай калып, кээ бири таарынып калган учурлар баштан өтүп жатат.

Балдарды эл катары окутуп, чокутуп илим–билимге багыт берип: «Өз күчүңөр менен окусаңар окугула, контракт төлөтүп окуйм десеңер шарт жок, окутпайм», – дедим. Биздин дипломдор деле чаң басып дипломатта жатпайбы. Каалашса дүкөндө иштешсин. Эл катары Россияга барып акча таап эмгектенебиз дешсе колу-бутунан кармабаймын. Адал эмгек менен өздөрү аракет кылып акча, үй-бүлө таап жашаса болду. Бизди ашыкча акча, байлык бийлик кызыктырбайт. Эң башкысы Ширин экөөбүздүн, балдарыбыздын алтын башы аман болсо, ден-соолук болсо, өлбөгөн тиричилик өтө берет да, – деп жана эле короосунда чуркап жүргөн эки тоок бир корозунун, бирөөсүн кармап, мууздап, жүнүн тытып шорпо асты. Конокторун сый тамак, ачык маанай менен тосуп алган Ширин менен Талгатка ыраазы болушту.

Үйгө кайткан кезде бул үй-бүлө жөнөкөй үй-бүлө курса да, эң оболу бул жашоодон «өздөрүн таап», бар ырыскысына канимет кылып, чириген байларга көз артпай, папке кучактагандарга сын такпай, өздөрүнүн тагдырына өздөрү эгедар болуп, бактылуу турмуш ку-

руп жашап жаткандарына ичтеринен кымыйып сүйүнүп келатышты.

Ассоль болсо: «Буларга берген баталарым түз барып тийиптир», – деп ичинен ыраазы болуп келатты. Аныгы, Ассольдун батасы тийдиби же Талгат менен Ширин өздөрү турмуштан ордун таап, жашоосун татаалдантпай, барга көппөй, жокко чөкпөй жашагандандыр. Анык формуласын эч ким билбейт. А балким, бөлөккө кара санабай, аң казбай, өзгөнү өзүндөй кабыл алып, келип кетчү дүйнө, даңк, мансап сыяктуу азгырыктарды жүрөгүнө бакпай, арыулукту дайым туу тутуп жашагандандыр? Ким билсин? Кантсе да жашоосу жетип– жетпей жашаганы менен жан дүйнөлөрүндө эбак эле тынчтык орноп «өздөрүн тапкан» жөпжөнөкөй инсандар эле.

*    *    *

Турна Баймурза Султановдун бийлик өктөмүндө ооматы оргуштаган дарыя агымындай буркан-шаркан аккан кезде, дөөлөтү дөшү ташындай оор болуп, зоболосу ала-булуттарга көзөмөл жүргүзгөн асман тиреген зоолордой бийик болуп, ырыскысы жылгадагы булактай түгөнбөй агып турган кезде анын колтугуна чап жармашып, айткан сөзүн аткарып, койгон музыкасына бийлеп, асыресе нукура Музасы болуп чыга келди.

Баймурза кайын атасынын амалына, өктөмдүү бийлигине ашык болуп, Нурсулууга баш кошуп жашаганы менен, төшөктө эч эле ысый албаганы, көп эркектин кумарын кандырып тажрыйбасы ашып калган Турнанын койнун көргөндөн бери, Нурсулуу менен паспортундагы штампы жана ортодогу балдары үчүн жашап жаткансыды. Себеби көзү ала чакмак болуп, Турнасы өмүр өткүчө, көзү жабылып аркы дүйнөгө

кеткиче маңдайындагы медери болот деп бөркүндөй ишенип алган.

Жанагинтип майып абалга кептелгени Турнасы жүзүн үйрүп, куйругун кыпчып, Баймурзаны бат эле унут кылганы, бечара майыптын мазасын алып, шаштысын кетирип, аттиң дедиртти. Атүгүл Баймурза үйдө отуруп калганы, достору андан кабар алганы келип, Нурсулуу ары басып чай даярдаганы кеткенде: «Турнаң баланча менен сайышты, түкүнчө менен аймалашты, муну менен жүрүп кетти, тиги менен тебишип ататты», – уккан сайын, улгайып, муң басып, азабына азап кошулуп атты. Акыры жашы өдөлөгөн Турнаны чанган чиновниктер, анын ордуна андан өтсө өткөн, бирок кем эмес супсулуу ойсокесин таап, Турна Баймурзаны кантип чанса, куду ошентип чанып кана тим болбосун, ашкере кеп кылып, мыскылдап мазакташканын Турна укпай койгон жок.

Кантсе да карт бөрү ары шылуун, куйтулук менен митаамдык, амалкөйлүк менен лаззаттын башаты болгон Турна ушул туңгуюктан жылчык таап кеткенсиди. Токтогулдук бир жергиликтүү чиновник көк үйгө келген сайын шилекейин чубалтып, Турнага жармашып, кулагына: «Буларың сени ойнотуп жүрөт. Мен сени аялдыкка качан болсо алууга даярмын», – деп тизелеп жалдырайт. Ал учурда Турна айдагы бакан көтөргөн кыздай кол жеткис эмес беле, минтип үй коруй албай куугунга калган карыган иттей акыбал башына түшкөнү, алиги токтогулдук чиновникти эстеп, ага телефон чалды. Кургур куурап бараткан дөңгөчтөй зорго эле турганбы, же Турнанын жаш кездеги койдун куйругундай сопсонун соорусун кучактап жаткан төбөлдөрдөй аны өмүрүндө күсөгөн ышкыбы, же калп эле капканга түшүрүп туруп, эч болбосу дегенде бир ирет эметип алайын дегениби, а балким чындап

эле аялдыкка алгысы келдиби, а балким жүрөгү канталап Турнага тили салаңдап чындап ашык болгондур, анысын ит билеби? Айтор убадасы бек экен, сөздүн өтөөсүнөн чыккан эр экен дароо төрт дөңгөлөк атын Бишкекке чаап келип, Турнасын учкаштырып Токтогулга алып кетти.

Күйөөсүнүн жашы өйдөлөп калса да, райондук бийлик өктөмүнүн сыйын, чекелерине тырыш түшүп, чачы бубак баскан Турна көрүп, жыргап-куунап жашап калды.

Тиги чиновниктин ажырап, жаны ачышып калган аялы жөн жатпай өчөшүп, муруңку күйөөсүнүн былык иштерин былгытып, ар эшикти каккылап арызданды. Жаш, үстөл пайлаган бүркүттөр кечээ эле: «Шеф, шеф», – деп аласалап, таманынан бери жалап–жуктап жиберчү орун басарлары, даяр былык материалды пайдаланып, тиешелүү органдарга бутунун чаңы чыккыдай чуркап жеткирген күнү, экс чиновниктин башына кара булут айланып, ичкен жегенин он эселеп кусуп берип, эркиндикте калганына, зорго жеткен Турнасынын койнунда жатканына, шүгүр кылбаска эч аргасы жок эле. Буну уккан мурунку аялы моокуму канып, көргөндө чырагына май таамп, ачышкан жери басылып, ал эми ээрин болсо: «Ирас болду! Ушуну көрмөксүн», – деп каргап-шилеп, жыргаганын жашырбады, анан эмне кылсын...

Кечээги сайран жашоо бүтүп, экөө тапкан-тутканын сатып бүткөнү, эптеп оокат өткөрүү, курсак тойгузуу үчүн иштөө керек. Мурунку айыбы билинип калганга эч жер жумушка албайт. Элди ээрчип Бишкекке барып соода-сатык кылайын десе жаштары өөдөлөп коркок да, чоркок жашка таянып калган убак.

Айлалары түгөнүп, мыйзамсыз жана тымызын кара куурай топтогон топтун жумушчу күчүнө айла-

ныштты. Турна, күйөөсү жана башкалар болуп кара куурай өскөн жайытка мал жайгандай жайылып иштешет. Күн шашкеге чыккан маалда чыгышат, себеби күн ысыган кезде жанагы атың өчкүр кара куурай алаканга жакшы жармашат. Өсүмдүктү эки алаканы менен сыдырышып, колго жуккан кара куурайды укалап топтошот. Кокусунан рейдке чыккан милисаларды байкап калышса, атайы кароолдо турган бирөөсү алдын ала сүйлөшүлгөн пароль менен: «Ээй баланча, кайт! Торпок бошонуп, уйду эмип кирди!» – деп бакырат. Муну уккандар, милиса келатканын билгизген шыбырт дешип, качып тозуп кутулушат. Колго түшчү болсоң, бир айлык мээнетиң кеткен штраф төлөп кутуласың.

Ошо күндөрү рейд болуп, милисалар келатканын угузуп, жанараакта айтылган парольду айтып жар салганда, Турна аласалап бөтөн жакка качып жөнөйт. Алдынан милиса тосуп чыгат, штраф төлөөдөн качуу керек, антпесе топтогон бир ууч акчасын алдырып ийет. Эмне кылаарга алапайын таппай, колун караса каракуурайга чапташып капкара. Алаканындагысы эң-кур дегенде миң сомдук товарга жарап берчү ырыскысын, жөн эле алдындагы милисага берип салуудан ыжданы чыдабай, айласы куруду. Не болсо да көк үйдө иштеген, анан да Баймурза менен жүрүп көп нерсени үйрөнгөн, дегеле өзү ар жагынан айлакер анын митаамдыгы, аңкоолугу, кылыгы кырк эшекке жүк болчу куйтулугу менен амалкөйлүгү иштеп кетти окшойт. Эркектердин эсин оодарчу эски өнөрү, ынанымдуу куралы эсине келди сыңар, милисаны көрмөксөн болуп, астейдил көйнөгүн өйдө көтөрүп киргенде, милиса кан буугандай ордунда токтоп калды. Эми эмне кылат экен дегенсип, олжосун пайлаган жырткычтай таканчыктап туруп калды эле, мунусун артындагы көзү ме-

нен далысы менен көрүп турган Турна, милиса жакка бурулуп көйнөгүн дагы өйдө көтөргөндө, айдыңдай эротикалуу киндиги көрүндү. Милисанын жүрөгү «болк» этип кабынан чыгып, таңдайына такалып, энтиккенден аба жетишпей чекесине кара тер атып чыкты. Киндигинин алдын көздөй бир аз ылдыйлап жыш өскөн чытырман токойду көргөндө, канчыгынын жан жерин жыттаган бөрүдөй «уу-ув» деп улуп жиберейин дешке аз калып, өзүн басты. Ушуну эле күтүп тургансып, эки колу менен лифчигин түздөп, анделектей болгон эки эмчегинин сыртынан тырмоосун кандырып тырмаганча мыкчып–мыкчып алды эле, милиса торго түшкөн балыктай тыбырчылап жиберди. Апогейи келип жетти окшойт, мына сага дегенсип, ыштанын шыпырып, саара кылганга тоңкоюп отура калды эле, милисанын үшкүрүгү төбөсүнө чыгып, чагылган ургандай «зың» этип, кулагы тунуй түштү. Чарадай аппак жумуру кош жамбашын көргөн көзү, ошол куйрукка малынып, сенделектеп мас болуп калды. Ушуну эле күтүп тургансыган Турна сел кеткендей дың жерди жерип, саара кылып кирди эле, айгырдыкындай эркек танасы чокко какталган дүмбүлдөй дыңкыйып, шымына такалды, өзү айгыр сымал кошкуруп жиберди. Тигинин башы айланып калганына баам–парасат салган Турна, эки колун жая салып, алаканына жабышкан кара–куурайды («уликаны») сийдиги менен жууп жиберди. Муну көргөн милиса, далили улуу сууга жуулуп кеткенге, башын чайкап, коё бергенден башка жүйөөсү калбады, шымын тиктесе алды жагы суу болгондой ным тартып калыптыр.

Ушинетип жашыраак кезинде Баймурзанын доорун сүрүп, ал майып болуп калганда аны чанып, кийин өзү чанылган жашоону баштан кечирсе, жашы өйдөлөгөн кезде ушундай жашоого кезиккен Турна бул

жашоодон «өзүн таптыбы же таппай калдыбы», ким билсин, айтор ушундай жашоосу уланып жатты.

* * *

Айсулуу Султанованын дене түзүлүшү спортчу айымдардай сөөк-саактуу сымбаттуу келсе, бет келбети татынакай эле, бирок кандайдыр бир сур жылаандай муздактык жан дүйнөсүн чулгап турганы, кашынан ачуусу келип тургандай туюлчу. Калыптанган мүнөзү шартка жараша текебер, ашыкча өзүнө ишенген жана менменсинген инсан болуп түптөлдү. Бу нерсеге таң калуунун эч кажети жок, себеп дегенде бала кези өгөй атыккан аталаш бир туугандары менен өттү. Нурсулуу тамактын жакшысын, кийимдин жаңысын өз балдары болгон Биймырза менен Айсулуу Султановага берет. Ал эми жугунду сыяк ысытма тамакты, өңү өчкөн эски кийимди өгөй балдары Асыл жана Алим Султановдорго тартуулап жүрдү. Бала көргөнүн, укканын кылат болуп, Нурсулуунун эки анжы мамилеси Айсулууга терс таасирин тийгизбей койбоду. Чымчыктын баары талаада, кептин баары балада болуп: «Апа эмнеге бизге жаңы кийим алып берип, Асылдарга алып бербедиңиз?» – деп Нурсулууга койгон суроолоруна, дудаланып жүйөөлүү жооп таба албай калган учурлар Айсулуунун мүнөзүн текеберленүүгө, курук мактанууга урук сээп койгондой болду. Ошону менен бирге Баймурза да, Нурсулуу да балдарынын оозунан чыккан каалоосун заматта орундатып жатышты. Ал турсун Айсулуунун таятасы ЖКнын экс депутаты, азыркы үлкөн ишкер, неберелерин көргөндө бети менен түшүп, ашыкча эркелетүүлөрү, Айсулууга менменсинүү болуп тымызын кан тамырына, жан дүйнөсүнө чаар жыландай оролуп орноштү. Ал эми Айсулуу бойго жете баштаган кезинде Нурсулуу

кызын жетишерлүү көзөмөл кылбай, көңүл бурса ооз учунда болгонго, муну тарбия эпкини деп айтууга ооз барбас эле.

Баймурза болсо балдарынын тарбиясы түгүл алгач мамлекет түйшүгүн тартып жүрсө, кийин Ассоль менен Исак досу менен убараланса, акыры эрмегине айланган Турна моюнуна асылып, анын коюнуна кер жыландай болуп кирип алганга, Айсулуу өзүмдү өзүм билем, өтүгүмү төргө илем болуп, ээнсирөөгө кабылганы, үй-бүлө баалуулугу экинчи орунга жылып, жалгызсырап калуусу, акыры жеке жашоосунунда жалгыз жашоо эң ыңгайлуу формат болуп калгансыды.

Материалдык жагынан чөнтөгү толо болгону менен жан дүйнөсүнүн жалгызсыраганын сооротору бир гана агасы Биймырза болуп калды. Ал канчалык эгоисттик көз караште болбосун, бирок бир тууган карындашын көзүнүн карегиндей карап, ата мээриминен куржалак калган Айсулууга ак эткенде так этчү. Экөө бала кезде эгиз козудай ээрчишип чоңоюшса, студент доору келгени деле баштары бириге калып, жакын жердеги кафе, ресторанга кире калышып, кажы-кужу болушуп, ардемени талкуу кылып жүрүштү.

Баймырза ооруканага түшүп, акыбалы оор болгонун уккан Айсулуу көзүнөн жаш агызып кабатырланбады. Атүгүл, атасынын акыбалын сурап, оорукана босогосун аттабады. Мунун себеби, балким, Айсулуунун балалык, өспүрүм анан балакатка жеткен курагында атасынын, анын жашоосуна пассивдүү катышуусунун жыйынтыгы болдубу? Же Нурсулуунун жанагы өгөй анан өз деген мамилесиби? Балким бай таятасынын орунсуз шириндиктерине, чексиз эркелетүүлөрүнө чулганып калганыбы? Айтор ушул ылымылык ата-баланын мамилесинин бүгүңкү фактысы ушундай эле.

Нурсулуу сыркоолоп калган Биймырзаны алаксытуу таризинде Настяны жубайлыкка алып келгенде,

ал жаш баладай кубанып, жүрүм-туруму оң жагына ооп, үй-бүлөдө жагымдуу атмосфера орун алды. Нурсулуу коомду, дүйнө-жүзүн, үй-бүлө жана башка өзгөрүүлөрдү эң жакыны, ары жанында жүргөн адамы болгон Биймырзанын көзүнүн призмасы аркылуу көрүп, көнүгүшүп калган.

Айсулуу агасынын бүлө күткөн күндөн анын маанайы жаркырап, көңүлү ачык болгонун баамдаган. Ушу кезге чейин үй-бүлө институтун эч ойлонбостон колун сурагандарды боздоткон бойдон терс жооп берип, алардын шагын сындырып жүргөн эле. Агасындагы оң өзгөрүүлөргө дуушар болгонуна, өзү да бүлө күтүүнү күсөй баштады.

Үй-бүлө куруу үчүн өзүнүн даяр экендигин билгизе каалгасын кенен ачып, колун сурагандарды тизмектеп, анан сынак экзаменин өткөзүп баштады. Көбүн теңине албады, көбүн жактырбады, көбүн карап да койбой, чыдамы түгөнгөн учурда жанагы ачылган каалганы сыртынан жаап салды. Чуркагандар чуулдап, кызыккандар кызарган алманы үзө албай кала беришти. Ичтеринен: «Шашпа! Сен бизди чуркатып, сыздатып сызга отургузсаң, бир күнү өзүң да ошол сызга отуруп калба!» – деп кан какшап кала беришти.

Айсулуу таятасы түптөгөн ишканага дароо эле бөлүм башчы болуп дайындалганына азганакей убакыт болгон эле. Бир каанада үч-төрт эркек, эки-үч аялзаты чогуу эмгектенишет. Байкаштырып көрүп, Алмаз аттуу кесиптешине көңүлү түшүп, аны өзүнүн торуна түшүрүү максатында беркилерди көзгө илбей:

– Алмаз, жүр тамактанып келели, – деп аны колтуктап, түштөнүүгө чогуу чыгат. Жөнү бар болсо деле, жөнү жок деле Алмазды он айланып кепке тартып калганын байкаган кесиптештери: «Экөө соо эмес» дешип, күбүр-шыбыр кеп кылып жатышты. Иш убагын-

да эч эле жүйөөсүз баарына угуза, Алмазга кайрыла:

– Эй Алмаз, мени жубай кыласыңбы? – деп анын ой–боюн уруп ойнобой, кайсарлана тийишип сөзгө тартса:

– Жок, – деп ал тим болот.

– Эмнеге албайсың? – болуп ушул күнкү диалог соңуна чыгат.

Алмаздын ага көңүлү жокпу, барбы анысы менен иши болбой, кайра эле эртеси:

– Алмаз, мени түштөнүүгө алып аласыңбы? – дейт, байкуш бозоро түшкөн Алмаз:

– Ооба, түштөнүүгө алып алайын, – деп жооп айтат.

– А өзүмүчү, аласыңбы? – деген эски ырын ырдап кирет.

– Жок, – деген Алмаз, араңжан жооп айтат. Мунусуна каткырык салган Айсулуу:

– Эмне түштөнүүгө аласың да, өзүмдү албайсың? – деп кайра жарга такап, азил–чыны аралаш сөздөр менен бука сураган кунаажындай сүзгүлөп кирет.

Кадимки жумуш күнү. Кызматкерлер баары өздөрүнө дайын болгон күнүмдүк жумуштары менен алек. Буларды иштен алагды кылып, көөнүн өзүнө бурган баягы эле чуу көтөргүч, басса–турса чуулгандуу окуяларга бай Айсулуу телефон аркылуу, билдирүү, WhatsApp жазууларына жооп жазбай койгон Алмазга мунусунда ак кагазга бирдемени жазып, анын үстөлүнө ыргытты. Астейдил алып окуса: «Алмаз сен мага үйлөнөсүңбү?» – деп жазып туруп түбүнө: «Ооба. Жок», – деген даяр жоопторун кошо жазып коюптур. Алмаз дароо калемин алып: «Жок», деген жазууга тырмакча коюп, Айсулууга кайтарды. Өмүр бою «макул» деген жооп угуп көнгөн эрке кыз, терс жоопко итиреңдеп: «Жеткен корс адам турбайсыңбы!» – деген жообун жа-

зып ортодогу жүгүрүк катты кайтарды эле. Алмаз да бош келбей: «Сизчелик эмес», – деп жазып, кат ээсине аймакы жообун кайтарды. Негизги жумуш калып, эки эрөөл сайышка чыккандай бири–бирине тоголок кат ыргытуусу каанадагыларга даяр эрмек болду. Алар оюнда: «Экөө сүйүшкөн болушуп, акыйнек айтышып жатышат», – деп божомолдоп жатышты, аныгы жогорку жаакташуу болду.

Айсулуу чындап эле Алмазга ашык болуп калганбы, же принцип үчүнбү, айтор ортого чогуу иштеген орус кызы Лენанын салып, ал Алмазды кепке тартты:

– Алмаз! Возьми в жены Айсулуу? Она красивая, стройная, впридачу еще обеспеченная. Дед у неё какой влиятельный человек, а родители очень состоятельные люди. Тем более она к тебе не ровно дышит.

– У меня есть девушка, также у меня другие планы на счет свадьбы.

– Ну и ты тормоз, Алмаз! От какой возможности отказываешься! – деп кыжырдана басып кетти.

Ушундай сүйлөшүүлөр болуп, Алмаз Айсулууга үйлөнүүгө макул эместигин ачык айтып, өзүнүн сүйлөшкөнүнө баш кошоорун айтканына Айсулуу теригип, өзүнүн оюндагыдай болбой калганын кабыл албай, жумуш берүүчүсү болгон өктөмдүү таятасына: «Жумушун жакшы аткара албай жатат» деген жалган жүйөө тагып: «Алмазды жумуштан кетириңиз», – деп кайрылат. Иштин чоо–жайын аныктаган таятасы ууртунан жылмайып, Алмазды башка бөлүмгө которуп койду.

Ошо кезде Алмаздын бош ордуна Акбар аттуу сулууча жигит келгени Айсулуу бош калган торун Акбарга жайды. Анын шаштысын алып кирди. Акбардын мүнөзү Алмазга караганда алда канча жумшак, үнү да билеги да ичке келип, көзү сүзүлгөн жигит эле.

Айсулуу Алмазга көрсөткөн кылыктарын Акбарга да көргөзө баштады. Ал түз да, кыйыр да жооп кылбай, үндөбөй кутулуп жүргөнсүдү. Муну баамдаган кесиптеши Акбарга кайрылып:

– Акбар менин бир курбум бар. Тааныштырып коёюнбу?

– Эмне эле Айсулуу баш болуп мени үйлөндүрө албай атасыңар. Менин жүрөгүм бош эмес, ээси бар.

– Ушинтип «Жүрөгүм бош эмес», – деп былжырап жүрүп, башың айланып бир күнү Айсулууга үйлөнүп калба?

– Жоок, жок! – деп терс жооп айткан Акбардын башын чындап эле Айсулуу айланттыбы, же анын таятасынын өктөмүн, бардар кайын журтунун байлыгына бу жаш жигит кызыктыбы, айтор ал жумушка орношконуна эки ай толбой Айсулуу экөөнүн үйлөнүү салтанаты болуп, экөө баш кошушту.

Ашыккан кыз эрге жетпейт, эрге жетсе да этеги жерге жетпейт болуп, баш кошкондор арадан алты ай өтпөй ача жолго түшүштү.

Айсулуу эрден кур калган менен боюна бүтүп, күнү жетип кыз төрөп алды. Баймурза менен Нурсулуу жанагында Биймырзанын сапсары кызы чарчап калганда бир өкүткө батып, өпкөлөп ыйлап кала беришкен. Небере жытына зар болуп турганга бул чунак кыздан төрөлгөн небересине эт-бети менен түшүшүп, күн да, ай да бир гана ушул небереге тийип жатты. Кызы торолуп калганда Айсулуу көнгөн жумушуна чыгып, чачын, бет-башын жасалгалап, муруңкудан өтүп ачылып, татына болуп кетти. Эмнеси болсо да эркек көрүп калбадыбы, ошондуктандыр, а балким жөн эле ушундай болгондур, деген менен демейде жөнүнөн эчтеме болчу эместир эле, ким билсин...

Башы бошогон аял турмушка эртерээк чыкса жакшы болот экен, болбосо жөн жерден артынан сөз эр-

чийт тура. Сөз ээрчиген аялды, канчык иттин артынан түшкөн дөбөттөрдөй артынан дүпүрт түшүп эркектер ээрчий баштайт экен. Муну байкап калган Нурсулуу өздөрүнүн чөйрөсүнөн аялы менен ажырашып кеткендердин балдарын сураштырып, кызынын базарын кайрадан кызытып койду эле, үйлөнбөгөн бойдок жигиттер Айсулууга үйлөнөбүз деп, жеңин түрө шымаланып катарынан иретке туруп калышты. Айсулуунун кайсар пейли кармап калдыбы, же чындап эле эркекти күсөп калганбы, же мүнөздөрү төп келбей ара жолго түшкөн Акбарга өчөшүп анын жаны ачышсын дедиби, ургаачы канчыктын артынан үйүлө чуркаган топ дөбөттөрдүн туш келдиси менен кыңшылашып, отурган жеринде сийип, туруп кеткенсиген абалдан чыгып кетейин дедиби, эч ойлонбостон бирөөсүн кармады да тийип кете берди.

Эрдин эрдей түйшүгүнө мунусунда да чыдабады, кийинкисинде да көшөгөсүн көгөртүп отура албады, үчөөнөн бирден төрөп, үйүнө тап коюп баса берди. Бат күйөөгө тийип, бат ажыраша бергени: «Болду эми мындан ары эч күйөөгө тийбеймин. Эр мага керек эмес. Эркек керек болсо эч милдеттерсиз эле бирөөнү көңүлдөш кылып алам», – деген жашоого өтүп алды. Себеби Айулуунун оюнда үстүндө үйү бар, алдында элдер эңсеп бирок колу жетпеген аппак жолтандабасы жүгүрүп турат, бараарга маянасы күчтүү таятасы берген жумушу бар. Атасыз үч жетим, балалуу үй базар кылып, Нурсулуу менен Баймурзанын үйүн үч көтөрүп, жемге дадил тоюп, кутурган кочкорлордой ар кимди сүзүп, чурулдашып, чарчаган жеринде уйкуга кетип, чоңоюп жатышты. Айсулуу Султанова, жашоодон өзүн издеп таптыбы, же таппадыбы белгисиз? Деген менен ал: «Өзүмдү издеп таап алдым», – деп, өзү билген тиричилигин улантып жатты.

* * *

Абдулла Сириядагы аскер адамдын жанын алган болсо, ал жан бергени менен анын элеси Абдуллага өз көлөкөсүндөй жармашып алганы, же шайтан күчтүүлүк кылдыбы, акыры аны оорукананын ажатканасына кийим илчү жип менен асынтып, жанын алып тынды окшойт. Жакшыдан жаан, жамандан бөөн калат демекчи, артында анын куткаруучусу, өмүрүн узартуучусу Наташа болбогондо балким Абдулла Сириядан келген жылдары эле аркы дүйнөгө кете бермек беле эми ал жагы жарылбаган жаңгак сыңары, сырты жумшакпы же катуубу, маңызы майлуубу же курукпу дегендей да... Же болбосо эгерим Абдулла болбосо Наташа эрге тийет беле же тийбейт беле, наати кара далы болуп өтөт беле бу жалгандан ал деле ошо жанагы жарылбаган жаңгак сыңары да... Кандай болгон күндө да, артында атага тең уул, а балким атадан артык уул, ким билет? Мүмкүн атадан кем уул Эркин калып жатпайбы...

Наташа аны колго алып, экөө турмуш курду. Жамандыр жакшыдыр эл аралап жашашты. Минтип Эркиндей туяк калды. Ушунусуна шүгүр кылган Баймурза Султанов ал кезде алдуу, күчтүү, таасири таш жарчу кезде аларга каралашып, Эркинге атасынын көзү өткөнүн билгизбей жанында алып жүрдү. Жакшы кебин айтты, бала жүрөгүн мээримге, бала карегин аталык чоң адамдын карааныына, бала эңсөөсүн улай анын жандоосуна, бала сезимин эркекче колдоосуна, эң оболу жаш эркек бала үчүн чоң мааниге ээ болчу бала аздектеп алгачкы кумир туткан атанын орду болгон боштукту толтура алды. Деген менен Баймурза Султанов кийинки майып абалга тушуккан күндөн, алар да бул чоң үйдөн бөлүнүп, апасы Наташа экөө чоң ата-

сы Туйбастын үйүнө барып, өздөрү баштаган жашоо жолун баштаган күндөн, жомок дүйнө токтоп, жон териси менен сезген ачуу турмушту баштан кечиришти. Маанайы ачык болуп, жакшылык босогого келген күндөрдө апа, уул бирдей кубанышат. Кабырганы кайыштырган каат-каат каатчылык менен кара мүртөз, куйту адамдардын кытмыр оюндарына, ырыскыларын алсыздыгынан тарттырып, сынык аякты тегеренип олтуруп калган күндөрү, куру жала жабылып: «Мынча кыйын экенсиңер, анда неге атаң асынып алды? Күйөөң асынып алды?» – дешип, бүткөн жараны айра сыйрып, жан чыдагыс сөз күйүтүнө өрттөнгөн күндөрү Наташа Абдулланын арбайына ыраазы болуп жүрдү. Себеби жалгыз болсо ал дагы жанын кыйып алмак беле. Уулунун турушу Наташага аска зоодой тирөөч, жаркырап жанган күндөй үмүт нуру болуп чыга келгени үчүн, келечек талаасы канчалык бүдөмүк, ары көзгө сайса көрүнбөгөн боз мунарыктай белгисиз болсо да, уулу ошол боз мунарыктын ары жагында үлпүлдөп жанган чырак болуп чыга келгенге, уктаса түшүндө, ойгонсо тушунда, басса-турса жанында турганына күйөөсүнүн арбайына ыраазы эле. Ошону менен бирге Абдулла динге фанат болуппу же башка нерселер тартып кеттиби же Баймурзадай чиновник болгусу келбегенденби же тагдыр жазмышы ушундай беле деп көп ойлонуп, көп түйшөлүп Абдулла Султановдун уулу Эркиндин инсан болуп калыптануусуна кайдыгер болбой, уулунун жашоодогу эмнеге кызыгып, эмнени максат күтүп жашаганын байкаштырып жүрдү. Фанатизмдик деңгээлдеги динден көңүлү көк таштай сууп калгангабы, же өзү орус улутунун кызы болгонгобу, айтор, оронуп-чулгангандардан, сакалын абсайтып коюп, сасык жыттанып даваат айткандардан алысыраак кармаганга аракет кылды. Өзү орус

болсо да, күйөөсүнүн арбагын сыйладыбы же чындап эле кыргыз улутунун каада-салтын, нарк-насилин, үрп–адатын, улуттук кийимдерин, улуттук оюндарын, кыргыз адабиятын, кыргыз маданиятын уулунун жаш мээсине сиңдирип, жаш рухуна толтурууга бүт аракетин жумшады. Атасыз өссө да, ата карааны болуп берген Баймурза Султановдун аталык мээримине тойсо, тестиер кезде улуттук баалуулуктарды толук өздөштүрө алганга, пейили туруктуу болуп, жан дүйнөсү кеменгерлер сыпаттанганга, молдосу да, криминалы да, бузукусу да, түз көрүнгөн ийриси да, ийреңдеген чулдуру да өз талаасына тартып кете албады. Баары менен маектешет, акылдуусу менен айтышпай, макулугу менен жаакташпай, газандаси менен тартышпай, нашакору менен манчыркабай өз жолунан тайбай, калыптанып калган өз нугунан чыкпай баратты. Анын баарын байкаган Наташа уулун сынап көрөйүн дедиби, же күйөөсү Абдуллага окшоп ага да бири күнү «ажал» келип алып кетсе жашоодогу жалгыздыкты Эркин кантип көтөрөт дедиби, же чындап эле акчага муктаж болдубу а балким ишкердикти уулу экөөлөп өздөштүрөлү дедиби, айтор эл катары Орусияга жүк ташыган тиричиликти баштап киришти. Чынында мындай ишкердик кылбаса деле, атасынан, чоң атасынан калган мал-мүлк жетиштүү эле. Бирок кол куушуруп атадан калган мурасты жеп отурууга моюн сунушпады чыгар, ошентип ишкердик жолуна түшүштү. Ал кезде Асыл менен Алим Султановдор үйдөн куулуп чыккандарына күбө болуп, аларга да каралашып турушту. Асыл ыйлап келген күнү Орусияга жетелеп барып, ишкердикти өнүктүрүүгө жардам иретинде товарынан, карыз болсо да бөлүп берди.

Наташанын жашы өдөлөгөн кезде, Орусиядагы тиричиликти токтотуп, ишкердикти Кыргызстанга жылдырышты.

*     *     *

Түн оокумдан жер жарыганга чейин баян курган Алим Султанов эми сүйлөөгө чолосу жок эле. Азганакей тим болду да, унаага олтурушуп, Эркин Султановдун Бишкектен кеминде жети жүз чакырым алыс жайгашкан Папан айылындагы үй-жайына жеткичекти, узун жолду кыскартып, энелеш бир туугандарын сурагылап кирди: «Апа, бир туугандарым Муса Жусупов иним, Адина Жусупова карындашым жөнүндө айтып бербейсизби?» – дегенде, уйкудан калып көзү үргүлөп кеткен Ассоль мүргүй түштү. Жанаарак кечкурундан таң аткыча сүйлөп берген уулунун суроосун канаттандырып, анын үстүнө эне-бала эчен жылдар бою боор беришип сүйлөшпөй жүргөнү, бул узак жол кайра уйкусун умачтай ачып жиберди. Жандап келатып уйкудан калып, көздөрү чүңүрөйүп калган Асыл менен алдагачан уйкуга кеткен Исакты имере тиктеп сөзүн баштап кирди:

– Алар аякта, силер быякта болуп калганыңарды карагыла. Өздөрү да ыңгайы келсе өздөрүнүн тили менен айтып берээр. Макул, мен билгенимди, укканымды айтып берейин.

Исак экөөбүз көрбөгөн азаптарды баштан кечирип, акыры бири–бирибизге жетип, баш кошуп, Новосибирск шаарынан түнөк таап жашап калдык. Кийинчерээк Москва шаарына көчтүк. Өзүңөр билгендей уулду болуп атын Муса пайгамбардын атына койдук, кыздуу болуп аны Жусуп пайгамбарыбыздын урпагынын атынан Адина деп атадык. Алгач жашы улук болгон, жаш болсо да спорттун эмгек сиңирген чебери Муса жөнүндө айтып берейин, – дегенде, Алимдин да Асылдын да үргүлөп бараткан уйкусу ачылып, кулактарын түрүп, спортсмен бир тууганынын өмүр тар-

жымалына кызыгуусу артып, Ассольдун оозун тиктеп калышты, – Муса бир кездерде Орусиянын күрөш боюнча чемпиону болуп турду, бирок чемпиондун жашоосу чемпион жашоо болбойт тура...

...Чемпиондун жашоосу бөтөнчө татаал жашоо болот турбайбы...Спорттогу жашоосун айтып отуруунун кажети жок, азыр жеке жашоосун баяндап берейин.

Мусанын туруш турпаты төгүлгөн ак жаандай бир сырдуу, өңү, дене келбети Ахиллес баатырдай өтө балбан, жүзүндө каары чачырап, оозунан оту төгүлүп турган ажыдаардай сүрү мас адамды соолуктуруп, ыйлаган жаш баланын үнү токтоп, сооронуп калаар эле. Ээги кетмендей төрт бурчек болсо, тиштери аттын тишиндей орсоюп, илебин түртүп турчу. Билеги талдын тамырындай чыңалып чырмалышса, моюну багылган өгүздүкүндөй каат-каат жол салып, гармошканы элестетчү. Көзү адамды тешип өтчү жаа жебесиндей болсо, каштары кудум эле ийилген жаанын өзү эле. Ошондуктандыр, анын бойдокчулук кезинде зынаага көп мүмкүнчүлүк түзүлдү, эрден чыгып бузуку жүргөн келиндер, жеңил-желпи жүргөн кыздар жана эптеп эле боюна болдуруп эр кылып, урук алып, кармап алайын дегендер Мусага кыйла тузак жайышты. Мындай учурларда эркек болгон соң, алдында сомодой ургаачылар көзүн кысып турса, Мусанын делебеси козголуп, катып бараткан каны кызып, дырдай жылаңачтанып, суу чачышып, кыз-куумай ойноп шапар тепкиси келет. Бирок негедир ижарага берилчү бош батир чыкпай, же эми эле ушундай батирди көздөй оозунан шилекейи агып баратканда тиги кыз-келиндердин же Мусанын зарыл иши чыгып, телефондон чакырып калып, ойлогон иштери ойрон болуп, жүзөгө ашпай эле жүрдү. Мунусуна өзү да аң-таң калып, ошонусун менден жашырбай ачык-айрым айтып берип,

каткырык салып жүрчү. Ошентип ал үйлөнгөндө зынаасы жок таза үйлөндү.

Муса спорт менен машыккан соң студент кезде, үчүнчү курска чейин шарап ичимдиктерди түк оозуна алмак турсун ооз тийбей жүрдү. Кээ бир классташтары, курсташтары жана башка теңтуштары ичимдикти ичип алып кылжыйып мас жүрүшчү. Муса ичимдик ичпеген үчүн, ал өзүн алардын арасында ала каргадай ыңгайсыз сезип жүрдү. Жаштайынан эле жанагы спорт ийгиликтерин багынтып туу чокусуна чыкканга, урунаарга тоо таппай энергиясы ашып-ташып турса, курбу-курдаштары, айлана-чөйрөсү спортту эмес жан кумарын, ырахатты туу туткан чөйрөгө тушукту окшойт, ошондон жаштык кылып спортко кол шилтеп таштап салды. Бейдабаны ичип баштаса эле, аларга жакыныраак болуп калчудай ой басат. Ошол күндөрү жакын курсташы ары жакын досу үйлөнүп калып, аракка кыстап калышканда ичимдик менен таанышып, биринчи мертем ууртап көрөт. Ошол күндөн досторуна аралашып, максатына жеткенсиди. Кээ бир отурушта ичип калат, кээ бир тойлордон түк ичпей соо келет, анын жан дүйнөсүндө: «Ич-ичпе», – деп буйрук берген «спортчу менен рахатпуруш» болгон эки күчтүн ортосундагы кызыл чеке талаш-тартыш уланып жатты.

Институтту бүтүп, жеке ишканага жаңыдан жумушка орношуп, алгачкы маянасы колго тийген күн. Кесиптештерин кафеге чакырып, куттуктоолор айтылып, ачуу суудан тоюшунча шимиришип, түңкү саат үчтөр чамасында таркашат. Таң атып, түңкү арактын калдыгы Мусанын башын айлантып, анын үстүнө оозу буркурап жыттанганга, жумушка жетүү үчүн унаасын айдабай, такси менен барат. Ошол күңкү иш уланып, бир болсо жумуштагылар менен баш жазды

кылып, дагы жүздөн, а балким эки-үч жүздөн согушкан. Жумуш бүтүп, үйгө кайткан кези шам маалына туш келет. Иңир кирип, боз-ала шам маалы шайтандар асмандан жерге түшкөн маал дегени чын белем, таксиден түшүп жолду кесип, жөө өтүп бараткан Мусаны өйдө тараптан катуу ылдамдыкта келаткан Мерседес унаасы бут талаштыра сүзөт. Чамасы аны кеч көрүп калып тормузду тебет: «Чиииыйк», – деген дөңгөлөгүнүн үнү менен резина күйүк жыты абага чыгып, Мусанын бутунун үч жеринен сынат. Адам бою абада калкыган Мусанын денеси унаа терезесине жабыша түшкөндө, чочуп кеткен унаа ээси экинчи ирет тормузду тепкенде, аңтарылып топтой учкан Муса башы менен асфалтка сүрүлүп, бет-башы сыйрылып, кан жаян болуп жатып калат. Кызыгы, Муса соо эмес абалда болгон болсо, аны сүзүп кеткен унаа ээси да чылгый мас болгону аныкталат. Шоопур эсине келип, качуунун айласын таап, унаасын от алдырып качайын деп калганда, жол боюнда турган спортчу балдар аны качырбай, желкеден алып унаанын алдына отургузуп, арткы орундукка Мусаны жүктөп ооруканага жеткизишет. Дарыгерлер Мусанын сынган бутун операция кылып, үч сыныкты жабыштыруу максатында атайын аппаратка салып, кайрадан бутка туруп басып кетүү үчүн эң кеминде сегиз айдан бир жылга чейин бутун асып жатуу режимин угузушат. Бут сыныгы менен бирге баш моюн сөөктөрү катуу жабыркаган үчүн, моюнуна атайы шак-шак сымал түркүк коюлуп, Кудай жалгап Мусанын жаны аман калганына баары шүгүр кылышат.

Дарыгерлердин: «Төшөктөн турбай сегиз айдан бир жылга чейин жат», – деген сунушунун негизинде Мусанын жатак абалына беш ай болуп калган кез. Жанагы дөөдөй кебетеден эч нерсе калбады, сөөгү жоон

болгону үчүн килтийген сөөктөрү оркоюп, кетмендей ээктен эмшейген ээк калып, эшиктей жоону эликтин кабыргасындай болуп, устундай санынын эти качып, салмак таштап адам таанығыс болуп арбайып, арыктап кетти.

Ассоль кара жанын карс уруп, күн-түн дебей Мусанын ден-соолугу менен алек болуп жүргөн күндөрү, Исактын шаардагы дүкөнү бүт товары жана дүкөнүндө Мусага үй алып беремин деген акчасы кошулуп кандайдыр бир себептер менен өрттөлүп, күлгө айланып сапырылып кетти. Эки күйүт бир келип, кошул–ташыл болгонго Исактын кан басымы көтөрүлүп, микроинсульт алып, жумушка чыкмак турсун, ал дагы кол карап ооруканага түшөт. Адина болсо студент. Үй-бүлөнүн бүт жүгү Ассольдун башына түшүп көп түйшөлдү.

Эшикте чыйрыктырып кычыраган суугу ичтен алып, бу кыш жылдагыдан оор түшүп, жолдор көк муз, тоңголок. Исактан кабар алып коёюн деп ооруканага ойго чөмүлүп келаткан Ассоль тоңголокко тайгаланып, эки тизеси менен музга жыгылды. Тамырлары чоюлуп ооруксунганын тоотпой, жыгылганын эч кимге айтпай: «Меники эчтеме эмес, эң оболу уулум менен күйөөм бат айыгып кетсе болду», – деп дарыгерлерге көрүнбөй коёт. Тизе оорусу өтүшүп кетип, жан чыдагыс ачыштырып, акыры турса отура албай, отурса тура албай калган аянычтуу акыбалга кептелет. Апасынын ушул акыбалын төшөктө жаткан зирек бала Муса байкап калып, денесине ийне сайгандай эчкирип ыйлап жиберди. Баласынын ыйлаганын көргөн Ассоль дагы өзүн токтото албай ыйлап, эне-бала өбөк түшүп ыйга батышты.

Муса көз жашын аарчып, апасынын ушул акыбалын көргөндө капилеттен күч келип, «Дарыгерлер-

дин сегиз айда басууга далалат кылсаң болот», – деген сунушун четке кагып, oордунан туруп, балдак менен басууга аракет кылып, бутун шилтеп кирди. Сыныктан көк кара болуп шишик баскан, беш ай кыймылсыз жаткан буттар, мурунку жоон сан этин шылып салгандай ипичке болуп, эч баскысы жоктой зырылдап, оорутуп туруп алды. Муса жаны ооругандан көзү канталап, Ассольду аяп, басканга жан далбас кылып аракеттенип кирди. Максаты тез арада басып кетсе, апасына кол–кабыш көрсөтүп, ошону менен бирге апасынын ооруган тизесин дарыгерге көрсөтүү эле. Жараткандын мээри түштүбү же Мусанын спортто жүрүп тарбияланган өжөрлүгү болдубу, айтор он беш күн дегенде ал эки балдакты ыргытып, чолоктоп басып кетти. Дароо рулга олтуруп, унаасын айдап, Ассольду дарыгерлерге көргөзүп, анын оорусуна шыпаа берип, ооруксунтканы басылып Ассольдун буту айыгып кетти.

Муса акча тартыштыгын, бардык жүк Ассольго түшкөнүн байкап, апасын аяганга бутуна коюлган аппараты менен жумушка чыгат. Анын жүйөөсүн туура түшүнгөн жетекчиси, ишке чыгууга уруксат берет. Уулунун темирдей мүнөзү менен жан үрөп бутка туруп, көзү жанып иштегени Исакка кайрат берип, ал дагы көп узабай жумушка чыгып, деңиздеги айсбергке урунган кеменин жыртыктары жамалып, кайра улуу жолго аттангандай жаңы күч, руханий биримдик бул үй бүлөнү сындырбастан кайра мизин курчутуп, алдыга карай бет алышат.

Арадан бир жыл өттү.

Ушул күндөрү Мусанын жана-жан досу перзенттүү болуп, анын шарапаты деп, жанагы буту сынгандан бери унуткан шарапты өкүртө, өчүп калгыча ичишти. Кылжыйып бутун араң шилеп, оозу-мурду, ичи аракка толгон абалда керебетке кулап, уйкуга кетти.

Түн бир оокум. Көзүн ачса үстүндө капкара көйнөк, кара шым, кара чапан, башында кара баш кийим, жада калса байпагы менен бут кийими да кара түс. Ачык болгон эки колу да кара, чочуп жеңин түрүп караса билеги, шымын түрүнсө балтыры-саны кара, мунун баарын тиктеп эсеңгиреп отуруп калды. Коркконү: «Мейли колу-бутту жаап жашырып кийинсе болот. Жүзүм да карайып кетсе көчөгө кантип чыгам, эл аралап кантип жүрөм?» – деп тула бою зыркырап, дили сыздады. Акыры ордунан туруп ваннага кирип, эриксизден башын күзгүгө көтөрдү, эки көзүн алаканы менен жаап алган, көңүлү бүркөлгөн абалда астейдил колун сыдырып ылдый түшүрүп жумулган көздөрүн ачты. Маңдайында капкара жан алгычтай болгон ачкемер турат. Анын оозу-мурду, көз-кашы өзүнүкү болгону менен, жүзү кара түс болуп турганы шаабайын түшүргөнгө ачуусу менен спорттогу ийгиликтерине, кашындагы каарына ишенип күзгүгө бешенеси менен опурулду. Күзгү жарака кетти, бирок сынбады. Маңдайындагы ачкемердин бешенесинин так ортосу жарылып, токтобой шорголоп аккан кан каш-кирпигин, бети-башын заматта кызылга боёп салды. Ваннанын суусун агызып, кочкул кызыл кан менен кара жүзүн миң жууганы натыйжа бербеди. Башын көтөрүп сынык күзгүгө үңүлсө, арт жагында аппак кийимчен бою шыптай, өңү сүрдүү эркек киши “Куран” аяттарын окуп, кол булгалап: «Кел биз жакка», – деп чакырды. Аны көргөндө өпкөсү таңдайына такашып, муундарын калчылдаган титирек басып, баш мээсин доңуз кажыгансып жарылып кетчүдөй зыңылдайт. Эми өлдүм–життим деп кара терге түшкөн абалда ойгонуп кетти. Керебетине башын шылкыйтып, титирек баскан жүрөгүн тыңшап, узак отурду. Кухняга кирип бекиткен бейдабан жүздү сокту, каны суюлуп жаны жай

алып, жүзү тамылжый түштү. Уктабай таңды атырып, ваннага кирүүдөн чочулап, тамактанчу бөлмөдөгү суугa чала-була шапшынып, суудан тамагына каркылдак кылып чайкап, кир майлыкка бети-башын сүрткүлөп, жумушка чыгып кетти.

Исак менен Ассоль баласынын бул акыбалын көрүп үйлөн деп өздөрү каттаган протестанттардын чиркөөсүндөгү кыздарды көрсөтүштү. Муса ата-энесине жана алар тутунган протестант динине протест кылдыбы, же чындап эле ушуну кааладыбы, башына жоолук салынып, бети-башын жаап, беш маал намаз окуган кызды тандап, ал да Мусаны жактырып экөө баш кошушту.

Ошондо дин жагынан алганда жамгырдан кийин бир нече түс менен жарым ай формасында пайда болуучу «асан-үсөн» көк желе сыяктуу, түстүү үй-бүлө жаралды. Ассоль менен Исактын башынын тал чачынан бутунун тырмагына чейин берилген протестанттар. Муса баарына протест кылып азырынча религиясыз инсан, келини ар дайым даараты менен беш маал намазын үзбөй окуган чыпчыныгы мусулман болсо, Адина алгач ата-энесин ээрчип чиркөөгө каттап жүргөн болсо, бой жеткени ал жакка барбай, мектеп, институт болуп, илим-билимге ыктаган дүйнөбий инсан жолунда.

Мусанын аялы агарган таңдын илеби көрүнгөн кезде туруп, жай намазын жайып багымдат намазын окуп кирет. Муса болсо, чала жылаңач денесине көрпөнү чулгап, уйку-соонун арасында көзүн үргүлөй ачып, аялын бир тиктеп, тескери бурулуп бал уйкусун бышырып кирет.

Ичимдик ичип келген түндөрү делебеси козголуп, аялынын аңкыган жыпар жыты мурдун, киндигин кытыгылап киргенде, аялына жакындап, ич кийимин

чечип баштаганда, ал каршылык кылып: «Тийишпе дейм. Кандай баласың? Соо эмес абалда жыныстык кошулууга болбойт, бойго бүтчү балага терс таасирин тийгизет», – дегенин уруп ойнобой: «Кулиндан таза, кулундан ойноокмун», – деп арактын сасык жыты уруп турса да жанын жеп, ынабаган аялына ызырына: «Жөн жат, жөн жат дейм!» – деп жан кумарын кандырып, ааламды төңкөрүп, душманды кайтарган баатырдын кейпин кийип шалдайып, терең уйкуга кеткен түндөр болуп жүрдү.

Муса соолуккан кезде аялы аны мусулманчылыкка үндөп: «Күндө чочко кейпин кийип, мас абалда сасып келип, чала мас жумушка кетесиң. Мурунку спортчу жигит кана? Качан элдерге окшоп адамча жашайбыз!?» – дейт.

– Үстүбүздө үй, мингени машина, иштегенге жумуш бар, чардап чер жазганга курбу-курдаштар толтура. Адамча эмей, анан кандай жашоо көзүңө көрүнүп жатыр?

– Тапканыңды, бакканыңды арам арак менен жууп жиберип жатасың. Арагыңды таштап, намаз окусаң ошондо Адамча жашоо болмок, – деп күн алыс кан какшап, Мусанын кулагын жейт.

Мусанын аялынын боюна бүтүп, тогуз ай омурткасын сыздатып көтөрүп, айы жеткен күнү уул төрөдү. Мураскор күттүм, урпагым уланат болуп, дос–жарлары менен алты күн, алты түн тынбай арактын алты түрүн шимире ичип, майлап, төрөткананы төрт көтөрдү. Кубанычтарын айкырык менен ачуу суудан эс–учтары өчкүчө уурташып, сайран курушту. Муса баласын жууп жүрдү. Аялын жана жаш ымыркайды кыркы чыккыча карап беребиз деген төркүнү үйүнө алып кетти. Бул арада баласынын ысытмасы кырк градустан түшпөй, оорукананын жандандыруу бөлү-

мүнө түшөт. Канча укол дары бергени натыйжа бербей, баланын ысытмасы эч түшпөй, баарынын үрөйү учуп, ага үйрүлө бети менен түшкөндөрүнөн эч майнап чыкпай шаабайы сууйт. Акыры айласы кеткен дарыгерлер Мусанын уруксаты менен баланын башына күчтүү укол сайганда ысытма түшүп, көңүлү бир аз тыный түшкөнгө үйүнө жөнөйт.

Төрт жарымдар арасында үйүнө келген Муса уктайын десе көзү жумулбай чакчаят, кыңтайып жатайын десе жүрөгү дүкүлдөп көкүрөгүн жарып чыгып кетчүдөй аябагандай бат согуп, өпкө төшүн тим эле жулкулдатат. Муса ордунан туруп, ваннага кирип даарат алып, бүт денесин жууп, аялы белекке берген намаз китепти таап, жай намазды кыбыла туштай жайып, оң жагына жанагы китепти ачып, сааркы «Багымдат» намазын окуп кирди.

Бир нече секунда өтпөй, кабышып калган көзү жумулуп, көзүнөн тынбай жаш акты, көкүрөгүн такылдатып жыртып иейин деген жүрөгү бастай түштү.

Мусанын жанында, баягыда аракка мас болгон түнү көзүнө көрүнүп, колуна «Куран» кармаган аппак кийимчен шыптай киши, мунусунда көзүнө көрүнбөстөн, ага удаа туруп, ал дагы намаз окуусун улантып жатты.

Муса намазын бүткөндө, үстүнөн опол тоодой жүк түшкөндөй жеңилдесе, көөдөнүндөгү: «Уулум чарчап калса эмне кылам?» – деп ою он, санаасы сан болгон, канын кумсарткан түпөйүл коркуусу бастай түшүп, төбөсүнө үйүлүп жамандыкты алып келчүдөй түрү суук көрүнгөн кара булут али кетпей, балким ошол жамандык кокустан болуп кетсе, аргасыз моюн сунууга дили даяр сыяктанып, араңжан үмүтүнө жан кирди.

Жаман илешчек жабыша түшкөн жашоосуна, кечээги өкүнүчтүү өткөн окуяларга башын шылкыйтып

алгач ата-энесин, аялын, досторун, коңшуларын, керек болсо кесиптештерин, үй коруган итин да күнөөлөсө, мунусунда ордунан туруп агарып бараткан таңды жана кызарып чыгып келаткан күн нурларын тиктей: «Көрсө дил ушинтип тынчтанат турбайбы, жакшылык менен жамандык удаа жүргөнү, жакшылыктын этегине эрмешип, жакасына жармашып жашайт экенбиз. Жамандык соо көзгө көрүнбөй, тамыр байлап ичибизге эбак эле кирип ичибизди иритип, жүрөгүбүздөн түнөк таап: кайдыгер, зулум, сараң, текебер кылып койгонун аңдабай, качан жамандык: оору, кырсык, өлүм, кайгы болуп жыты урганда, андан алдастап жийиркенип, чочуп–коркуп, жаныңа жакындатпай, илешип аткансып жулуп ыргытчудай болуп үркөт экенбиз. Түпкүлүгү жамандыкты эбак эле өзүбүз очойтуп багып гана тим болбостон, таратуучу вазийпасын да аткарып жатканыбызды эч моюндабай, караң калгыр жоголуп бараткан кашкайган адилеттүүлүк кичине өз мыйзамынын шапатасын тийгизгенде гана, майланган көздөр шондо соолугат турбайбы шордуу пендем ай!» – деп ойго баткан Муса, күн нурларына эмес дилинде жанган адепке жылый түшкөн бетин ушалап, «өзүн издеп, өзүн таанып» баратты.

Ушинетип Мусанын уулу күн алыс, бирде сыркоолоп ооруканада жатса, бирде сакайып үйүндө болуп жүрүп бир жашка толду. Агезде Ассольдун алиги музга жыгылган эки тизеси сыздатып тынчын алганга дарыгерлердин жолдомосу менен Абакан тараптагы курортко жөнөдү. Сүйүктүүсүн колдоп, коштогон Исак да Ассольду жандап, анын шылтоосу менен өзү да курортто эс алууну туура көрдү. Алар жолго чыгып кеткенине бир апта толбой, Мусанын уулу кайра сыркоолоп ооруканага түштү. Ата-энесине айтпай өзүнүн жанындагы болгон акча каражатка кошумча дары-

дармек алып, аларга каттап жатты. Мунусунда каржылык сарптоо көбүрөөк сумманы талап кылганга, дос–жар, кесиптештеринен карыз алууга туура келди. Жакында эле колго тийген маянасы жарым айга жетпей түгөнгөнгө, дары-дармекти да дарыканага карызга жаздырып алып жатты. Айлыгы как болуп, унаасына да күйүүчү май куя албаганга, ооруканага коомдук транспорт менен каттай баштады. Акыры акчасы тыптыйпыл болгону, уулу менен аялына жөө каттап, ушунусуна да шүгүр кылат, тилегени: «Уулум такай сакайып, элге кошулуп кетсе», – дейт. Исак менен Ассоль тыякта, уулу менен аялы дарылануудa, маянасы түгөнүп калган, кийинки маянага чейин эң кеминде бир апта бар. Баарынан карыздар, буга деле кейибеди, топук кылып, колуна эмне тийсе ошону жеп, тамакка анча кайгырбады. Бирок көчөдө баратып даамдуу тамак жегендерди көргөндө гана табити козголсо, жумуштагылар түштөнүүгө чыгабыз дегенде, ар нерсени шылтоолоп түштөнүүгө чыкпай, чай менен курук-серек бирдеме жемиш болуп коёт, ой–тилеги баягы эле. Мүшкүлдөр биринин артына бири кычашкансып каптаса да мурункудай наалып-наңшымай жок. Бул буйрукпу, жазмышпы же тагдырбы, айтор турмуш фактысын болгондой кабылдап топук кылат, сабыр кылат, эч ылаажы жоктугуна моюн сунат, колунан башка нерсе келбесин билет, баары Жаратканды, догдурлардын колунда экендигин туюп, баласынын өмүрү ары жактан кандай буюруган буйруктагыдай болооруна ичи сыздаса да кабыргасы кайышса да башына түшкөн ушу күндөрдү адамча, эркекче көтөрүп жатты.

Тамак–аш эмес, кийимдери да жуулбай, кийгенге да таза шымдары калбай, гардеробду тыткылап таппай, атасынын күрөң жынсысы колго урунду. Караса

таза, дароо кийип алып, ооруканага жөнөдү. Телефонуна аялынан билдирүү келиптир ачып окуса, тизмектелген дарылардын аттары. Дарыканачы эже: «Иним, мен сенин мүшкүлүңдү түшүнүп турам, бирок мен отчет тапшырам, бул жактагы топтолгон карызыңды төлө, мейли кайра берейин» – дегенин эстеди, өзү: «Бир жумага жетчү дары алсам, айлыкка жетип барам, ошого чейинкисин чечүүм керек», – деп жөө бараткан Муса кээде астейдил жерди карап коет, «акча таап аламбы» – деп, ошентсе да кайгырып өзүн эзбеди, бирок уулун, ага зарыл болчу дары табылбай калганын эстегенде жүрөгү эзилип кетет, өзүн колго алат. «Акча табылып калса экен, мурун соңку карыз албаган жакшы санаалаштар алдымдан чыгып калып жардам көрсөтсө экен» – деп да, кыңылдап коёт. Оорукананын имараты көзгө көрүнгөндө сенделектеп, селее түштү. Колу бош, көтөргөн эчтемеси жок, уулуна зарыл болчу дары жок, чөнтөктө аба ойноп бопбош. Жөн жай эле оң чөнтөгүнө колун салса, кагазга окшогон неме колуна урунду. Эч кандай үмүтсүз эле, жанагы колго урунган кагазды сууруп чыкканда көзү панардай жанып калды. Караса эстелик сүрөтү менен жанында «Хабаровск» деген жазуусу менен беш миң рубль акча экен. Көргөн көзүнө ишене албай, сол көзү менен көзүн ушалап кайра карады. Акчаны көрбөй жүрдү беле, кысталышта табылбай жаткан акчага, алынбай калган дарыга жол бою күдөр үзбөй келатканына, өчөйүн деген үмүткө, капилеттен атасынын шымынын чөнтөгүнөн табылган акчага кубаныч жарк этип, ооруп жаткан баласы кулактан соо болуп айыгып кеткендей кубанды.

Дарыканага кирип бир жумага жетчү дарыларды алып ооруканага жеткизген Муса Жусуповду баш дарыгердин каанасында невропатолог экөө күтүп олту-

руптур. Үстүндөгү кийген халаттары башындагы чепчиктери аппак болгон менен ичтеринен бир карааны суук жаман кабар айтчудай калтаарып, өңдөрүн бозомук басып, нөөмөтчү аскерлердей ары-бери баскылагандары Мусанын үмүткө жармашкан жакшы оюн азыр тебелендиге алынганы калганын туюп, ичинен келме келтире уулунун өмүрү, өзүнүн тагдыры да ушул эки дарыгердин колуна түшкөнүн мойнуна алды. Атасынын чөнтөгүнөн акча таап алганда тынчтанып калган жан дүйнөсү кайра албууттанып алыстан келаткан муздак агымды, суук кабарды сезип турду.

Баш дарыгердин каанасына Мусанын уулу чакыртылып, жанагы невропатолог баланын бир сыйра көз карегин, таңдайын, дем алуусун жалпы бир ирет карап жатканда уулу кусуп жибергенин көрүп, суроолоуу тиктей карады эле, Мусанын аялы:

– Ушинтип кусуп жатат. Анан ичи да ооруп жатат. Себебин эч ким так айта албай жатат. Мына жарым жылдай дарыландык. Кичине жакшы болуп калат, кайра ооруп кирет, – деп, Мусанын аялы нымшып ыйлап киргенде, дарыгер Мусага карап:

– Муса уулуңдун башын томографияга тарттырбасаң болбойт. Мен жаман илдетке күмөн кылып жатам, уулуңдун сырткы белгилери ошону тастыктап жаткандай. Ошентсе да томография бул күмөндүү диагнозго акыркы чекит коет.

– Макул, – деген, Муса уулун томографияга түшүрүп, анын кагаздарын, сүрөттөрүн аялы экөө невропатологко алып кириштти.

Ал сүрөттөрдү тиктеп, кагаздарды окуп жатып, экинчи барагына жеткенде көзү аңырайып, көргөн көзүнө ишенбеген түрдө кагазды көзүнө жакындатып окуп, өңү омсоюп, мурду чүрүшө түштү.

– Тилекке каршы, мен күмөн кылган диагноз туура чыкты. Уулуңардын баш мээсинде шишикче бар экен. Себеби көп, аны талдап отуруунун кажети жок. Уулуңарды белгилүү невропатолог агайга көргөзүңүздөр. Мындай илдеттерди агай чеберчилик менен операция кылып жүрөт. Кошуңуздар, – деп, узатып койду.

Муса менен аялы сыртка чыгып эки сааттай эсин жыя албай эсеңгиреп олтурушту. Өткөн жашоосун көз алдыларынан өткөрүшүп, Кайдан жаздык? Каерден адаштык? Кечирилгис кандай күнөө кетирдик? – дешип, бир сыйра экөө бири-бирине башын жөлөй ыйлап да алышты. Айлалары түгөнүп, Исак менен Ассольго чалып, болгонун болгондой айтып беришип, алар дароо Абакандан Новосибирскке жолго чыгышты.

Неврапатолог оорукчандын кагаздарын көз айнегинин ар жагындагы чүмүрөйгөн көздөрү менен дыккат окуп, жанагы дарыгердей эмоцияга алдырбады, бирок кайдыгер да карабады, тескерисинче мээримдүү көздөрү менен Мусанын уулун тиктей башын сылагылап:

– Шумдугуң түшкүр, бул илдет аябай жашарып кетти. Тырмактай балада эмне акың бар? – деп кимдир бирөөгө кайрылгансып, – Уулуң айыгып кетүүсүнө үмүт бар, ошондой эле операциядан чыкпай калуусу да мүмкүн. Биз толук кепилдик бере албайбыз. Баардыгы өмүрүнөн. Жараткан өмүр берсе ажеп эмес. Операция кылбасак, анда уулуң ашып кетсе жарым жылдык жашоосу калыптыр. Макулдук катын жазып бер, – деди.

Муну уккан Муса сыртка чыгып Исак менен Ассольду, аялын, уулун кучактап үнүнүн болушунча тамагы айрылгыча эчкирип ыйлап кирди. Мындан кабары бар аялы да ыйга кошулду. Исак менен Ассоль

дагы жабалактап жашып жатып калышты, бир гана уулу көздөрүн чоң ачып: «Бу чоң адамдарга не болду?» – дегенсип буларды таңыркап тиктегилеп жатты.

Көп убакыт өтпөй, Мусанын уулу, аялы невропатолог иштеген бөлүмгө которулушту. Операцияга даярдык көрүп жатышты. «Операция ийгиликтүү өттү – деген агай, – уулуңду жандандыруу бөлүмүнө котордук. Ал жакта бир апта жатат, андан соң жалпы бөлүмгө которобуз» – деп, Мусанын колун кыса куттук кылган түрдө, ары басып кетти. Исак менен Ассоль Мусаны үйгө барып дем ал деп узатып, өздөрү ооруканада калышты. Кечке маал телефону шыңгырап калды, алса, ооруканадан экен,

– Уулуңуздун акыбалы оор, келип кетиңиз, – дегенин уккан кезде, кулагы тунжурай түшүп, тынчтанган жүрөгү шуулдап чың тартылган тамыры «чырт» этип үзүлүп кетти. Ооруканага жеткенде утурлап тосуп чыккан Ассоль уулун кучактап:

– Уулуң чарчап калды, – деп угузуп, ден–бою сүлкүлдөп ыйлап кирди. Жанында ыйлап Исак турат, анын артынан келген аялы, Мусанын моюнуна асылып ыйлап жатты. Муса нес болуп калды. Ал бөлөк–бөтөн адамдай эч эмоциясыз, бетин да кыймылдатпай бир тамчы жаш төкпөй, бул суук кабарга али ишенбеген түрдө: «Ал кайда?» – деп супсак сурады эле,

– Жүрүңүз, – деген медайым, оорукананын бир ээн бөлмөсүнө алып кирди. Кирсе сүрдүү келген караңгы, ары муздак бөлмөдө күрөң кайыштуу керебеттин үстүнө баласын ак бозгуч түстүү шейшепке ороп, башын байлап коюшуптур. Баш жагы жумуру болуп билинип, кара куш атарабы кансырап аккан каны карайып ак сурпка өтө түшүп жабышып калгандай, тиги ылатага өтүп турат. Муса, медайымды тиктеп:

– Бетин ачып, өөп койсом болобу? – дегенде, ал макул деген түрдө башын ийкегиледи. Чүпүрөктү ачып, уулунун жансыз, кансыз, бозоруп калган денесин, жумулган көз кирпигин тиктегенде жоонуна жөргөмүш жүгүргөндөй денеси чымырап кетти. Жанараакта ишенбей турду эле, кыймылсыз өлүк денени көргөндө көкшүнү сууй түшүп, кайра вулкандай жарылып ыйлайын дегенин байкаган медайымдын: «Сабыр, канаат кылыңыз. Сыртта бейтаптар жатат», – деген жүзүн көрүп, бүт кайгысын жутуп, ачылган ак сурпту кайра ороп, уулун көтөрүп сыртка чыкты.

Муну көрбөсүн деп Ассоль Мусанын аялын үйүнө алып кеткен эле. Баланын сөөгүн үйүнө алып келгенде көшөрүп эч нерсеге ынабаган аялы, ыйлап-сыктап баласынын сөөгүн өзү сууга алып, кепиндеди. Кантсе да мусулманчылыкты туу тутуп жүргөн пенде, күйүткө алдырып, арманга батып турса да, сөөккө болгон зыйнатын аткарып, кепинделген баласынын сөөгүн Мусага тапшырды. Качан гана Муса уулунун сөөгүн үйдөн көтөрүп чыккан кезде кыяматтай ызы-чуу түшүп, ый-бакырык Жусуповдордун үйүн күргүштөп аккан кара селдей каптап кирди.

Исак менен Муса жана эки-үч досу болуп, уулунун сөөгүн машинесине салып, жайга алып чыгышты. Ушул кезде деле Муса нес абалда жүрдү. Уулунун тажиясына көп адамдарды деле чакырышкан жок. Он чакты адам жайга чыгып, кадимки чоң кишилердикиндей жайды казанасы менен казып, уулун өзү коюп, бетин ачып кыбыла тарапка башын кыңкайтып жүзүн буруп, жер бетине чыкты. Он мүнөттө жай үстү топуракка дөмпөйүп бу мүрзө дагы бир адамдын санына көбөйдү. Бул дүйнө аманат, ал дүйнө казанат болуп Мусанын уулу түбөлүк дүйнөгө кете берди.

Муса нес абалдан качан гана балдарын жетелеп жүргөндөрдү көргөндө гана жарылып, жүрөгүн мыкчып ыйлады, аялы ага кошулуп бири-бирин сооротуп ыйлап жатышты. Күйүттөрүн намаз окуу менен жоошутуп жаткансышты. Намазга турганда сыздатып ооруткан жүрөгүнүн оорусу басылып, тырышкан желкеси жумшарып, курушкан куйкасы жазылып, кыжаалатчылык кетип, жашоосундагы, турмушундагы болуп жаткан акыркы окуяларды буйрук, тагдыр, жазмыш иретинде кабыл алышты. Орду толгус арман менен муңайткан муңга толгон жүрөгүнө алгач тынчтык орноду. Бара-бара Кудайга болгон чыныгы сүйүү орноп, ошону менен бирге үй-бүлөдө аялы экөөнүн ортосундагы муздап бараткан мамиле жылып тутанып, ысытманы Кудай өзү табыштагандай болду.

Уулун жерге берген күндөрү канчалык азапка батып, дили заарканып, жаны жанчылып турса да окуган намазын таштабай, Жаратканга акаарат келтирбей, аялына, Исак менен Ассольго заарын чачпай, ибадат кылуусун эч өзгөртпөй, момундукка моюн сунуп момооруп, баарын ичине салып, башына түшкөн ат көтөргүс жүктү татыктуу көтөрүп атты.

Үйүнөн чыгып досторуна жолуккан Муса досторуна бугун чыгарып өкүрүп ыйлап да алды. Достору далысынан таптап, сооротор сөз айткандан башкага колунан эч нерсе келбесин түшүнүп жатты. Бул кайгылуу окуядан эки ай өтпөй, Мусанын аялы боюнда бар экенин угузганда, муруңкудай кутуруп, аракка малынып майлабай, бул кабарды салмактуу кабыл алды.

Набыт болгон уулун жылдыгынын ырымы кылып кан чыгарып “Куран” окутуп жатканда, аялы курсагын кучактап онтоп кирди. Аялын төрөтканага жеткизип, үйгө жетелек: «Уулду болдуңуз! Сүйүнчү!» – деген кабарды укканда, өткөңкүдөй алты күн, алты түн арак

шимирип жуубай, буту–колун жууп, даaратын жаңылап, алгач Багымдат намазын окуп жүргөн болсо, дароо беш убак намазга жыгылган кезде, жүрөгүнөн, бүт жан дилинен дарыядай куюлган көз жашы саждага барган кезде килемдин кездемесине сиңип атты. Ыйдан көпкөн өпкөсүнө дене–бою сүлкүлдөп, дили тазарып, таштай катып калган жүрөгү жумшарып, көзүнөн чууруп аккан жашка улай, дилине толуп-токшуган ыйы эч токтобой төгүлүп атты. Тилек кылып олтуруп: «Кудай уулумду алды, сабыр-канат, топук кылганыма менин үнүм Жаратканга жетип, ал кайра уул берди», – деп тобосу жанар тоодой жанды.

Мусулманмын деген кээ бир молдокелер ар кимге мажбурлап дават кылып, ар нерсени таңуулап, көзү жок жерде билген богун жегендердей болбоду. Эч кимге акылсынуу кылбайт, динди таңуулабайт, диндемин деп эл көрсүнгө окшоштуруп кийинбейт. Керек болсо ою менен жүрөгү менен протестант болгон Исак менен Ассольго да «а-бу, минтпейсиңерби» – деп, асылбайт. Муса өзү менен өзү. Уулу, аялы болуп нукура момун мусулмандын жашоосун өтөп жатыштты. Үй–бүлөсүн таштап, ар кимге акыл үйрөтүп, талаалап айлап–жылдап даватка чыкпай, өзүнүн кулк-мүнөзүнө, өзүнүн ички дүйнөсүнө, өзүнүн терс адаттарына, өзүнүнү үй-бүлөсүнө дават кылып, жашап жатты. Арадан бир жыл өтүп Жараткан уулуна шерик кылып дагы бир уул тартуулады.

Муса ушул динди кабыл алып, өзүнүн жан дүйнөсүн тынчтандырды. Бу кезге чейин ал автокырсыкка кабылып буту үч жерден сынып, баш териси сыйрылып жаны көзүнө көрүндү, көргө бир буту салаңдады, оор дарттын кесепетинен чарчап калган уулунун, аялынын, үй-бүлөсүн башына түшкөн мүшкүлдөрдө мүдүрүлдү, жыгылды, денеси гана эмес жан дүйнөсү да

жанчылды, өлүп-тирилди. Чүнчүп жоголуп аткан ыңжыңсыз өлүмсүк үмүтү көөдөнүнө өчпөс ишенич болуп кайтты. Кыйыры көрүнбөй көзгө көрүнбөй колго илешпей алыста калган араңжан бакыты башын көтөрүп, кайра коломтосунда учкун болуп тутанды.

Муса жаштайынан башынан өтө оор сыноолорго туш болуп, жан дүйнөсү аңтар-теңтер болду. Өзүн, үй–бүлөсүн тыптыйпыл жоготуп бараткан кезде «өзүн издеп» таба алды. Өзүн тааныды, – деген Ассоль унаа ичинде бараткан Алим жана Асыл Султановдорго, Москва шаарында отурукташкан уулу Муса жана анын жашоосун баяндап оор үшкүрүндү. Алим апасына карап:

– Муса өзүн издеп тааптыр. Сиз, Исак агамчы?

– Мен жөнүндө Баймурза атаңан уккандарыңдын баары чын. Исак экөөбүздү да Асыл экөөңөрдөй турмуш аябай ийледи, ары-бери термелтти, көп сыноону баштан кечирдик. Ошондо да өзүбүз тутунган протестант дининен чегинбедик. Дин менен экөөбүздүн бири-бирибизге болгон сүйүүбүз, мокосок курчутту, чарчап чаалыксак дем берди, кайгырып кашайганда кайрат берди, кайра экөөбүздүн башыбыз биригип баш кошуп, бүлө күтүп, бала таап, үй куруп, ишкердигибиз жанданган кезде кечээги күндү унутуп көөп кетпей, топук, каниет кылдык. Мусанын көргөн азабы биздин жүрөгүбүздөн өттү, мен музга жыгылып эки тизем менен убараланып жаттым. Исактын бизнеси түп тамыры менен гана өрттөнбөстөн, Мусага үй алып берем деген топтогон акчабыз күйүп, күлдөй сапырылып жок болду, ага моюн сунбашка аргабыз калбай калганда да тутунган динибизге акарат айтпадык. Башка түшкөн мүшкүлдө: «Сен ушу каражолтой экенсиң», – деп бири-бирибизге сөөмөй кезеп айып такпадык. Жыгылсак турдук, жок нерсе бар болду, кыйыры

көрүнбөгөн жакшылык көп күттүрсө да кайрылып келди. Биймырзанын шылтоосу менен силерди көргөзүп, муздап калган жүрөгүңөрдү жылытууга шарт түзүлдү. Менимче, Исак экөөбүз да алгач «өзүбүздү таптык», анан бири-бирибизди таптык, Муса менен Адинаны таптык, силердин ишеничиңирди жоготуп алган болсок, ошол ишеничти кайра табууга, аракет кылууга мүмкүнчүлүк пайда болду, – дегенде, Алим менен Асыл бири-бирин тиктеп, Ассоль менен уктап жаткан Исакты тиктеп тим болуп калышты.

Даванды ашканда, унаа терезесинен абдан кооз болгон Папан суу сактагычы күн нуруна чагылышып ортосунан бычак менен бөлүп койгондой экиге бөлүнгөн аска-тоонун суу бетине түшкөн көлөкөсүн көрүп, турмуш-тагдыр, жашоого тартылган көшөгө жабылып, табийгаттын сулуулугунун көшөгөсү ачылып өзүнө имерип алды. Суу сактагыч үстү Ысык-Көлдөй калкып термелип, жашыл түскө чыгып туруусу, балким, суу алдындагы жашыл балырлардын сөлөкөтүбү же тегерете курчаган тоолордун көлөкөсүбү, айтор суу бетине жашыл баркуттан төшөк салып койгондой кооз эле. Биринчи көпүрөдөн өткөн кезде, жол боюнда турган айыл жашоочусунан:

– Саламатсызбы?! Эркиндин үйүн айтып коёспу? – деп сурады Алим.

– Арыбаңыздар, коноктор! – деген үнү бийик өзү шайыр, көңүлү жайдары киши, Эркин Султановдун үйүнө кантип барууну шашпай айтып берди.

Азыркынын төрт дөңгөлөктүү жоргосуна олтурган Ассоль, Исак Жусупов жана Асыл менен Алим Султановдорго табышмак болгону, жон терисин жору кылып, кулдай иштеп тапкан мүлкүн калтырып, кайдагы бир сай боюна там салып, ошол жерде өздөрүнүн кыялында ал дербиш болуп, чымчык үнүн угуп, чөп-чар,

тамыр-тумур менен жан баккан Эркин Султановдон кабар алабыз деп баратышты. Миң толгонуп аң-таң калып, эч жооп таба алышпайт.

Жолду катар Ассольдун спортчу уулу Муса Жусупов жөнүндө сүйлөгөн сөзү болгон болсо, эмки маектери бир гана Эркин жана Эркиндин эркин тандоосун сүрүштүрүп, тиктегендери жол, ойлогондору ал болуп калды.

Жанараакта артта калган тоону өрлөп, даванды ашкан кезде, көкмөк болгон Папан суу сактагычын тиктеп, кыйлага суктанып турушту. Узак жол жүрүп, олтура берип жамбаштары талып кеткенге: «Бул безери жердин жети түбүнө бекинген жашоону тандаган тура», – деп кайгырып жатышкан болсо, Папан суу сактагычынын күн чыгышынын күңгөй беттеги чөптөрү саргайып күйгөн бөксө тоолору менен тосуп алса, тескей тарабы дагы деле жашыл өңү оңо элек, учтуу тоо кыркаларына көз чаптырышкан соң, баштагы ойлорун жаңылыш катары эсептегилери келсе да, бири-бирине эч унчугушпады. Папан суу сактагычына куйган Гамыр дарыясынын ылайкы күрөң-боз суусун көрүп мурундары тыржыйса, өйдө жылгадан куйган Ак–Буура дайрасынын күргүштөп аккан таптаза көгүш–ак көбүк жылга сууларын көрүп, көздөрү сулуулукка малынып, тоо таштагы кишинеген бээ кулундарга, маараган кой-эчкилерге тартылган соң, муруңку сынаакы көз караштарын калтырып: «Бу Эркин бейиштин көчүрмөсү сыпат жыттанган жерден отурукташкан турбайбы», – дешип, таң кала баштарын чайкап баратышты. Алиги айылга кире берчү жердеги көпүрөдөн оңго бураары менен алдыларынан чыккан жолоочулардан: «Эркиндин үйү каерде?» – деп сурашканда, «Кайсы Эркин? – деп бириси да айтпады, алтурсун, – Күйүүчү май сатчу жерден сол тарапка

бурсаңыз, Ак-Буура дарыя боюнда жайгашкан жалгыз бунгало», – дегенин угушкан кезде баягы жерди Топон суу каптап, Муз доору сүрүп, жан-жаныбар кырылып, Адам ата менен Обо эне калып экөөсү жайгашкан бейиштин төрүн элестете, ооздорунан аккан шилекейлерин жутуп жиберишти. Ошону менен бирге, Эркин өмүр бою Папан жергесинде жашагансып кечээ эле борбор калаадан көчүп келген Эркинди бүт айыл, бүт маала таанып бүткөнүн угушуп, айыл турмушуна, айыл элине Эркиндин мамыр-жумур аралашып, өзүн борбор калаадан эмес, ушул жерден тапкандыгын аңдап баратышты.

Жанагы жолоочу айткан Ак-Буура боюнда салынган жалгыз үйгө бурулуп, төртөө унаадан түшөөрү менен айланага көз чаптырып, теребелге сук артып магдырап, кагылган казыктай катып калышты. Маңдайда төбөсү асманга тийип турган оркойгон тоо, ага жармашып өскөн карагай-арчалар. Тоо этегинен чубалжып, суу көбүктөрү менен таштан-ташка урунуп, шуулдаган толкундары менен толукшуган Ак-Буура, күн батыштан күн чыгышка бир нерсеге чукул шашкансып шарактайт. Күн батыш тарабынынын сол жагы жашыл ыраң баскан бөксө тоо. Ошол бөксө тоонун ортосунан көчкү жүрүп, кызыл-кочкул түскө боелуп, аркы жылгага баш бербеген түрдө адамдын меңиндей кашкайып турат. Оң тарабы жайытка, айыл-апа жайгашууга ыңгайлашкан бөксө тоо. Эки тарап болуп бөлүнүп, ортосу этеги көрүнбөгөн кенен мейкиндик. Бери жагы Ак–Буура бойлой жыш өскөн чычырканак менен жийде. Жийде эми эле гүлдөгөнгө жыты танооңду жарып, жүрөгүңдү сылап кытыгылайт. Ылдыйыраакта ошол батыштан чоң ылдамдык менен шарактап аккан дарыянын чукул бурумунда Эркиндин үйү жайгашыптыр. Жанагы Ак-Бууранын

чукул буруму көзгө көрүнбөй Эркиндин үйүнүн алдынан өтүп жаткансыйт. Жакындан көз салсаң, келаткан сүрдүү суу оңго чукул бурулуп, Эркиндин үйүнүн бооруна жармашып агып өтүп турат. Жери кенен келип кеминде бир гектарды чапчыйт. Короосунда бээ байланып, жубайы эчки саап жатса, Наташа уй саап бүтүп, торпогун эмизүү үчүн аны ноктосунан бошотуп жаткан кербези. Үй боорундагы тандырдан от жалыны чыгып, камыр жуурулуп тандырга жабылууга даяр тургандыгынан кабар берет. Кызы очокко чай кайнатып, чогуна дүмбүл бышырып жатса, жанындагы ити тоокторду кубалап жүрөт. Кулак түрсөң дарыя агымы кыяк тартса, созолонтуп үн созгон тоо канаттууларынын үнү жан дүйнөңдү бешиктей термелтет.

Жаныңдан аккан дарыя суусунун шапатасы чаңга толгон өпкөңдү тазаласа, майдалап тийген толкундары чарчаган мүшкүл менен кыйбаттан тажаган жүрөктөрдү чочутуп учуктайт. Мына ушундай бейишке качып, жашоо сүрүп жаткан Эркин эшигин ачып, кучагын жайып туугандарын тосуп чыкты. Алик алышып, бир чыныдан чай ичилген соң, сыртка чыккан Эркин, короодогу топ койду аралап былтыркы күрөң токтунун шак-шак салынып чолоңдогон арткы шыйрагынан кармаган бойдон короодон сүйрөп чыкты. Алаканын жайып Жараткандын жолуна, туугандарынын урматына деп дуба кылып, токтуну мууздап жиликтерин казанга салды. Жардамга келген коңшусуна: «Шорпону жакшы сапырып, даамына чыгарып бышыр. Суусу кайнаган соң эткелин алып, отту бираз тартып, жайыраак кайнат, эти качып кетпесин», – деп дайындап коюп, туугандарынын жанына кирди.

Узак жылдардан бери көрүшпөй жүргөн Ассоль менен Исак, муруңку, кийиңки жаңылыктары менен бөлүшүштү. Булар Эркинден кабар алганча ушул жак-

ты, ушул жашоону тандаган Эркиндин себебин уккусу келгенин айтпаса да бештен белгилүү эле. Ал чайдан ууртгап, кулак түрүп, көздөрүн жалжылдаткан туугандарына тиктей, сөзүн баштап кирди:

– Муруңку жашоомду бүт билесиңер, аны кайталоонун кажети жок дейм. Негизи эле эмнегедир мага айыл турмушу жагаар эле. Шаарда туулуп, шаарда өстүк, чет мамлекеттерди, ири шаарларын көрдүм. Бардыгы жасалма: шаарлардагы тамак ашы, жаратылышы, адамдарынын мамилеси, табияты, жада калса күлкүсү жасалма. Чынында карасаң шаардыктардын көбү түнт, өздөрү менен өздөрү, баары эле бирдемеден кур–жалак калгансып шашып жүрүшкөн. Шаарда атандашып окудук, бирок мектепти бүткөн кезде эч нерсеге жөндөмүбүз жок болуп чыкты. Айылдан келген балдар айыл турмушуна бышып, бардык жагдайларга көнгөн үчүн, бат эле шаардын татаал агымына жуурулушуп, турмуш ийине сынбай, өздөрүн соодадан, курулуштан, тамак–аштан, ортомчулук кызмат көрсөтүүдөн, дыйканчылыктан оңой-олтоң эле таап кетишти.

Атам ыраматылык болгон күндөн, апам экөөбүз соодада жүрдүк, ал Россияга каттап мага акча жөнөтүп турду, ага алымсынбай, бир жагынан оорумду түшүрбөй өзүмчө оокат кылууну үйрөнөйүн деп сатуучу болуп ишти баштадым. Иш берүүчүдөн: «Маянамды көбөйтүп бер», – деп сурансам, ал: «Кам санабай, ушул айлыкка чыдап иштеп тур. Сөссүз көбөйтүп берем. Буюрса баары жакшы болот», – деп жок сникерстин башын тиштетет. Кээ күнү: «Акча зарыл болуп калды. Карызга акча алып турайын», – десем, бар акчаны бергиси келбей: «Нак акчаны сооданы айлантууга иштетем, эртең кредит төлөйм», – деп, бир анын кызыкчылыгы менен гана иштеп жүрүп, чырактай өмү-

рүм ушерде сатуучу болуп өтүп кетчүдөй. Анысы аз келгенсип, мен чын дилимден иштеп жатсам да, бир нерседен шексингенсип, күн алыс сооданы тымызын текшерип коёт. Анысы андан бетер сазайымды алып, сабырымды кетирет. Бара-бара мындай көрүнүштөр мага жакпай баратты, өз алдымча иш баштоону кыялданып эңсеп жүрдүм. Апама айтсам айландырууга акча берди. Товар саткан киши менен сатуучу болгон кезден тааныш элек, акчама ылайык товар берди да бир саамга ойлоно калды. Кетип жаткан жеримден токтотуп, жанагы товардын үстүнө акчама барабар товарды карызга берип: «Бир-эки айда товардын акчасын кайтарып берсең, арзаныраак кылып беремин», – деп бүйүрүмдү агарган тандырдай кызытып койду. Сатуучуга маяна бере албагандыктан, алгач: өзүм сатуучу, товар алып келүүчү, салык төлөө жана башка майда-барат уюштуруу иштердин баарын өзүм жалгыз аткарып жаттым. Жанагы сатуучу аганы сындап, жаман көрүп жүргөн болсом, жеке ишкердик керт башыма түшкөн соң, бул иш канчалык оор, канчалык татаал экендигин моюнга алууга туура келди. Апамдан бөлөк жардам берейин деген эч ким жок. Тескерисинче, бүт текшерүүчү ишканалар тилемчиден өтүп, колуңду карап турушат.

Каалоом, ниетим түз болгонгобу, же таалыкпас мээнеттин үзүрүбү, кыялдарым орундалып иштерим оңунан чыкты. Соодам кызып, ырыскы булагынын көзү ачылып токтобой агып берди эле, арендага иштетчү соода жайымды өз менчигиме сатып алдым. Көп узабай сатуучу коюп иш жүргүзө баштадым. Биздин базар шаар четинде жайгашканга, кошуна айылдын тургундары паксадан үй көтөрүп, эптеп күн өткөргөн үй–бүлөлөрдүн балдарын сатуучу кылып иштетип жаттым. Жүрөгүмө белги келгенсип, аларга жөн жай

эле жардам иретинде бирде азыноолак акчалай, бирде каптап ун түшүртүп, кээде кой союп этин таратып, кол кабыш кылып каралашып жүрдүм.

Бир күнү таңга жуук үйдө телевизордон жаңылык көрүп олтургам. Сербейген суйдаң чачтарын тикчийтип, жасалма кирпиктерин капкара кылып боеп, жыртык көлөчтөй оозун маймылдын көчүгүндөй кыпкызыл помадага боёп, кашек чайнаган кунаажындай оозун кепшиңдетип сүйлөгөн кабарчы кыз: «Түнү саат экилер чамасында Бишкек шаарынын «N» базарында от чыгып, базардын көпчүлүк бөлүгү, товарлар кошулуп өрттөнүп кетиптир», – деген суук кабарды үстүмөн жугунду төккөндөй төгүп жиберди. Алиги агаман насыяга алган товар, өзүмдүн эчен жылдан бери топтогон байлыгым күкүрт данындай «баж–жж!» – деп күйүп кеткени көз алдыма тартыла түштү. Жүрөгүм «тыз–тыз» этип денеме ийне менен сайгылагандай ооруксунтуп, илебим кеберсип кургап, таңдайыма сөөк такалгандай какшап баратканда, кай бир белгисиз күч: «Өзүңдү бас, эң оболу күйгөн базарды, сапырылып күлгөн айланган товарды өз көзүң менен көр. Анан тиешелүү чечим кабыл ал!» – деген аян келгенсип, көөнүм тыный түштү. Унаамды от алдырып, демейде кыймылдаткычын он мүнөт кызытчу элем, антпей эле, ордунан чаңды ызгытып, чыныга куюлган чайым ичилбей, үстүнө кыям сыйпалып жарым жартылай тиштелген наным үстөл үстүндө калып, базар туштай айдап жөнөдүм.

Өрт өчүргүчтөрдүн суюктугунун, контейнерлердин, товарлардын күйгөн жыты унаадан түшкөн кезде мурдума урганда, соода түйүнүмө жетпей эле алактап-алдастап бутума чалыштап калдым. Бажылдаган сатуучулар, башына каска кийген өрт өчүргүчтөр, жадегенде жөн эле эрмек кылып тургандар бири-би-

рине жардам берейин дебей баш–аламан. Муруңку базардан кулак-мурунду кескендей эчтеме калбай, жер менен жексен болуптур. Атаңгөрүү барды жок кылыш каш менен кирпиктин ортосунда турбайбы, балаң түшкүрдүкү.

Күйгөн базар жоого чабылып, кыргынга кабылып, өрт коюлуп, туу туткан түндүктөр жерге түшүп таландыга баткан айылды, бомбалоодон калган урандышаардын сөлөкөтүн кийип калыптыр. Соода түйүндөрүнө келген ишкерлер көздөрүнөн жашын чууртуп, өңдөрү өлүмсаңги, айкырык менен акыркы үмүтү менен соода жайын түрткүлөп, бүтүн бирдеме калдыбы деп тинткилегендери эч майнапсыз. Мен да куду ушул ишкерлердей эле үмүткө жетелене өз соода ордума темселе басып бараттым. Оюмда: «Бардык товарым гүм–жам болгонун сезип турсам да, көкшүнүмдү суутуп, көзүм менен көрөйүн», – деп, соода жайга жетээр менен оюм туура чыкты, керемет болуусу мүмкүн эмес эле. Бүт базар бажылдап күйүп атса, менин контейнерлериме жакындаган өрт: «Ийй! Каап! Бул жанагы Эркин жетимдин соода түйүнү эле. Мунукун өрт алдырбай, аяп коёюн», – демек беле? Катар өрт басып, товарлардан эчтеме калбаптыр. Болгону отко күйүп эч нерсеге жарабай акыр-чикирге ыргытылчу темир–тезектерден куралган ийрейген контейнерлердин урандылары калыптыр. Тизе бүгүп жыгылгандарды кино, спектаклдерден көрөөр элем. «Кантип эле?» деп мындайды жасалма күйүт, өлүмүш болуп жатышат дээр элем. Мунусунда даай албай, көмкөрөмөн тизе бүгүп ийилген абалымды өзүм сырттан көрүп моюн сундум.

Көрсө, битке минип нөлгө түшкөнүңдө, туңгуюк кырдаалга кептелгениңде, ушул учур айлаңды кетирип чөгөлөтүп коет тура. Төрт бүктөлүп отуруп,

теңсиздик орногон төгөрөк дүйнөнү, төрдө отурган түркөй мүнөз төрөлөрдү, тутанып жалын болуп күйчү, бирок тилсиз жоо болуп баарын кыйратып тыркыраткан өрттү, төө минип жүргөн кезимде көйрөңдөнүп ар кимге мактанып, көкүрөк каккан өзүмдү кошо ашата сөгүп, ал турсун каргап да алдым. Акыры үнүм өчтү, төрт бүктөлгөн абалымда бир гана оор дем алуум, анан ары жактарда ырылдашкан ишкерлердин, кажы-кужу болгон милисалардын доошу гана угулуп турду. Башка түшсө байтал ат болгон болуп, эми кайрадан нөлдөн баштайм деген ой мээмди кемирет. Жонун жоор кылып акча такан апамдан карыз алуум уят эмеспи, эбин табаармын, деп чөк түшүп, жер тиктеп турганда, адамдардын кадамынын шабырты чыгып калды, чамасы мени көздөй келаткансыды. Шору шорподой каткан ишкерлер болсо керек деп, башымды көтөрүп аларды тиктөөдөн уялдым. Кадамдар менин жаныма келип токтоп калды да далыма астейдил ургулап: «Эркин, Эркин! Тур, турагой! Кыжаалат болбо, сенин товарың жүз пайыз бүтүн, кыпындай зыян тийген жок» дегенди укканда башымды көтөрсөм, базардын жанындагы конуштагы сатуучумдун атасы жана ошол жерде менден анча–мынча жардам алып жүргөн, эки-үч жашоочусу турат. Мен ишенбеген түрдө ордумдан туруп, учурашышты деле унутуп, көзүмдү аңырайтып карап калсам: «Жүр, товарыңды көрүп ал. Өзүң каалаган жериңе алып кет», – деген сөзү эми даана угулуп, бизнесим өрттөн куткарылып калганын укканда, көрдө жаткан атам тирилип келгендей сүйүндүм.

Көрсө жаңы конушта жашаган баягы мен анча–мынча каралашып жүргөндөр, Бишкек шаарынын «N» базарында өрт чыгып, түтүнү базарды каптап, анан жаңы конушка жетиптир. Алар топтоло калып, жапа-

тырмак киришип менин контейнерлеримдин кулпун балта менен үзө чаап, өрт жеткиче, түтүнгө ууланышса да товарларды толугу менен алып чыкканга үлгүрүшүптүр.

Апам айтып калчу: «Адамга жакшылык кылсаң андан жакшылык үмүт артпа, сага Жараткан жакшылыкты башка адамдардан кайтарат», – деп, мунусунда апам айткандай болуп жакшылыгым жакшылык менен кайтты, кызыгы башкалардан эмес, жакшылык ээлеринен түз кайтты!

Керемет – көрсө өз колубузда экен, керемет – өзүбүздүн жоругубузда экен. Керемет өзүбүздүн оң кулк–мүнөзүбүздө экен. Керемет деген асмандагы кызыл алма быш анан оозума түш эмес экен. Керемет деген ошол кызыл алманы өстүрүп, жемишин жакындарыңа, жаныңдагыларга жайылтуу экен! Керемет, ал бизди курчаган адамдарга жасаган биздин жакшы мамилебизде, жакшылыгыбызда экен! Керемет деген асмандагы кол жеткис булут эмес, Керемет – бул жүрөгүңдөгү адамгерчилигиң, табиятыңдагы аруулугуң экен!

Ушинтип жан дүйнөм адамдардын күзгү мамилесинин жемишине аптыгып, жардам көргөзгөндөрдүн күрсүлдөгөн жөтөлүн угуп, барсам, өңдөрү кубарып, түтүн менен өрттүн ышына ууланып калышыптыр. Аларды дароо унаама салып ооруканага жеткизип, бир курс дарылануудан өтүштү.

Базардагы өрттү уккан апам, чочулап, менин ой–боюма койбой, сүйлөшкөн кызым жок десем да эч ынабай, кызды өзү тандап туруп үйлөп салды. Базардагы өрт болбогондо апама моюн бербейт элем. Мунусунда аласалап, алдастап турганда апам мага жамандык каалабайт деген ички туюмга жол бердим. Жыл өтпөй кыздуу болдук, кызыбыз там-туң басып калган кез

болсо керек. Жубайым өзү карапайым эле үй–бүлөнүн кызы. Кыз төрөгөн күндөн кыялы жүз сексен градуска өзгөрүлүп, талаптары, каалоо-максаттары, алкымы апсык жана тойбос чиновниктердикиндей болуп чоңоюп кетти. Ар башта ар кыял, ал кыялдын ким тыяр демекчи. «Эми өтө кымбат кийим кием. Күнүнө беш маал эт–май чайнайм. Элдердин катындарынан менин эмнем кем? Дубайга, Антальяга, Таиландга барып эс алгым келет!» – деп этек-жеңин түрүнүп, шымаланып чыкты. Бир жагы анын минтип айтканга жүйөсү бар эле, соодадагы айланган акчаларды көрүп–билип калды. Аны айлантып иштетип, маяна төлөп, ишкердикти күчтөнтүп, кеңейтүүнү ойлоймн. Ал болсо Англия ханышасындай жашоону күсөп да, талап кылып да туруп алды. Ток этери мен ат десем, ал төө деген жашоо уланып, минтип улана берсе чалды-куйду болуп, ашмалтайыбыз чыгып калбайт деп эч ким кепилдик бере албак эмес. Апам күн алыс: «Аялың шалтурук экен, дагы шеринеге кеттиби? Үйдү ким жыйыштырат?» – дейт, мага табылбай калбадыбы: «Өзүңүз таап бергенсиз, эми өзүңүз жашай бериңиз. Өзүңүз айтыңыз», – деп апама каяша айтып калам.

Акыры келишпес турмуш, түшүнбөс жашоо ырбай берип, эки жээкке түшүп, ажырашып тындык. Апам оозу күйүп калганга унчукпай: «Өзүңөр билгиле», – дейт. Алачылап чуркап келген кайын энеме да дурус жооп айта албай, алар да үмүтүн үзүп, бүтүн жашоом ажырым жашоого түшүп, экөөбүздүн тең мурдубуздагы семиз куртубуз түшүп, кыйкырчу корозубуз арам өлдү.

Ал болсо чийки эне сүтүнө дурус тоё элек, ата мээримине, чоң эне эркелөөсүнөн чыга элек кызымды жетелеп, астананы аттап чыгып кетти. Ыраңы оңо элек, жаштык менен ышкынын жыты кете элек, түн-

күсүн уйку эмес кумар тепкенибиздин жалгыз күбөсү болуп, барбайып, көркөм берип, жалпайып жата элек төшөк-жаздыктардан турган жаңы себин жүктөп, ата конушуна кете берди.

Кийин сураштырсам ал дагы эрге тийип, андан да бир уул төрөп аны менен да келише албай, кайын журтуна батпай, үйүнө уулун жетелеп баса бериптир.

Ажырашуу экөөбүзгө тең алгач оңой көрүнгөнү менен жыйынтыгы ден-соолугубузга кедергиси тийип, баш оорусун жана кан басымынын көтөрүлүүсүн алып келди. Ажырашуу агерде ортодо бала жок болсо жоопкерчиликти эки адам өзүнө алып, экөө ажырашкандан кийинки жеке жашоосун ким, кантип жашап кетет, өздөрү жеке инсан болуп жетилген соң, кайгырып согулса да турмушка туруштук берип, жашоосун алдыгабы же аркагабы сүрөп улап кетээри ал турган иш экен.

Ал эми ортодо персент пайда болуп калгандан кийинки ажырашуу, бул ошол персенттин психикалык жагына, ошону менен бирге келечекте инсан болуп түптөлүүсүнө чоң жарака алып келүүсүн эч ойлонбопбуз. Экөөбүз ажырашып жатканда мүмкүн болушунча бири–бирибиздин таалуу жерибизге тийишип, өчөшүү күч алып: «Сен ушуну көрмөксүң, менден ажырашкандан кийин көрөм, сага мендей чыдай турган адам болот бекен?» – сыяктуу ачуу сөздөрдү бири–бирибизге жаадырып, ал эми ортодогу кызыбызды түк ойлоп да койбопбуз. Качан гана эки ара жолго түшкөнү, кызымдын атасыз өсүп жатканын элестеткен күндөрү, ошол жогоруда айткан баш оору пайда болду. Эми адам эмес айбан деле, баласына жем таап, бирөөгө кор болбой өзүнчө оокат таба турган деңгээлге жеткизип туруп, анан айбанат дүйнөсүнө коё берип жатпайбы. Же болсо мына адамга окшош жырткыч

жаныбар карышкырды алсак, бөлтүрүктөрүнө жем издеп кетерге чейин ийинге бекитип, агерде бөлтүрүктөрү жаш болсо анда канчыгы алардын жанынан бир кадам алыс чыкпай ийинде коруп жатат. Дөбөтү болсо жем таап келгени кетет. Бир аз чоңоюп калганда кадимкидей ууга чыгуунун тактикасын үйрөтүшөт. Ал эми адам болгон биз жаш баланын атасыз же апасыз кантип чоңоет, кийин кантип нан таап жейт? Атүгүл чоңойгонго чейинкиси эмне жеп, эмне кийип чоңоет? – деп кымындай толгонуп, кыпындай да ойлоп койбойт экенбиз. Оозу тамак ичпес, көчүгү чычпас, кийим кийбес дүкөндө сатчу кооз куурчактай ойлойт экенбиз.

Бизде деле ошо элдикиндей болду. Аялым кызымды ээрчитип кете берди. Эл көзүнө эчтеме болбогондой, чоңое берет, акчалай жардам берип турам деп, эч кебелебеген чептей турганым менен ичимди сел каптап, көөдөнүм өрттөнүп жүргөн күндөр болбой койгон жок. Кантсе да каныңдан жаралган бала болсо, өзүң келесоо болбогон соң, башыңа ар ойлор, түшүңө түмөн түштөр кирбей койбойт экен.

Ошону менен бирге ажырашуу ишкердигимди да жандап өткөн жок. Кантсе да азыноолак ишкер чөйрөсүндө төбөм көрүнүп атым чыгып калган чакта, бул окуя кедергисин тийгизбей койгон жок. Аласа-бересе деген болот, жакшы кадырың сиңе электери, мурунсоңку мамиле жасай электер: «Бу аялын таштап кетти, эми бул бизди сууга апарып, суугарбай таштап кетпейби?» – деген, күмөн туулуп, ишенбөөчүлүк менен тиктеген жаңы көз караштарды айтпаса да желкем менен сезе баштадым. Жок, мен андай алдамчы ишкер эмесмин, үй-бүлө мамилеси бөлөк, аласа-бересе бөлөк, иштешип көрөйлү, көрөсүз го деп ишеничти бекемдөө үчүн өтө көп убакытымды жана нервимди короттум.

Дос–жар, тааныш, тууган-уруктар арасында да убактылуу болсо да ыңгайсыз жана өтө жагымсыз жагдайларга тушугуп, узун тилиң кыскарып, абийириң бастай түшөт экен. Аларды көчөдөн көрүп калганда жеке турмушумду сурашпаса экен деп безилдейм, алар болсо эбак эле угуп билишсе да кесилген жаратка туз сээп, моокумдары канган түрдө атайылап бузулган үй-бүлөмдү сурап калышса, унут калган аялуу сезим кайра козголуп, жамандыр жакшыдыр аялымды эстей калып: «Ажырашып кеткенмин», – деген сөздү айтуу ушунчалык кыйынга турду. Эң кычык суроосу: «Эмне себеп болду, неге ажырашып кеттиңер?» – деп отуз секунда кеткен суроосуна, он мүнөт саймедиреп сүйлөп, аялыңдын төбөсүнөн ылдый төгүндүнү төгүп, иттей шыбап, өзүң пахтадай жумшак, кардай аппак болуп чыга келесиң. Менимче аялым деле ушинетип өзүн актап, мени поктоп жооп берип жүрүүсүнө эч шек жок эле.

Ошентип, биринчи аялым экөөбүз же үйлөнбөй эле койбопбуз, же баш кошкондон кийин, турмуштун ысык суугуна чыдап жашай берсек болмок деп, кийин бармагыбызды тиштеп калганыбыз кеч болуп калды. Себеби, жанагы сынган идишти жамагандай эле кеп экен, болбосо таарынышып, табышып алуу деле эп экен. Акыры экөөбүз бири–бирибизди таппай, өзүбүздү таба албай, бири–биризден өзүбүздү таба албай, болор иш болушунча болду. Бирок жогоруда айткандай пайдасынан зыяны көп болду.

Аялымды апам таап берген менен, аны менен мамыр-жумур өмүр өткүчө чогуу жашап, карылыкты бирге тосуп, балдардын убайын көрүп, эл катары небере жетелеп жашайм деген аруу максаттардын эпкинин дурус татып көрбөстөн, заматта баарын ажырашуу жалмап салды. Жайдак ат болуп, бойдокчулук

кайра башка түштү. Ушинеткен жашоом бир жылга созулду. Бир күнү иштен кеч келдим, үйдө жарык күйүп туруптур, байкасам апам темселеп тамак даярдап, үй тиричилиги менен алек болуп жатыптыр. Тезирээк келин апкелем деген ой мээмде кылт этти, үйгө кирсем апам да ушул ойду бекемдеп: «Апаңды темтеңдетпей, үйгө качан келин алып келесиң?» – деп, аялуу тиктеп, кесеге куюлган ысык тамагын сунду.

Жортуул башталды, эки кыз менен таанышып сүйлөшсөм, биринин келбети жаккан менен сүйлөшө келсең акылы мектеп деңгээлинде калып кетиптир. Экинчиси акылдуу да келбеттүү да болгону менен эч эле жылдызыбыз туш келбей жүрөгүм жылыбай койду. Анан Нуркан менен таанышканда бир көрүшкөндө эле жылдызыбыз төп келишип калбадыбы. Анүстүнө келбеттүү, акыл-эстүү, мүнөзү да оор басырыктуу экен. Көп создуктурбай, анын уруксаты менен жаш келинчек кылып, алып качып келип алдым. Нуркан жакшы чыкты, апама да жакты, койчунун таягынан, келиндин аягынан демекчи, көп узабай уул-кыз төрөп берди. Шаардын күркүлдөрү жашаган кичи районго үч кабат үй салууга белсенип аны бүтүрдүк. Ишкердигим эки контейнерден турчу болсо, пайдалуу аянтын эки эсе кеңейтүү түшүмө да кирбесе, минтип аны жүзөгө ашырдык. Нуркан болсо ушак-айыңга эч аралашпайт, төркүнүнө кеп ташыбайт, аяштардын арасында да алар менен тил табышып, кадыр күттү. Эми дагы эмне керек? Куунап–жыргап жашай бер..., бирок...

Бирок, эмнегедир жан дүйнөм бир неседен куржалак калгандай тынчы кетип, өзүмдү таппагандай, боз мунарыкта жок издеген адамдай, туңгуюкка кептелгендей тыбырчылайт. Тишимдин кирин соруп жүрүп, бит-сиркеге канымды сордуруп жүрүп, ушул тиричиликке жеткен болсом, эми болсо шаардан чычып

качкыдай болуп, курган жашоомдон «өзүмдү издеп таппай» жаттым. Көөдөнүмө баспаган кашаң аттай кусалык орун алып, жан дүйнөмдү түйшөлткөн орунсуз сары санаа качан басылат болуп, жок жерден өлүп кала тургансып, кырчаңгыдай кыйналып жүрдүм.

Ушундай кусалануу жүрөгүмдү кыса баштаган кезде көзүмдү жумсам, бир таза абанын эпкини бетке тээп, таңкы шүүдүрүмдү аралай шарактап аккан дарыя боюна жетип, колума дарыя суусунан чыныга толтура алып, моокумум кангыча сугуна жутуп, чынынын түбүнө көз салсам, алтын түспөл кумдары жалтылдап, жанагы көкүрөккө жармашкан кусалыкты заматта эритип, дарыя агымына агызып кетет. Ушул дарыяны тиктесем, теребел менен жуурулушкан таттуу кыял менен жаратылышы жан дүйнөмө рухий байлык менен дүйнөдө табылгыс мемиреген тынчтык тартуулаганын кадимкидей сезем! Жанагы өпкөмдү айрып ийчүдөй соккон жүрөгүм бастап, жай аккан суудай мелмилдеп тыный түшөт! Жан-дүйнөмдү калаты абалга кептелткен кусалыкты шар аккан суу өзү менен агызып кеткендей денем жеңилдеп, жан-дүйнөмө бал аарылар гүлзарлардан бал ташып, аялзатына кумарлангандай ырахатка батып, жыргай түшөт!

Көзүмдү ачсам эле кайра эле ызгыткан чаң, аба толо ыш-түтүн, ызы-чуу, гүбүр-шыбыр, алды-сатты, байлары деле, кембагалы деле акчанын жоо артынан жоо куугандай сая чуркап жанталашып, келемиштей кемиринген шаар жашоосу. Пайда табуу үчүн бирин-бири алдоо, үзө тиштеп качуу, көзүнө карап жыртайып, эки кадам өтүп аркы адамды кыйбат кылуу, көз боёо, жулунмай, жасакерлик.

Бул аянды Нурканга кеңеш кылуудан алдын көп ойлондум, агер ынабай койсо, арийне, анда жүрөк как-

шап жашай бербеске арга жок, себеби ажырашуунун көрдөй азабын көрүп, калемпирдей ачуу даамын таткам да. Ынап калса анда түшүмө кирген аян берген жерди издейм деп, балдар уйкуга кеткен кезде, астейдил Нурканга угузсам, бир саамга үн катпай туруп:

– Эркин, көптөн бери жүрөгүң бир нерсеге өйкөлүп жүрү. Сурайын дейм, айткысы келсе өзү айтат дейм. Оюмда балким мени биринчи аялына салыштырып ага окшошпой, анан мага ичи чыкпай, бетке айталбай, балдардын жүзү деп айласыз турмуш куруп жүрөбү деп ойлоп коем. Кеп мындай болсо, баатыр, иш илгери болсун. Сиз кайда болсоңуз биз ошоякта. Издеген күсөгөн жериңизди издей бериңиз! – дегенин укканда, кер жыландын кепшегенин, суу жыландын суусаганын билген нукура дилгир карачач аял экендигине тан берип, менин сунушумду колдоп бергенине ичимден кудуңдап, балмуздак жеген жаш баладай сүйүнүп да алдым.

Жубайымдын уруксатын алган соң, апама угузсам ал дагы эки колун көтөрүп кош колдоп берди. Ишкердик менен өлкөбүздүн булуң-бурчуна иш менен кыдырабыз, чайлашабыз. Ошол барган жерлеримди байкаштырып жүрүп, бир күнү ушул жерде бир батадан кайтып, уйку–соонун арасында унаа ичинде баратып, ушул дарыя боюндагы бош жерди көргөн кезде, башыма багызган менен чапкандай, уйкум умачтай ачылып кетти. Унааны токтотууну суранып, сыртка чыгып, көзүмдү жумсам, алигинде түш көргөн жеримдин куюп койгондой куду өзү экен. Бишкекке кайтышыбыз керек эле, кайтпастан жер ээсин таап, сатып алып, анан сиздер көргөн үй-жайды бүтүрүп көчүп келдик.

Бул жакка келгенден кийин, шаарда боппоз болуп бозоруп жүргөн балдарымдын бетине кызыл кирип, көңүлдөрү да ачыла түшкөнсүдү. Шаарда жалаң

гана дүкөндөн алынган азык түлүк менен тамак аш кылсак, бул жерге келгени өзүңүздөр көргөндөй чай, туз–канттан сырткаркысы көбүнесе өзүбүз өндүргөн натуралдык азык оокаттар, – деп, Эркин кебин токтотуп, терезе сыртында буркан-шаркан аккан Ак–Буура дарыясын, үй ичинен көзү тоё, моокуму кана маашырлана тиктей калды. Чай куйганча сөзгө аралашкан Нуркан:

– Эркин өзүн кийин, кийин ушул жерге келгенде тапты. Жанагы жүрөгүн өйгөн кусалыгы, жан дүйнөсүн эзгилеген белгисиз санаасы заматта гүм-жам болду, – дегенде, сырттан чарага кой этин устукандап, тартуулап калышты эле, сөзгө Исак аралашып Эркинге кайрылды:

– Өзүңө аян берилип, анан ошону өзүң эңсеп-күсөп, акыры ошол жерди издеп таап, шаарды таштап, нукура айыл жашоосуна отурукташыпсың.

А балким баягы кусалыгың, жан дүйнөңдүн тынчы кеткени балким динден эмес беле? Себеби, атаң мусулманчылыкка баш-оту менен кирип кетип, керек болсо фанат сыңары Сирияда болгон согушка чейин барып келгенин уккан жайың болсо керек.

– Эми мындай да, Бишкекте жашап жүргөн кезде, жергиликтүү мечиттин имамы өткөргөн жума–кутбаларына үзбөй каттап жүрдүм. Имамдын үйү, мечиттин артындагы бир кабат эле үй болор эле. Көп маселелери дагы деле кулагымда: «Жаман жүрбөгүлө, жетимди ыйлатпагыла, жесирди капа кылбагыла, Шариятты да, Мыйзамды да туу тутуп, эч эрежелерди бузбагыла. Эки кабат үй салгыча, жарды-кембагалдарга жардам бергиле, муруңкулар боз үй, андан кийин бир каана эле жер тамда оокат өткөрүшкөн» дээр эле. Имамдын айткандарына ушунчалык берилип, динге ыклас кылып, дилимди коюп, бир күнү буюрса беш маал намазын үзбөй окуп баштаймын деп ниет кылып жүрдүм.

Имам жашыл түстүү жапан унаасын айдап жүргөнүн баарыбызга маалым болчу. Кадимки жумуштан кайткан учур, өзүм рулдамын, светофор кызыл жанып калганга токтоп, күзгүдөн артты карасам жанагы жашыл түстүү жапан унаасы чоң ылдамдыкта келатат. Ал эми жөө жүргүнчүлөргө жашыл түс жанып мектеп окуучулары жолду болжогон ак сызыгы бар жерден өтүп жатышкан. Аңгыча жанагы чоң ылдамдыгы менен учуп келаткан унаа пайда болду. Рулда биз сыйлаган, биз урматтаган, башындагы селдеси жана мурут сакалы менен мечит имамы кызыл түстү тоготпой, алдыда жол кесип өтүп жаткан жөө жүргүнчүлөрдү сүзүп кетейин деп, аларды көзгө илбестен, унаасын галтаңдатып галага кирген улакчы аттардай топту жарып айдады.

«Кудай сактады», – деп жакасын тиштеген жөө тургундар, эстерин жыя албай «кудайлап» туруп калышты. «Кудайды ар дайым оозанып сүйлөгөн молдоке муруңку айткан сөздөрүн, «эрежени» уруп ойнобой, унаасын миңге коюп, зарыл иши чыгып калган жакка шашып-бушуп өтүп кетти.

Мен молдокенин тилине кирип, үч кабат үйүмдү таштап, ошерге, колунда жокторго бала-бакча кылайын деп, бир кабат үй салып, жарды-жетишпегендерге азыноолак жардам кылып жүрсөм, имам өзүнүн сөзүнө өзү каршы келип, бир кабат үйүн бузуп, өзү айткандай текеберлене эки кабат үй тургузуп алыптыр.

Ушул эки окуядан кийин имамдан иренжип, көңүлүм көк таштай сууду, пикирим, жүзүм жүз сексен градуска үйрүлдү. Динден бир аз алып, өзүбүздүн каада-салт, нарк-насил, улуттук-дөөлөт, үрп-адаттан алып, «өзүмдүн тапкан» жолум менен жашоомду улап жашап келатам.

– Балдарың шаардагы акы төлөнчү жеке бала бакча, жеке мектепте окучу эле, келечегине балта чаап койбодуңбу, айылга баса берип?

– Биз, атам өтүп кетип, кыйналып кысталып чоңойгонубуз менен чекилик кылып жаман жолго түшпөй, өз бешене тер менен тиричиликке үйрөндүк. Балдарды жакшы тарбиялоо үчүн өтө бардар жашоого көнүктүрүү болбойт экен. Биймырзаны көрүп калдыңыз, бардар жашоо баланы кайра бузуп жолдон чыгарып койгонун көрдүк.

Азыркы айыл турмушта балдар таң эрте турушат, мал карашат, тоого чыгып чырыч терип, дарыя боюндагы тикендүү чычырканак терип, убактысы келгени мектепке барышат, үй сабактарын өзүбүз көзөмөл кылып турабыз.

Эң оболу нандын кайдан келип жатканын, өз жон терилери менен сезип, кийинки турмуш жолунан өздөрүн таап алат деген үмүт менен да, ушул жакка келгенимдин экинчи себебин көчүп келип жашап калганда туйдум, – деп Эркин алдына келген эттен үзүп оозуна салды. Конокторунун баары алдыларына тартылган койдун куйругунан, боорунан жеп, терезе артында отургандарды толкунуна кошуп агызып ийчүдөй толкуп аккан Ак–Буура дарыясын тиктей, ооз күйгүзө ысык шорподон шурулдата ичип жатышты.

* * *

Айсулуу Султанованын үч баласына элден бата алып берип коёлу деген максат менен, жакшы санаалаштарын үйүнө конокко чакыруу талкууланып, Султановдордун конок үйүндөгү үстөлдө коноктордун тизмесине келгендеги сөз төркүнү: «Муну кошуп кой, тигини чийип салга», – келип, ортодо тизме темасы, талаш чордонуна айланды. Айсулуунун таятасы

менен аталаш бир туугандары болгон Абдулланын аялы Наташа, Эркин аялы менен тизме башында. Баймурза болсо биттейинен бирге өскөн Исакты, бармактайынан баш кошкон Ассольду жана Ассольдон тапкан уул–кызын тизмеге кошуп койгула деп, кыргылданган үнү менен кайрылып калды.

Муну уккан Нурсулуунун жүзүндөгү каны качып, бозала болуп, ачуусу мурдуна такалып:

– Көйнөктүн кири кетсе да, көкүрөктүн кири кетпейт дейт. Ассольдун карааны качаңкыга чейин сенин элесиңде жашап келет. Бу канчыгыңды эч унута албадың. Ушу күнгө чейин мейли деп, чыдап жашап келдим. Мына, неберелериме элден бата алып берейин десем, качаңкы эски сүйүүңдү эстеп, мени капа кылып турасың.

– Нурсулуу, чырагым, жөргөмүштүн жөтөлгөнүн, кумурсканын кусканын билген неме, Ассоль экөөбүздүн мамилебиз ажырашкан күндөн жок экенин кантип билбейсиң? Андай дебе, тура-тур, алар биздин балабызды сактап калбадыбы же аны эсиңден чыгарып койдуңбу, байбиче?

– Туура, аларың Биймырзаны сактап калышты. Деген менен Ассоль сенин биринчи аялың экендигин бүт эл, бүт баары билет.

– Нурсулуу, жанагында Биймырзага деп Настяны алып келебиз дегенде, алардын алдына өзүң сөмсөөлөп бардың го. Боло берет жаңылыш, жазылып кетет таарыныч деп, алар сенин үйдөн кууп жибергениңди унуткарымыш болуп, Настяны ошолор аркылуу таппадык беле.

– Чычалак көнөт, жаталак өлөт дегени турусуңго ээ. Макул, Ассоль менен Исак келсин, уул-кызыңа эшик бекик. Анткени, Алимиң менин сыртка чыгып бараткан жеримден токтотуп, ит капкандай, жарым

саат каап туруп алды. Агерде а жерде эч ким жок болчу болгондо, ал кыйсыпырың мени ур-токмокко алуудан деле тартынчудай эмес.

– Ошенткенге дарди бар. Өзүң аларды ысык жерден козгоп, бек оозун ажылдатып, ачтырып алдың. Азыр Алим баягы бырыйган кара бала эмес, Асыл тырыйган маңка сары кыз эмес. Аларга да тиш өсүп, акыл азуулары чыгып, экөө эки жерде шаар болуп калган.

– Макул, мага эмне азап, байдын ашын байкушум коруйт болуп, – деген Нурсулуу жашыраак кезинде Баймурзаны отургуза сүйлөп салчу эле, баягы: катын карыбайбы каны коюлбайбы сыңары жашы өдөлөнүп калган Нурсулуу бу сапар Баймурза менен кайым айтышпайын дедиби, айтор Ассоль менен Исакты жана балдарын тизмеге кошууга макулдугун берип калган кезде, бул чечимди Айсулуу жактырбады. Ал ортого жеңин шымаланып кирип, Исак менен Ассольду, ошондой эле Алим менен Асылды, бүлөлөрү менен конок тизмесинен чийип салды. Алиги, түгөнбөс тизме талашын түзүүнү колуна алып, талкуу уланып жатты.

Айсулуунун Ассольдун бүлөсүн конок тизмесинен өчүрүп салуусу мыйзам ченемдүү көрүнүш эле. Анткени, балдар эрезеге жетип, апасы менен сырдаша калган убактарда, Нурсулуу Ассольду жамандап кирет: «Биздин бактыбызга балта чабууга аракет кылган ушу канчык. Атаңы жолдон чыгарган да ушул». Бир чети чындап эле Баймурза, Ассоль дегенде эт-бети менен түшүп, аны акылынан азып сүйөөрү анык болчу. Ассольдун карааны көрүнчү болсо Баймурза ичкен ашын жерге коюп, алактап калуусуна эч шек жок эле. Нурсулуу Ассольду ушунусунан жаман көрүшү мүмкүн эле, себеби аны көралбайт дейин десең, ал чоң чиновниктин кызы, баары кол алдында, болгону Баймурза Ассольду жүрөгүнөн ыргытып жибере ал-

бай жүргөнүнө ачуусу келеби, отурган жеринде эле: «Ассоль бузуку, шуркуя» аттуу лакапты жабыштыра сүйлөй бергени, балдарынын кулагы ушу кепке көнүп, ал көздөрүнө жаналгычтай эле көрүнүп калган. Айсулуунун да апасына болуша, атасынын сунушуна каршы чыкканынын жүйөөсү ушунда. Биймырза болсо апасын кыжаалат кылган айымга жаштайынан эле ич күптүсү күч болчу. Апасынын ачышкан жерин басууга жардамдашайын дейт, же колунан жарытылуу иш келбейт. Ал эми азыр башы тетири жагына иштеп кеттиби, мээсинде арам ой пайда болгонго бир саам өзү ошол жаман оюнан чочуй түшүп, кайра чийки оюн түртө салды. Кайра шайтан күчтүүлүк кылдыбы, же мурунтан ушул ойду бышырып жүрүп, убак сааты чыкпай жаткан белем, эми ошол арам оюн ишке ашырууга ыңгайлуу шарт түзүлгөндөй туюлду. Бул ой – Ассольду өлтүрүү ою эле.

Ал эми азыркы коноктордун тизмесинен Ассоль менен Исактын чийилип калуусу, Биймырзанын жанагы Ассольду жан таслим кылуу оюн ишке ашырууга жолтоо болмок.

– Айсулуу, Апа! Менин бир өтүнүчүм бар, – деп шашкалактай сүйлөп калды эле.

– Айт, айта кой садагасы, – деп, жанатан бери унчукпай отурган Биймырзага тил чыккан баладай сүйлөп кириши баарынын көңүлүн буруп, оозунан чыккан сунушту колдоп берүүгө белсенип турушту.

– Менин өтүнүчүм мындай да, мейли Алим менен Асылды чакырбай эле койгула, аныңарды колдойм. Бирок, Ассоль мага канын берип, менин жанымды сактап калбады беле. Аны тойго чакырайлы, – деген Биймырза Баймурзаевич жанагы арам ою көзүнөн билинип калбасын дедиби, жер тиктеп сүйлөдү. Уйкусоонун арасында нымшып бараткан Баймурза Султа-

нов, адатынча Ассольдун атын укканда ага жан кирип, үкүнүн көзүндөй алайган көзүн ачып, анын сунушу суу кечип баратканына кубана:

– Пикирин, оюн өзгөртө албаган адам эч нерсе өзгөртө албайт. Айымдар пикириңерди өзгөрткүлө, Ассоль менен Исакты чакырып коёлу, мен Биймырза уулумдун сунушун колдойм, – дегенде, көздөрү чанагынан чыгып кетчүдөй болгон Нурсулуу менен Айсулуу, Баймурзага куп эле туруштук беришти эле, Биймырзанын сөзү өтүмдүү болуп кеттиби, баштарын ийкеп, коноктордун тизмесине Ассоль менен Исакты кошуп салышты.

Биймырзанын кам башында, жанараак бышып жетилген Ассольдун жанын алуу оюнун деталдарын улантып кирди: «Демек алар конокко келишет. Мунусу жакшы. Ассольду күндүзү жайласам чуу чыгып, Айсулуунун балдарынын тою бузулат. Не кылсам? Аа, ушунча болду, жатаар конокко ынатуу керек. Ал уктап жатканда жайлайм. Муунтамбы, алым жетпей калсачы? Исак ойгонуп кетип жолтоо кылат. Болбойт. Кантип аны тынчытам? Мылтык же тапанча болгондо, каап... Ошондо уктап жаткан жеринен жайлап салмакмын. О! Ушул туура, ушинтем, тиги тапанчанын айласы чыгып калаар?» – деп ойлоно калып:

– Апа, менин дагы бир өтүнүчүм бар, – дегенде кайрадан сөзгө аралашкан Биймырзага баары үңүлө карап калышты, – Ошол күн азыр деле көз алдымда турат. Тазбаштар изиме түшө кууп, жалпайта чабуудан тайманбайт. Мен болсо тилим жерге салаңдап качып баратам. Метродон чыгып чоң жолдун ары бетине чуркап өтөм дегем, унаага урунганымды элес-булас билем, аркысы эсте жок. Эс-учум жоголуп, ооруканада өзүмө келдим. Алдымда Ассоль менен Исак турат. Ошол күндөн алар мага үзбөй катташты.

Макул көрсөңүздөр эки иштен бир иш кылып, эл тараганда аларды өзүнчө кечки конок кылып сыйлайлы. Үйдө түнөп кетишсин, эртеси сааркы тамакты берип узатып коёлу, – деген Биймырзанын бу кылыгына баары таң калышты, бирок анын бул сунушуна да макул болушту.

Бу сапар Баймурза Биймырза баласынын жаман көргөн Ассольго ашыкча илбериңки болуп бараткanын баамдагандай: «Бу бала, бир балээни баштаганы калды окшойт», – деп уйкуга тартылып бараткан көзүн жумбай, кашын серппей, кооптоно түштү.

Чакыруу каты таркатылып бүткөн кез. Баймурза кантсе да бир тууганы Абдулланын баласы Эркинди өз оозу менен чакырып коёюн деп, ага телефон чалды:

– Эркин кандай? Жакшы турасыңарбы. Чакыруу жеттиби? Жолго качан чыгасыңар, же учак менен эле учасыңарбы?

– Баары жайында. Унаа менен чыксакпы? Силерде аба–ырайы кандай?

– Бизде кар жаап жатат. Силердечи?

– Биз жакта жаз. Кудай кайсы күнү кээсин чыгарат билбейм.

– Айсулууну билесиң, күркүрөгөн күздө, бышыкчылыкта, мал жайлоодон келип, эл жыйын–теринин бүтүрүп, союш да семиз маал, жол дагы кара болот, ошондо өткөзөлү десем, эч кулак салбайт иттин кызы. Минтип тоңголокто элдин баарын дүрбөтүп.

– Сиз кыжаалат болбоңуз! Кыскасы, той күнү ошерде болобуз, – деп, Эркин Баймурзаны жоошутту.

Бишкек. Жолдор тоңголоң, көк муз. Туз менен көмүр майдасы чоң жолдорго себилип, майда жолдор баягы эле таз кейпинде. Кыштын күнү болгонго асман бозоруп, күндүн көзү көрүнбөгөн менен абанын тазалыгы көңүлдү ачат. Баймурзанын үч кабат үйү-

нүн дарбазасы кенен ачылып, кирди–чыкты коноктор. Кээ бирин үйүндө коноктосо, кээ бирлерин кошуналарыныкына конок үйгө узатып жатышты. Аларга жанаарак кечкурун эле союшу менен дасторконго деген аш–чайы баары жеткизилген. Кошуналарынын вазийпасы конок үйүн жылуу кылып, коноктордун бешенесин тердете сый тамактарды берип, устуканды тартып узатып коюу. Аныгында деле ошондой болуп жатты.

Элден кеч калып, Ассоль менен Исак Жусупов, Эркин Султанов менен Наташаны ээрчип оозу мурдулары суукка кызарып Баймурзанын үйүнө конокко келип калышты.

Дүйүм дасторкон үстүндө отурган кезде, Биймырза атасы Баймурзанын майып болуп колясканда отурганына эмнегедир арданды, ал турмак өз өмүрүнүн куткаруучусу болгон Исак менен Ассольдун бири-бирине болгон ынак, ары сый мамилесине ичи күйүп атты, оюнда: «Эмнеге менин атам менен апам ушундай эмес. Угушумча атам ушу кезге чейин Ассольду сүйөт имиш, а балким ошол сүйүүсү азыр деле бардыр?!» – деп кара ниеттик ой баскан чакта балконго чыкты. Жаман оюн жашырганга аракет кылып, муздак шамалга жүзүн тосуп турган кезде, жанагы Москва шаарындагы ооруканадагы кайыптан пайда болчу үч арбак маңдайына келе калганга, чочуп кетип үйүн көздөй шашып жөнөдү эле:

– Токто! Бизден убактылуу качууң мүмкүн, бирок өзүңдөн кача албайсың, – деди биринчиси.

– Ассольду жек көрүп жатасыңбы? – деп сурады экинчиси. Анын арам оюн билип алганга, ага баары бир болуп калды окшойт, башын өйдө көтөргөн Биймырза:

– Ооба, жек көрөм.

– Анда аны өлтүрүп салбайсыңбы? – деди үчүнчүсү, ушундай арам ойду бүгүн ишке ашырам деп жаткан эле, бул оюн да анык билип алганга.

– Мен ошону ойлонуп жатам, бирок кантип? – деп ачык эле сурады.

– Атаң министр орун басары аркалаган учурда белекке алган тапанча огу менен бар, тапанча алардын уктоочу бөлмөсүндөгү сейфте турат. Ассоль менен Исакты Эркиндин муруңку уктоочу бөлмөсүнө жайгаштырат. Алар уйкуга кирген кезде жайлайсың, – дээри менен үчөө бирдей көздөн кайым болду.

Жай басып мейман бөлмөгө кирсе, коноктор жыргап–куунап отурушат. Биймырза эчтеме болбогондой чекедеги бош орундукка отуруп, сурашып сыртка чыкты. Жанагы көзүнө көрүнгөн шейит кеткен арбакпы же жолдон чыгарчу шайтанбы, айтор алардын айтканындай кылып, атасы менен апасынын уктоочу бөлмөсүнө кирип, сейфин ачып ичиндеги тапанчаны огу менен алып чыгып кетти.

Түн. Асманда аппак сүттөй төгүлгөн ай төбөгө келип калыптыр. Коноктордун баары кетип, жатак конок болуп Ассоль менен Исак, Эркин бүлөсү менен жана Наташалар Баймурзанын үйүндө түнөп калышты.

Биймырза, астейдил байкаштырса, Нурсулуу, Ассоль менен Исакты Эркин жашап жүргөн кездеги анын уктоочу бөлмөсүнө узатып койду. Мунун баарына саресеп салган Биймырза ойготкучун түнкү саат 2:00го коюп койду. Оюнда: «Алар терең уйкуга кеткенде жайлайм» деди.

Ассоль менен Исак өмүрүндө ушунчалык кыйынчылык көрүп, Исак түрмөгө камалып, андан кийин Ассоль кулчулукка түшүп, акыры экөө баш кошоюн дегенде Баймурза аларды жекирип, баш кошуусуна каршылык көргөзгөндө, экөө Новосибирск шаарына

качып, ал жерден баш кошушкан. Ал жерде жүрүп уулкыз таап, тиричилигин өткөзүп, кийин Москва шаарына көчүп жашашты. Бакыты толук болуусу үчүн бул жакта калган Баймурза менен Ассоль экөө тапкан Алим менен Асылдар менен тил табышып, аркысы жыргап жашай турган чакта, минтип Биймырза желкесине семиз шайтанды мингизип, өзүнө канын берип куткарган адамдын жанын аламын деп, алар мемиреп уктап жаткан бөлмөсүнүн эшигин жарым–жартылай ачып баш бакты. Эки орундук уктоочу керебеттин үстүндө жууркан жамынып Ассоль менен Исак эч нерседен жамандык ойлобой бейкапар уктап жатышты. Жарыкты жандыруудан чочулады, ойгонуп кетишсе, арам ою ишке ашпай калмак. Керебетке үч-төрт кадам калганда пистолетти туштап туруп, патрону түгөнгүчө экөөнү уктап жаткан жеринен жайлап салды. Ушу кезде жарыктык жанып, босогодон атасы майып болгон коляскада эмес, эки бутунда тике турган Баймурза пайда болду. Кылмыш үстүнөн тутулуп калганына жана атасы майып коляскада эмес өз бутунда турганына «өңүмбү» деп чочуп да коркуп да кетти.

Пистолет үнү угулганга, үйдүн бардык терезелеринде жарык күйүп, Ассоль менен Исак жаткан бөлмөгө үйүлө калышты. Баарынын таң калганы Баймурза майып коляскада эмес, өз бутунда турат, ичкериде колуна пистолет кармаган Биймырза чөк түшүп шолоктоп ыйлап олтурат. Чуркап барган Нурсулуу уулуна өбөктөп:

– Уулум бул эмне кылганың?

– Апа, сизди бактылуу кылгым келди. Ассольду жок кылдым. Ал жок. Менин барар жерим түрмө, – дегенде, Баймурза:

– Балам, сени түрмө оңдой албайт, сен өзүңдү өзүң оңдошуң керек. Сен түрмөгө түшпөйсүң, – деди.

– Россияга же Казакстанга качырып, сиз мени дагы куткарасызбы?

– Уулум, айлам жок, канымдан жаралган соң, өмүр бою колумдан келишинче куткарууга аракет кылам. Бирок мунусунда эч жакка качпайсың.

– Анда Ассоль менен Исак аяш атамдын сөөгүн эмне кылабыз?

– Алар тирүү! – дегенде арт жагынан экөө пайда болуп, чөк түшүп олтурган эне-баланы жана тапанча огуна тытыранды болгон жуурканды тиктей, кырдаалды түшүнгөн тейде үн катпай туруп калышты.

Биймырзанын кыялы өзгөрүп калганын байкаган Баймурза, анын артынан издеп чыкса, Биймырза алардын уктоочу бөлмөсүнө кирип, сейфтен анын тапанчасын огу менен алып, күбүрөнө: «Неңди урайын Ассоль! Укта. Уктап жаткан жериңден жайлайм», – дегенин угуп калат да, кирип барып уулун: «Кой андай жолго барба! – дейин дейт да, өзүнчө ойлонот. – Качаңкыга чейин аны эсине келтирип, жол көрсөтүп келем. Мейли ойдогусун кылсын», – дейт да чыгып кетет.

Ассоль менен Исакка уктап жаткан жеринен ойготуп, башка жоромолду угузуп, бул уктоочу бөлмөдөн алып чыгып, Алим менен Асылдын муруңку уктоочу бөлмөсүнө жайгаштырат. Биймырзаны байкаштырса, саат түңкү экилер чамасында анын шыбырты чыгат, караса жогорудагы окуя болот. Буларды уккан Биймырза:

– Сиз качан басып кеттиңиз? Баспай, майып элеңиз го?

– Туура! Мен майып болуп баспай калдым. Кудайдан жашырбаганды силерден жашырайынбы. Мен майып болуп калгандан кийин, сен мени адам катары көрбөй калдың. Мурунку сый-урматты калтырдың. Каалагандай талтаңдап жүргөнүңдү көрүп зээним ке-

йиди. Кийин баягы адамдарды унаа менен коюп кеткениңде, уяттуу ары өктөмдүү досума чалып, Москвага качырдык. Ал жакта жүрүп жанагы набыт болгондорго жана жарадар болгондорго, сага деген батирди «сатып кунун төлөп бериңиз» деген катыңы алганда, оң жолго түшүп калды деп сүйүндүм эле. Көрсө дагы эле ичиңде ич күйдүлүк жана адамдарга карасанатайлыгың күч экен.

Ошондо аябай ызаланып, бутума туруп, кадам шилтеп, басып жүрүү үчүн аракет кылууга белсендим. Бириң ишке, бириң ашка кетесиң, үйдө коколой жалгыз башым менен калам. Силер жокто аз-аздан аракет кыла баштадым. Өзүм тааныган дарыгерлердин жардамы менен укол–дары алып, өзүм аракет кылып басып кеттим. Басып кеткенимди дарыгерге да билгизбей, «эч майнап чыкпады» деп кол жаңсап узатып койдум.

Силерге айтпай турайын, толук басып кеткенде сүйүнчүлөп айтамын дедим. Бирок көп узабай артымдан дагы бир бычак сайылды. Эл билген, көргөн нерсени силерден жашырмак белем. Турна дегенди билесиңер, Ассольду жоготкондон кийин, ал менин сооротпкучум болуп жүрүп, кийин көңүлдөшүмө айланды. Аркысы мага биротоло жан күйөр адам болуп чыга келди.

Мен майып болуп калганда, ал түлкү дароо мени чанып, башкалар менен жүрүп кеткенде, бир өлүп тирилдим. Күйбөгөн жерим күл болуп, чынын айтсам ыйлап да алдым.

Карасам, Нурсулуу да муруңкудай болбой, өзгөрүлүп кетти. «Өлбөй, көзү тирүү турса болдуга» өтүп алды. Мени менен эч эсептешпей, өзү билип, өзү чечип, уул–кызым анын тарапташы болгонго: «Каалап бир турса калың эл, Каныкей болуш кеп бекен» сы-

ңары үйдүн жүз пайыз канышасына айланып, мени анын көлөкөсүнө теңеп салдыңар.

Сен мени, көзүңө түк адам катары илбей калдың. Башында бөлмөгө кирип, ал-акыбалымды сурап турчу элең. Кийинчерээк түйүн чечип жүргөн атаңды алакчылап, мени кемсинткен түрдө апаңын тилинен чыкпай, менин айтканым, менин пикирим эч суу кечпей калды.

Ушул жагдайлар мени коляскага мыжыгып тыгып салды. Бир гана ушу майып коляскасы – менин курбум, сырдашым, боор басарыма айланды. Басып калганымы силерге сүйүнчүлөө оюмдан баш тарттым.

Акырындап, кадыресе басып калдым. Баарыңар ишке кеткенде туруп басып коём, силер үйгө келгенде коляскага отуруп бечара кейпин кийип калам, – деп ары бурулуп, Нурсулууну тиктеп, «Конокторду өз бөлмөлөрүнө жайгаштыр. Ата-балача сүйлөшүп алалы» таризинде ымдады эле, бутуна туруп калган күйөөсүнүн ымдаганын дароо айттырбай түшүнүп, ата-баланы калтырып, тарап кетишти.

Ата-бала бөлмөдө жалгыз калган кезде, Баймурза унчукпайт да кебелбейт. Өзүн күнөөлүү экендигин сезген Биймырза атасына кайрылып, биринчи болуп сөз салды:

– Ата, эмне кыл дейсиз?

– Ойлонбой иш кылсаң, онтобой ооруга жолугасың дейт. Ассоль аман калганы менен, бирок сенин бул кылыгың жүрөгүңдө жашап кала берет. Адам болом десең, эң оболу бул жашоодогу өзүңдүн ордуңду тап.

– Сиз бутуңузга туруп басып калыпсыз, азыр болсо Ассоль менен Исакты сактап калдыңыз. Демек, сиз өзүңүздү таптыңызда ээ! – деп какшыктагандай түрдө сүйлөндү Биймырза. Баймурза болсо чын дили менен:

– Мен эң оболу өзүмдү тааныдым, бирок өзүмдү толугу менен таба элекмин, – дегенде, Биймырза какшыгын тыйып, атасына жан тартып, ага капа болгон түрдө:

– Мынча баарын байкаштырган экенсиз, тапанчаны огу менен алган Биймырза, өзүн-өзү атып алат деп мени ойлободуңузбу? Аяп койбойт белеңиз!

– Аны да ойлондум. Андай баланын жогунан бары не. Азуудай атаңды көзгө илбесең, төрөп асырап чоңойтуп койгон апаңды тоготпосоң. Сени сүйүп, артыңдан издеп келип, сага кыз төрөп, сени асыраган жубайыңдын баркына жетпесең. Минтип өз канын берген адамдын жанын аламын десең. Өлсөң ары карап ыйлап, бери карап күлүп, көөмп коймокпуз.

– Коюңузчу ата. Ушуну сиз айтып жатасызбы?

– Антип өз өмүрүңө кол салуу жана бирөөнүн өмүрүн алуу, бул коркок адамдардын иши. Жүрөгүндө ыймany бар адамдар өзүнүн ичиндеги терс кыялдарына кол салып, ошолорду тыйганга аракет кылып, өтөөсүнөн чыгат. Алсыз, эрксиз адам тилин да тыя албайт, жаман пейлин да тыя албайт, дилин акыр-чикирге толтуруп алып, өзү сасып жашайт. Ал турмак өзүнүн сасыганы аз келгенсип, айлана-чөйрөсүн сасытат.

– Ата ошо «Сасыткы» мен болуп жатпаймынбы. Мен түгөнгөн адаммын! Менде оңолгонго мүмкүнчүлүк жок.

– Сен али түгөнө элексиң. Мүмкүнчүлүк ар дайым бар, жана боло берет. Болгону дилиңди тазартып, чын ыкластан аракет кыл.

– Анда эмне кыл дейсиз, ата. Настяны таап келейинби? – деген Биймырза жанатан бери бирде көзүн ала качып, бирде жер карап сүйлөп жатса, эми Баймурзанын көзүнө тике карай, андан колдоо күтүп

кайрылса, Баймурза башын уулуна бурбастан алдын карай:

– Настя сен какбашты сүйөт. Теги сенин эмнеңди сүйгөн. Билбейм? Ал сени кечирүүсү мүмкүн. Настяны тапканга үлгүрөсүң. Алгач өзүңдүн кулк-мүнөзүңдү түздө.

– Ата, Настяны чын жүрөгүмдөн сүйөм. Бирок, ал дагы периште эмес, анын мүнөзү оор.

– Аяз – адиңди бил, ар кимди коюп өзүңдү бил. Бирөөгө сын тагаардан алдын өзүңдү таразага коюп көрчү. Жанараакта эле кылган кылыгыңды унтуп калдыңбы?

– Болуптур, – деген Биймырзанын айыбы билинип калып, жаман ою ишке ашпай, атүгүл тергөөдө отурган кылмышкердин кейпин кийип калганга, мунусунда көңүлү уюп, мүңкүрөп, жүрөгү менен буркурап ыйлап жиберди. Баймурза, Биймырзанын жанына басып келип:

– Бир башка өзү эмне керек? Материалдык байлыкпы же руханий байлыкпы? Бул жашоодон өзүңдү өзүң издеп таптыңбы? Өзгөлөрдөн өзүңдү тааный алдыңбы? Бул жашоодо сенин мүдөөң кайсы, жеке вазийпаң эмне? Мейли бардар, өктөмдүү, атагың таш жарып, даңкың дүйнөгө тараган адам боло албай калсаң да. Эң оболу бүлө күтүп, адамча жашай алдыңбы? – деген атасынын олуттуу сөздөрүн уккан Биймырза:

– Сиздин айтканыңыз туура экен. Мен ким экендигимди билчү мезгил келди окшойт. Деген менен, мен ушул кезге чейин өзүмдү түшүнө албай келем.

– Эң кыйыны өзүңдү өзүң түшүнүү. Азыркыдай кыйчалыш кырдаалда, өзүңдүн чыныгы жан дүйнөңдү күзгүдөн даана көрүп, таанып билесиң. Ошонуңду, терс кыялдарыңды, терс сапатыңды, жаман адатың-

ды кийин-соңку тизгиндей алсаң, өзүңө бактылуу сезим келет. Бирок мындай сапат – өзүн издеп тааныган адамдарга гана тиешелүү касиет! Бул жашоодо эң маанилүүсү жана эң башкысы өзүңдү издеп табуу жана өзүңдүү таануу!

– Анда, мени эмне кыл дейсиз?

– Өзүңдү Изде!

# ПОВЕСТЬ

## КАРА РОЗА

Ат-Башы. Кара-Суу айылы. Кыш бала таштап эрте келди. Алгач жамгыр аралаш суу кар жааса, түнү менен ак кар жаап теребел төгүлгөн сүттөй ак түскө боёлуп жатып калды. Тончон, бутунда өтүк кийип, башына эски гүлдүү жоолук салынган, орто жашка чыккан аял айыл четиндеги жарыгы жанып турган үйгө кирди. Босогодон карды күүнүп, тонду дубалдагы мыкка илип, малга кечкисине чөптөн салып коёюн деп сыртка чыкты. Короонун курукталганын көрүп, бешиликке чөптөн сайып, мөөрөгөн уйларга, маараган койлордун акырына салып, бери келип асман тиктеп, жааган ак карга жүзүн тосту. Майдалап жааган аппак карга бети тамылжый түштү. Күбүрөнүп бирдемеге түйшөлгөнсүйт. Кемселинин көкүрөк чөнтөгүнөн жалгыз Кара Розаны алып чыгып, бир саамга карап турду да, иренжиген түрдө кар үстүнө ыргытып, ысык үйгө кирип кетти.

Меш жаккан үйгө кирип, эки алаканын жайып ысынып олтурганча, мештин күлүн алып, аташкерек менен көмүрдү түрткүлөп, эки калак көмүр салды. Денеси ысыганы менен жан дүйнөсү ысый албады сыңар, сыягы муздак карга ыргытылган Кара Розага дили чыдабады окшойт, сыртка атырылып чыкты. Ызгаар суукка тоңо баштаган гүлдү алаканына салып, меш үйгө алып кирди. Кара Розанын гүлдөрүнө жабышкан карды күбүп, суу куюлган идишке салып, ойго түштү.

Апасынын Кара Роза гүлүн тиктеп толкунданган абалын көргөн кызы: «Кайдагы жалгыз кара Розаны вазага салып, кам көрүп убайым тартып жатасыз, деги тынччылыкпы?» – деген кызы апасын жарга такады. Роза болсо ички дүйнөсүн аңтар-теңтер кылып, кызынын өз атасы үчүн мүрзөгө коюлган Кара Роза баянын айтып кирди:

– Атам элүү биринде, апам кырк бир жаш кези болсо керек. Унаа менен тойго барышып, кубарың урган күндүн азабын кара, жол тайгалак болуп, Долон ашуусуна келгенде автокырсыкка кабылышат. Оор жаракат алышып, Нарын шаардык ооруканасынын жандандыруу бөлүмүнө жеткизилет. Ал кезде биз төрт уул, үч кыз болгон үй-бүлөнүн туң кызы болгон мага кабар угузушту: «Роза, эми туура түшүн, атасы өлсө да угузат. Шүгүр дейли, сенин ата-энең тирүү, алар Нарын шаардык ооруканасында, акыбалы оорураак», – деп айылдык почточу, уккан кабарын айтып сыртка чыгып кетти.

Өзүм он биринчи класстын окуучусу болгон соң, ини-сиңдилеримдин кечки тамагын берип, өзүм аялдамага чыктым. Кол булгалап, Нарынды көздөй бараткан унаага олтуруп, ооруканага кантип жетип калганымды деле билбейм. Жандандыруу бөлүмүндөгү дарыгер кыйшайган көгүлтүр чепчигин түздөп: «Кызым жашырганда не, ата-энеңдин акыбалы оор. Биринчиси, тез арада аларга кан куюу керек. Экинчиси, акча таап Бишкек шаарына жеткизип, күчтүү дарыгерлерге көргөзүп, операция жолу менен булардын өмүрүн сактап калса болот. Убакыт өтө чукул, бат кыймылда, күтөм. Тилекке каршы, сенин ата-энеңдин кан группасына ылайык келген кан бизде жок болуп чыкты. Эми түшүнөсүң да, шаардык деген аты болгон оорукана айылдык оорукана деңгээлинде», – деп ары басып кетти.

Башыма чач чыгып, мындай олуттуу маселелерди чечпеген соң, «Кимге барам? Кимден жардам сураймын?» деп кеңкелес болуп калдым. Ата-эне керек экен, класс жетекчим Анийпа эжекенин терезесин каккылап, энтигип атып окуянын чоо жайын түшүндүргөндөй болдум. Анийпа эжеке биздин тообуз бол-

гон байдар адам Аскер Алымбеков менен маданият тармагында эмгеги зор, артист Курмантай Кабыловдун туугандары аркылуу байланышып жардам сурап кирдик. Эжекемдин үйүнө барып түнөгөн менен көз ирмебей таңды атырдым. Борбордон жардам келгиче: «Апаң үзүлдү. Эми кайрат кыл», – деген суук кабар укканымды билем, андан аркысы жаман түштөй болуп, топтолгон эл боз үй тигип, өкүрүк салып ыйлагандар, кар күрөп жайга чыккан туугандар: «Апаңдын денесин жерге бердик», – деп үйгө келип куран окуп, ошентип бала болбой эле он бешинчи январдан баштап чоң адам болуп калдым.

Апам өткөндөн кийинкиси негедир атама болгон жек көрүүм күчөп баратты. Анткени, атам кызыл камчы болуп, апам байкуш жакшы күн көрбөдү. Апам бизди төрөп, чоңойтуп жүргөн күндөрү, атам мас болуп келип, апамды ур-тепкиге алаар эле. Эсимдеси, бир жолу дубалда илинген мылтыкты алып апама кезеп аткылаганда, Кара-Суу айылынын күмбөзүнө бекинген түндөрдүн далайын баштан кечирген элек. Эми болсо, апам өлүп калган соң куран окуп келгендерге: «Айтурган сонун адам эле, кара жер кабар айтпасын, кээде мекилдегени болбосо, аны сүйөөрүм анык эле», – деп сүйлөсө, андан бетер, атама ачуум келип жүрдү. Апам өткөндөн эки жума өтүп-өтпөй, атам үйгө түнөбөй жок болуп кетти. Бир тууган инилеримди ээрчитип, издебеген жерибиз калбаганда, аргабыз кетип, апамдын жайына барып ыйлап, ыйыбызды, бугубузду чыгарып алайлы деп бардык. Бир чоочун киши апамдын дөмпөк мүрзөсүнүн жанына корукчу иттердей көмкөрөсүнөн жатып алыптыр. Түрткүлөсөк, караң калгыр дубана пейил атам экен. Оозунан каңырсыган арак жыты менен жуулбаган тиштеринин сасыганы аралашып, оозунда ит өлүп

калгандай ачуу жыт буркурайт. Үйгө кетели десек: «Балдарым, Айтургансыз, мага жашоо кызыксыз. Өлөм», – деп коркутуп киргенде:

– Бизчи, балдарыңыз көзүңүзгө көрүнбөй калдыбы? – десем, дагы арактан тойгуча ичип алган экен:

– Урдум силерди. Айтурганымдын көзү тирүү болсо бөлөк, көзү жок болгон соң силердин мага эч керегиңер жок, – деп бизди мүрзөдөн кубалап жиберди. Ошентип арактй кууп ичип, биз менен, эл менен иши жок жүрүп, апамдын кыркылыгына жетпей арак түгөнгүр атамдын түбүнө жетип, анын жанын алып тынды. Кээде ойлоп коём, балким атам өлүп жакшы кылгандыр, эми жети жетимди багып кыйналмак беле? Кээде апама ачуум келет, ал өлбөй турса, атам да артынан кубалап көргө киргенсип өлбөй турмак да деп. Кантсек да аска-зоо кулады, үйдүн куту кетти, ата–эне түш жооругандай чын дүйнөгө кетти, тоголок жетим болуп тиричилик башка түштү. Атанын малы чатанын малы болуп, калган мал-жандыктын көбү эмне болду? Тажыяга иштелди, жардан учту, ууру-кескин алды, карышкыр жеп кетти болуп, жок болду.

Бир күн болсо да бизде кыш оор болгонго, жакканга көмүрүбүз жок, тамак–аш желип түгөндү. Кийим-кечек, бири–бирибиздикин кийип эптештирген менен, инилерим менен сиңдилерим тамак деп ыйлайт, үй ичи болсо калтыратып суук. Тажиядан калган короодогу эки койду сатып тамак-ашка сарптадык. Көмүр отун ордуна жыйырма беш сомго спираль алып, токко сайып, үйдү ысытабыз, аныбыз да үзүлүп калса үй тоңуп калат. Үзүлгөнүн кайра улап иштетип, жазга жетип алдык. Мектепти жакшы окуганга, класс жетекчим Анийпа эже: «Роза алтын медал аласың, 25-майга татынакай кийинип кел», – деп сүйүндүрүп койду.

Үстүмө ак фартук тагып, кызыл ашыктан балтырга чейин чоюп ак голфа кийдим, жокчулук да бутума кийгенге абат бут кийим жок. Өлүп кетсин деп, жыртык патиңкемди арыктагы суугa кир самын менен жууп кийип алдым да мектепке келип, салтанаттуу чогулушта мектеп директорунун колунан алтын медал алдым. Классташтар ортого алып, куттукташса, эжекелер аябай сүйүнүшүп: «Сен Бишкек шаарында окуй турган кызсың. Келечегиң алдыда», – дешсе, космоско учкан космонавтай сүйүнүп, өзүм дердейип кучак толо гүлдестелерди көтөрүп, үйдү көздөй мулуңдаган боюнча чуркап жөнөдүм. Атам-менен апамдын өлгөнүн унтуп калып: «Ат-таа! Ап-паа! Мен алтын медал алдым, сүйүнчү!» деп үйгө чуркап кирсем, эки кичинекей сиңдим уктап жатыптыр. Инилерим көчө безип, чүкө ойноп, мени менен деле иши жок. Улагага мостоюп олтуруп калдым. Тосуп алчу апам менен атам болсочу?! Апам чыгып калабы деп, апамды күтөм. «Иий азаматсың кызым», – дей турган апамдын жакшы сөзүн күтөм. Мас болсо да алдына олтургузуп алып: «Ыы, айтчы кана, бул алтын медалды сен эле алдыңбы, же атасы айыл өкмөт башчы деп, менден коркуп эле сага бере салыштыбы?» – деп тамашага салчу атамды күтүп жол карайм. Түбүң эшилгис бу жалгандын ачуу чындыгы ушубу. Эч ким келбесин билген соң, отуруп алып ичимдеги букту чыгара ботосун жоготкон төөдөй боздоп ыйлап киргенде гана, бардык бир туугандарым күйпөлөктөй топтолушуп: «Сизди ким капа кылды айтыңыз. Пачагын чыгарып салабыз», – дейт тестиер инилерим. Мен болсо эч ким капа кылган жок. Алтын медал алдым, сүйүнүчүмдү бөлүшкөнгө адам жок деп, сөздү чубап кеч киргиздик.

Бишкек шаарындагы И.Арабаев атындагы университеттин журналистика факультетине оңой эле өз кү-

чүм менен өтүп кеттим. Биринчи курсту бүткөн жылы бир тууган иним Тумарбектен кабар алып коёюн деп Ош базарына барсам, чогуу иштеген жашы улураак Равшан аттуу жигит менен тааныштырып калды. Ал жактырып калыптыр, көп узабай, ой-боюма койбой Таласка алып качып кетти. Окуумду улантайын дейм, бир жагынан эртерээк эрге тийип жакшы жер болсо, бир туугандарыма колдоо көрсөтсөм деген ой келип, барган жерде бүлө күтөйүн деп отуруп калдым.

Равшан култуңдап сүйүнүп жүргөнү менен, негедир кайын энем: «Кыз түгөнүп калгансып, жердин түбү болгон Ат-Башыдан алып келип алыпсың. Эми өзүң жашай бер», – деп ал мени бүлө катары кабыл албады. Ат-Башынын кызы болгон соң, уй саайм, бээ саайм, эшик–эликтеги аял кишинин бүт ишин кырып жасайм, теги эле кайын энеме жакпайм. Жумурткадан кыр издеп, мурдун тыржыйтып, мени эч уулунун теңине албайт. Көп узабай кускум келип көңүлүм айланганынан дарыгерге көрүнсөм: «Куттуктайм, балалуу болот экенсиз», – деген күнү, жолдошум экөөбүз көрдө жаткан ата–энем тирилгендей сүйүнүп чыктык, ал болсо: «Коё тур, уул төрөсөң, апам сени жакшы көрүп кабыл алат, көрөсүң го», – деп жоошутат. Балээниби? Актилекти төрөгөн жылы, кайненем кайра күч алып: «Булар көбөйүп кете электе жыйыштыр. Үйүнө алып бар», – деп жаңы чырды баштап кирди.

Ошол кезде Актилегимди жетелеп Кара-Сууга келип, атам менен апамдын өткөн күндөрүнө деп кой союп, колу-коңшу, тууган-урукту чакырып, Куран окутуп коёюн деп бир айдай кармалып калдым. Таласка барсам, Равшаныма кайын энем аял алып берип коюптур. Бактылуу болсок болмок, апасынын сүйгөнүнө үйлөнүптүр, мейли дешке арга жок ажырашып тындык.

Күйөөм менен ажырашкан кезде бир уулум колумда, экинчи уулум боюмда эле. Аны айтсаң дейди сөз ырбап, Чубактын чуусундай чубалганы токтобочудай деп аны угузбадым.

Ичим билинип, көйнөктү сыртка тээп, кичине чыгып калган, айылга барыштан тартынып, Бишкекте жашаган бир тууган тайэжемдин үйүнө бардым. Ал кабыл албай, күңкүлдөп калганынан чыгып кеттим. Айлана көз байлап, иңир кирген маал, Ала-Тоо конушуна жетип калган чакта көзүм темир вагонго урунду. Ичкери кирейин десем, ичинде жашагандар бар экен, ызы-чуу кылып кубалап салышты. Кеч киргенде темселеп бир балээге кабылбайын деп, ошол вагондун артына өтүп, алдыма бош коробкалардын картондорун салып, уулум экөөбүз жатып алдык. Катуу жер денеме өтүп талытып оорутат, же таң атпайт, же караң калгыр уйку келбей жер агарган кезде, уктап калган Актилекти жонума көтөрүп, базар жакты көздөй жөнөдүм.

Филармониянын жанынан өтүп баратып, эстрада жылдыздарынын концерти болот деген офишага көзүм урунуп, дароо билет алып сатсамбы деген ой кылт этти. Кассадагы кассир аялга кыскача болгон шартымды айтсам, мага ишенип, макул болуп насыяга он билет берди. Жүз сомдук билеттерди колума алып, Актилегимди ээрчитип алып, концерт билеттерин жүз жыйырма, жүз элүү сомдон сатып пайдасына кынык алганга, ушул тиричилик менен шугулданып кирдим.

Кассир эже жалгыз бой аял экен, батирине киргизип алып, ага батир акысын төлөп, кечиндеси билетин сатышып, пайданы ортодон бөлүп жүрдүк. Ай-күнүмө жетип, Актилекти кассир эжеге ишенип, өзүм төрөтканага жеттим. Көз жарган соң, дарыгер: «Уулду болдуңуз, атын ким коёсуз?», – деп көңүлүмдү алып сүй-

лөп калды. Кайын атам жакшы киши эле. Ал олуялык кылып: «Келинимдин соорусу жайык, маңдайы ачык. Мына көрөңдөнүп эле кетирем деп жүрөт. Эч кетире көрбө!» – деп аялына кайрылып, кайра мага жалооруп тиктей. – Сен үч уулду төрөйсүң, аттарын: Актилек, Бактилек, Акжол деп ата», – дегенин эстеп, бак али келе элек, жолум ачылсын деп ойлоно калып:

– Эже, чоң уулумдун аты Актилек. Бул уулума Акжол деп ат коем.

– Акжол, кана Акжол, мама эмесиңби? – деп уулумду көкүрөгүмө коюп, өзү палатадан чыгып кетти. Арадан үч күн өттү, мени менен чогуу төрөгөн үч келин болуп узатуучу бөлмөдө чогуу турабыз. Кыйкырыктар чыгып, машиненин сигналын чалып, шампандар атылып, куттуктоолор жаңырып, келин менен жаңы төрөлгөн наристелер бирден узап жатышты. Акыры узатуучу бөлмөдө соксоюп жалгыз мен калдым. Тосуп алчу атам менен апам көрдө жатса, Равшан болсо жаш аялынын коюнунда кумарлана жыргап атса, ини-сиңдилерим жаш болгонго мени менен иши жок жүрсө, кассир эже болсо билет сатуу менен алек, анүстүнө Актилекти да карап, колу бошобогонго, мени куттуктап, мени утурлап эч ким келбеди.

Өзүм эле аялдамага чыгып №136-маршрутканы күтүп, үч күндүк Акжолумду чүргөккө бекем ороп, маршрутка менен батирди көздөй жөнөдүм.

Акжолдун кыркылыгы чыккан кезде, Ат-Башыдагы бөбөктөрүмдөн кабар алып келейин деп, айылга барсам: «Роза ажырашып кеткен. Менин тукумумда ажырашкан жок. Розадай болуп ажырашпагыла. Мунун эри таштап кеткен», – деген кабарды, бир дубал кошунам менден мурун эле, айылга таратып жибериптир. Жамандын өзү теңелбесе да сөзү теңелет болуп, анын сөзүнө теригип, ардандым, буулуктум, ый-

ладым. Ат-Башылык туугандар ушинтип сөз кылса, анан Таласка кантип батмак элем деп, жанчылган жан дүйнөм кирдеп, жүрөгүм сыгылып, сабырым кетти.

Ыйлап отурсам, жашы жүзгө жармашкан тайнем келип: «Турмушка эч сын жок. Кана сендей болуп эки уул төрөп алышсынчы, көрөйүн, – деп башымдын үстүнөн чыны толо сууну тегерете айлантып, сууга түкүртүп, бошогон чынынды улагага оодарып коюп, – Кел, кызым, ысык чай ич, бөбөктөрүңө деген ширин-диктериңди бер. Уктап эс ал. Алтын башың аман болсо, алтын аяктан суу ичесиң. Өлбөсөм көрөттүрмүн, ажал жетип алып кетсе, мени айтты дейсиң», – деп калтыраган арык колдорун кыбыла жакка көтөрүп батасын берип, мага дем, күч–кубат, руханий дөөлөттү төбөмдөн ылдый куйгандай керсейип калдым.

Тайнемдин ошол батасы бат эле орундалды. Кадимки иш күнүм. Филармониянын алдында билеттерди сатканча, кыңылдап ырдап атсам, артымдан бирөө көз салып турганын далым менен сезип калдым. Бурула карасам телевизордон, «Супер-Инфо» гезитинин биринчи бетинен көрүп жүрчү аттуу–баштуу, белгилүү продюсер турат:

– Ммммм. Үнүңүз абдан уккулуктуу жана жагымдуу экен. Керек болсо татаал бийик ноталарды кыйналбай алат экенсиз, – деди.

– Ат–Башыда, тоо башында, колоттордо кой кайтарсаңыз, сиз деле ушинтип кыңылдап жүрмөксүз, – деп, одоно жооп кылдым. Мага эркек катары тийишип жатат десем, анымды кулагынын үстүнөн өткөрүп жиберип, мал базарда тууй турган саан уйду тандаган алармандай сын көз менен тиктеп:

– Мм...дааа.... Боюңуз да шаптай, өңүңүз да сулуу, жүзүңүз нурдуу. Музыка менен теле сулуулукту талап кылат. Сизде өң да, талант да бар экен. Иштешейли.

Мына менин визиткам. Эртең күндүзү чалыңыз, кеңири сүйлөшөлү, – деп кадырлуу киши филармонияны көздөй басып кетти.

Анын кадамынын сөлөкөтүн карасам, ал көлөкөгө улай филармониянын астында орнотулган Манас баатырдын айкелинин кылыч көтөргөн сөлөкөтү калдайган карааны менен каардана турат. Ага утурлай чубалган ажыдаардын ийри-муйру куйругу, филармония астындагыларды ары жактан келе жаткан жоодон сактай тургандай сүрдү байкадым. Ал эми асман туштай атырылган фонтандардын шатыраган үнү кадимки ак жаан сымал абаны нымдап, фонтандын сууларынын майда–майда тамчылары бетке чачырап, чарчаганыңды сергитип, ныксыраганыңды жоюп, өзүнө тартып турат. Продюсер агамды, ушул улуу эстелик, фонтандан соккон мээлүн шамалы менен жагымдуу үнү убактылуу унуткарып койду. Белеттерди сатып бүтүп, качан гана кассир эжем: «Кана кырчаңгы, акчаны чыгар, пайданы бөлүшөйлү, – дегенде акча арасындагы визиткага көзү түшкөн менин кыраакы эжем, аны колуна ала калып, – Олжолуусуң го бүгүн каралдым. Алтын балык кармап алып үн катпайсың анан», – деп, азил–чыны аралаш сөз таштаганда гана, болгон беш мүнөттүк жолугушууну супсак гана айта салсам. Кыңтайып жаткан жайынан өйдөлөнө туруп, көйнөгүнүн жеңин түрүп, эки колу менен гилтийген санын чапчый кармап:

– Ээй, сиңдим сен түшүнүп жатасыңбы. Берем десе бешимде кымыз. Бербейм десе сааркы саамал да жок.

– Түшүнбөдүм эже.

– Түшүнбөсөң. Отур. Кулак сал. Бул продюсер оңоюнан кылтакка илинчүлөргө кирбейт. Оң жамбашыңа салып жаткан экенсиң. Кудайым сага боору ачып бериптир дей бер.

– Эже, айландырбай түз эле айтыңызчы, адамды кыжаалат кылбай.

– Тooба! Эч сабырыңар жок азыркылардын. Же макалдап айтканга түшүнбөсөң, же айландырып айтканга маани бербесең. Мейли, силердин тилиңер менен сүйлөйүн. Ток этери сенин чымының бар окшойт, кыңылдап ырдап калчу жагдайың бар. Өзүңдү, Кудай периштелеринин колу менен жасагандай супсулуу келбетиң бар. Эң башкысы жан дүйнөң-шаң дүйнө. Аның жүзүңө таңкы чолпон жылдызындай паркырап чыгып турат. Жанагында карызга белет сураганыңда, ошол жылдызың менен аял заты болгон мени арбасаң, эми Кыргызстанга белгилүү продюсердин көзү түшүп калыптыр. Итиң чөп жеп, атагың чыкканда мени эстей жүр. Өзү чакырган турбайбы. Эми эртеге барып жолук. Таалайың, таңкы күн нурундай жер жүзүнө жарык тартуулагандай жанарына эч шегим жок. Билип жүргөм, ушу кыз кор болуп билет сатып жүрөт деп. Сенин жылдызың асманга көтөрүлө жаркырап турушуна ниет кылчумун, – дегенде. Же ак дебей, же жок дебей оозума талкан толтуруп алган немедей муюп олтуруп бердим. Уккан сөздөрдү жомок сыяктуудай кабылдап ишенебейин дейм, бирок жомок бир күнү орундалып калса, деп үмүткөр инсан үмүтүм күүлөөнүп жылдыздарга жетип, алардын арасында эркин учуп жүргөнүнө маашарлана көзүм бир чекитке кадалып катып калды.

Эртеси аттуу-баштуу атыккан продюсер мырзага жолуктум. Андан аркысы жомок менен тозок жашоом башталды: ыр жаздырмай, обон созолонтуп ырдамай, театрларда, айыл клубдарында гастролдор, тойлор. Телевидениеде интервью бермей, гезит бетинин бир бети толгон сүрөттөр. Кышта жолдо калмай, суук тийип ооруп калмай, эси жок эркектердин мас болуп

калып тийишип, эрмек кылам деп атырандагандары. Депутат, аким, мэрлердин, олигарх менен каралардын атамандарынын жайыл дасторконунун төрүндө чай ичмей.

Ошентип, ысыгы да бар, суугу да бар. Бу баштан баары өттү. Өзүңдү көкөлөтүп көккө көтөрүп, башың булуттарга жетип дөөлөткө мас болосуң. Кээде аркаңдан чубалжыган балит сөздөр ээрчип, жердин жети түбүнө алып түшүп, өпкө бооруңду жерге чаап сыздатат.

Ошол күндөрү Нарын шаарына тойго чакыруу келип, жетип бардым. «Дордой Плаза» ресторанында эки ыр ырдап, мейман үстөлгө отурдум. А жерде башка белгилүү ырчылар менен сен ырда, мен ырдайын деп турсак, айылдаш Матаң деген кошуна ага бар эле ошол келип калды:

– Матаң ага келиңиз, кара-суулук туугандар аманбы. Бала-бакыраңыз менен эсен турасыздарбы?

– Баары шүгүр, эптеп-септеп эл катары күн өткөрүп жатабыз дечи. Роза, мен сага бир нерсени айтайын деп жүрөм, эч эле ыңгайы келбейт, же колго тийбейсиң. Телевизорду жандырсам ошол жактан чыга калып секирип бийлеп ырдайсың. Гезиттер сенин сүрөтүңдү чыгарбаса оокаты өтпөйт сыңары. Үстүңдө кийген көйнөгүңдүн баасы, кемпиримдин айтуусунда, менин бир жылкымдын баасына барабар дейт. Өлүп кеткен ата–энеңдин үйү каралбай калганга, урап калды. Оңдоп түздөп койбойсуңбу? – дегенде, тиги кадырлаш адамдардын көзүнчө белиме чейин жерге кирип эле кеттим. Же каяша айталбайм, анткени бир туугандарымды Бишкекке көчүрүп кеткен элем. Төрт иним бой жетип, үйлөнүп, өздөрү менен өздөрү болуп, очор-бачар болуп үй жай күтүп калышкан эле. Сиңдилерим турмушка чыгып, ата конушун чындап эле

такыр унутта калтырганыбыз чыркыраган ачуу чындык болчу.

Матаң ага эмнеге элдин көзүнчө уяткарып айтканын түшүнбөдүм. Бирок айткан сөзү өзөгүмдү тешип эле кетти. Жылдыз болуп жангандан бери, эч ким минтип арыма келтирген эмес. Матаң ага, эски, жыртык патиңкемди алдыма алып келип, маңдайыма салаңдатып, илип кетип калгансыды.

Элден жарды-жетим, ажырашкан жашоомду жашырып келсем, минтип оркоюп чыгып калышына аябай эле ызаландым. Анткени сахналаштарым, күйөрмандарым медалдын жаркылдаган берки бетин кана билишчү. Ал эми медалдын аркы жагын жашырып, кулпурган Роза болуп эле жүргөн элем. Ушинтип жан дүйнөмдө күрөш жүрүп жаткан кезде, той ээсинин өтүнүчү менен тамада мырза, микрофондон үнүн катуу чыгарып, мени чакырып каалоо-тилек айтып коюумду суранып калды.

Микрофонду колума алсам, колум калтырап, үнүм киргилденип, жана эле шаңкылдап жаткан Роза жалбырактарым бүрүшүп, сабагым тоңуп, ооз учунда төрт сөздү улаштырып араң сүйлөп, ресторандан чыгып кеттим.

Бишкекке кайтышым керек эле. Унаа айдаган жардамчыма:

– Борборго эмес, ата-энемдин мүрзөсүнө, Ат-Башынын, Кара-Суусуна айда, – дедим, ал:

– Макул, Роза эже. Сиз эс ала бериңиз. Жеткенде ойготуп коёмун, – деди.

Мүрзөнү аралап, дөмпөйүп удаа жайгашкан атам менен апамдын мүрзөсүн көргөндө муундарып калчылдап, өпкөм көөп, жарылып кеттим:

– Мен эми кимге барам? Кимге батам? Аталап кимге эркелейм? Апалап кимди ээрчитип басам? Апалап

кимге сырымды айтам? – деп, ыйлап жатканымды аяган жардамчым, унаага салып, Бишкекти көздөй айдап жөнөдү. Унаада келатып ой басты: «Кимдир бирөөгө кеч кирет, кимдир бирөөгө таң атат. Аялдар, кыз-келиндер ресторандарга кооз көйнөк кийишет, бети–башына атыр-упаа сээп, тагынчактарын тагынып, чачтарын укмуштай кылып жасатып, тойкананын, коноктордун оозун ачкан кооздукту көрсөтүшөт. Бирок ошол кооздук ошол кеч үчүн гана экен. Анткени кашайган чыныгы жашоо көйнөктөй, бет, чач, тырмак жасалгаларындай кооз болбойт тура. Турмушуң деген тырмышып жашап, өлбөстүктүн оокатын өткөнүнө, акча тапканыбызга, көргөн сыйыбызга, кайталанма жашоонун агымына азгырылып олтуруп, өмүрдү өткөрүп жиберет экенбиз.

Элдин алдында кооз Роза болуп, сулуу болуп, жаркылдак болгонум менен, бирок турмушта кооз Роза боло албадым.

Кудай кош уул берди, кыз күттүм эле, кыздуу боло албадым.

Чыгармачылыктын түйшүгү менен алты бир тууганымдын жүгүн моюнума алып, эркек кыла албаган иштерди жасап, уулдарымды чоңойттум, ини-сиңдилеримди бутуна тургуздум. Ким элек, ким болдук? Бирок, же уулдарым, же бир туугандарым: «Эже жеке турмушуңуз эмне болуп жатат? Качан жүрөк шеригиңиз менен тааныштырасыз?» – деп, сурап коюшпады.

Матаң ага: «Урап калган үйүңдү качан оңдойсуң», – деп сураганда гана, жан дүйнөмө жакшы адам керек экен. Мени эркелетип, жакшы сөз айткан, кыялымдагы гүл ташыган мырзамды сагындым», – деп ойлоно, шаарга жетип, батирге кирип, чарчап калган экенмин, уйкуга кеттим.

Эртеси. Үй-бүлө күтүп, бала-бакыра таап калган төрт инимди чакырып: «Ат-Башыдагы үйдү оңдоп–түзөп коёлу», – деген сунушум, суу кечпеди. Кол шилтешип, тарап кетишти. Коенду камыш, баатырды намыс өлтүрөт дечү эле, эркек инилеримди, айылдаш Матаң аганын сөзү чымын чаккандай таасир кылбай, анын сөзүн этибар алышпады.

Белди бекем бууп, гастролдон, той-топурдан иштеп тапкан акчама, урап калган үйгө уста салдым. Үйдү түбү менен сүрдүрүп туруп, үч ай ичинде жомоктогу канышаныкынан кем эмес заманбап заңгыраган ак–сарайды тургузуп салдым. Менин ал үйгө жашабагандыгымды түшүнгөн төрт иним: «Айылдагы үйгө барып, ата конушунда мен жашайм», – деген талашка түшүштү.

Ошол кезде жоголуп кеткен күйөөм пайда болуп, анда-санда үйгө келип түнөп калат. Төшөккө жатканда, жалынып жалбарып: «Сүйдүм-күйдүм, адаштым, жаңылдым. Кечир мени, ортодо эки уулубуз бар, жарашайлы», – дейт. Мен ойлонуп, макул болоюн десем, мен гастролго чыккандан пайдаланып, башка аялзатына жармашып, алганын, ар жердеги оозу бош аялдар: «Бул алты ирет төшөк жаңыртып, алтоосун тең кетирди, эми минтип ар юбкага жармашып арак ташып, алардыкында түнөгөн альфонс», – дегендерин угуп, жылып бараткан ичим муздай түшөт.

Ошентип, теледе иштеп, музыка тармагында кадыр таап, акча тараптан көз карандысыздыкка жетип, бир күнү Бишкек, эртеси, Нарын, апта соңун Оштун ресторанында тойлогонум менен, жан дүйнө ээсинин карааны эч табылбай, убайым тарттым. Жабышып, илешкендер ушунча болду, назик көңүл менен жароокер жүрөккө буйрук бере албайт экенсиң.

Акыры, жүрөк жарымын издей берип, үмүтүм үзүлүп бараткканда, кокусунан түбү ноокаттык бир мырза: «Уулумдун үйлөнүү тоюн Ош шаарындагы ресторанда өткөзүп жатам. Тойдо ырдаганча, өзүңүз эле тамадалык кылып, алып барып бериңиз», – деп сурап калды. Мындай сунуштар нечен жолу түшүп жүргөн, бажарып жүргөндүктөн, акчасын келишкен соң, макул болдум.

Тойду баштаганда бир кызык нерсеге туш болдум. Той ээси Марлен аке, жесир болуп чыкты. Жубайы ооруп каза болуп калыптыр, аны коштоп карындашы турду. Марлен аке, мурунтадан эле мени байкаштырып, сураштырып, карап жүргөн экен. Уулунун тоюнун шылтоосу менен, жакыныраак таанышууну эп көрүптүр. Анысын той соңуна чыккан кезде: «Роза, тойго болгон ыраазычылыктардын баары сизге болсун. Мени көрдүңүз, жеке турмушта жалгызмын. Туура көрсөңүз, эртеге чогуу түштөнөйлү. Аэропортко жеткизип коюууга уруксат этиңиз. Азыр болсо мейманканага балдар жеткизип коюшат», – деп балдарга дайындап, менин жообумду укпай эле, тойго келгендерди узатуу менен алек болуп калды.

Мейманкана. Ак-Буура дарыясынын жээгинде тургузулган жалгыз үй экен. Жакыныраак жайгашкан үйлөр, эки жүз метр аралыкты түзгөнгө, бир караганга кооптуу сезилди. Уктоочу бөлмөдөгү терезени ачсам, дарыя агымы таштан-ташка урунуп шарактаганы кулакка сонун угулуп, мен тааныбаган белгисиз чымчыктар чырылдашып, Хинди кинолорундагы сүйүшкөндөр суунун аркы-берки өйүзүнө өтө калып, ырдап, бийлеп жаткандай чымчыктарды көз алдыма тартып, бир саамга тыныга түшүп, кайра Марлен акенин: «Чогуу түштөнөлү», – дегени кулагымда жаңыра берди.

Ошол кезде, телефонума Whats Apртан билдирүү үнү чыгып калганга, окусам продюсерим: «Роза, той бүттүбү. Той ээси акчаны бердиби. Бишкекке качан кайтасың? Мен жумуштар менен Таласка кетип жатам, убактың болсо убадалашкандай гонорардын элүү пайызын банк аркылуу которуп кой, акча тартыш болуп калды. Мейли бейпил түн!»Мен жооп жаздым:

– Амансызбы агатай! Той көңүлдөгүдөй өттү. Той ээси ыраазы болуп, акчаны эртеге аэропортко өзү жеткизгенче беремин деп калды.

– Капыстан той ээси жаныңда эмеспи? Кана видеочакырууга жооп берчи? – деп кызганган түрдө, видеочакыруу чалды. Чачы үрпөйүп, келтек жеген адамдай өңү жүдөңкү. Аялы менен чырдаша түшкөндө, ушинтип суута түшкөн мышыктай болуп калат. Менин жалгыз экендигимди көрүп:

– Мейли, Роза жакшы жат.

– Ишенбейсиз ээ?

– Койчу эми! Ишен, бирок текшер дейт го.

– Ушинетип текшерип коёсуз. Кызганып коёсуз. Жакшылыгыңызды унутпайм деңизчи. Аялыңыз сүйлөшүп жатканыңызды көрүп калбасын. Дагы уруш чыгарып, менин тынч башымды оорутпагыла.

– Мейли, тынч эс ал. Акчаны жөнөтүп кой, макулбу?

– Макул, агай.

Ушинткен непадам жашообуз он жылдай болуп калды. Филармониянын алдында көрүшүп, кездешүүгө чакырып, эртеси жолукканда, аялын иттей жамандап: «Ажыраша албай жүрөм, сени жылдыз кыламын, анан баш кошуп, эгиз козудай ээрчишип бактылуу өмүр сүрөбүз. Кобра менен ажырашамын, ишенсең мына жерге жеткизип тойгозду», – деп, кол жаңсап моюнун туштай ченеп киргенде. Мен: «Коюңуз агай, жылдыз боломун деп сиздин бүтүн үй-бүлөңүздү буз-

гум жок. Чымчыктын да уясы бузулбасын дейт. Ажырашууну баштан кечиргем. Аял үчүн бул жан чыдагыс азап», – дегениме көнбөй, чындап эле, көп түйшөлүп, акчасын сарптап, ыр жаздырып, клип тарттырып, телекөрсөтүүгө, гезитке чыгартып, бат эле эл оозуна алынып кеттим. Ошону менен бирге гастролдоп жүрүп, кантип жакындашып, бир төшөккө жатып, бир жаздыкта уктаган, никесиз жубайларга айланып, кагазга оробогондо көңүлдөш болуп чыга келдик.

Көчө бойлой бассак, гастролго чыксак, күйөрман, музыкант, айдоочу турсун, өзүнүн көлөкөсүнөн кызганат. Тынбай телефон чалып, баскан-турганым, анын көзөмөлүндө. Же чындап ажырашып мага үйлөнбөйт. Же мени таштап аялы менен ынтымак жашап кете албай, жеке жашоолорубуз арсар жашоо эле.

Видеочакыруу деген балакет чыккандан бери, кечкисин ушинетип көзөмөлдөп, саара кылчу даараткана чейин текшергенге өтүп алды. Телефонду коюп ойлонуп калдым. Эгерде Марлен аке чындап бирге түтүн булатууну сунуш кылса эмне деп жооп берем? Продюсерим менен көңүлдөш экенимди билсе, так секирип качаарына шек жок. Же ал мамилемди айтып, олуттуу сунуш болсо, агай менен ойноштук мамилемди тамырынан үзүп салсамбы деп ойлоп жаттым.

Эртеси. Ак-Буура жээги кыроо басканга, көк шибер үстү бозомук шейшеп жамынган керебеттей. Ал эми Ак-Буура суусу тартылып калганы менен суу жээги буу болуп, кадимкидей суу кайнаганда чыкчу булоо айланага таркап жок болуп баратты. Шарактаган дарыя болсо бирдемеден кур калгансып ат жарыштагы аттардай ылдый көздөй шашып күркүрөп агып баратат. Аңгыча уюлдук телефонум шыңгырап калды, карасам Марлен акенин номери экен, толкундана алик айттым:

– Алло!

– Роза, кандай жакшы дем алдыңбы? Саарлык тамагыңды ичтиңби?

– Марлен аке, рахмат, эс алуу ойдогудай. Ачыгын айтсам сиз менен түштөнүүгө даярдык көрүп жатам. Эми саарлыкты кофе, печени, жумуртка менен шам–шум этип алам. Мейманканага өзүңүз келесизби, же такси менен Сиз айткан жерге барамынбы?

– Каап, биз ойлобогон иштер чыгып калды. Роза, ишенсеңиз! Сиз менен түштөнүү менин өмүрүмдөгү эң кымбат нерсе. Сизди азыр менин жардамчым тосуп алып, гонорарыңызды төлөп берип, Оштун эң сонун ресторанында сыйлап, аэропортко узатып коёт. Үзүр. Капа этпеңиз, Кудайдын жакшы күнү көп эмеспи, ошол насип кылган күндөрү жолугушалы.

– Мммм..., Кошуңуз, – деп ичим да, дилим да муздай түштү. Негедир кечээки кыял чабыттарым тартылып, керек болсо мага делген гонорарын алып туруп Марлен акенин бетине чаап: «Акчаң менен жерге кир. Эркекче сөзүңө туруп, чогуу түштөнүп койсоң өлөсүңбү? Шым кийбей эле юбка кийип албапсың», – деп сүйлөнүп, күзгүгө сүлгүнү чаап жибердим. Ошол кезде, эшик такылдап калды. Ачсам бир жигит турат, колунда кызыл бант менен орологон коробка менен ак конвертти мага созуп,

– Саламатсызбы, бул сиздин той акыңыз. Мен сизди, Ош аэропортуна жеткизип коёюн. Марлен агайдын тапшырмасы ушундай, – деп калды.

Кыйылып мейманканадан араң чыктым. Байкаганым, Марлен акеге көрүнбөс жиптер менен байланып калгандаймын, анымды моюнга алгым келбейт. Себеби өзү, «Түштөнөйлү» деп алып, айнып кеткендиги эч жакпады. Убадага турбаган бир дөөдөй неме го деп, демейде, конверт ичин ачып, акчанын түгөлдөп санап

кирчү жаным, негедир, мунусунда, ачмак турсун ошол бойдон, сумкемдеги баш-аягы көрүнбөгөн майда чүйдөлөрдүн астына тыгып салдым. Кызыл бант оролгон коробканы кереги тийип калаттыр деп, колтугума кысып, мейманканадан чыгып кеттим.

Тиги жигит ресторанга алып барып түштөндүргөнү, тоокко жем чачкандай, улакка упчу эмизгендей көзүмө эч нерсе көрүнбөдү.

Бишкекке учуп келип, үйгө жетип, суй жыгылып уйкуга кеттим. Өлгүдөй чарчаган экенмин, түш оогон кезде телефонумдун тынбай чырылдаган үнүнө ойгондум. Карасам, Ат-Башыдагы инимдин номуру:

– Алло!

– Роза, эмне телефон албайсың?

– Оо Кудай, сен эле калдың эле мени көзөмөл салбаган, уктап жатам, түндө Оштон келдим. Эмне болду?

– Эшигиңдин астында турам, ач, – деп дудалана, бир нерсе болгондой кекечтене сүйлөнүп калды. Эшикти ачсам, жулунуп кирип, ары-бери басып:

– Роза, мага карыз акча берип турбасаң болбойт,

– Эмне болду, деги тынччылыкпы, айтпайсыңбы?!

– Кечээ түнү жолдо келатып, алдымдагы унааны сүзүп алдым. Ишти ГАИге жеткизбей, унааларды устаканага жеткиздик. Кыскасы жыйырма-отуз миңдей акча берип тур. Келерки айда кайтарам, – деп бушайман тарткан иним, аябай эле аялуу көрүнүп кетти. Тойлордон түшкөн акчаларды банкка салып койгон элем, нак акча дегенинен сумкедеги Марлен акенин конверти эске түштү. Сумкемди колго алып, конвертти ачсам убадалашкан беш жүз эмес жети жүз доллар акча жана бүктөлгөн ак кагаз турат. Бир аз таңгала түштүм. Келишкен баабыз, учак билети, мейманкана чыгашаларын өзү төлөп, беш жүз доллар менин эмгек акым болчу. Эки жүз доллар ашыкча болгонуна аң-таң

калып, беш жүз долларды иниме берээрим менен, ал рахматын чала-була айтып, устасын көздөй учуп жөнөдү. Аны узатып коюп, жанагы ак кагазды ачсам төмөндөгүдөй жазуу бадырайып сулуу кол жазма менен жазылып турат:

«Куттуу элдин кызы, куттуу жердин сыймыгы. Сенин ыр дисктериңден көргөн күндөн таанышпыз, – деген сөзүн окуганда негедир жүрөгүм «чызз» этип ачыштырып кетти, – Ошондон бери эркиндикке чыккандардан, келгендерден Розанын дискин алып келип бергиле деп суранам. Ошондон таанышмын. Өзүм илгери бир жаман иштерге аралаша калып, тор артына камалып калып, ошону менен ушул жактамын. Жаткан жерим – Жалал-Абад түрмөсү. Уулумду үйлөгөнгө айласын таап беш-алты саатка жооп алып чыккан кезим эле. Ал эми сени менен чындап түштөнөйлү деген ниетим бар болчу. Бирок түрмө башчылыгы андай жооп бере албады. «Ушунусуна да шүгүр деңиз» деп, той болгон жерден, колума кишен салып, алып кетишти. Кандай уруксат бергенин айтпай эле коёюн, себебин өзүң сураштырсаң, түшүнөттүрсүң! Тиги акча ашыкча берилгенине капа этпе, ал деген сени убара кылып күттүрүп, үмүттөндүргөнүм үчүн ооз басар. Ал эми толукшуп-ташыган талантыңа таазим катары бул коробкадагы көйнөк менден белек. Жакында түрмө ичинде бир иш-чара өткөзөйүн деп жатам. Мен чакыруу жөнөтөмүн. Келсең ушул ак көйнөктү кийип кел. Ал эми келбей турган болсоң, мен сени туура түшүнөм. Сен деген эркин кушсуң, кайда учасың, кай жерге коноруңду өзүң чечесиң, биз байкуштарга окшоп темир тор артынан көк асманга, тийген күнгө зар эмессиң. Сенин тандооңду туура түшүнөм. Иш чара датасын телефонуңа Whats Арртан жөнөтөм. Кош. Аман бол, Ала–Тоо Периси!» – деген, катты окуп

отуруп куйкам курушуп, ажатканага казыктай кагылып калыпмын.

Ысык душка жылаңач денемди тосуп, сергиткен ырахатка батуучу процедураны баштап кирдим. Чачымды, денемди сүлгүгө сүртүп, күзгүдөн өз денеме суктана карап, ич кийимдеримди кийип жатып, Марлен аке тартуулаган коробкага бутум урулуп, аны колума алдым. Кызыл бантты чечсем, жаңы терим пахтадай жумшак, аппак кар сымал өңдүү, жалт–жулт этчү жалтыраган, ак розалардын формасы түшүрүлгөн кечки көйнөк экен. Кийип көрүп көзүм уялып кетти, анткени күзгүдөн Муз ханышасы мени тиктеп, бир гана башында таажысы, колунда сыйкыр таягы жетишпегендей сыпатта караганга башым тегеренип, көзүм караңгылашып кетти. Отура калдым.

Мындай сезимдер жанагында биринчи жолу филармония сахнасына чыгаарда, аты-жөнүмдөн чакырганда, залдагы элдин кол чабуусуна, ушундай сезимдер жан дүйнөмдү курчаганы эсимде. Кийин көнүшүп кетип, толкундануум бастай түшкөн. Эми болсо куду ошол сезимдер башымдан бут тырмагыма чейин дүркүрөтүп киргенин түшүндүм. Көрсө, ашык болгон адамыңдын чын жүрөктөн тартуулаган белеги ушундай болот тура.

Көз ачып көргөн күйөөм, он жылдан бери коюнун ысытып келген продюсер агам да мындай белек тартуулабаганын эми туйдум. Кеп белектин арзан-кымбатында деле эмес. Болгону менин табитимди түшүнгөндөй, кичинекей бала кезимден эңсеген муз ханышасынын көйнөгүнө чулгануумду максат кылып жүрүп, кийин-соңку тайкы турмуш, тээ жүрөк кабынын түбүнө бекитип салган турбайбы. Минтип үстүмө кийген кезде гана, ал жашынган каалоом ойгонуп, башымды тегеретkени, ал сезим жүрөктү туйлатып,

канымды козутуп турган чагы экен, – деп, сүйүнүп баратып кайра капалана түштүм, – Ушул көйнөктү сөссүз эле түрмөдө олтурган адам белек кылып берүүсү керек беле? Туура болбой калбайбы? Карыз болуп калбаймынбы? Же ороп туруп коробкасына салып кайтарып берсемби? Продюсер агам белек кылып берсе болбойт беле? – деп турганда, эшик ачылып, атын атаса куту сүйүнөт болуп продюсер агам кирип келди. Мени тиктеп, ээги жерге түшүп, көкмөк көздөрү панардай жанып, кучактап кетти.

– Көйнөгүңдү чечпе. Ушул бойдон ресторанга кеттик. – деп өмүрүндө колуна алып көтөрбөгөн агам, бир колун белимден, бир колун эки тиземдин ылдыйынын көтөрүп, унаасына салды. Ошентип, ээсине кайтарам деген көйнөгүм чечилбей денеме жабышып, муздап бараткан продюсер агамды жармаштырып салды. Ресторанга киргенде, шашып-бушуп эшикти ачып, биз олтурчу үстөлдүн отургучун жылдырып, өмүрүндө шампан иччү эмес эле, шампан буюртма кылып, үстөл үстүнө шамдарды жактырып, тим эле романтикалуу кеч тартуулады. Ыр саптарын токуп, мен билбеген, мен көрбөгөн кылыктарын көрсөтүп эсимди эки оодарды. Ал гана эмес олуттуу түрдө мени тиктеп:

– Роза, он жылдай ысык-суукту баштан өткөздүк. Мына бардык нерсе өз убагында болот экен. Аркы ишемби баш кошолу. Мен да сени куп сүдүрөдүм. Же башка бирөөгө ыраа көрбөдүм, – деп он жылдан бери кол эмизип алдап-соолап жүргөн болсо, эми минтип сунуш киргизүүсү өтө тыюуусуздан болду. Мен, башымды ийкегилеп үйгө келе жаткан кезде Whats Арртан, Марлен акеден кабар келиптир: «Роза. Менин оюмча сага көйнөк жакса керек. Себеби бул көйнөктү Италиядан атайын сен үчүн алдырган элем. Айтайын

дегеним, жакшылык иштин баарынын эртеси жакшы. Бир көрүп эле эртеси баш кошкондор болуп жатпайбы. Анын сыңары, сен мени анча билбесең да, мен сенин бардык ырларыңды жатка билем. Сураштырсам, көп жылдан бери башың бош экен. Келе жаткан ишемби күнкүгө Ошко, учакка билет алдырып койдум. Учуп келээриң менен, уулум тосуп алып, Жалал-Абадга жеткизет. Ушул жерден биз да үйлөнөйлү. Түрмө администрациясы менен сүйлөшүп койдум. Дүйшөмбү күнү кечкиге кайра Бишкекке билет алдыртып койдум. Баягы иш-чарага чакырам дегеним ушул. Болгону уюштуруу жана уруксат алуу иштери толук бүткөндө гана байланышсам дегем. Күтөм!» – деген кабарды окуган соң таман бою дүркүрөп, сыртка чуркап чыкканымды билбей калдым.

Эй, тобаа! Он жыл эл аралап, жер кыдырып жүргөн кезде, артымдан кууп, колумду сурагандарга мынчалык жүрөкзаада болгон эмес элем. Эмнегедир Марлен акеге болгон тартылуум күч. Бирок ал түрмөдө. Ал эми он жылдан бери аялы менен ажырашып, «Мага үйлөнөм» дей берип, анысын аткарбай жүрүп, эми өчөшкөнсүп: «Келээрки ишемби күнү баш кошобуз», – деп мунусу да кызып калганы эмнеси. Он жыл эшек такалап жүрдүбү дейин дейм, деген менен мени адам кылган, элге кошкон ушул продюсер агам да деп балыш кучактай керебетке жаттым.

Ишембиге чейин дагы беш күн бар. Ошого чейин мен же продюсерге же түрмөдө отурган Марлен акеге турмушка чыгуум керек.

Жалгыздык жакама жармашкансып сиркемди суу көтөрбөй, жалгыз бой жүргөнүмө өзүмө-өзүм итиркейим келди. Жалгыздыктан тажап бүттүм. Болгону бирин тандашым керек, кимисин тандашын азыр эмес, эртең чечем, чарчадым уктап дем алайын.

Бишкек. Ишемби күн. Продюсер менен Марлен аке экөө бирдей сүйлөшүп алгансып, сунуш кылынган баш кошчу агарган таң атты. Ачыгын айтсам эч ойлонбодум. Ойлонуп жүрүп кара чачымды ак аралады. Түйшөлүп түмөн ойлорго батып жүрүп, жумшак жүрөгүмдү ийне менен сайгылаган бир балакет оору пайда болду. Жашоонун канча татаал ашууларын ашып, чиеш тагдырлардан суурулуп чыгып, желкеге түшкөн кыйынчылыктарын көтөрүп келатып, кургур акылман башым чарчап-чаалыгып калганга, кээде чыкыйым оорутуп дары ичип араң басылат.

Ошондуктан, бул маселе – арзуу сезимдерге, сүйүү менен байланыш болгонго ички туюмум менен көкүрөгүмдө согуп турган жүрөгүмө тапшырдым.

Антип алып айнып кетип, минтип коюп кийин– соңку санаага батпайын деп жүрүп ушу күнгө жеттик. Бул жолу негедир ички дүйнөм болуп көрбөгөндөй тынчтанды. Негедир бир олуттуу буйрук келерин күткөндөй чыкылдаган убакытка да шашпадым. Ордумдан туруп, жылуу душка түштүм. Сергий түшүп, фэн менен чачымды кургатып, чач жасалгоомду жасап кирдим. Боёнчу сумкени алып, трюмонун алдында жарым саат бети-башым, каш-кирпигимди сызгылап, телефонума тиктей коюп жасанып жаттым. Бир күч ордумдан тургузуп Марлен аке белекке берген коробканы колума карматты. Аны ачып, көйнөктү илгичи менен боюма туштай кармап, дагы күзгүгө карандым. Ич көйнөгүмдү жаңылап, үстүмө аппак көйнөктү, бутума ак туфлини кийип, такси чакырттым. Сумкеме керектүү буюмдарды, паспортту жана жетиштүү акча салып короого түшсөм, сары түстүү чокусунда «Yandex taxi» аттуу англис тилинде жазылган унаа күтүп туруптур. Мен оюмда ал менин бара турган жеримди биле тургансып арткы орундукка отуруп: «Кеттик» – дедим. Такси айдоочусу:

– Каякка? – деп суроолуу тиктеди, эле. Өзүнчө эле оозумдан

– Аэропортко! – деген буйрук сөз уядан учкан чымчыктай учуп чыкты. Манас аэропортунан учакка отуруп, Түштүк борборуна беталдык.

Ош аэропорту. Кеч күз болуп, күн ачык болгонуна карабастан аба-ырайы жылуу. Марлен акенин уулу кара жолтандабасынына отургузуп Жалал-Абад шаарына көз ачып жумгуча жеткизип койду, мага ошондой сезилди. Себеби, көзүм илинип уктап кетипмин, көзүмдү ачсам, дубалдары бийик, дубал үстү чырмалган зымдар менен тосулган сүрдүү имаратка келгенде, жөнүм менен эле жүрөйүн деп эмнегедир артка чегинип качып кетип калгым келди. Бул сезимдер коркунуч сезимдери беле, же менин тандоом туура эместигин аныктаган белги беле, а балким мен түрмө сүрүнөн же мурда соңку угуп жүрчү түрмө ичинде отурган зектерден болгон коркунучум болдубу? Билбейм. Оргуштап кирип турган дарыяга кире албаган аттай кетенчиктеп туруп калганымды байкаган Марлен акенин уулу: «Жүрүңүз, атам сизди күтүп жатат», – деп чыканагымдан таяп жолтандабастан жерге түшүрүп, түрмөнү көздөй басып бараттык. Муундарым кылчылдап, зектер кармап алып жүрөк тамырымды бирден жулуп киргенсип, өзүмдү зордуктап аткансып коркуп баштадым. Өзүм аял киши болсом, мыйзам бузуп, адам жанын алып, ар түрдүү жаман иштерге аралашкан адамдар отурган торго эмнеге баратам? деген күмөн саноом эми ойгонуп баратканда, түрмөнүн алдында турган куралчан адамдардын жанында жылмайыңкы жүз, бүт коркунучумду самын менен жуугандай жокко чыгарды. Марлен аке тосуп алып, ичкери алып кирди. Түрмө ичи канчалык сүрдүү болгону менен, ал жердеги адамдардын баары жаман деген ойдон алыс-

тай түштүм. Өңдөрү сүрдүү, коркунучтуу болгон менен сылык-сыпаа тиктеп, биздин дарегибизге жаманатты сөз ыргытпай болгону таң калуу менен карап жаткандарын байкадым. Анча чоң эмес бөлмө ичине үстөл даярдап он чакты адам дасторкон үстүнө отуруп, даамдардан татып кирдик. Көргөн көзүмө ишене албадым, кадимки чоң ресторандардагы коюлуучу бүт даамдар үстөл үстүндө жайнаганга, дасторкон ийилип кетейин дейт. Кызмат кылган эркек балдар, официанттардан ашып кызмат көрсөтүшүп жатышты. Бир кезде койдун устуканын алып киришкенин көрүп таң калганымды байкаган Марлен аке, мени жылмая тиктеп: «Баары жогорку деңгээлде уюштурулган. Кам санаба», – дегендей түрдө бир көзүн кысып тиктеп калды. Ошол кезде көпчүлүк тамеки чегебиз деген шылтоо менен сыртка чыккан кезде, төрдө отурган киши, чүпүрөккө оролгон китебин ачып «нике кыюу» процедурасын баштап, экөө шарият жолунда бири–бирине өз ыктыяры менен эр-аял болууга макулдугун алып, нике кыюу процедурасын соңуна чыкты. Бир болсо бу киши түрмөнүн молдосу болсо керек, а балким атайын сырттан чакыртып алынгандыр, аны териштирген адам болбоду, кажети да жок болчу. Ток этери, молдоке күбөлөрдүн көзүнчө бизди шарият боюнча эр-аял деп жар салды. Ал ак батасын берери менен сыртка чыккандар кирип, куттук айтылып кадимки чакан тойчо башталды. Көпчүлүк таркаган кезде Марлен аке мага жакын келип: «Роза, ишенсең, аялым көз жумгандан бери, бир да аялзатына жакындай элекмин», – деген үнү геркилдек басып, бая эле шарактап олтурган киши, менин алдымда бирдемени айткысы келип, бирок батына албай аябай эле жүдөп кетти. Мен түрмө ичинде отурганымды эстегенде жүрөгүм «шуу» дей түшөт. Ошентип «нике» түнүндө бири-барибизге жакындай албай таңды атырдык.

Эртеси. Марлен аке түрмө башчысынан төрт саатка жооп алып, Ошко келдик. «Навои» паркын аралап, Ак-Буура дарыясын жээктей басып, дарыя жээгинде бири-бирибизди кучактап жакындай түштүк. Табийгаттын тазалыгы кантсе да түрмөнүн оор аурасын басып кеткенин ушул жерден сездик. Бири-бирибизге тутанган арзууларыбызды ушул суу боюнда айтып жаттык. Дагы көпкө кыдырдык, эч ажырагыбыз келбейт. Марлен аке түрмөгө, мен Бишкекке кайтуум керек эле. Суу боюнда турган кезде Марлен акеге суук тийип калгандай күрсө – күрс токтобой жөтөлүп калды.

– Сизге бул аба нымдуу келди окшойт, дарыканадан дары алып берейин, ичип алыңыз, – десем, жөтөл менен какырык аралаш кан түкүргөнүн көрүп чочуп кеттим. Анымды байкай калып:

– Коркпо, менин оорум жугуштуу эмес, – деп жаныбыздагы мажүрүм талга бир колун таяп, көз карашы аккан Ак-Буурага такалып, мага эмес өзүнө айтып жаткан түрдө – Түрмөдөн ушул кургак учук оорусун ашырдым. Роза билесиңби? Эркиндиктин баркын билбей жашай берет экенбиз. Мына мени кара, сүйүктүүм менен чогуу сейилдөөгө болгону төрт саат убактым бар. Андан кийин кайрадан тор артына кетем. Ал эми эркиндикте жүргөндө сейилдеп басмак турсун, ыраматылык муруңку аялым камыр жууруп, кир жууп, мал карап жүрсө, ага каралашып жардам кылбадым. Кызматын бүткөндөн кийин деле же кино-концертке чакырып көңүл бурбапмын. Ушинтип суу бойлоп жанаша басып сыр чечишип, эр-аялдай жашабаппыз. Ал өлбөй тургансып, мен эркиндикте түбөлүк жүрө тургансып, жашоонун, эркиндиктин кадырына жетпеппиз. Балдар төрөлдү, бат эле чоңойду, же аларга жакшы көңүл бурулбады. Өздөрү менен өз-

дөрү. Мен «пул» тапкан адам болуп, акча керекпи ме деп бере салып, аталык, күйөө деген мээримимди төкпөй, кара жанымды карс уруп «акчанын» аартынан түшүп алдым. Бир күнү желкеме шайтан минип партнерлорумду садага чаап, бүт пайданы аларга бербей, өз чөнтөгүмө салдым. Андан кийинки иште, алар мени садага чаап, мамлекетке ири өлчөмдө зыян келтирди деп тор артына кеттим.

Бул жерге келгенден кийин деле мага күйгөн адамдар гана каттап жатышты. Кечээ эле сауналап, билярд ойноп, үйгө айланчыктап көлөкөгө айланган досторум менин түрмөгө түшкөнүмдү уккан күндөн куйруктарын кыпчып жок болушту. Чынын айтайын, бир–эки жакшы санаалаш досторума кадырым сиңген экен, ошолор менен бул жерде жатсам да чогуу ишкердик кылып жатабыз, – деп башын ылдый салды.

Күн нурлары мажүрүм талдын арасынан өтүп тийип жатты. Марлен акенин кайгылуу жана өкүнүчтүү көз карашын көрүп, чыдай албай артынан кучактап алдым. Көзүмдөн аккан жашым анын курткасына сиңип жатты. Ал мага бурулуп: «Роза билесиңби, ыраматылык аялым сенин көчүрмөң болчу. Сен ага куюп койгондой окшошсуң. Жанагында Бишкек шаарындагы тойдо сени биринчи жолу көргөндө, тообаа аялым көрдөн тирилип келген окшойт деп эсим оогон», – деп кучагына кысты.

Ошол күндөн баштап бир аптада бир жолу Ошко учак менен каттаган жашоого өттүм. Сүйүнүч менен учуп, кусалык менен коштошуу деген жаңы жашоом башталды. Ошту көздөй учуп жөнөгөн кезде, ушунчалык албууттанып, Марлен акени ак-эткенден так этип күсөп барам. Кездешкен кезде урма-дурма сагынычыбызды жазып, андан соң узаак баарлашуу башталып, таңды атыра, жерге жарык түшкүчө сүйлөшүп чер жазабыз. Кечиндеси кайра Бишкекке учуп кетип жүрдүм.

Продюсерди муруңкудай денеме жолотпой койдум. Ал турсун, тор артында олтурган адам менен баш кошконумду угузганда, ал жер чапчыган айгырдай айкырып, обдулуп дубал муштаган мушкерлердей жиниккенин биринчи жолу көрдүм.

Кантсе да жеке жашоом менен шоу дүйнөсүнүн ортосуна чек коюуга эрким жетти. Бирине бирин аралаштырбай, продюсер менен оозеки келишим түзүп, концерт коёбуз, той-топурга, ресторандарга чакыруулардан түшкөн пайданы тең бөлүшүп жүрдүк. Продюсер экөөбүз он жылдай чогуу басып, чогуу жатып жытыбыз сиңишип калганга, ал мындай тартипке көнө албай бушайман болуп, күйөөмдүн зонада отурган зек экенин эскертип койгондо чочулай түшүп, жакындай албай, кыйналып жүрдү.

Марлен аке экөөбүз баш кошконубузга бир жылдай болуп калганда ал эркиндикке чыкканын угуп, жакшы санаалаштар болуп үч күн, үч түн чардадык. Эркиндик деген эркиндик экен, Марлен аке менен чыныгы эр-аял турмушун баштан кечире баштадым. Уулдарым да Марлен акени жакшы кабыл алышты.

Өзүм болсо, аялдык бакытка батып, жөлөнөөргө таяныч, сыр чечишүүгө сырдаш, уктаарда жаздык бөлүшкөн адамым жанымда болгонуна кубанычыма чек жок эле. Күлкүм да өзгөрүлдү, түсүм да татына болуп ачылып кеттим. Күйөөсү бар аял деген баары бир башка экен. Жанагында продюсерим менен бир жерде отурсак аттуу-баштуу эле эркектер, шыбырашып: «Роза тигинин ойношу», – дешип, сөөмөйү менен эч тартынбастан мени көзөп көргөзүп чогуу отургандар ырсаңдашып тийишкилери келгени билинип эле турду. Ошондой эле, билек түрүп, анча мынча эркектердин арасына кирип бирин-экин жумуштар боюнча ойлоруңду бөлүшсөң: «Күйөөсү болсо бир бөлөк, бул

жубан менен ишти бышырсак, кийин айнып кетип шерменде кылбайбы?» – деген эркек сөрөйлөрдүн кептерин угуп жүрдүм. Ошондой иштерге Марлен аке менен турмуш кургандан кийин да аралаша калсам: «Роза эрге тийген, эгер убадасынан тайып кетип «катындык» кылса, Марлен аке менен деле чечишип алабыз «кел», – дешип кадыресе, бул жагынан да кыйла ишим алдыга жылды.

Менин пешенем, жазмыш ушундай окшойт, бакытым көпкө узабады. Марлен акенин түрмөдөн жугузган оорусу күчөп, ал ооруканага жатып калды.

Оокат даярдап, эми жолго чыгаарда, телефонум шыңгырап: «Марлендин оорусу күчөп, өпкөсүнүн жыйырма жети жери тешилип, оору өтүшүп кетиптир. Ооруну көтөрө албай Марлен көз жумду», – деген жаман кабар келди. Дасторконго оролгон сыр кастрүлдөгү кайнаган тоок шорпонун ысыгы бутума өтүп, ачыштырып баштаганда гана өзүмө келип, ооруканага чуркап жөнөдүм. Бирок анын көз жумганына ишенбедим, ишенгим да келбеди.

Ооруканага келсем, Марлендин ата-энеси бир туугандары сыртта ыйлап турушат. Мени көргөндө жарылып ыйлап киришкенин көрүп эсим ооп жыгылдым. Өзүмө келип айланамдагылардын жүзүн көрүп, Марлен акени чындап жоготуп алганыбызды түшүнүп, жаным ачышканынан: «Ээй, Кудаай, Марлен акеде кандай акың бар? Жөн коё турбай белең! Эми эркиндикке чыгып, ээн–эркин басып, жаңы жашоону баштады эле. Эми эле сени таптым, бактымды таптым деп турганда. Бул эмне кылганың?» – деп Жаратканга күнөөкөр болуп, дилимдин ачышканын ушинтип чыгарып жаттым. Аны жоготуп алганымды сезип, өкүрүп ыйладым. Алдымдан чыккандын баарына бакырдым, акыры чөк түшүп жыгылып жанчылдым. Сүйүүнүн аптабы да, азабы да жаман экен.

Сөөктү алып чыга албай жатышыптыр. Дарыгерлер: «Аялы же бир туугандары, эч кандай арыз-муңубуз жок», – сыяктуу тил кат жазып берүүбүздү күтүп жатышыптыр. Баш дарыгерге кирерден алдын, «Марлен акени көрсөткүлө», – дедим. Ыраматылык көзүн жуумп уктап жаткандай тербелбей жатыптыр. Өзүмдү кармай албай кайра ыйга баттым. Дарыгерлерге айткан арызды атасы жазган соң анын сөөгүн алып чыгып кеттик.

Марлендин мүрзөсүнө барган эркектер сөөктү жерге берип келип куран окулду.

Арадан кырк күн өттү. Марлендин кыркылыгына кой союп, куран окулган кезде окшуп калдым. Дарыгерге көрүнсөм боюмда бар экен, эки айлык болуп калыптыр. Бир жагынан аза күтүп кайгырсам, бир жагынан, Марлен аке көзү өткөн менен, анын уландысын курсагыма салып берген, өткөндө акаарат келтирген Жаратканга мунусунда тобо кылдым. Телефон шыңгырап калды, карасам продюсер экен, көңүл айтып:

– Өлгөндүн артынан эч ким өлгөн эмес. Өзүңдү карма, өзүңдү кара. Дароо жумушка чыга албасаң да, биздин топко жардамдаш, өзүң алаксыйсың, – дегенине көнбөй, Марлендин жылдыгына чейин жумушка чыкпадым.

Кызым жок деп арман кылчу элем, кыздуу болуп, арманым жуулуп кеткендей болду. Уулдарымды төрөгөн кезде, жаш кез болгонго анча балдарга көңүл бурбаган болсом, мунусунда кызымды карегинен айланып эркелетем. Уулдарым да карындашына бети менен түшүп, колунан түшүрбөй, жонуна мингизип ойнотушат.

Кызым эки жашка толгон кезде, туулган күнүн белгилеп жатсак, продюсер да куттуктап келип калды. Ага эмне болгон билбейм жаныма басып келип

кулагыма шыбырап: «Жанагында менден качып башкага турмушка чыгып кеттиң, эми дагы бирөөгө чыгып кете элегиңде этегиңден кармап калайын, мага турмушка чык», – деп кайрадан үйлөнүү сунушун айтып калды. Бул сунушту мындан беш–он жыл мурун күсөп, күтүп жүргөн болсом, ал арада жүрөгүмдүн ээсин таап, өз сүйгөнүм менен турмуш куруп, бакытка жетип жетпей түш көргөндөй Марлен аке кете берди. Эми болсо бул сунуш мага башкача угулгансыды, же мен ошентип кабыл алдымбы? Кызымды уулдарыма калтырып, жолдон гүл сатчу күркөдөн гүл алып, унаама олтуруп Марлен акенин мүрзөсүнө бет алдым.

Роза мрамор ташына чегерилген Марлендин сүрөтүн тиктеп, өмүрүндөгү эң кымбат, эң бактылуу болгон алгачкы Ошко учак менен Марленге каттаган күндөрүн эстеп, мүрзө бетине жалгыз Кара Роза гүлүн койду.

Продюсеринин сунушунун жообун Марленден издеген Роза, анын таштагы жүзүн колу менен аарчып, ой чүмбөтүнө чүмкөнүп ойлуу турду.

# АҢГЕМЕЛЕР

## ЖЕСИР АК-КУУ МЕНЕН
## ӨРДӨК ЧИНОВНИК

Күн чайыттай ачык болгонго, асманга чагылышкан Ысык-Көл калем сыясы төгүлгөндөй көкмөк. Аппак болгон жуп Ак-Куулар сүйүү вальсын ойноп, кубалашып көл үстүндө сүзүп жүрүштү.

Көл жээгинде бир көзү көр Өрдөк, сүйүшкөн Ак–Кууларга суктанып, ысык жактарга учуп кеткен өрдөк бир туугандарын эстеп, туталанып күйүп–бышып кетти. Жалгызсыраганына жаны кейиди. Ак–Куулардай эле бул көр өрдөктүн да жубайы, журту, жамааты болгон. Эки көзү тең көрүп алдыңкы өрдөктөрдөн болгон. Эми минтип бир көзү көрбөй көл жээгинде Ак–Кууларга суктанып, өзүнүн сүйгөнүн эстеп, элестер менен күн өткөрүп олтурат.

Өрдөктөр жамааты менен ысык жактарга учуп кетип жатышкан, кайдан–жайдан таскаралардын тобу топ өрдөккө чабуул коюп кириштi. Тумшуктуу таскара ушул өрдөктүн бир көзүн чокуп алды эле, көзү канталашып, өзү көлгө кулады. Жамаат өрдөктөр жанталашып өз жандарын сактоо менен алпурушуп, качып кутулушту. Көл эне мээримин төгүп жарадар өрдөктү көл жээгине сүрүп чыгарып койду. Канча жатканы белгисиз, эсине келсе жаны аман, бирок бир көзү такыр көрбөй калыптыр. «Аман калганыма шүгүр, – деп, – өрдөктөр жамааты дагы учуп өтсө, аларга кошулуп ысык жактарга кетемин», – деген ойдо эрте күздөн бери жалгыз көзү асманды тиктей өрдөктөрдү

күтөт. Ошону менен бирге күндө көл үстүндө сайран куруп көздүн жоосун алган жуп Ак-Кууларга суктанат. Ал турмак өрдөк болгонуна арданып, арман да кылып коёт. Жалгыз көзүн жуумп тиги эркек Ак-Куу мен болсом деп кыялданат: «Ургаачы Ак-Кууга утурлай сүзүп эркелешсем, сырдашсам, созолонтуп обон созуп ырдасам. Сүйүү кумарына батсам, бул жашоодо эч арманда болбос элем», – дейт.

Кудай жалгап, эркек Ак-Куу канатын жайып ургачысына бирдеме деп сүйлөгөнсүп учуп кетти. «Урушуп кетишти окшойт», – деп божомолдогон Өрдөк, ургаачы Ак–Кууну көздөп сүзүп жөнөдү: «Эми бул Ак–Куу мендик болот», – деп элестетип да алды. Өзүнүн өрдөк экендигин унутуп калгансыды.

Өрдөк салам салды, керилген сулуу Ак-Куу сыпайы жооп кайтарып, назданып бир аз алдыга сүздү. Шашкалактаган Өрдөк артынан үлгүрбөй ал да удаа сүзүп:

– Сөзгө кулак салыңыз Ак-Куум! Шашпаңыз, эки мүнөткө көңүл бөлүп коюңуз, же бир көзү көр Өрдөк экен деп чанып жатасызбы? – деген өрдөк көмөчү күйгөн күйкөдөй күйбөгөн жаны күл болуп күйпөлөктөп ийди. Ак–Куу созулган моюнун буруп, ары нурлуу, ары татына көздөрү менен өйдөдөн ылдый көр Өрдөктү тиктеп,

– А, Чиновник ага, тааныбай калдыңыз чыгар? Эсиңизде болсо, мурунку жашоодо мен жесир аял болуп, сиз пулдун жана таасирлүү адамдардын көлөкөсүнө айланган мамлекеттик Чиновник белеңиз?

– Элес–булас эске келип жатат. Омеей, ошол жесир аял сизсизби? – деп, Ак-Куунун буттарын, канаттарын, кооз тумшугун ылдыйдан өйдө тиктеп, оозу ачылып таңыркап тиктеп калды.

Көз алдыларына өткөн жашоосунан маанилүү болгон ошол көз ирмемдер, кино лентасындай чагылышып эске түштү.

Жесир аял маалымдама алуу максатында мамлекеттик кеңседе ирет күткөн учур. Күндүн ысыганын айтпа, бак дарак эмес ооз кургап тамак суусаган кез. Кезек күткөн аялдын кебетеси албетте көңүл жылытаарлык эмес. Жесир аял кезек күткөндөрдүн сап башында, чиновниктин эшигин сагалап турат. Артында он чакты ирет күткөн ушул аял сыяктуу жөпжөнөкөй инсандар. Жесир аял ысып-тозсо да ирет күткөнүнө ыраазы, иши кылып иши бүтсө болду. Анткени, алыстагы уул–келини: «Апа! Батириңизди барымтага коюп насыя алып, чакан ишкерлигиңизди жандандыра бериңиз. Орусияда иштеп маяна алып жатабыз, насыянын айлап төлөмүнө биз деле жардам берели, – дейт, – Чамданып кагаз иштерин бүтүрүңүз», – дегенинен бечара Алия айым балдарынын суранычын ишке ашырып кирген чагы эле. Кезекке деп саат 13:00дөр чамасында турган, азыр саат 14:20лар чамасы, Чиновниктин тааныштары жана күчтүүлөр гана кирип чыгып жатышат. Ирет сактоо жокко эссе: «Бир эле суроом бар. Тактап алайынчы», – деп кирип кетишет да Чиновниктин каанасынан чыкпай калышат.

Курсак байлаган милициянын майору жесирди тебелегенсип үн катпастан кирип кетти. Чиновник ага каршы үн сала алган жок, сыягы карыз болгон чыгар, ит билеби. Анын ишин бүтүрүп кирди. Кыйкырган жесирге Чиновник атырылып: «Өзүңүз эмне киргизесиз? Анан дагы мени күнөөлүү деп, менин артымдан арыз жазасыздар», – деп осурган кыз осурбаган кыздын бетин тырмайт болуп, бечара жесирди жекирип кирди да, – Кана кандай кагазыңыз бар? Ии, мына күйөөңүз өлгөндүгүн күбөлөндүргөн кара кагазды көчүрмөсүн

чыгарып, банкка мамлекеттик пошлинаны төлөп келиңиз. Жесир турбайсызбы, – деди, кара кагаздын түп нускасын Алияга узатып жатып.

Көп узабай кезек күтүп тургандарды уруп ойнобой шаардын байбатчасы, сүйүктүүсү менен Чиновниктин эшигин тээп кирип кетишти. Байкуш жесир дагы жулкунуп кирип: «Өчүрүт меники эле булар жулунуп киришти», – десе, долларбай менен миң сомдукка суугарылган чиновниктен үн менен жел чыкпайт. Каанада компьютерге жабыша учкан, бокко тойгон кара чымындын гана үнү угулат. Башын эмей моюнун көтөрө албай тер басып телчигип кетти. Акчаны сиңире албай кызарып-татарып жесирге асылып: «Эмине эле тайраңдайсың?! Энеңдин төрүбү бу жер?» – деген чиновник мырзаны, миң сомдук менен доллар догуруntуп сүйлөтүп жатты.

Ызага баткан жесир Орусиядагы уул-келинине чөнтөк телефондон чалып сүйлөнүп кирди: «Мени оолуктурбай, жөнүңөр менен эле жүрсөңөр, минтип көрүңгөнгө кор кылбай» – деп уул-келинине сүйлөндү. Алардан сооротуучу сөз угуп, унчукпай баягы эле биринчи иретке туруп калды. Ичинде: «Эми эч кимди, эч бир жанга жол бербейм», – деп өзүнө бекем турду. Ошол кезде салмагы жүз жыйырма килограммдай, чачы кирпиникиндей шиш, мурду чочконукундай талпайган, көйнөгүнүн эки колтугун ным болуп тер баскан, мурунку бокстун чебери, азыркы жарым кара, жарым ишкер, топ кагазды кармап эшикти үзүп алайын деп, Чиновникти желкеден алып жемелегенсип, бутун учкаштыра олтуруп калды. Чиновник карызы бар бозочудай бозоруп, жанагы кара ишкердин топ кагазын алып окуп кирди. Жесир эшикти ачып кара ишкердин жанына жакындап күчү жетпесин сезсе да, бир ынтылып көрдү. Кара ишкер: «Ээй катын! Көтүң-

дү кыс, азыр пачагыңды чыгарып, Чиновник экөөңдү бириктирип киргизчү жерге киргизип салам», – деп жесирге чабуул койду. Чиновник жесирге кайдан болушат, өзүнүн көтү түшүп, өзгөнү эмес өзүнүн да мамлекеттик кызматын унутуп, ушул чакта бир гана кара ишкердин буйругун бүтүрүп жатты. Иши кылып ушу тынч кетсе, жаным аман калса, мамлекеттик пошлинаны деле өзүм төлөп койсом дейт. Жесир жерге кирсин, аны менен иши жок, себеби бул алсыз жесирден коркмок беле.

Кара ишкер чиновниктин каанасынан жарым сааттан ашык убакытта чыкты. Чочкодой мурдунда катып калган бырыгын, сөөмөйү менен чукулап, мурдун жыртып алайын деп эч кимди көзгө илбейт. Маданиятыңды уруп ойнойбу, анткени иши бүткөн, өзүнүн күчүнө, мамлекеттик чиновниктин алсыздыгына манчыркана т.

Саат 16:00дөр чамасы, жесир дагы эле сагалап турат. «Өзүнө десе өлүп кетсин деп кетип калат эле. Уул–кызы безилдеп жатпайбы. Ошолор тынч жашасын. Демилгени ошолор көтөргөн, мен эми чыдап коёюн» – дейт.

Сулууча келген жашы элүүлөрдү чапчыган, мойнуна кызыл галстук тагынган киши, эшик жоктой эле уруп кирди. Жесир турсун кадимки адамдарды да көзүнө илген жок. Көрсө, мурунку экс министр кызматын аркалаган таасирлүү инсан имиш. Ал эми Чиновник бөтөлкөлөш досу окшойт, кагаздары деле толук эмес. Ошондуктан, ушул кишиге да карыздай унчукпайт. Жесир дагы деле күтүп турат, ал ким эле? Эмне пайдасы бар, элүү грамм арак куюп бермек беле? Жесирди дагы жемелеп, эшикке кубалап чыкты. Досунун иш кагазын бир саат карады.

Саат 17:00дөр чамасы болуп калды. Жесирге кезек жетти. Чиновник кайыш папкесин көтөрүп: «Эже иш күн бүттү, эртең келиңиз», – деп эшигин тарс жаап чыгып кетти.

Өткөн турмуш кинолентасы, ушул жерден «тык» токтоду.

Ысык–Көл мээлүн шамалга жайпалып, көл үстүн майда толкундар каптады.

Жай сүзүп бараткан Ак-Куууга жетемин деп жанталашкан Өрдөккө тил кирип мекилдеп сүйлөп кирди:

– Макул күнөөмдү моюнума алдым, иттик менден кетиптир. Бетиңизден бир жолу эле өөп алайынчы, андан кийин чөгүп өлсөм деле мейли, – деп жалдырайт тим эле.

– Өрдөк ага, менин күйөөм бар. Өпкөнгө болбойт, – десе болбой, бук болгон Өрдөк моюну узун Ак-Куунун бетине жете албай умтулуп кирди.

– Коюңуз агай, өзүңүздү кармаңыз, эмне болуп баратасыз?– дегенине ынабаган көр Өрдөк тумшугун созуп бараткада, арт жагынан: «Кыхы, кыхы» – деген маданияттуу Ак-Куунун эркеги жөтөлүмүш болду. Ак-Куунун сулуулугуна сугунуп, эс-учун жоготуп бараткан Өрдөктү соолуктура койду. Өрдөк кылчайып, артын караса, курч көздүү кара тумшук, парадга кийчү апакай аскер формасын кийген Полковник сыпаттуу эркек Ак–Кууну көрдү.

Өрдөк оюнда: «Йе тагдыр деген ушу экен го, мурун бу жесир аялды кезек күттүрүп зарыктырсам, азыр анын таманын жалагыдай болуп, тоңколок ашканга оозундагы кебин гана күтүп турам. Анан дагы бунун азыркы тандаган эркегин кара, тим эле каруу-күчкө толгон эркектин сырттаны экен. Мени жалпайта чаппаса эле болду», – деп бушайман боло, жалгыз көзү корккoнунан тостоюп калды эле.

– Өрдөк ага, балапандарымдан кабар алып келдим. Бизге уруксат этсеңиз, кайталы», – деп сылык уруксат алып, жубайын ээрчитип, суктанткан жуп Ак-Куулар кыйлага чейин сүзүп, көк асманга учуп кетишти.

Жалгыз калган Чиновник Өрдөк, сууга тумчугуп өлгүсү келди. Кайра жан ширин экен, эптеп көл жээгине сүзүп барып, кумга жетип оозунан суу агып жалпайып жатып калды да, үнүн чыгарып: «Каап жанагында жесирди жакшы кабыл алып койсом, азыркы Ак-Куу эң кур дегенде бир өптүрүп коёт беле?» – деп көксөөсү орундалбай калганына, жамааттан айрылып калганына, жападан жалгыз тирүүлөй «Жесир» калганына ызаланып кейиди.

## АПА ЖЫТЫ

Жайлоо. Бээлерди саап жүргөн бети кызыл, өрүлгөн коюу чачын артына таштап, бутундагы маасыкөлөчү кечээги жамгырга ылайка болуп, көк чөпкө тайгаланып Шаарбан жүрөт. Желедеги айгыр ат жат адам келе жатканын кабарлагандай кишинеп кирди, анысы желедеги бээлерин башка айгырдан кызганган түрдө алдыңкы буттары менен жерди ойо чапчып, кошкуруп калды. Шаарбан башындагы ак жоолугун, маңдайына түшүп калган көкүлүн кошо өйдө имерип, кылчайып артын карады. Тоо капталында кашка ат минген, кара мойлоочон, башына тебетейин баса кийген, сүрдүү көз карашы менен караган эркек:

– Арыбаңыз сулуу, «жок» издеп жүрөм. Кулагында эни бар, сол мүйүзүнүн жарымы сынык, куйругунун учу ак, өзү кара түстүү торпоктуу уй жоготтум. Көрбөдүңүзбү?

– Келиңиз, баатыр, жол болсун! Жоктун эби табылар, – деп боз үйгө шашып кирип, чаначтагы кымыздан бир чыны куюп, ликапка тандыр нан, май токоч кошуп бейтааныш жолоочуга сунду. Суусап калган Эсенбай ат үстүнөн түшпөстөн, ээрде отурган жеринен кымызды түк көтөрө ууртады, анысы бел ашып келгенге суусап калганы билинип турду. Май токочтон сындырып каймактан бир илип оозуна салып, эки чайнап бир жутуп, өзөк жалгап алган соң:

– Атыңыз ким, сулуу кыз? – деп көңүлдөнө шайыр сурады.

– Шаарбан. Атымды ыраматылык атам койгон экен.

– Менин атым Эсенбай болот. Менин атымды да атам койгон экен, ким билет аман-эсен жүрсүн деген-би, ошондой го чамасы.

– Ии, баса, «жок» издеп жүрөм дебедиңизби. Сиз айткандай «Куйругунун учу ак, бир мүйүзү сынык, торпогун ээрчитип, адашып келген кара уйду, малдарды ээрчип келгенинен байлап койдум», – деп кошуна Арапат эжебиз айтып жатты эле, Сүйүнчүсү болобу? – деп тийише тамашага салып сүйлөгөнчө кымыз куюлган чыныны Эсенбайдын колунан алган кезде, жанатан бери жагымдуу сүйлөшүп жаткан эки жаштын көздөрү бири–бирине чагылгандай чагылышып «чарт-чурт» эткенде, жүрөктөрү лакылдап, өпкөлөрү тамагына жармашып, аба жетпей кызара түшүштү. Шаарбан желени көздөй басып жөнөдү да, артына башын буруп:

– Эсенбай аке, Арапат эженин боз үйү ушул кырдын башында, кызыл жардын тушундагы жалгыз үй, түз барсаңыз адашпай таап аласыз.

– Сиздей сулуу, жогумду таап берип турса, суусунумду кандырып кымызын сунуп турса, түз баспаган адам арам өлөт го. Сүйүнчүсү сөзсүз болот, күтүңүз, – деп Эсенбай кыр башына, жар тушун көздөй атын чапкылаган бойдон шашып кетти.

Сүйүнчүсүнө Эсенбай атам, Шаарбан апама алтын сөйкө, алтын билерик тагып, атка учкаштырып: «Ойнотуп келемин» – деген шылтоо менен ала качып баратканын апам сезип, атама апамдын да көңүлү түшүп, экөө сүйдүм чок, күйдүм чок болушуп: «Дүйнөдөгү жалгыз жана түбөлүк сүйүүбүздү таптык. Өмүр өткүчө бир болобуз. Бирибиз өлсөк ошол күнү экинчибиз да өлөбүз», – дешип катуу антташат. Ал антты

алты уул, бир кызы бой жетип чоңоюп калган кезде деле, бири–бирине тамаша салып эстетип калгандарын угуп, ата–энебиздин махабатына тан берчүбүз.

Айылыбыздагы көп эле үй–бүлөлөрдүн жазылбаган эреже–салты боюнча эң кенжеси эркетай атыгып, эң чоңу ата–энеге бел кубат болуп колдон ишти алып жашашчу. Биздин үй-бүлөдө ортончо уул атыккан мен, үйдүн эркетайы болдум. Жашым жыйырмадан ашса да апамды кучактап, эмчегине бетим менен түшүп моокумум кангыча, көңүлүм тойгуча жыттап–жыттап кучагынан чыкпай жата берчүмүн. Ошону менен бирге атама канат болуп, пайтоосун байлап өтүгүн кийгизип, чөп чабыкка бирге чыгам. Ууга чыкса, Кайтпас итти ээрчитип кийиктерди үркүтүп берчүмүн. Кышындасы атты токуп, дүкөндөн ун ташып, кар күрөп, бүт үй иши да менин мойнумда болуп, ата-энеме да жөлөк болуп калдым.

Шумдуктуудай тебинчек ала уюбуз бар эле, аны сатып жибербей чарбада кармаганыбыздын себеби, желини чоң келип сүтү майлуу ары коюу болчу. Апам ала уйду саап жатканда, уй тээп жибербесин деп атам куйругунан кармап, моюнун кашып, торпогун салып берчү.

Атам айылдагы орто мектепте орус тили мугалими, таң эрте туруп ишке жөнөгүчө, апам шорпо асып, бышканда чыныга куюп нан туурап коёр эле. Ал турсун апам, атамды бир жолу «Эсенбай», – деп атын атап чакырганын укпаппыз.

Атам апамды өмүрү: «Энеңди» деп сөккөнүн, же кол көтөрүп кокус-мокус кылганын көрбөдүк. Ал эми апам болсо атама карап бир жолу сөөмөйүн кезеп: «Өлүгүңдү» дегенин кулагыбыз чалган жок. Оюмда ушинтип эле атам менен апам бактылуу өмүр сүрүп, жүзгө чыгып, өздөрү антташкандай бир күндө көз

жумса керек деп кыялданып алганмын. Жараткандын, тагдырдын буйругу башкача болот тура. Апамдын өмүрүнүн элүү сегизинчи жазы келип, байчечекей чыгып, көктөм көгөрүп, жайлоого ана чыгабыз мына чыгабыз, деп турган кезде капыстан: «Апаң көз жумду, кайрат кыл», – деген суук кабар мени жыйырма алты жашымда, эми бүрдөп кирген талды белинен сындырып салгандай акыбалга кептелдим.

Апам жарык дүйнө менен кош айтышкан кезде жаңы эле үйлөнүп, бир кыздуу болуп, Ош шаарынан батир алып, кызыл түстүү "Жигули" сатып алганыма бир апта убакыт боло элек болчу. Ушул дем алуу күндөрү атама, апама сүйүнчүлөп айылга барам. Апамды машинемдин алдыңкы отургучуна олтургузуп, эл кыдыртам, жер кыдыртам деген тилегимди таш капты.

Үйгө маркум апама жеткичекти көзүмдөн аккан жаш соолуп, көкүрөк бугу жүрөгүмдү өйүтүп, буулугуп бараттым. Апамдын өлгөнүн уккан соң мен үчүн жашоонун эч кызыгы калбады.

Ошентип апамды жерге бердик, «үчүлүгү» болду, андан соң «кыркы» чыккан күнү "Куран" окутуп жакын туугандарды топтоп апамды эскердик. Кеч кирип, эл тарап жакын туугандар калганбыз, дасторкон үстүндө олтурган кезде, Далбай абам:

– Эми Эсенбай, Шаарбан кетти. Өлгөн менен кошуп өмүр токтоп калбайт тура. Эркексиң, келиндериң жаш, кийим–кечеңди жууганга, төшөк салып, ооруп–сыркасаң каралашканга аял алып берейли. Эмне дейсиң?– деген сөзүн укканда, Атамды карасам: «Жок» дебей, «Ооба» – дебей, бирок макул болгондой башын жер салып туруп бергенде мен жарылып кеттим:

– Ата, «Бирибиз өлсөк, экинчибиз ошол күнү өлөбүз» деген убадаңыз кана?! Экөөңүздөр: «Бири–бирибизди өмүр өткүчө сүйүп жашайбыз» дегениңизчи.

Апамдын кыркы чыкпай «төшөк жаңырт» дегендерге макул болуп турасыз. Эгерде апамдын арбайын сыйлабай аял алам десеңиз, анда Арыстанбек уулуңузду кечип, жок деп коё бериңиз! – деген бойдон үйдөн безип, качып жөнөдүм. Чоң аспалт жолго чыгып, чуркап баратам. Атам үйлөнсө апамды бат эле унутуп, сатып кетеби деп ызаланып олтуруп, чоң көпүрөгө жетип калыпмын. Жаман ой тез каптайт экен, оюмда: «Апама барам. Атам апамды сатты, сүйүүсүн сатты, бизди сатты. Ооба мен апамдын жанына барам, апамдын көкүрөгүнүн жытын кучактай жатам. Өгөйдүн ашын ичип, анын көзү менен тегеренип жашагандан өлүм артык!» – деп көпүрөдөн ылдый шар аккан, жазгы кирип турган, терең дайрага боюмду таштадым. Сууга түшкөндө алгач аптыгып, сууну жутуп аба жетпей кыйналып–кыстыгып барып өзүмдү жоготуп койдум. Суу алдында топурак кумга аралашып агып баратканда: «Уулум, эркетайым! Көкүрөк күчүгүм! Кагылып кетейиним, – деген апам көкүрөгүнө кыса кучактаганда, мен тааныган жыт мурдума уруп, кубанып кетип, апамды тиктесем мээримдүү көзү менен карап, – Уулум, эсиң менен бол, ээнбаштыкка жол бербе. Үйдүн эркеси да, түркүгү да сенсиң, садагаң кетейин! Атаңа, беш эркекке, бир карындашыңа бел бол, бутуна тургуз, – деп колумдан тартып, дарыя жээгине алып чыгып, – Көкүрөгүңдөгү эки топчуңду топчулап ал балам»,– деп, асманга көтөрүлүп, көзгө көрүнбөй, жылмая тиктеген элестер менен жок болуп кетти.

Өзүмө келсем көйнөгүм жалжайып, дарыя жээгинде жатам. Чындап эле апам айткандай эки топчум чечилип калыптыр, аны топчулап жатып, апамды сагынып, үнүмдүн болушунча өлгүдөй эчкирип ыйлап жаттым. Кулагыма апамдын шыбыраганы угулуп жатты: «Атаңа, беш эркекке, карындашыңа бел бол,

бутуна тургуз», – деген. Мен болсо: «Апаа....Апа дейм... – Апоов! Кетпеңизчи!» – деп ыйлап олтуруп, үйгө барбастан жолдон жүк ташыган унааны токтотуп, Ошко жеткенимди не билип, не билбей нес абалда батир эшигин ачып ичкери кирдим. Аялым, кызым экөө ойлуу терезе тиктеп турушуптур. Чекилик кылып атам менен апам уруш кылганын көрбөгөн соң кызым уктаган кезде аялыма кайрылдым:

– Жумагүл, мен жоголом. Үйдөн кеттим, айылга да барбаймын.

– Ажырашайлы дейсиңби?

– Каалаганыңды кыл. Ишенсең, апам өлгөндөн кийинки жашоо мага эч кызыгы жок, – деп сыртка чыксам, кошунам Вася жүргөн экен, ага «Жигулимди» айдатып, күчүмдү арактан чыгарып иче баштадым. Түн оокумга чейин арак ичип, үйгө кирбей Васянын батирине кирип куладым. Бир кезде Жумагүл кирип: «Айылдан атам келиптир» – дегенде эндирей түшүп, үйдү көздөй жөнөдүм. Батирибизге киргенде Жумагүл эшикти кулптап, ачкычты чөнтөгүнө салганда, атам келбегенин билдим. Жумагүл көзүнө жаш алып ыйлаксырап сүйлөп кирди:

– Сен жоголсоң, сага кошулуп мен да жоголом, сен өлсөң мен да өлөм, – дегенде соолуга түштүм, ошону менен бирге Жумагүлдүн ушул сөзү үмүт болуп жарык чачып, канат болуп алдыга жетеледи. Апам жок болсо да Жумагүл үчүн, чырпыктай болгон туң кызым Тамара үчүн жашоом керектигин сездим. Эми атам экөөбүз элдешип алсак жакшы болот эле деген бүтүмгө келип жашагым келди. Жашоого кызыгуум пайда болуп, көңүлүм жай алып, уйкуга кеттим.

Таң атты, уйкудан турдум. Тыңшасам кухнядан тааныш эркектин үнү чыгып жатат, байкаштырсам атамдын үнү. Атамдын да уйкусу качып, мага боор

ачып таң эрте бизге жетип келиптир. Бети башымды жууп, сакалымды алып атам экөөбүз кучакташып апамды эстеп ыйлап кирдик. Атам: «Уулум, эч кабатыр болбо, мен үйлөнбөйм», – дегенде, бир түн мурунку тилегим орундалып, ата–бала бабырап чай ичтик. Үй ичин кырк күндөн бери чыкпаган күлкү аралады, ошону менен бирге кут береке келе баштады.

Кытайга темир-тескек алып кирем, ал жактан кийим-кечкек ташып бат эле бутума туруп кеттим. Айылдагы атам салган эски үйдү жер менен бир кылып тегиздеп, заманбап үй куруп бердим. Эки агамды, инимди үйлөп, карындашымды турмушка эл катары узатып жакшы, бактылуу күндөр өтүп жатты.

Кудай экинчи кызды берген жылы, жээним Жанышты ишкердикке үйрөтүп, Кытайга чогуу кирип–чыгып жаттык. Ошол кыштын ызгаар күндөрү жүк ташуучу унаабыздын суусу тоңуп, Тоң-Мурун ашуусунда калып кеттик. Шопур кыймылдаткычын чукулап оңдоо менен алек. Жаныш экөөбүз жөн турбай, үшүк албасын шылтоосу менен бөдөнө суусунан уруп кирдик. Ичибизге кирип, жазылып калганга дейди сөздөр чыга баштады. Мен Жанышты чычалатып каптап киргенде, оозунан мындай сөз өзү эле ыргып чыгып кетти:

– Тага, дердеңдебей атаңызга аял алып берип койбойсузбу. Эмне кыйынсыйсыз? – дегенде ээк туштай берип, Жанышты тоголото койдум. Ал жуварымбек бош келбей, жаткан жеринен туруп мени басып жыгылды. Экөөбүз ак кар, көк муздун үстүндө күрөшүп, тоголонуп чарчаган кезде, аны жаныма чакырып, жаныбардай айкырбай, тууганча жумшак сүйлөп кирдим:

– Жээним бул кепти кайдан таптың, ачыгын айт?

– Тага, ишенсеңиз Эсенбай тагам аябай эзилип кыйналып жүрөт: «Арыстанбегимди капа кылып алам, болбосо кемпир алып алсам жакшы иш болмок. Түн ичинде ысытмалап ооруп сыркайт экенсиң. Далың карышып, дарыга жетпей карылыкка моюн сунуп энтигип таңды атырып жаткан учурлар болуп жатыр. Түн ичи уулуңду же келиниңди жардамга чакыруудан тартынат экенсиң», – деп айтканын өз кулагым менен уктум, – деген Жаныштын кебин укканга демим кыстыгып, денемди тер басты. Тоң-Мурун ашуусунун суугун сезбей, күпайкемдин жакасын жагжайтып, төшүмдү бурганактаган шамалга тосуп, муздак кардан колума уучтап, оозума тыгып атып да ичимдеги күйдүргү ысыкты баса албай койдум.

Шаарга келип акыл пештеп, айылдагы атамды үйгө чакыртып, ал келгиче атам жакшы тааныган шаардык курдашы Исмаил акени кошо чакырып: «Үйлөн деп, атама сиз айтыңыз», – деп, ич ара кепти бышырып, даярданып алдык.

Дасторконго тегерене отуруп, табак үстүнөн булоосу чыгып, дем жеген аш келди. «Ал–алга» келип, аш желип ортолоп калганда, Исмаил аке кепти баштады:

– Эсенбай, Шаарбандын көзү өткөнүнө мына эки жыл өттү. Аял киши жесир калса, балдарына каралашып, үй–оокатка аралашып, турмушка чыкпай эле, неберелери менен эрмектешкен жашоосу улана берет тура. Ал эми жесир эркектики кыйыныраак экен. Уулуңдукунда келин жат, кызыңдыкында күйөө бала жат болуп, бүлө болуп кетиш оор экен.

Биз, Арыстанбек экөөбүз макулдаштык. Ырас көрсөң, кемпир таап баш кош. – дегенде атам бурулуп мени карады. Мен атам жакты караганда көздөрүбүз чагылышып, каканактап, жарылып ыйлап кирдик. Мен, атам, Исмаил аке, Жумагүл төртөөбүз төрт жерде

апамды эстеп, атамдын жесир калганына боор ооруп ыйлап, үйдү эки көтөрүп алдык.

Акыры бет аарчылар менен көз жашыбызды аарчып, атам мени тиктей:

– Уулум, сен тандаган аялга баш кошом, – деди. Издештирип жүрүп, үстүңкү айылдан чалы өлүп жесир калган кемпирди таптык. Сураштырсак тааныш агалардын чоң эжеси экен. Болочоктогу өгөй апам кадимкидей кийит суратыптыр. Анысы модалуу лама пальто, чоң пух жоолук, бутуна маасы көлөч. Атамдын жүзү деп сарпайды сураткандай Кара–Суунун «Турааталы» базарынан алдырдым. Өгөй апамды көчүрүп алты аял ээрчип келиптир. Союш союп, дасторкон жайып жакшы сый көрсөттүк. Андан соң, кийит кийгизип жатканда өгөй апам лама пальтону кийип, чоң пух жоолугун салынган кезде негедир ички дүйнөм дүрбөлөң салып: «Ушул кийимдерди өгөй эмес, өз апам Шаарбан кийсе болбойт беле?» – деген ой басып, үйдөн атырылып сыртка чыгып кеттим. Апам көз жумганда мен болгону жыйырма алты жашта болуп, Апамды жакшылап ичирип жедирип, кийинтире албай калган өкүтүмө ичим өрттөнүп, буулукканымдан көзүмдөн аккан жаш көлдөй төгүлүп, көчө бойлоп жөнөдүм. Нияз досумдун үйүнө жакындап калганда жолбун иттер ырылдаган абалда мага асылып киргенде, кайдан–жайдан пайда болгон Кайтпас баарын тиштегилеп качырып кирди.

Жанагында апамдын кыркылыгында дарыяга бой таштап чөккөн кезде, суудан сууруп чыгып сактап кол сунган апам болсо, минтип иттер таландыга алайын дегенде күчүк кезинен апам сүт берип чоңойткон Кайтпас кайдан-жайдан пайда болуусуна, апамды жоруп, эстеп алып, кайра ыйлап кирдим. Нияз досума жолугуп, ачуу басты кылып дейди суудан экини тоголоттук. Таң атып калганда Кайтпасты ээрчитип

үйгө келдим. Шорпо, аш тартылып, устукан берилип бүткөн соң, өгөй апамды көчүрүп келген алты аялды «Жигулиме» отургузуп, үстүңкү айылга үйлөрүнө жеткизип келдим. Өгөй апам менен ийри отуруп түз келиштик, мен айттым: «Бир туугандарымдын улуулары – «Эже» – деши мүмкүн, кичүүлөрүнө: «Апа» – деп атагыла дейм. Анан мага капа болбоңуз: «Апа дей албайм. Мамаша деп атайын», – деп айтканымды туура көргөндөй унчукпай калган.

Саат чак–түш маалы болуп калган кезде Ошко кетүүгө даярданайын деп, үйгө баш баксам, өгөй апамдын, атама сүйлөп жатканын угуп калдым:

– Эсенбай кичүү уулуң, келиниң менен бул үйдөн көчүп чыксын. Өзүбүз эле мал-жанды карап жашайлы. Сиз али күүлүү-күчтүүсүз. Төрт кара мал менен он жандык бир атты кантип карай албайсыз? – дегенде башыма кан тээп, ачуум мурдума такалып, жаным чыгып үйгө кирдим:

– Иним эч жакка көчпөйт. Атамды оор иш кылдырбай, асырап келе жатабыз. Эки түнөбөй кылгылыкты кылып жатасыз. Асти колуңуздан жакшы иш келчүдөй эмес, машинеге чыгыңыз, – деп өгөй апамды машинеге салып, өзүнүн айылын көздөй айдап жөнөдүм.

Жаңжал чыкканда иним, келиним, атам, Жумагүл болуп бири да: «Кой, токтот» – деп мени тыйышпады. Өгөй апамды үйүнө жеткизип: «Калган жүгүңүздү иним жеткизип берет» – деп келе бердим.

Апамдын көзү өткөнүнө он беш жылдан ашуун мезгил өттү. Андан бери далай шаарларды кыдырдым, кооз жерлерди айландым, бирок жер жүзүндө Апа жытына алмашкыс баёо жыт таппадым!

Бир айда апам түшүмө бир кирсе сүйүнөм, менин түшүмө бир эле нерсе кирет, апам жана бүт Ааламга алмашкыс Апа жыты.

## ЖАН КЫЗЫМ

Мээ кайнаткан саратандын аптаптуу күндөрү. Аба үп болгонго демигип, муздак суу менен көлөкө издеп бушайманмын. Чылгый суу болгон көйнөгүмдү сыгып, кайра кийип, унаама төрт кардар алып, Бишкек шаарын көздөй жөнөдүм. Кадимки эле көнүмүш кардарлар, өткөн–кеткенди айтып, аба–ырайыны, сасыган саясатты, коомдогу чуулгандуу окуяларды кеп кылып узун жолду кыскартып, курук–серек немеден оздоруна салып, ат жалына казан асып баратышты. Бардыгы күнүңкү каттамдагыдай эле, болгону арткы орунда жашы алтымыштарга таяган болук аялдан эч доош чыкпайт. Мурунку баклажан түстүү чачынын түбүнөн ак чачтары сербейип өсүп калганы, мээсин ачыткан мүшкүлдөрү чачын эмес, мындан олуттуу башка нерселер оюн каптагандай өңү киргилтим. Ойлуу, эки көзү сырт жакты тиктеп муңайыңкы. Берки кардарлар анысына этабар салбай кептен алып, көңүлдөрү шайдоот. Төрт дөңгөлөк тегеренип жолду арбытып баратат, эки көзүм алдыдагы жол менен шоопур жанындагы күзгү аркылуу арткы орунда бараткан ой баскан аялды карап коём, каш-кабагына жааган муз–кар болуп эч эрибейт. Таң калуум артып, мында катылган бир сыр бар деп, ич туюмум кызыгат.

Ошентип кеп салган берки кардарлардын оозу талыдыбы, же чарчаштыбы, айтор жапырт бири-бирине башын жөлөп уйкуга кетишти. Алдыңкы орундуктагы арык-чырай мамадани жигиттин үкү сымал көздөрү

жолду, анан мени көзөмөлдөп бараткανын айтпаса да, көз кырым жана далым менен сезип бараттым. Бир кезде анын дагы башы шылкыйып, оозунан шилекейи агып уйку басты. Бир гана арткы орундукта катуу ой баскан, уйкусу качкан эже көзүн ирмебейт. Астейдил ал эжеге кайрылдым. Мынча кыжаалат болгонун, кай жака сапар алганын, аты–жөнүн сурамжыладым. Унаа ичиндеги жаңы тааныш Айгүл эже мени күзгүдөн үңүлө тиктеп, ичине катылган сыр баянын төмөндөгүдөй чечмелеп берди:

– Өзүм Нарындын, Ак–Талаанын кызымын. Чүйгө, Кара–Балтага келин болдум. Жолдошум мындан жети жыл мурун Россияга иштеп кетип, курулушта каза болуп, сөөгү темир жашыкта келди. Бир уул, бир кызым бар. Уулум шок, бетке чабар болуп чоңойду. Андан небере көрүп, көңүлүм тынган, келиним да тың чыкты. Кызым анын тескериси, өзү момун, пейили тартынчаак. Эл миң сүйлөсө, бир сүйлөгөн бир сырдуу кыз. Аты – Айдана.

Күндөрдүн бир күнүндө, ошол Айданамдын колун сурап Бишкектеги үйүбүзгө, «куда–сөөк болойлу» деп, бир караганга ыймандуу адамдар астанамды аттап кирип келишти. Оозума талкан салгансып тултуйуп, күрөштө жеңилип калгансып былтыйып туруп бердим. Жалгыз кызым болгон соң эч жанымдан чыгаргым келбейт, себеби сурап келген жери Баткен району экен, жер алыстыгына ызаланам. Келген жуучуларга чай–тамагымды дасторконго жайып, бир чыныдан ысык чай сунуп, сырткa чыгып Айдананы жаныма чакырып эмне дээр экен десем, кызым: «Сүйлөшкөн жигитим колумду сурап жатат, турмушка чыгууга уруксат бериңиз»,– деп эсимди эки оодарды. Кой–ай дегениме түк көнбөйт. Акыры тиги жуучулар менен сүйлөшө келсем: «Беш маал намазды үзбөй окуйбуз,

мусулманчылыкты туу кармайбыз. Кызыңыздан эч кыжаалат болбоңуз. Кыздын барар жери күйөө»,– дейт. Тиктесем кийген кийимдери таза, кудам ээгине бир тутум сакал өстүрүп алган, колундагы теспесин тартып олтурат. Кудагыйымдын башында жоолук, үстүндө узун ак гүлдүү көйнөк кийип, оозунан эч жаман сөз чыкпайт. Акыры жалгыз кызымды турмушка берүүгө макул болуп, ак батамды бердим. Карыган апам да ыйлап–сыктап көзүнүн кареги менен айланган небересине ак батасын берди.

Кызыгы алардын дагы бир шартына көндүк. «Мусулманчылыкта чоң той кылганга уруксат жок, мусулманча эле той кылабыз» деп, ресторансыз эле алардын үйүндө конок болуп, Айдананы Баткендин Дара деген айылына калтырып, шаарга кайтып келдик.

Арадан төрт–беш ай өттү. Жүрөгүм сыгылып, Айданам эсиме келип, ыйлагым келип, тутулуп калдым. Акыры кызымды көздөй жолго аттандым.

Баткенге жетип, алар турган айылдагы үйүнө киргенде үрөйдү учурган акыбалга кептелдим. Бети–башын жапан элинин жоокер ниндзясындай кара чүпүрөккө оронгон кызымды тааныбай калдым. Шаарда жүргөндө кышкысын үшүйсүң, жайкысын күн өтөт баш кийим кий дегенге ынабаган кызым, булардын шартына оңой моюн сунуптур. Айдана жаныма басып келгенде аны сагынганымдан кучактап алайын деп кудагыйдан тартынып колумду сунсам: «Апа, мусулманчылыкта кол берип учурашканга болбойт, кандайсыз?» – деп, колун бербей саламдашканда, бетиме суу менен учуктагандай муздай түштүм. Кудаалардын турган үйү чоң, бөлмөлөрү деле жетиштүү болгонуна карабастан, Айданамды, короо бурчундагы допудай чакан бир бөлмөлүү бөлөк үйгө бөлүп коюптур. «Эмнеге?» – десем. Кудам: «Мусулманчылыкта ушундай»

– дейт. «Кызымды сагынганда сүйлөшө албай жатабыз уюлдук телефон алып берейин сүйлөшүп турайлы» – десем, кудагый: «Иий, мусулманчылыкта андай телефонду аял кишиге көтөргөнгө болбойт. Керек болсо мен дагы андай чөнтөк телефон колдонбоймун. Мусулманчылыкта бир гана эркектерге уруксат», – деп кайдагы болбогон бир жобону айтып наалыйт. Анысына көнбөгөнгө арга барбы, көзүмдүн жашын аартып, бугума буулугуп кылчайбастан келе бердим.

Арадан эки-үч ай өтпөй жүрөгүм бир шойкумду сезгендей шуулдай түштү. Көзүмдү жумсам, Айданам ыйлап, үнү жетпей мени жардамга чакыргансыйт.

Ошол чакта апам жаныма келип: «Айдана түшүмө тынбай кирип жатат. Башына салынган ак жоолугу жок, жылаңбаш, тоо кырында бизди карап кол булгалап: «Тайэне!» – деп утурум мени жанына чакырып жатат. «Ботом! Кызыңдан бир кабар алсаң боло, мынча бейгамсың», – деп апам безилдейт. Кайрадан жолго чыктым. Апама, мага жөнүнөн аян келбептир. Барсам, Айдананын жамбашы чыгып, жанагыл допудай кичине үйдүн ичинде төшөктө жалгыз жатат. Өңү кубарыңкы, жаагы кирип, арыктап салмак таштаптыр. «Эмне болду?» – десем, «эшектен жыгылдым», – деп үнү анча ишенимдүү эмес, көзү тим эле каканактайт. Акыры көзүбүз туш келгенде бечара кызым озоңдоп кучагыма жармашып: «Алып кетиңиз», – деп жалдырайт. Көрсө күйөө балам жамбашын чыгара тээптир. Анысы аз келгенсип ооруканага алып барбай үйүндө камап олтуруптур. Күйөө баламды чакырып: «Айдана анчалык эмне күнөө кылды?» – десем. «Мунуңуз тамакты жакшы жасабайт. Кызыңыз сук экен. Түнкүсүн туруп тамак жейт», – деп келжирейт. Байкаштырсам боюна бүтүп, чындап эле тамакка талгак болуп калган

экен, анысын дөөпарас эри туйбай, айтса түшүнбөй, жеген тамагына кызганып көчүгүн чыгара тээптир.

Ачуум менен жергиликтүү милицияга арыз менен кайрылдым. Милиция: «Эмнеге боюнда бар аялыңызды тептиңиз?» – деп сураса. Келесоо күйөө балам: «Мусулманчылыкта боло берет», – деп, мусулманчылыкка шек келтирип дөөдүрөгөнүнөн кызымды Бишкекке алып келе бердим. Мунусунда ошол милицияга кызымдын атынан көрсөтмө берип келе жатам.

Мусулманчылыкка жамынып, терисинен тескери кылыктарды кылган күйөө баламды эстесем, кызым менен жашатмак турсун жанына түк жолоткум жок. Айдананын боюндагы баласы атасыз өсөөрүн ойлонсом, төрөлө элек ымыркайга боорум ооруйт. Жамбашы гипске салынып ооруканада жаткан кызымды көрүп жүрөгүм эзилет, – деп Айгүл эже, чүңүрөйгөн көзүнөн аккан жашты сүртүп олтуруп калды.

Мен эмне кеңеш берeримди билбей, оозумдан жеткиликтүү сооротуу же колдоо сөзүн айта албай тумчуккан козудай «маа», – дей албай, рулду бурап, газды тээп унаамды айдап баратам. Мээм болсо: «Апасынын, кызынын, курсактагы баланын тагдыры кандай болот экен?» – деп чаржайыт ойго жетеленет.

## ТӨРАЙЫМ

Жапжашыл жаңгак токойдун ичи капкараңгы болуп салкын. Ар–ар жерде жапкан нандай көлөмү менен сыдырым шамалга жайпалган аткулактар сербейсе, кызыл ашыкты жапкан көп жылдык быйылкы чөптөрдүн арасында жаңгактын былтыркы жалбырактары өңү кызгылтым кара түс чириндиге айланган. Жаңгактардан таап, кабыгын аарчып, алаканым менен чагып, маңызын өзүм жештен кызганып, агезде үйлөнө электеги жүрөк капкагым Алимага берем. Дарак жанына отура калып уясына жем, тоют ташыган эмгекчил кумурскаларга үйрүлө тиктеп отуруп үшүп кеткенге, ачык жайытка кубалаша жетип, чалкабыздан түшүп, асманга кучак жайып жатып калдык. Төбөдөн тике тийген күн нуру уялтканга көзүбүздү жуумп, жайыт чөптөрүнүн гүлдөрүнүн аңкыган жытына кере-кере өпкөбүздү толтура дем ала ырахатка батып, кыйлага жаттык. Муздап калган денебиз ысый түшкөнгө, эми ысыкты көтөрө албай жакын жердеги Салам–Алик дарыясына тизе бойлой кирип, бети башыбызды, моюнубузду мөңгү суусунан топтолгон муздак сууга шапшынып сергий түшүп, жетелешип жөө айылды көздөй жөнөдүк.

Бири–бирибизге: «Өмүр бою бирге болойлу», «Эч ажырабайлы», «Сыйлашып өтөлү», «Сүйүүбүз эч соолбосун», сыяктуу жалындуу убадаларды шыбырап да, күлүп каткырып, көзүбүзгө жаш алып, ааламга бакырып, анттаашып жаттык. Арзуу деген неме экөөбүздүн

жүрөгүбүзгө уялап, сүйлөтүп, сүрдөтүп, каткыртып, ыйлатып, жалдыратып, шаңдантып дүйнөдө Жер, Асман жана экөөбүз гана Адам ата менен Обо энедей эч нерседен обочолонбой эле оюбуз ооздуруксуз, көңүлүбүз канат байлап жер жүзүн айланып, сүйүү балына кумарыбыз канбай, ар кимибиз өз үйүбүзгө тарай турган мезгил келип, караңгы кеч кирди.

Алиманын терезелеринен түшкөн жарык менен Айдын жарыгы экөөбүздүн көлөкөбүздү бириктирип бир адамдын көлөкөсүн бергени, дагы деле Алиманы кучагымдан коё бергим келбейт. Качан гана короосунда ит үрүп, апасы Карамат эженин: «Алийма! Эй, Алийма. Өлүгүңдү кана көрөйүндүн кызы», – деген бакырыгы чыкканда гана, чанагынан чыккан көздөрүбүз жайына түшүп, көпкөн өпкөбүз, вулкан лавасындай жуурулушкан жүрөктөрдү Эне добушу соолуктура койгонго, экөөбүз селее түштүк. Алима, мени этият түртө салып, үйүнө чуркап кирип кетти.

Жолду бойлой үйгө жеткичекти кыялдарым, эңсөөм бир гана Алима болду. Жаздык кучактап уктайын дейм же уйку келбейт. Көзүмдү жумсам жаңгак токой ичи, гүлзар талаа, шаркырап аккан дарыя бою, алар менен айкалышкан Алима чуркап баратканы көз алдыман эч кетпей, үргүлөп уйкуга кеттим. Эртеси шаарга жогорку окууга тапшырганы кеттим. Көп өтпөй Алима дагы студент болгонун, жагымдуу кабар ирети кабылдап кош сүйүнүчүбүзгө кубандык.

Арадан он жыл убакыт өттү.

Алима экөөбүз баш кошуп, сүйүүнүн түшүмүнөн бир уул, бир кыздуу болдук. Алгач айылдагы атам салган үйдө жашап, шаардагы жумушука «бусик» менен эл катары каттап жүрдүк. Көп өтпөй «Honda Fit» маркасындагы унаалуу болуп, жетишкен үй-бүлөлөрдөй унаага чалкалап, жумушка каттайбыз. Шаардагы

жаңылык кылып коон-дарбыз, анжир сыяктуу биздин айылда өспөгөн жер-жемиштеринен унаага жүктөп, ата-энемди, бала-чаканы тойгуза жедирип кубантып, өзүбүз да мурдагы убадага бек туруп, бактылуу үй–бүлө кура алдык.

Көп өтпөй өзүм иштеген жерде бөлүм башчы болуп, маянам көбөйгөнү, жер кыдырып, бул жагы Сары–Челектин муздак суусуна түшүп, көл тегеренип өскөн бийик арчаларга суктансак, тиги жагы Ысык–Көлдүн жылуу суусунда чабак атып жыргап, ысык кумуна жата калып терибиз шылынгыча күйүп, эл катары эс алган күндөр өтүп жатты.

Алима болсо шаардык бир мекеменин жетекчисинин жардамчысы кызматын аркалап, тырмалаңдап–тытынып иштеп атты. Өзү аракетчил тың кыз болгондуктан «Мактоо баракча» алган күндөрү: «Тайларын тартыптыр», – деп кайненем мактап–жактап үй шаңга толуп, казаныбыз ашка толуп калчу. Ал кезде айылга каттап, унаага ашыкча бензинге чыгаша кетпесин, бала–бакыра шаардагы бала–бакчага, мектепке окусун деген жакшы тилек менен Оштун студенттер шаарчасынан арендага батир алып, «шаардык» атыгып жашап калдык.

Бир күнү Алима өзү иштеген мекеменин: «Жалал–Абад облустук башкармалыгынын Төрайымы болдум», – деп шанаңдап келип калды. Көкөлөп кубанып, Алиманын бети–башын жыттап-өөп, сүйүнүп кабыл алсам, бир туруп чочулай түшөм, «Алиманы жоготуп албаймынбы», – деп, кайра санаамды жутуп, дасторкон жайып, жакын туугандарды чакырып, жаңы жумуш ордун куп майладык.

Ош менен Жалал–Абаддын аралыгы жүз чакырымды чапчыган алыстык болгон соң, Алима эрте кетип кеч келип жүрдү. Эркектик немем ойгонуп, кыз-

ганыч желкемди тырыштырган түндөрү, күңкүлдөп Алимага сүйлөнүп койгон түндөр башталды. Акыры дем алуу күнү үй–бүлөлүк кеңеште Жалал–Абад шаарына үй–бүлөбүз менен көчүп кетүү чечимине токтолдук. Өзүм бул чечимге кайыл болгонум менен колумда иштеген жумушчуларга көнө түшүпмүн. Кадыр–барк күтүп өзүмдү реализация кылдым деген ишенич менен бирге жетекчиликтин ынанымдуу ишенимине татыган элем. Күнүмдүк иш режиминен да ыракат алчу жумушумду таштап кетүү тандоосу мен үчүн кыйла оор болду. Канткен күндө да тандоом, үй–бүлөнүн бекемдиги биринчи орунда тургандыктан, ичимден иттей улуп сыздаткан кыжаалатчылыкты жутуп, иштен өз эрким менен бошотуу арызын жазып, коштошууга туура келди.

Жалал–Абад шаарындагы жашоо нугуна түшүп, жаңы режимге көнө баштадык. Алиманы таң эрте жумушка жеткизем, үйгө келип уулум менен кызымдын курсагын тойгозуп, кийинтип, кызымды мектепке, уулумду бала–бакчага жеткизмей. Сабактан келген кызыма үй тапшырмасын даярдашып, түшкү тамак жасап шам–шум этип алабыз. Саат 17:00дөр чамасында уулумду бала бакчадан апкелип, тамактантып, телевизор көрөбүз, интернет, телефон чукуламай менен алек болуп күндү кеч киртебиз. Кызым казан асып май куят, мен эт, картөшкө, пияз туурап кечки тамакка урунабыз. Алиманы кызматтык унаасы үйгө кечке маал жеткизип коет. Дем алуу күндөрү кичи мекенибизге, ата–энебизден кабар алабыз, кээ күнү той–топурга, өлүм–житим тажияга бармай. Ошондой жыйындардан кайтып, иттен чыгарып калышкан дос–жар тамашага салып: «Алима облустук жетекчи болсо, минген унааңар кашаң аттай «Fit». Кызмат абалыңарга, коомдогу ордуңарга ылайык көркөмдүү,

авторитеттүү унаа минсеңер боло», – деп чычалатып чымчып калышат. Мен мындай кептерге этабар салбайм, кулак үстүнөн өткөзүп жиберем. Досторго деле каяша аятпай, узаткандарга ыраазы болуп жүрдүк.

Кеч кирген маал, кечки тамакты жеп бүтүп, демейдегидей эле телевизордон кечки жаңылыктарды көрүп жаткан чак. Алима маанайы жок, астана аттап шалдайып, унчукпай отуруп берди. Жумушунда оңтойсуз бир кырдаал түзүлүп, ошондон көңүлү кирдеп турган го, айткысы келсе айтат, жөнүнөн сүйкөнүп кыжаалат кылбайын деген өңүттө жаңылыктарды көрүүнү улантып жаттым. Алима ашканага кирип: «Болот!» – деген чакырыгын кулагым чалып, диванда жаткан абалымдан туруп жанына бардым. Өңү бир олуттуу сунуш киргизүүгө даяр турганын байкап, отургучка омоктуу отуруп, кулак түрдүм:

– Боке, унааны жаңылабайлыбы? – деп калды.

– Ошол элеби, ошого ушунча кыжаалат болосуңбу?

– Эми эл бар экен, дос–душман, ак көз, кара көздөрдүн сөзү болот экен.

– Алима, менин оюма койсоң, ушул «Fit» унаабыз эле бизге ыңгайлуу эле. Эмнеге десең, бензин аз ичет, үнөмдүү. Ремонтту да көп талап кылбайт, кошумча бөлүктөрү да арзан. Ошол кошумча бөлүктөрүн базардан издесең толуп жатат.

– Сен ушинтип эле мени, бизди артка тарта бергениң жакпайт, – деп биринчи жолу сый сөздүн чек–арасын аттап, суук сөзгө өттү. Мен маселенин каржы жагына өттүм.

– Макул, жолубузду тоспоюн. Анда күчтүрөөк унаа алуу үчүн, бизге кошумча каражат талап кылынат.

– Ошол каражатты мен берейин.

– Омеей, сенин айлыгыңды билем да. Эми эле көчүп келдик, сенде анча каражат жок да.

– Боке ишенсең, менин бүгүнкү бозоргонум ушул. Кудайдан жашырбаганды сенден жашырмак белем. Мага бүгүн «пара» беришти. Унаабызды жаңылаганга жетет.

– Алима бизге андай оокат жакпайт. Андай акчаларды мүмкүн болсо алба. Такыр мүмкүн болбосо үй–оокатка аралыштырба, ал акчаны өзүнчө иштет. – десем.

– Ушинтериңди билгем. Ошон үчүн маанайым жок келдим, – деп кыжырдана, – Чоңдор «пара» албаса, ала каргага окшоп бул системге батпай, иштен айдалат экенсиң. Сен ошону каалап жатасыңбы? Же менин ийгилигимди көрө албай ичиң ачышып жатабы, – деп ак жолго чакырам деген өмүрлүк жубайы болгон мага күнөөнү жаап кирди. Ошол кезде биздин бийик үндөрүбүздү, Алиманын ыйлаксыраганын уккан уул–кызым ашкананын босогогосунда салаалап, карагаттай көздөрү менен бизди жалдырап тиктегенин көрүп:

– Мейли. Унааны жаңыласа жаңылап коёлу, – деп үй–бүлөнүн ынтымагы үчүн, өзүм тутунган принциптеримден, карманган адеп-ахлактык баалуулуктардан тайып, жеңилип бердим.

Кийинки дем алуу күндөрү Жапалак айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан унаа базарында «Fitти» төрт миң долларга саттым, үстүнө Алима берген он миң долларды кошуп «Lexus» маркадагы күмүш түстүү унааны сатып алган күнү Алиманын маанайы көтөрүлүп өн-түсү кабак–кашы ачылып, үйдөгү аба–ырайы да ордуна келди.

Турмуш өз нугуна түшүп, мурунку тынч жашообуз уланып жатты. Декабрь айы этектеп, жаңы–жылдын шарапаты катары шаар дүкөндөрү, мамлекеттик имараттар кызыл-сары жалтырак түстөргө кооздолуп, арча, балатыны имараттардын алдына орнотуп

коюшкандары шаар тургундарынын маанайын ачып, көчөдөгү тоңголок жолго, көк музга анчалык маани беришпейт. Өспүрүм балдар чана, коньки тээп чырылдашат. Кээ бир шоктору ары–бери өткөн унаалар бурумга келип ылдамдыгын азайткан кезде артына жабышып сыйгалак тээп унаа ээлеринин ачуусуна тийген көрүнүш. Ошол шаңдуу күндөрдүн биринде Алима жумуштан келип калды, кызматтык унаасы кетпестен короо астында бирөөнү күткөнсүйт. Мен утурлайын дейм, Алиманы ыңгайсыз абалга калтырбайын деп өзүнө кайрылдым.

– Алима, кызматтык унааң кетпей, эшик алдында турат. Эмне унааңдын бир жери бузулуп калдыбы?

– Жок, унаа оң эле. Бүгүн кеч келем, мени күтпөй кечки тамакты өзүңөр иче бергиле.

– Тынччылыкпы?

– Облус мекемелеринин башкармалары чай уюштурушкан экен.

– Менчи?

– Сен балдарды карап үйдө олтуруп тур, – дегенде ичим тыз этип кызганып кетип өзүмдү кармай албай:

– Ал жетекчилик бүт эле эркектер болсо керек. Сенден бөлөк дагы аялзаты барбы?

– Анипа Гулямовна экөөбүз, калгандары жети эркек, – дегенди укканда андан бетер жон теримди тер басып, желкем тырышып, бутумдун тарамышы түйүлүп калды. Тигилип бетине карасам, мурунку Алимам жок, кыйла текеберденип калыптыр.

– Кызганба каралдым, кеч келем. Урушпай–талашпай тынч олтуруп тургула, – деп кызымдын колуна алып келген шириндиктерди карматып, каалганы сыртынан жаап чыгып кетти. Көзүмдүн кыйыгынан терезени карасам, жаап жаткан карды палтосунан силкип, шоопуру унаанын арткы эшигин ачып, Али-

маны отургузду. Унаа кыймылдаткычынын үнү угулуп, унаа артынан түтүн чыгып көздөн кайым болуп, бир гана аппак кар себелеп жаап жатты. Бүт кызганычымды, ачуумду кар өзүнө сиңирип, жерге жалпайтып салгансыды. Тамекини таштап койгонума үч жылдай болуп калганына карабай, жакынкы жердеги дүкөнгө кирип, болгону төрт даана тамеки алып, өпкөнү ыштап кирдим. Жетекчилер менен жолугуусуна анча кызганбадым, Алиманын салкын жана текебер мамилеси дүйнөмдү өрттөп жатты. Төртүнчүсүн тартып бүткөндө: «Аталап» кызым кечки тамакка чакырып калды. Жегеним желим, ичкеним ирим болду. Түн оокум, саат бирлер чамасында унаанын үнү угулуп, эшик жарыгы жанып Алима келип жаныма жатты. Үйгө киргенде эле «бурр» этип уктоочу бөлмө арак жытына толуп калды. Ачуулукка алдырбай өзүмдү тыйып таңды атырдым.

Эртеси кеч. Алиманы сылык кепке тарттым: «Арак иччү эмес элең, кечээ кичине «үпп» этип уруп койгон окшойсуң?»– деп тамашага салганга аракет кылдым.

– Ичпей анан, атамдай кишилер, облус жетекчилерин жалдыратып сурантып турмак белем. Анча мынча иштин кызыкчылыгы үчүн алып турбасам болбойт, – деп актангандай болду. Байкушумду аяп кеттим. Жумуш, биз деп ушундайга барган турбайбы деп унчукпай, сөздү башка-баратка буруп кеттим. Бирок бара–бара мындай менсиз отуруштар, менсиз кафелер, менсиз ресторандар көбөйүп баратты. Бир күнү ошондой отуруштардан кызуу келген күнү, тамашага салып:

– Алима мени да келерки маарекеге ээрчитип алчы? – десем

– Сага эмне жок! Үйдө эле көтүңдү кысып отур, – дебеспи. Чычаңдап кетип: «Мени үйдө отургузгудай, көтүмдү кыстыргыдай, сен өзү кимсиң?» – десем:

– Төрайым! Төрайыммын! – деп мупмуздак жооп берди.

Мындай жоопту күтпөгөн Болот, ушунча жыл бир ирет аялына кол көтөрбөгөн жаны, ачуусунун күүсү менен Алиманы жаак туштай чаап жиберди. Анын бозоргон түсүн көрүп, башына муздак суу куйгандай чочуп кетип: «Бөтөн шаарда, балдардын көзүнчө чачташып шерменде болбойлу»– деп сыртка чыгып кетти. Жанагы тамеки саткан дүкөнгө жетип эки даана тамеки алып көкүрөгүнө толтура сорот, же ачышкан жери басылбайт. Шайтан кулагына шыбыр кылдыбы, же өзү өрттөнүп күйүп жаткан ички күрөштү тынчыта албаганынанбы, алдын жүз грамм арак сокту, анысына алымсынбай дагы жүздү урду. Ичине кирген бөдөнөнүн суусу өрттү өчүргөндөй болуп, каны суюлуп кыстыккан деми ачылгансып калганга, көчө бойлой басып ойго батты: «Атаңдын гөрү дүнүйө, Алиманын карьерасы деп өзүмдүн өсүп келе жаткан карьерамды садага чаап, ай тийсе да күн тийсе да Алимага тийсин болуп жүрүп, эми андан жеме уктум. Таасирдүү жетекчилер менен чайлашкан «Төрайымдын» көзүнө «бөө» болуп көрүнүп, кадырымды кетирип алган турбаймынбы. Балким мен өзүмдүн эле Оштогу жумушумду улантып иштеп турсам, бири–бирибизге кадырлуу болот белек. Ал шартка өзүмдүн кызганычым себеп болбодубу. Аны артынан ээрчип үй коруган иттей, Алиманы коруйм деген аракетим, тил алчаактыгым минтип эми өз башыма муш болду. Алиманы корубасам анда кимди коруйм», – деп көрпенделик өкүнүчкө баткан Болот, аялынан суутма каяша укканга жүрөгү сууп баратты.

Жубайлардын үйүндөгү жанагы кайым айтыштан кийин дөөлөт качкансып, үй–бүлө аурасы оорлошуп, эр–аял бир–бирине үн катпаган жашоо өкүм сүрдү.

Алима саар жумушка кетип кеч келет. Болот балдары менен алек болгон жашоо өтүп жатты. Жубайлардын бир жаздыкта чогуу уктап, өбүшүп-сүйүшмөк эчак унутта калган, ал турсун сүйлөшпөс жашоосунун экинчи аптасы соңуна чыккан жума күнү Алийманын уктоочу бөлмөдө шолоктоп ыйлаганын уккан Болот, бир саамга унчукпай сыналгы тиктемиш болот, бирок кулагын түрүп тыңшаса ый токтобогонунан башына жаман ой кетти: «Кайын журт тынч бекен?» – деп кайра ага боору ооруп:

– Алима эмне болду? Деги тынччылыкпы? Душман тараптан бирөө жарым оо дүйнөгө кетип калбаптырбы? – деген тамаша аралаш сөзүнө көңүл бурбай олуттуу, үшкүрүнө үн катты:

– Мен алданып калдым.

– Тобоо! Ошого да ушунча ыйлайбы? Кой эми, ыйыңды токтот, кошуналар укса эмне дейт?

– Мени жумуштан алып коюшту. Болгондо да Эмгек кодексинин «Өз милдеттерин одоно бузгандыгы үчүн статьясы» менен кетиришти. Демек, мындан ары мен мындай кызматка тура албайм, деген сөздү уккан Болот мындай жаңылыкка болгон сүйүнүчтүү чын реакциясын жашырбай: «Ырас болуптур. Сенин «Төрайымдыгың» биздин үй-бүлөнү ажырым жолго, үйбүлөлүк кризистин жарына такап салды»,

– Эмне, табалап жатасыңбы?

– Жок, табалабайм. Жумушту таап алса болот, бирок менин сүйүктүүм Алиманы дүйнө кыдырсам да таба албайм.

– Шылдың кылба. Эмне кылайлы?

– Арызданабыз, – деп эки аптадан бери бөлөк бөлмөдө түн өткөргөн эр-аял бири-бирине башын жөлөп, жаңы таанышканда жаңгак токойдо кол кармашып убадаларды жаадырып антташкандарын

эстешти. «Атүгүл жумушка кайрадан турсам, эми менменсинбей түз иштейм. Өлүп кетейин! Нан урсун!» – сыяктуу жалындуу сөздөрдү айтып, Болотту жибиткендей болду. Боке болоттой катуу болбой, желимдей ийилчек болуп, сүйүү үчүн, балдары үчүн, жубайы үчүн Ош, Бишкектеги чоңдордун кааналарын, үйлөрүнүн эшигинде кароолчудай аларды күтүп, сүйлөшүп жатышты.

«Чоңдор» ойлонгуча, жыйынтык чыкканга чейин, Алиманын иштен кетүү себебин баяндап берейин. Ал мындай болуптур.

Жанагы чай иччү жетекчилердин экөөсүнө бир уюшкан кылмыш тобу бир мыйзамсыз чечимди кабыл алууну, сунуш кылышыптыр. Албетте бекерге эмес. Кун баасы элүү миң долларга бычылыптыр. Тиги токумун жеген кыйын желмогуз эки жетекчи жыйырма миңден көк долларбайды сол чөнтөккө уруп, он миңин Алимага эжекелеп, алдап: «Кол коюп бериңиз. Сизге кызыккандар болсо чаң жугузбай колдоп беребиз. Суудан курук чыгабыз. Карышкыр койго тийсе да тийбесе да, оозу кан. Андыктан эч кебелбей, күмөн санабастан чечим чыгаруучу кагазга кол коюп бериңиз. Азыраагын биз жедик, көбүрөөк сумманы Сизге ыраазы көрдүк! Кан айым!» – дешип кулакка тээп, кол койдуруп алышыптыр. Жаш башты как баш алдап жолго салыптыр.

Өмүрүндө мынча акчаны көрбөгөн Алиманы аңырандаткан күч ошол экен. Булар үчөө чогуу чай иччү ушул ишке кыйыр тиешеси бар облустук дагы бир «Чоңго» кешик беришти унутуп калышат. «Чоңдордун» кезектеги отурушунда, ичке ачуу суу кирген кезде, араланган элүү миң кайпчиликте ачыкка сөз болуп, мактаныч болуп ооздон чыгып кетет. Тиги устукан албаган «Чоң» аке, борборго үч бурчтук чырай-

луу кат токуп салып жиберет. Текшерүүчүлөр келип жанагы Алиманын колу коюлган мыйзамсыз «Чечимди» таап, Алиманын аркасына чоң чөгүндөн суу күйгүндай куюп жиберишет. Көзү парсанактаган Алима «Чоң» акелерине барып иштин чоо жайын айтса, бул ишке борбордогу таасирлүү «Чоңдор» аралашканын угушуп: «Акчаны алгансың, өзүң кылган ишке бизди аралыштырба карындаш» – деп четте туруп беришет. Ызаланып, туз жалаган Алима текшерүүчүлөргө берки устукандаш эки «Чоң» акелерин «Параны чогуу жегенбиз» деп сатат. Аларды суракка алганда: «Жаныңды жебе, өмүрүбүздө мындай ишке барган эмеспиз. Кудай урсун, – деп ант берип, – андай болсо ал кагаздарда биздин кол тамгабыз кана. Бул курулай жалаа», – дешип, Алиманы сыз жерге отургузуп, жумушсуз калуусуна себепчи болуп калышат. Чынында булар мындай ыпластыкка барууну көздөшпөйт, болгону табакташ шеригине, устукан тең бөлүнбөй калып биринчи калпыстык кетти жана борборго бул мыйзамсыз чечим жетип калгандагысы буларды өз терисин сактоо максатында Алиманы «Гөш» кылып таландыга салып беришти.

Экөө уул-кызын, үй-жүгүн Салам-Аликке, Болоттун атасынын үйүнө жеткизип, Ош, Бишкектеги «чоңдорго» кирип – чыгып эч майнап чыкпаган соң, шалдайып олтуруп калышты.

Эки чоң киши эки бойго жетип калган уул–кыз, төрт ооз ичип-жейт, кийинип кийим жыртып, өтүктөрдүн тапаны түшүп, ары-бери басканга топтогон акчалары түгөнүп, үйдө эр-аялдын ортосунда уруш–талаш чыга баштады. Бардын ашыгы жаман болсо, жок да жаман экен. Түбүң түшкүр жокчулук эки сүйүшкөндү ыркыраган иттей ырылдатып салды. Ошол жокчулук башка түшкөн кезде кезектеги эр-аялдын

сөз талаш жаңжалында Алиманын оозунан мындай сөз өзү эле ыргып чыгып кетти:

– Баягы карызга берген он миң долларды мага кайтарып бер.

– Эмне? Дагы кайталачы.

– Акчамды кайтарып бер. Баягында «Lexus» унааны алганда, мен сага берген он миң долларды кайтарып бер.

– Ой кызык экенсиң, «Fitти» саттырып «Күчтүү машине алайлы эл көрсүнгө минейли» – деп өзүң айтпадың беле? Же «Чоң» атыккан апирис акелериңдей аны танып жибересиңби?

– Танбайм. Ошондой болгон туура. Билбейм менин акчамды ордуна коюп кой, – деп уктоочу бөлмөгө кирип ыйлап кирди. Болот ач кулактан тынч кулак деп «Lexusty» артына сатып Алимага он миң долларды карматып, калган акчасына «Getz» унаасын сатып алып, такси кызматын аткарып баштады. Арадан эки жума өтпөй, Алима Болотко ыйлап–сыктап: «Депрессияга түшүп калдым. Көчөгө чыксам баары эле, мени иштен түшүп калды деп, колу менен көргөзүп табалап жаткандай сезилип жатат. Москвага эжемдин жанына барып бир-эки ай турайын», – дегенине ынап, Алиманы узак жолго узатты.

Арадан эки ай убакыт өттү, Болот такси кызматын аткарып, бүлөсүн багып жатты, ошол кезде Москвадан Алима телефон чалып калды:

– Болот кандай жакшысыңбы? Балдар жакшы жүрүшөбү? Мен бир чоң Гипермаркеттин жетекчисинин жардамчысы болдум. Сен келип кал, жумуш даяр, – деп мурунку Жалал-Абадка чакыргандай чакырып калат.

Болот ойлоно: «Барсамбы, барбасамбы?. Баягы он миң долларды кубалап жүрүп доолап алганын, Алима деп жүрүп жумушсуз калганымды, мааракелерге ээр-

читип ал дегенде: «Кысчу жерди бекем, кысып үйдө отур» дегендерин эстесем түк жанына басып баргым жок.

Чырактай болгон уул-кызымды эстегенде, жана Алиманы чындап сагынган сагынычым жүрөгүмдү эзип түн уйкумду качырганда, анын жанына азыр эле Салам–Аликтеги жаңгак токойдон айылды көздөп салгандай жөө жөнөгүм келет.

Оозу сүткө күйгөн айранды үйлөп ичет сыңары, башыбыздан жогорку окуялар өткөн соң, мен эми жүрөгүмдүн ээси Алимага барамынбы же жакында жумушунан көтөрүлсө Гипермаркет «Төрайымынын» алдына барамынбы, билбейм? Буга эмне дейсиз?» – деп менден кеңеш сурап, тамеки чегип алган Боке терең ойго батты.

# АЖЫРЫМ

Элмира Россияга эмгек мигранты болуп иштеп кеткенине бир жыл толду. Ал ай сайын маянасы колго тийген күнү күйөөсү Мамбетке жана төрт баласынын тамак-ашына, кийим-кечесине деп акча жөнөтүп турду. Акыркы алты айдан бери акча келмек турсун Элмиранын дайыны чыкпай калды. Мамбет ары ойлонуп, бери толгонуп, айласы кетти. Өмүрүндө буту басып барбаган Маскөөгө келип, кабарын сууткан Элмирасын таап жолуккан учуру:

Элмира: Кел, Мамбет! Адашып Маскөөгө кош келипсиң!?

Мамбет: Амансыңбы Элмира! Дайының чыкпаганынан төрт баланы токсондогу апама таштап, сенден кыжаалат болуп издеп келдим, Карлыгачым!

Элмира: Койчу Мамбет! Кайын журттун түйшүгүн тартам деп, бел байлап, аял башымды эркек кылып, ырыскы издегени астана аттап чыккан күндөн Карлыгач болбой калдым го!

Тайкы турмуш мени Күкүккө айлантты.

Мамбет: Антпечи, Элмира. Завод жабылып жумушсуз калбадымбы. Мен эмес, элдин жарымы темселеп ушул жерде жүрүшпөйбү. Айылда сары тиш аксакалдар менен уялаган балапан балдар менен калдык.

Элмира: Ооба! Актан! Заманаңды күнөөлө, «Дипломум жок» деп баккан ата-энеңди күнөөлө. Эч-кур десе сварщик кесибин өздөштүрүп ал десем: «Көзүм агып түшүп калат. Талаага иштеп кетсем апам өлүп

калса ким көмөт?» – деген шылтоо менен үй күчүгүндөй эшик коруп олтурасың.

Мамбет: Антип шылдыңдаба! Мен деген нукура сүрөтчүмүн. Буюрса бир күнү менин сүрөттөрүмдү Берлин, Рим шаарларынын көргөзмөлөрүнө коюп, кымбат баага сатып, кучак толо акча таап, биз дагы байып калаарбыз.

Элмира: Ошентип курук кыялдарга, жүгөнсүз үмүттөргө жетеленип, сыя челегиң менен калемиңди көтөрүп самсаалап суу бойлоп, тоо-ташка суктанып, кагаз бетине түшүнүксүз сүрөт тартып жүрө бер, Пушкиндин сынык тепшисин кучактаган кемпириндей болуп....

Эй көк мээ! Сүрөт сага нан же май болуп бермек беле?

Мамбет: Дагы дүйнө оокат чырын баштадыңбы? Элмира, жүрчү өзүбүздүн Кыргызстанга кетели. Баарын кайрадан ак барактан баштайлы. Үйдүн боорундагы урап калган эски тамды оңдоп салайлы. Мен кыш кынасам, сен челек менен ылай алып берип тур. Үйдү куруп бүткөн соң, менин сүрөттөрүмдү Бишкек, Ош шаарларындагы дүкөндөргө өткөзүп оокат кылайлы!

Элмира: Мамбет! Мен эми эч жакка кетпейм! Сени менен өмүр бою жокчулукта, караңгылыкта жашоого макул эмесмин. Бир жолу жаралган соң, адамча жашап, адамча өткүм келет.

Мамбет: Элмира! Келжирек сөздү токтот!

Элмира: Эмне? Мени жайыма кой! Суранам. Издеп убара болбо. Ажырым жолго түшчү кез келди окшойт.

Мамбет: Тагдырың эмне болот? Сунган колду суутпа.

Элмира: Суумак турсун, муз болуп катып калды кайран жүрөгүм.

Тагдырым талкан болуп талкаланганын аңдабай калдың чырагым?

Мамбет: Балдардын убалычы?

Элмира: Пешенелерине жазганын көрүшөөр, аман болушса. Апа керек болсо, издеп таап алышаар. А, менин убалымды ойлогон жан барбы? – деп ары басып кетип калды.

Артынан ээрчиген Мамбет, жалдырап: Элмира, токточу Элмира? – деп терс бурулуп кетип жаткан Элмиранын артынан түшүп жөнөдү.

Элмира артына эч кылчайбастан, топ болгон жөө адамдардын арасына аралашып суга сиңгендей көзгө көрүнбөй жок болду.

Мамбет аялдамада куру ызасына ыйлай албай, эрме чөлдөгү жалгыз дарактай термеле ой басып: «Айылга эми жалгыз кетемби, же Элмираны ынатып алып кетемби? Ал эми Маскөөдө калып кетсем, апам менен балдарыма ким каралашат?» – деп, кулжуйуп туруп калды

## РУСАЛКА – БАРСКООН

Барскоон. Жети-Өгүз. Таң. Көл жээги. Асмандын көлөкөсү көлгө түшүп, сыягүл түсү көл берметине чайпалат.

Альбатростор көлгө бутун тийгизип балыктарга тийишип, канаттарын каккылап кайра абага көтөрүлүп ойноп жаткансыйт.

Көздү жумсам, ак жаандай жааган түңкү сөздөр: «Бугу эненин тукумубуз», «Миң күнгө бергис бир күн бар, ошол күн ушул кудалар менен сыйлашкан күн тура», «Эки жаш ынтымак болсун», «Эки кудаа ыссык болушсун», «Бала ыйлабаса эмчек кайда», «Коендун териси бир күндүк чарыкка чыдаптыр», «Алланын амири экен», «Түбөлүктүү кудалардан болойлу», «Көшөгөлөрү көгөрсүн», «Сиздер келип жатасыздар, Кудайдын кулагы сүйүнсүн», «Алай кайда, Көл кайда!», «Эч убакта карыбаңыздар», «Көлүбүздүн баркуту жайкалып туруусунда алып ийиңиздер», – сыяктуу жагымдуу каалоо тилектер кулакка жаңырып турду.

Көзүмдү ачсам, касиетиңден айланайын Көлүм мемирейт. Чалкыган Көл кулагыма: «Көл кааласына, кош келипсиз, Кыргыз бир боорум!» – деп шыбырагансыйт.

Атарабда эч бир жан жок. Кулпурган мээлүүн шамалы менен Көл кучагына алып өзүнө чакыргансыйт. Чакырыкты кабылдап, кийимимди чечип, сууга түшүп белиме чейин бойлоп, чабак атып жөнөдүм. Канча убакыт өткөнү белгисиз, айтор көлдү ортологонсуп

сүзүп бараткам, аңгыча көзүмө бер элес “жалт-жулт” этип жалтылдап тартылып кетти. Ал элести кубалап суу ичине башымды тыгып сүзүп жөнөдүм. Көл ичине баш баккан кезде көзүмдү ачсам, өңү көздүн жоосун алган, келбети суйкайган супсулуу, дене мүчөсү балык сымал былкылдаган көркөмдүү, көздөрү панардай жаркыраган бир Зат өзүнө имерет, өзүнө тартып кол жаңсайт. Ага умтулуп эч бир колум же оюм жетпейт. Жылмайып коюп элеси жок болуп кетет. Акыры ага жетпей чарчаган соң, көл жээгине дем алып алайын деп чыктым. Кумга чалкамдан жатып, көзүм жумулуп кетиптир.

Көп өтпөй көл жээгине ат минип: «Кызыр алейки салам деген мен болом», – деп кырктын кырындагы сулууча жигит ат жалына куржун асып келип калды. Жаткан жеримден тура калып алаканымды жайып саламдаштым. Кызыр алейки салам: «Арыбаңыз баатыр, эринбей таң эрте көл жээгине жалгыз келгениңиз–бул таалайыңыз. Ошондуктан, сизге өзгөчө белек бар, бирок бир шартым бар», – дейт. Мен ичимден: «Тобоо, жөн эле ысык төшөктө жатсам, ушундай көзгө көрүнгөн белестерге батпайт белем» – деп аарканнам. Анымды сезип калгансып: «Куу чиренбеңиз, арсар ойго жетеленбеңиз. Сунушумду түз кабыл алып, жообун бериңиз», – деп көшөрүп болбойт. Менин корошум кармап калдыбы же өң–түшүмө ишене албай өң–алеттен кеттимби, айтор Кызыр алейки саламга тике карап жооп айтууга белсендим: «Айтыңыз шартыңызды угайын», – деп башымдан, чачымдан тамчылаган көл суусун сыдырып жооп айттым. Ал аттан түшүп, куржунун чечип көк шиберге көчүк басты кылдык. Чаначындагы кымыздан эки чыныдан ууртадык, казы–картадан бир тилимден оозго салып, Кызыр алейки саламдын шартына кулак түрдүм: «Баатырым

бул куржундун эки баштыгында баасы бирдей белек бар. Бири–ажылыкка билет, бири – Русалка» – деген, сөздү уккан кулагым тунуй түштү. Анткени жана эле Русалканы издеп суу ичине чумкуп аны таба албаганыма ызаланып, көл жээгине көмкөрөмдөн түшүп кум кучактап жатып калбадымбы беле. Ал акыл чөйчөкчөсүнүн жетпеген аскасы деп ойлоп жаткам. Ал эми «Ажылык» билети эми бул «Курандагы» беш парзымдын бири – эң кыйынын сунуштап турганы өтө кыйын, өтө татаал тандоону сунуш кылган Кызыр алейки саламга таарынам.

Минтип адамды арсар кылбай, уяткарып жан кумарына жетеленген пендесинин алсыздыгын билип туруп, ушул татаал тандоону сунуш кылганын, кычаастыкка теңедим.

Албетте «Ажылыкты» бала чактан самап келгенмин. Бирок, азыр эмес дейм, бир аз жаш өйдөлөгөн кезде деп жүрчүмүн.

Азыркы самоом жашырганда не, албетте «Русалка» болчу. Бир жагынан Русалканы тандап алып күнөөгө батамбы, деп ичимде уйгу–туйгу күрөш дарыя суусундай шарактайт. Анан жүрөккө баш ийип аны тыңшасам: «Өлүп кетсин бир жаралган соң, Русалканы танда дейт. Кудайдын алдында Русалканы тандагандыгым үчүн жооп берген күн келсе, чөк түшүп кечирим сурайын. Акылга эмес, сезимге багындым», – деп Русалканы тандагандымды элестеткенде мурдум шаңырайса, Жаратканды эстегенде жүрөгүм титиреп, акыры чыгарган чечимимди угуздум.

Кызыр алейки саламды тиктеп калдым. Русалканы менин кучагыма салып берсе «Аябай бир жыргап алабыз деп турсам, «Коё тур эми баатырым, ушул куржундун түпкүрүндө бир кол жеткис түбү жок бир ту-

гөнгүс байлык бар, ошонумду алып чыгат окшоймун» – дебеспи.

Уккан кулагым делдейип, эми эле жүрөгүмдүн бырышын жазган Русалкамды бир азга унуткарып, азыткы сунушка кулак төшөп калдым да: «Айтыңызчы», – деп уялбай эле сурадым. Балким, Русалкадан да ырахаттуу, кымбат нерсе күтүп тургансыган күч алдыга жетелегенге, кайталап: «Айтыңыз» – деп илбериңки болуп кеттим. Кызыр алейки салам сунушун айтып кирди: «Менин Русалкага теңдеш, керек болсо андан артык сунушум бул – Барскоон айылынан күн батыш көздөй жүргөндөгү Барскоон ашуусунан ары, Сары–Мойнок ашуусунан өйдө, Ара–Бел ашуусунун үстү, илгерки Үркүндө Кытайга качканда кырылган Сөөк ашуусун ашкандан кийин Бапаа уруусунун байлыгы, Бугу уруусунун булагы, Кыргыз элинин дөөлөтү болгон «Кум–Төр» алтын кенин тандаңыз. Ушуну көрүңүз, ал эми Русалканы байкаңыз» – дейт.

Ары ойлонуп, бери толгонуп: «Кыз уулга данакер адам. Аркабызда из калса ошол биздин бактыбыз экен, мен Русалканы тандадым» дегенде желкемден карылуу эркек кишинин колу жулкулдатып калды. Башымды көтөрүп карасам кумду кучактап жатам, маңдайымда куржунун асып чыныгы жашоодогу жанагы Кызыр алейки салам турат. Айткан сунушу мурункудай эле. Мен ал сунушка ойлоно калдым: «Ажылык билетин тандаймынбы? Кум–Төр алтын кенин тандаймынбы? Русалка жок нерсе да ал нерсеге да, удургуп болобу» деп кереметтүү жана касиеттүү Ысык–Көлгө бурулуп карасам, Көлдөн куйругун шапшып Русалка турат, гүбүрөнүп бир нерсени сүйлөнүп жатыптыр. Тыңшасам: «Кум–Төр алтынын уурдап, антип–минтип айласын таап туурулап сугунган суктарга эч нерсе түтпөйт. Ал апсыктарыңдын напсиси көргө тойбосо,

жер байлыгы аларга аздык кылат. Кыргызда эч нерсе албайт дейт. Алтындын арты эч качан тынч менен бүткөн эмес, ар дайым «чуу» менен бүткөн. Өлүп кетишсин, алып кетип тынышсын деп, – жүрөгүн өйүгөн өңүттө сөз кылган Русалка, – Көрүшкөнчө», – деп Көлгө чумкуп кирип кетти.

Русалка менен коштошуу мен үчүн жарым өлүмгө тете болду. Анткени Русалкага жана Кызыр мырзага көнүшө түшүпмүн. Айла жок тура, көзүмө жаш алып Русалкага куса болуп, Кызыр мырзанын сөздөрүн эстеп, атымды токуп, аны камчылап коюп, «тыкы-тык» деген ат такасы угулган кербезде кичи Мекениме жөнөдүм.

## АТА – БАЛАНЫН СЫРДАШУУСУ

Бүгүн демейдегидей таң эрте туруп, жуунуп-таранып, шашып–бушуп чай ичип, жумушка жөнөйүн деп каалганы ачып сыртка чыгып жатсам: «Ата», – деп балам чакырып калды. Кадимки көрүнүштөй кабыл алдым, момпосуйга же ширибонго тыйын бербейспи деген өтүнүч деп карасам, балам мени олуттуу карап: «Ата бүгүн «Кош бала бакча!» кечеси болот. Келип бериңиз, суранам!» – деп чоң кишилердей каадалуу суранды.

Мен шашып тургам чагымда: «Апаң барат», – деп, жумушка шашып кетип калдым.

Чынында, бала бакчаны аяктап жатат, бир дагы ата-эне чогулушуна, Жаңы-Жыл жана башка бала бакчадагы маарекелерге басып барбапмын. Ишке келип компьютерди ачып, кириш чыгыш маалыматтар менен таанышып, баламдын: «Ата суранам», – деген салабаттуу кайрылуусун эстеп, жумуштан жооп сурап бала бакчага жөнөдүм.

Машинени унаа токтотуучу жайга коюп, бала бакчага кирдим. Бажамдын баласы да ушул бакчага келет. Ал мени көрүп, таанып, жакынсыратып: «Жезде!» – деп кучактай калды. Эки козуну эки канатыма кысып эркелеттим. Ошондогу балдар менен менин кубанычым бирдей болду.

Колтугумдан тыбырчылап, уядан башын чыгарган балапандай талпынган уулум: «Ата, келгениңизге рахмат», – деп коёт. Карасам бабочкасы кыйшайып,

көйнөгүнүн бир жакасы ичине кирип кетиптир. Дароо аны иретке келтирсем, бажамдын уулу: «Жезде кемеримди бышытып бериңиз», – деп калды. Кыскасы, эки жигитти оңдоп-түздөп коюп, мурдум шеңирейип калды. Ошол кезде уулум: «Ата» – деп шыбырап калды. Ойлоп калдым: «Чупа-чупс же балмуздак алып бериңиз», – дейби десем.

– Мына кызды көрдүңүзбү? – деп аябай татынакай кызды көргөздү, – Ушул кызды мен жакшы көрөм, – десе, тиги кичинекей кыз да ууртунан уялыңкы жылмайып койду.

Балам ушул күнү экинчи жолу таң калтырды.

Ошентип, кече башталды, апалар токсон пайыз барыптыр, эркектерден өзүмдү кошкондо төртөөнү эсептедим. Кеченин соңуна чыкпай ишке жөнөдүм, чакыртып калышты.

Өзүмчө ойлоно түштүм: «Балам чоңоюп калыптыр, ал менден олуттуу суранды. Анын суранычын аткарып мен дагы олуттуу мамиле кылдым окшойт».

## АКЫРКЫ КОҢГУРОО

1993-жыл 25-май. Мотураңдаган боз улан балдар элек. Акыркы коңгуроо болот деген эркек балдар ак көйнөк, кара шым кийип, кыздар кара фартугунун ордуна ак фартук тагынышып, баштарында ак бантик, ак бут кийим, колдорубузда мугалимдерибизге арналган кооз гүлдөр эле.

Акыркы коңгуроо болду. Жалындуу линейка болуп эжекелерибиз келечекке даңгыр жол каалап, толкундануу менен ары кыргылдаган үндөрү менен коштошуу сөзүн сүйлөп жатышты. Линейка бүткөндө эжей–агайларга гүл бергенче эне баладай кучакташа, күлкү–ый аралаш коштошуу көз ирмемдери эстен кетпейт.

Актылык залда алгач көркөм окуулар окулуп, ыр-чоор болуп, анан бий башталды. «Ласковый май» вокалдык инструменталдык ансамблинин өтө популярдуу ырлары жаңырып турду, чет эл музыкасынан «Модерн Толкинг» жана башка музыкаларга бийлеген жаштар ошончо. Эшикте жамгыр нөшөрлөп төгүп жаап кирди, жамгыр менен кошо балалык кетти.

Кеч отуруш башталды. Свет аке мас болуп өчүп калып, отурушубуздун ойрону чыккандай мостоё түштүк. Классташ кыздарыбыздын чөккөн маанайларын көтөрүү максатында эркек балдар кезек–кезеги менен Виктор Цойдун ырларынан боздоп созолонтуп жаттык. Ошондо уядан учуп жаткан балапандар сай-

рап жатышкан экен. Көп узабай бүтүрүү экзамендери аяктап, он жыл күткөн аттестаттар колго тийди.

Ордо оюнундагы ашыктар бажырап тарагандай, классташтар, «окуйм, чокуйм», деп заматта ыдырап ар жакка тарап кеттик. Көздөн ылдый төккөн көз жаш курган балалык менен коштошуу, улуу жана ары татаал кээде ачуу жашоого бет алган көз жаштар экен. «Кош мектеп» деп кете бердик.

Бүгүн да ал күндөр эсибизде, арадан жыйырма жылдан ашуу мезгил өттү, баары кечээ эле болгондой...эх мектеп! Азыр убакыт болгон маалда мектепке кирсең бирин-экин бизди окуткан агайлар гана калыптыр.

Көп мугалимдер, эжей–агайлар башка, бирок баягы эле биз сүйөнгөн дубалдар, баягы эле биз сабак башталгыча жөлөнгөн терезе–айнектер. Класс кааналары баягы эле билимге, жаштыкка, аруулукка, кубанычка, тазалыкка, балалык сүйүүгө толгон атмосфера.

## СУЛУУНУН АРМАНЫ

Кадимки дем алуу күн. Жашы кырктын кырына чыгып калган бири кара тору экинчисинин ыраңы саргылтым келген эки келин «Токтогул» эс алуу багындагы отургучта бир нерсеге түйшөлгөндөй ойлуу отурушат. Буларга жашы улуураак эркек кошулду. Көп узабай, тиги келиндердин кара торусу, ары сулуурагы, көз жашын бет аарчысы менен аарчып ыйлагандай болгонсуду. Отургучта маек курган эркек менен саргылтым аял – жубайлар экен. Тиги эки келин экөө курдаш, кесиптеш болгонун, жана сулуу келиндин ый баскан арманын кызыгып сурагылаган эркекке тиги кара тору келин баяндап кирди:

– Мен анда болгону жыйырма эки жаш кезим, кулпуруп кызыл кызгалдактаймын, көпөлөктөй жеңил паркыраймын, чачтарым соккон шамалга бурулуп, каш кирпигим капкара, оозум оймоктой, кылыктанып сулуулугума чоёңдоп, жаштыгыма моокумум канып, кумарланган кезим. Баш–мээмде шамал жүрсө, көөдөнүм көңдөй, тилим мурч, көзүм курч мезгил.

Ата даңкы менен кыз өтөт, мата даңкы менен бөз өтөт болуп, окууга оңой-олтоң эле өтүп, аш-буш эткиче бүтүп, жумушка конкурс-монкурсу жок, оңой эле орноштум.

Карьерам бат эле жогорулап, алдын «адис» болсом, тез эле «жетектөөчү адис», көп узабай «бөлүм башчы» болдум.

Бөлүмдөгү бардык кыз–жигиттер ала–була көзү менен карашат, алар баягы эле «адис» кызматын аркалап иштеп жүрүшөт. Билимибиз, кылган ишибиз бирдей, алардан ашыкча иш кылдым, пайда алып келдим, ишкананы өркүндөтүп ийдим десем, асманда Кудай, жерде курдаштар күбө. Ошол күндөрдө ишканада чоң иш–чара өтүп, күпүлдөтүп кызытып элди узаттык. Эмне болду билбейм? Баягы ала–гүү менен, шайтандын суусунан ууртап, жетекчим менен жакын мамиледе болдум. Жаздымбы, бактымбы, ай ким билет, көзүм ала–булут, баарынан бийиктеймин, жакын курбум Зулайка айылдык кыз, жетекчимдин орун басары менен каяша айтышып, отуруштун аягына чыкпай кетип калды.

Ай жинди кыз, куп кыйналды. Жумуштагы «адис» деген ээлеген кызматы жакасына жармашты, пешенеси эч көгөрбөдү. Орун басар өчөшүп калган экен же намысына тийдиби, ошол ордунан жылбады.

Көп өтпөй бөлүм башчылыктан, башкармалыктын башчысына көтөрүлдүм. Жетекчим менен «көңүлдөш» болуп кеткенимди өзүм деле аңдабай калдым. Ошол ала–гүү, кызарып жанып турган кезимде Зулайка досум таңкы шүүдүрүмдөй батириме келип, мени кепке тартты:

– Карина, менин бир тууганымдайсың, сени өзгөлөрдөн ашыкча жакшы көрөм, курбу курдашпыз, кесиптешпиз, сенин ийгиликтериңе кубанып жүрөм. Көрө албагандар сени гыйбат кылышса урушуп кетем. Ошентсе да алардын сөзүндө ачуу чындык барбы деп ойлоп, сени менен сыр чечишсемби дем түнү бою түйшөлдүм.

– Карегиңден кагылайын, данегим. Сени эмне тынчтандырат, эмне түйшөлтүрөт?

– Жан курбум, шаңкылдаган булбулум, келечекке болгон ойлоруң кандай? Мени Адилет турмушка түбөлүк бирге жашоого, макулдугумду сурады. Мен макул болдум. Сен карьерага кызыгып калдың. Адилеттин билектей досторун, бүркүттөрүнүн үй–бүлө куруу сунушун четке кактың. Ошол түйшөлтөт, ошол капалыкка жүрөгүм буулат, ошол түшүнүксүз четке кагууңа кейип дүйнөм тарыйт.

– Ха –ха–ха, Зукеш, койчу, аларың «Мырк», турбайбы. Мага деген компаниянын жетекчиси өзү тизе бүгүп, чоң башын кичик кылып, «А» деген сөз оозумдан чыга электе бардык каалоом орундалып турбайбы. Өткөн жылы Америкага барып келдик, быйыл болсо Шанхай, Пекин, улуу Кытай чебин, айтылуу Гонконгду багындырдык, келерки жылы Токио, Жапан, бизди күтүп туру, ал «мыркымбайларың» чай бергенге да дурус жарабайт.

– Алар да жетилет. Кудай ырыскысын берип койсо сени алаканына салып, көтөрүп сыйлап алат. Алардын жүрөктөрү таза, бир жагынан жашы да биз менен удаа, ал эми сенин жетекчиң атаң менен тең, экинчиден, анын үй–бүлөсү да бар го, кантесиң чырагым?

– Ишенген курбум, сен ушинтип менин ийгиликтериме кызгансаң, баракелде, болсун! Акыл–кенешиңди өзүңдө калтыр. Мага кеңеш айта турган Зукеш сен эмессиң. Сен кимсиң? Сен жөнөкөй «адиссиң», мен «башкармалыктын» башчысымын. Ыракмат курбум, мени аяба, өзүңдү аягын жаным.

Зымырап 1997–жылдар келип калды. Коомдо жокчулук менен турмуштун кыйынчылыгы өкүм сүргөн жылдар уланып жатты. Эң кызыгы материалдык жокчулук, андан кызыгы моралдык жокчулук адамдардын көпчүлүгүн жүдөтүп, принциптерден тайдырып, атаң пул заман, энең пул заман коомчулукту каптап кирди.

Шаарларда, дүкөндөрдө бөлкө нанга кезек күткөн эл болсо. Айылдарда, буудай түгөнүп, «жүгөрү» нанга өтүштү. Жүгөрү нан буудай нандай даамдуу болбойт тура. Жаш балдар андан жадап, буудай нан деп ыйлашат. Кампада буудай эмес, балээ да жок заман.

Завод фабрикалар жабылып, алып–сатарлардын күнү тууп «Самопал», «Самогон» сатылып, аны ичкен элдердин мээси айныган заман.

Курсагын тойгозом деп денесин саткан студент кыздар, трассадан энеден туума турушат, айылдаш, көчөлөш ага–ини, эже–сиңдини көзгө албаган бузукулук өөн учурабай калган заман.

Үй–бүлөсүн багам деп, завод фабрикада адистиги бар мыкты мастерлер, өзүн күчүн сатып, «Кул базарда» эртеден кечке иш күткөн заман.

Биз сыйлаган агай–эжейлер, ак халатчан дарыгерлер сыйдан калып, ала сумка көтөрүп базардын чаңын чыгарып, таразадан урган кечээги спекулянт атыккан, бүгүн бакыйган «Коммерсант» деген кесипке ээ болгондор төрдү ээлеген заман өкүм сүрдү.

Жумушта кесипкөйлүгүнө карабай: «Пулуң, крышаң болсо танкасың, аның жок болсо маңкасың» жаңы ылакап ишке ашкандардын заманы гүлдөп өстү.

Акын–жазуучулар араба түртүп тиргилик кылса, билегинде күчү бар жаш азаматтар, чет элде немис менен каристин итин, чал–кемпирин багып оокат кылган заманга туш болдук.

Карина ошол күндөрдө барчылыкты башынан өткөзүп, суудай таза чындыкты бетке айткан курбусу Зулайканы көздөй келатты. Өткөндөгү курбулардын кер–мур айтышуусунан кийин өзүн күнөөлүү деп эсептебеди. Бул жолу: «Зулайкадан тааныш дарыгер барбы, боюмдагы баланы алып салдырайын» деген ой менен бараткан.

– Кел, Каринам, садагасы чүрөк тынччылыкпы?

– Зукеш, алтыным, мени куткар, ит болдум, боюмда болуп калды, жамаатка шерменде болом, тааныш–тунуш дарыгер болсо, аборт кылдырып салайын.

– Кагылып кетейин берекеси, андай кылба, өкүнүп каласың. Сенин болгондо да бул биринчи төрөтүң, бул тукумсуздукка алып барат.

– Зукеш, биринчиден уят болгум келбейт, экинчиден карьерам эмне болот? Эгер төрөп отуруп калсам менин ордума Омор Уланович башкасын таап, жумушунан, турмушунан чийип салат.

– Омор Уланович жерге кирсин, жаш кыздын багына балта чаап күнүмдүк кумардыкка ырахат тээп жүрөт. Сен деген келечегиңди ойло досум. Бул каатчылык күндөр да өтөт. Адам кадыры, инсан тагдыры кымбат күндөр келет дегенден үмүттү үзбөйлү.

– Ха–ха–ха досум! Каатчылык сенин башыңда, менде барчылык, токчулук, күндө майрам, күндө сайран. Дарыгер таап берет десе ойду–тоону сүйлөп келжирейсиң, – деп Карина терс сүйлөп басып кетти.

Ал боюндагы баланы аборт кылдырып, эч нерсе болбогондой, эч ким көрбөгөндөй, жумушка чыгып, күнүмдүк курсак ток, ой жок, бардык «көңүл буруу» мен тарапта деп, ушунусуна сүйүнүп өмүрү куунак жашоосу уланып жатты.

Ал эми Зулайка менен Адилет 1999–жылдын күз мезгилинде чакан той өткөрүп үйлөнүп алышты.

Арадан жыйырма жыл өттү. Дем алуу күн. Эс алуу үчүн балдарын ээрчиткен Зулайка гүл бакка түшкөн. Алдыда эки кызы толуп–ашып тим эле көздүн жоосун алып, экөөнүн жаш айырмасы эки жаш болгонго эгиздей окшош. Чачтарын өстүрүп жазып коюшкан. Балмуздак жемиш болуп назданышат. Ширин суусундуктарды талашып ойногон эки шок уулу оозу–мурду

балмуздакка шыбалып шакмар. Зулайканын чачтары бир аз ак бубак баскан. Ошентип чурулдап отурушкан, аңгыча алыстан тааныш караан, тааныш аял көрүндү. Аны дароо тааныды. Ал Карина болчу.

Карина ошол эле боюнча эч өзгөрбөгөн, фигурасы дагы деле жаш кыздардай арык, өң–келбети деле мурдагыдай супсулуу, бир гана көзү муңайыңкы. Көзүндө боштондук, аргасыздык, капалык толуп алган. Себеби жеке турмушу болбоду. Жанды кашайткан жалгыздык. Омор Улановичти ээлеген кызматынан бошотуп салып, үйдө бош отуруп калганда, мурдагыдай Каринага көңүл буруу жок, көңүл бурайын деген ою болсо да, баягы пачкелеген акча жок. Ал Каринаны адамгерчилиги, калыстыгы, марттыгы, чечендиги, эшендиги менен эмес, мансабы акчасы менен имерген. Пул жок болсо, бар жашоого, сайран жашоого көнгөн Карина, аны чанып, шаар прокурору–Маратка турмушка чыкты. Мындай жаңылыкты уккан Омор Уланович Карина экөө кафеде олтуруп калганда ага жадырап карап, элден уккан жакшы көргөн тостту Омор Улановичке арнап айта берчү Каринанын каалоо–тилегин эстеди: «Бакыт деген эмне? Бакыт деген–байлык эмес, байлык колдо ээриген муз болот, колуңду жумсаң суу болот. Бакыт деген– бийлик эмес, бийлик–колдон учкан куш болот, колуңду ачсаң учуп кетип жок болот. Бакыт деген – уул–кыз эмес, уулуң үйлөнгөндө келиниң жетелеп кетет, кызың турмушка чыкса эрин ээрчип кетет. Бакыт деген–Сиз менен Биз!» – деп бокалдагы шампанды кагыштыра ууртап, моюнуна асылчу. Ушунусун эстеп, заматта Омор Уланович «инсульт» болуп баспай калды.

Марат менен Карина төрт жыл бирге өмүр сүрүштү. «Бала»–деп быягы Алматы, тыягы Москва, Стамбулга барышты, акчаны самандай чачышты, эч жыйынтык

чыкпады. Каринанын боюна болбоду, Зулайкага окшоп «бала» жытын жыттабады, «Эне» деген улуу зат боло албады, «Апалаган» баланын бал тилин укпады.

Марат Каринаны таштап башкасына үйлөнүп балалуу болду деген кабар шаар аралаганда Кудай сактап, Карина өзүн–өзү өлтүрүп алышка аз калып ооруканада бир ай, курортто эки ай жатып, депрессиядан араң чыгып зорго адам болду.

Зулайканы тиктеп, анын балдарын көрүп, жүрөгү эзилди. Мурда тоготпогон курбусунун жашоосуна, чырактай балдарын көрүп ичи өрттөнүп, көзүн чок басып кызганды, заманасы куурулду. Көзүнө жаш алып, зоодо калган жалгыз эчкидей эчкирди.

Зулайканын уул–кызы эч нерсени түшүнбөстөн, жеген балмуздактарын таштай салып, эндиреген абалда апасы менен бейтааныш аялдын ыйына кабатырлана мостоюп калышты.

Зулайка ыйлаган Каринанын башынан сылап өзү да кошо ыйлап кирди. Экөөнүн ыйынын себеби – Сулуунун арманы эле.

## АДАМ ИНСАНИЯТ

Жума күнү. Демейдегидей эле даарратымды жаңылап мечитке жөнөдүм. Мечиттин босогосунда улгайып калган эне жардам сурап турат, ар дайым ошол энеге колумдан келишинче акча берип өтөм. Эненин жанында «лөлү» калкынан чыккан келиндер балдарын колуна алып садака сурап олтурушат. Бери жакта бир–эки майып балдар отурушат. Ушул адамдардын катары эч өзгөрбөйт, дайыма мечиттин атарабында турушат. Башка бегана адамдарды жолотпочудай сезилет. Ушулардын турушу көнүмүш адатка айланган, эч кимге өөн учурабайт.

Бул жолу кызык болдум, баягы эне көрүнбөйт, ары–бери карасам жок. Оюм жаман жакка чар жайыт болуп чачылып жыйнай албай бушайман боло түштүм. Четирээкке четтеп, эне эмне болду, көз жумдубу? Жок ооруп–сыркап калса керек, ысык жан эмеспи деп өзүмдү–өзүм сооротумуш болуп турганда, бир адамдын муңайым үнү угулду. Үн жаш баланыкына таандык үн болчу. Көңүл буруп тыңшасам: «Күнүм түгөнүп баратат, күндөрүм түгөнүп баратат. Мен үлгүрбөймүн, үлгүрө албаймын», – деп тынбай кайталаган сөздү кулагым чалып токтодум.

Мечиттин кире берүүчү чоң дарбазасынан алысыраак жерге гезитти кабаттап салып, үстүндө олтурган сегиз же тогуз жаштагы наристенин бул сөздөрү жүрөгүмдү тилип өттү. Өтүп барып токтой калып, чөнтөгүмдөн баягы энеге деген жүз сомду алып акырын колуна карматтым.

«Күнүм түгөнүп баратат, күндөрүм түгөнүп баратат», – деп токтобой ыйлаган наристеден эч нерсе сурай албай, айта да албай көзүмдө жаш тегеренип, заманам куурулуп, мечитке шашып кирип бараттым. Тааныш–тунуштарды карап ушул жигиттин тагдырына «Сиз, мен, коом күнөөлүү», – деп оюмда ойлонуп бараттым, бирок батынып айта албадым.

Ак түстүү жолтандабаста аппак кийинген биз сыйлаган, көптөрү урматтаган ушул мечиттин имамы ошол жигитти көрүп–көрмөксөн болуп кирип кетти. Балким ал адамдардын деңгээли бийиктир, мындай жаш балдардын тагдыры эмне деп, ал кишиге да күнөө койгон кыялым кычык издейт.

Өзүмө–өзүм батпай бакырып ыйлагым келип мечиттеги адамдардан уялганымдан ыйлай албай өзүмдү тыйдым. Кулагымды наристенин аяр сөзү каккылайт: «Күнүм түгөнүп баратат, күндөрүм түгөнүп баратат, үлгүрбөйм мен, үлгүрө албаймын»– деген сөздөр.

Сыртка чыкканга чейин: «Чын эле баарыбыздын күнүбүз бир күн түгөнөт да, а бул ымыркай эмнеге үлгүрбөйм деп бушайман болду? Орто жашка кирген мен, ушул нарисе өзүнө койгон суроону өзүмө койбопмун, ал эми сегиз–тогуз жаштагы бала өзүнө ушундай суроо салган болсо. Толгон–токой суроолорду өзүмө ак жаандай жаадырам. Демек ушул наристедей да эсим жокпу?

Өткүн жамгырдай нөшөрлөгөн, мөндүрдөй тыбыраган, жан–дилимде күн күркүрөп чагылган жарк эткен суроолор каптап кирди:

Мен коом үчүн кандай пайда алып келдим?

Менин коомдо ордум каерде, же менин коомдо ордум барбы?

Коомубуз тазабы же балитпи?

Коомдук пикир коомго таасир этип жатабы?

Ошол коом деген нерсе өзү бизде калыптандыбы?

Коомду уруп ойнобогондор, коомдун оң терс таасири менен эсептешеби?

Сиз, мен, ал өзүнө жогорку суроолорду коюп, жообун бере алабызбы?

Мен эмнеге үлгүрүп, эмнеге үлгүргөн жокмун?

Жарыктыкта кимге жакшылык кылып, кимге зыян келтирдим?

Кимге жылуу сөзүмдү аяп, кимди мурч сөзүм менен жандүйнөсүн жабыркаттым?

Кимге адамгерчилик кылып, кимге текеберчилик кылдым?»

Ушундай селдей толкуган суроолор каптап кирген ой булактары кубаласа, бир жагынан мечиттин босогосунда садака сурап отурган баланын сөзү, ыйы мээмден чыкпай мазамды алып, шаң дүйнөмдү шалдыратып, көктөгү оюмду көкө таандай чокулап, көл жүрөгүмдү эзди.

Канчалары ошондой чырактай уулду эңсеп, ушундай уулду төрөп бакмак турсун, бала кылып асырап багып алганга муктаж.

Бул кырчындай Кыргызстандын жараны ботодой боздоп отурушу жүрөгүмдүн үшүн алып, жаштардын келечегине болгон үмүтүм соолуган гүлдөй бозоро түштү. Биз ушунчага келип калдыкпы? Кырчындай жаш жигит мектепте окуп, ойной турган куракта, садака сурап отурушу бул кандай көрүнүш?

Садака сурап отурушуна коом деп кыйкыргандар, улуу сөздөрдү сүйлөгөндөр, жашоону үйрөткөндөр, масала айткандар, көптү үмүттөндүрткөндөр, көп нерсеге убада кылгандар, тың чыкма уул–кыздар, жөн эле жакшы адаммын дегендер, жөн болбосо «крутоймун» деп төш каккандар, алтын саптан сөз тизип асыл

сөз баккандар, ойду–тоону жоруган олуя-калпалар, акчаны самандай чачкандар, эч убактым жок эле деп туңгуюкка шашкандар, адамдын ичин кесип өмүрүн сактап аткандар, «робин гудмун»– дешип байдыкын тартып кембагалга беримиш болуп жан баккандар, ушул эле баланын, же ушундай балдардын ызасын азайтып, мүшкүлүн асан кылып койсок, кантет эле?

Балким бүгүн ушул наристенин түйшүгүн чечсек, башка маселелер өзүнүн ирети менен чечилээр беле? Жаш башына улуу адамдар өзүнө бере турган суроону өзүнө берип отурушу ойго салды. Жаш жигит өзүнө ушундай суроо салган болсо, бекеринен эмес, бир себеп бар да, деп ошол балага назарым түшүп, бир кулагым дамыллада болсо, жүрөгүм ой толгоом, ошол жигитте болду. Ал жигитке жолугууну ойлодум. Кандай жардам бере алам? – деп өзүмө суроо салдым.

Аңгыча жума намаз соңуна чыкты. Алыс жакындан, бир жума көрүшпөгөн ага–ини, дос–жар, бир туугандай болуп калган жакшы санаалаштар менен учурашып, сурашып, бир аз кармалып калып сыртка чыгып, бейтааныш жаш наристени көздөй жөнөдүм.

Мечиттен чыгып, баягы бейтааныш наристенин жанына жакындаганда:

– Менин күнүм түгөнүп баратат, күндөрүм түгөнүп баратат, мен үлгүрбөйм, мен эми үлгүрө албайм, – деген сөздөрүн дагы деле кайталап жатыптыр. Бул наристенин жүрөгүнүн кааласын ачуу үчүн, өтө этияттык менен, өтө сыпаалык менен мамиле кылуу керектигин ойлодум. Антпесең ал ачылып оюн айтпайт, чачылып сырын чачпайт болчу. Мени карап бирдеме дегиси келип, сөзгө даяр болуп калганын сезип:

– Ассалоому алейкум, жол болсун, баатыр, бул жерде көрчү эмесмин, кош кел, эмне болду? Менин атым

Артыкбай, атың ким баатыр? – деп суроону кабыргасынан койдум.

– Атым Адилет, шаарга чектеш айылдын тургуну болом.

– Ии жакшы. Адилет кечиресиң мен сенин сөздөрүңдү угуп жөн тура албадым. Мынчалык эмне болду? Кийген кийимиңе карап баа бере турган болсок, бардар үй–бүлөнүн баласындай көрүнөсүң. Сени эмне капалантып, эмне тынчыңды алып жатат?

– Артыкбай аке, туура баамдапсыз колунда бар үй бүлөнүн баласымын. Апам ишкер, шаарда менчик дүкөнүбүз бар. Атам төбөсү көрүнгөн чиновник. «Анда бул жерде эмне кылып жүрөсүң?» деп сурагыңыз келип турат, аны сезип турам, сиздей адамды күтүп жатканмын. Кеңеше, турган, сүйлөшө турган сөздөр бар. Мен өзүмдү күнөөлүү сезип, ошол күнөөмдү кечирилишин ушул мечиттен издеп, күндүзгү саат он экиден бери олтурамын. Бул мечитке биринчи келишим. Бу жерге келүүмө менин досумдун дуйнөдөн тыюусуздан кайтуусу себеп болду. Коңшум, теңтушум дүйнөдөн кайткандан бери жаным жай албай, эч нерсеге үлгүрө албагандай сезилип, эч нерсеге үлгүрбөгөндөй туюлат. Күндөрүм түгөнүп бараткандай сезилет. Жогорку кайгылуу жаш өлүмдөн кийин, менин жашоомдо жагдайлар өзгөрүлдү, жообу жок суроолор пайда болду. Апам таң эрте соодасына шашып кетип мага убактысы жок. Атам эрте менен биз уктап жатканда жумушуна кетип, түнкүсүн уктап калганда келет, анын да мага убактысы жок. Айлам кеткенде ушул жерге келип олтурамын. Мүмкүнчүлүк болсо чечмелеп бериңиз. Менин суроолорум:

Бул жашоо эмне үчүн адилетсиз?

Эмне үчүн адамдар бири–бирине кайдыгер?

Эмне үчүн коом кайдыгер?

Эмнеге биз Субанга кайдыгер болдук жана анын ушундай деңгээлге жеткенин баамдабадык, байкабадык?

Акыл–эс кирип калган кезде, жеке бала бакчага барчумун, ал жерде төрт маал ысык тамак берип, үч тарбиячы артыбыздан чуркап карашат. Субан жеке бакчага бармак турсун жөнөкөй бала бакчага барганга да мүмкүнчүлүгү жок болду. Мен бала бакчадан кайтканда, Субан курсак ачты деп нан сурайт эле. Үйдө болгон тамак–ашты берип жүрдүм. Кийин бир аз чоңойгондо, мени жеке мектепке беришти. Ал жерде саардан–кечке чейин жүрөбүз, күнүнө үч маал ысык тамак берет, түштөн кийин мугалим, үй тапшырмасын аткарганга жардам берет, ата-энем сабагымды сурамак турсун, карап да койбойт, «пул алып жатышабы, окутушат!» – деп ата–энемдин сүйлөшкөнүн, укканмын. Субан айылдагы орто мектепте окуйт эле. Эжей–агайлар жарды–жашаганын билип туруп китептерди сатышчу. Субандын атасы өлүп калган, апасы Россияга иштегени кетип андан ары эрге тийип, ошол бойдон кат–кабары жок. Чоң атасы, чоң энеси менен бирге турат. Алар пенсия менен күн көргөнгө, китеп алып бермек турсун, тамак–ашка, дары–дармекке да акчалары жетишпейт.

Апам мага чет элдик көйнөк–шымдарды алып берип кийгизет. Субан мектепке кийген шымдары жыртылып калган, ошонусун кийип класстагы кыздардан уялып жүргөн.

Бир күнү Субан: «Адилет, классташыбыз Айдананы жакшы көрүп калдым, шымым жыртык болгонунан уялып жатам, ал мени карабай, Болот менен сабак аткарып жатат» дегенинен, апама айтпай кийген шымымды, көйнөгүмдү бердим.

Былтыр кышында батиңкесинин эскилиги жетип жыртылыптыр. Кар–муздун суусу батиңкесине кирип, мектептен кайтканда бутун көрсөм чылгый суу болуп көгөрүп тоңуп калыптыр. Үйүндө он күн ысытмасы чыгып, ооруп жатты. Мугалимдер, айылдаштар, аксакалдар, энелер, эч ким кабар алган инсан жок, Ооруканага чал–кемпирдин акчасы дарылоого жетпейт.

Мага апам Турциядан ичи жүн, сырты булгаары, сабы кызыл ашыкты жапкан батиңкеден, эки жуп алып берип, кийгизди эле, апам менен атама билгизбей бир жубун, Субанга алып барып бергенмин.

Агай айтыңызчы, эмнеге мындай теңсиздик? Эмнеге мындай адилетсиздик? Болуптур менин ата энем колунда бар адамдар, бирок колунда жокторго коомчулуктанбы же коомдогу адамдар тарабынанбы, кайдыгер карабай Субанга окшогон адамдарга жардам көңүл буруу болбойбу? Же булар адам эмеспи? Же булар ушинтип атасы өлүп калып, апасы бирөөгө турмушка чыгып кетип кабар албаса, балалык доорун көрүшпөйбү? Эмне үчүн мен жакшы тамак, ширин суусундук, күндө жеп ичем, Субан болсо нан сурап, тамак–аш эмес, курук нанга зар? Чал–кемпир урап калайын деген эски үйдө жашайт. Үйүндө жылуу суу турсун, муздак суу да жок. Кышы–жайын каналдан бакан менен суу ташыйт. Музга тайгаланып кетип кийимдери, өзү баш болуп суу болгон күндөрү көп болду.

Биздин үйдө Жаңы–Жылды өзгөчө шаң-шөкөт менен тособуз, шаардагы эң кооз, эң бийик балатыга барабыз, бири-бирибизге белек-бечкек беребиз. Туулган күндөрдү белгилейбиз. Субанда андай майрамдар жок. Субан айтчу: «Чал-кемпир, Жаңы-Жылды мусулман эместердин майрамы» – деп майрамдабастан, эрте эле уйкуга кирип кетишет. Эскилиги жеткен ак-кара телевизордон Жаңы-Жыл жөнүндө оюн зооктор-

ду көрөм» – деп айтып калчу. Кембагал өзү март келет. Субандын чал–кемпири тойго барып, конфет печенье алып келсе, өзү жебей биз менен бөлүшүп жечү.

Биздин мектептин мугалимдери окуучуларды шаардагы сонун парктарга, эс алуу үчүн жаратылышы кооз жерлерге, спорт аянтчаларына, көлмөлөргө алып барат. Курсагыңар ачып калды деп тамак аш берет. Субандын чал–кемпиринин ага убактысы бар, бирок акчасы жок. Ишенсеңиз ал дагы биз сыяктуу ойноймун деп каналдагы сууга түшүп чыгып, курсагы ачтыгынан, организминдеги витамин азыктары жетишпегендиктен, кан басымы нөлгө түшүп эси ооп жыгылыптыр. Сууга түшкөн балдар, «Тез–Жардамды» чакырышса, ооруканага алып кетишет. Ооруканага алып барып, кан басымын көтөрө албай ошол боюнча бул дүйнө менен эч нерсеге үлгүрбөй, эч жакшы күн көрбөй, эч жакшы тамак–аш жебей, ата энеден, коомдон мээрим көрбөй, жакшы кийим–кечек кийбей, жакшы китептерди окубай, китептери жетишпей, өтүп кете берди.

Субан экөөбүз отурганда айтып калчу: «Чоңойгондо өзүмө бутума суу кирбеген, суук өтпөгөн, ичи жүн, сырты булгаары сеникинен сонун батиңке алып кием. Сеникиндей телефондун эң акыркы үлгүсүн сатып алам, анан Айдананы келинчек кылып үйлөнүп алам», – деп эңсечү.

«Атам өлүп калды. Апам бирөөгө турмушка чыгып кетип, унутуп койду. Сенин бир туугандарың бар. Атам–энем мени жалгыз жаратыптыр. Эгер акем болсо, анын эски батиңкесин киет элем. Бир туугандарым болгондо, алар менен чогуу ойнойт элем.

Сага келсем эшигиңди апаң ачпайт, Саматтыкына барсам, атасы: «Үйүңө бар Самат уктап жатат, – дейт, –анан ызаланып ыйлайм. Буюрса Айдана экөөбүз баш

кошкондон кийин көп балалуу болобуз. Мен атама окшоп өлүп калып балдарымды таштабаймын. Айданага апама окшоп башкага күйөөгө тийип Россияга кетпе деп айтам! – дечү, ошол максаттары аткарылбай кете берди», – деп токтобой ыйлап кирди.

– Артыкбай аке, Субандын өлгөнү убал эмеспи! Субандын күнү түгөндү, күндөрү түгөндү. Субан эч нерсеге үлгүрбөбү. Ал эч нерсеге үлгүрбөй калды. Максаттары орундалбай калды. Максаттарына жетпей калды. Булгаарыдан ичи жүн батиңке кийбей калды. Айданага жетпей калды. Бала чакалуу болбой калды. Меникиндей телефон албай калды. Өзү өлбөйм деп убада берип алып, убадасына турбай бизди сыздатып, ыйлатып, муңайтып, таштап кете берди,– деп жүрөгүмдү оорутуп боздойт.

– Артыкбай аке, айтыңызчы, сиздин дагы меникиндей Субандай досуңуз болгонбу? Сиздин балалыгыңыз кандай болгон? Мектептер кандай болгон? Адамдар кандай болгон? Коом кандай болгон?

– Биз жашаган коом Советтер Социалисттик Республикалар Союзу кыскартканда СССР деп аталчу. Мен 1973–жылы бала бакчага бардым. 1975-жылы мектеп босогосун аттадым. Ал кезде жеке деген түшүнүк жок эле. Эл катары жалпы бала бакчага бардым. Бала бакчага балаңды жайгаштыруу үчүн акча берет деген түшүңө кирбейт болчу. Чиновниктердин балдары менен койчу, уйчу, шопурдун балдары бирдей укукта, бирдей шартта кабыл алынчу. Эң башкысы бекер, акысыз боолор эле.

Жеке мектеп деген түшүнүк, акча төлөп окутуу деген түшүнүк эмес, балаңды мектепке жайгаштыруу үчүн пул берем деген түшүнүк болгон эмес. Мектеп, китептер мамлекет эсебинен каржыланып турган. Бай-кедей ажырымы болгон эмес. Мектептеги окуучу-

лардын формасы бирдей болгон. Кыздар даталуу күндөрү ак фартук кийишсе, жумуш күндөрү кара фартук тагынышчу. Эркек балдар мектепке ак көйнөк, кара шым кийишкен. Тартип ушундай болгон.

3–4–класстан баштап «пионер» болуу үчүн мектеп алдында «Линейкага» тизилип топтолуп, пионер башчы баш болуп ант берилип, салтанаттуу түрдө пионердин кызыл галстуктары тапшырылып, моюндарга байланчу. Галстук байлоо ыкмасын уят болбогудай кылып даярдык көрчү ар бир болочоктогу «Пионер».

Класстагы отуз окуучуга пионер башчы шайланаар эле. 4–класстан баштап 8–класстардын окуучуларын кошуп дружина кеңешинин төрагасынын көзөмөлүндө болчу. Дружина кеңешинин төрагасынын кадыр–баркы пионерлердин арасында азыркы район акиминен күчтүү болгон. Сенин досуң Субан жана анын улгайып калган чал–кемпирине, кыйналып кысталгандарга пионерлерден түзүлгөн Тимурчулар тобу «шефке» алышкан. Ал деген үйүнө барып жардам көргөзүп, отунун жарып, чөбүн жыйнап, көмүрүн киргизип, кышындасы улуу жааган карды күрөп, ооруп калса дарыканага барып дары–дармек алып келип жардам көргөзүп турушкан. Бардык жардамдар бекер болгон жана ошол көрсөтүлгөн жардамга Тимурчулар өздөрү руханий жактан ырахат алышкан. Субан бош убактысын курсагы ачка, көлмөдө сууга түшүп жалгыз өткөзгөн деп жатпайсынбы.

Ал кезде окуучулар үчүн жайкы каникулда эс алуучу пионердик лагерь уюштурулчу. Үч потокко бөлүнүп: июнь айы 1–поток, июль, август айлары экинчи, үчүнчү поток болгон. Лагерь үчүн жаратылышы кооз жайлоолор, сонун жерлер тандалчу. Ошол жерлердин тамак–ашы, жатаканасы мамлекет эсебинен каржыланып балдардын бош убактыларында коомго жар-

дам берүүгө, ынтымакка, үндөп багыт берүүчү жана балдар бош убактысын спорт оюндары менен шугулданып, сууга түшүшүп көңүлдүү өткөрүшчү.

7–8–класстан баштап комсомол уюмуна кандидат болуу башталчу. Комсомолго кандидат болуу азыркынын «депутатынан» өткөн кадырга тете эле. Комсомолго өткөндөн кийин, пионер галстугун чечип, комсомолдун төш белгисин тагынуу деген, депутатыктын төш белгисинен кымбат болчу. Азыр депутат – деген түшүнүк бул – «олигарх», же «криминал» деген түшүнүк элге сиңип калган. Анткени, ал сөздүн кандайдыр бир деңгээлде чындыгы бардай туюлат. Ал эми комсомол деген статус – бул чоң ишеним болчу. Сен баамдагандай, Субандын тагдырларындай талкаланган тагдырлар жокко эсе болчу. Коом, тартип күчтүү болгон. Адамдын тагдыры, өмүрү, кымбат бааланып, биз жашаган мамлекет дүйнөнү башкарып турган.

Субандыкындай үй–бүлөлөргө кайдыгер кароо деген жокко эсе болгон. Мындай үй–бүлөлөр мамлекет тарабынан колдоого алынып турган.

Албетте, азыр биз өзүбүзчө түтүн булатып, эгемен мамлекетбиз. Аныбыз чоң сыймык. Бирок, өткөн доордогу мамлекеттик башкаруудагы идеология, адамдардын турмушу, балдардын тагдыры, бала–бакча, мектептен баштап, пенсионер карыларыбызга чейин кайдыгер карабастан түшүнүктүү, социалдык системаны кураган ийгиликтүү мамлекеттен көчүрсөк, келечек оңолмок. Субанга окшогон балдарыбыз, көз жаздымда калмак эмес.

Коомдогу, билим берүүдөгү, медицинадагы, маданияттагы, архитектурадагы, жолдордогу, бажы, салык тармагындагы жана башка тармактардагы баш–аламандыктан сактамак.

– Артыкбай аке, мен эми эмне кылайын, Субандын максаттары орундалбай калды? Субандын күнү түгөнүп, күндөрү бүтүп калды, ал эч нерсеге үлгүрбөй калды. Мен досумдан, кошунамдан, теңтушумдан айрылдым. Жүрөгүмдө анын изи калды, аны алып таштай албаймын. Сиз айтып өткөн, Союз доору болсо болгондур?! Бирок, бүгүн жашоо башка, доор башка, заман башка! Кантебиз? Субанга окшогондорго биз ушинтип эле кайдыгер жашап өтүп кетебизби? Мамлекет, мейли өз жолунда дейли а бизчи–сиз, мен, коомдогу адамдар, жаныбыздагы инсандардын тагдырлары талкаланып жатса да, жокчулук азабын башынан кечирип жатса да, үй–бүлөлөрүндө жетишпестик зомбулук болуп кыйналып–кысталышып, акыры өлүп баратса да, көрүп–билип туруп, баягы «Өгүз өлбөсүн, араба сынбасын» кейпинде жашап жаткандайбыз. Коомдун жүзү болгондор: «Көргөн жокмун! Уккан жокмун! Айткан жокмун! Менин кийимим бүтүн, курсак ток, жашоом жетишеерлик башкаң эмне болсоң ошо бол, кейпинде жүрөктөрдүн ачкычын жаныбыздагы кыйналган жүрөктөргө ачпайбызбы», – деп Адилет, Артыкбайдан жооп издейт.

Артыкбай өткөн доорду мактап, ошол доордун социалдык теңчилигин эстеп эңседи. Ал эми азыркы атаң бөрү заман, энең бөрү заманды көрүп, өзүм билем, өтүгүмдү төргө илемдерди көрүп, «оозу кыйшык болсо да байдын уулу сүйлөсүн» заманында Субандай кырчын өмүрлөр саранчынын өмүрүнөн да арзан болгонуна жаны кейиди.

Жаш жигиттин суроосуна жооп таба албай, анын алдында сөзгө жыгылып, анысын мойнуна алып, асманды бир тиктеп, мечитти бир тиктеп Жаратканга жалбаргандай оор үшкүрүндү.

## ЖЕТИМ КЫЗ

Асман ала булут. Батыш жактагы Ала–Тоонун чокуларынын ак кары жайы менен эрибей, минтип күздүн мээлүүн шамалын да түк тоготпой, шаар корукчусундай эч кебелбегендей сүрдүү. Бир караганда көп кабат үйлөр Ала–Тоо боорунда жайгашкандай сезилет. Ошол көп кабаттуу үйлөрдүн биринде, төртүнчү кабатынын ваннасында көзүнөн тоголонуп ылдый аккан жашын арчыган жашы кырк бештерди чапчыган, чапчаң, бир караганга чырайлуу келин колундагы уюлдук телефонун текчеге коюп, коюн чөнтөгүндөгү бет аарчысын алып көз жашын сүрттү. Күзгүгө каранып бети–башын түздөп капалуу көзүнө үңүлө тиктеп жылмаяйын дегенге аракет кылды. Себеби ваннадан чыкканда уул–кызынын, күйөөсүнүн көзүнө татына жүзүн көрсөтүү керек. Өрттөнгөн ички абалын жашырууга аргасыз. Ал ушинтип жашап келе жатат. Минтпеске аргасы да жок эле. Турмуш өзү ийип, жууруп, жетим кызды кайраттуу кылып бышырып салганы, жашоонун оош–кыйыш кырдаалдарында ары карап ыйлап, бери карап күлүп турмушун улантып жатты. Бирок негедир мунусунда ичи эңшерилип турду, ызасын эстеп ыйлагысы келип: «Эгерде силер тирүү турсаңар, бул бир боорлорум минтмек эмес» – деп, көрдө жаткан ата–апасын күнөөлөгүсү келди. Күзгүнүн текчесине коюлган телефонун тиктегенде кулагы тунжурап телефондун ары жагынан сүйлөгөн эжесинин: «Туугандардын баарын тойго чакырдым. Жетим кыз

сен менин тоюма келбе. Жездең да, сени көргүсү жок, үйгө келбесин деди»,– деген сөзү кулагында кайра жаңырып турду.

Айганыш ванна эшигин астейдил жаап балконго чыкты. Ала–Тоодон бетти аймалап соккон муздак шамалдан ыйга көпкөн өпкөсүнө толтура дем алып, үй короосунан чыккан жаш баланын үнүнө назарын салды. Бир–эки жашар кызыл курткачан кыз бала жаш чымчыктай чыйпалактап там–туң басса, беш–алты кадам ыраак турган бет маңдайындагы апасы кучак жайып: «Тай–тай–тай» – деп, тай–тайлап чакырып турганын көрүп көзүнө жаш алып, тайэжеси Уултай айтып берген балалыгы менен бирге өткөн өмүр көз алдына тартылды.

Айганыш төрөлгөнүнө үч ай толбой апасы Зуурага кара сарык илдети жармашып акыры ал мээнет Зукештин жанын алып тынды. Топтолгон эл тажыя менен алек болуп, ыңаалаган жетим кыз каралбай, аны менен эч кимдин иши жок. Зукештин күйөөсү, аялы өлүп күйүтүнө чыдабастан: «Эки уул, эки кызым жетиштүү, бул төрөлгөн кызым кара жолтой болуп, аялымы жок калдым»– деп эч кимге кулак салбай үч айлык наристе болгон Айганышты балдар үйүнө алып жөнөйт.

Ыйлаган жетим кыз жарык дүйнөгө келгенине үч ай толбой, эне сүтүнө, эне мээримине тойбой апасынан айрылса, минтип өз атасы, бир туугандарынан ажыратып «кара жолтой» атыгып, балдар үйүнө тапшырылат. Ал тарбиячы эжекелердин кароосунда калганын байкагандай, бөтөн адамдын аурасын сезгендей чыңырып ыңаалап кала берет.

Тажия менен убара болгон тууган–туушкандар, Зукештин бир туугандары эч этибар албай, алар да күйүткө алдырып, Зукештин балдарынын тагдыры-

на кызыкпай өздөрү менен өздөрү болуп калышат. Зукештин үчүлүгү өтүп, биринчи бейшембилигине куран окутуп коёлу деген бир туугандары өзгөчө Ултай, Айганышты сураштырып, соңку кабарды уккан соң балдар үйүн көздөй чуркап жөнөйт.

Уултай балдар үйүнө жеткичекти өпкөсү өкүткө көөп, жаш ымыркай Айганышты колго алганда жүрөктөн чыккан өксүк андан бетер төгүлүп аккан көз жашына айланат. Айганышты тиктеп жүрөгү эзилип, жер алдында жаткан Зукешти эстеп жүлүнү сыздап, анын арбайына, өзүнүн ар–намысынын алдында: «Мындан кийин бул жетим кызды азуулууга алдырбайм, канаттуга чокутпайм, эч кимге кор кылдырбайм»– деп, өзүнө–өзү убада берет.

Ошол кезде Уултай да, Зукеш менен удаа төрөп көкүрөгүндө эмизген кызы бар эле. Айганыш апасынын өлгөнүн туйдубу же курсагы ачтыгынанбы, байкуштун ыйлаган ыйы кулакты жарат, качан гана эмчеги зыркыраган Уултай ымыркайга бош турган оң эмчегин салганда, караң калгыр ач неме чылпылдатып эмип кирип, энесин жоготуп алган неме бул упчуну да жоготуп албайын дедиби, бытыгый колдору, өскөн тырмактары менен сүткө толгон эмчекти мыкчый кучактап коё бергиси келбей, күшүлдөгөн үнү чыгып ээмп жатып доошу басылып калды. Жетим кыз түнү менен ыйлап чарчагангабы же бош ашказан чийки сүткө тойгонгобу дароо уйкуга кетти.

Улуу Ата Мекендик согушка чейин Зукеш менен Уултайдын апасы Турган жетини төрөйт, сууктан, жокчулуктан, балким эмдөө болбой калганданбы, айтор балдардын баары чарчап, турбай калат. Аман калганы эле Зукеш. Атасы согушка кеткен чакта ал эки–үч жаштарда болгондуктан атасынын элесин элес–булас билип–билбей чоңоет. Агезде айылга со-

гуштан кат келсе келип, келбесе келбей, көбүнесе үйлөргө кара кат келип, өкүрүк чыккан тажыяларды көрүп чочуп калган Турган байбиче: «Күйөөм согуштан аман келсе, өз колум менен токол алып берем. Токол төрөп берсе кызым жалгыз болбосун» – деген ырым–жырым кылып молдокелердин көзүнчө убада берет. Айганыштын таятасы Жээнали согуштан аман келгендин кийинки жылы Уултай төрөлгөн жылы Турган байбиче күйөөсү Жээналиге уулун үйлөгөндөй кылып каада–салт, союшу, кыз–кыркынга колдон келишинче кийитин жасап аял алып берет. Арадан бир жыл өтүп Турган байбиче уул төрөп атын Манас деп атап, күндөшү да уул төрөп анын атын Муртаза коюшат. Ошентип Зукеш согушка чейин жалгыз кыз болуп чоңойсо, согуш бүткөн жылдары Кудайдын амири менен бир сиңдилүү эки инилүү болуп, кубанычы коюнуна батпай сүйүнгөн, жаңы жашоо башталат.

Зукеш бойго жетип эрге тийип, Уултай турмушка чыгып, Манас менен Муртаза да баш кошуп ар кимиси өзүнчө түтүн булатып бала–бакыра таап, үй–жай күтүп очор–бачар жашоону баштан кечиришет.

Ошол кезде Зукеш оорудан ажал тапса, Уултайдын күйөөсү жол кырсыгынан көз жумат. Кара булут асманын каптаган бир туугандар оор жоготууларды «Ырыс алды ынтымак» менен көтөрүшөт. Манастын аялы төрөттөн ооруп, эмчегинен сүт чыкпай калганда анын уулун да Уултай эмизип чоңойткон эриш–аркак жашоо уланат.

Ошондо Уултайдын өз кызы Букен, ырматылык Зукештин кызы Айганыш, иниси Манастын уулу Нурбек үчөө бирдей Уултайдын эмчегин эмген соң эмчектеш бир тууган болуп, үч бир туугандан тарагандар кеседеги ашты тең бөлүп, бир сындырым нан болсо да бөлүшүп жеп, эжесинин эскисин бөлөсү ки-

йип, тагасынын эскисин жээни кийип, өтө ынтымакта чоңоюшат.

Союз ыдырап, иштеп турган чарбалар жоюлуп, жумушсуздук орун алып, мурунку килейген социалисттик өлкө урап, анын ордуна капиталисттердин пул өктөмү – руханий дөөлөттөрдү экинчи үчүнчү катарга түртө салган заман орноп, үч бир туугандан таркагандар да эл катары ишкердик менен шугулданып киришет.

Аракетке берекет болуп Айганыш алдыңкы ишкерлердин катарына кошулган кезде өзүнө аян келип Орусия мамлекетиндеги күргүштөп аккан дарыядай кызып турган ишкердикти таштап, Бишкек шаарына үй–бүлө, бала төрөө деген адамзаттын өлбөстүгүнүн, мурас улоо чечимине келип ушул жаатты тандап кетет.

Агезде азыркы той ээси – Кадийча болуп көрбөгөндөй байлыкка жетишип, менмин деген чиновниктер алдына барып акча, кеңеш сураган деңгээлге жетип калганда, ким билсин ишкердикте жүргөн кезде таарынычкабы а балким ич күйдүлүккөбү, а мүмкүн жеке атандашуугабы жол берип, кыскасы кечээки бир тешикке сийип, бир дасторкондон чай ичкен эки бажа терс бурулуп, бири–бирине далысын салып, ал турсун: «Айганышты көрөйүн деген көзүм жок, бажам эшик аттап келбесин»– деп айттырган күнгө кептелип, кечээги бир бүдүр нанды бөлүп жегендерин, бир төшөктө жатып, бир туугандардын балдары экендигин унуткан мерестикке кантип жеткендерин өздөрү да аңдабай калышат. Кечээ эле: «Бири ач калса экинчиси ичкен ашын бөлүшүп, бири ооруса, экинчиси оокат бышырып ооруканага каттагандардын жүрөктөрүндөгү сүйүү жалыны жек көрүүгө өтүп, мээримдүү ары жароокер боорлору кара таштай катып: «Мага демек-

тен өлүп кетпейсиңби», – дегенсигендей түр көрсөтүшүп, текеберлик моюндарына минип: «Бир тууган эмей, пул тууган»– болот деген жуксур шайтан акылдарын башкарып калат.

Булардын бул жоругун уккан Уултайдын бир жүрөгү төрткө бөлүнүп, уу жутуп алгандай ичинен сызып санаага батып, санаасы дартка айланып, аны төшөккө көтөрүп чапты: «Бу жуваримбектердики өтүшүп кетиптир. Кичинеңерде тике карабай чоңойдуңар, чоңойгондо өгүз болуп «Мөө–мөө» деп бир–бириңерди сүзгүдөй болуп турганыңар эмнеси? Айыксам моюндарын толгоп, баштарына жаңгак чагам, шашпай турушсун»– деген Уултай байбиченин кеби бат эле тарап баарына жетти.

Ала–Тоо айбаттуу сүрү менен шаарды тиктеп, кардын учкундары менен балкондо ойлуу турган Айганышты каптап кирди. Чыйыркылган түрдө халатына оронуп ички бөлмөгө кирип балдарына сааркы тамак даярдоого киришти.

Той болду. Айганыш жетим кыз биринчи мертем бир боорлору менен пешене тердеп чай ичпеди, ичти бөксөртүп тууганча сүйлөшө албады, өзү күсөгөн туугандар катарын толуктап олтура албады.

Бүгүн кечээги таңдай ыйлабады, бирок жүрөгү кансырап: «Эй жетимдер, ынтымак болгула»– деп кан какшаган Уултай тайэжесинин сөзү суу кечпей калганына, кийинки муун мурунку үч бир туугандай жана–жан жашап, сыйлашып жашаганындай туугандар салтын алгылыктуу улай албай, сай–сөөгү сыздап турду. Көзүн жуумп кечээги тойду бир элестерге чубагысы келип кайра ойт коюп, көзүн ачты.

Той ээси Кадича, күйөөсүнүн кареги менен айланып, анын тилин алып Айганышты тойго чакырбагандыгын той күнү эле сезди, жүрөгүн ээзди, кабыр-

гасы кайышты: «Мындай жаным кашайбаса керек» – деп ойлогон эле, бирок жерге түкүргөн түкүрүгүн кайра жута албай Айганышсыз той уланып кетти, аны чакыруу кеч болуп калган эле.

Эртеси Кадийча короосуна чыгып, эшик–эликтеги тойдон кийинки чачырандыны тиктеп: «Себетти жасап, куда–кудагыйдан келген даамдардан алып, Айганыштан кабар алсамбы дейт». Желкесине минген Шайтан: «Күйөөң койнуңда, балдарың багылуу, короoң толо мал, капчыгың толо акча, мансаптуу бийлик өкүлдөрү койгон музыкаңа бийлеп туру. Жетим кызды унут», – дейт.

Ички күрөш уланып жатты.

Ала–Тоо дагы эле зыңгырттай эч кебелбей ак сакалын жайкалтып турат. Төртүнчү кабаттын балконунда жол карап Кадийчаны күткөн Айганышка Ала–Тоо шамал менен бирге шыбырап: «Сабыр кыл, Сагырым, таанасы да бар, тообасы да бар. Каниет кылып тур, баары жакшы болот, анүчүн чыда, күт Жетим кыз!» – деп кеп айткансыйт.

Айганыш, туугандарына кошулуп дасторкон тегерене отуруп чер жазышып отура албай калганына эмес, кадырына күйгөнгө түнү бою көз ирмебей таңды аттырды. Балдарын мектепке, күйөөсүн жумушка узатып үйдө жалгыз калганга, телевизор көрөйүн дегенге көңүлү чаппай, жөн гана диванга кыңтая калып, түнү уйкудан калганга көзү ызгып кеткенге, эшик алдында турган Кадийча коңгуроо басып үй ээсин күтүп калды.

Кадийчага эжеси менен элдешүүгө, ымалага келүү чечимине сыйкырдуу түш таасир этти. Ал куда–кудагыйын, тели-теңтушун, тууган–уругун узатып, кызмат кылган колу-коңшусун эшиктен чыгарып, эшик–эликти жыйып, алтын жалатылган түстүү жар-

кыраган заманбап бөлмөсүнө кирип баратып, негедир, жасалгасы жөнөкөй айыл табитинде жасалган бөлмөсүнө бет алды, кайын атасы менен кайын энесине арнап төшөлгөн уктоочу керебетке кичине башын жөлөп жата турмакчы болуп, көзү ирмелип кетти.

Бир маалда жакын жерден адамдын кадамы менен кары–картаң таянчу таяктын үнү чыгып, ал доош жакындап келатты. Жаткан жеринен тура калып чачтарын оңдоп, кыйшайып калган башындагы жоолугун түзөп: «Кайын энем да, кайын атам да улгайып калганы менен таяк таянбайт. Колу–коңшулардын жашы, бүт эле биз куракту орто муундагы үй–бүлөлөр. Бул үй жаңы бүткөнгө көпчүлүк тууган–урук үй дарегин анык билбейт. Анда таяк таянган инсан ким болду экен?»– деп бир саамга ойлонгуча, каалга ачылып жолоочунун таягы көрүнгөн кезде, Кадийча жоолугун түзөп кармаган колдору кабышып калды. Бул таяк кемпир апасынын таанымал табылгы таягы эле.

Бул табылгы таякты иниси Жунус, Ийри–Суу жайлоосунда Турган кемпирге белек кылган. Ал кезде Турган кемпир жашы бир аз улгайып алдан–күчтөн тайган кези, кымыз ичкиси келип жайлоого барам деп камынып калат. Картайып калганда, жайлоого аттанган апасынын, бул жоругун уккан уулу: «Коюңуз, өөнгө келген кымыздардан алдырайлы, ошондон ичиңиз», – дегенине көшөрүп көнбөй, Ийри–Суу жайлоосунун, жада калса Саламат даярдаган кымыздан, тагыраагы Жунустун желээсиндеги таңдайын тамшандырган сары бээнин кымызын күсөгөн шылтоосун айтат. Сөз төрү, иниси Жунус менен келини, бери сиңдиси Саламатты сагынып калганга, кой–айга көнбөй боз эшекке куржун асып, куржундун эки көзүнө жаңылык деп жашылча жемиш толтуруп, чай–чамеки, кант–наваттан алып, боз эшегин: «Кы–кылап», өйдөлөп капчыгай

тараптагы орустардын кароолу турган жакка салып жөнөп жолго чыгат. Жунус менен Саламат «Ажасын» көрүп: «Ажалап», – саймедиреп тууганча сүйлөп чер жазып оңуп эле калышты.

Кийинки муундагылары: «Таң калычтуу! Кыргыз тилинде «Ажа» деген тууган аталышы аркалык кыргыздарда да алайлык кыргыздарда жок, бул эмнеңер?» – деп, сурагылап, такыгандар болуп эле жүрдү. Бул мындай болгон экен. Сарык деген колхоз башчысы бетинде меңи бар уулдуу болуп атын «Меңдибай» коюшат, албетте кыргыздар эркелетме атаган аты меңин айтчу Меңдибай эмес, Меңиш деп аталган түштүк жергесине аты чыккан белдүү эл башкарган кызматкер инсан болгон. Турган кемпирди «Ажа» деп тууганча атоо ушул Меңиш мырза менен түз байланышы бар турбайбы.

Меңиш үч–төрт жашар мезгили болсо керек. Сарык атасы ат минип жумуштан келип калат. Утурлап чыккан Меңишти алдына өңөрүп, артына Сатарбайды учкаштырат да атын ары–бери бастырып эки баланын көңүлүн алат. Чарчап калган Сарык аттан түшөт, балдар ат үстүндө калат. Бирдеме болуп, ат үркүп кетет. Ат үрккөндө Меңиш да, Сатарбай да аттан кулап түшөт. Сатарбай эч нерсе болбойт, ал эми Меңиш башы менен түшүп калганбы, айтор эс–учун жоготуп сүйлөбөй калат. Эки–үч күн көзүн ачпай, тамак ичпей, тирик менен соонун арасында өзүн билбей төшөктө жатат. Агезде оорулууну догдурга көргөзчү эмес экен, Меңиштин өзүнүн бир тууган тагасы тамырчы болот. Ошого көргөзүшөт. Ал өзү менен бирге башка тамырчыларды да ээрчитип келет. Меңиштин тамырын кармаган бардык тамырчылар бирдей: «Бат эле адам болуп кетет – деген диагноз коюшуп, – Балага жаш бээнин сүтүн бергиле», – деп буюршат. Бээ саап,

кичинеден ичирип турушат. Бээнин сүтүнөн бөлөк Меңиштин тамагынан бир бүртүм нан өтпөйт.

Арадан үч күн өткөндө, Меңиш көзүн ачып өзүнө келет. Көзүн ачса маңдайында Турган эжеси бээнин сүтүн анын оозуна тамчылатып отурган болот. Ошондо Меңиш эсине келип, оозуна тил бүтүп: «Эже – дей албай – Ажа!» – деп айтат. Ошол күндөн Турган эжесин көргөндө: "Ажалап" чакырып чоңоет. Меңиштен кийинки төрөлгөндөр Меңишти туурап баары Турган эжесин «Ажа» деп атап калышат. Алтурсун Турган кемпир дүйнө салган кезде, Сарыктан тарагандар сөөк жаткан боз үйгө: «Ажам оой! Ажам! Кайратым Ажамдан айрылдым! Дөөлөтүм Ажамдан айрылдым», – деп кошок айтканын уккан калың эл, таң калганы колот–колотко, айыл–апага тарап, кеп болгон деп айтылып жүрү.

Ошол. Анан жанагы Жунус Ажасын көрүп сүйүнүп, шырбаз союп сыйлап, сары бээнин кымызынан кыстап ичирип, Ажасын узатаарда дааратканадан келаткан эжесин караса, таянган таягы гыйрыйган морт келчү терек бутагы болот, ага алымсынбаган иниси, Ийри–Суудагы табылгыдан кесип келип, өз колу менен Таяк жасап, колуна карматып, куржунуна курут–майдан кенен салып, бир чанач кымызды эшектин ээрине байлап узаткан экен.

Кадийча так ошол кемпир апасынын табылгы таягын таанып чочуп кетти: «Кемпир апам эбак ары дүйнөгө кеткен, андан бери төрөгөн балдарыбыз бойго жетип, турмушка узатып жатпайбызбы. Буга эмне сыр болду! Демейде кыйналганда жана сүйүнүчтүү кабар болгондо келчү эле», – дегиче баш багып кирип келди. Бели бекчейип, өңү карайып бир нерсеге наараы болуп калгандай түрдө, жүрүм–туруму болсо муруңкудай эле оозунун шилекейин колу менен аар-

чып: «Үүхх, оозум кургап кетти, суу берчи! Кептерим кармап калып, шаштыңды албайын», – деген, кемпир апасы кол шилтеп, диванга көчүк басты. Бу Турган кемпирдин аты көп, тиги инилери «Ажа», – дешсе бул неберелери «Кемпир апа» деп атап алышкан. Анысы эки уул үч кыз болгон неберелерин бешөөнү бирдей белине көтөрүп, быламык бышырып тойгузуп, жетелеп чоңойтту. Өз апасын «Апа», – деп, чоң энеси Турганды «Кемпир апа», – дегени ошондон. Ошол кемпир апа чарчап–чаалыгып, эшик каккылап кирип келип, суу сурап калганга Кадийча оордунан ыргып туруп, графинди алып чыныга толо суу куюп суна калды. Турган, калың күрөң жоолугун ээк туштай салынып алганга колу менен оң кулагын ачып, укпай калбайын дедиби: «Кадийча, кызым, тиги Айганыш ыйлап калыптыр. Жарашып, элдешип алгыла. Урушуп-таарынышкандар силер эле бекенсиңер. Тобоо! Мен силерди кандай үмүт менен чоңойттум. Ушинтип таарынды болуп өмүрдү өткөзүп жибергиңер барбы?» – дегенде, Кадийча ынтыла актанып: «Өздөрү да, биринчи баштады», – дейин деп калганын байкаган кемпир апасы: «Коё тур. Мен белекке берген күмүш билерик, кана?» – дегенде, көйнөгүнүн билегин түрүп, бурулуп кайра алдын караса, кемпир апасы жок, колун караса, кемпир апасы таштаган күмүш билериги карайып кетиптир. «Өңүмбү же түшүмбү?» – деген Кадийча кемпир апасы аян берип, түш болуп түшүнө киргенин байкап, эжеси экөөсүнүн ортосун кара мышык аралап кеткенин эми аңдады: «Түшүнбөстүк болгон турбайбы, а балким көз тийип кеткендир?» – деп божомолдоп Айганыштын үйүн көздөй жөнөдү.

Айганыш жашоочу төртүнчү кабатка көтөрүлүп эшигинин коңгуроосун басып, ал эшигин ачпаганга күтүп калды.

Төптөгөрөк кара карагаттай бала кыял көздөрүн жүлжүйтүп, Айганыштын да эшигин Турган кемпир каккылап калды. Айганыш таяк таянган тайэнесин көрүп бир сүйүнсө, бир чочуп кетти. Сүйүнгөнү жакшылык жышааны кылып, эшик каккылап жакшы кабарын, окуялар болгонго чейин айтып, кайра кетип калаар эле. Чочулаганы кээ бир адамды капаланткан же жүрөк оорутчу адамды мүгдүрөтчү окуялар алдында келип, далыңды таптап, кара кемзир чөнтөгүнө салып жүрчү өрүк как менен шириндиктен берип, алдын ала сооротуп кетчү. Мунусунда сүйүнтчү белгисин же кайгыртчу белгисин да кылбады, жөн гана унчукпай Ала–Тоо тарапты тиктеп отуруп, терең улутунуп: «Кечиримдүү бол, кек сактаба. Ал адашыппы, же жубайынын катуу таарынычынын апааты менен анын тилине кирип, сени капалантса, эртең сен дагы ушинетип турмуш бүтүндүгүн сактоо максатында, күйөөңдүн сөзүн сүйлөгөнгө аргасыз болуп калчу жагдай түзүлүп калуусуна эч ким кепилдик бере албайт. Ортодогу бузукулар, ушуну эле күтүп жатышкан. Экөөнү түз уруштура албайбыз, каны бир, жаны бир, дили бир, тили бир, бир туугандардын, бир капчыгайдын кыздары. Экөөнү уруштургуча, шайтанды жолдон чыгаруу асан. Күйөөлөрү бөлөк, жаш айырмалары бар, көздөгөн кызыкчылыктары башка, экөө тең кердейип көкүрөк каккылап, менменсинген немелер. Буларды: көралбастык, текеберчилик аркылуу, байлык, соода орун аркылуу ортосуна от жаксаң жалындап күйүп кетүүсү турган иш. Анан карап турсаң, ажылдап үрүп, тиштешкен иттердей ырылдашып калышат деп, тымызын: «Кыңыр ишти кылып, кыл жип менен бууп коюп басып кете бересиңер», – деген бузукулар эки бажаны бат эле ортосуна от жагышты.

Соңу, эже-сиңди эрлеринин жүзү, турмуш бузулбасын, балдар атасыз өспөсүн деп ушу күнгө кабылган кези.

Турган кемпир Айганыштын кулагына жакындап: «Тур кызым, эшикти ач. Сиңдиң келди», – дегенде, тура калса, айланада эч ким жок, жымжырттык, бир гана эшик коңгуроосу: «Тың–тың» деген добушун угуп, жетип барып, ача салса, эшик алдында сиңдиси Кадийча турат. Өңдү көрсө жүз тайыйт деген кеп туура экен. Эже–сиңди кучакташа балбалактап ыйламсырап, көз жашын төгүп, бугун чыгаргансыды.

Ичкери киргенде Айганыш дасторкон жайып, чайдан куюп олтуруп:

– Кадийча, бир боорум, карлыгачым. Күйөө бала бизге эмне калакатын тийгизет. Биз эмне жамандык кылдык? Пул оомааты бүгүн силерге бир аз көбүрөөк жааса эле чарылдап Жетим кызды унут кылдыңбы?

– Эже андай эмес. Кеп башкада. Бир жагынан алсак биздей болуп катташкан тага–жээндер кем эле экен. Ал эми эки бажанын таарынычы, он жылдын ары–бери жагында болуп өткөн экен. Сиз эмес, бажасы катуу таарынтыптыр, анысынын чын–төгүнүн мен сураштырсам: болбогон эле көрпендеге тиешелүү болгон араздашуу, көбүртүп арттан сүйлөө, соода ордун талашуу, башка караңгы түн түшкөн кезде сайран куруп табалоо, ушак куумай, каадалануу, биринен–бири өтүп акылсынуу, бирине–бири бутун аарчыганга теңелчү көзгө илбөө, алдыңа карыз сурап келсе бар болуп туруп сараңдык кылуу, жана ушул сыяктуу майда барат топтолуп олтуруп, экөө бири– бирин көрөйүн деген көзү калбай, ортосундагы көпүрөнү жара чаап, муздак дубалды экөө эки жактан асман тиреп уруп чыгышыптыр. Асман тиреген дубал ортосун тосуп, бири–биринин жашоосунан кабардар болбой, укса–

укпамыш, көрсө көрбөмүш, билсе билбемиш болуп олтуруп, бири–бирин күнөөлөй берип алгачкы ак мамиледеги ортодо каттаган ак жорголору кара жөргөмүшкө айланып, ортосундагы асман тиреген дубалга торлорун жайып, ортодогу ак мамилелерди кара так басып кетиптир.

Ушул өчпөгөн кара тактар менен он жылдан ашуун жылдар өттү. Кыз бала экенмин байланыш үзүлбөсүн деп дикилдеп кайын журтка да ата журтка да аракет кылып, эки жактын тең көзүн карап жашап келатам. Менин ичимдеги көйгөйдү эч ким уккусу да келбеди? Кар жаады, из басты болуп жашап келдим. Кечээги тойдо: «Жездең оозунан чыккан мазак кептери үчүн кат берилбейт», – дегенге көнбөскө аргам жок эле. Анткени, өжөр, курч, айтканынан кайтпагаган, кара тактарды жута албаган, бир сүйлөгөн күйөө балаңыз бар. Ал өз бажасын тойго чакырбоосу, акчасынын көптүгүнөн, манчыркаганынан эмес, адамдык абийрин тебелеп тепсеп салышканынан болду окшойт.

– Ата, шордуум ай. Тайэнем түшүмө кирип, туура белги берген турбайбы. Кадийчаны күнөөлөп ур–бастыга алба. Ортодон чыккан бузукулар, эки эрдин ортосуна от жагып, арасын алыстатып салат. Мамиле каттамын оңдоо вазийпасы силерде, буюрса оң жолго түшөсүңөр, бирок анүчүн аракет кылып жандашкыла, сырдашкыла, сыйлашкыла дебедиби.

– Эже, кемпир апам жанагы Жунус авам белекке берген табылгы таягын таянып бүгүн таңга маал келип кетти. Айтчу сөзүн айтты: «Жетим кыздан кабар ал», – деди мына кемпир апамдын сөзүн эки кылбай алдыңызга келип олтурамын. Мени кечириңиз эже!

– Иттик бизден кетсе, Сен да бизди кечир, Кадийча!

– Эми кекчил, өжөр күйөө балдардын сөөгүнө чейин өтүшүп кеткен кек кармангынын кантип тыябыз?

– Эң оболу экөөбүз мамилени оңдойлу, пейилибизди түздөйлү, бир атанын балдары экендигибизди эстен чыгарбайлы. Бизди көрүп булардын да жүрөгүндөгү муз эрип, көңүлүндөгү тоң кетер. Антпей жашап өтөбүз дешсе, анда тек кой, убайым тартпа.

– Макул, – деген Кадийча жетим кыздын жанына барып, үн катпай олтуруп калды. Ошол кезде, балкон эшиги ачылып, Ала–Тоо тараптан соккон муздак шамал батир ичин аралап кирди, балкон эшигин тура калып жаба калган Айганыш, ылдыйдан гүлдүү жоолугун салынып, карайып калган жүзү агарган тайэнесинин кетип баратканын көрдү. Ал кылчайып: «Кыздар, жарашып алганыңар жакшы болбодубу, ботом! Эми эрлериңерге ынсап, ыйман берген күнү элдешип калаар?! Тынч тургула», – дегенсип кол шилтеп көздөн кайым болду.

## ЖЭЭНБЕК

Гүлшаа айылы. Борбордук базары. Атчан, эшекчен, жөө–жалаң ары–бери шашып соода–сатык кылган тоолуктар. Эрте менен жетелеп келген соолук коюн сатып, чай чамеки, самын–сумун алса, бөлөгү кысыр калган семиз уюн сатып, анын ордуна жаңы туума кунаажын сатып алып жетелеп бaратат. Берки жактагысы ородон казып алган күзгү картөшкөсүн эшек үстүндөгү каптан түшүрүп, кап оозун чечип сатууга чамынып калган. Алардын арасында быйыл кысыр калган бээсин союп, этин касапканага илип, күйөө баласын жанына сатарман кылып коюп, анын артында дөөдөй болгон Жээнбек мойлоосун сылап өткөн–кеткенди тиктеп, маңдайы жайык, көңүлү шайдоот. Ушул убакта өңү серт, жаагы кууш, бейтааныш киши пайда болуп калды, же күйөө баласы аны тааныбайт:

– Гөш сеникиби, Жээнбек? – деп сурап калды ал киши.

– Меники, – деп жооп берди Жээнбек.

– Мен азыр келем. Эттин жакшы, чүйгүн жеринен коюп кой.

– Макул, – деп жооп айтты Жээнбек.

Ортодон бир топ убакыт өткөндө жанагы бейтааныш киши кайрылып келип калды. Жээнбек аны тиктеп:

– Келдиңби? – деди.

– Келдим,

– Кайсы жеринен тартайын өзүң көрсөтчү?

– Мына жеринен, – деп көргөзүп, жылкы этине жакындап, сөөмөйү менен этти сайгылап калган бейтааныш кишинин жакасынан оң колу менен мыкчый кармап туруп тартып жиберди. А киши өбөктөй калып, эңкейе түштү. Жээнбек бош турган сол колу менен эт чапчу балтаны алып, тиги кишиге шилтейин деп калганда, күйөө баласы кайын атасынын балта кармаган колунан кармап, коё бербей кучактап калат. Жээнбек күйөө баласы менен алышып алаксып калганынан пайдаланып, бейтааныш киши бошонуп качып жөнөйт. Жээнбек күйөө баласына кайрылып: «Аттиң! Балам, чеки мени кармадың. Бул шүмшүккө жылкынын чүйгүн этин мен берип, бул куйсупурдун чүйгүн этин мен кесип алышым керек эле», – дейт. Ал эми бейтааныш киши жоодон качкан качармандан бешбетер безип, качып көздөн кайым болот. Жээнбек балтаны таштап, кагынып-күүнүп, ары-бери басып, ачуусун жута албай, демигип туруп калат. Ал эми күйөө баласынын оозуна келме келбей, кайын атасын аңырая тиктеп, мууну кылчылдап, жылкы этин алам деген элди да тейлей албай калганын көргөн Жээнбек, ага кайрылып: «Тарт эттен, аларман элди тейле», – дегенин уккан күйөө баласынын колу калтырап, этти араң кесип таразага коюп сатып калат. Ошентип күн да кеч кирип, азыраак эт калганда, кайын атасы касапты жаптырып, эки килограмм жылкынын чийки этин алып үйгө, Сабайга кайтышат. Жолдо келе жатышып Жээнбек күйөө баласына: «Эки ише арак ал», – деп, алдырат. Сабайга жетип кызынын үйүнө кирип: «Мына эттен куурума жаса», – деп кайрылат. Кызы казан асып, от жагып, эт куурумга чейин деп дасторкон жайып, чай коёт. Нандан ооз тийип, чайдан эки ууурттап ууртабай, эки ише арактын бирин чоң чыныга куюп, бир көтөрүп тартып жиберет. Аңгыча куурума даяр

болуп, дасторконго тартылган кезде, бир аз жоошуй түшкөн кайнатасынын кебетесин көргөн күйөө баласынын тили чыгып:

– Ата, жанагы базардагы киши жөн киши эмес го. Ага жырткыч карышкырдай ырылдап, көзүңүз чанагынан бери чыгып, балта менен чаап жибергенге аз калды. Мен болбосом, чеки иш болмок. Сиздин мындай ачууңузду биринчи көргөнгө таңдайым кургап, мыңк дебестен жерге казыктай кагылып калдым! – дейт.

– Эй, күйөө бала. Ал окуяны азыр төкпөй–чачпай айтып берем. Кел! Мына арактан ууртта, баары бир кийин ичесиң да, эй бери кара...

– Ата ишенсеңиз азыр кекиртегимден арак түгүл, эт куурум да өтпөйт. Бул окуяны укпасам уйкум да келбейт, андан көрө, ошондон кепти баштаңыз. – дейт, күйөө баласы.

Жээнбек эт куурумдан жеп, экинчи ише арак ортолой түшкөндө, жанагы бейтааныш кишиге байланыштуу окуяны айтып кирди:

– Будалык айылы. Күн чыгыш жагы гурбу-гурбу болгон үңкүр аралаш кызыл таш. Күн батыш жагы көп жылдык чөп, табылгы, караган, ыргай өскөн чөп орук бет. Кокту–колотунда суу агып турат. Жаан–чачын болгондо ошол колоттогу чалчык суулар кыпкызыл болуп агат. Суусу тунук болгон жери – Терек, Сопу айылдарынын тургундары: «Силерге чайдын кереги жок, сууңар эле – памил чай»,– деп тамашага салып сүйлөп калышат.

Ушул жерлердин асман тиреген тоолорунда чоңойгон, Кенебай табиятынан өтө таза, боорукер, калыс болуп жетилет. Ошону менен бирге элдин малына тийген ууру-кескинге караманча каршы чыккан мырза жигит болуп өсөт. Ушул ууру-кескиндердин ошол

кездерде күйөөлөрү набыт болгон жаш келиндерди зордук-зомбулук менен экинчи–үчүнчү аялдыкка алгандарын көрөт. Кимдин бээси, ую кысыр калган болсо, аны уурдап, союп жеп алгандар чыгат. Мал ээлери малын таппай калганда, жандыктардын териси, баш сөөгү мелчемдүү ууру кескинден чыгып калгандарын көрүп, зээни кейип, аларга да каршылык көргөзүп, тыюу салып элдин атынан чыгат.

Кенебай ошол造 кездеги беш каман сыяктуу жергиликтүү байбатчаларга, аларга кызмат көрсөткөн ууру–кескиндердин колкосуна такалган сөөк болуп чыга келет.

Элдин алдында абийири төгүлгөн, элдин мүлкүн талап тоноп жегендер топтолушуп өзүнчө кеңеш курушат. Кенебайдан кутуулунун амалын ойлонушуп, аны жок кылаардан алдын, анын black болгон бир туугандары Мамыт менен Ырбытты жан таслим кылууну көздөшөт. Алар бойго жетип, үйлөнө турган чакка жетип калган маалы эле. Экөөнү конок кылабыз деп Кара–Солон жайлоосуна алып барышат. Кой союп коноктоп, боз үй ичинде кымызга кекиргиче кыстап ичиришип, кичине кызып калган кезде, эки бир тууганды кыл арканга айкалыштырып байлап туруп, Кара-Солон тоосунан жарга такап туруп, түртүп жиберишет.

Кенебай дос-жары менен издөө салат. Издөөнүн жыйынтыгында алар кыл арканга байланып, киши колдуу болгону билинет.

Көп узабай каракчылар Кенебайдын өзүнө кол салышат.

Кенебай Гүлшаага иши менен барып кайткан кези. Каракчылар аны Будалыктын чатындагы малкананын жанынан тосуп алышып:

– Кенебай аке, бул жерге бир бээ алып келдик эле. Эртең бизди «ууру», – деп жолго салбаң, – дейт бирөөсү. Кенебай:

– Бээни жетелеп бери алып чыккыла, көрөйүн. – деп, эми аттан түшөйүн деп эңкейген кезде, моюнуна сыйрытмак салышат. Кенебай өзү карылуу киши болгондуктан сыйыртмакты бир колу менен кармап туруп силкип тартканда, ары жактагы эки ууру Кенебайдын атынын алдына бөгөлөп жыгылат. Кенебай колун кынына сунса, демейде тагынып алып жүрчү кын бычагы жок. Оюнда: «Моюндагы сыйыртмакты үзө кесип, аркан жип менен ат алдында оонап жаткан эки канкорду кишендеп, ары жактагы экөөсүн дагы колго түшүрсөм», – деген. Эми болсо, белине тагынган куру бош, сыйпалаган колу кын бычактын жоктугун байкаган соң: «Аттиң», – дейт. Ошону эле күтүп турган ары жактагы эки канкор, колундагы балтасы менен Кенебайдын тизесинен ылдый туштап туруп алмак–салмак чаап жиберишет. Ал эми сыйыртмактан жыгылган эки эргул, кансыраган Кенебайды тиктей колуна чырбалган сыйртмакты тартып жибергенде, ал лап этип жерге кулайт. Андан аркысы төрт мыкаачы Кенебайды жайлашат да, анын жансыз денесин камыш аралаган Мышык–Уяга алып барып, токумун алдына салып, ээрдикти башына коюп, көпчүгүн үстүнө жаап, тегерегин таш менен корумдап коюшат. Кенебай минип жүрчү «Лөккөбай» аттуу атын жайдактап туруп, агытып жиберишет.

Кенебай тирүү кезинде Лөккөбай үйгө жакындаган кезде аттын таноосунан: «Парр, Парр» деген парылдаган доошун уккан аялы тааныса, жүгүрүп сыртка шашкан бала чакасы: «Атам келди», – дешип утурлап тосуп чыгышаар эле. Мунусунда Лөккөбай үйүнө жайдак жана жылаңач болуп, парылдабастан,

унчукпай эле үй алдындагы өзүнүн казыгына барып, кадимки адам сыңары ыйлап туруп калат. Ошондо Мария байбиче бала-чакасы менен үйдөн чыгып, Лөккөбайдын ыйлап турганын, жайдак келгенин көрүп, элге туугандарга кайрылып: «Ат жайдак келди. Ээр токум жок, жүгөн шыпырылган, өзү ыйлап турат. Эмне болду? Жанагы Ырбыт менен Мамытты жок кылган каракчылар, Кенебайды да жайлаган окшойт»,– деп эл журтка, тууган–урукка кабар салат. Муну уккан калайык–калк Кенебайдын өлүк–тиригин аныктоо максатында тоо койнун, кокту–колотун издей баштайт. Эл издегени менен эч жактан кабар чыкпайт. Ошондо асманда тегеренип учкан жырткыч канаттууларды карашат. Дүрбү салышса карга-кузгундар, таскаралар чөп орчу Мышык–Уя тарапты айланып калганын байкашат. Топтолгон эл ошол жерге барышса, Кенебай жансыз жаткан болот. Баатырынан айрылып кайгырган эл, ыйлап-сыктап Кенебайды жерге беришет. Тажияга келген Мариянын туугандары, Кенебайдын киши колдуу болгонун көрүп: «Өзүңөр эле жайлаган турбайсыңарбы. Эми өзүңөрдөн-өзүңөр кун алып жата бергиле»,– деп, Мария менен он эки жашар болгон Кенебайдын уулу Жээнбекти атка мингизип баса беришет.

Ошентип Жээнбек тага журтунда бой жетип чоңоет. Ичер суусу түгөнгөн апасы Мария көз жумат. Өтүп кеткиче, төшөктө жаткан Мария туугандарына кайрылып: «Жээнбекти үйлөп–жайлап койгула», – деген керээзин айтат. Жээнбек эрезеге жетип чоңоет. Акыл–парасат кылып калган боз улан, ата-журтун сүрүштүрүп: «Алардан бир кабар алып коёюн» деп тага журту болгон Савайлар отурукташкан Боз-Караган-дан, Будалыкты көздөй жолго аттанат.

Жээнбек өзү дабардас, сөөк-саактуу чоң жигит болгондуктанбы, аламан байгеге түшкөндө улакты оңой эле тартып алып, ал эми күрөшкө чыкканда атаандаштары көз ачып жумгуча, жамбашка алып көтөрүп чаап салчу экен.

Ошондуктандыр, Ата-Журту өз кулунун: «Эрден туяк. Мына эрезеге жетипсиң»,– деп, кучак жайып тосуп алышат. Туугандары тоголото кой союп, дасторкон жайып нан боорсок бышырып, боз үйдө коноктойт.

Түн бир оокум болгондо, Жээнбектин келгенин уккан, Кенебайды жайлаган ууру кескиндер боз үйдүн сырт жагына жакындап: «Жээнбек чоңоюп, айылга, туугандарына келиптир. Аябай чоң эр азамат жигит болуптур. Эми мунун түбүнө жетпесек, бул бизди тукум курут кылат», – дешип, болбогон жерден өз ара караөзгөй ойго алдырып кеп салганын, боз үй ичиндеги Жээнбектин туугандары капыстан угуп калышат.

Ошол кезде Жээнбек, белине кур тагып, билектей болгон кын бычак тагынып жүрчү экен. Ушунусун аңдыган сырттагылар: «Аттиң! Өзү балбан экен, анүстүнө курунда кын бычагы бар экен. Биз кол салсак кандай болот?» – дегендерин Жээнбек да угат. Ошондо туугандары Жээнбекке кайрылып: «Балам, саал эртерээк келип алыпсың. Сенден да туяк калсын. Бул канкорлор сага да кол салганы калды. Кой, өзүңдү токтот», – деп ызырынган Жээнбекти тыйып калышат. Ачуусу жүзүнө тепкен Жээнбек боз үй сыртында тургандарга кайрылып: «Кана, кире бергиле. Жок дегенде, экөөңдү жайлайм», – дегенде, туугандары боз үй эшигин түрүп, коломтого тынбай от жагып таңды атырышат.

Эртеси туугандары: «Кой эми, Жээнбек. Бул ууру-кескиндердин көпчүлүгү өнбөй эле өлүп тынышты.

Көрсө арасында дагы бир эки тирүүсү бар турбайбы, – деп Жээнбекти кайра тага журтуна узатып жатып, – Эми келбе. Ошол жактан үйлөнүп бала-чакалуу бол. Келсең бул канкорлор сага кол салышат», – деп коштошушат.

Жээнбек тага журтунан үйлөнүп, үй–бүлө бала–чака күтүп, кызы бойго жетип турмушка узатып, неберелүү болот. – деп оор үшкүрүнгөн Жээнбек, – Күйөө бала арактан куй, – дегенде, күйөө баласы колун созуп шишедеги арактын алып чыныга куюп, кайын атасына сунуп:

– Демек, жанагы базардагы жаналгычтай болгон, чүйгүн эт сураган, ошол канкорлордун тукумунан экен да.. мммм....

– Жемкорлорго элдин каргышы тийип, өнбөй, өлүп жок болушуп, ушул безээри калган. Көргөн сайын каным кайнайт. Мамыт менен Ырбытка, Кенебайга кол салышкандай балталап салгым келет, жуварымбекти.

– Коюңуз ата! Элдин ырыскысына кол салган жемкор, ууру-кескиндерди Жараткан өзү жазалаган тура. – деп, кыңкайып уйкуга көзү илинип бараткан Жээнбектин башына балыш коюп, үстүнө тон жаап койду. Жылкычы күйөө баланын табити эми ачылганга, түн ортосунда казан каңгыратып, эт куурумдан кемшиңдеп, ашап кирди.

## ТОМПОШКА

Ош шаары. Саратан. Сулайман Тоо жамынган жаздагы жашыл көйнөгү минтип жайкы күндүн аптабына күйүп калганга, тоо атарабы саргыч түскө боёлуп, шаар тургундары Ак–Буура дайрасын жээктеп жүрүшү, мээ кайнаткан ысыктан ушинтип жан сактоо амалын кабылдаган күүгүм кез.

Ак–Буура суусу күүлөнүп, дарыя көбүктөрү таштарга урунуп шар агып, шаар тургундарын сергиткенге аракет кылгандай шарактап агышы, кулакка жагымдуулугу менен суу боюндагыларды мемиретип эс алдырган кеч уланып жатты.

Мажүрүм тал түбүндө студенттердин тобу жупуну дасторкон жайып, кээ бири сууда чабак атып ойносо, кээси бири–бирине сөз таштап кызык аңгемеге кирип алышкан. Булардын арасында кымча белдүү, ак жүздүү, арык–чырай, кара каш, кара көз, он сегизге толуп, тоону омкорчу сулуулардын сулуусу Мээрим – баарынын көңүлүн өзүнө буруп турганын сезип, андан бетер назданып кылыктанат. Мээримден он жаш улуу болгон Алибек агайынын эки көзү Мээримге түшүп, тандырга бышкан ысык нанды үйлөп жегендей шашкалактаганы, анын жаш кызга көңүлү бар экендиги даана билинип турду. Караңгы кирип, керели–кечке оюнга тойбой суу кечкен жаштар таркаган кезде, Мээримди жатаканага узатып келген Алибек анын пахтадай жумшак колдорун коомай кармап, ашыктык шилекейин жутунуп, сүйгөнүнүн маңдайынан жыттаган

кезде, ал колдон учкан көгүчкөндөй талпынып, жатакана эшигин көздөй чуркап, ичкери кирип кетти. Бул түнү экөө тең уктабады. Алибек, Мээримге канчалык ашык болсо, Мээрим да Алибек агайын ошончолук жактырып, таң атса эле жүрөк кан тамырына сиңген махабат сонатасын черткилеген улуу күчкө моюн сунганын айтышып, баш кошууга макулдугун берүүгө шашып жатышты. Демейде чыкылдап соккон, бат өтчү убакыт, бул түнү эки сүйүшкөндүн жүрөгүнүн кулпу ачылганын билип алгансып, атайылап экөөнү кыйноо максатында, сыноо үчүндүрбү эч камырабай убакыт жебесин токтотуп койгондой түрдө жайбаракат.

Андан кийинкиси эсте жок, көз боёмочунун фокусундай кантип эр–аял болуп биригип, бир түндүк алдында оокат өткөрүп, тиричилик түйшүгү башка түшкөн кезде гана көз ачып, табышкан жубайлар асмандан жерге түшүп, кадимки турмуш башталган чак.

Берешен Кудай сүйүшкөндөрдүн аптаптуу арзууларынан жаралган уулду жыл өтпөй бере салды. Андан кийин да ушундай ысыктыгы уланса уул–кызын аябаган Парбадигар бере бермек, бирок: «Мээрим колго тийди, мендик болду, кайда бармак эле?» – дегенсиген Алибек, күн алыс ар студент кызга тийишип: «Марапат менен жүрдү, Арапат менен түнөдү. Аракты эки бөлүп ичип, Пивону бир көтөрүп жутуп салат, эй!» – сыяктуу ушак кеп, кафедрада, студенттер арасында сөз болуп, ал ушак – айың кеп, ортодогу бузук телефондор аркылуу Мээримге жетип турду. Уулунун жүзү үчүн, сүйүүсү үчүн, андайларга чыдап, сабыр кылып жашоосун улантып жатты.

Уулум бала бакчага барган жылы, ортодо чоң жарака пайда болду. Алибек мунусунда бирөө менен ойнош ойноп жатканы ачык эле билинип, үйдөн безип, таң атканда келип, уруш-талаш күндөн-күнгө көбөйүп

баратты. Мен уулумду да унутуп, оюм бир гана Алибек болуп калды. Башым геңгиреп уйкусуз таңдарды атырам. Алибек таң эрте бутуна тура албай гылжыйып мас болуп, арак сасып, бөтөн аял жыттанып, кийим кечесинде аялдын чачтары жармашып турса да, анысын көрбөмүш, билмексен болуп, жууп–тарап ишке узатам. Кайра эле кечке аны күтүү менен жашап жаттым. Бирок менин аракетимден оң жыйынтык чыкпай, уруш–талаш токтомок турсун, Алибегим мага кол көтөргөнгө өтүп баштады.

Биринчи сентябрда, уулум биринчи класска барган күнүн белгилеп коёлу деп кафеде үчөөбүз олтурсак, Алибектин азыркы сүйүктүүсү Каныкей, эч кимден тартынбастан биздин столго кошулуп олтурду. Көрсө ал ушинтип Алибекти башта эле артынан издеп жүрчү экен, анысын же мен билсемчи?

Каныкейди тиктесем ала-гүү абалда, бөдөнө суусунан гултуйтуп алганга дароо сөзгө кирди: «Алибек экөөбүз бири–бирибизди сүйөбүз. Ал сени менен ажырашып, мага үйлөнөм деп беш жылдан бери тил эмизип алдап жүрөт», – дегенде Алибекти тиктесем шылкыйып шымына жайлап салган жаш баладай жер тиктеп бергенин көрүп, Каныкейдин жанагы кебин укканга кулагым тунжурап, андан кийинки кепти укпай алай–дүлөй болуп, сүйлөй албай дудук сымал тилим байланып калды. Акыркы үмүтүм Алибек жөндүү бир сөз айта бекен десем, ал шүмшүк: «Өзүңөр чечишип алгыла», – дегенде, алдындагы кружкадагы Пивону алып Алибектин башынан ылдый төгүп салдым. Эч нерсе болбогон түрдө тура калып, машинени от алдырып зыйт коюп айдап кетип калды. Уулумду кучактап ыйлаксырап олтурсам, бечара кайним келип, мени сооротумуш болуп үйдү көздөй жөнөдүк. Мен Алибекке телефон чалсам албайт, көрсө Алибек

кайниме телефон чалып: «Мээримди үйгө жеткиз», – деп буйрук берип, өзү Каныкейди үйүнө жеткизип коёюн деген турбайбы, бетпак. Ал ошол түнү үйдө түнөбөдү, мен болсо жоготкон махабатымдын арманына көзүмдөн жашты көлдөй агыздым. Ал болсо менин көз жашымды тоготпой, Каныкей менен чогуу түнөдү да. Көзүмдү жумсам эле экөө төшөктө дырдай жылаңач болуп, ашыктык отуна күйүп, кубалашып ойногон элестер көрүнө берип жинди болуп калайын дедим. Сүйүү менен жек көрүү аралыгы бир кадам дегенге ишендим. Анткени кайдан жайдан кайрат менен бирге өзүмө ишенич келип, ал эми Алибек көзүмө акыр–чикир салчу челектей ыраңы суук көрүнүп калганга, мен үчүн ушул азаптуу узак түн чечүүчү түн болду.

Таң эрте шишиген көздөрүмдү күзгүдөн бир тиктеп алып, Алибектин кийим–кечесин жыйнасам беш полиэтилен кабына толду. Өмүрүмдө каргабаган жаным: «Арамы, жалап десе», – деп Алибектин кийим–кечесин тилдеп жаттым. Кайнимди чакырып, мына агаңдын кийимдерин Ноокенге алып кет деп, ачуумду каптагы кийимдерден жана кайнимден чыгардым.

Сотко арыз жазсам: «Ортодо уулуңуз бар экен, алты ай убакыт берем, элдешип алыңыздар», – дегенине көнсөм, көнбөсөм да, Оштогу батирдин кулпу–ачкычтарын алмаштырып, уулумду жетелеп апамдын үйүнө кетип калдым. Алибек тынбай айылга каттап: «Жарашып алайлы!» – деп жалдырайт. Чынында мени жакшы көрөөрү анык, бирок бул аңги ошол кезде башка кыз-келиндерден да үмүтүн үзө албастыгын билип туйганга, анын өтүнүчүнө түк кулак салбадым. Арадан мезгил өтүп ажырашып тындык.

Ажырашкандан кийин бир жаңсыл жашоого өтүп, түн уйкумду кечип Алибекти күткөн азаптан кутулганга, той–ашка каттап, каалаган кийимди кийип,

колума тийген тамакты кенен жеп, бат эле томпоюп, аябай семирип кеттим. Жанагыл студент кездеги кийимдерим кичине келип, батпай, бүт кийим-кечени жаңыладым. Муруңку кырк сегизинчи размер артта калып, дүкөнчүлөр: «Эже сизге элүү сегизинчи размер туура келет», – дегенин деле эч өөн учуратпай жашап калдым.

Ал эми Алибек менин семирип кеткениме карабастан, ичип алган түндөрү, эшик каккылап: «Жарашып алайлы», – деп ажырашкандан кийин деле, жалдырап каттап жүрдү. «Жарашайлы, элдешели», – дей берип ынатып ийдиби, же уулум атасыз өспөсүн дедимби, же өзүм аны менен кайра чогуу жашагым келдиби, же мени эми ким карайт эле? деген ой келдиби, айтор бир күнү: «Мейли, жарашса жарашалы», – деп, бирок оозу сүткө күйгөн, айранды үйлөп ичет сыңары азырынча, көнүшкүчө бөлөк эле жашап, бирок бири–бирибизге каттап туралы десем, макул көрдү.

Ал агай болуп иштегенге, студенттер шаарчасынан батир арендага алып жашачу, ал жерге барып калганда, төшөгүнөн, ваннадан саргыч түстүү чачтын кылдарын таап, бул кимдики? – десем. «Кычык куубачы, эми элдешип жатканда», – деп сооротумуш болуп, бул аңгилик жаман адатын моюнуна албай жүрдү.

Жаз келип өрүк–алма гүлдөп, сирен гүлүнүн укмуштуудай жыты аңкыган кезде Алибек телефон чалып: «Эртеге туулган күнүм, үйдө тосолу, иштен чыгып кеч кел», – деп чакырып калды. Эртеси жуунуп, таранып, уулумду мектепке жеткиздим. Алибек мага берген ачкычы менен батирин ачып, ал Университетке кетсе керек, сюрприз кылып үстөл үстүнө коюлчу шампан, жер жемиштерди алып, дасторконду жайнатып, тосуп алайын деген аруу ой–максат менен, батир эшигин ачтым. Коридордо бут кийимимди чечип жат-

сам, кыткылыктаган аял кишинин үнү угулуп калды. Залдын эшигин ачып, ичкериге баш баксам, Алибек менен Каныкей энеден туума жылаңач абалда, Кама Сутранын сүрөттөрүнүн бир кыйласын туурап, бири–биринин үстүнө чыгып өпөңдөшүп жатышкан экен. Каныкей дубалга сөйөнүп, канчык иттей кыңшылап, бурула калып Алибектин бети–башын жалап жуктап жатыптыр. Мени көрүп, жабышып калган иттердей селейип катып калышты: «Сен адам болбойт экенсиң. Жарашалы десем, минтип мени кечкиге чакырып, түнү бул сойку менен чардап жүрөсүң», – деп, ачкычын жылаңач этине ыргытып, эшикти сыртынан катуу жаап чыгып кеттим. Каныкей чачын саргыч түскө боётуп алыптыр. Көрсө, жанагында ваннадан, төшөгүнөн табылган чач – ушул какшаал канчыктыкы тура. Ошону менен Алибек менен такыр мамиле токтоп, турмушту кайра оңдойбуз деген үмүттүн чылбыры да үзүлдү.

Оштогу квартирамды сатып, Бишкектен бардык шарты бар жаңы батир сатып алып, жаңы жумушка орношуп, баламды Лицейге жайгаштырып, борбор калаага көчүп кеттим. Ток этери Алибекти көзүм көрбөсүн, кулагым укпасын, өзүм үчүн балам үчүн жашайын деп, жашоонун жаңы барагын ачып жашап калдым.

Бишкек жагып калдыбы, же аба-ырайысы жактыбы, кыскасы салмагым токсон алты килограммга жармашып, өзүм топтой топтоголок болуп семирип кеттим. Эркек аттууну такыр унутуп калган кез, эрте менен жумушка жөнөп, аялдамада жалгыз тургам. Аңгыча артымдан бир эркек үн: «Томпошка!» – деп, эски тааныштардай чакырды. Бурула карасам, менден жашы кичүүрөөк, сулууча келген, келбеттүү ары жагымдуу шаардык жигит кайра: «Томпошка, кандай? Таанышып алалы, атым Азат, Токмоктун кулуну бо-

лом. Ачыгын айтсам жанатан бери келе жатканыңызды тиктеп тойбой койдум. Мынча ажарлуусуз!» – дейт.

«Томпошка», –деп эркелете чакырык таштаган бейтааныш жигитти беттен алып урушуп берейин дейм, бирок негедир мага белгисиз жагымдуу сезим жан дүйнөмдү кытыгылап киргенге, аны укпамышка салып, аялдамага токтогон биринчи автобуска чыгып кеттим. Азат артымдан көлөкө болуп ээрчип, мен иштеген ишканага чейин узатып келгенге, башым бош болгон соң, телефон номурумду берип койдум.

Азат менден алты жаш кичүү болгондуктан, анын мага болгон мамилесине олуттуу карабадым. Ал эркек кумарын кандырып алуу максатында эле чуркап жүрөт деген терс ойлогонум менен, аны эстегенде түшүнүксүз сезимдер бозумтал болуп ирээнжип калган жан дүйнөмө жарык нурун чачып, түпөйүл көөдөнүмдө ийнедей жарыктык пайда болуп, көкүрөгүмдү жылытып киргенге, ушул кубанычымды жакындарыма жарыя салып мактангым келет.

Капалуу күндөр, кайгылуу түндөр унут болуп, көкүрөктө от жанып, шаңданганым ачык айрым эле айланадагыларга билингенин айтып жатышты. Өзүм болсо сол мүрүмө түкүрүп, көз кирпигимди ирмегилеп кымыңдап жүргөнсүдүм. Анүстүнө мен арзуумду арнаган өмүрлүк жарым болду деген Алибектин мага жасаган кылыгын эстегенде, эркектерге болгон ишеничим өчүп калган эле. Эми болсо, Азаттын мени утурлап күтүп алуусу, узатуусу, тынбай телефон чалуусу, адамча сый–урмат мамилеси, көңүл бөлүүсү ошол дымып калган сезимди кайрадан козгоп койгонсуду. Мунусунда шашпадым, чындап көңүлү болсо, чындап тагдыр насип кылса мамиле уланаттыр, болбосо кала береттир деген ой менен, жумушума барып келип, уулум менен алаксыган күнүмдүк жашоом өтүп жатты.

Ал арада, Ошто бир тууган эжем той кылып ошол жакка жол тарттым. Тойканага жеткичекти эки эжем менен мончого барып, өткөн-кеткенден кеп салдык. Азат тууралуу азыноолак сөз айтып, бирок аны менен ишим болсо да ишим жок деп тейтеңдеп койдум. Чоң эжем суроолуу тиктеп:

– Ботом, ушунча да таш боор болосуңбу? Сүйлөшүп көр, эми анын жашы кичүү болгону жаңылык эмес, мындай жубайлар толуп эле жатпайбы, же силер эле дейсиңби? – дегенде, сөзгө ортончу эжем аралашты:

– Ай, Зуля тантырак кепти токтот. Мээрим туура эле кылат. Эркек, иттен айырмасы жок. Ким жакшы тамак берсе, ким башынан сылап койсо ошону ээрчип кетет. Жаш неме сенден көңүлү калган соң, эртең эле, жашыраак кызды ээрчип кетет.

– Койчу эми, коркокко кош көрүнөт болуп, ушинтип өмүрүн өткөзүп жиберсинби. Бир мүмкүнчүлүктөн пайдаланып көргүлө. Кийинкиси өкүнүп арман кылбагыдай бол. Андан көрө, кел таразага түшөлү, Мэришка сен абдан эле толуп кетипсиң, – дегенинен иретибиз менен таразага турдук.

Менин салмагым, улуу эжемден он сегиз килограмм, ортончу эжемден жыйырма үч килограммга көп болгонун көргөнгө биринчи жолу өзүмдүн ашыкча салмагыма ушунчалык арданып кеттим. Бет маңдайыбыздагы дубалга жабыштырган күзгүгө карансам, жашы улуу болгон эжелеримдин жанында үйлөгөн шардай тегерек формага айланып, белим жоголуп, саным менен балтырым жооноруп, ээгимде эки эл май тырышып, тырсыйган эмчектерим киндигиме жетейин деп калпийип, тартылып турчу курсагыма май байлап салаңдаганга жан жерим көрүнбөй калганына эми көзүм ачылып, сын көз менен тиктей баштадым.

Тал чыбыктай кыз, минтип бака теректей жоонуруп кеткенимди моюнга алып, тартынбастан арыктоонун сырларын сурадым. «Пьер Дюкан», – дегендин тамактануу, салмак таштоо диетасын сунуш кылышты. Жеңимди түрүп шымалана диетага кириштим. Он күндө, сегиз килограмм таштап чоң жоону чапкан баатырдай манчыркайм. Көрсө, Алибек менен ажырашып депрессияга түшүп, колума тийгенди оозума тыгып, шириндиктерди жеп, кой этин, тоок этин мүлжүп, өзүмдү такыр көзөмөл кылбапмын. Эми болсо дыккаттык менен, сын көз менен өзүмдү көзөмөлдөөм, бул ошол стресстик абалдан чыгып, жашоого болгон каалоом артып баратты! Муздаткычка керектүү гана тамак–аш сактап, той топурдагы устукандарды досторума белекке тартуулаганга өтүп алдым. Антпесем, түнкүсүн уйкудан туруп, ачышкан аш казан муздаткычка жеткизет, андан соң, тойдон келген балык эти, тоок этин эки тиштеп үзүп жеп коюуу кеп эмес эле.

Уулумдун: «Апа манты кылып бериңиз» деген суранычын аткарып, колго камыр жайып, эт картошкөнү кеңири туурап, бир карскан майлуу манты түйүп, уулум экөөбүз жыргап курсакты кампайттып алып, уктоочу бөлмөлөргө тарап уйкуга кеттик. Уктап жаткан элем, түн ортолоп калганда, муздаткычка жеттим. Уурулугум билинип калгансып, шекшинип эки жагымды карап коюп, карскан табагы үстүндө шилекей агызган мантыдан колго бирди алып, эми оозума салып жатканда, ашкана жарыгы жанып: «Апа диетаңыз эмне болду?» – деген уулума карап, мантыны ордуна коё салып, ачышкан ашказаныма курулдаган курук суудан ууртап, жаздыкка башты койдум. Кыйлага уйкусуз жатып, таңга жуук көзүм илинип кетип, телефонумдун ойготкучун укпай, уйкуга тойбой жумушка жөнөдүм.

Азат күн алыс Токмоктон мага каттайт. Ал турсун үй жыйноо, уулумдун үй тапшырмасын аткаруу менен алек болуп, Азаттын коңгуроосуна жооп бере албай калсам, ал куюн шамалдай жетип келип, амандыгыбызды сураган адам жашообузда пайда болгонуна, «Сүйүнүү» деген унутта калган сезимдер кайрылып келди.

Азат бир туугандары, ата–энеси менен тааныштырам дегенин укканда, жашоомдогу эң чоң окуя катары кабылдап, эжелерим арыктоону сунуш кылганын, өзүм арыма келгениме кубанып калдым. Антпесем, Азаттын апасындай болбосо да эжесиндей көрүнүп калат белем деген түркүн түмөн ойлорду азыркы алгылыктуу жакшы келбетим менен басып жаткансыдым.

Жолугушууга «Дилбар» соода үйүндөгү саркеч көйнөктөн кийип, бетиме макияж жасатып, атыр-упадан сээп, Азат экөөбүз жетелешип, жолугуу белгиленген ресторанга жөнөдүк. Учурашуу жакшы маанайда өттү. Мен аларга жакканымды, Азаттын апасынын шаңкылдаган ачык күлкүсүнөн, эжелеринин ууртундагы жагымдуу жылмайыңкы тиктешинен, түзүлгөн аурага бөлөнүп эркеп кеттим. Ал арада Азаттын апасынын: «Кайсы жердин кызы болосуң?» – деген сөзүн, кулагым чалып Азатты тиктедим. Ал да эрөөн–тереөн кылбай, апасына бир туугандарына менин кичи мекенимди ушу кезге чейин айтпагынын байкаганга: «Оштун кызымын» дегенде:

– Эмне? Оштук болосуңбу? Түштүктөнбү? – деп, ууртундагы жылмаюусу жоголуп, жалы түрсүйүп, мурду аңырайган ач кемерге айланды.

– Ооба, Оштон, – деп укпай калды окшойт деп кайталаганда, үстөлдүн аркы өйүзүндө олтургандар бири–бири менен көз менен сүйлөшүп, баягы мени

жактыруу аурасына бөлөгөн сезимдерди сыртымдан сыйрып, мимикалары аркылуу ичиме бүдөмүк жек көрүүгө окшош салкын кандуулукту жеткире тиктегенине анчалык маани бербей, буюртма кылган экинчи тамагыбыздан баш тартып, отурушубуз бат эле соңуна чыкты.

Азат алгач мени үйгө жеткизип, андан соң апасын, эжелерин кошуп алып, унаасын айдап Токмокко кетти.

Арадан биринчи жолу бир апта Азатсыз өттү. Телефон чалмак турсун, Whats арртан да тынбай жазчу эргулум жерге сиңгендей жок болуп кеткенинен, ооруп калдыбы деп коңгуроо кылсам, тиги жактагы оператор кыз: «Сиз чалган телефон өчүрүлгөн, кайра чалыңыз», – деп жооп берет, – кайра чалсам деле, быдылдап тигинтип жооп берет. Аң–таң калып: «Эй тооба, жылан чакпай, жылкы теппей, буга эмне сыр болду?» – деп ойго батам.

Азаттын дайыны чыкпай калганына жетинчи күн дегенде колуна бир шише арагын көтөрүп, сакалы өскөн, чачы чырмашкан, кийим–кечеси тырыш, көзү киртейип, өңү көрдөй суз болгон, мен таанnetwork Азат босогодо пайда болду. Уулум жийиркенип көңүлү калбасын деп, аны жаткызып, Азатты тамактануучу бөлмөгө эмес, төркү мейман тосчу залга алып кирип үстөлгө олтурдук. Мындай абалга кептелгенин, арактан эки жүздү тартып туруп төгүндөп айтып берди.

Көрсө, жанагында ресторанда алар мени бир көргөндө жактырыптыр. Азат болсо, менин туулган жеримди айткан эмес экен. Түштүктөн экенимди укканда чалкасынан кетишиптир. Менин көзүмчө унчукпай, үйгө барганда Азаттын апасы: «Сартты башыңа тартасыңбы?» – деп баш кошууга караманча каршы болуптур. Эжелери да апасы жакка ооп: «Кызда айып жок, келбеттүү, чырайлуу, көзгө жагымдуу келин

экен. Эрден чыкканы деле, жашы улуулугу деле билинбеген жаркылдаган «Кызга бергис жубан бар, атка бергис кунан бар дегендей» экен. Бирок сага түштүктүк кыз алып бербейбиз. Өзүбүздүн Сары-Өзөн Чүйдө кыз түгөнүп калыптырбы? Апам десең, биз десең, ал сартыңды унут. Жок! Сүйдүм-күйдүм десең, анда бизди жашооңдон чийип сал», – деген шарт коюп каршы болушат.

Азат ошол түнү үйүнө түнөбөй досторуна жолугуп, арманын айтып, арзуу азабын, жетпеген махабатын арак менен шарап менен унуткарганга аракет кылган кербези экен.

Муздаткычтагы кунаажын этинен, картөшкөдөн туурап шорпо асып, Азатты тойгузуп, ваннага киргизип жаш баладай кылып бети-башын, колу-бутун самындап жууп, жуурканга ороп жаткызып койдум.

Эртеси. Дем алуу күн болгонго таң эрте туруп уулумду жетелеп трюмо үстүнө эки бүктөлгөн катты жазып, Ош базарына келип, таксиге отуруп, сагынып калган апамдын үйүнө бет алдым.

Азат төркү үйдүн диванында таптаза ак шейшеп жуурканда ойгонду. Этибар салып байкаштырса башы сынып калайын деп зыңылдап мазасин алды. Түнү менен сабоо жеген туткундай бүткөн бою жанчылып, жети күн арак ичкенге бөйрөгү ууланып калганга анысы белине күч келгенге бели үзүлүп кетчүдөй зырпылдатып салаңдатып оорутат. Оозунун даамы кычкылданып, ичегилери курулдап кургап калганга таңдайы жабышып бир чыны суу көзүнөн өтүп турду. Бети-башын кармаласа, алынган сакалынан калган сып-сыйда жаагын сылап, түндүктү тиктеп Мээримдин батирин тааныды. Кухняга чыгып чыныга толтура суу агызып бир көтөрүп бошотту. Өрттөнүп жаткан өзөгүнө жете түшкөнгө, эмелеки күйүп жаткан жаны

сеп ала түштү. Оюн жыйнап, шапа-шуп тура калып коридорго чыгып, аркы-берки кааналардын эшигин ачып: «Томпошка», – деп чакырганы абага сиңип жоопсуз калды. Коридордогу трюмонун үстүндөгү батир ачкычын жана эки бүктөлгөн ак кагазга көзү түштү. Кагазды шашып жайып, катка көз жүгүрттү: «Азат бул катты окуп жатканыңда мен Ошту көздөй жол тарттым. Сенин абалыңды түшүндүм. Ападан ыйык дүйнөдө зат жок. Мен да апамдын үйүнө баратам. Сен мени сүйөөрүңдү билем. Мен да сени сүйөм. Бирок өзүбүздүн бактыбыз деп сени апаңдан, бир туугандарыңдан ажыратууга акым жок. Кош, менин болбой калган жан шеригим. Мени унут, мен да сени унутууга аракет кылам. Дүйнөнүн бир жеринде, жүрөгүмдүн тамырында жашап кала бересиң. Сенин, Томпошкаң!» – деген катты окуп бүткөн Азат Манас аэропортун көздөп кетти. Ал жердеги тааныштары аркылуу «Бишкек – Ош» каттамындагы учакка билет алып, көз ачып жумгуча Сулайман – Тоосу шаар ортосунда заңкайган, шаар ичин мээлүүн кылып Ак-Буурасы шаркырап аккан ордолуу Ош шаарына учуп келди.

Оюнда, алгач Томпошкасына жолукса, андан соң Токмокко апасына чогуу барып: «Апа, эми качаңкыга чейин түндүк-түштүк деп бөлүнүп жүрө беребиз. Ак жоолугуңузду Мээримге салып, ак батаңызды бериңиз», – деп, бата алууну ойлонуп, Ош аэропортунан шаарды көздөй таксиге отуруп, жолдо келаткан Томпошкасын утурлай баратты.

# МАЗМУНУ

Өзүңдү изде (роман)........................................................... 5

*Повесть*

Кара роза.................................................................................. 333

*Аңгемелер*

Жесир ак-куу менен ................................................................ 368
Өрдөк чиновник....................................................................... 368
Апа жыты ................................................................................. 375
Жан кызым ............................................................................... 385
Төрайым ................................................................................... 390
Ажырым ................................................................................... 404
Русалка – Барскоон................................................................... 407
Ата – баланын сырдашуусу ....................................................... 412
Акыркы коңгуроо...................................................................... 414
Сулуунун арманы ..................................................................... 416
Адам инсанияты....................................................................... 423
Жетим кыз ................................................................................ 435
Жээнбек.................................................................................... 450
Томпошка.................................................................................. 458

Ж ы р г а л С у л а й м а н о в
ӨЗҮҢДҮ ИЗДЕ
Р о м а н
(кыргыз тилинде)
Повесть
КАРА РОЗА
(Кыргыз тилинде)
Аңгемелер:
ТӨРАЙЫМ, ТОМПОШКА, ЖЕТИМ КЫЗ ж.б.
(Кыргыз тилинде)
«Улуу Тоолор» басмаканасы

Башкы редактор: КРдин Эл Жазуучусу, КР Улуттук Жазуучулар Союзунун проза секциясынын башчысы Мелис Абакиров

Редактор–рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, ОшМУнун доценти Бактыгүл Байтикова